КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Окурмандын китеп текчесине*

# КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ

**IV том**

Түзгөн: *Н. Ыйсаева*

БИШКЕК
«Имак-офсет» –2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 28

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик
тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук
программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин
Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун
(2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды*

Р е д к е ң е ш:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

Р е ц е н з е н т и:

К 28 **Касымалы Баялинов.** IV том. Түз. *Н. Ыйсаева.* – Б.: «Имак-офсет», 2015. – 496 б. – (*Окурмандын китеп текчесине)*.

ISBN 978-9967-13-136-5

Бул китепке К. Баялиновдун тандалган чыгармалары берилди.

Жалпы окурмандарга арналат.

К 4702300100–15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-13-136-5

© КР УИА
© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
© «Имак-офсет», 2015

# КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ

## *(1902–1979)*

*Касымалы Баялинов 1902-жылы 25-сентябрда Ысык-Көл районуна караштуу Көк-Мойнок айылында жарык дүйнөгө келет. Ата-энесинен эрте ажырап, туугандарынын колунда чоңойгон. 1916-жылкы үркүндө ага-туугандары менен кошо Кытайга качканда ал 14 жашар бала болгон. Октябрь Революциясынан кийин эл менен кошо мекенине кайтып келип, алгач Кочкордо малай болуп жүрүп, кийин 1918-жылы Токмокко келет. Ар кай жерде иштеп, ашпозчунун жардамчысы, дарыканада дары-дармек ташыган жумушчу болуп иштеп, ак-караны ажыратып, жаңы замандын саясатын туура түшүнүп, 1919-жылы комсомолго кабыл алынып, Ташкенттеги алты айлык советтик-партиялык курста окуйт. Кийин 1920-жылы алты айлык педагогикалык курсту, 1925-жылы Алматыдагы казак педагогикалык техникумун, 1933-жылы Москвада Бүткүл союздук журналистика институтун аяктайт. Окууларынын аралыгында бир топ иштегенге да үлгүрөт. Ал 1920-жылы Нарында Комсомол комитетинде эмгектенип, 1925-жылы Москвадагы Борбордук басмакананын Кыргыз бөлүмүнө редакторлук кызматка жиберилет.*

*Жаш чагынан томолой жетим өскөн жазуучу жетимчиликтин азабын көп тарткан. Ал азабына кошул-ташыл*

*болгон 1916-жылдагы үркүн, Кытай жериндеги азап-тозогу, ачарчылык, жокчулук, жазуучу өзү күбө болгон оор тагдырлар анын жан-дүйнөсүнө өчпөс так калтырган. Кийин 1918-жылга чейинки кыйын турмушу туурасында жазуучу «Тянь-Шандын жазы», «Унутулгус күндөр» сыяктуу бир нече автобиографиялык очерктерди, «Ажар» повестин, «Кыйын өткөөл», «Курман жылга» повесттерин жазган.*

*Алгачкы ырларын Касымалы Баялинов 1920-жылдардын башында эле жазып, алар казак, татар тилдеринде басылып чыккан. Ал жазган алгачкы ырларын газета-журналдарга жарыялап турган. Ошону менен катар котормо иштерин да колго алган. 20-жылдардын башынан тартып эле жазуучу прозалык чыгарма жазууга кызыга баштайт. 1925-жылы элдик жомоктун негизинде «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» аттуу аңгемелерин жазган. Аталган аңгемелери кыргыз балдар адабиятынын башатында турган чыгармалар катары мүнөздөлүп келет.*

*К.Баялинов 1925-жылы казак-кыргыз агартуу институтун бүтүргөндөн кийин Москвадагы борбордук басманын кыргыз бөлүмүндө редактор болуп иштеп, 1926-жылы Кыргызстан мамлекеттик басмасы уюшулгандан кийин басманын башкы редактору кызматына жиберилет. Ушул мезгилде жазуучу «Жетилген жетим» жана 1928-жылы кыргыз тарыхынын оор күндөрүнө арналган белгилүү «Ажар» повести биринчи жолу жарыкка чыгарат. Ачкачылык, жокчулук өкүм сүргөн заманда карапайым элдин башынан өткөргөн оор трагедиясын жатык тил менен, бирок ошол эле учурда терең, таамай жана көркөм чагылдырып берген бул чыгарма кыргыз прозасынын башаты болуп эсептелет.*

*1929-жылы жазуучу «Мурат» аңгемесин жарыялайт. Бул аңгеме мурда жарыяланган «Жетимдин өлүмү»*

*аңгемесинин оңдолуп иштелиши болгон. Аңгемеде ошол мезгилдеги кыргыз адабиятында көп иштелген тема теңсиздик заман, жаңы замандын келиши, жаштардын байдан качып окууга өтүп кетиши жана кийин келип байдан өч алышы сүрөттөлөт.*

*К.Баялинов 1940-жылдарга чейин «Ажар» сыяктуу олуттуу чыгарма деле жазган эмес.»Жетилген жетим», «Кош жүрөк», «Турмуш түрткүсүндө» аттуу бири-бирине мазмундары окшош аңгемелерди жана «Бактылуу жылкычы аттуу» очеркти, согуш жылдарында «Ал эми жетим эмес», «Шаифтин аңгемеси» жана А.Адалис менен бирге «От ичинде» аттуу аңгемелерин жазган.*

*Жазуучу «Ажардан» кийин 1947-жылы «Бакыт» повестин жарыкка чыгарат. Кийинчереээк жазуучу бул повесттин экинчи бөлүгүн жазып, аны 1950-жылы Москвадан орус тилинде чыгарат. Ал эми кыргыз тилинде 1952-жылдан бери «Көл боюнда» деген ат менен аталып келе жатат. Бул чыгармасында жазуучу согуш учурундагы жана согуштан кийинки алгачкы жылдардагы кыргыз колхоздорунун турмушун ар тараптан ачып берген.*

*50-жылдардын аягы 60-жылдардын башында «Боордоштор» романынын жарыкка чыгарат. Бул романдын биринчи китеби 1962-жылы, ал эми экинчи китеби менен бириктирилген толук варианты 1967-жылы жарык көргөн. Бул чыгармасында Октябрь революциясынын алгачкы жылдары, Совет бийлигинин Орто Азияда орноп, чыңдалышы жана андагы тап күрөштөрүнө катышкан ар улуттун өкүлдөрүнүн, ар башка тагдырларынын бири-бирине жакындашуусу, достук сезимдеринин өөрчүшү негизинен эпикалык масштабда элестүү жана реалдуу көрсөтүлгөн.*

*50-жылдарда жазылган дагы бир повести – «Курман жылга». Бул чыгармасында да жазуучу революцияга чейинки турмушка кайрылган. «Кырман жылга» повестинин баш каармандары Курман менен Айсулуу бай-манаптардын зордук-зомбулугуна каршы туруп, өз бактысы үчүн күрөшкөн эр жүрөк каармандар.*

*Жазуучунун өзгөчо сөз кылууга арзый турган чыгармасы бул – «Кыйын өткөөл» автобиографиялык повести. Бул чыгармасын окугандан кийин К.Баялиновдун жеке тагдыры, өмүр жолу татаал жана кыйын болгондугун түшүнөсүң. 1916-жылдагы көтөрүлүштө туугандары менен Кытайга качкан жазуучу бала кезинен ошол оор заманды, кырдаалды, арып-ачып, качып барган кыргыздардын аянычтуу тагдырын өз көзү менен көрүп, жон териси менен сезген. Ал окуялар анын жан дүйнөсүндө, жүрөгүндө түбөлүк так калтырган. Ошол себептен жазуучу элдин башына түшкөн оор трагедияны «Кыйын өткөөл» повестинде өтө таамай, жеткиликтүү сүрөттөп, ачуу чындыкты кеңири чагылдырып берген.*

*К.Баялинов кыргыздын алгачкы кесипкөй котормочуларынын бири болгон. Ал Максим Горькийдин «Макар Чудра» аттуу аңгемесин (1929), А.С.Пушкиндин «Кавказ туткуну» (1937), «Руслан менен Людмила» (1937) аттуупоэмаларын, «Евгений Онегин» романын (1941) жана башка орус жазуучуларынын чыгармаларын которуп, кыргыз окурмандарына тааныштырган. Ошондой эле жазуучунун өз чыгармалары да орус, азербайжан, өзбек, казак, татар, француз, англис, немис, чех тилдерине которулуп чыккан.*

# АЖАР

Күн кылтылдап, уясына батып бара жатат. Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-серин үлбүрөгөн ак булуттар Күндүн батарда чачкан нуруна боёлуп, кызгылт тартып, дүйнөгө жаңылык киргизгендей. Учу-түбү жок туңгуюк көк да, казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, өзүнүн кечки жумшак илеби менен алда кимди сүйүнткөндөй болот.

Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы ала чапаны бар, жоолугу бош ийинине түшүп, жылаң баш, аягында кепич, маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15–16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – биздин азыркы сөз баштамакчы болуп олтурган Ажар деген кыз болуп, беркилери – Ажарга жолдош болуп бирге чыккан ошол жердик аялдар. Булар, кедейдин алачыгына окшоп, көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал Ажардын энесинин мүрзөсү.

Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

– Жаным, апа! – деди Ажар.

Үн жок... Жымжырт...

– Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артында калган жалгызың келип, жалооруп жанында олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанытбаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач, койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды Кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң?

Кантейин, эң болбогондо, теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп да коёт элем. Бирок ал, маркум атамдан да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган-бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң… Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың…– деп, боздоп Ажар ыйлады. Көзүнүн жашы он талаа болуп, бетин жууду…

## II

Ажардын ким экендигин окуучуга айта кетелик. Ажар 16-жылкы үркүндө кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири. Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма кече жакында, кытай жеринде өлдү.

Ажар Айткулунун карыганда көргөн жалгызы болучу. Батманын мурунку балдары токтобой, бардыгы жаш кезинде өлгөн. Батманын боюнан түшкөн балдары да болгон. Айткулу ага көп аракет кылды. Айылдагы бакшы, молдолорго Батманы көрсөтүп, далай чыгымданды, карызданды, Кашкардан келген азрети аппак кожого да көрсөттү. Ал Батманын мойнуна тумар тагып, чыныга аят жазып, эзип ичирип, бир топ күнү жаткан. Түн ортосуна чейин исми агзам дубасынан бир нечесин кабаттап окуп чыгып, бир канча ырым-жырымдарын жасаган. Түшүндө Батманы айлантып жүргөн кара чаар, көк жал жолборс менен күрөшүп, кырк чилтен менен сүйлөшүп, көп-көп кереметтер көргөн. Мунун бардыгын мыктап туруп эртеңки чайга олтурганда кожокем Айткулу менен Батмага айткан. Көп кечикпей, арысы эки, бериси бир айдын ичинде Батманын боюна шексиз бир эркек бала бүтүп, анын аман-эсен туулушуна Батманы да, Айткулуну да ишендирген. Бирок ал үчүн кырк чилтендин тапшырган жумушу деп, бир жылкы Кудайы керек экендигин айтып жатып, Айткулунун жалгыз көк чологун алып, кожокем жолго түшкөн. Мындан үч жыл өткөндөн кийин кожосуз, молдосуз, бакшысыз эле Батманын боюна бүтүп, Ажар туулган.

Ажар үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү. Эл үрктү. Чүй боорундагы элдер келип, Коңур-Өлөң, Ала-Башты каптап конушту. Түтүнгө бир кишиден ирет болуп, аскерликке чыксын деп, манаптар буйрук кылышты. Ал иретке Айткулуну да чыгармакчы болушту. Айткулу андан калмакчы болуп, айыл манабы Сагындын алдына барды.

– Баатыр, мени иретке чыксын деген экенсиз, бирок мен чыга ала турган эмесмин. Үйүмдө мына бул турган чычкандай жалгыз кызымдан башка бүлөм жок. Минтип, ар ким өзү өлбөс камын кылып, журт бүлүнүп, жоо жакадан алып турган кезде, катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм? Мен бара албайм, мени коюңуз, башка бүлөлүү элден жибериңиз. Тиги Алымкулдун ортон колдой эки уулу да барбай калып олтурбайбы? Адилеттик кылып, ошого окшогондордон чыгарыңыз,– деди Айткулу.

– Чык, эшикке, ит! Сен Алымкулга тең келгиң келген экен, ээ! Муну көрбөйсүңбү?! Сен ким, Алымкул ким? Муну билесиңби? Эртеңден калбай аттанасың! – деп, Сагын Айткулуну үйүнөн кууп чыккан.

Алымкул Сагындын жакыны жана байы. Сагын жалаң гана Алымкул эмес, Алымкулга окшогон өзүнө жакын далай бай, манаптын балдарын иретке чыгарткан жок. Иретке чыккан өңчөй кедейлер, кедейдин балдары.

– Айткулу, аттан!

Эртең мененки алачыктын сыртынан чыккан Сагындын жигитинин ачуулуу үнү Айткулуну уйкусунан ойготту. Айткулу төшөгүнөн шашып турду. Кийинди, белин мыктап курчанды. Куруна күздө бир кап арпа берейин деп, Эдилбай устага жасатып алган айбалтаны кыстарды. Алдына алып, Ажарды бетинен өптү. Ажар жумшак, ичке үнү менен ыйламсырап:

– Атаке, кайда барасың? – деди.

– Садагасы, ыраак барбайм, келем.

Бирок анын үнү каргылданып, жүрөгүндө бир коркунуч бар экендигин билгизет. Ал азыркы кеткен бойдон, кайтып үйүнө келбестей, Ажарды алып эркелетип,

бүгүнкүдөй сүйбөстөй, мындан ары Батма менен ойноп-күлүп, өмүр сүрбөстөй жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп токтолбоду. Эшикке чыгып бара жатып:

– Эл көчүп калса, жүгүңдү көк өгүзгө жүктөп, Ажарды үстүнө мингизип ал. Көчтөн калба. Алда кандай заман болот. Көтмалдыга падышанын солдаттары келди деген кабар бар, биз ошолорду бет алып кетип бара жатабыз, кайыр, кош! – деди.

– «Алда кандай заман болот» деп, жаман жороону баштабай, койсоңчу. – Батма эрине кайрат айткан болду. Бирок аны да бир коркуу сезими баскан сыяктанды.

Батма эшикке чыгып, күйөөсүн атказды. Айткулу кызыл-тазыл желек кармап, көлдү бет алып, кылкылдап кетип бара жаткан калың элге барып кошулду.

Айткулунун кеткенине үчүнчү күн болгондо, эл эртең менен бака-шака түшүп, жапырт көчүп калды. Аскерликке кеткен жигиттер да качып келип, айыл-айылына тарады. Айткулу менен бирге кеткен жигиттер да келишти. Бирок Айткулу жок. Айткулуну көрүү ордуна, «Айткулу окко учту» деген суук сөз Батманын кулагына угулду. Батма бакырып ыйлап жиберди. Ажар да ыйлады.

Айыл-ападагылар келип:

– Нээти дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун. Мындай өлүмгө ыйлаган болбойт, ыйлабагыла! – дешип, Батма менен Ажарга кайрат айткан болушту; райымдуу, жылуу жүздөрү менен каршы алып, жер караптай, аларды көптөн багып ала турган сыяктанышты.

Батма менен Ажардын ыйына кошулуп, экинчи айылда дагы бир ый пайда болду. Айткулуга кошулуп, Көбөгөн абышканын баласы Жапаркул да окко учкан. Бирок ал душман колдуу болбой, өз колдуу болуп өлгөн. Бул туура-

луу сөз укмакчы болушуп, Жапаркул менен бирге барган Кулубайды айылдагы абышка-кемпир, катын-балдар тегеректеп алышты.

– «Беш жүзгө жакын киши элек,– деп сөз баштады Кулубай. – Биз көлгө түшүп, Жел-Тийбестеги Кулумбайдын багына келип токтодук. Ичибизде беш кана барденке, ончакты бараң мылтыгыбыз бар; калгандарынын колунда найза, кылыч, айбалта, союл, чокмор, шалк этме. Кошту ошол жерге түшүрүп, ар кайсы шектүү жерлерге кароолчулар чыгардык. Өзүбүз жаттык. Экинчи күнү эртең менен «казак орус келип калды» деген кабар алып, жапырт атка минип, алардын келе жаткан жолун тостук. Биз бир аз жөнөй түшкөнүбүздө Боз-Бармактын талаасын каптап, жер-сууну бербей, бизди көздөй келе жаткан солдаттар көрүндү. Алардын карааны эки жүздөй киши эле. Биз шашып калдык. Алар бизди тарсылдатып ата башташты. Эки кишибиз окко учту. Биздин мергенчилер да атышкан болушту. Бирок аны солдаттар тоотпой, бизге жакындагандан жакындап, койчо жайылып келе беришти, бизди курчап, айлантып ала турган болушту. Биз кийин чегинип, мурунку багыбызга келдик. Көтөргөн ханыбыз Жакыпбек:

– Ушул жерден аламан койгула. Качканыңар болсо, атып таштайм – деп, жигиттери менен элди камчынын алдына алып кекетти. Бир мезгилде солдаттардан кырктай киши бөлүнүп, биздин келген жолубузду бет алды. Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек эле. Журт удургуй түштү. «Аламан койгула» – деп кыйкырган хандын үнү чыкты. Кимди ким көрдү, аламандап кыйкырып, солдаттарды качырып сала бердик. Алар да шашып калды, кайта качышты. Ай, биз оңбойбуз го! Эгерде биз

иреттүү, тартиптүү ошол солдаттардай боло турган болсок, биз аларды алып коймокчу элек. Солдаттарга жакындап кирип барганыбызда, бир-эки киши кайта качып жөнөдү. Ал аны көрүп, биз да качтык. Качып бара жаткан солдаттар кайта бурулуп, тарсылдактын алдына алышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, туш-тушубуздан ок зуулдап өтүп жатты. Чиркин, жан деген таттуу го, атына ок тийип, кишиси жөө калып, аттуулар менен тең чуркагандар болду; кишисине ок тийип, атынын боорунда сүйрөтүлүп жүргөндөр да болду. Кыскасы, биз боо түшүп калдык. Кийин эсеп кылсак 72 кишибиз өлгөн экен. Журт кача турган болду. Хан болбой:

– Жакын келсин, эми бир аламан коюп көргүлө! – деп, каарын төгүп туруп алды.

– Жакын келтирип, союлуң менен уруп ала тургандай, сен аларды бөдөнө көрүп турасыңбы? Алар – биз эмес. Алар баштуу, тартиптүү солдат деген болот. Колдорунда биздикиндей союлу жок, мылтыгы бар, жабдыктуу. Биз аларга тең боло албайбыз. Ушунча кишинии убалына калганың да жетишер,– деп Жапаркул хан менен уруша кетти. Хандын бул кезде каны суюлуп, иштөөгө иш, урушууга киши таппай турган кези эле. Жапаркулду камчы менен жон талаштыра эки-үч курдай чаап жиберди. Мындай кордукка Жапаркул кантип чыдап тура алат?.. Тосуп туруп кайра аны бир чапты. Жапаркулдун камчысы хандын бетине тийип, бетин айрып кетти. «Жеп салды, ат!» деген хандын үнү угулду. Мылтык тарс этти. Карай салсам, Жапаркул жерде сулап жаткан экен. Эл чогулуп калды. Мен түшө калып, Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим... Журт өлүккө үймөлөктөшүп турган кезде, солдаттардын топту байлап аткан мылтыктары-

нын үнү чыкты. Арабыздан эки киши аттан кулап, Жапаркулдун жанына жыгылды. Токтоп тура албадык, качтык... »

Ушинтип Кулубай сөзүн бүтүргөндө, Көбөгөн кемпири экөө боздоп, өксөп ыйлаган. Экинчи айылдагы ый дегенибиздин мааниси ушул болучу.

Эл кымгуут болуп көчүп жөнөдү. Батма бирин-экин жүгүн Айткулу айткан көк өгүзгө жүктөп, Ажарды анын үстүнө мингизип, өзү жетелеп алып, эл менен бирге кетти.

Ар бир айыл манаптарынын өздөрүнчө ылайыкталып жасалган желектери бар. Сагындын желеги ак болучу. Сагын көчтүн алдына келип, ылайыктуу конуш таап, желекти мыктап жерге сайдыруучу. Арттагы көчтөр желекке келип жыйналып, тарап конушчу. Адашкан бала-бакыралар да желек менен үйлөрүн табыша турган.

Бир күнү көчтө Батманын өгүзү мүдүрүлүп жыгылып кетип, жүгү ооп, үстүнөн Ажар учуп түштү. Батма бакырып барып баласын кучактай калды, анын бактысына Ажардын эти гана ооруп, эч бир жери майып болгону жок. Батма боз ала чаң болуп, аман-эсен ордунан күлүп тура калган баласын көрүп, аябай кубанды.

Ажарга өгүздүн мурунтугун карматып коюп, канча аракет кылса да, жалгыз арта албай койду. Кимге ким карасын, тиги көчтөгүлөр да, бул көчтөгүлөр да Батмага кылчайып карашканы жок. Көчтүн артында кырчаңгы, арык тору атка эмерегин артып, кемпири жетелеп, өзү атты айдап, таяк таянып, бүкчүңдөп кетип бара жаткан Көбөгөн абышка кездешти. Батманы башта эле таанычу: Айткулунун өлгөнүн да уккан. Ал токтоп, кемпири экөөлөп жатып, Батманын жүгүн артышып берди.

Батма Көбөгөн менен бирге жөнөдү. Бир кезде асынган мылтыктары бар бир топ атчан кишилер булардын жанынан кыя салып өтө беришти. Алардын бирөөнө барып, Көбөгөн:

– Өлтүр мени, мени да өлтүр! Маңдайыбызга бүткөн жалгыз балабыздан ажыратып, минтип бизди боздоттуң, Кудай сени да боздотсун. Катын-балаңдын күнүн көрбөй ач бел, куу жолдо өл!– деп, чылбырына оролуп, сүйрөлүп калды. Бул – бизге тааныш, Жапаркулду өлтүрткөн Жакыпбек хан. Хан илгери бастырайын десе да Көбөгөн бастыртпады, буркан-шаркан түшүп, кыйкырып, өкүрүп, ыйлап жатып алды. Жакыпбектин ачуусу келди. Атынан түшүп, абышканын эки колун эки жигитине карматып алып аябай сабады. Шордуу кемпири да абышкасына болуша кетти, атын таштай чуркап, таянып келе жаткан колундагы сынык ыргай сабоосу менен ханды чаап жиберди. Ал «ханга колу тийди» деп, жигиттери кемпирди да тепкинин алдына алышты.

Жакыпбек жигиттери менен абышка, кемпирди моокуму канганча аябай урду да кылчайбастан, өз жолу менен, жүрүп кете берди. Артынан каргап-шилеп, боздоп ыйлап абышка, кемпир калышты. Аларга кошулуп, Батма да ыйлады. Батманы көрүп Ажар да ыйлады.

Күн кечтеди. Көч тарап коно баштады. Эл арасына ызы-чуу түштү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү. Мал-жан, көч жоготуп издегендер толуп кетти. Бирок Батма менен Ажарды издеген жан болгону жок. Батма ал күнү айлын таппай, Көбөгөн менен бирге конуп, эртеси кечке сурамжылап олтуруп, желектен улам өз айлын араң тапты.

Беш-алты күн өттү. Сагындан кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп, башка Тоң болушуна кетмекчи

болушуп, сөз байлашты. Алардын ичинде Көбөгөн, Батма, Айткулунун кыйыр тууганы Козубек да бар. Козубекти жана дагы бир жигитти бир топ мал менен түн катырып, бир коктуга качырып жашырышты. Таң атты. Журт жапырт алачыктарын сыйрып, көчө баштады. Көбөгөндөр көчүшкөнү жок. Сагындын көчсүн деп жиберген кишисине:

– Түндө бир топ малыбыз жоголуп, эки кишибиз ошону издеп кетишти. Алар келбей, малыбыз табылбай, көчө албайбыз – деп жооп беришти.

Булар, Сагындын көчү шашкелик жерге узагандан кийин каткан малын, кишилерин алдыртып, башка жол менен Тоң болушуна жөнөшөт. Бирок муну куйту Сагын билип калып, бир топ киши менен артынан кууп жетип, көчтөрүн токтотуп, жүктөрүн түшүрүп, Көбөгөн менен Козубекти баш кылып, бир далайын урат. Ири карасынын бардыгын айдап алып:

– Эми кетчү жагыңарга кеткиле! – деп жооп берет. Малдан ажырап, шордуу кедейлер жөө кайда, кимге барышмак? «Жаңылдык-жаздык!» – дешип, мойнуна курун салышып, Сагындын аягына жыгылышты, алдына Козубектин маңдайына бүткөн жалгыз кер атын тартышты.

Кер ат – жакшы ат болучу. Буга мурда эле Сагындын көзү түшүп, «кедейге мындай аттын эмне кереги бар, мага берсин» – деп, Козубекке нечен курдай киши жиберип, атты алалбай, «ай, сени!» деп, Козубекке тишин кайрап, кекенип жүрө турган. Эми Сакеңдин бактысына жараша иши оңдой берди болуп, кер ат опоңой гана колуна түштү. Сакең атты алып, ачуусу таркап, буларды кайта көчүрттү.

Бир топ күн өттү. Чек арага жетти. Тянь-Шандын Бедел, Бирикти, Көк-Ирим, Ак-Өгүз деген ашууларына бөлүндү. Батманын айылы Ак-Өгүздү ашмакчы болуп, ашууну шыкап келип конушту. Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде, күн бүркөлдү, туман түштү, бороошолоп кар жаады. Шамал болду. Журт шашты. Кар аралаш ызгаардуу суук шамал туманга аралашып, аскадан аскага тийип, белдеги бардык карды ойго карай учуруп, көчтү жөнөтпөдү. Ордунан кыбыраган мал-жандын бардыгы тайгаланып, төмөн карай учуп жатты. Ар кайсы таштын кычыктарында жүнүн жеп, бүрүшүп, маарап турган кой-эчкилер, башын жерге салып, суулугун чайнап, калчылдаган жылкылар; чөгүп жаткан төөлөр, жүгү оогон уйлар; бутун үшүтүп, кан какшаган катынбалдар. Бирок буларга караган киши да жок, ар ким өз жаны менен алек...

Көч арасы да ызы-чуу, күрү-гүү... Кар жаап турат. Түн түштү. Эл турган-турган жерлерине кийизге, жуурканга оронуп жатышты. Таң атты. Күн мурункудай алай-дүлөй. Малды да, жанды да кар баскан. Карга көмүлгөн малдар араң кыбырап көзгө илинет. Кардын алдында үйдөй болуп, төмпөйүп жаткан жүктүү төөлөр, уйлар көрүнөт. Жамынган кийиз, жууркандары менен бирге тоңуп, сырайып өлүп жаткан кишилер да көп.

Үчүнчү күнү күн ачылды. Туман тарады, шамал басылды. Аман калган эл эптеп, жөөлөп-жалаңдап отуруп, белди ашты. Батма да аман-эсен Ажары менен бирге ашты.

Туу белге чыга бергенде Батма өлүп жаткан бир жүктүү жылкыны, анын жанынан эки адамдын өлүгүн көрдү. Бул – кемпири менен Көбөгөн абышканын өлүгү болучу.

Журт Турпанга түштү. Тарап, шаар-шааргa кете баштады, Батма, Козубек болуп, Турпанда калышты. Экөөнүн тең колдорунда малдан түгү жок. Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган. Козубектин бирин-эки кой-эчкиси да жолдо жоголду. Эми кантишмек? Турпандык Сабитакундун ат кепесин жумуш кылып бермекчи болуп, Козубек батирге алды. Ал – терезесиз, эшиксиз, үстүндө жарык түшө турган киши баткандай гана тешиги бар, асты жер. Ал ымдашып, аттын чыласы жыттанат. Айла жок! Эшигине кийиз калап, жерине курумшу, чөп төшөп, Батма болуп кирипти.

Күн өттү, ай өттү, кыш түштү, турмуш кыйындады. Жагууга отун, кийүүгө кийим, жешке тамак керек болду. Бирок аларды кайдан, кимден алмакчы? Тегерегиндегилер да «өлбө жаным, өлбө!» деп, өздөрүнө окшоп, ач олтурган качкындар. Турпандыктардан алуу үчүн бир нерсе сатмак керек. Сатмайынча алардан алуу кыйын иш.

## III

Кыштын ызгаардуу түнү агарып, таң белгисин бере баштады. Чыгыштан жумуп-ачкан көз сыяктуу жылтылдап, Чолпон жылдыз көтөрүлдү. Берметтей тизилип, көктө жүргөн көп жылдыздар, «биз эми кетебиз, келерки күнгө чейин аман-эсен тургула» дегенсип, бир күлүп, бир жылмайып, дүйнө менен коштошту да, удургуп үркүп алып, батыш жакка таралды. Көп кечикпей, анын артынан алтын нурга боёлуп, акырын гана козголуп, Күн да чыкты.

Дүйнөгө тиричилик кирди. Журт оокатына кам урду. Бирок күн суук. Жер – тушардан кар. Тышка жан чыга албайт. Ажар, Козубектин балдары: Талып, Мурат төшөктө.

Козубек эртең менен эле жаман керкисин белине кыстарып алып, отун издеп кеткен. Кайта элек. Батма, Айша болсо, колдорун жеңине катып, бүрүшүп, калчылдап, балдардын жанында олтурушат. Бардыгынын да кабактары салыңкы, үнсүз, сөзсүз, өлүм кайгысы бар. Бир жактан чыкылдап кыштын ызгаардуу суугу да ач курсакка бычактай тиет.

Бир кезде эшикке каланган курумшу кийиз ачылып, кар аралаш суук жел төр жакка согулду. Аркасында көтөргөн азын-оолак отуну бар, бүткөн бою кар, сакал-мурутуна муз тоңуп, Козубек кирди.

– Эртеден кара кечке чейин жүрүп, алып келген отунуң ушул элеби? – деп, Айша эрин жемелей баштады.

– Анан кантейин, керкимди турпандыктар тартып алды. Ушуну башка жерден колум менен жулгулап алдым,– деп Козубек ыйламсырап, төмөн карап, терең үшкүрдү.

Отунду Козубек шашкелик жердеги Кумарык дарыясынын жээгиидеги токойдон алып келүүчү. Бирок кийинки күндөрдө турпандыктар аны коруй баштап, качкындарды жолотпой койгон. Козубек анысына деле карабай, тозмочуларга көрүнбөй, таң алды менен барып, керкиси менен жаш чырпыктарды кыя-кыя чаап көтөрүп келип жүрө турган. Эми керкиден айрылып, кур кол калды. Керкисиз отун алынбайт да, табылбайт. Отунсуз жашоо кыйын. Үй суук, курсак ач. Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой; чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналып жатат.

– Апа, үшүп кеттим – деп, бир кезде ыйламсырап Ажар энесин карады.

– Садагасы, үшүсөң кантейин – деп, Батма муздак колу менен Ажардын жуурканын кумтулаган болду.

Алып келген Козубектин отунун эптеп жагышмакчы болушту эле, эшикке жабылган кийиздин тешиктеринен кирген борошо отту күйдүрбөй, үйдүн ичин түтүнгө толтурду. Түтүндүн илебине, адамдын демине тамдын бооруна, жерге, эшикке тоңгон бубак эрип, үйдүн ичин көлдөтүп суу кылды.

Ач жатып калышты. Эртеси Козубек дагы отун издеп, сай жакка кетти. Батма менен Айша да карап жатпай, тамак издешип, турпандыктарды кыдырышты. Кечке жүрүп, бирөө жарым чака жүгөрү, бирөө бир токоч, бир чыны жүгөрү ун таап кайтышты. Бирок Козубек кечикти. Үйдөгүлөр: «Козубек отун таап келер, от жагарбыз, жылынарбыз, ысык тамак жасап ичербиз» – деген ойдо эле.

Бир кезде колу-бутун суукка алдырып эшиктен кирген Козубекти алар билбей да калышты. Ал аябай үшүгөн, тили сүйлөөгө келбейт, колу тытылган, айрылган, канаган...

– Ээ, сага эмне болду?

– Отунуң барбы?

– Отуну курусун,– деди жашооруп Козубек,– жерсуунун баары кар, көзгө көрүнгөн, колго-илинген эч нерсе жок. Кардан кылтыйып баштары чыккан чекендилер кездешти, жулгуласам былк этпейт. Кайсы бир жерден чычырканак, алтыганалар көрүндү; бирок, түгөнүп калсын, жабдыксыз эч бир алына турган эмес. Куру кайттым.

Батма, Айша, балдар болуп ишенгени Козубек эле. Козубектин «куру кайттым» деген сөзү ийне менен сайгандай жүрөктөрүнө такалды. Жүгөрү унду укканда шилекейи чубуруп, Козубек келгенде тамак жасатып ич-

мекчи болуп, үмүттөнүп төшөктө жаткан жаш балдар кыңкыстап ыйлай баштады. Айшанын кичи баласы Мурат ыйламсырап:

– Апа! – деди.

– Айланайын, эмне дейсиң?

– Курсагым ачты...

– Меники да тоңуп кетти, ичим ысып бaратат.

Айшанын эки баласы тең өңгүрөп ыйлап жиберишти. Ажар да араң турду эле, аларга кошулуп ал да ыйлады...

Козубектин куру кайтканын көрүп, Батма эбак эле эшикке чыгып кеткен. Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди, үй ичине шаттык-кубаныч, жаңылык кирди.

– Муну кожоюндун катынынан жалынып-жалбарып жатып, араң сурап алдым. Акысына кир жууп бермекчи болдум,– деди Батма.

Куурайдын жартысын, унду эртеңкиге калтырышып, жүгөрүнү кууруп жешти. Мурат андан көп жеп коюп, ичи көөп, эртеси ичи өтүп ооруп калды. Батма да кожоюнунун кирин жууп, бир күн кечке тышта болуп ооруга чалдыкты. Турмуш кыйындады. Бир үйдө эки оорулуу болду.

Батманын оорусу күчөдү. Төшөктөн тура албай калды. Бүткөн бою ысып тердеп, кыңкыстап, онтолоп таң атканча жөөлүп чыгат. Эки сөзүнүн биринде айтканы – Ажар.

– Жалгызым... кызым... сен кантесиң?.. Келчи мага!.. Окко учту... Айткул ай!.. Кайдасың?.. Ажарды алчы... алчы!.. Үшүдүңбү?.. Кууруп берейинби?..

Ажарда жан жок. Жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп, бир нерсе сезгендей, билгендей болот. Энесин кучактагысы, ыйлагысы, сүйгүсү келет.

– Теңир ай, мен сыяктуу жетимдин тилегин кабыл кылып, жарыктык апамдын алтын жанын аман кыла көр! – деп, көз кылгыртып, Ажар күн-түн энесинин кашында. Бирок шордуу Ажардын тилеги кабыл болбоду. Батма тилден калды. Ажар ыйлап, энесинин башын кучактап:

– Апа, жаным апа! Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң... мени карачы, мен кантем? Менин күнүм эмне болот? Бир ооз бирдеме десең? – деди.

Батма көзүн акырын ачып, Ажарды карап, бир нерсе айтмакчы болуп: «А-а-жар» – деди. Бирок тили күрмөлүүгө келбеди. Сөзү токтолду. Көкүрөгүн көтөрүп, эң соңгу демин алды. Жан берди...

Ажар апакелеп, боздоп ыйлады. Анын көз жашын көрүп, муңдуу үнүн угуп, келген качкын кыргыздардын баары да ыйлашты. Козубек Айша менен Ажарды ээрчитип, дагы эки-үч киши менен өлүктү жогоруда айтылган көп бейиттин жанына коюп кайтты.

Эми Ажар толук жетим. Ажарда ата да, эне да жок. Ажар турмуш туткуну, турмуш кулу. Ажарга көрүнгөн ээ, көрүнгөн бий.

Март айы жаңырды. Жаз чыкты, сөөк жукарды. Качкын элдер бирин-эки малын, буюмдарын сатып, кыштан эптеп чыгышты. Эми кара баштарынан башка эчтемелери калбай калды. Тамак издеп, туш-туш жакка тентип кете баштышты.

Басууга да, арийне курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го, кийим дегенден буларда эч нерсе жок. Үстүлөрүндө тынччылыкта жасатып кийген эле кийимдери. Алары да жазгы койдун жүнүндөй самсаалап, тамтыктары кетип, жыртылган. Жол боюнда ак шишик болуп өлүп жаткан кыргыздар: ыңгыранып, кынжыйып, арыгы-

нан баса албай келе жаткан катын-балдар. Колдон-колго өтүп, сатылып жаткан кыргыздын кыздары, балдары. Баасы – бир кап жүгөрү. Оо, дүйнө ай! Ал күнкү окуялар кайсы кыргыздын баласынын оюнан кете коёр экен?

Талыптын оорусу да күчөдү. Бүткөн боюн ак шишик алды. Марттын орто ченинде ал да өлдү. Мүрзөлүк жерди сатып ал деп, турпандыктар өлүктү Батманын жанына койдурушпады. Сатып алууга Козубекке пул кайда? Ичээр-жээрге жок, өздөрү өлүм алдында олтурушат. Жанга көрүнбөй, таң алды менен барып, бир тамдын бооруна өлүктү көөмп, Козубек кайтты.

Элдин бир сыпырасы жөөлөп-жаландап, Какшаалдагы кыргыздарга кетмекчи болушту. Козубек да кетмекчи болду. Бирок Козубекти Сабитакун көчүрбөдү. Кыштан берки болбогон жалган чыгымын айтып, берген бир чымчым чайы, бир ичим көжөсү болсо да доолады. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. Акысы болсо да, кечип коюшун сурады. Ага Сабитакун болгон жок. Райымсыз ажары менен каарын төктү. Коркутту. Бербесе, шаңыяга (болушуна) билгизип, набакка солоторун уктурду.

Козубек кыйналды-кысталды, эмне кыларын билбеди. Жашыган санаалуу ою алып учуп, тоо-ташка урунду.

– Ээ, катын!

– Эмне?

– Курсактын ачынан да Сабитакундуку өтүп кетти, кандай кылабыз?

– Мен кайдан билейин?

– Ажарды ага сатсак кантет? Сат деп жатат.

– Койчу?

Айша секирип кетти. Батманын өлөрүндө Ажарды тапшырып, айтып кеткен керээзи эсине түшүп, эрине бир нерсе айтмакчы болду эле, эшиктен келе жаткан буттун табышы угулду.

– Акырын, укпасын, келе жатат! – деди Козубек.

Бул табыш – Ажардыкы.

Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитакун мурунтан эле кызыгып жүрө турган. Анын бардык оюу иш кылып Ажарды колуна алууда. Сабитакун ал тилегине жетти. Ажарды алды. Ажарга баалап, Козубекке бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү ун берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн чегерди, Козубек Какшаалга көчүп кетти.

Эң обол Ажар чочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк Сабитакундун үй ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп, өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муну жазылайын, унутулайын деди.

Бир жыл өттү. Ажар толду. 15 ке чыкты. Ажар десе Ажар дегендей эки бети алмадай болуп, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эриксиз өзүнө тарта турган болду.

Сабитакундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитакунга ал коңшу туручу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитакунга келди. Ажардын түбү-жайы менен жакшылап таанышты.

– Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын,– деди Чыр.

– Досум, сенден мен эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды төлөсөң гана болгону,– деди Сабитакун.

Чыгымга келгенде, Сабитакун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качканы жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берди, Ажарды алды. Ажарды алгандагы анын оюу – карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип, аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү.

Чырдын мындай суук кабарын уккандан кийин Ажар ошол жердик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө барып, капкайдагы бук болгон ичтеги арманын, муңзарын айтып ыйлаганын аңгеменин баш жагында айткан болучубуз.

## IV

Той болду. Журт тарады. Түн кирди. Ажарга күчтөп нике кыйылды. Катындар анын ыйына, жашына карабастан, нике кыйылган бөлмө үйдөн боздотуп, сүйрөп алып келишип, күйөө-кызга дайындалган экинчи бөлмө үйгө киргизишти, күчтөп кийимин чечишип, төшөккө жаткызышты. Ажар жуурканды чүмкөнүп, шолоктоп ыйлады.

– Жасаган ай! Мени мынча кор кылып эмне жараттың? Чыны менен эле мени ушуга туш кыласыңбы? – деди Ажар.

Көз жашы мөлт-мөлт этип, жаздыгына тамчылай түштү...

Күлүк ой, узун санаа, түпсүз кыял Ажарды курчап алды. Ажар алда кайда кетти. Жазгы өсүмдүктөй гүлүн ачкан мурунку жаш өмүрү, атыр жыттуу Ала-Тоосу, бал татыган тунук булак, өзөн суусу, ээн-эркин жашаган элижурту Ажардын көз алдына келип элестеди.

Артыкча көзүнүн агы менен тең айланып, атка минсе алдынан, үйдө олтурса жанынан чыгарбаган ардактуу атасы – Айткулу, курсагын ачырбай, ийнин тоздурбай сылап баккан энеси – Батма, Ажардын оюнан чыкпайт. Кыз балага эне жакын го, атасынан да энесин эстегенде, анын көз жашы тыйылбайт. 12 ай көтөрүп, омурткасы сыздап, ак сүтүн берип, азап көрүп баккан байкуш Батма да Ажарды көптүн балдарындай кылып баккан жок эле. Ажар биртике үйдө жок боло калса, «жалгызым, кайда кетти?» деп, жаны калучу эмтс. Ошентип баккан бирөөнүн кирдүү кол тийгис жалгызы бүгүнкү күндө жетим болуп, малга сатылып, колдон-колго өтүп, жандын кору болуп, жат кишинин колунда, туткунда жатат. Ай, райымсыз жетимдик ай! Жетимдик кимди ыйлатпаган, кимди кууратпаган!

Эшик кычырай калса, «ошо го» деген кыял Ажарда. Бирок «ошону» менен Ажар кантип бир төшөктө жатмак, кантип бирге өмүр сүрмөк? Ал өмүрдүн келечекте турмушта кандай пайдасы, кандай зыяны болмок? Бул маселе Ажарга чечилбеген караңгы маселе. Ошондо да Ажар эрдүү-катындуу адамдардын өткөргөн турмуштары жөнүндө төмөнкүнү билет: ал кезде Ажардын ондогу кези. Айлындагы бизге тааныш Алымкул байдын эки катыны болгон. Токолу – Айганыш. Айганыштын турмушу эң жаман, мындайча айтканда, итке эле берсин дээрлик. Отун алган, суу куйган, кир жууган, козу байлап, кой саган – Айганыш. Бул гана эмес, башынан байбиченин таягы да кетүчү эмес.

Муну ойлогондо Ажардын жүрөгү ийне менен сайгандай тыз дей түшөт. Анткени – бүгүнкү боло турган күйөөсүнүн да бир эмес, эки катыны бар. Ажар үчүнчүсү.

Ажар, ошондуктан, өзүн Айганышка теңеди, Айганыш болду. Айганыш сыяктуу жаш өмүрү турмуш тепкисинде жүрүп өтөрүнө көзү жетти.

Ажардын дагы бир билгени, Буурабай 15 жашар кызы Саараканды күнү үстүнө – Кожомкул байга бермекчи болот. Кыз көнбөй акыры кедей Сатаркул менен шаарга качып кирип кетет. Кайтып кийинки жылы күйөөсү менен Сааракан атасыныкына төркүлөп келгенде, Ажар аны көргөн. Ошондогу экөөнүн бири-бирин сыйлашканы, бирге олтурса, жанаша чыккан гүлдөй болуп, окшошуп жарашканы Ажарды таң калтырган. Бирок ал кезде Айганыш менен Саараканды салыштырып сынай турган, эки турмуштук бирөөнү өзүнө шайлай турган Ажарда кудурет жок эле. Ажар ал кезде экинчи дүйнөдө болучу.

Турмуш жөнүндөгү Ажардын бар билими ушул. Бирок бөтөн журттун колундагы аялдардын турмушу кандай болуп, күн кечери Ажарга белгисиз. Алардын тили, үрп-адаты Ажарга жат нерсе. Ажар бул сыяктуу журтту биринчи гана көрүп олтурат. Андай болсо, Ажарга кантмек керек? Сааракан сыяктуу өзүнүн теңин таап, бирөө менен качмак керекпи? Качканда ким менен качмакчы? Кимди издемекчи? Азыркы саатта ак көңүл, адал ниет, эр жүрөк жаш жигит Ажарга кайдан табылат? Ажар бактысыз. Ажар турмуш кулу. Эмесе, ал, күнү үстүнө бармакчы, үчтүн бири болмокчу.

Бир кезде эшик кычырап, ачылгандай болду. Ал жактан делдек таноо, кара чаар, көзү кылмыйып уясына кирген, ээгинде сербейген буурул сакалы бар, жашы 50–55 тер чамасында, эң сүйкүмсүз бир киши көрүндү. Бул биздин күйөө – Чыр.

Ажар чочуп кетти. Жүрөгү туйлай баштады. Бүткөн боюна калтырак кирди. Анын басканы, дем алганы Ажардын кулагына угулду. Жакындай баштады. Бүркүттүн бутуна окшоп, арбайган кол келип жуурканга жармашты. Чарымдай катуу, муздак дене жылып төшөккө кирди. Ажар жыйрылды, качмакчы, бакырмакчы болду, бирок алы кетти, үнү бүттү, дени өлдү. Колу-буту кыбыроого келбей барып, суук дененин кучагына кирди. Ал жулмалады, кучактады, бооруна кысты... чоп-чоп эткен үн чыкты...

Алты ай өттү. Чырдын сонуну таркады. Мурун Ажарга үзүлүп түшүп, Ажарды кысып-кысып сүйүп, күн сайын койнунда боло турган болсо, азыр жумасында бир, болбосо жок. Чырдын эки катыны да Ажардын кырына чыгып, жакшылык көрсөтүшпөдү. Ажарды таманга чаап, жумушка салышты. Күл чыгарган, чай койгон, от жаккан ким? Ажар. Ажарга ал да аздык кылды. Байбичелердин таягы да тие баштады. Ажар жүдөдү, арыктады, өчтү...

Соңку кездерде алардын көрсөткөн кордугу айтып бүтүргүсүз Ажардын жанына батты. Ажарга өлүүдөн, болбосо тентип, бир жакка кетүүдөн башка эч бир айла калбай калды.

## V

Майдын аяк кези. Түн... Асман ачык... Мончоктой тизилип көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып жымыңдашат. Жаратылыш койнундагы нерселердин бардыгы да көшүлүңкү тартып, май айынын түнкү коңур, салкын абасына батып, жай алып, таттуу уйкуга бастырылган. Бирок кыбыладан

жумшак жел согуп, өсүмдүктөрдүн жазгы жаш жалбырактарын кыймылдатып, желбиретип турат. Алыста ышкырып, «айтаттаган» күзөтчүлөрдүн үнү угулат.

Акырын басып, Чырдын дарбазасынан Ажар чыкты. Ажарда өң жок, жүдөгөн, узун кара чачы чубалып аркасында. Элең-селең этип кылчактап ал арт жагын карайт, жүгүрөт, шашат... Ажар чуркап отуруп, энесинин мүрзөсүнө келди. Мүрзөнү кучактады. Капкайдагы бук болгон ичтеги арманын көз жашы менен айтып, буркурап, боздоп, энесинин мүрзөсү менен коштошту. Түбөлүк таттуу уйкуда жаткан Батманын өлүгү да алыска сапар кетип бара жаткан жетимин аягандай болду, күңгүрөндү...

Ажар Какшаалды бет алды. Себеби: Какшаалда турган кыргыздар бар экендигин уккан. Какшаал Турпандын кайсы жагында нече күнчүлүк жер экендигин да ал жакшы билет. Ажар иш кылып ошол кыргыз элине барып, башын жашырып, Чырдан кутулмакчы.

Ажар чуркап жүрүп олтуруп, таң сүрүүгө жакын калганда, бир калың чычырканактуу токойго келип бекинди. Токой ичиндеги майышкан жаш чөптөр Ажарды аягандай болду; шоодурап, баштарын кыймылдатып, Ажардын кайгысына тең орток боло тургандай, качкан жоосунан кутказып, ээн-эркин өз жолуна сала тургансыды. Буралган көк жашыл сабактары, жаш жалбырактары менен Ажарды жашырды, койнуна алды.

Күн чыкты. Түнү бою тилден калгандай үнсүз жаткан токой ичиндеги барлык нерселер эртеңки күндүн таза, күмүш нуруна балкыды. Ажар да бирге балкып, кечке жатты. Бирок уктай албады. Бүткөн боюнун ооруганы, таманынын сыздаганы, жүрөгүнүн дүпүлдөп соккону—аны жашоорутуп, онтолотту. Бул гана эмес, бир жагы-

нан курсагы ачты, ээрди кеберсиди. Алы да начарлайын деди. Байкуш, анысына карабай, каш карайып, ымырт жабылгаң кезде, сенделип ордунан туруп, кайта жолуна түштү.

Көп убакыт өттү. Таң саргайып ата баштады. Ажар Турпандын четинен өтүп, кургакка чыгып, Какшаалдын четине келди. Какшаал суусуз чөл, ээн жер боло турган. Бириндеп ар кайсы жерине чыккан алтыгана, табылгы, жылгындары гана болбосо, башка жерлери чөпсүз, кумдуу мейкин талаа.

Ажарга мурункусундай жашынууга ылайыктуу жер табылбады. Издөөгө алы да келбеди. Бүткөн бою салмактанып, буту шилтөөгө жарабай калды. Илгери басайын десе, мүдүрүлүп буту кумга бата түштү. Жыгылып кетти...

Күн көтөрүлүп, ысый баштады. Ажар араң сүйрөлүп барып бир алтыгананын түбүнө жыгылды, жатты... Күндүн ысык шооласы алтыгананын арасынан Ажардын үстүнө түшүп, боргулдантып тердетип, бүткөн боюн ысытып, капалап жиберди. Таңдайы кургады. Суусады. Бир ичим муздак суу көзүнөн учту.

– Алда ай, суу болсо ээ. Бир чыны муздак суу ичип өлсөм, арманым болбос эле... – деди Ажар. Бирок мындай чөлдө суу кайдан болсун, суу жок. Суугa эми бир күн – түн катса, ошондо араң жете турган.

Күн чакчайып чак түш болду. Ысыгы мурункусунан да күчөп, мээ кайнатып турат. Ажардын кубаты кетти, өзөгү карарды. Ысып, тердеп, тили оозуна батпай калды. Чиркин, жан деген кыйын го, кантсин! Шордуу үстүндөгү чапанын чечип, алтыганага жаап, бетине калканчык кылды. «Өлөт деген ушул экен» деп, буркурап ыйлап, олтура кетти. Көп токтоп тура албады, чырым этип уйкуга кетти...

## VI

Майдын кечки салкын жели сокту. Кошоктошуп көктө жүргөн ак булуттар каалгып учат. Жел аларды көрүнбөгөн сүйкүмдүү колу менен түртүп учуруп, Тянь-Шандын көк тирешкен аскаларына айдап барып токтотот. Кээде булуттардын үзүлгөн бөлүндүсү, Күндүн үлпүлдөп батып бара жаткан көзүн каптап, Какшаалдын элсиз, мейкин талаасындагы нерселердин баарын да кара күүгүм, ала көлөкө тарттырат.

Талаа тынч... Булуттардын көлөкөсү Ажар жаткан алтыгананын үстүнө түшүп, улакча ойноду. Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту.

Ажар кыбырап ордунан туруп, жолуна түштү. Каш карарып, ымырт жабылды. Түн кирди. Бирок сулуу Ай муңайып, алтын буура боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап соорونгон жаш баладай, жылмайып, койнун ачып, кучагын жайып, Ажарга жол берди.

Ажар бир аз жол жүрүп келе бергенде, арт жагынан көп нерсенин созултуп улуганы, үргөнү угулду. Ал Ажарга жакындай баштады. Ажардын жүрөгү опколжуп, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди.

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары да ач, кабыргалары саналып, кынжыйып, эң эле арык, тилдерин салышып, кыңшылашып, Ажарды камап алышты.

Ажар коркту. Ыйлап жиберди... Жан деген кыйын го, жанын корголоп, жерден тырмалап таш алып, туш-

тушуна ыргытты. Качты. Жүгүрдү… Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл-ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесинин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп олтурду. Бирок илешкен жоо калучубу? Ажарды бура бастырбады, кутказбады. Тийип качып, алды-артын тороп, бир алтыганага камады.

Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жанынан жарты боо ширенке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөз оюна түштү. Ширенкенин бирөөнү тартып жиберди. Тегеректеп алгандар жалындуу отту көрүп, азыраак алыстады. Ширенке өчтү… Карышкырлар кайта качырышты. Айтор, эстен танган Ажар, карышкырлар жакындап кирип келген сайын, ширенке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширенкесинин аягына чыгып болду. Жалгыз гана бир тал ширенкеси калды.

– Шамдай жанган жаш жаным, ушул ширенке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми өчөм, карышкырга жем болом…– деди Ажар.

Ажар бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй күнгө куурап, араң турган алтыгана, ширенке жанданганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жалындуу кызгылт ак шooласы учуп алып ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди койнуна алып, апайкын кылып, бадырайып, Ажарга көрсөттү.

Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей, качкандай болушту. Ажардын биртике акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү жалгыз ал – от. Андан чыккысы, кеткиси келбейт. Бардык үмүтү, тилеги, күн көрүү, өмүр сүрүү – ошол отто. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк.

От бастап, өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты, Ажардын алды-артын тороп, айлантып, курчап алышты.

Ажар чындап эми жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажыраарын, жоосунун колуна түшөрүн, райымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары да жоо болуп көрүндү. Арбайып- тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушунан качырышты.

– Мына эми, мен силердики, алгыла! – деди Ажар.

Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти...

Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду...

Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу Ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

Кош, боорум! Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миңдеген ага-туугандарың, эже-сиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, арманда кетти. Кыргыздын далай кыздары, балдары жер-суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып, кан какшады... Сен ошолордун бирөөсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан, азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң...

Кош, боорум Ажар!

# КЫЙЫН ӨТКӨӨЛ

***(повесть)***

*«Жаш чакта берсин мээнетти,*
*Карыганда берсин дөөлөттү»*

(Эл ылакабы)

## Биринчи бөлүм

### I

Жай күндөрүнүн бири. Айылыбыз Көк-Мойнокто. Көк-Мойноктун чийи калың. Түндө биз, айылдын бир топ балдары, кыздары – Барыктабас, Сакып-Жамал болуп, чийдин кучак жеткис дүңгүлдөрүнө жашынып, алакандай аянттарында «Ак чөлмөк», «Токту сурамай», «Дүмпүлдөк» ойногонбуз.

Барыктабастын өзүнө ылайыктатып жасатып алган кичинекей бир комузу боло турган. Ал аны кайда барса да өзү менен бирге ала жүрүп, черте кетчү. Комузуна үнүн кошуп ырдап да жиберчү. Ага комуз черттирип, өзүбүз да ырдап, оюн-күлкү, таң-тамаша менен түндүн көбүн өткөрүп барып үйлөрүбүзгө тарап жатканбыз. Ошондон улам катуу уктап калган экем, бир кезде:

– Кагылайын молдо бала, тур эми, күн чак түш болду! – деген жеңемдин тааныш үнү угулганда чочуп ойгонсом, түндүктөн түшкөн Күндүн нуру эңкейиштеп, керегенин так башына келип калыптыр. Секирип ордумдан тура келип кийинип, тышка чыктым.

Тыш дегениң кандай сонун! Кандай укмуш! Ай-аалам мемирейт, мелтирейт. Күн болсо көккө көтөрүлүп, көз уялтат. Түндөкү кара суу боюнан тынымсыз чардаган бакалардын үндөрү азыр угулбайт. Болгондо алар азыр күн чубактап уктап жатышкан го.

Ооба, бакалар мекен эткен Көк-Мойноктун кара суусу бар. «Кара суу мурун алыстан башталчу. Эми азайып бaратат» деп карыялар айтышаар эле. Анысы чын болсо керек. Анткени, кара суунун чыгыш жагы ийилген коо болуп барып, чий арасына кирип жоголот. Ошол коо менен батышка карай бир-бирибизди кууп, жарышып, төмөн жагындагы жылжып аккан суусуна, камыштуу баткагына жеткенибизде, кайра артка кетчүбүз.

Мына мен азыр тышта туруп ошол кара суу жакка, андан аркы Кызыл-Омполдун көк тиреген аскаларына, андан соң Түндүк жагына бурулуп, Калмак-Ашуу, Сары-Булак жылгаларына көз чаптырсам, кайдадыр бир жактан балдардын чуулдашкан үндөрү угулду.

«Кайда ойноп жатышат болду экен, кайда» – деп чар тарапка көз чаптыра тыңшасам, ал үн Кум-Дөбө жактан экен. Кум-Дөбө дегенибиз – суу боюнда, чий арасында куму көп бир дөбө эле. Күн сайын биздин баш кошуп ойной турган ордобуз ошол.

Бөбөгүм Абдыбекти ээрчитип, ага барып, андагы балдарга кошулуп, сууга түшүп ойногон күндөрүм көп болгон. Бирок ал азыр жанымда жок. Жанымда болсо,

дагы да аны ээрчитип ал жакка барбайт, балдарга кошулуп ойнобойт белем? Анте албайм эми. Өгөй энем Чакилик Ысмайыл деген молдого күйөөгө чыгып, өзү менен бирге аны алып кеткен. Жатындаш болбосом да аталаш бөбөгүм эле го ал. Сагынам аны. Сагынсам да ичимден сызып, ичимден күйүп, апамды алып, бөбөгүмдөн мени ажыраткан Ысмайыл молдого ичимден каргышымды айтам.

«Асылган оору алмайынча койбойт» деген кеп бар эмеспи. Ошол ырас экен. Ысмайыл молдо айылыбызга көп келип, апама асылып жүрүп, акырында ага үйлөнгөн. Мейман болуп отуруп, Кудайды оозунан түшүрбөй калпты-чынды койгулатып, тамак жегенин да көп көргөм. Чедирейген чоң курсагын оң колу менен сылап коюп, борсулдап күлгөндө шилекейи ууртунан агып турар эле.

Күндөрдүн биринде кимдир бирөө айылыбыздан аны мейманга чакырып калды. Меймандардын ак сакалы, көк сакалдарына карата табак тартуу – кыргыз элинин илгертен бери келе жаткан жакшы салты эмеспи. Койдун башы, жамбашы салынган чоң табак этти көтөрүп келип үч-төрт карыянын алдына коюшту. Алардын ичинде тиги Ысмайыл молдо да бар эле. Карыялар аны сыйлашып: «Ал, молдоке, алыңыз» дешкенде, тарпка качырган жорудай, дароо эле ал табакка колун сунуп, адегенде башты алып, так алдына койду; эми тигинисин башка бирөө ала койбосун дегенсип, кайрадан табакка колун сунуп жамбашты алганда; «мунусун бизге калтырса боло» деген маани менен кимдир бирөө карыялардан:

– Жарыктык, башты эле жей турсаңыз боло! Аны эмнеге жебейсиз? – деди.

Ошондо молдокең, кашкайып туруп ага мындайча жооп кайтарды:

– Жейм аны да. Суусун. Аңгыча мунусун жей турайын.

Канча жесе да кардыгына как, курсагына жук болбогон ошондой тамаксоо, алкы бузук, ач көз адам эле. Ушундай адамга ичти күйгүзүп апам турмушка чыгып отурбайбы. Карыялар болбосо апам ага барбайт эле. Ооба, ошентет болучу. «Жашсың. Өмүр бою эрсиз өтмөк белең? Туубасаң да тутунган улуу балаңды үйлөндүрдүң. Эми алар өздөрүнчө оокат кылышсын. Молдокеме турмушка чык» деп үгүттөп жатып алар апамды ага алып беришкен.

Ооба, үйлөнгөн агам – Молдалы. Анын Бүбүш деген кызга үйлөнгөнүнө мына быйыл экинчи жыл. Ошондон бери апам, бөбөгүм болуп баарыбыз тең кыйналбай-кысталбай жакшы эле оокат кылып келе жатканбыз. Эми минтип карабайсыңбы, Ысмайыл бизге көрүнөө каргаша болуп апамды да, бөбөгүмдү да алып кетип отурат. Оңбосун молдо, оңбосун!

Эшик алдында ушундай ойго батып бир аз туруп, эки жагымды карасам, агам Молдалы көрүнбөйт.

– Жеңе-е! – дедим үй жакка бурула карап,– Байкем кайда? Көрүнбөйт ко?

– Тиги уулдукунда. Тогуз коргоол ойноп отурушат.

Жеңемдин «уул» дегени – Жээнбай абам. Атам менен аталаш раматылык Жоокачты дегендин уулу. Үйү бизге коңшу. Жашы отуздар чамасында, ээгинде сербейген сары сакалы, муруту бар, оор басырык адам эле. Энеси – Сейилкан, зайыбы – Айжан, Айжандан Идрис деген төрт жашар бала бар.

Алардын тогуз коргоол ойногондорун көрмөкчү болуп бурула баса бергенимде, мени өздөрүнө чакырган-

сып, Кум-Дөбөдө ойношкон балдардын үндөрү дагы да угулуп калды. «Жок, жок,– дедим көңүлүмдөн. – Тиги балдарга барайын, ойноюн алар менен...»

– Же-ңе-е! Мен эми тиги балдарга барайын.

– Ачка кантип барасың? Кир үйгө. Тамак ичип анан бар – деди жеңем.

Үйгө кирдим. Бети-колумду жуунуп, жеңемдин мага деп даярдап койгон бир чөйчөк айранын ичип, нанын да жеп, кайрадан тышка чыгып бара жатсам, ал:

– Садагаң, молдо бала, сен бир нерсени уктуңбу? – деди.

Тык токтоп калдым:

– Жок, жеңе, ал эмне экен?

– Сакып-Жамалды Айдаркан манап күйөөгө бермекчи болуптур.

– Кимге? Кайдагы неме экен ал?

– Таанышсың сен да аны, көргөнсүң.

– Качан көрдүм эле? Эстей албай жатам.

– Баягыда, биздин айылга барбадың беле? Ошондо көргөн кишиңди – Табылдыны айтам.

Ооба, өткөн жылы ата-энесине жеңем төркүлөп барганда, мен да ага кошулуп барып, Табылды деген бирөөнү көргөм. Теке сакалданган сакалы бар, жашы элүүдөн эчак ашкан, мурду теңирейген күптү болгон кишидей, эки көзү киртийип уясына кирген, өңү суук адам болчу. Үстүндө кирдеген эски кемсел. Кемселинин жакасында сыңар жалгыз топчусу бар, башкасы жок. Сыңар топчусун топчуланып, төмөн жагым делдектеп ачылбасын деп, аттын белин олоңдогонсуп, кайыш кур менен белин бекем олоңдоп курчанып алыптыр. Бутунда сырты түлөгөн эски маасы, майрык кепич. Аны көргөн адам: «Мунуңар

бай эмес, өз жанын бага албай жүргөн бир байкуш ко» деп айтарлык эле.

Мына азыр жеңем айтканда гана ошол Табылды көз алдыма элестеп:

– Койчу, жеңкебай! Ошого кантип берсин? Жалган болуп жүрбөсүн? – дедим мен ага, ал башын чайкады.

– Жалган эмес, садагаң, чын экен. Асылкан айтты.

Асылканды мен жакшы таанычумун. Анын калп айтпасын да билем. Сакып-Жамал менен сырдаш-муңдаш, акыл-эси бар, жакшы келин ал. Эри Кожомкул Айдаркан манапка жигит болсо, өзү анын үй кызматчысы. Жуучулар келип аныкына конуп, кыз жөнүндө сүйлөшүп, калыңдыгына, сиз айткандай болсун деп, беш жүз сом акча, эки жүз кой, кырк жылкы бермекчи болушканын ал астыртан уккан экен.

– Жүзү курусун Айдаркандын, жүзү! Кызды кантип ага ыраа көрдү экен? Убалдан коркпогон кандай неме ал? – деп кызды аяп, чебеленип, жаны-маны калган жок.

## II

Сакып-Жамал айылыбыздагы кыздардын акылманы, өңдүү-түстүү сулуусу. Улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, кымырынып-кымтынып, ар кимге ар кандай мамиле кылган акылы мол, ак жуумал, жароокер, жакшы кыз эле. Кара көзүн мөлтүлдөтүп, күлүңдөп, жагымдуу, жайдары өңү менен адамга жаркылдай караганда, кимдин болсо да жан жүрөгү коргошундай балкый турган. Ырга ышкыбоз, күүгө куштар, акындык таланты да бар эле. Анысын мен назик үнүн чыгарып кезек-кезек ырдай калганынан байкачумун.

Ошол кезде анын жашы он беште, меники он алтыда. Экөөбүз бир айылда төрөлүп, бирге өсүп, бирге чоңойгонбуз. Мен аны бир тууган карындашымдай көрсөм, ал да мени бир тууган агасындай көрчү. Биздин мунубузга эки үй-бүлөнүн бир-бирине карата болгон жылуу-жумшак мамилелери да чоң себеп болду го дейм. Анткени, раматылык аталарыбыздын ортосунда кандайдыр бир жакындык, достугу бар эле. Бир-бирин конокко чакырышып, өткөн-кеткенден аңгемелешип, баш ийкешип, көпкө чейин сүйлөшө турган. Ошондо Сакып-Жамал экөөбүз үй ичине жашынып, жашынмак ойноп, бир-бирибизди куушуп, ары-бери жүгүргөнүбүздө, алар бизди тыймак түгүл, кайра:

– Кагылайындар, үшүнтүп ойноп-күлүп, аман-эсен өссөңөр экен.

– Атаганат десеңчи! Булар чоңойгондо куда-сөөк болушсак арманыбыз да болбос эле,– дешкенин да мен укчу элем. Бирок «куда-сөөктүн» маанисин ал кезде жакшы түшүнчү эмесмин.

Аталарыбыздын көздөрү жумулганча апаларыбыз (менин апам – Чакилик, анын энеси – Алтынай) алардын достугун улантып, өздөрү да «акыреттик» достошкон. «Садагалар, бирге жүргүлө, бирге ойногула» деп кезек-кезек менен бизге айта калышчу. Апаларыбыз антишкенде бизге кенен жол ачылганы эмеспи. Андан бетер бири-бирибизди жакын, жакшы көрүп, достугубуз да барган сайын чыңалган.

Ошентип экөөбүз бир үй-бүлөнүн балдарындай, бир туугандай болуп кеткенбиз. Бирок биздин мунубузга Айдаркан манап минтип каргаша болуп отурбайбы. Жетим-жесирдин убалынан коркпогон, бирөөнүн күлүк атын,

алгыр кушун тартып алып кан-какшаткан ал бир ач көз, арамза адам эле. Сакып-Жамалдын атасы Абдыкерим дүйнөдөн кайтканда: «Багар-көрөрүңөр жок силер эми минтип жетим, жесир калдыңар. Раматылыктын арбагы үчүн силерди мен өзүм бүлө кылып алайын» деп, бал тилин салып, Алтынайга үйлөнгөн. Ошондо карыялардын кайсы бирөө: «Айдаркан адамкерчилик кылды. Жетим-жесирди өз колуна бүлө кылып алды» деп, аны макташса, башкалары: «Кыздын сыры төркүнгө маалым дегендей анын оюу башкада. Ал бир арам ой менен Алтынайга үйлөндү. Өлбөсөк көрөбүз» деше турган.

Көрсө, жакшылык көрбөгүр, алдап-соолап апасына үйлөнүп, андан барып анын кызын сатып байымакчы болгон тура. Мына, анысын эми билип жүрөм. Бир тууғандай жакшы көргөн кызымды ошентип боздотуп абышкага сатмакчы болуп жаткан манапка өз ичимден наалат, каргышымды айттым да тышка чыгып, чуулдашып ойноп жаткан балдарды көздөй жөнөдүм. Чий аралап кетип бара жатсам, кандайдыр бир жактан кимдир бирөөнүн үнү угулат. Кайсы үн? Ким болду ал? Тык токтой калып тыңшасам, суу жактан угулгансыйт. Бурула басып келип жар үстүнө токтоп, эңкейип карасам, ал – Сакып-Жамал экен. Суу боюнда эки колу менен сууну шилеп, үнүн созолонтуп ырдап отуруптур.

Эмне деп ырдап жатат болду экен деп тыңшап тура калдым:

Кудайым неге жараттың?
Суу түбүндө болгондо,
Куштай учуп талыкпай,
Кетип алыс конгондо?

– Сакиш! – дедим мен ага.

Сакып-Жамал селт эте башын көтөрүп, кылчая мени карап, ордунан тура келди:

– Апей! Сен белең?

– Ооба, менмин, Сакиш. Эмне кылып отурасың мында? Суунун агынын кошуп ырдап жатасыңбы?

– Ооба. Анан кантейин! Дарт-арманымды суугa айтып жатам.

Мындан көрө балыктай,
Суу түбүндө болгондо,
Куштай учуп талыкпай,
Кетип алыс конгондо?

– Мен бул балекеттен кутулбайт белем! Мен куруюн мен!.. – деди ал улутунуп.

Мурда мени көргөндө ал жокту-барды сурап, жайдары сүйлөшө турган. Азыр андай эмес: кабагы салыңкы, өңү муңайып, кандайдыр бир оор кайгынын кучагында тургансыйт. «О-о! – көңүлүмдөн. – Жаңкы мен уккан шумдуктуу кабарды бул өзү да уккан экен го. Сурайынчы».

– И, эмне болду? Эмнеге антесиң, Сакиш? Айтсаң, жашырбай!

– Уккан жоксуңбу? Тиги өгөй атам, раматылык атамдан да карыган кишиге мени күйөөгө бермекчи болуптур.

– Уктум мен да аны, Сакиш, уктум.

Жардан секирип түшүп жанына барып, болочок күйөө жигиттин кебете-кешпирин сүрөттөп айтканымда:

– О, шордуу жаным! – деди да ал терең үшкүрдү. – Анда мен куруган экем го?

Эки көзүнөн мончоктогон жаш кетти. Чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, көз жашын сүрттү, бурула мага карады:

– Атаганат дүнүйө ай! Ушундайда сен бир канат кагып, эр жигит болсоң, экөөбүз кол кармашып, алыска алда кайда кетпейт белек. Кантейин, арманым күч!

Эмне деп жооп беремимди биле албастан «айтканың ырас» дегенсип, мен ага башымды ийкедим. Антпегенде кантем? Менде кандай арга болсун, жаш экениме өзүм да арман кылдым.

* * *

Сакып-Жамалды үйүнө карай узаттым да, балдарга бардым. Алардын ичинде түндө биз менен бирге ойногон менин досум – Барыктабас да бар экен. Атасы Атабек карыя, энеси Айкүмүш болуп мындан бир нече жыл мурда Чүйдөн көчүп келишкен. Барыктабас комузун ала келиптир. Аны күндөгүсүндөй ойкуштантып чертип, бизди күлдүрүп, акырында муну ырдады:

Туралы эми, туралы,
Суугa кулач уралы.
Мындан келип, кумга оонап,
Кайра аңгеме куралы!

Анан ордуна тура калганда биз да жапырт секирип турдук; жүгүрүп ойго түшүп, бир-бирибизди куушуп, ары-бери чуркадык. Андан барып балыкча ыргып сууга түшүп, аркы өйүз, берки өйүзгө кулач уруп сүзүп чыктык. Бир-бирибизге суу чачып ойноп, чарчаганыбызда кайра келип кумга оонап, Күнгө кактанып жата кеттик.

Ар ким көргөн-билгенин, укканын аңгемелеп айтып жатат. Сөздүн ирети келе калганда мен да Сакып-Жамал жөнүндө укканымды айтаканымда: «А, шордуу кыз! Куруйт экен го анда?» – дешип балдар да аны аяп, баштарын ийкеп, бир-бирине суздая карашты.

* * *

Жамандык жерге жатабы? «Сакып-Жамалды Айдаркан Табылдыга токолдукка бермекчи болуптур. Калыңдыгына беш жүз сом акча, кырк жылкы, эки жүз кой алмакчы болуптур», деген кабар бат эле эл ичине таралды. «Анча малды бермекчи болгон ал кайдагы эме? Малын батыра албай жүргөн ал бир акмак эме го?» – дешти айылдын абышка-кемпирлери баш ийкешип.

Табылдынын кандайча болуп Сакып-Жамалга үйлөнмөкчү болгонун сураштырып көрүшсө, иштин жайы мындайча экен.

«Кыргыз байыса катын алат» деп байлыгына чиренип, карыганда дүнүйө кызыгын көрмөкчү болуп, бир жаш сулууга үйлөнмөкчү болот да, ал элинен кыз издей баштайт. Ал айылдын, бул айылдын кыздарын айтышса, алардын эч кимисин жактырбайт. «Үйлөнсөм мен эл оозуна алынарлык сулуу кызга үйлөнөм; болбосо жок» дейт ал. «Андай сен кыз тандагыч кыйын экенсиң, өйүздөгү Сарыбагыш элиндеги Айдаркан манаптын сулуу кызы бар деп угабыз. Эмесе, сен ошого үйлөн...» дешет айылападагылар аны шылдыңдап күлүшүп. «Берет, бербегенде кайда барар дейсиң? Манаптын сураган малын берсем, кызын мага ыргытып жиберет» деп, Табылды ошол замат жуучуларын манапка жиберет. Калыңдыгына ага

канча мал берип, кызды качан алмакчы болушканын айтышканда:

– Мына көрдүңөрбү, кандай кызга үйлөнмөкчү болгонумду? Мынча малды көргөндө Сарыбагыштын манабы кызын мага Кудай деп бермекчи болгон тура,– деп ал ошондо мактанган экен.

## III

Күз мезгили. Эл коюн кыркып, кыштоолоруна көчүп келип эчак конгон. Айдаркан манаптын айылы да, биздин айыл да өз-өз кыштоолорунда. Аралары өтө жакын: тай чабымдай гана жер. Жаш кезинде бирөөнү жакшы көрүп калсаң, аны сен көрмөйүнчө тура албайт экенсиң. Сакып-Жамал мурдагыдай болбостон башка бирөөнүн кызы болуп, эми минтип бөтөн жанга күйөөгө берилмекчи болуп жатса да, күн сайын аны көргүм, аны менен сүйлөшкүм келет. Антпегенде кантем? Аккүп чагымдан тартып алпурушуп, бирге жүрүп, бирге өскөн замандашым, жолдошум эле го ал.

Үйдөн чыгып, илкип басып, манаптын айылына барсам, Арстан, Асылбек деген жаш жигиттер да анда жүрүшөт. Алар да, мен сыяктуу, Сакып-Жамалга каралап, эртели-кеч ал жактан кетишчү эмес. Бирөө анын отунун жарып, суусун ташып, самоорун кайнатса, экинчиси – манаптын атын ала чуркап келип, токуп берип, колтуктап атказчу.

Булар да бүгүн күндөгүсүндөй мында келишиптир. Эшик алдында Сакып-Жамал, Асылкан болуп алар менен шылдыңдашып күлүшүп, сүйлөшүп турушуптур. Аларды көргөндө эмнегедир күнүлөшүп, кабагым чытыла түштү.

Анымды кыраакы кыз биле коюп, жаныма басып келип, сурай кетти:

– Эмне, бир жериң ооруп турабы?

– Жок.

– Эмне анда өңүң суз?

– Билбейм, сага ошондой көрүнүп турам го.

Тыштагы очокко от жагылып, казан асылып, суу куюлуптур.

Анын жанында турган Асылкан:

– Сакиш,– деди Сакып-Жамалга,– мен эми үйдөгү кир-кечени жыйнаштырып алып чыгайын. Очоктогу от өчүп калбасын, караштырып тур.

– Макул, жеңе, ошент,– деди, Сакып-Жамал бурула мага карады. – Бүгүн биз үшүнтип кир жуумакчы болуп жатабыз. – Казандагы суугa көз чаптырды да, Арстанбекке жылмая карады. – Атың ким эле жигит сенин?

– И, эмне? Атымды унутуп калдыңбы?

– Ооба, унутчаак жаным бар эле, унутуп жатам. – Кыткылыктап күлдү. – Баса, эсиме түштү: Арстанбек эмес белең? Арстаке, казандагы суу аз го? Эки чака суу алып келсең кантет?

– О, түгөт десе! Антип анткорлонбой бая эле ошентип айтпайсыңбы,– деди жигит күлүп. Бирок Сакып-Жамалдын антип каймалап, тийишип айткан сөзүнө ал өзү да жетине албай чоң ыраазы болуп, эки колуна эки чака кармап, сууну көздөй чуркады.

– Эми Асаке,– деди беркисине. – Сен да бизге жардамдаш, отун жарып, от жагышып бер.

Кыздан бир ооз жылуу сөз уксам деген тилек Асанбекте да бар эле. Шымаланып, колуна балта алып, тарсылдата ал отун жара кетти. Ошол кезде карысы,

жашы болуп коңшулаш айылдан айылчылап үч-төрт аял мында келип калды. Алардын улуусун урматтап, кичүүсүн сыйлап, ал:

– Энекебайлар, жакшы турасыңарбы? Дени-кардыңыздар сакпы? – деп, Сакып-Жамал жылуу-жумшак сөзү, жайдары өңү менен каршы алып учурашты да, эшик ачып, үйүнө киргизди.

Мына, ал ошондой бир адамкерчилиги бар, акылы мол, жароокер, жакшы кыз эле.

## IV

Алтынай Айдарканга турмушка чыкса да кызы Сакып-Жамал менен өз үйүндө тура турган. Ага жанаша тигилген алты канат ак үйүндө байбичеси менен манап өзү жашоочу.

Бир күнү ошол эки үйдүн жанында дагы эки үй тигилип, айыл ичи дүрбөлөңдөй түштү. Манаптын жанжөөкөрлөрү, жигиттери: «Кудалар келет экен, кудалар»,– дешип карбаластап, ары-бери чапкылап, ар кайсы үйдөн килем, кийиз жууркан-төшөк жыйнап жүрүшөт. Карыжашы дебей айыл адамдары да: «Качан, кандайча келишээр» экен дешип, өз ара маектешип, сүйлөшүүдө. Мен да аларга кыпчылып, балдарга кошулуп, чыгыш жактан көзүмдү албайм.

Бир кезде толгон кой айдаган, төө жетелеген, ат коштогон бараандуу атчан адамдар, Кочкор суусунун аркы өйүзүнөн көрүнгөндө:

– Тигине, тигине!..

– Кудалар экен, келе жатышат,– дешти аны көргөн адамдар колдорун булгап.

Айдаркандын адамдары алардын алдын тосо чапкылап барып малдарын да, өздөрүн да суудан кечирип алышты. Кудалар бир топ киши экен, үйлөргө бөлө киргизип, кандайча келишкенин, эсен-соолугун сурап жатышат. Тышта бака-шака түшүп мал союп, казан асып, эт бышырып жатышкандар да биздин айылдын адамдары.

Табылдыны күйөө жолдоштору менен өз алдынча «өргөө» үйгө киргизишкен болучу. Аны көрүүгө кумарданган келин-кесектер: «Күйөө кандай жигит экен? Көрөлү» дешип, улагадан шыкаалап карашканда, мен да: Баягы кейпи менен келди бекен же үстү-башын түзөп, кийинип келди бекен?» деп, аларга кошулуп шыкааласам, ары жокту карасаң, кийинип алыптыр. Үстүндө жаңы кашкар чепкени, кара лампүктөн тигилген костюму, башында суусар тебетейи бар. «Бутундагы жылтыраган маасымды эл көрсүн» дегенсип, арбайган бармактары менен анда-санда аны черткилеп коёт. Бейтааныш адам аны көрсө: «атактуу бул бир чоң бай экен го» деп айтарлык. Бирок «кыздын сыры төркүнгө маалым» деп; сыртынан антип сыланса да, анын ичи көңдөй болучу.

«Күйөөңөрдү көрдүңөрбү? Бул өзү ушундай киши» деген маани менен күйөө жолдошу, кээде короздонгон жанындагы Табылдыга, кээде жаңкы эшик алдында шыкаалашкан келиндерге жылмая карап коёт.

– Ой, бала, эмнеге антип шыкаалайсың? Уят болот, тур мындай! – деген кимдир бирөөнүн ачуулу үнү угулганда селт эте башымды көтөрүп четке чыга бердим. Бирок алыс кеткеним жок, Сакып-Жамалдын эмне болуп жатканын билейин деп анын үйүн айлана бассам, буркурап ыйлап жатыптыр.

Күн кечтеди. Кызды «күйөө» менен жүз көрүштүрмөкчү болушуп, аны үгүттөп, күчтөп жатып келиндер тышка алып чыгышты. Алардын ичинде Асылкан да бар.

«Эми кандайча болуп жүз көрүшөөр экен» деп мен да алардан мурда үйгө жетип, керегенин капшытынан көз жибердим. Менден башка келин-кесек, бала-чакалар да келип шыкаалап турушат. Асылкан, эки-үч келин болуп эшиктен кирген колуктусун көргөндө, Табылды: «Келиңиздер, келиңиздер» – эки колун бооруна алып, күйөө жолдошу болуп, орундарынан тура калышты:

– Кана, отуруңуздар,– деди Асылкан аларга карай колун шилтеп. «Күйөө жигиттин» жанына кызды олтургузду да, ээрчий кирген эки келин менен очок жанына өзү олтурду. Табылды болочок колуктусуна көзүнүн кыйыгын салып: «Баракелде, сулуулугуңа! Ушул кыз да менин зайыбым болот, ээ!» дегенсип, кымыңдаганы өзүнөн-өзү көрүнүп турат. Сакып-Жамал аны караган жок. Эшиктен адеп киргенде эле аны көргөн. Эми экинчи ирет карап эмне кылсын? Караганда мурдагыдан ал өзгөрмөк беле? Мурдагыдай көзүнө жаш албастан бардык күчүн, бардык кайратын жыйып, сурданып, ортого коюлган лампадан көзүн такыр албайт. Ой, дүнүйө ай, десеңчи! Оозу-мурдун кыл жапкан, буурулданган чоң сакалын саксайтып тиги абышканы, ичи уйгу-туйгу болуп, муңайып, анын жанында олтурган Айчүрөктөй сулуу кызды көргөн адам, каргыш тийген ошол заманга, ал заман туудурган адилетсиздик, теңсиздикке, андан пайдаланып жаш кызга үйлөнмөкчү болуп олтурган тиги Табылдыга ким болсо миңдеген наалат, каргышын айтарлык эле.

Эгерде экөө теңтуш болсо, ошол жерде оюн-күлкү, таң-тамаша болбойт беле? Асылкан болуп очок жанында

олтурушкан келиндер да, үйдү курчап тышта шыкаалап турушкандар да: «Кайран кыз, ушул абышкага турмушка чыгат ээ эми?» дешип, баштарын чайкашат.

– Эми садагаң, жүр, кетели,– деп бир кезде Асылкан кызды тургузуп, ээрчитип тышка алып чыкканда мени ал көрө коюп:

– Сен да мында белең? – деди. Башка сөз айта алган жок, көз жашын жашылдантып, мени менен коштошту да, алга басты. Ошондо мен бир тууган карындашым тузакка түшүп, кор болуп, кайра келбес сапарга кетип жаткандай болуп, бүткөн боюм дирилдеп, муунум бошоп, үйгө кайттым.

Экинчи күнү аны узата турган болушту. Аялы, эркеги дебей айыл ичи толгон эл. «Күйөө жигит», меймандар болуп эчак аттарын токунушкан. «Кызды мына алып чыгат, ана алып чыгат» дешип, эки көздөрү үй жакта. Айдаркан болсо бир топ кишиси менен бир четте, дөң үстүндө олтурат.

Бир кезде үй ичинен Сакып-Жамалдын үнү угулду:

– Кагылайын, апалар, чын эле мени ушуга бересиңерби? Кантип барам мен ага? Айтсаңар?.. – деген Сакып-Жамалдын аянычтуу үнү угулду. Мындан бир аздан соң боздоп ыйлап өз энесин кучактагандай болду. – Айланайын, апаке! – деди ал. – Алпечтеп багып өстүргөн жалгыз кызың мен элем? Менин теңим ушул абышка беле? Айтсаң сен да. Мени ага кантип кыясың? Анын кантип токолу болом? Мындан көрө мени өлтүрүп сөөгүмдү ага бергениң жакшы эмес беле? Эмнеге унчукпайсың, апаке? Айтсаң бирдеме!..

– Менде эмне жазык, алтыным? Колумдан менин эмне келет? Баарын кылган атаң? – деди Алтынай, өзүнүн алсыздыгын билгизип, шолоктоп ыйлап.

Шордуу кыз ошондо көз жашын, көкүрөк дартын көпчүлүккө көрсөтө айткысы келип:

Кагылайын, эл-журтум,
Бул эмне кылганың?
Кейитпейби силерди –
Менин минтип турганым?

Айланайын, энелер,
Эже, сиңди, жеңелер:
Тирүүлөй менин өлгөнүм,
Мени буга берсеңер!..

дегенде ыйлаганы ыйлап, ыйлабаганы кейип-кепчип, үйдө олтурушкан кемпир, келин-кесектер:

– Олдо садагаң ай! Кантип биз кейибейли? Кейимек түгүл, өзүңө кошулуп, биз да минтип ыйлап жатабыз?

– Апаң айтпадыбы, алдыңа кетейин: баарын кылган атаң деп. Ооба, ошол – өгөй атаң. Убалың ошого жетсин,– дешти баары тең кызды аяп, бышактап ыйлап.

Байкуш Сакып-Жамал башын көтөрүп, көз жашын көлдөтүп, аларды карап:

Андай өгөй аталар,
Кыз балада болбосун.
Убалымдан коркпогон,
Анын иши оңбосун! –

деди да сөзүн токтотту.

Бул – жаны кашайганда өмүрлүк, өчпөстөй кылып жан жүрөгүнө чок салган зордукчул манапка карата анын айткан акыркы наалат, каргышы эле. Андай каргыш, албетте аялдардын арасында олтурган манаптын көрөр көз

байбичеси – Айкүмүшкө жаккан жок. Орондоп ал ордунан тура келди:

– Ботом, сен эмне дейсиң? Оозуңа карап сүйлөсөң боло! Туудурбаса да тутунган атаң болот ал. Кана, аттанбай көрчү, сени биз эмне кылар экенбиз?

– Эмнеге сен анча орондойсуң?

– Уят жок буларда, уят!..

– Уяты болсо, жетим кызды үшүнтип абышкага сатышат беле? – дешти карысы-жашы дебей аялдар да аны жаалашып.

Асылкан көз жашын сүртүп, тышка чыгып, мында болуп жаткан кайгылуу окуяны айтмакчы болуп, Айдаркандын үйүн көздөй басканда, артынан мен да чуркадым.

– И, эмне келдиң мында? – деди манап ага олурая карап. – Аткарбайсыңарбы? Эл күтүп калышты го?

– Сакиш ыйлап аттанбай атат. Мындан көрө мени өлтүрүп, өлүгүмдү бергиле,– дейт.

– Эмне? Кыз күйөөгө ыйлап барбаганда күлүп бармак беле? – Жаңкы менин байбичем кайда?

– Ошол жакта.

– Эй, Кожобек, кайдасың? – деп ал жок издегенсип, эки жагын караганда, далдыйган чоң кара тору жигит эл ичинен суурулуп чыга келди:

– Мен мындамын, Айдаке.

– Тиги үй жакка барчы батыраак. Байбичем да ошол жакта. Сен ага жардамдаш: Сакып-Жамалды күчтөп атка мингизип, кудалардын колуна салып бергиле. Ошенткиле!

– Мына мен азыр! – деди. Жан алгычтай шымаланып үйгө кирип, анда олтурган манаптын байбичеси менен шыбырашып сүйлөштү эле, ал ага «ошент» дегенсип, башын ийкеп:

– Токтот ыйыңды! – деди кызга келип. – «Буудайдын барар жери тегирмен» деген. Мындан артык сен кимге бармак элең? Аттан дегенде аттан! – Жан алгычтай шымаланып жанында турган Кожобекке бурула карады. – Эмне турасың? Ал тигини, атказ!..

Бармактары бүркүттүн буттарына окшогон арбайган-тарбайган колу менен кызды ал апкый кармап, бакыртып сүйрөп, тышка алып чыгып, так көтөрүп, атка мингизди да:

– Кана эми жөнөгүлө! – деди кудаларга.

Кудалардын бирөө атты жетелеп, экинчиси атты айдап, бирөө ары жагына, бирөө бери жагына чыгып, ортого алып жөнөштү. Ошондогу шордуу кыздын оң жагына оосо оң жагындагысы, сол жагына оосо сол жагындагысы жөлөп, төрт киши ортого алып бакыртып, боздотуп алып кетип бара жатышканы – али күнчө менин көз алдымда.

* * *

«Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар» деген ылакаптын төгүнү жок экен го. Сакып-Жамал барында Айдаркандын үйү базар эле. Аялы, эркеги, келин-кыз дебей үйүнөн адам үзүлчү эмес. Бөтөнчө, Арстан, Асанбекке окшогон жигиттер дайыма ошол жерде жүрүшкөнүн көрөр элем. Мен да анын үйүндө алда нече курдай болгонум бар. Мына эми эмне болду? Манаптын үйү мазар болду, жоо чапкансып аңгырап бош калды. Жаңкы эки жигит гана эмес, мен да аныкына барбай калдым. Бармак түгүл, манапты көрөйүн деген көзүм жок. Уу жыландай, ал мени чакчудай болот да турат.

Айылдын абышка-кемпирлери да:

– Убалдан коркпогон эме тура, жүзү курусун анын!

– Жакшылык көрбөсүн! – дешип, оолактап, мурдакыдай аныкына барбай калышты.

Кайран кыздын кадыр-баркын ант урган манап билди дейсиңби!

## V

Кыш келип калды. Бекер жатпай окуйлук десек айылыбызда мектеп жок. Кайда барып, кайдан окуурду биле албай турганымда, Жээнбай абам:

– Кара тоголок! (Атымдан айтпай эркелетип мени ошентип айтышаар эле) келчи мындай,– деди бир күнү мени чакырып алып. – Орусча окуйсуңбу?

– Окуйм.

– Эмесе, сени мен Николайга алып барайын. Ал сени орусча окутмакчы болду.

Николайды мурда мен жакшы таанычумун. Эски бекетте суу техниги болуп иштөөчү. Жээнбай абам экөө дос эле. Орто бойлуу, оор салмактуу, сакалын кырдырып, мурутун койгон, сары чийкил, оор басырык, жакшы адам боло турган. Анын ысмын укканда:

– Абаке, мени ага качан алып барасың? – дедим.

– Эртең.

– Чын элеби?

– Чын.

Окууну эңсеген курган жаным үчүн бул бир айтып бүтүргүс чоң кубаныч да. Андай кубанычты кантип ичке сыйдырсам болот? Баякы Барыктабас досума жүгүрүп ба-

рып айттым эле, анын да делебеси козголуп, мени менен бирге барып андан окумакчы болду.

Экинчи күнү мени Жээнбай агам, Барыктабасты анын атасы – Атабек карыя аттарына учкаштырып Николайга алып барышты. Ал бизди жылуу каршы алып:

– Болуптур. Мынча келип калган экенсиңер, эки балаңарды тең окутайын. Бирок,– деди өкүнүчтө болгонсуп. – Экөөнү тең үйүмө жаткыза албайм го? Үйүм тар...

Ооба, анын үйү өтө тар эле: эшик алдында кичине коридору бар сыңар бөлмө. Ага сыйыша албасыбыз көрүнүп турат. Мени мурда аныкында жатып окуу жөнүндө абам сүйлөшкөн экен, мени ал үйүнө жаткызмакчы болду. Барыктабас жөнүндө Ырсаалыга барып айтышса:

– Бир бала экен, аны мен оордомок белем? Жата берсин бизде,– деп койду ал Атабекке.

Ырсаалы Николайдын коңшусу. Мыркымбай, Жулкунбай деген эки уулу, Көкүм, Чөкү деген эки иниси бар. Уулдары почта бекетинде ямщик болуп почта тартса, инилери – сарайчы. Эки көзүн кыбыктаткан, сары сакалчан, анткор адам эле.

Көрсө ал эптеп эле баланы үйүнө жаткызып, Атабектен бирдеңке өндүрүү үчүн айткан сөзү экен. Бир айга жетпей жатып, баландын тамак-ашы, отун, суусу деп Атабек карыядан толгон нерсе талап кылды. Анын баарын шордуу кедей кайдан таап берет? Баласын окута алган жок, кайра үйүнө алып кетти. Мен болсом анда жалгыз кала бердим.

Николай буквардан мага сабак бере баштады. Идишаяк, буюмдарды колуна алып, мага көрсөтүп: «Орусча бул мындай, ал тигиндей болот» деп үйрөтө турган. Мен да анын айткандарын унутпас үчүн көңүлүмө түйүп алар

элем. Ошентип тырышып-тырмышып, күнүгө он ооздон орусча сөз жаттап, анын зайыбы – Галя менен аздыр-көптүр орусча сүйлөшүүгө жарап калдым. Орусча айта албасам, кыргызчалатып да жиберер элем. Ошондо Галя айтканымды түшүнгөнсүп, жылмайып, башын мага ийкеп койчу.

Николайдын музоосу, торпогу болуп беш-алты ую бар эле. Күндөрдүн биринде анын бир торпогу жоголду. Күнү бою издеп аны таба албастан Ырсаалыдан сураса, оозумурдун чормойтуп, эки көзүн аландатып ал ага мындайча жооп кайтарды:

– Мен кайдан билейин торпогуңду? Көргөнүм жок.

Николай үйүнө келип:

– Ушул эле митаамдын колунан келди. Башка аны ким алмак эле? – деген сөзүн уктум.

Бир күнү бизге Жээнбай абам келгенде мен ага ошондогу укканымды айтсам:

– Болсо болоор, Ырсаалы өзү митаам киши. Астыртан ал уурулук да кылат. Бизге кошулбай жалгыз түтүн жашап жүргөн себеби да ошол. Эсиңдеби? – деди ал мени карап. – Өткөн жылы биздин бир уюбуз жоголбоду беле? Көрсө аны ошол уурдаптыр.

– Койчу, абаке! Чынбы?

– Чын. Элден уктум. Уккан менен эмне кыла алам? Өз убактысында кармап албаган соң бирөөнү айыптоо кыйын тура.

Кыш өттү, жаркырап-жайнап жаз келди. Үйгө кете турган болгонумда, Николай:

– Уулум,– деди колумду кыса кармап коштошуп, баргын, эми үйүңө. Эмки күздө дагы да келгин, окутам сени.

Мен да кубанып күздө келип андан дагы да окумакчы болуп, үйгө кайттым. Бирок Орто Азия элинин 1916-жылкы улуттук-боштондук козголоңу башталып кетип менин ал тилегим орундалбай калды.

## VI

Август айынын баш чендери эле. Бир күнү:

– Кыргыз эли падышага каршы көтөрүлүш чыгарыптыр.

– Ташкенттен биз жакка калың аскер чыгыптыр.

– Чүйдөгү Атаке-Сарыбагыш эли бери карай качып калыптыр – деген каңшаар кабар угулду. «Бир шумдук болот экен го. Жол боюнан алыстайлы» – дешип көл боюндагы Ак-Өлөңдөгү жатакчылар Семиз-Белге көчө башташканда: «Кокуй, эмесе, биз да ошо жакка карай баралы» дешип, биздин айыл да көчүп, Семиз-Белдин жыбыт-жылгаларына келип тарап конуп жатышат. Табылды да Каракужурдан көчүп келип үстү жагыбыздагы көк жайыкка конду деген кабар угулганда:

– «Сакып-Жамал кантип ага бүлө болуп жүрөт болду экен? Барып көрсөм, ээ!» – дедим аны көрүүнү эңсеп.

Антпегенде кантем? Жаш чагымдан тартып бирге өскөн, сырдаш-муңдаш замандашым эле го ал. Күчтөп аны күйөөгө бергени, ошондогу анын буркурап-боздоп аттанганы менин тынчымды алат. Эмнеси болсо дагы ага барайын, көрөйүн, ал-жайын билейин деп ат токунуп миндим да, жылганы өрдөп жөнөдүм. Жылга ичи ээн... Коңур күздүн баш бакканы билинип, айлананын чөбү куурап, бозомук тартып, адамга алда кандай көңүлсүздүк туудурат.

Жогорулап жүрүп олтуруп, аска ташты айланып үстүнө чыга келсем, нары жагында – көк жайыкта үч-төрт боз үй турат. Алардын бирөө чоңураак да, агыраак. Бай эмеспи, болгондо Табылдыныкы ошонусу чыгар деп ошол үйгө карай түз эле бастырып барсам, аттын дүбүртүнөн улам үйдөн тышка бир келин чыга келди. Анын Сакып-Жамал экенин дароо эле таанып:

– Сакиш! – деп эрксизден кыйкырып жибердим.

Ал да мени тааныды:

– Сен белең?

Көптөн бери көрүшпөгөн боордошундай ал мага карай жүгүргөндө, мен да атымдан ыргып түшүп, ага жетип, кучакташа көрүштүм. Үйгө кирдик. Үйүндө ал жалгыз экен. «Күйөө жигит» – Табылдынын кайда экенин сурасам, ал да, байбичеси экөө элге кошулуп, эгин-тегин алып келебиз деп жакага кетиптир.

– Сакиш! – дедим мен ага. – Сакиш, кандай туруп жатасың?

– Ээ, эмнесин сурайсың анын? Күнүм менин түн, түнүм болсо караңгы көр,– деди ал үшкүрүп. – Чиркин, жан деген таттуу тура! Мындан көрө өлөйүн дедим эле, өлө алганым жок. Кантейин, айласыздан тагдырга моюн сундум, баш ийдим.

Анын кандайча жашап, кандайча туруп жатканын андан ары сурап эмне кылам? Суранбасам да айткан сөзүнөн, муңая сүйлөгөн үнүнөн эле билинип турбайбы. Эски жарасын кайрадан козгобоюн деп аңгемени азыркы болуп жаткан коркунучтуу окуяга бурдум:

– Сакиш, уккан чыгарсың, эл падышага каршы көтөрүлүш чыгарыптыр. Ташкенттен көп аскер чыгып, Чүй өрөөнүндөгү эл бери карай качыптыр.

– Ооба, ошентиптир,– уктум,– деди Сакып-Жамал башын ийкеп,– билбейм эл эмне болорун? Эми садага,– деп койду мени карап,– эл минтип дүрбөп, ар ким өз жаны менен алек болуп жатканда кимге ким карамак эле? Агаларың менен акылдашып, мени качырып алсаңар кантет? Мындан ары экөөбүз кол кармашып, эгиз козудай ээрчишип, тирилсек да, өлсөк да бирге бололу.

– Макул, Сакиш, акылдашайын,– дедим мен да.

Чайдан соң тышка чыктык. Кол кармашып коштошуп, атыма минип, бастырганымда ал да мени узата жандап басты. Жар таштын так үстүнө келгенибизде:

– Биртике токточу. Мындан ары көрөмбү, көрбөймбү, берчи бери колуңду,– деди.

Колумду сундум. Ал аны бекем кармап өптү да, чыдап тура албастан ыйлап жиберди.

Мен ага кайрат айтып, аны менен акыркы ирет коштоштум. Ойго түшүп, арт жагыма кылчая карасам, шордуу жар таштын так үстүндө кол жоолугун булгалап, мени узата карап турган экен. Ошондо мен ыйык нерсемди аргасыздан артымда калтыргандай болуп, боюм чымырап атымды илкитип, араңдан зорго алга таман бастырдым.

Үйгө келгенимде Сакып-Жамалдын айткандарын Жээнбай абама айтсам:

– Кокуй! Эмне дейсиң? – деп ал чочуп кетти. – Артыбыз жоо, алдыбыз аскалуу зоо болуп, чоң коркунучта жатканыбызда андай сөздү бизге угузба. Бирөөнүн никелүү катынын качырып алсак эмне болобуз? Билесиңби аны? Кол курап келип Табылды бизди чаап албайбы. Кой, мунуңду! – деп кол шилтеп койду.

Кантсем болот? Абамдын анысына макул болбостон өз оюмду иштей турган ал кезде менде күч барбы? Эл

да минтип өз жандарын кайда коёрго жер таппай, чаң-тополоң түшүп жатканда жалгыз өзүм эмне кыла алам? Кабак-кашым бүркөлүп ичим сыздап, айласыздан тим болдум.

Андан кийин сен көр, мен көр болуп үркүп, Табылдылар Текеске, биз Үч-Турпанга карай качтык.

## VII

Үч-Турпан шаарынын батыш жагында Кара бак деген жайдабыз. Анын чыгышка карай мөңкүп аккан чоң суусу бар. Малыбыз ашууда кырылып, андан калган бирин-экиси Турпанга келгенде «делбе» чөбүн жеп ууланып, андан өлүп, кур алакан калдык. Колубузда бирин-серин гана жандыгыбыз бар. Ошолордон берип уйгурлардын уйкана, музооканаларын квартирага алдык. Жээнбай абам, Сейилкан апам бизге коңшу. Алар уйканада болсо, биз музооканада турабыз. Канчалык жууп, шыпырып, тазалап эшигин улам ачып желдетсек да, буруксуган сасык жыт такыр кетпейт. Айла канча! Эшигине кийиз калап, жерине чөп төшөп, ошондо жашап турабыз.

Жээнбай абамдын зайыбы Нуруйла жеңем оорулуу болучу. Ашууда суукка урунуп, Турпанга келгенде оорусу күчөп, дүйнөдөн кайтты. Анын артында калган төрт жашар баласы Идиристи кучактап жашын төккөн Сейилкан апам:

– «Өлүм аз кылат, оору кор кылат» деген ушул кагылайын балдарым. Минтип бир бүлөбүздөн ажырап, азайып, кайгы үстүнө кайгыга учурадык. Кантелик? Жазмыш ушул тура! Өлгөндүн артынан киши өлчү эмес. Эми кай-

раттанып, эриш-аркак болуп, бириктешип оокат кылалы,– деди көз жашын сүртүп, акыл-насаатын айтып.

Сейилкан апам менен Жээнбай абам антип чоң кайгыга учураганда, бизде кубаныч болду. Анткени, баягыда Көк-Мойнокто экенибизде күйөөгө тийген Чакилик апам бөбөгүм Абдыбекти алып күтүлбөгөн жерден бир күнү бизди издеп келип калса болобу.

– Кагылайын, балдарым,– деди ал бизди кучактап ыйлап-сыктап,– силерди издеп, сураштырып, араң таптым. Эми өлсөк да, тирилсек да бирге бололу.

Эри Ысмайылдын эмне болгонун сураштырсак, ал Ак-Өгүз ашуусунда аты-маты менен кулап өлгөн экен.

Апабыз келгендеги биздин бул кубанычыбыз узакка созулган жок, эки ай өтпөй жатып кайрадан кайгыга батып, көпкө чейин көз жашыбыз тыйылган жок.

Ал мындайча болду:

Бизге коңшулаш уйгур байынын короосуна шарп болуп баса албаган уйларын баккан көлдүк эки кыргыз жигит бар эле. Ата-энелери, туугандары Ак-Сууга кетип, уйлары түзөлгөн соң алар артынан барышмакчы болуп мында калышкан. Бирөөнүн ысмы эсимде. Кер мурут, кызыл жүздүү, жашы жыйырма беш-отуздар чамасында Сыдык деген жигит эле. Аны менен апамдын байланышы болуп, бири-бирине сөз катышып калышат. Аны биз кайдан билели. Бир күнү Жээнбай абам тиги жигитти уруп, апама да тил тийгизгенден соң гана билип жүрөбүз. Көрсө, ал: «Минтип бойдок болуп калдым. Жеңем эмеспи. Мен эми ага өзүм үйлөнөм» деп жүрүптүр. Көрсө, аны урганы ошондон улам тура.

Апамдын айыбы ачылып, элге билинип, уят болуп, үйдөн тышка чыга албай калды. Тиги жигит болсо, жол-

дошу менен уйларын айдап Ак-Сууга кетти. Мындан үч-төрт күн өткөнү да жок эле. Бир күнү бөбөгүм Абдыбек «Апакелеп!» ыйлап төшөгүнөн секирип турду.

Чочуп ойгонуп, мен:

Эмне, садага? Эмне ыйлайсың? – дедим.

– Апам жок.

Апам аны жанына алып жатчу. Төшөгүн карасам чын эле ал жок. Эмне болду ага? Тышка чыккан чыгар деп тышка чыгып «апакелеп» добуш салсам, үнү угулбайт. Молдалы байкем, жеңем да үйдөн чыга келип, айлананы бүт кыдырып, алар да таба алышкан жок. Көрсө апам «эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» болуп; «Минтип элдин жүзүн карай албай калдым. Мындан көрө бул жерден кетейин» деп, тиги жигитти кайра келтирип, ошол түнү Ак-Сууга карай аны менен качкан экен.

Эмне кылган менен ысыгыбызга күйүп, суугубузга тоңуп, алпечтеп багып өстүргөн, туубаса да тутунган апабыз эле го ал. Кайрадан колубузга келгенде, өлгөн атабыз тирилгендей жаркылдап-жайнап сүйүндүк эле. Эми карабайсыңбы? Бөтөн эл, бөтөн жерде башыбызга оорчулук түшүп, минтип мусапыр болуп жүргөн кезибизде апабыз бизди таштап кетип олтурбайбы. Бул – биз үчүн айтып бүтүргүс чоң кайгы эмеспи. Бөтөнчө бөбөгүм «апакелеп» боздоп ыйлаганда аны аяп баарыбыз тең ыйладык.

Кантебиз? Жууркан-төшөктөрүбүздү сатып, өлбө жаным өлбө деп эптеп кыштан чыктык.

Жаз келди. Сөөк жукарды. Ачарчылык... Ак шишик болуп сенделип, арандан зорго басышкан абышка-кемпирлер, катын-балдар...

– «О, шордуу жаныбыз-ай! Эмне болор экенбиз? Өлөбүз го!..» – дешет, кимиси болсо да наалынып.

Турагыбыз – Сабитахун байдын баякы музооканасы. Ага бизди бекер тургузмак беле? Квартира акысы үчүн мен ага малаймын. Жээнбай менен Молдалы агам да, аларга окшогон үч-төрт качкын да анын кара жумушунда. Жумушу өтө оор: күн сайын Кум-Арык дайрасына барышып, отун даярдап, эшектерге жүктөп алып келишет. Отундарды бай андан ары базарга чыгартып саттырат да турат.

– Качкын кыргыздар келгенден бери Сабитахун арзан дүнүйө, арзан эмгек таап, байыды,– дешээр эле уйгурлардын кедейлери. Ооба, мында чындык бар. Анткени, анын төрүнөн улагасына чейин жайылган кыргыздын килем, кийиз, шырдагы. Жадаганда ат жабдуусу да, ээр токуму да кыргыздыкы.

Бир күнү Сабитахун эки эшекке сылай отун жүктөтүп, мага базарга карай айдатты. Бутумда – бүйүрмө эски чокой, үстүмдө жыртык чапан. Алдымда – эки эшек. Алар жүрүшүн басаңдата калганда:

– Кы! Кы! – деп колумдагы таяк менен жаңсап койсом, эшектер кыдыңдап, жүрүшүн ылдамдата кетет. «Артыңдан барамын» деп кожоюн үйүндө калган болчу. «Качан жете келээр экен?» – деп арт жагымды кылчак-кылчак карап коём. Андан кабар жок. Бир кезде жол боюнда олтурган абышкага көзүм түштү. Түрүнө карасам – кыргыз. Үстүндө эски таар чапан, башында жүндөрү жыдыган малакай тебетей, бутунда өңү өчкөн, түлөгөн, жыртык кепич-маасы. Үркүндөн мурдагы тиктирип кийген кийимдери экени көрүнүп турат.

Абышканын оң тизесинде беш-алты жашар кыз бала. Анын тал-тал болгон маңдай чачтары жол бойлоп соккон жазгы желге желп-желп этет. Ыйлаганбы, эки көзүнүн кычыгынан аккан көз жашынын издери бар.

Мен токтой калдым. Абышка башын көтөрүп, мени карап, «Муну кайдан көрдүм эле», дегенсип бүшүркөп, бир аз турда да:

– Балам, сен кимсиң, кыргызсыңбы? – деп койду.

– Ооба, атаке.

– Баса, түрүң ошондой. Кийимиңди көрүп, уйгур экен дегенимчи. – Бүйтүйгөн эки кара көзүн жылтыратып, ээрдин keберситип, таңыркап мени карап олтурган кызын оңдоп, экинчи тизесине олтургузду да, мени карады. – Балам, тиги эшек менен отундар өзүңдүкүбү?

– Жок, атаке, бизде кайдан болсун? Кожоюндуку.

– Бирөөдө иштейсиңби?

– Ооба.

– О, кагылайын, эптеп курсагыңды тойгузуп жүргөн турбайсыңбы. Ошент, балам. Жаныңды бак. Жаш экенсиң, жакшылык көрөрсүң. А, бизди айтпайсыңбы? Колдон күч кетип, көкүрөктү дарт басып, жумушка жарай албай калдым. Өлөбүз го ушинтип жакшылык көрбөй...

Мен карыянын ким экенин билдим. Кочкорлук Борбугул деген киши экен. Кемпири экөөнү мөгдөтпөй, жер караптпай эптеп багып турган жалгыз уулу быйыл кышта каза болуптур. Келини болсо, бул олтурган кызын таштап, башка бирөөгө күйөөгө тийип кетиптир. Абышка-кемпирдин турмушу өтпөй калып: «Өзүбүз да өлбөйлү, кызыбыз да өлбөсүн» – деп кара жандын айласынан небересин бирөөгө сатмакчы болуп, базарга алып бара жатыптыр.

Муну укканда бечара кызды өтө аядым. Кандай татынакай кыз! Бир тууган агасындай жалооруй улам карап коёт. Ай, бактысыздык, кедейчилик! Сен кимди ыйлатпадың, кимди зарлантпадың? Болбогондо буга окшогон ичтен чыккан баласын эмнеге сатсын?

Абышка ордунан туруп, кызын жетелеп, мени менен бирге жөнөдү. Сөлөкөтү гана калган: көздөрү үңүрөйүп, чанагына батып, жаагы шимирилип, эки бетинин сөөктөрү гана оркоюп чыгып турат. Карттын бул аягычтуу түрүн көрүп, боорум ооруду.

Базарга жакындаганыбызда Сабитахун артыбыздан жете келди. Шектүү көзү менен бирде абышкага, бирде абышканын жетелеп бара жаткан кызына үңүлө көзүн салды да, мага кайрылды:

– Эшакланы Нурахуннуң охлосуга койсула!

– Куп, кожоюн…

Сабитахун желдире бастырып алга өтүп Нурахундун үйүнө карай жөнөп кетти.

Уйгурча «охлосу» – короосу деген сөз. Мындан мурда да отун жүктөп келип, мен ал короодо бир нече курдай болгом. Жолу тааныш.

Карыя менен коштошуп, жолдон бурулуп эшектерди Нурахундун короосуна айдап кирип барсам, Сабитахун менен Нурахун экөө сүйлөшүп турушуптур. Нурахун эшектерди айлана басып, отундардын өлчөмүн көрдү, бирдеңке деп Сабитахунга айткандай болду. Эмне айтканы даана угулган жок. Сабитахундун «бомайды, бомайды» деген сөздөрүн гана угуп калдым. Болгондо кожоюн Нурахундун отунга берген баасына макул болбой жатса керек. Нурахун дагы бирдеңке деп колун сунду эле, кожоюн башын ийкеди. Экөө күлүңдөп, кол силкишип, кач-

кындардын бекер эмгектерин соодалашып, бирөө сатты, бирөө алды. Нурахун башын көтөрүп, кимдир бирөөнү чакырды:

– Амет! Амет!

– Кызметиңде мен, кожайын!..

– Бери кел!

Бутунда меникиндей бүйүрмө чокой, үстүндө төшү ачык, узун мата көйнөгү бар, жылаңбаш бир уйгур жигити кайдадыр бир жактан жүгүрүп чыга келди. Анын кебете-кешпиринен эле Нурахундун малайы экени көрүнүп турат.

– Отунны түшүрүп койсула!

– Хоп кожайын!..

Нурахун Сабитахунду ээрчитип үйүнө кирди.

Мен жигитке жардамдашып, отун түшүрүштүм. Сарайдын алдына жыйнай баштадык. Боргулданып тердегениме, чарчаганыма карабастан ары-бери жүгүрүп, отундарды ташып жүрөм. «Менин бул кызматымды Нурахун баалар, бирдеңке берер» – деп үмүттөнүп коём. Өткөн сапарда келгенимде да, отунун түшүрүшүп, жыйышсам Нурахун мага эки токоч берген. Бирөөнү өзүм жеп, бирөөнү үйгө алып баргам. Ак токочту көргөндө, өлгөн атабыз тирилгендей, ошондогу бөбөгүмдүн сүйүнгөнүчү!.. Ошентип эми да бөбөгүмдү сүйүнтсөм, базарлык этип дагы да бирдеңке алып барсам дегендей болсом, эки көзүм төрт. Бирок тилегим таш капты. Нурахун эчтеке берген жок. Менин кызматымды көрсө да көрмөксөн болуп:

– Амет! Амет! – деп тышка чыга кыйкырды.

– Кызметиңдемин, кожайын!

– Сабитахун акамниң эшакларина бир бог чөп берсила!

– Хоп, кожайын.

Сабитахун да үйдөн чыга келди. Шырытып жасаткан кызыл кашкар чепкенин үстүнө желбегейленип жамынып алыптыр. Досу аны жакшылап меймандаган көрүнөт, курсагы да ого бетер дардая түшкөн. «Тойдумбу, жокпу» – дегенсип, оң колунун алаканы менен курсагын сылап коёт.

– Эшакларини тойдуруп үйгө маңсыла! – деди ал мага карап.

«О, үйүң күйгөн Сабитахун! – дедим өз ичимден күңгүрөнүп,– Үйүң күйсүн! «Ач кадырын ток билбейт» болуп, эшектериң менен өзүңдүн курсагың тойсо болду экен да!»

Аметтен бир боо чөп алып, ат акырга чача салдым да, эшектерди ага коё бердим. Кожоюндун соода-сатыгы барбы, базарга чыкты.

«Эшектер чөптөрүн жегенче, мен да базарга барайын. Анда жүргөн элди көрөйүн. Тааныш-мааныш кишилер болуп калбасын...» деп базарга келдим.

Мына базар. Элдин көпчүлүгүнөн башым адашат. Ак шишик басып, ачкасынан басалбай жүргөн качкын кыргыздар. Кайыр сурагандар андан көп. Кийиз, шырдак жууркан-төшөктөрүн жайып коюп, алуучулар болбой айласы кетип, кеберсип, керсары тартып олтургандар. Ошол жердик уйгур, кытайлар гана болбосо, кыргыздардан сатып алуучулар жок. Алар алып эмне кылсын? Көр оокаттын, кара жандын айласынан үймүлктөрүн гана эмес, ичтен чыккан балдарын да сатып олтурушпайбы? Ой, дүнүйө ай десеңчи! Ошондогу башка түшкөн кайгылуу күндөр кайсы кыргыздын оюнан кете коёт дейсиң!

Тигинде, базардын четинде, көтөрүп келген отундарын өткөрө албай көздөрүн акыйтып, зарыгып турган эки эркек, бир аял. Аял этегинин тытылган жерлерин жамоодо. Эркектердин бирөө чарчаганбы, отунуна жамбаштап уктап калыптыр. Беркиси – жаагын таянып терең ойго баткан. Эмне жөнүндө ойлонот дейсиң? Белгилүү да.

Кырка казылган кемегелер, кемегелерде асылган кичине кара казандар, анда карала-торала болуп, от жагып, аш бышырып жаткан адамдар. Бышыргандары эмне? Эти, сабизи жок, зыгырдын майына бышырылган күрүч ботко. Жүгөрү кууруп, шыйрак куйкалап сатып жаткандары да бар.

Курулай суугa бышкан ботконун эмне даамы болсун! Даамынын бар-жогуна ач адам кароочубу? Ач каккындар боткосун да, шыйрагын да, бадырагын да сатып алып, тамшана жыргап жеп жатышат. Ач курсакты эптеп бирдеңке менен толтуруу керек да.

Бир жерге келе бергенимде, эрксизден токтой калдым. Сол колунда мурду жырык кара чөөгүнү, оң колунда бир четин көк менен жамаачылаган жыгач чөйчөгү бар, бели бүкүр, көзү жыртак бир кемпирдин кайыр сурап жүргөнүн көрүп зээним кейиди. Үстүндө кирдеген мата көйнөк, бутунда тери чарык. Арыгынан араң гана илкип басат.

– Кагылайын, ачмын. Мендей карыпка ырайым кыла көр... – деп кемпир аш бышырып жаткан кара мурут жигитке чөйчөгүн сунду.

– Олдо, байкуш ай! – деди ал жигит. – Жалаң гана сен болсоң анда бир жөн. Сага окшогондор миңдеп жүрүшпөйбү. Баарына бере берсем, мен эмне болом? Менин да сага окшогон карыган атам, энем бар. Ошолордун

айынан бирдеңке болобу деп, ботко бышырып сатып олтурам.

– Аның ырас, балам, анан кантейин: багар-көрөрүм жок. – Кемпир кемшеңдеп ыйлап олтура кетти.

– Олдо шордуум ай, шордуу! – деди баягы жигит кейип. – Кел бери, чөйчөгүңдү тос.

Жигит кемпирдин чөйчөгүнө эки кашык ботко салды. Кемпир кат-кат алкыш айтып, ары карай жөнөй бергенде, кимдир бирөөнүн үнү чыкты:

– Балам, боткондун чынысы канча турат?

Жигит баасын айтты.

– Эмесе, бир чыны ботко салчы!

Карай калсам, кызын жетелеп мени менен бирге базарга келген баягы чал.

– Атаке, кызың кайда? – чочугансып кыйкырып жибердим.

Абышка мени жалт карап:

– О, кагылайын, сен да мында белең? – деди.

– Ооба, атаке, кызың кана? Саттыңбы?

Абышканын «саттым» деп айтууга оозу барбай, күңкмыңк этти:

– Бердим, бердим...

– Кимге?

– Уйгурга... Жанакы... Сенин кожоюнуңа жолугуп калып. – Ойлонгонсуп, жер тиктеп бир аз турду да, кайра сөзүн улады. – Алда жакшылык көрбөгүр ай! Ушул козголоңду ким чыгарды экен? Ким болсо да жакшылык көрбөсүн!.. Эми биз эл болуудан калдык ко.

Жанагы жигит карапа чөйчөккө ботко салып, Борбугулга сунду эле, кызынын күйүтү жанын чыдатпай бара жаткан болуу керек, чөйчөктү четке какты:

– Ботко жебей, таш жейин... Коё турчу, балам,– деди ал. – «Олдо садагам ай! Өлгөндөн калган жалгызым ай!» – десе тимеле үшкүрүгү таш жарат. Анан кантсин!.. Дүйнөдө баладан ысык, баладан кымбат эмне бар?

Ошол кезде күтүлбөгөн жерден эл ичинен:

– А, Кудай! Бизге да жакшылык күн болот экен го! – деген үн чыкты.

Баарыбыз да башыбызды өйдө көтөрүп, ал жакты карадык. Аялы төрөгөн адамдай, бети тамылжып, күлүңдөп, жүгүрүп кетип бара жаткан сары сакалчан кишиден:

– Ал эмне?

– Эмне экен? – дешти ботко сатуучулар шашкалактап.

– Сүйүнчү! Сүйүнчү! Бактыбыз бар экен! – деди ал киши токтой калып.

– Болсун! Болсун!

– Эмне экен?

– Ак орус менен кара орус биригип, падышаны тактыдан түшүрүптүр.

– Ботом, бул жалган кеп болбосун? Ак падышаны кантип тактыдан түшүрүштү экен? Кимден уктуң? – деди Борбугул карыя.

– Чын,– деди баягы киши. – Чын экен. Көлдөн келген кишиден уктум. Тигине, ал тиги жакта. Козголоң чыгарган кыргыздарга кечирим болду деди, орустар менен кыргыздар элдешти деди, жакшылык болду деди, көлдүктөр Көлгө көчө баштады деди.

Ысык-Көлдөн келген ошол кишини көрөйүн деп топтошкон элди көздөй жүгүрдүм. Топ-топ болуп, баш ийкешип, сүйлөшүп жаткан качкындар. Алардын кимиси көлдөн келгенин биле албадым. Баарынын тең жүздөрү

жарык, кубанычтуу. Токтой калып тыңшасам, сөздөр жанагы сары сакалчандын айтканындай.

– Болду, болду, чын экен, ал кишини издеп эмне кылайын,– дедим өз ичимен. – Ушунча киши кантип калп айтсын. Андан көрө батыраак үйгө кетип, үйдөгүлөрдү кубантайын...

Эшектериме жүгүрдүм. Эшектер эчак эле чөбүн жеп, акыйып ат акырда турушуптур. Мени көргөндө, «Курсагыбыз тойбой калды» дегенсип, жер-сууну бузуп, бирөө кыйкырып жиберди. «О, кара башыңа көрүнгүр!» дедим да аны таяк менен башка бир салдым. Бирөөнү минип, беркисин алдыма салып айдап дарбазадан чыктым.

Кожоюн менин базарга барганымды да, дарбазадан чыгып кеткенимди да көрбөй калды. Көргөн болсо мени ал тилдээринде шек жок эле.

Үйгө жакындаганда:

– Байкем келатат!

– Байкем!– дешип бөбөгүм Абдыбек да, тиги шордуу жетим Идрис да жүгүрүп алдымдан чыгышты. Эңкейип жерден илип алып бирөөнү алдыма, экинчисин артыма олтургуздум.

– Байке, базардан эмне алып келдиң?

– Токоч алып келдиңби?– дешти экөө бирдей коюн-колтугума колдорун салып.

– Токоч эмес, садагалар, кубаныч алып келдим, кубаныч!

Бардык эси-дарты тамакта болгон шордуу балдар «кубанычтын» эмне экенин жакшы түшүнө алышкан жок. Ал да бир сонун, таттуу тамак деп ойлошсо керек.

– Кана, көрсөтчү, байке?

– Таттуубу? – дешти.

– Таттуу, садагалар, таттуу.

«Кубаныч» деген сөздү Сейилкан апам, жеңем да угушкан экен. Анын эмне экенин билишмекчи болуп жүгүрө басып мага келишкенде, башкалары да келип мени курчап калышты. Базардан уккан жаңкы жаңылыгымды төкпөй-чачпай айтканымда, Сейилкан апам:

– О, Жасаган!– деди башын ийкеп,– зарланган үнүбүз Кудайга угулгандай болду эле, жакшылык көрөт экенбиз го? Өз жерибизге жетип, агын суусунан татып, атыр жыттуу чөбүнөн жыттап өлсөк, анда арманыбыз болбос эле, кагылайындар…

## VIII

Кечке маал Сабитахун базардан кайтты. Бүгүнкү сатып алган кызы жок. Жүгүрүп жетип, атынан түшүрүп:

– Кожоюн, кызыңыз кана?– дедим.

– Канака кыз?

– Эртең мененкичи? Мени менен бирге базарга барган абышкадан сатып алган кызыңызчы?

– О, арамза! Неме кыласың кызни? Өз ишиңни бил.

Сабитахунга кайрылып каяша айтуу кайда? Айла жок, жаагым жап болду. Болгон ишти Сейилкан апама барып айттым эле, ал эмне кыла алат? Ал аны каргап-шилеп тим болду. Көрсө ал ант ургур кызды Нурахунга саткан экен. Мен муну дагы бир ирет базарга барганымда Нурахундун баягы малайы – Аметтен уктум.

Үч-Турпанда көп чыдап тура албай, бир топ күндөн кийин көчүп, жөө-жалаңдап, Ат-Башыны көздөй жөнөдүк.

Козу көчүмдөп жүрүп отуруп бир ай дегенде араң Ат-Башыга жеттик. Ат-Башы эли – качпаган эл. Көпчүлүгү

оокаттуу, байларынын өндөрү майга бышкан боорсоктой майланышып, кызарып турат. Биз болсок, ооруп айыккан кишидей, жаак этибиз качыңкырап, көзүбүз алайып, өңдөрүбүз керсары. Урунган, күткөнүбүз эшек.

Ошол кезде Ат-Башы өрөөнүндөгү төрт болуш элди бүт бийлеген Казы деген манап эле.

«Эшегиңердин да, өзүңөрдүн да ооруңар жугат»,– деп айлына жакын кондурбаган соң айылдан алыс барып кондук.

Казы Чоко деген чоң манаптын уулу. Ал атасынын жолун жолдоп, он алты жашынан тартып атка минип, отуз эки жыл болуш болуп, ак дегенин алкыштап, кара дегенин каргыштап, менменсинген, элди эзген залим киши.

Казынын акмакчылык жайынан Ат-Башылыктардын айткандары эсимде: бир күнү Ат-Башы өрөөнүндө аш болот. Ашта Казы эл ичинен түлкү тебетейчен бир жигитти көрүп, аны жанына чакырып:

– Башыңдагы эмне? Мага берчи,– дейт Казы.

Жигиттин тебетейин колуна алат да, өзүнүкү менен салыштырат.

– Ой, мунуң эмне? Меникине окшош го. Ширеңкеңер барбы? Бергилечи?

Кимдин бирөө бөйпөңдөп, кошомат кылып, ширеңке бере коёт.

Казы ширеңкени чагып, тебетейдин жүндөрүн күйгүзүп, жигиттин башына кайра кийгизет.

– Мына, атаңдын көрү!.. Тебетейиң эми капталы корго күйгөн бачике түлкүгө окшоп калбадыбы. Сага эми ушу жарашат. Сеники да меникине окшосо, анда менин Казы болгонум кайсы? – деген экен.

Казынын Көлбай деген малайы болот. Сөзмөр, карылуу жигит болгондуктан «бирөө менен айтыштырсам да, күрөштүрсөм да колунан келе турган эме көрүнөт...» – деп, Казы аны жактырып, жигит кылып алат. Казынын элге кылган акмакчылыгын көргөндө Көлбай чыдап туралбастан бирдеңке деп ага каршы айтыптыр. Ошондо Казы анын буту-колун байлатып, аябай сабатып, тиштерин чактырат. Үйүнө келгенде Казы төрт катынына мактанып минтиптир:

– Ушинтип өз жигитимден баштап, элдин үшүн алсам болобу? Антпегенде, бүгүн бирөө минтип каяша айтса, эртеңки күнү экинчиси төбөмө чыгаар...

Казынын Нарын шаарында Носов, Бондарев, Жалил Абдрахманов, Нестеров деген жан кыйышпас достору бар. Алар менен Казы тыгыз байланышта.

Носов – шаардык гарнизондун начальниги, офицер. Казы менен көптөн тааныш. Эки ортодо алыш-бериштери да жаман эмес. Падышанын тактан кулашы жөнүндө келген кабарды Носов көпкө чейин солдаттарынан жашырат. Бирок, билине баштаган соң, жаңыдан келген кабар өндөнтүп, солдаттарга өзү жарыялайт да, казармада солдаттар депутаттарынын Советин түзүп, ага өзү председатель болуп шайланат. Демек, шаардык өкмөт иши анын колунда.

Бондарев, бул – байлардын бардык кылык-жоругун билген, Казынын өзүндө писарь болуп иштеп, андан соң шаардык полициялык кызматын өтөгөн киши. 1920-жылы Нарында чыккан контрреволюциячыл көтөрүлүшкө башчылык кылган мына ушул Бондарев.

Нестеровдор – булар, беш бир тууган. Бешөө тең ач бөрүдөй жалаңдаган ырайымсыз эмелер. Бешөө бирдей

элге чыгып, элди коркутуп, муштумдары балкадай башка тийгендиктен «беш балка» аталып кеткен. Казы «беш балкасын» ээрчитип, эл кыдырып келе жатат дегенде ыйлаган бала да сооронгон. Булар да 1920-жылкы Нарындагы контрреволюциячыл көтөрүлүштүн жетекчилери.

Жалил Абдрахманов болсо – улуту татар. Нарын шаарында туулуп, Нарын шаарында өскөн. Сакалын жылма кырдырган, муруттуу, орто бойлуу, толмоч келген жигит.

Жалил өзүн «Манас» деп атаган. «Манас» деп кыргыз элин сүйгөндүктөн атады дейсиңби? Жок!..

– Манас – ногой, ногой элинен чыккан. Мен да ногоймун. Түп адамдын жолун жолдоп, анын ураанын чакырам. Мына мен Манасмын...– деп жар салган. Манастай ал кырк «чоро» да күтүп, аларды ар кайсы кызматка жайлаштырган.

Нарын шаарында ушундай таяныч, колдоочусу бар Казыга ким даап каршы сөз айта алат? «Кой-ай! деген киши жок, убактылуу өкмөттүн тушунда да Казы уулуу тырмагын элге матырып, ого бетер элди эзген. Анысы station аздык кылгансып, Керенский өкмөтү да аны Нарын уездине комиссар кылып шайлаган.

Бир миң тогуз жүз он жетинчи жыл. Май айынын аяк чени.

«Ташкенден жаңы өкмөттүн өкүлдөрү келиптир дейт, Казынын да айылында чоң чогулуш болот дейт, сөз угузат дейт, качкындар да келсин дейт»,– деген кабарды угуп, биз баарыбыз да бардык.

Казынын айылы Чеш-Төбөнүн жанында, кашаттын үстүндө. Анын батыш жагы аянт. Аянтта толгон эл. Эл ичинде көкүрөктөрүнө кызыл лента байланган үч киши

жүрөт. Алардын экөө орус, бирөө – казак. Казагы узун бойлуу, чолок мурун, кара тору жигит эле.

«Тынышпаев деген казак экен. Ташкенден келиптир, үчөө тең өкмөттүн элге чыгарган өкүлдөрү экен...» дешти эл өз ара күбүрөшүп.

Мен ал кезде Тынышпаевдин ким экенин билгеним жок эле. Көрсө ал, мамлекеттик экинчи Думанын мүчөсү, алаш ордочул, кийинчерээк Совет өкмөтүнө каршы күрөш жүргүзгөн кишилерден экен. Беркилери да Түркестан крайындагы Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү – Шкапский, Иванов дегендер эле.

Эл ичинде Көлбай да бар.

«Көлбай бүгүн Казы жөнүндө өкмөттүн өкүлдөрүнө арызданып, чаккан тиштерин да көрсөтөт экен, арыз жаздырып алыптыр...» – деген миш-миш сөздөр таралды.

– Ылайым ошентсин.

– Түрмөгө салдырар күн болор бекен?

– Колунан келет, ал кайраттуу киши,– дешип өз ара күбүрөшкөн кишилер да бар.

Көлбайды мен эл ичинен көрүп калдым: узун бойлуу, чапжаак, кең көкүрөктүү, ээгинде сербейген сакалы бар, бөкчөйө баскан киши эле. Эл айткандай, чынында да ал кайраттуу адам болучу. Кайраты барынан ал тиштерин чактырып жатканда Казыдан тилин тартпаптыр. Ошондо Казы:

– Өлтүрөм, тарт тилиңди! – дегенде,– «өлтүрө албасаң, эр албай кара кийип үйүңдө олтурган энеңди ал!» – деген экен кайран киши жазганбай туруп. Анткени, ошол кезде Чоконун жесир калган токол катыны көп жылдан бери эрсиз үйүндө олтурган болучу.

Элге айланса болот. Эл болбогондо Көлбайды Казы ошондо өлтүрүп да коймокчу экен. Эл арага түшүп, арачалап, Көлбайды куткарып аман алып калат.

Бир кезде:

– Келгиле эми!

– Олтургула мындай,– деген үндөр чыкты.

Топ-топ болуп ар кайсы жерде сүйлөшүп олтурган кишилер, туз сураган койлордой жүгүрө келип, уй мүйүз тартып, олтура кетишти.

Митинг ачылды. Митингде Тынышпаев падышанын түшкөнүн, Россиянын бардык жеринде убактылуу өкмөт курулганын, ал өкмөт «элдик» өкмөт, «жакшы» өкмөт экенин, аны сактап калуу үчүн согушту уланта берүүнүн зарылдыгын көпкө чейин сүйлөп келип:

– Ошентип, падышадан кутулдук. Эми залымдык жок. Байыбыз да, жардыбыз да бирдей, ынтымакта жашайбыз...– деп сөзүн бүтүргөндө Казы ордунан тура калды:

– Жашасын жаңы өкмөтүбүз! Менин көптөн бери тилегеним ушул эле. Тилегенимди Кудай берди. Эми кедейибиз да, байыбыз да бирдей болот экенбиз. Жаңы заман, теңдик заман деген ушул.

Казы жагалдана Көлбайга жакын басып келип:

– Көлбай, сен мурда менин кедейим, жигитим элең, эми теңим, досум болдуң. Өткөн-кеткен болсо, кечир...– деди да ал үстүндөгү чепкенин чечип Көлбайдын үстүнө жапты.

Күтүлбөгөн мындай окуяга эл ишенээрин, ишенбесин биле албай, аң-таң болушту.

Көрсө, митаам Казы Көлбайдын арызданарын билген экен да, аны ооз басырык кылайын деп жойпуланып,

алдын ала ушул ишти иштептир. Анткордун анысын ак көңүл карыялар кайдан билсин?

«Алдыңа келсе атаңдын куну болсо да кеч» деген, балам. Казыны эми кечирип кой...»,– дешип, аксакалдар Көлбайды бас-бас кылып коюшту.

Митингден соң Тынышпаевдер Казыны өздөрү менен бирге Нарынга ала кетишти. Эртесинде эле «Казыны Нарын уездине комиссар кылып шайлаптыр...» – деген кабар угуп калдык. «А, кокуй, бул өкмөтүң дале падышанын өкмөтүнөн артыкчылыгы жок экен го! Аны эмнеге шайлады экен? Элди кайра эзсин, жесин деген го...» – дешти калың кара букара кайра кыжырданып.

Коёндой окшош үч кара ат чеккен кооз фаэтонго түшүп, комиссар – Казы да келип калды. Алдында да, артында да кылыч байланып, чапкылап жүрүшкөн нөкөрлөрү бар. Көзүндө алакандай көз айнек. Бөйрөгүн таянып, оолжуп, ак фаэтондо бара жатат. Көзүмө жер-жердигинен гана аны араң көтөрүп бара жаткан сыяктанды.

Казынын комиссар болгонун укканда:

– Аттиң! – деген экен Көлбай өкүнүп. – Мен бул көркоого алдаткан экенмин. Эми бул мени соо койбойт.

Көлбай билген экен. Казы аны куугунтуктап, акыры майып кыла турган болгондо, ал Кочкор элине кире качып кутулду.

Ат-Башыда эки айча туруп калдык. Бирок «качкын» атыбыз өчкөн жок. Кантип өчөт? Үстүбүздөн жыртык чапан, бутубуздан тери чарык түшө элек.

Баарыдан да эшектерибиз айкырганда байлар:

– Кокуй, качкындардын эшектери го: малга жолотпой ар жакка айдагыла...– дешип, аттана чабышып, эшекте-

рибизди карсылдатып токмоктоп кууп калышат. Анысы аз келгенсип, малы жоголсо, өлсө да бизден көрө турган болушту.

– Айылымдын көркү бузула турган болду. Эшектерин жоготсун, жоготпойт экен, анда өздөрү жоголсун...– деп Казы жигиттерин жиберип, тынчыбызды алды.

Эптеп аяк улоо кылып турган унааларыбызды жоготуп, жөө жалаңдап кайда, кимге барабыз?

– Кетелик, кетпесек бизге Казы тынчтык бере койбос...– дешти карыялар.

* * *

Биз да бирге көчмөкчү болдук. Колубузда баякы тынччылыкта мен минип жүргөн чабдар кунан. Ал азыр быштыы, көк эшегибиз да бар. Экөө менен эки үй-бүлө алыс көчүп кете албасы белгилүү го. Жаш балдар да бар. Кичине бир аз ирденип, анан Чүйгө көчсөк деген ойго да келдик. Бирок Сейилкан апам: «Бөлүнгөндү бөрү жейт» деген.

Ач бел, куу жолдо жолдош болгон өз айылыбыздан бөлүнүп, мында калганда биз жыргамак белек? Алар эмне болсо биз да ошобуз. Көчөлүк Чүйгө. Биз барганча анда бышыкчылык болуп алма, өрүк, коон, дарбыздар бышып калат» деп анда калуубузга такыр макул болгону жок.

Жер-жемишти жемек кана түгүл, аны көрүүгө зар болгон бөбөктөрүм – Абдыбек менен Идрис андай кубанычтуу кабарды угушканда:

– Апаке, ошентели...

– Көчөлү ошол жакка,– дешип, күлүңдөшүп апамды алмак-салмак кучакташты.

– Көчөбүз, садагалар, көчөбүз,– деп апам алардын беттеринен өөп, Жээнбай абама бурула карады. – Уулум, бул турган балдарымдын улуусу да, акыл табаары да сенсиң. Кандай кылсак болот? Көчөлүкпү?

– Макул, энеке, көчөлү.

– Көчкөндө, жолдук тамак-ашыбыз жок кантээр экенбиз?

Көк эшегибизди сатып, акчасына тамак-аш алалы.

– Жок, антиш болбойт. Кедей болсок да эки үй-бүлөбүз го. «Ишиң оңолгончо итиңе кош арт» деген кеп бар. Атка кошуп аны аяк улоо кыла туралы.

– Анан кантебиз?

Сейилкан апам ойлонгонсуп бир аз турду да, мени карады:

– Садагаң, акыл-эсиң бар, ойлончу. Бир жылча сен мында калып, бирөөдө иштесең кандай болор экен? Акыңа биз бирдеңке алып, эптеп Чүйгө жетели. Жакшылык болсо, жайланышып, кабар кыларбыз. Ошондо келерсиң.

– Макул, энеке, макул,– дедим мен да.

Мындан башка бизде эч айла калган жок эле.

Токсон деген байдын малын мен багышмакчы болдум. Ал акыма жарым бутча ун берди. Көк эшек менен атка жүктөрүн артып, тиги эки бөбөгүмдү аларга мингизип, Сейилкан апам, жеңем, агаларым болуп жөнөй беришкенде, «мындан ары аларды көрөмбү, көрбөйүмбү» деп, ичим өзүнөн-өзү тызылдайт. Сейилкан апам мени менен кол кармашып коштошкондо жеңем Бүбүш чыдап туралбастан ыйлап жиберди.

– Ыйлаба, келин балам, ыйлаба,– деди Сейилкан апам ага. – Алтын жанын бир Кудайга аманат тапшыралы. Эсен болсок, көрүшөбүз.

Бирок анткени менен ал өзү да кайрат кыла алган жок, эки көзүнөн эки тоголок жаш ыргып этегине түштү.

Карааны үзүлгөнчө артынан карап турдум. Бөтөн эл, бөтөн жерде жалгыз калып жатканыма ичим ачышып, жетимсиреп, менин да көзүм жашылданды.

## IX

Токсон деген байдын топоздорун кайтарам. Топоздору көп. Музоолорун кулунга окшотуп желеге байлап, энелерин күнү бою саашат. Кечке жакын музоолорун агытаар замат алар тоого карай качышканда алардын алдын тосуу, кайтаруу менен алекмин.

Июнь айынын орто ченинде бай Аксай жайлоосуна көчүп барып конду. Жылкычыларына кошулуп түндө жылкы кайтарышсам, күндүзү топозун көзөмөлдөйм. Ошентип жаным жай таппайт. «Кой, эми минтип бул жерде жүрө бербейин, Чүйгө – туугандарыма кетейин» дейм кээде өз ичимден күйкөлөктөп.

Август айынын аяк ченинде бай жайлоодон кайра жерине – Чеш-Төбөгө көчүп келди. «Эми байдан баякыны сурайын» дедим. «Баякы» дегеним бул: Жакында бул элде «Курман айты» болуп өткөн. Ошондо бай бала-бакырамдын «битири» деп мага үч сом акча берген. Бирок экинчи күнү эле анысын ал: «Кереги тийип калды, бере тур» деп кайтарып алып, ошол бойдон мага берген эмес.

Үркүндөн бери өзүм менен бирге алып келе жаткан жаман ак таар куржунума көр-жеримди салып, ийниме көтөрүп, байга кирдим:

– Мен эми кетейин элиме.

Бай башына жаздык коюп жамбаштап жаткан экен, селт эте башын көтөрдү:

– И, эмне болду?

– Эчтеке болгону жок, туугандарымды сагындым.

– Мейлиң анда, өзүң бил.

Акча жөнүндө кантип ага айтаарымды биле албастан айбыгып ооз учумдан күңк-мыңк эттим:

– Жолдук тыйын-тыпырым жок, баякыны берсеңиз дейм.

– Эмне эле ал? Эсимде жок.

– «Битирим» деп берип кайра алган акчаңызды айтам.

– Жок ал, жанымда.

Айла канча! Дарттикем ойноп акчасын уттурган адамдай кабагым чытылып, кайрадан тышка чыктым. Үстүмдө жазгы койдун жүнүндөй самсаалаган эски, жыртык кызыл чепкеним, бутумда чарык. Ат-Башынын суусунан өткөрүп коё турган адам жолугаар бекен деп элеңселең этип, эки жагыма көз чаптырып жүрүп олтуруп суугa жеттим. Эмне кылган менен күз мезгили эмеспи, суу мурдагыдай эмес: тартылып калыптыр. Ошондо да жөө кечсе адамды агызчудай. Кечүүдөн корктум да, ары-бери өткөн-кеткен киши-миши жолугуп калар бекен деп жалдырап жар боюнда турам. Убакыт болсо өтүп бара жатат. Күн да эңкейиштеп калды. «Балекет болуп базарга жете албай, же кайра кете албай ушул жерде, суу боюнда кономбу» деп өзүмдөн өзүм кыйпычыктайм. Ошентип оюм онго, санаам санга бөлүнүп турганда ишим оңдой берди болуп, базар жактан сакалчан адам суу кечип мен жакка чыга келди.

– Атаке,– дедим мен ага,– атаке, мени тиги өйүзгө өткөрүп коёр бекенсиз. Өтө албай турам.

Абышка менин үстүмдөгү самсаалаган кийим-кечеме, бутумдагы чарыгыма чейин карап алды да:

– Балам, сен кайдан келе жатасың? – деди.

Кайдан келе жатканымды, ким экенимди, Чүйгө кетип бара жатканымды айтканымда, ал:

– О, кагылайын балам, качкындардан экенсиң го? Макул, өткөрүп коёюн,– деди мени аяп.

Абышка мени суудан кечирип коёр менен эртерээк жетейин деп Ат-Башыны көздөй жүгүрдүм. Уламдан-улам демимди алып, энтигип, көл-шал тердеп жетип келсем, базар тарабаптыр. Базарын аралап, Токмокко бара турган арабакечтер табылар бекен деп сураштырсам табылган жок. Караван-сарайларын кыдырсам аттарына жемчөп салган, аны-мунусун тейлештирген арабакечтер көп. Дунганы, өзбеги, уйгуру болуп Токмоктон келгендери да бар экен. Үстүндө шөлбүрөгөн чапаны, эски шайы жоолук менен белин шалкы курчанган, чокчо сакал, топучаны өзбек экенин билдим да, жанына басып бардым:

– Аке, кайдан келдиңиздер?

– Токмоктон.

– Мени ала кетесиздерби?

Үстүмдөгү кийим-кечеме көз жүгүртүп, мындан мага эмне өнмөк эле дегенсип, ал:

– Пулуң барбы? – деди.

– Бар, аке, бар.

Жакында болуп өткөн курман айтында Токсок бай мага «битирим» деп үч сом акча бергенде, башкалары да кокон тыйындап «битирлерин» беришкен. Мени учурар канатым да, кубат берер, тойгузар аш-тамагым да ошол кокон тыйындар. Сары майдай сактап, бапестеп,

түйүнчөктөп, чөнтөгүмдө катып жүргөм, ошол тыйындарымды көрсөткөнүмдө, арабакеч:

– Болуптур, үкем, болуптур, барганда төлөйсүң,– деди.

Күн кечтеди. Түн кирди. Бара турган жерим, коно турган үйүм жок болсо мен кайда барам? Арабакечтердин айланасында байманчактап ары-бери басам. Бир кезде алар чай кайнатып, сарайдын кичине бөлмөсүнө жыйналып, тамактана баштады. Аларды көргөнүмдө: «Атаа, мен да чай ичсем!» деп тамактан көзүм өтүп, улутунуп-умсунуп коём. Ачык турган эшик алдынан ары-бери өтүп, жал-жал караганымды көрүшкөн алар:

– Эй, бала, кел мында, чай ич! – дешти.

Баятан берки тилегим ошол эле го: сүйүнгөнүмдөн күлүңдөй барып жандарына олтура кеттим. Токмоктон ала чыгышкан нандары бар экен, катып сухарь болуп калыптыр. Анысына караганым жок. «Алың, балам, нан жең!» дешкенде, колума тийгенин алып, кант кемиргенсип кемирип жей баштаганымда арабакечтер күлүштү:

– Балам, андай кылмаң, чайга малың, жибитип жең.

Алардын айтканындай кылып нанды жеп, курсагымды тойгузуп, тамдын бир бурчуна бүрүшүп жата кеттим. Астыман сыз, үстүмөн суук өтүп, уктай албай көптө барып уктаган экем, бир кезде ойгонуп көзүмдү ачсам, таң атып калыптыр. Арабакечтер бака-шака түшүп арабаларын кошуп жатышат. Ошол кезде кайдадыр бир жактан катын-балдары, абышка-кемпирлери болуп жүктөрүн көтөрүп бир топ үй-бүлө келип калышты. Көрсө алар да качкындар экен, кирегe түшүп, булар менен бирге Чүйгө кетүүгө макулдашыптыр. Аларды башкарып, арабаларга бөлүштүрүп олтургузуп жүргөн араларында кер мурут жаш жигит жүрөт. Жашы он беш, он алты чамасында бир

кызды ал эки кемпирге кошуп бир арабага олтургузганда арабакечтер мени да ошого олтургузушту.

Мына эми узун жолдо кетип бара жатабыз. Кемпирлер кезектешип, баш ийкешип аңгемеге киришкенде, кыз да менин ким экенимди билгиси, сүйлөшкүсү келип мага бурула карады:

– Сен кайсы элден болосуң? Кайда бара жатасың?

Бара жаткан жагымды айтканымда, ал:

– О-о! – деп койду башын ийкеп. – Анда сен да биздин элден турбайсыңбы?

Ошентип сөздөн сөз чыгып, өз кызыгыбыз өзүбүздө болуп, сүйлөшүп олтуруп бири-бирибиз менен тааныштык. Кеминдик экен. Ысмы Зулайка экен. Үч-Турпанда көр оокаттын камы үчүн качкындар буга окшогон бойго жеткен сулуу кыздарын гана эмес, мындан да жаш, наристе кыздарын боздотуп туруп жергиликтүү элге сатышканын өз көзүм менен көрбөдүм беле. Эми мунун антип сатылбастан кайрадан өз жерине аман-эсен кетип бара жатканына таң калып, себебин сураштырсам, жаңкы кер мурут жигит – ушул кыздын бир тууган агасы – Акмат деген экен. Турпанда уйгурлардын байлары биринен сала бири келип, калыңдыгына бир кыйла мал, акча бермекчи болуп сураса да: «Ата-энем өлүп, колумда жалгыз ушул карындашым калды. Боздотуп муну мен мында силерге калтыра албайм» деп агасы аны өзү менен бирге алып кетип бара жатыптыр. Аны укканда:

– Азамат экен агаңыз, азамат! – дедим кызга...

Арага бир конуп Кочкор кыштагына келдик. Кыштакты үркүндөн мурда да көргөнүм бар эле. Ошол өрөөндө жашаган төрт болуш элдин соода-сатыгын өтөй турган кичине бир шаарча болчу. Тунуке, камыш менен үстүн

жапкан кичине кооз үйлөрү, толгон дүкөндөрү боло турган. Эми андай эмес. Тыптыйпыл. Үйлөрү өрттөнгөн. Дүкөндөрү бузулган. Өрткө чалдыгып, кара көө басып, ураган тамдар. Жарым-жартылай күйүк көмүрдөнүп, серейип турган устун, жыгачтар. Базарында кымкуут болгон эл да, сатылган мал да мурдагыдай эмес, өтө аз. Кайтып келген качкындардын көпчүлүгү малсыз. Дени сактары кыштактын байларына жалданып, жумуш кылып күн өткөрсө, жумушка жарай албагандары – үйдөн үй кыдырып, кайыр суроодо.

Арабакечтер Кочкор кыштагына бир күн өргүмөкчү болушуп, караван-сарайга токтошкондо, тааныш-мааныш кишилер табылып калаар бекен деп базарына бардым. Күңгөйдөн эгин-тегин тартып келишкенби, базарында эки-үч араба турат. Куржун-кечесин көтөргөн бирин-серин качкындар алардан аздыр-көптүр эгин сатып алып жатышат. Бир четте маарап кой-эчкисин кармап тургандары да бар. Аларга көз чаптырып кетип бара жатсам, кимдир бирөө атымдан айтып мени чакырып калды. Карай салсам, Кочкор өрөөнүндө жашаган, биздин кыйыр тууганыбыз Ысырайыл экен.

– Абаке,– дедим мен аны көргөндө кубанып. – Турпандан качан келдиңер эле?

– Көп болду? Өзүң кайдан жүрөсүң?

– Ат-Башыдан.

– Баса, сенин анда калганыңды айтышты эле агаларың.

– Көрдүңүзбү аларды? Чүйгө кетишпеди беле?

– Жок, мында Көк-Мойнокто.

Агаларымды качан көргөнүн, Чүйгө эмнеге кетишпегенин сурасам, иш мындайча болуптур. Үркүндөн мурда көп жыл бою биз менен айылдаш жашаган Жумабай де-

ген неме бар эле. Агаларым Кочкор кыштагына келишкенде ал да үй-бүлөсү менен ошондо экен.

«Мында жакын жерде өзүбүздүн ата-конушубуз турса, Чүйгө барып эмне кыласыңар? Өлсөк да, тирилсек да мындан ары бирге бололу» деп агаларымды азгырып, ал өзү менен бирге Көк-Мойнокко көчүрүп кетиптир.

Арабакечке кире акысын төлөп, кыз менен коштошуп, агаларымдын үстүнө бармакчы болдум да, Кочкордо калдым.

## X

Кочкор суусунан эптеп кечип өтүп, аркы өйүзгө чыгып, тоо этектеп кетип бара жатам. Мурдагыдай суктандырган айыл да, көздүн жоосун алып жайылып жаткан мал да жок. Жол боюндагы чөп дегениң тим эле тизеден. Суу бойлоп өскөн чычырканак, бадалдуу токойдон биринен сала бири кайымдаша чакырышкан кыргоолдордун үндөрү угулат. Таштан-ташка секирип, балапандарын ээрчитип, койкоңдоп жүргөн кекиликтер карыш жерде бир. Аларды тооруп, көкөлөп көк жүзүндө каалгып айланып учкан эки бүркүттүн анда-санда шаңшыганы угулат. Ийнимде баякы жаман куржунум бар.

Салып уруп жүрүп олтуруп Орто-Токойго келип жеттим. Кыштоолору аңгырап бош. Айланасына чычырканак калаган кандайдыр бир короону жандап басып өтө бергенимде, анын ичинен жүлүндөй көк түтүн уюлгуп көккө көтөрүлгөнүн көрүп калдым. «Эмне деген түтүн? Бирөө анда от жагып жатабы? « деп жакындай басып карасам, ичинде бир алачык, алачыктын алдында таш тулга. Ага бирдеңке асып, от жагышканбы, бырыксып түтүнү

уюлгуйт. Андан ары бир бурчка байланган көк эшек да көзүмө урунду.

Качкындар экенин билдим да, короого кирдим. Алачыктын эшиги ачык экен. Ал жактан кобур-собур сүйлөшкөн сөздөр угулат, баш багып карасам, кемпир менен чал. Жандарында төшөктө онтоп дагы бирөө жатат. Эки жаагы шимирилип, өнү кубарып, көзү алайып, кур гана сөлөкөтү калган. Анын ким экенин адегенде тааный алганым жок эле, ал мени таанып:

– Жан курбум, аман-эсен жүрөсүңбү – дегенде гана мен анын эски досум баякы Барыктабас деген бала экенин таанып, колумду сундум. Ал да мага колун берди. Колдорунун эти качып, ачакейленип, кур гана сөөгү бар. Башын көтөрө албайт.

– Ким десек, кагылайын, сен белең? – дешип жаңкы мен көргөн абышка, кемпир тура келип бетимден өбүштү. Бурула карасам, досумдун ата-энеси – Атабек карыя менен Айкүмүш экен. Алар менен кол кармашып, көрүшүп, кандайча алардын мында келишкенин сураштырсам, Кытайдан келе жатышыптыр. Барыктабас катуу ооруп, мурдунан кан агып, жөө жүрө албаган соң: «Балабыз жакшы болсун, артыңардан барабыз» дешип, мында калышкан экен.

Ал-жай сурашып сүйлөшүп, бир аз олтуруп кетмекчи болуп, ордумдан турганымда, оорулуу досум:

– Жан курбум, бир аз токточу,– деди алсыз үнүн чыгарып,– кичинебизден бирге өсүп, бирге ойноп чоңойдук эле. Турпанда жүргөндө жаркыраган жазды, жакшы турмушту көрсөк деп эңсегенибиз эсиңде чыгар, курбум. Көрүп турасың го, эңсеген ушул тилекке мен жете ала турган түрүм жок. Кантейин, арманым көп. – Мурдунан

аккан каны тамагына тыгылып, какап-чакап, эсин жыйып, кайрадан сөзүн улады. – Бар, досум, бар, жолуң ачылсын! Жаңкы айткан жыргалдуу жаңы, жакшы турмушка мен жетпесем да сен жете көр!..

Андан башка сөз айта албастан үнү буулуга түштү.

Элсиз жерде, өлүм алдында жаткан досумду аяп, муңая карап, аны менен, ата-энеси менен да коштошуп, тышка чыгып, алга карай бастым. Бирдеңкемди унутум калтыргансып, кылчактап арт жагымды уламдан-улам карап коём. Антпегенде кантем? Ойноп-күлүп бирге өскөн жан жолдошум эле го ал.

Ооба, Кытай жерине чогуу барганбыз. Биз, бир тобубуз болуп, Үч-Турпанда калганыбызда, ал ата-энеси менен башкаларына кошулуп, Ак-Суу жагына кетишкен. Ошондо досум экөөбүз: «Элибиз кайрадан эл болоор бекен? Биз да мурункудай ойноп-күлүп, жыргал-таалай көрөр бекенбиз?» деп кол кармашып коштошконбуз. Досум бая ошону айтып жатпайбы? «Россияда падыша тактан кулаптыр. Жаңы өкмөт курулуптур. Качкындарга кечирим болуптур...» деген кабарды угуп, жакшылык болот экен деп, жыргайт-куунайт экенбиз деп, элге кошулуп, жерибизге келе жатканыбызда сен минтип ырайымсыз ооруга чалдыгыпсың. «Асылган оору албай койбойт» деп, ким билет досум, кандай заман болорун? Айла жок, кантебиз? Кош, досум, кош!» – дедим. Кылчая ал жакты карап бир аз турдум да, кайрадан алга жөнөдүм.

Суу бойлоп жүрүп олтуруп Ачыкташка, андан Шорбулуңга келсем, мурдагыдай бул чөйрөдө котологон мал да, чачырай конгон айыл да жок. Анткен менен айлана көзүмө алда кандай жакын, жакшы көрүнөт.

– «Аттиң! – дейм оңду-солду көз чаптырып.

Карачы, жердин ээн калганын... Кайрадан мында мурдагыдай элибиз да, малыбыз да болор бекен? Андай күндөр болсо арманыбыз болбос эле».

## XI

Туугандарымды издеп таптым. Мурдагы өзүбүздүн кыштообузда, суу боюнда экен. Эмнегедир алар ал жерден оолактап, жогорулап, жылга-жыбыттардын бирине көчмөкчү болуп жатышыптыр.

Аларды азгырып көчүрүп келген Жумабай да мында экен. Менин агам Молдалы менен курбулаш анын да Ниязалы деген уулу бар эле. Капкан салабыз, тузак тартабыз деп алар кайдадыр бир жакка кетишиптир. Калгандары менен көрүштүм. Көптөн бери көрүшпөй сагынышкан бөбөктөрүм Абдыбек менен Идрис «байкелеп» мойнумдан кучакташып:

– Байке, эмне алып келдиң?

– Токочуң барбы? – дешип, куржунумду кармалай кетишти.

Аттиң десеңчи! Жей турган бирдеңкем болсо ошондо мен аларды сүйүнтүп колдоруна карматпайт белем? Эски көйнөк-көчөмдөн башка эчтекем жок. «Атаганат! Нанпан таап келип жедирсем, ээ!» деп коём өз ичимден.

Кантип, кандайча мында келгенимди аларга айтып келип, ал-абал, турмуш жайын сурасам:

– А, кагылайын,– деп койду Сейилкан апам наалып, эки жагын каранып, үшкүрүнүп. – Эмнесин сурайсың анын? Эптеп эле өлбөс оокат күнүн көрүп жатабыз.

«Өлбөс оокаттын» жайын билдим. Аттарынын куйруктарын тоноп тузак жасап, кылтак тартып кекилик,

чил кармашат экен. Бош калган короо-тамдардан эски капкандар таап, капкан салып, коён, түлкү кармашкан күндөрү да болуптур. Жээнбай абамды ээрчитип аң уулоого чыгып, мергенчилик кылган Жумабай экенин да айтышты.

Ооба, Жумабай мергенчи болучу. Үркүндөн мурда бараң мылтыгын асынып, тоо-тоону кыдырып, кийик уулаганын мен жакшы билем. Баягыда, Көк-Мойнокто козголоңчулар алты араба мылтык талап алышканда, бул да ок дарысы менен бир мылтык алып калыптыр. Эл үркүндө ок дарысын мында бир жерге катып, мылтыгын өзү менен бирге ала барып, кайра ала келиптир. Эми ал Жээнбай абамды ээрчитип, аңчылык кылып жүрүптүр.

Албетте, аңчылык кылган адам күн сайын олжо менен кайтпайт да. Казандары оттон түшүп, ач жатып калышкан күндөрү да көп болуптур.

Аны укканда:

– Апа! – дедим Сейилканга. – Анда ал-абалыңар өтө кыйын турбайбы. Минтип бул жерде кыйналбай Чүй өрөөнүнө көчсөңөр боло.

– А, алдыңа кетейин! – деп койду ал үшкүрүнүп. – Азыр ал жакка кантип көчсөк болот? Кыш-күрөө да минтип түшүп келе жатат. Жагар отунубуз, жатар үйүбүз жок, анда барганда кантип жашайбыз? Көрүп турасың, бул жактын отун-суусу көп. Быйылча эптеп кыштайлы мында. Жаз келсин, анан…

Булардан башка бул чөйрөдө ким бар, ким жогун сураштырсам, Көк-Мойнокто Ырсаалынын инилери Көкүм менен Чөкү, эски бекетте болсо сарайчы орустар, казармада солдаттар бар экенин айтышты. Кочкор суусунун

аркы өйүзү – Ак-Өлөңдү бүт Ырсаалы деген неме өзү ээлеп жатканын укканымда:

– Абаке,– дедим Жээнбай абама,– кайсы Ырсаалыны айтып жатасыңар? Баякы эски бекетте жашаган Ырсаалыбы же башкабы?

– Ооба, ошол.

– Алар качан келишиптир?

– Качышпаптыр.

– И, кандайча?

Абамдын андан аркы сөзүнөн улам билдим. Ырсаалы үй-бүлөсү, агайын-туугандары менен качпай калат. Алар сырттагы «Үзөңгү кууш» деп аталган эки тоонун ортосуна жашынып, кыштан чыгышат. «Козголоң чыгарышкан кыргыздарга кечирим болуптур...» деп кабар угулганда көрүнөөгө чыга келишет. Ырсаалынын уландары Мыркымбай менен Жулкумбай орусча тил билишчү. Байсоорундун кулактары менен байланышып, өздөрү менен бирге ээрчитип, ой-тоону кыдырып, кыргыздардын качкындарын да, качпаганын да коркутуп, малдарын тартып алып, аябай байышыптыр. Ошол кезде анын беш жүзгө жакын кою, жылкысы, ую болуп, жүзгө жакын бодо малы бар экен. Ошентип ал өз алдынча бий, өз алдынча хан болуп, шаан-шөкөттөп жашап жаткан кези экен.

– Андай болсо,– дедим мен ага,– минтип тоо-таштын арасында жүргөндөн көрө анын жанына барып эмнеге конбойсуңар? Эмне кылган менен өзүбүздүн эл эмеспи, бизди куубас ал.

– Жүзү курусун анын! деди Жээнбай абам ызырынып. – Биз да ошол ой менен айылына барсак, айылына жакын кондурмак турсун, кайра бизди кууду. Айтышып, урушуп да калдык.

Ооба, ошентиптир. Ырсаалы: «Мага жаман сөзү тийди» деп абамды ошондо кишилерине урдуруп да коюптур. «Бул жерге малымды жаям, тиги жерге батегимди жаям» кылып, «көчкүлө, суу боюнан, ал жерге мен кышта малымды кыштатам. Антпейт экенсиңер, анда мен силерди «ууру-кесип» деп, эски бекеттен солдат алып келип карматтырам, айдаттырам» деп да коркутуптур. «Чын эле ал бизди ошентет экен» дешип агаларым Жумабай болуп тоо этектеп, жылга оозуна барып конмокчу болуп жатышыптыр.

Экинчи күнү ал жерге көчүп барып конушту. «Эми эмне кылышым керек? Минтип мында бекер жата бербей, мен да аракет кылайын. Жардамдашайын буларга. Тамак-аш таап келейин» дедим бир күнү өз алдымча ойлонуп. Көк-Мойнокто, эски бекетте кимдер барын, кимдер жогун агаларымдан укпадымбы? Ошол жакка бармакчы, бир жерде иштемекчи, тамак-аш таап келмекчи болуп, куржунумду ийниме көтөрүп жөнөмөкчү болгонумда:

– Кагылайын, балам,– деди Сейилкан апам,– «жаман айтпай жакшы жок» деген. Сак болуп жүр, садагаң. Ашык сүйлөп, ар кандай балекетти башыңа үйө бербе. Бирөө болбосо бирөө агаларыңдын кайда экенин сурап калса «билбеймин» деп айтарсың. Ошент, балам, ошент!

– Макул, апаке, ошентем,– дедим мен да.

## XII

Көк-Мойноктун аркы өйүзүн, берки өйүзүн бүт ээлеген Ырсаалынын инилери Көкүм менен Чөкү экен. Алар да тиги агасындай, өрдөк жокто чулдук бий болуп, эл

жокто ошол өрөөндү бүт ээлеп, салтанаттап жашап жатышыптыр. Аларды караан кылып айланасында жашаган бирин-серин качкындар да бар. Көкүмү мени таанып:

– И балам, сен кайдан? Эмне кылып жүрөсүң сен мында? – деп койду олурая карап.

– Ат-Башыдан келе жатам.

– Ошондой де! Анда сен бул жакка эмнеге келдиң? Болгондо агаларыңды издеп жүргөнсүң го?

– Издеп эмне кылам? Жумуш издеп жүрөм, табылса иштейин деп.

– Эмненин жумушу? Сага окшогон качкындар мында да толуп жүрөт.

Эски бекетте сарайчы, кандайдыр бир орус адамы качкындарга жумуш кылдырып жүргөнүн уктум да, экинчи күнү ага бардым. Жагжайган сакалы, тикчейген муруту бар, чап жаак, узун бойлуу Антон деген экен. Жумуш издеп жүргөнүмдү айтканымда, бутумдагы чарыгымдан тартып, башымдагы жаман тебетейиме чейин карап алып:

– Тапшырган жумушумду аткара аласыңбы? – деди.

– Аткарам, кожоюн, аткарам. Кандай жумуш болсо да...

– Кара муну! – деп койду ал күлүп. Зайыбына бурула карады.– Өлө албай жүрүп көрдүңбү мунун айтканын?

Ордунан турду:

– Жүр, эмесе, жумуш берип көрөйүн мен сага.

Мени ээрчитип, короонун бурчуна алып келди. Анда дөбө болуп үйүлүп жаткан бир топ устун, тактай жыгачтар бар экен. Таарыган, жарылбагандары да жыйналып бир четте жатат. Колума кол араа карматты:

– Ушуларды таарыйсың,– деди анын түбүндө жаткан балтаны көрсөтүп,– тиги балта менен жарасың. Макулбу? Ошентесиң!

Кыйратчудай ага башымды ийкедим да, кол арааны колума алдым. Оңой эле таарылат деп ойлодум эле, андай болбоду: колум талып, таарый албай кыйналдым. «Колуңдан келбейт экен, кет эми» – деп кууп жибербесин деп жанталашып жатып таарыгандарымды, балталап жаргандарымды бир четке жыйнадым. Айтор, жаным тынган жок. Иши кылып кожоюн иштеген ишимден өөн таппаса, куубаса экен деген тилек менде.

Кыял деген чиркин кыйын тура! Эки колум жумушта болсо, оюм учуп алда-кайда жүрөт. Бир кесим нан көздөрүнөн учкан бөбөктөрүм, аларды эптеп багып жатышкан агаларым, апам, жеңем баары да көз алдымда. Алардын тагдыры, күн көрүү, өмүр сүрүү жөнүндө ойлоном. «Аттиң! – деп коём отундарды жарып жатып. – Аман-эсен алар кыштан чыгып, Чүйгө барышса экен. Ал жакта орус кыштактары көп эмеспи. Бирөөнөн болбосо бирөөнөн жумуш-мумуш табылып калгысы бардыр. Иштесек, курсагыбыз тоёр, ирденип да кетербиз. Мектебине кирип өзүм да окуп, бөбөктөрүмдү да окутсам, кандай жакшы болор эле».

Ушундай кыялга чөмүлүп жатып кожоюнумдун жанына келип, эки колун эки бөйрөгүнө алып, арка жагымдан мени карап турганын сезбептирмин.

– О-о! – деп койду ал күлүңдөп, далыман кагып. – Колуңдан жумуш келет тура. Жарайсың. Эми тиги,– ат акырда байланып турган аттарын көрсөтүп,– бирөөнү минип, калгандарын айдап барып сугарып кел.

– Жакшы болот, кожоюн.

Дароо анын айткандарын иштедим. Аттарын сугарып келип, кайрадан ат акырга байлап, чөп салып, жал куйругун тарай кеттим.

Ошентип мен анда туруп калдым. Жумушу болсо чачтан көп. Сарайынан жүргүнчүлөр такыр үзүлбөйт: бирөө келип түшүп жатса, экинчиси кайрадан кетип жатат. Аларга деп кожоюн мага суу ташытат, самоор койдуртат. Тамак бышырабыз дешсе, жаңкы мен жарган отундардан кожоюн мага көтөртүп келип аларга саттыра кетет. Отунду эмнеге мага анчалык көп жардырат десем, аларга сатуу үчүн жардырган экен.

«Кой эми, кетейин, үй жакка барайын,– дедим мен бир күнү. – Мени качан келет, эмне болду ага деп сарсаанаада жатышкан чыгар туугандарым...»

Кожоюндун үйүнө кирип барсам, аялы экөө чай ичип олтурушуптур. Стол үстүндө толгон тамак-аш. Жаңы гана бышырып мештен чыгарган көрүнөт, катар тизилген булка нандардын жыты буруксуп мурдума келгенде, андан жегим келип, шилекейим чубурат.

Кожоюн мага бурула карады:

– И, эмне? Бирдеңке айтмакчысыңбы?

– Ооба, кожоюн, мен эми кетейин.

– Эмнеге кетесиң? Курсагыңды ачтырганыбыз жокко?

– Ачкан жок.

– Андан артык сага эмне керек? Болбодубу?

– Ач жатышкан туугандарым бар, ошолорго барсам дейм. Кур барбайын, нан-пан берсеңиз.

– Эмненин наны? Өзүңдүн тойгонуң аз келгенсип, эми аларды да тойгузгуң келип турабы? Силерге окшогон качкындар толуп жүрөт. Алардын кайсы бирин тойгузабыз?

Башымды төмөн салып, муңайып, кайра баса бергенимде аялы мени аяды окшойт, колума бир булка нан

карматты. Аны куржунума салдым да, тышка чыктым. Ошол кезде оюма бир нерсе кылт эте калды. «Ооба, ошого бара кетейин, коштошоюн» деп казарманы көздөй бастым.

«Ошого» дегеним мындайча эле.

Антондун бойго жеткен бир кызы боло турган. Ошого каралап эртели-кеч үйүнөн солдаттар үзүлчү эмес. Алардын ичинен көбүрөөк келишкени – эки жигит. Бирөө татар, экинчиси орус.

Бир күнү татары келип, кыз менен тамашалашып, сүйлөшүп турганда, тиги жолдошу – орус жигити да шашып-бушуп келип калды:

– Кайда десем, мында белең? Сага кат бар.

Конверт суна кетти. Татар жигити аны колуна алып, конвертин жыртып, ичиндеги катка көз жүгүртүп келип:

– Чорт побери! – деп койду өкүнүчтө орусчалап – Арап тамгасы менен жазылган тура, жакшылап окуй албай жатам.

Мен анын татарча жазылган кат экенин билдим да, жанына басып бардым:

– Окуй алар бекем, мага бериңизчи...

Катты берди. Көз жүгүртсөм, чын эле арап тамгасы менен жазылыптыр. Андай каттарды жазып да, окуп да калган кезим. Бирок кат татар тилинде жазылгандыктан шаркыратып окуй алганым жок. Тилим анчалык келбей мүдүрүлүп, какап-чакап, эжелеп, жатып окуп чыктым. Кат Самара жакта жашаган солдаттын ата-энесинен келиптир. Алардын аман-эсенчилигин каттан билген соң солдат мага ыраазы болуп далымды какты:

– Жарайсың, малай, жарайсың!

Өбөк-жөлөк болорлук адам көзүмдөн учкан шордуу жаныма жолдош табылгансып, аны менен жакындашып, ага алда нече курдай барганым бар. Ошондо ал мени жылуу-жумшак каршы алып, сүйлөшүп, ашканага алып кирип, тамак жедирген күндөрү да болгон. Мына азыр Антондун үйүнөн чыкканымда «коштошоюн» дегеним ошол татар солдаты болчу. Фамилиясы эсимде: Шарафутдинов деген жигит эле. Эмнеге куржун көтөргөнүмдү, кайда бара жатканымды сураганда, мен ага баарын айттым. Кызмат акыма нан сурасам, Антон араңдап зорго мага бир булка нан карматканын да айтпай коё алганым жок.

– О, доңуз! – деди ал ачууланып. – Жаш малайга жумуш кылдыртып анын бергенин кара! Билем мен анын ким экенин: соодагер, сүткор, сен сыяктуу далай качкындарды иштетип, эчтеңке бербестен кууганы да бизге малым. Мейли, мейли, ал ошентип азырынча тура берсин. Аз калды анын жашарына... Жүр эми, малай, ашканага баралы.

Ээрчитип алып кирди. Поварга бирдеңке деп айткандай болду эле, ал:

– Толуп атат, тигинде,– деди, мага кайрылды. – Кана, жаш жигит, келчи мындай. – Бурчта турган чоң ящикти ачты. – Тоскун бери куржунуңду.

Эңкейип карасам, ичи толгон сухар. Көрсө солдаттардын ичкен-жегенинен арткан нандарды ошого жыйнай бериптир. Андан куржунумдун эки көзүнө толтура салып берди. Аны аркалап көтөрүп, сүйүнүп, тышка чыктым. Албетте, ал кезде бизге окшоп тоо-таштын арасында жүргөн ач качкындар үчүн ал бир табылбаган чоң оокат, бакыт эле.

– Кайыр кош! – деди Шарафутдинов мени узата чыгып. – Кайрадан келип калсаң, туура эле мында кел. Мен сени ушул ашканага кызматка жайлаштырам.

– Ракмат, сизге рахмат,– дедим мен да.

## XIII

Үйдөн кеткенимден бери бир жарым жумача өттү эле. Ач жатышкан шордуулар үчүн бул бир айга созулган убакыт да. «Эмне болду ага? Мынчалык эмнеге кечикти? Эсен-соо болсо эмгиче келет эле го...» дешип коркуп, санаркап жатышкан экен. Мени көрүшкөндө алардын сүйүнгөнүн кой эми!.. Көптөн бери бир сындырым нан көздөрүнөн учкан бөбөктөрүм:

– Байкем келди, нан алып келди! – дешип, талаша-тартыша жеп жатышат.

– Кагылайын, балдарым!.. Адегенде аз-аздап жегиле. Ичиңер ооруйт,– деп Сейилкан апам күйкөлөктөп алардын баштарын сыйпалайт. – О, курган тамак! Тамак деп жүрүп бир күнү өлөбүз го.

Агаларым да, апам менен жеңем да, аларга кошулуп катын-баласы менен коңшубуз Жумабай да, каткан нанды кытыратып жеп киришти. Алардын бул кебетелерин көргөндө: «Ой дүнүйө ай!– дейм өз ичимден. – Ушундан канткенде кутулабыз? Мындан ары кандайча жашап, кандайча күн көрөбүз? Минтип элге кошулбай тоо-таштын арасында жүрө берсек, жакшылык көрбөй бир күнү өлөбүз го».

Мен жокто алар да тынч жатышпаптыр. Жээнбай абам, Жумабай болуп тоого чыгып кийик уулашса, Молдалы агам менен Ниязалы ойго түшүп, суу бойлоп ту-

зак тартып, капкан салышыптыр. Ошентишсе да, колго түшүргөнүнөн да кур кайтышкан күндөрү көп болуптур.

– Он чакты күн өттү. Баягыда мени узатканда Шарафутдиновдун мага айткан сөзү эсимде. «Барайын кайра ошого, ашканасына иштейин. Кезек-кезек нан-пан алып келип турайын мында...» деп агаларым менен акылдашсам, алар да каршы болушкан жок. Куржунду моюнга салып жөнөп калдым.

Бирок жолдо бара жатканымда чоң кырсыкка учурап, бети-башым канга боёлуп, кайра кайттым.

Ал мындайча болду.

Баягыда мен Антондо иштеп жүргөн кезимде короосундагы көп отун, жыгачтарды көрүп, «буларды бул кайдан алып келди экен» деп таң калгам. Көрсө ал Ак-Өлөңдүк качкын элдин короо-жай, тамдарын буздуруп алып келип жүрүптүр. Аны мен кайдан билейин. Эски бекетте кемпири экөө эптеп жан багып, жер кепеде турушкан Сооданбек карыя айтканда гана билип жүрөм. Анткени, Антон аны Ак-Өлөңгө алда нече курдай алып барып, Ырсаалыныкына конуп, анын адамдары менен качкындардын андагы короо-жайларын буздурткан экен.

– Атаке, айтыңызчы, Ырсаалы менен ал доспу? – дегем мен ошондо.

– Ананчы!.. Жандары бирге. Анын коюнда койлору, уюнда уйлары бар мунун,– деген карыя.

Мына эми суу боюндагы өзүбүздүн короо-жайыбызды жандап өтүп кетип бара жатсам эки арабасын чегип, Сооданбекти, дагы бир кишисин ээрчитип, Антон келип, биздин айылдын короо-жайларын буздуруп, жыгачтарын арабаларына бөлө салдырып жатат. Эмне кылган менен ата-конушубуз, туулуп өскөн короо-жайыбыз эмеспи.

Бирөө келип эле аны талкалап бузуп жатса ичиң күйөт экен. Кантип чыдап тура алам?

Жакындап басып келип:

– Мунуңуз эмне? Эмнеге бузасыз? – дедим мен ага.

Акырая ал мага карады:

– Эмне дейсиң? Бас жаагыңды!

– Баспаймын. Бузбаңыз бирөөнүн короо-жайын минтип...

– Сага короо-жай керекпи? Тирүү жүргөнүңө сүйүнбөйсүңбү? Мына сага, доңуздун баласы!.. Колундагы узун шапалак камчысы менен мени жондон ары чапты эле, анын учу оролуп келип жаагыма тийгенде эки көзүмдөн от чагылыша түшүп, бетимден кан жая берди. Ант урган сарайчы ага караган жок, дагы да мени урганы келе жатат. Качтым. Мени ал бир аз кууп келип сөгүнгөн бойдон артымда кала берди.

Оозу-мурдум канга боёлуп үйгө бардым. Агаларым үйдө жок экен, күндөгү кесиптерин улантып аңчылык кылып, тоо кыдырып кетишиптир.

Сейилкан апам, жеңем мени көрүшкөндө:

– Эмне болду сага?..

– Айтсаң, садагаң, айтсаң! – дешип, жаагымдан аккан канды жууп жатышат. Бөбөктөрүм да коркуп, «байкелеп» ыйлап жанымда турушат. Болгон ишти аларга айтканымда:

– А, кагылайын балам,– деди Сейилкан апам үшкүрүп, кейип-кепчип. – Минтип өз жаныбызды бага албай жүргөндө бизге короо-жайдын эмне кереги бар? Ойлонсоң боло өзүң да. Алса ала берсин. Алмак түгүл, тыптыйпыл кылып бардыгын да ташып кетсин. Ай балам, балам, балалыгыңды кантейин!..

«Аттиң! – дедим мен да ошондо жиберген катам үчүн өзүм да ичимден өкүнүп. – Айтса-айпаса төгүнбү? Бекер кылган экем».

Бети-башым шишик. Шишиктен сол көзүм көрүнбөйт. Эч жакка чыга албастан бир айча үйдө жатып араңдан зорго жакшы болдум.

## XIV

Декабрь айы. Күн чыкыроон тартып, Кочкор суусунун чет жакасы кылаңкыр муз. Тамак-ашыбыз да, кургаткан эт-метибиз да түгөнүп бара жатат.

Сейилкан апам эми эмне кылчубуз деп кайгыра баштаганда:

– Апаке, антип кайгыра бербечи, табабыз эт-ашты,– деди Жээнбай абам.

Жумабайды ээрчитип ал кайдадыр бир жакка кетти. Кайда кетишкенин артынан билдик. «Айылыңызга көчүп келели, кондургун бизди» деп баягыда Жээнбай абам барганда бирин-серин жоголгон малын андан көрүп, Ырсаалы аны урганын уккам. Үркүндөн мурда Жээнбай абамдын уюн уурдап сойгонун да мен баягыда, Николайдан окуп жүргөн кезимде укканым эсимде. Ошентип мурда ага уюн уурдатып эми андан таяк жеп, кордук көргөн абам, андан өчүн алмакчы болот экен да: «Анын малы кимдики? Элдики. Ошол элдин бири – бизбиз. Бизди албасак да «алды», уурдабасак да «уурдады» дейт. Албай жаманаттуу болгондон көрө алып жаманаттуу бололу. Минтип ачарчылыкка учурап, азып-тозуп жүргөн кезибизде ал уурдаган уюм үчүн анын бир уюн уурдап алсам, ким болсо да мага ыраазы болоор...» деп абам Жумабай-

ды ээрчитип, Ырсаалынын бирдеңкесин алып келмекчи болуп кетиптир.

Күн кечтеди. Түн кирди. Жатып калдык. Таң сүрө тиги кетишкен Жээнбай абам менен Жумабай да келип калышты. Кур келишкен жок: бир торпок жетелеп келишти. Сураштырсак, Ырсаалынын короосунан уурдап чыгышыптыр.

Торпоктукөтөрөчаапсоюпжиберишти.«Үнөмдөйлүк» дешип, эттин жарым-жартысын туздап, калгандарын үч үйгө бөлүштүрүштү. Түнү бою жортуулдап кайтышкан абам менен Жумабай бир аз тук этип алмакчы болуп жамбаштап жата кетишкенде, биз, Молдаалы агам, Ниязаалы болуп, ой жакта эмне бар, эмнелер жогун билели деп, кырга чыктык.

Мына шумдук! Кочкор суусунун аркы өйүзүндөгү Ырсаалынын айылы жактан бир топ атчан киши чаап келип суу боюна токтошту да, эки жагын карана кетишти. Суу бойлоп ары-бери бастырып, берки өйүзгө кечип чыгып, жерден бирдеңке издегендей болушту. Андан түз эле биздин үйдү көздөй жөнөп калышты.

– Балекет болгон экен! деди Молдалы ага аларды көргөндө. Торпогунун изин кууп келе жаткан Ырсаалынын адамдары тура. Эми эмне кылчубуз? Жүргүлө батыраак, айталы үйдөгүлөргө...

Кайра жүгүрүп келип шашкалактап айтканыбызда:

– Кокуй, балдарым!.. Кимди айтасыңар? Кимдер келе жатат? – деди Сейилкан апам.

Жээнбай абам менен Жумабай да ойгонуп, ордунан секирип туруп, экөө бирдей кырга жүгүрүп чыгышты. Бирок алар бат эле кайра чуркап келишип:

– Ошолор экен...

– Ошолор, Ырсаалы,– дешти.

– Качкыла, кагылайындар, анда качкыла! – деди Сейилкан апам жаны-маны калбай чебеленип. Алардын колуна түшсөңөр, силерди соо коюшпайт. – Бурула мага карады. – Кара тоголок, садагаң, эки бөбөгүңдү алып сен да кач, тоо жакка. Антпесең, тиги кара нээттер силерди да аябайт.

– Апаке, мына биз да кеттик, качкын эми, сен да балдарга кошулуп деген Жээнбай абама ал:

– А, садагаң качканда мен кайда барам? Дарманым жок. Качкыла өзүңөр. Мени алар эмне кылмак эле? – деди.

Жеңем экөөбүз эки баланы эки колдон алып тоо таяна качтык. Кимден коркконубузду, эмнеге качканыбызды жаш балдар да сезди окшойт, бизден калбай элеңдеп энтиге алга таман жүгүрүүдө. Күшүлдөп-бышылдап, жылганы өрдөй бергенибизде арт жагыбыздан «тарс-тарс» эткен мылтыктын үнү угулду.

– Кагылайын, молдо бала,– деди жеңем, токтой калып. – Уктуңбу, тиги мылтыктын үнүн? Апамды тигилер атты го дейм.

Мен да «ошентти го» деп коркуп кеттим. Бөбөктөрүм да бир нерсенин шек-шубасын билгенсип: «Эмне ал? Кимди атты?» дешип, жалдырай бизди караштты.

Андан ары мылтык атылбай калды. Айлана кулак-мурун кескендей тыптынч, жымжырт... «Эмне болушту экен? Кетишти го, билейинчи» деп кийик өнгөн мергенчидей тебетейимди колума алып, бурула басып кырга чыксам, Жумабай, Ниязалы, агаларым болушуп, алачыктарыбыздын үстүндө турушат. Алар мени көрө коюшуп: «Келгиле бери!» дешип колдорун булгашты. Болгондо ти-

гилер кайра кетишкен го деп, кайра ойго жүгүрүп түшүп, жеңем менен бөбөктөрүмдү ээрчитип жетип барсам, агаларым да эчак ойго түшүп, Сейилкан апам менен баш ийкешип сүйлөшүп турушуптур. Жер жуткансып тиги келгендердин бири да жок. Көрсө иштин жайы мындайча болуптур: Агаларым көп алыстап кетишпептир. «Курган кемпирди, үй-жайыбызды тигилер эмне кылышар экен» дешип, тоо этегиндеги жар таштын арт жагына жашынып карап турушуптур.

Куугунчулар алачыктарыбызды астын-үстү кылып, торпоктун эт-терисин таап, аларды аттарына артышат. Сейилкан апамдын да эки колун аркасына байлап, бакыртып айдап алып жөнөшкөндө:

– Коё бергиле кемпирди! Анын эмне жазыгы бар? – деп агаларым жар таштын үстүнө чыга келишет. – Таштагыла, артынган этиңерди да. Болбосо атабыз силерди деп «тарс» эттирип көкөлөтө мылтык атышыптыр. Ошондо тигилер корккон бойдон Сейилкан апамды бошотуп артынган эттерин таштап кайрадан качышыптыр.

– Эми бизге бул чөйрөдө турууга болбойт,– деди Жээнбай абам. – «Ууру, каракчы, мылтыгы бар. Бизди атып өлтүрмөкчү болушканда качып араң кутулдук» – деп арызданып эски бекеттен солдаттар алып келишет. Качалык башка жакка, качалык!..

Баарыбыз тең макул болуп, ары кеттик, бери кеттик, андай кылсак кантет, мындай кылсак кантет дедик. Ошол эле жылганы өрдөп, Кызыл-Омполдун жайлоосуна чыгып кетсек кантет деген ойго да келдик:

– Кокуй, балдарым,– деди Сейилкан апам аны укканда. – «Аңгектен качсаң – дөңгөккө» деп, Ырсаалыдан качабыз деп, анда барып суука тоңуп, ошондо өлбөйбүзбү.

Кыш болсо минтип кычырап кирип келди. Антпегиле, кагылайындар. Башка жакка качпасаңар болбойт.

Башка жакка качканда кайда качабыз? Жууркан-төшөк, идиш-аяк дегендей, көр оокатыбыз бар эмеспи. Аларды кайда алып барабыз? Кайда батырабыз? Үч үй-бүлөнүн ортосунда бар болгону эки арык атыбыз, көк эшегибиз бар. Алар менен бир түндө алыс кете албасыбыз өзүнөн өзү көрүнүп турбайбы. Анда кантебиз? Кандай кылсак болот?

Ушулар жөнүндө ойлонуп ойго батып, кыйналып-кысталып, эмне кыларыбызды биле албай турганыбызда, желге желбиреген аппак чачын сылап алып Сейилкан апам:

– Ооба, кагылайындар,– деп койду башын ийкеп,– алыс кете албайсыңар. Аныңарды көрүп турам. Бул өйүздүн кайсы жагына жашынсаңар да издеп таап алышат. Андан көрө эптеп суу кечип, аркы өйүзгө чыккыла. Андагы тоолордун бирине жашынсаңар, тиги тилеги жоктордон кутуласыңар.

Ушундай учурларда апамдын акыл, кеңеши менен ар кандай кыйынчылыктан кутулган күндөрүбүз көп болгон. Бул сапарда да анын кеңешинен чыкканыбыз жок; жууркан-төшөк, идиш-аяк, аны-мунубузду аттарыбызга, эшегибизге жүктөп, калган-каткандарын өзүбүз да көтөрүп, түн койнун жамына ойго түшүп, суу боюна келдик. Кочкор суусу ошол кезде шыргалаңдап агып каткан кези эле. Бети-колду чымчылап, бүткөн бойду чыйрыктырып, ызгаардуу жел да улуп-уңшуп согуп турат. Ай жарык. Көк жүзүндө сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып жымыңдашат. Аркы өйүз ала-көлөкө тартып күүгүмдөнүп, көзгө көп анчалык көрүнбөйт.

Эки ат, эшек менен ташынып эптеп суудан кечип өтүп жатабыз. Бизди да, жүктү да аркы өйүзгө ташып чыгарган Молдалы агам кайра барып, Сейилкан апамды атына мингизип, өзү ага учкашканда:

– Бар эми. Кайра келип мени алып кет,– деген Жээнбай абамдын үнү угулду.

Жүк ташып ары-бери суу кечкен арык атыбыз абдан чарчаган окшойт. Бир жерге келе бергенде буту ташка тийип мүдүрүлүп жыгылып, апам үстүнөн ыргып кетти.

– Кагылайын, балдарым, агып бара жатам. Мен эми өлөм!.. Кош, садагалар, кош! – деген анын аянычтуу үнү угулганда, «апакелеп», жар жээктеп ары-бери жүгүрдүк.

Апаке!.. Мен жип ыргытайын, жиптин учун карма! – деген Жээнбай абамдын үнү угулуп, суунун агымы ылдый жүгүргөн караанын көрүп турабыз. Апам жарга каптала түшкөндө абам ага жип ыргытып, карматып, суудан тартып чыгарып алды. Аны сууга агып өлөт экен деп чыйпыйыбыз чыгып корктук эле, бактыбыз бар экен, аман калды.

Бир кезде Молдалы агам суудан кечип бизге жалгыз келди. Эмнеге антип жалгыз келгенин сураштырсак, качкындардын таштанды короолорунун бирине жашынмакчы, от жагып Сейилкан апамдын кийим-кечесин кургатып, эртеси түн жамына биздин үстүбүзгө келмекчи болушуп алар анда калышкан экен.

Эшек, аттарыбызга кайрадан жүктөрүбүздү жүктөп, калган-каткандарын өзүбүз көтөрүп, кара жолго түшүп жөнөдүк. Бирөө болбосо бирөө бизге жолукпагай эле деп элең-салаң эте эки жагыбызды каранып кетип бара жатабыз. «Коркконго кош көрүнөт» болуп көрүнөт экен. Алды-артыбыздан ар кандай нерселер элестеп, кимдир

бирөөнүн үнү чыгып, бизди кууп келе жаткан сыяктанат. Ошентип алдыбызда, артыбызда жоо болуп, кош коркунучта калып, батыраак жолдон алыстайлы деп, шашкалактап, жылгаалардан салааланып келип сууга такалган жол боюндагы жылгачалардын бирине кирип, аны өрдөй баштаганыбызда, кууган жоодон кутулгансып, кенен-кесир дем алдык.

Бир тумшукту имерилип токтоп, жүгүбүздү түшүрүп, жатып калдык. Күнү бою биз менен бирге качып, бирге жүрүшкөн бөбөктөрүм – Абдыбек менен Идрис баштары жерге тиер замат эле уктап кетишти. А бизде эмненин уйкусу? Өйүздө калган Сейилкан апам менен Жээнбай абамды ойлонуп көпкө чейин уктай албай барып көзүбүз жумулду.

Бир кезде ойгонуп көзүмдү ачсам, Молдалы байкем, жеңем да, берки Жумабайдын үй-бүлөсү да эчак ордунан турушуптур. Байкем менен Ниязалы экөө аттарына бирденке жедирели дешсе керек, таш-таштын кычыктарынан бетеге жулуп жүрүшөт. Жеңем болсо, кара курсактын камы үчүн таш тулга жасап, казан асып, от жагып, чыйылдатып бирденке кууруп жатат. Аңгыча болбой буулантып ага суу да куюп жиберди. «Бул чөйрөдө суу жок эле. Сууну кайдан алып келе калды, жеңем?» деп таңыркай андан сурасам, Молдалы агам таң сүрө жүгүрүп барып, ойдогу Кочкор суусунан бир чака суу чөмкөрүп ала чуркап келген экен.

Балдарды ойготуп, кур сорподон шам-шум этип ичтик. Менин оюм өйүздө калган Сейилкан апам менен Жээнбай абамда. Алар эмне болушту экен? Ичээр, жээрине жок, алар курушту го. Карайынчы ошол жакты... Киши-миши көрүнөөр бекен?

Акырын басып кырга чыктым. Тебетейимди колума алып, ташка жамынып, кечээки келген жагыбызга көз чаптырсам, ал жактын ою да, тоосу да алаканга салгандай дапдаана көрүнүп турат. Кыбыр эткен жан жок. Өрөөн бою мемирейт, мелтирейт...

Бир кезде Ак-Өлөң жактан чапкылап бир топ атчан адам чыга келди да, суудан кечип өтүштү. Ичтеринде Европача кийинген, мылтык асынган кимдир бирөө жүргөнсүйт. Анын Антон экенин минген атынан улам эле тааныдым. «О, жүзүкара!» – дедим кыжырланып. – Ырсаалынын досу, малдары да ошондо дебеди беле. Досуна барып даттанып, аны да өзү менен бирге мында ээрчите келген турбайбы.

Кайра артыма бурулуп, кол булгап ойдогуларды чакырып алдым:

– Карагылачы тигилерди!..

Молдалы агам да, уулу менен Жумабай да ал жакка көз чаптыра карап алышып:

– Ооба, ошолор...

– Тиги алдында бара жаткан Ырсаалы экен,– дешти.

Алар ылдамдата бастырып, көтөрүлүп жүрүп олтуруп, биздин журтубузга келишкенде: «Ботом, кайда кетишти? Жер жуттубу буларды? Алыс кетүүгө алардын анчалык чамасы жок эле го?» дегенсип, аң-таң кала ат үстүндө тык туруп калышты. Кырга чыга келип, колдорун Күнгө серепчилеп чар тарапка көз чаптырышкандары да бар.

Курман-Жылганы өрдөп качышкан чыгар дешти окшойт, үчөө-төртөө жылганы көздөй бастырып, анын так оозуна барганда токтоп, жерге түшүп, жерден бирдеңке издегенсип, ары-бери басып карашты. Ал жакта аттын изи гана эмес, адамдын да изи жогун билишип, аттары-

на минип, кайра артына бастырышты. Баары тең баш кошуп, суу боюна түшүп, биздин кыштоолорго бет ала бастырып бара жатышканда, алардын бирөөндө жашынып жатышкан Сейилкан апам менен Жээнбай абамды көрүп кармашат экен деп коркуп бизде жан калган жок. Короолордун ар кайсынысына кирип чыгып бастырышты да, эч нерсенин дайыны билинбеген соң кайрадан суу кечип, аркы өйүзгө чыгышканда, үстүбүздөгү оор жүктөн кутулгансып жеңилденип, жылмая бири-бирибизди карадык.

«Кайда кетишти? Эмне болушту? Ошондогу короолордун биринде болушмакчы эле го? Балекет болуп түндө аларга бирдеңке болдубу?» деген ой башыбызга келип кайрадан кабагыбыз бүркөлдү. Ошол ой, ошол санаа менен тынчыбыз кетип, күндү кечкирттик. Эмнеси болсо да барайын, билейин деп Молдалы агам атына минип, түн койнуна жамына жөнөдү. А биз болсок, аларды таап алып келер бекен же өзү гана келер бекен деп, сарсанаада кала бердик.

Бир кыйла убакыт өттү. Көк жүзүндө көп жылдыздар жымыңдашып батышка карай үркүп барат. Түнкү суук да күчөп, бети-колубузду тоңдуруп, бизге каргаша болууда. Көк муштум болуп үшүгөн бөбөктөрүмдү бая эле ороп-чулгап жаткызганбыз. Коңшубуз Жумабай да үй-бүлөсү менен жүктөрүнүн үстүндө жамбаштап уктап жатат. А бизде эмненин уйкусу? Тигилерди ана келет, мына келет деген ой менен көзүбүз жумулбайт.

– Молдо бала, кагылайын! – деди жеңем чебеленип. Тигилер келе жатышат ко, карачы туруп...

Ыргып туруп кулак түрө тыңшасам, табыш чыккан жактан кобур-собур сөздөр угулат.

– Ошолор экен, ошолор! – деп сүйүнгөнүмдөн кыйкырып жибердим.

Кызык уйкунун кучагында жатышкан Жумабай да, анын үй-бүлөсү да чочуп ойгонушуп орундарынан тура келишти.

Аңгыча болбой агаларым да келип калышты. Сейилкан апамды атка мингизип, бирөө жетелеп, бирөө артынан атты айдап алышыптыр. Мына кубаныч! Апамды ардактап атынан колтуктап түшүрдүк.

– Айланайындар,– деди ал,– мени агызган суудан да, тиги бизди издеген кара нээт Ырсаалыдан да аман калдым. Эми мени Кудай албайт. Өзүңөр кандайча жатып, кандайча кондуңар мында?

– Кондук, энекебай, кондук,– дедик биз да ага.

Жойпу тайгандардай бизди издешкен тиги тилексиздерге кантип көрүнбөй калышканын сурасак, иштин жайы мындайча болуптур:

Ошол чөйрөдөгү короолордун бирине кирип, от жагып, түнү бою апамдын кийим-кечесин кургатышат. Эртеси алар, Ырсаалы адамдары менен аркы өйүздөн берки өйүзгө суу кечип өтүшкөнүн, андан алар жогору көтөрүлүп, биздин конушубузга барышканын көрүшөт. «Кантсе да кайра кайтышканда мындагы короолорго келбей койбос...» дешет да, акырын жылып, короодон чыгып, суунун көбөлүнө кирип жашынышат. Ошентип алардын көздөрүнө көрүнбөй, колдоруна илинбей калышкан экен.

Бая күндүзгү сорпосунан жеңем буларга деп азыраак калтырган болучу. Ошондон уулу экөө өзөк жалгашкан соң, Сейилкан апам:

– Эми, балдарым,– деди бизди карап. Бирөө болбосо бирөө көрүп калар да Ырсаалыга барып айтып коёр. Кетелик бул жерден, алыстайлык.

Баарыбыз тең макул болуп, балдарды дароо ойготуп, унааларыбызга жүктөрүбүздү жүктөп, жылганы өрдөп жөнөп калдык.

## XV

Ак-Өлөңдүн түштүк жагы – Семиз-Бел. Ал өзү чакан жайлоо. Батыштан чыгышка карай тизмектелип созулган кара тоосунун жыбыт-жылгалары көп. Ошолордун бирине барып жайлашканыбызга бир топ күн болду. Баягыда мен эски бекеттен алып келген сухарь да эчак түгөнгөн. Чуу түшүргөн жоболоңдуу торпоктун эти да түгөнө жаздап калды. «Ал түгөнсө, андан ары кантип жашайбыз? Кантип күн көрөбүз?» деген ой баарыбыздын тең жүрөгүбүздө. Ырас, Молдалы агам менен Ниязалы экөө үч-төрт күндөн бери тузак тартып арандан зорго үч-төрт кекилик кармап келишкени бар. Ошончо үй-бүлөгө анча кекиликтин эти эмне болот?

Тоо арасында, элсиз жерде турмушубуз ошентип барган сайын кыйындап бара жатат. Эмне кыларыбызды биле албай баштарыбыз маң. Баягыда эски бекетте болгонумда Алма-Аталык бай казактар малдарын кыштатууга бул жакка көчүп келе жатышат. Алды Байдам-Тал, Ак-Чийге келишти деген кабарды уккам. Кийинчирээк Көк-Мойнокко келишти деген кабар да угулган, «Кой! – дедим бир күнү ошолор эсиме түшкөндө өз ичимден. – Минтип мен бул жерде жата бербейин, аракет кылайын. Ошол казактарга барып, жумуштарын кылып, малдарын багышып, эт-мет таап келейин».

Бул оюмду айтсам, Сейилкан апам чочуп кетти:

– Алдыңа кетейин, анда сени тиги Ырсаалы көрүп калып, колуна түшсөң сени соо койбойт.

– Жок, апаке, коркпоңуз! – дедим мен ага. – Түшпөйм анын колуна. Түшкөн күндө да ал мени эмне кылар дейсиң? Үркүндөн бери ал мени такыр көрө элек. Силер менен жүргөнүмдү да билбейт. Эгерде көрүп, силерди сурап калса, «билбейм алардын кайда экенин? Ат-Башыдан келдим, эптеп жанымды багып жүрөм» деп айтпай менде жан жокпу?

– О, садагаң!.. Акылыңан айланайын, ошент! – деди ал толкунданып. – Ырсаалы бизге акидей асылып, чекебизге чыккан чыйкан болду. Биздин бул жакта экенибизди билип калса, агаларыңды соо койбойт. Бирөө болбосо бирөө сурап калса: «Төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок!» дегенден башканы билбе балам. Андай жерде кулактуу дүлөй, тилдүү дудук болгонуң жакшы. – Ордунан тура келип бетимден өптү. – Баргын, балам, баргын. Эсен барып соо кел, жеңил барып оор кел. – Эки жагында олтурган эки бөбөгүмдүн баштарын алмак-салмак сыйпап койду. – Нан-пан, эт-аш таап келип, минтип ачка олтурушкан бул бөбөктөрүңдү сүйүнт, балам.

Бөбөктөрүм да мени бир жакка жөнөмөкчү болуп жатканымды билип баягыдай дагы да бирдеңке алып келер бекен дегенсип, экөө тең ордунан тура келип мени кучактай калышты:

– Байке, кайда бара жатасың?

– Токоч алып келесиңби, токоч? – дешти.

– Алып келем, садагалар, алып келем,– деп беттеринен өптүм.

Какыраган кара таштуу тоо ичинде кар кемирип, кенен-кесир чөп жебеген атыбыз абдан арыктаган эле. «Минтип бул жерде жүрө берсе бир күнү өлөт. Андан көрө минип кет. Ойдун тулаң чөбүнөн жеп суусунан ичсе, эттенээр...» дешип агаларым аны мага токуп беришти. Аны минип, коштошуп, төмөн карай жөнөп калдым.

## XVI

Бир миң тогуз жүз он алтынчы жылкы улуттук боштондук көтөрүлүшүндө эл үркүп, элсиз калган ээн талаа, ээн жердин чөбүнө адам баласы кызыгаарлык эле. Андай жерге ким болсо да келип кыштагысы, малын откозгусу келет эмеспи. Алма-Ата жагындагы казак байлары: «Ысык-Көл жагына барабыз, мал кыштатабыз...» дешип, Коңурду ашып, Чүйгө түшүп, андан бери Көк-Мойнокко келип, биздин кыштоого чейин тарап конушкан болуучу. Кочкор суусунун чыгыш жагындагы Ак-Өлөңдү болсо, Ырсаалы жалгыз ээлейт. Жолума жолтоо болбосун, көрүнбөйүн ага деп, баякы өзүм көргөн жолго түштүм. Аным жаман болгону жок. Топурак белди басып өтүп, белести ашып, ойго түшүп, кара жолго чыга келсем, аркы өйүздөгү биздин айылдын кыштоолорунда, суу боюнда жайылып оттоп жүргөн толгон мал бар экен. Бир короонун эшигинин алдында тигилген аппак боз үйдүн түндүгүнөн көк түтүн уюлгуп көккө көтөрүлөт.

– «О-о!– дедим ичимден,– казактар биздин кыштоолорго да келишкен тура. Барайын ошолорго, барайын!»

Көптөн бери такасы жок, ташыркап, мүдүрүлүп, жакшылыктуу басалбаган арык атым менен суу кечсем жыгыла турган. Эмне кыларымды биле албай суу бойлоп

ары-бери бастырдым эле, аркы өйүздө жайылып оттогон жылкыларды көзөмөлдөгөн атчан адам мени көрдү да, жар боюна бастырып келип:

– Эй-эй!.. сен анда эмне кылып турасың? Кече албай турасыңбы?– деп добуш сала кыйкырып колун жаңсады. Мен ага суудан кече албай турганымды билгизип, атымды көрсөтүп, колумду сундум. Ал киши анымды билип, жардам көрсөткүсү келип, өзү мага карай кечип келди. Чокчо сакалы бар, эр ортону адам экен.

– И, балам, нагып турсың мында?– деди казакчалап. – Кайда бара жатырсың? Ким боласың?

Мен ага качкын экенимди, бара турган жерим, коно турган конушум жок, тентип жүргөнүмдү, оокат-күнүм өтөөр бекен деп мындагы казак туугандарга келе жатканымды айтканымда:

– О, сорлы! – деп койду ал мени аяп, башын кайкап. – Олай болса мен сени суудан кечирип чыгайын. Бергин бери чылбырыңды!..

Күлүңдөй ага чылбырымды бере салдым. Ал мени жанына чукул коштоп, суудан кечирип алып чыкты.

– Энди, карагым,– деди ал жайылып оттоп жаткан жылкыларды көрсөтүп. – Осы жылкыларды кайтарып жүрмин: жылкычы болам. – Жаңкы мага көрүнгөн боз үй жакка колун серпти. – А но-о турган үйдү көрдүңбө? Сарсенбай деген байыбыздың үйү гой. Бул жылкылар соныкы. Бар энди соган. Өзи үйүндө жок чыгар. Айелдери бар. Токалы кыргыз кызы.

«Кыргыз кызы» дегенде, «боордошум экен, жер караткпас» деп кубанычым койнума сыйганы жок.

Жылкычыга кат-кат ракматымды айттым да, атымды илкитип үйгө карай бастырып бардым. Атымдан түшүп,

чылбырымды эшик алдындагы мамысына байлап жатсам, үйдөн кимдир-бирөө чыга келди. Карасам, мына кызык, баягыда Ат-Башыдан келе жатып жол үстүндө таанышкан болгон кызым – Зулайка экен. Ал да мени таанып:

– Бул ким десем, сен белең? Кайдан жүрөсүң, кайдан?– деп көптөн бери көрүшпөгөн боордошундай, бетимден өптү да, үйүнө киргизди. Абысыны болсо керек, жашы улгайган аял төрүндө олтуруптур.

– Бул бала менин жердешим, тууганым болот – деп аны менен да мени тааныштырды. Мен анын Сарсенбайга качан, кандайча күйөөгө чыкканын сурап билдим. Агасы Акмат болуп Чүй өрөөнүнө эптеп жетишкенде, ары Казакстан жагынан мал кыштатууга көчүп Сарсенбай да келип калат. Ал кызды көрүп, ага үйлөнмөкчү болуп, бергин мага деп Акматка акидей асыла кетет. Эл-жерден безген шордуу качкын айласыздан карындашын ага берүүгө аргасыз болгон экен.

Кечке жакын күйөөсү Сарсенбай келгенде аны менен да тааныштым. Жашы элүү-элүү бештер чамасында, кызыл жүздүү, орто бойлуу адам экен. Зулайканын жердеши, тууганы экенимди уккан соң, ал:

– Олай болса, карагым,– деп койду мени карап. – Жүрө бер бизде. Мал-салга каралашаарсың.

Сарсенбайдын үйүндө туруп калдым. Эртели-кеч малына каралашам, бир жакка барам десе атын да токуп мингизем, жумушу болсо да кыла коём. Иш кылып ага жагып, андан бирдеңке өндүрүп, тиги тоо арасында ач жатышкан туугандарыма алып барсам деген тилек оюмдан кетпейт. Мага карата болгон мамилесинен улам ал да мени жактырганы сезилип турат.

Бир нече күн өттү.

«Кой эми,– дедим өз оюмда,– жанымдын тынчына, курсагымдын тогуна карап мында жүрө бербейин. Тиги жакта туугандарым эмне болушту экен? Булардан аздыр-көптүр эт-мет сурап алып аларга барып келейин. Акылдашайынчы Зулайка менен, ал эмне дээр экен?»

Бул оюмду ага айттым эле, ал аны макул көрдү:

– Ошент, садагаң, барып кел. Жездең келсин, бир кой сойдуртуп берейин, кур барбай ала бар.

Жүрөгүмдү өйүгөн оюмду таап, бизди аяп, боордоштук кылганына өз ичимден ага миңдеген алкышымды айттым. Бирок турмушта ойлогон оюң ар качан ойдогудай чыкпайт тура. Кээде оңунда болсо, кээде соңунда болуп, адамды арманда калтырат экен. Мен да ошондой болдум. Болгондо да өлө жаздап аз жерден аман калдым.

Ошол кезде Ак-Өлөңдөн тартып Тоңго чейинки элди «Тоң болушу» деп айтуучу. Анын болушу Мыркымбай эле. Мал кыштатып жатышкан казак байларын Көк-Мойнокко чакырып, жыйналыш өткөрүп: «Силер биздин жерибизге малыңарды кыштатып жатасыңар. Эми жер акысын төлөгүлө...» деген талап коёт. Казактар ары кетип, бери кетип, акылдашып олтуруп, короо сайын он-он бештен кой бермекчи болушат. Мен адеп мында келгенде коңшу-колоңдоруна ошол жөнүндө Сарсенбайдын айтып олтурганын уккан элем. Өзү да, башка өрөөндөрдө мал кыштатып жатышкан казак байлары да бере турган койлорун качан, кайсы күнү Ак-Өлөңгө айдап барышаарын да мен ошондо билгем. «Мына эми эртеңки күн – биздин болжошкон күнүбүз» деп, бүгүн таң сүрө Сарсенбай койлорун адамдарына айдатып Көк-Мойнокко кеткен. Бая мага Зулайканын «жездең келсин» деген себеби да ошол.

Күн кечтеди. Койчу жигит койлорун жайыттан айдап келгенде мен ага күндөгүдөй жардамдашып корооого киргизишип жатканымда, Сарсенбай да жолдош-жорoосу менен келип калды. Дароо жүгүрүп барып атын алып мамыга байладым да, өз атымдын кайда, кайсы жакта жүргөнүн билейин деп, атыма карай жүгүрдүм. Атым мурда Сарсенбайдын жылкыларына кошулуп, ээн-эркин суу боюнда булуңдарда оттоочу. Жылкыларын ал Кызыл-Омполдун төрүнө чыгарган соң атымды күндүз бош коюп, түнкүсүн бөтөн жакка басып кетпесин деп тушап койчумун. Койгон жеримден атым көп анчалык узабаптыр. Тушоосун кармалап, санаам тынып, кайра үйдү көздөй баса бергенимде, бет алдымдан шашып-бушуп Зулайка чыга келди.

– Кагылайын, бул жакта белең? Баятан бери сени издеп, барбаган жерим калган жок.

Бир балекет болгонго деп мен да коркуп кеттим:

– И, эмне, эмне болду, эжеке? Тынчтыкпы?

– Тынччылыгы курусун! Тигилер... Ооба. Ырсаалы деген эме дейт, мында келип сени кармап алып кетмекчи болуптур. Кач батыраак бир жакка, кач!

Энтигип, шашкалактап, сүйлөгөн сөзүнөн улам билдим. «Жер акысы» делинип казактардан Көк-Мойнокко эки жүзгө жакын кой, эчки жыйналыптыр. Аны Мыркымбай болуш айыл-апасына, туугандарына бөлүштүрө келип, көпчүлүгүн атасы экөө алыптыр. «Силердин да акыңар бар» демиш болуп, көк-мойноктук бирин-серин качкындарга да экиден, үчтөн кылып кой-эчки бериптир. Аны көргөндө Сарсенбай:

– Болуш,– дептир, менин үйүмдө ушул жерлик качкындардан бир бала бар. Ошого да малыңардан беришсеңиз жакшы болор эле. Шордуууга биз ала барып берели.

Өзү кан, өзү бий, өзү болуш болуп, менменсинген уулунун жанында турган Ырсаалынын кулагы аны чалып калып:

А ким өзү? Кайдагы бала экен? – дептир.

Сарсенбай ага менин ким экенимди, кайдан келип, кандайча анын үйүндө жүргөнүмдү айтканда, издеген жогу табылгансып:

– Кокуй! – дейт селт эте башын көтөрүп. – Анда, эмесе, жаңкы мен издеп таппай жүргөн ууру, кесептердин иниси турбайбы? Жоголгон малымды уурдаган ошолор. Мылтыгы дагы бар. Мени атып өлтүрмөкчү болушканда араңдан зорго качып кутулгам. Аны айтканыңыз жакшы болду. Кетирбеңиз. Бүгүн кечте барып мен аны кармап, үйүмө алып кетейин. Андан ары мен аны эмне кылышымды өзүм билем.

Сарсенбай анын айтканына ишенип, менин малымдан да ал бала агаларына уурдатат экен деп, мени ага карматмакчы болуп келиптир.

Азыр ал үйүндө олтуруп зайыптарына ошол жөнүндө аңгемелеп айтканда, Зулайка чый-пыйы чыгып ордунан тура калат:

– Жок! Жок... Мен буга ишенбейм. Ишенген күндө да бала ага айыптуу эмес. Бизге карайлап келген бир шордуу жетим бала экен, кантип биз аны жамандыкка кыябыз?

Төрдө олтурган Сарсенбайдын байбичесине бурула карайт:

– Эжекебай, бул баланын кандай бала экенин өзүңүз көрүп олтурасыз го. Колунан жамандык, уурулук келе турган балага окшойбу? Айтсаңыз сиз да! Жок, жок, бербейбиз баланы, убалына калбайбыз!..

Байбичеси да ага кошулуп, Ырсаалыга мени бербөө жөнүндө айтканда, Сарсенбай:

– Олай болса, качсын бир жакка. Ырсаалы келип калса, айтаармын? Бала ентип калыптыр деп.

Ошол замат Зулайка тышка жүгүрүп чыга келип, мени издеген экен.

Аны укканда ого бетер корктум. Антпегенде кантем? Мени издеген канкордун колуна түшсөм: «Агаларың кайда? Айт!» деп мага адам көрбөгөн кордукту көрсөткөнү турбайбы. Качайын батыраак! Атымдын тушоосун чечип жетелеп келип, ээр-токумумду токунуп, куржунумду байландым да, жөнөмөкчү болдум.

– Кагылайын, эми сен кайда барасың? – деди Зулайка дирилдеген үнү менен колумду кыса кармап, коштошуп.

– Тоодогу агаларыма...

– Ка-аап!.. Кур барасың го эми аларга. Кантейин садагаң, кош эми, кош!..

Үнү дирилдеп, мууну бошоп, эки көзүнөн жаш кетти.

Кыз байкуш курусунчу! Боорукер келет тура. Болбосо аны менен эч бир тууганчылыгым, жакындыгым жок эле го. Бир элден экенбиз, жердешим деп мага ал түтпөй жатпайбы. Боордошун келбес сапарга узатып жаткансып, мени аяп, көз жашын төккөнүнө менин да сай сөөгүм сыздап, кош айтыштым.

Атым мурда арыгынан араң гана илкип басчу. Бир нече күндөн бери чөбү эшилген булунда ээн-эркин оттогонго бир аз тыңыгансып калыптыр. Батыраак суута жетейин деп темине камчылансам, өпөңдөп желип коёт. «О, берегөр! Суудан эптеп кечип өтөт экем», – дедим ичимден кымыңдап.

Кечүүгө келдим. Бул жактан кандайча кечип, тиги өгүзгө кантип чыгаар экем деп, атымдын тизгинин жыя кармап, ойлонуп бир аз тура калдым. Кочкор суусу мурдагысындай эле шыргалаңдап агып жатат. Аркы өйүз күңүрттөнүп, көшөгөлөнүп, көзгө жакшы көрүнбөйт. Өрөөн бойлоп соккон ызгаардуу желге бети-колум чымырайт.

Аркы өйүздүн жар ташы, таштын суу жактагы боорунда жапайы өскөн көп бутактуу бир түп талы бар. Бул жактан суу кечкен адам ошол таштын так кежигесинен чыгуучу. Жар таштын асты терең, айлантма. Ары-бери суу кечишкен адамдар ошого түшүп кетпесек экен деп коркушаар эле. Арык атым суунун агымына туруштук бере албастан эңкейиштеп барып ошого кирип кетпегей эле деп корконумдан жүрөгүм дирилдеп алып учат. Корккон менен эмне кыла алам? Артымдан куугунтуктаган тиги кара нээт Ырсаалынын коркунучу андан да күчтүү болуп жатпайбы? Кокустан анын колуна илинсем өзүм гана эмес, агаларым да азапка кала турганы көрүнүп турат. Жок, жок, тобокелге бел байлап кантсем да суудан кечишим, өтүшүм керек.

Жар таштын так кежигесинен чыгайын деп, тизгинимди жыя кармап, бутумду көтөрүп, ошол жакка атымды бет алдырып кечип бара жатам. Атым да суунун агымына капталын салып кыбырап басып бара жаткансыйт. Бардык өмүрүм, күн көрүүм, өмүр сүрүүм ошол атыма байланышкан сыяктуу. Ал жыгылса, мен да жыгылганым, сууга акканы, өлгөнү турам.

Мына эми жар ташка жакындадым. Анын боорундагы жалгыз түп талы да дүмпүйүп көрүнүп турат. Аркы өйүздөн адеп кече баштаганымда, ушундай кыя тартып

кечип олтурсам, жар таштын так кежигесинен чыгаармын деп ойлонгом. Бирок, андай болбой калды. Аркы өйүзгө батыраак жетсем деп алдастаган курган жаным суунун агымына атымдын туруштук бере албастан уламдан улам эңкейиштеп кете бергенин билбей калыптырмын. Жар ташка келип каптала түшкөндө гана билип жүрөм. Коркуп кеттим... Атымдын башын жогору буруп, жээкке чыгайын дегенче болбой ал очорулуп айлантма сууга бата түштү. Мен жанталашып, эки колум менен талдын бутактарынын бирине илинип калдым. Жан деген курусунчу! Ажалдан аны аман алып калмакчы болуп, тырышып-тырмышып жатып бир бутумду, андан кийин экинчи бутумду талдын бутактарына илип, жар таштын үстүнө эптеп чыктым. Атымды карасам, жар ташка капталып, андан бери өтө албастан кайрадан аркы өйүзгө карай сүзүп чыкты. Силкинип бир аз туруп, андан ары баскандай болду.

Сарсенбайдын короосуна бардыбы, жокпу, анысын ким билсин, барган болсо же эртеси аттын бүткөн бою шакшактап муз болгонун көргөн болсо шордуу Зулайка кантти экен? Мени сууга агып өлгөн экен деп ошондо да буркурап-боздоп ыйлаган чыгар...

Январь айынын аяк чени эле. Күн суук. «Суудан антип аман калсаң да жаныңды эми мен алам» дегенсип, оңумдан, солумдан да кыштын ызгаардуу суугу улупуңшуп, бети-башымды ургулап, көз ачырбайт. Эми колумду жеңиме, башымды жакама катып, бороонго арка капталымды тосумуш болом. Андан эч бир пайда болбогон соң, ызгаардуу желден алыстайын деп жар таштын экинчи жагына өттүм. Шымым, этек-жеңимдин суусун сыгайын десем сыгылбайт: шакшактап, тоңуп, калдай-

ып колго кармалбай калдыр-кулдур этет. Барар жерим, жылынаар отум жок, эми ушул жерде өлөт экем деп, үрөйүм учуп, оюм-онго, санаам-санга бөлүндү. Балалык чагымдан тартып башымдан өткөргөн жакшынакай сонун күндөрүм, абышкага малча сатылып, атка атказылып жаткандагы шордуу Сакып-Жамалдын боздоп ыйлаган аянычтуу элеси, Кытайга баргандагы оор турмушубуз, андан кандайча кайтып, кандайча Кочкорго келгеним, тоо арасында ач жатышкан агаларым менен бөбөктөрүм, бая жалооруп, кол кармашып, мени узаткан Зулайка – баары да, баары да биринен сала бири келип көз алдымдан өтүп жатты. Мындан ары эмне болорум мага белгисиз. Алды жагым туңгуюк тартып, жөө туман каптап, тар жол, тайгак кечүүдө, өлүм алдында тургандай болом.

«Ой, дүнүйө ай десеңчи! – дейм өзүмө-өзүм арман кылып. Ушундай күнгө дуушар болом деген менде такыр ой жок эле. Эми карабайсыңбы? Мен мында өлүп, туугандарым анда, эки тоонун ортосунда мени качан келет» деп жатып, анда алар өлүшөт экен го? Эмне кылсам болот? Кайда барып, кайда жылынам? Кантейин, азапка туулган бала экем!..»

Түнкү ызгаардуу суук барган сайын күчөп, ээгимди ээгиме тийгизбей калтыратып, көк муштум кылып, үшүтүп жиберди. Ошол кезде караңгы түндү как жарып кайдадыр бир жактан үч-төрт атчан адам чыга келип ичинен кимдир бирөөнүн:

– Эй, жигиттер, мына ушул жар таштын кежигесинен кечели. Кечүүсү мунун ушундай... – деген үнү угулганда мен анын Ырсаалы экенин тааныдым.

«О, жүзүкара! – дедим көңүлүмдөн. – Мага бара жаткан турбайсыңбы? Ооба, мен сага карматаармын! Сага карматкандан көрө өлгөнүм артык».

Жолдош-жороосу менен суудан кечип өттү да, тупадан туура Сарсенбайдын үйүн көздөй жөнөп калды.

«Кой, эми, мында минтип олтура бербейин, кетейин» – дедим. Кеткенде кайда барам? Кайда жылынам? Бул маселеге келгенде жарга капталгансып, эмне кыларымды биле албай турганымда, Кытайга качышкан качкындардын ошол чөйрөдө аңгырап бош калган короо-жайлары эсиме түштү. Эски саман-суманы, чөптөрү бар чыгар, ошого барып жатайын деп ордумдан тура келдим да, жөнөп калдым. Этек-жеңим тоңуп, колдоюп, жүк көтөргөнсүп, оор тартып жакшылыктуу бастырбайт. Ошондо да ал жакка батыраак баргым, алкымдаган ажалдан жанымды аман алып калгым келип, кээде басып, кээде жүгүрүп, короолордун бирине эптеп жеттим. Карасам, чөбү түгүл, саманы жок: аңгырап бош. Балекет болгон экен! Эми эмне кылчумун? Башкасына барайын...

Андан өтүп экинчисине келсем, короонун ичинде алачык турат. Алачыктын жыртык-тешиктеринен жылтылдаган оттун шооласы да көрүндү. Өз алачыгымды, өлөң-төшөгүмдү көргөнсүп ошондогу сүйүнгөнүмдү кой эми! «Качкындар экен, качкындар!» деп акырын басып кирип барсам, эмнени көрөйүн, секелек кыз менен бир жаш бала от жагып олтурушат. Кызынын жашы – он эки, он үчтөрдө, баланыкы – жети, сегизден ашпайт. «Бул кайдагы эме? Бизди өлтүргөнү келген эме го?» деп экөө бирдей бирин-бири кучакташып, бакырып жиберишти.

– Садагалар, антпегиле, ыйлабагыла! – дедим мен аларга үйрүлүп. – Байкеңер болом. Көрдүңөрбү мени,– шакшактап муз болгон кийим-кечемди көрсөттүм. – Суу кечем деп, аттан жыгылып, бүткөн боюм суу болду.

Отуңарды чоңураак жаккылачы! Кургатайын кийим-кечемди...

Менин жамандык менен келбей жакшылык менен келгенимди кыз бала билди окшойт, ордунан туруп, отун ичкериштире кетти. Мен да ага жардамдашып, от жагышып, этек-жеңимди, шымымды отко кактай кеттим. Муздары эрип, суусу коломтого шорголоп агып жатат. Эптеп, отко кактап жатып кийимимди тоборсуттум. Өзүм да жылынып, эс-учумду жыйып, жаным кайрадан өзүмдүкү болгонсуду.

– Садага! – дедим бир аздан соң кызга. – Жалгыз мында эмне кылып олтурасыңар? Ата-энеңер барбы? Алар кайда?

– Энебиз бар.

– Атаңарчы? Бир жакка кетти беле?

Кыз башын чайкады:

Жок, өлгөн.

– Энеңерчи?

– Ырсаалыныкына кетти эле, келбей атат.

Ырсаалынын айылы Ак-Өлөңдөгү атактуу Кулумбай дегендин короо-жайында боло турган. Энеси аныкына барып, жумуш-мумушун кылып, алардын калдык тамак-ашынан түйүнчөктөп алып келип, балдарын эптеп багып жүрүптүр. Дагы да бирдеңке болор бекен деп мына бүгүн да кечке жакын аныкына кетип, эмнегедир кечигип келбей жатыптыр. Элсиз жер, ээн талаада жалгыз калышкан шордуу жетимдер ошого сарсанаа болуп коркуп жатышкан экен. Аны укканымда:

– Келип калаар, садагалар, коркпогула,– дедим мен аларга.

Ошентип кайрат айтып жалынып-жалбарсам да кыздын тынчы кетип, эмнегедир элеӊ-селеӊ этип эки жагын каранат. Чыдап олтура албастан тышка чыкты. «Шордуу кыз эмнеге антет? Кимден коркот?» деп, менин да тынчым кетип, кээде очок түбүндө бүрүшүп олтурган бөбөккө, кээде эшик жакка көз чаптырсам, улагада дөмпөйгөн курумшу кийиздин кыймылдаганы көзүмө чалынды. «Болгондо ити же мышыгы го? Үшүбөсүн деп анын үстүн жаап коюшса керек? – дедим көӊүлүмдө.

Бир кезде:

– Апам келатат, апам! – деген кыздын үнү угулганда бала да жүгүрүп тышка чыкты.

Энеси эшик алдына келип токтоду. Күбүр-шыбыр сөз болуп, кызы ага мен жөнүндө бирдеӊке деп айтты окшойт, «билейинчи мен анын ким экенин» деген аялдын ачуулу үнү угулду. «Балекет болуп балдарымды коркутуп сен кайдан келген эмесиӊ? деп мени үйүнөн куул чыгат экен деп менде жан калган жок.

Аял алачыгына киргенде саламдашып ордумдан тура калдым.

– И, балам, сен ким болосуӊ? Кайдан жүрөсүӊ?» – деди ал суздая мени карап.

Көз чаптырсам, кийим-кечеси начар, жүдөө. Кебетекепширинен эле анын да мен сыяктуу качкындардан экени көрүнүп турат. Кайгы-муӊубуз бир да. Андан эмнесин жашырайын? Ким экенимди, эмне кылып жүргөнүмдү, суу кечем деп атымдан ажырап, сууга агып кете жаздаганымды айтканымда:

– О, шордуу балам! – деп койду ал кайра мени аяп. – Анда сен өлүмдөн аман калган турбайсыӊбы?

Ал да мен сыяктуу ошол жердик элден экен. Кытайдан мында келишкендерине бир нече күн болуптур. Жолдо келе жатканда эри өлүп калыптыр. Чүйгө бара жатышкан качкындарга кошулуп, туулуп өскөн жерине – Ак-Өлөңгө эптеп жетишип, качкан элдин салыктарын таап, эптеп минтип алачык үй жасап алышыптыр. Ырсаалынын айылына жакын барып конолу десе, баягыда бизди кондурбаган сыяктуу, аны да ал айылына жакын кондурбаптыр. Айласы жок, балдары менен жалгыз түтүн ушунда жашап турушкан экен.

Аял бая кечке жакын Ырсаалыныкына барганын, өйүздөгү казактарга барып келчүмүн деп, эки-үч кишисин ээрчитип, ал ошол жакка кеткенин айтканда:

Көрдүм мен аны. Мени кармап келем деп кеткен тура,– дедим.

– Сенде эмнеси бар экен анын? Жакшылык көрбөсүн ал,– деди аял каргап-шилеп. Очоктогу өчүп бара жаткан отту түрткүлөп ичкериштирди да, мени карады. – Эми, кагылайын, сен да бизге окшогон качкындардан экенсиң. Сенден эмнени жашырайын.

Ордунан тура келип, улагадагы баякы мен көргөн курумшу кийизди ача салды:

– Көрдүңбү муну?

Кылчайып карасам, тыбырап анда бир кой жатат. Жаңкы улагадагы «ит» дегеним, көрсө ит эмес, кой экен. Койдун кандайча мында пайда болгонун аялдан уктум. А мындайча болуптур:  Бая кечке жакын Ырсаалынын койлору ушул чөйрөгө жайылып келет. Ошондо бир нече кою короого киргенде, кызы менен баласы бир кебээ козусун шыйрактап алачыгына алып кирип, экөөлөп жыгып, төрт бутун бууп, үстүн курумшу менен жаап коюшуптур.

– Куу тамак курусунчу! Бала болсо да куу тамакты ойлойт тура. Карабайсыңбы булардын эмне кылганын? – деди аял, ушуну айтып келип, мага карады. – Эми, кагылайын эмне кылган менен эркек эмессиңби, эптеп муну союп жибер.

Мурда мен такыр кой союп көргөнүм жок эле. Соё албайм деп кантип айтсам болот? Өзүм да, булар да анда ач жатып калбайбызбы. Эптеп мууздасам, андан аркысын бирдеңке кылармын дедим да, козуну сүйрөп, очокко жакындатып, буттарындагы жиби чечилип кетпесин деп кайрадан бекемдеп байладым. Аялдын берген кыңарак бычагын колума алып, козуну мууздаганымда чоң жумуш бүтүргөнсүп, эс ала түштүм. Шыйрактарын жиреп, терисин сыйрып бүткөнүмдө, эми «мунусун мындай, анысын андай кыл» деп аял да мага колкабыш кылып акыл, кеңешин берип турду.

Козуну эптеп союп бүттүм. «Эми тамак жасайын» деп аял чети кетик кичинекей кара казанын очоктогу таш тулгага асты да, суу куюп, эттен кескилеп ага сала кетти. Эт мына эми кайнап жатат. Аркы-беркиден аңгемелешип сүйлөшүп олтурабыз. Мен ага эки тоонун ортосуна жайланышкан агаларым, бөбөктөрүм, апам, жеңем жөнүндө айтканымда, ал да, баштарынан өткөргөн оор кайгысын айтты. Жаныбызда олтурушкан балдары да укташкан жок. Алардын эси-дарты казандагы этте. Ал качан бышаар экен, качан жээр экенбиз дегенсип, көздөрүн казандан албайт.

Эт бышты. Арык козунун этинин эмне даамы болсун? Даамы болбосо да ач курсакка ал тим эле балдай… Шамшум этип этинен жеп, сорпосунан ичип, ач курсакты эптеп тойгуздук.

– Энеке,– дедим жатмакчы болгонубузда аялга. – Тиги Ырсаалы бай мени издеп жүргөнүн уктуңуз го. Анын көзүнө көрүнбөстөн мен эми таң сүрө бул жерден кетейин.

– Мейлиң, кагылайын, мейлиң,– деди аял.

– Сизден бир нерсе сурагым келет.

– Сура, балам, сура. Колумдан келген жакшылык болсо сенден мен аямак белем?

– Айттым го сизге: бөбөктөрүм тоодо ач жатышат деп. Ошолорго кур барбай ала барып берейин, тиги калган чийки этиңизден азыраак берсеңиз кантет?

– О, берекем! – деди аял күйкөлөктөп. – Өзүң минтип бул жакта куугунтукта жүрсөң да, тууганларыңды ойлонуп жаткан турбайсыңбы. Макул, садагаң, берейин. Эми жатып тук этип уктап ал.

Жатып калдык. Куугунтукта болуп, сууга батып, абдан чарчадым эле, башым жерге тиер замат катуу уктап кеткен экем, чочуп ойгонсом, таң сүрүп калыптыр. Дароо секирип ордумдан тура келдим. Аял да ойгонуп, ордунан туруп, козунун бир сан этин колума карматты. Аны алып, аял менен кош айтышып, тышка чыктым.

Кара тоонун чыгыш жаккы этегиндеги ак чаптын арасы менен суналган жалгыз аяк жолго түшүп, Үч-Кудукту бет ала кетип бара жатам.

Үч-Кудук дегенибиз – какыраган кара таштуу адырдын ортосунда жер киндигине окшогон бөлтөк тоо. Мейли кышта, мейли жайда болсун жел дегениң анын ичине көп анчалык тийчү эмес. Ошонусуна карап ал жерликтер анда кудук казып, суу чыгарып, кыштоо жасап, малдарын кыштатчу. Күн аркан бою көтөрүлгөн кезде мен ошол Үч-Кудукка жеттим. Ээн кыштоолордо койкоңдоп оттоп

жүргөн кекиликтерди көргөнүмдө, кызыгып кетип, уруп алчудай колума таш ала артынан жүгүрөм. Дыр коюп уча качышканда, айласы кеткен там сүзөт болуп, «агаларыма айтайынчы, тузактарын ушунда келип тартышсын...» деп коём өзүмчө.

Үч-Кудуктан өтүп, андан аркы кара жылганын оозуна да жеттим. Мына эми аны өрдөп көтөрүлүп басып олтуруп, туугандарым жайланышкан жыбытка да барып калдым. Жыбыттын бадалы да, шилбилери да көп эле. Алардан сындырып, кыйып келип, алачык жасап алганбыз. Ошол жакка бурулдум. Бөбөктөрүм эми «байкелеп» алдымдан жүгүрүп чыга келишет ко деп толкунданып башымды көтөрүп, алды жагымды карасам, эмнегедир алачыктар жылаңачтанып, сороюп кур гана шилбилери турат. Үстүнө жайылган курумшу кийиздери да, ичиндеги адамдары да көрүнбөйт. Бүткөн боюм дирилдеп, эки көзүм ала чакмактап, араңдан зорго басып барсам, кыбыр эткен жан жок. Айлана жымжырт... «Бирөө келип буларды чаап кеткен экен» деп жүрөгүм оозума тыгыла түштү. Эмне кыларымды, кайда барарымды биле албай туруп калдым. «Кайда кетишти экен? Эми кайдан издейм аларды? Деги эмнеси болсо да аман-эсен болгой эле» дейм кабагым бүркөлүп, каңырыгым түтөп.

Биздин алачыктын жанында бир жалпак таш бар эле. Эртели-кеч мен ошого олтура калып, эки бөбөгүмдү эки жагыма алып ойночу элем. Мына азыр да анда бир аз эс алмакчы болуп олтура кеттим. Оюм учуп алда кайда жүрөт: кээде аларды издеп таап кучакташып көрүшкөндөй болсом, кээде таба албастан көз жашымды көлдөтүп, арып-чарчап, кайра келип ушул жалпак таштын үстүнө олтуруп дарт-арманымды ага айткандай

болом. Башыңа оорчулук иш түшсө, ой чиркин ошентип адамды ой менен тоого учурат тура.

Баягыда мен мындан аттанып жөнөп бара жатканымда бөбөктөрүм: «Байке, кайда баратасың? Качан келесиң? Бизге токоч алып кел» дешип, мени ээрчий басышканы мына азыр көз алдыма келип:

– О, садагалар! Кайда жүрөсүңөр? – дейм көз жашымды кылгыртып. – Мени таштап кайда кеттиңер? Мына мен келдим. А силер жоксуңар. Журтка калган күчүктөй, журтуңарда мына мен минтип, көз жашымды кылгыртып, жалгыз олтурам.

Канчалык кыялдансам да, ойлонсом да анымдан эчтеңке чыгара алганым жок. Убакыт болсо өтүп бара жатат. Күн да чакчайып чак түш болду. «Кой эми, мында минтип бекерге олтура бербейин», дедим. Ордумдан туруп, кыялап басып, сол жагымдагы белеске чыга келип, жылганын аркы өйүзү, берки өйүзүнө көз чаптыра карап турам. Күңгөй жагынын кары эчак кеткен экен. Жери кара. Кокту колоңундагы кыштоолор гана болбосо, ал чөйрөдө эл да, мал да жок. Кыштоолордун биринен сала бирине көз жүгүртсөм, тоо этегиндеги таштанды таш короодо кандайдыр бир алачыктын төбөсү көрүнө түштү. Эмне деген алачык? Кайдан ал мында жалгыз пайда боло калды? Бизден башка да бул чөйрөдө адамдар бар экен го. Же биздикилер ошондойлоп барып конушту бекен? Андай болсо, берки башка алачыктар кайда?

Киши-мишиси көрүнүп калар бекен деп эки көзүмдү ал жактан албастан канчалык карасам да, ары-бери баскан адамды такыр көрө албадым. Жымжырт... «Эмнеси болсо да ага барайынчы, билейинчи аны деп, баягы бир сан этимди көтөргөн бойдон жүгүрүп ойго түштүм. Ала-

чыкка жете берген кезимде жүрөгүм өзүнөн өзү дүкүлдөп, жакшылыктуу баса албай калдым. Бир аз токтоп, эсучуму жыйып, дагы да арылап, алачыкка жакындай бергенимде, эмнени көрөйүн, таш короонун кычыгында эки бөбөгүмдүн баштары тийишип, күнгө какталып өлүп жатат. Бүткөн боюм калтырап, эки көзүм ала чакмактап, бакырып барып басып жыгылдым.

Ооба, мен аларды «өлгөн» экен дегем. Көрсө алар күн чубактап уктап калышыптыр. Чочуп ойгонушуп, «байкелеп» мени кучактай калышты.

– Кагылайын, сен белең? Аман-эсен келдиңби? – деген арт жагымда үн чыгат. Бурула карасам, Сейилкан апам экен. Жагыла-кооп алачыктан чыгып келе жатыптыр. Ага карай жүгүрдүм. Ой, дүнүйө ай, десеңчи! Ошондогу биздин абалыбызды ооз менен айтып берүүгө кудуретим келе албайт. Сейилкан апам мени кучактап буркурап-боздоп ыйлагандай болсо, адам жанына тура алгыс. Көрсө алар мени Ырсаалынын колуна түшүп, бир кырсыкка учураган, өлгөн экен деп ойлошкон экен.

– Апаке,– дедим мен ага,– жеңем кайда? Агаларым бир жакка кетишти беле? Жумабайдын үй-бүлөсү көрүнбөйт ко?

– А, кагылайын, бөтөндүн иши бөтөн тура! – деди ал улутунуп, үшкүрүп. – Жеңең курусун! Ал бизди таштап Жумабайдын уулу менен кетип калды.

Чочуп кеттим:

– Койчу, апаке? Ошенттиби?

– Ооба, садагаң, ошентти.

Көрсө мен кеткенден кийин мындайча окуялар болгон экен. Тамак-аштары түгөнөт. Эмне кыларын биле албай турганда, Жумабай: «Мен эми силер менен бир-

ге тура албайм. Нарында туугандарым бар, ошол жакка кетемин»,– дептир. Агаларым ага: «Кой, антпе!.. Бизди ушул жакка көчүрүп келген сен өзүң элең. Эми бизди ач бел, куу жолдо калтырып, кайда кетесиң? Тирилсек да, өлсөк да бирге бололу. Тиги Ак-Өлөңгө кеткенибиз эмнегедир кечигип атат. Ошол келсин. Андан кийин көчсөк, бирге көчөлү» – дешсе, ал такыр болбоптур.

Жумабай ошол замат алачыгын сыйрып, кийизин, көр-жерин атына жүктөйт, калгандарын үй-бүлөсү менен аркаларына көтөрүп, көчүп алып жөнөйт. Агаларым алар кеткен соң ары ойлонуп, бери ойлонуп, эки алачыкты бириктирип, бир алачык жасап, ушул таш короого көчүп келип конушат да, ач жатып өлгөндөн көрө бирдеңке таап келели дешип, ой жакка – Ак-Өлөңгө жөнөшөт.

Тиги Жумабай болсо мытаамдык кылып алыс кетпептир. Экинчи бир жылгага барып жүгүн түшүрүп, кырга чыгып, булар эми эмне кылышаар экен деп уулу экөө жашырынып аңдып карап турушуптур. Агаларымдын ой жакка кетишкенин көрүшөт да, ошол замат биздикине кайра келишип, жеңемди ээрчитип, аны-мунусун көк эшекке артып, аны да алып жөнөшөт.

– Кагылайын, Бүбүш! Бул эмне кылганың? Үшүнтө турган белең сен бизди? Кетпе булар менен, кетпе! Сен жок мында курган жетимдер эмне болот! Ойлонсоң боло ошону,– деп Сейилкан апам эки бөбөгүмдү эки колунан жетелеп, ыйлап артынан жүгүргөндө, тиги тилеги жок Жумабай мылтыгын сундуруп, атамын деп коркутуп, кайра аларды артына кууптур. Жеңем болсо бир ооз жылуу сөзгө келбестен, кылчайып да карабастан аларга кошулуп алга таман кете бериптир.

Аны укканда кабагым бүркөлүп, ичим уйгу-туйгу болуп:

– О, курган жеңе! – дедим күйүп-бышып. – Бул эмне кылганың? Бизди минтип бозортуп, жетимсиретип, ай талаада эмне калтырдың? Кытай жеринде апабыз антип бизди таштап кетти эле, эми сен да бизди ошенткен, эки тоонун ортосуна калтырган турбайсыңбы. Бизге сен эне да, жеңе да эмес белең? Ысыкка күйүп, суукка тоңуп, кубаныч-шаттыгыбызды, кайгы-муңубузду – баарын тең башыбыздан өткөрбөдүк беле? Аны сен унуттуңбу? Ай, жеңе, жеңе!..

Ушундай түпсүз, терең ойго батып, төмөн карап, үнсүз-сөзсүз олтурганымда, Сейилкан апам:

– Айланайын балам, эмнеге анчалык? – дегенде гана башымды көтөрдүм. – Кеткен катын кетти,– деди апам сөзүн улап,– эми ага эмнеге кайгырабыз? Өлмөк белек? Биздин да көрөр күнүбүз, ичээр суубуз бардыр. Деги агаларың аман-эсен келишсе экен. Ошого сарсанаа болуп жатам. Алар бирдеңке болушса, анда биз кантебиз? Куруйбуз го.

Алардын Ак-Өлөң жакка качан кетишкенин сураштырсам, эки күн өтүп, үчүнчү күн болуптур.

– Келип калышаар энекебай, коркпоңуз,– дедим мен ага кайрат айтымыш болуп. Анткени мен ал жакта аларды Ырсаалынын издеп жүргөнүн мен жакшы билем да. Анын колуна түшүп калдыбы деп да корктум.

Алачыкка кирдик. Эки бөбөгүмдү эки тиземе олтургузуп карасам, ачарчылыкка учураган шордуу балдардын беттерин ак шишик басыптыр, көздөрү гана алайып жылтырайт.

– Байке, эмне алып келдиң?

– Куржунуң кана? – дешип мени жалдырай карашканда, эмне десем болот, жүрөгүм зырпылдап, аларды аяп, эрксизден эки көзүмдөн жаш кылгыра түштү.

– Садагалар, эт алып келдим, эт! – деп колтугумдагы баякы бир сан этти көрсөткөнүмдө, «эт жейт экенбиз, эт» дешип, эси-дарты тамакта болгон шордуулардын ошондогу кубанганы күнү бүгүнкүдөй көз алдымда.

Сейилкан апам таш тулгасына казанын асып, от жагып, суу куюп, кескилеп этти ага салды. От жагышып мен да ага жардамдаша кеттим. Бөбөктөрүм да мени көрүп, алар да ары-бери чуркашып, очокко от жагышып жүрүшөт.

Бир кезде эт бышты. Сейилкан апам казандан этти чыгарды да, бизге бөлүштүрө келип, мунусун агаларың келсе жешсин деп, бир жилигин четке алып койду. Шордуу кемпир кантсин? Бала деген кыйын тура! Анын бардык ою, бардык үмүтү – ой жакка кетишкен уулдарында болду.

Күн кечкирип, түн түштү. Кечте иче турган тамагыбыз жок, күндүзгү ичкенибиз бойдон жатып калдык. Менде эмненин уйкусу? Үй-бүлөбүздө болуп жаткан оор абалды көрүп, кайгылуу кабарды угуп кантип уктасам болот? «Куу кекиртек – секиртет» болуп анын айласы үчүн жортуулдап кайдадыр бир жакка кетип жоголгон агаларымды ойлоном. Ойлонгон сайын оюма ар кандай коркунучтуу нерселер келе берет. «Аман болушса эмгиче келишет эле го? Бир балекет болгон го. Антишсе биз кайда барабыз? Кантип оокат кылабыз? Апам менен бөбөктөрүмдү кайда алып барам?» деп кайгырып, ары-бери оонап, уктай албайм.

Бир кезде кайдадыр бир жактан кытыраган табыш чыккансып калды.

– Кагылайын, Кара тоголок,– деди Сейилкан апам мага. Көрсө ал байкуш да мен сыяктуу, ойго батып уктай албай жаткан экен. – Уктуңбу, садаган, тиги табышты? Агаларың болуп жүрбөсүн, чыгып карачы.

Ордумдан секирип тура келип тышка чыксам, Ай чакчайып так төбөгө келип калыптыр. Ой жак ала көлөңкө тартып, күүгүмдөнүп, көзгө илешкен эч нерсе жок. Бирок жаңкы табыш барган сайын бизге жакындап, жогорулап келе жатат.

Апам да чыдап жата албастан тышка чыга келди. Экөөбүз тең ой жактан көзүбүздү албай карап турганыбызда, Айлуу түндүн кучагынан суурулуп, бирдеңке жетелеп, эки адам чыга келди.

Апам алга адымдап, чыдай албастан кыйкырып жиберди:

– Кагылайын, балдарым, силерсиңерби?

– Ооба, апаке, бизбиз.

– Келе жатабыз.

– Садаган, садага болоюндар! – деп шордуу кемпир шашкалактап аларга карай жүгүрөм дегенде коңултак кийген эски, жыртык кепичинин бирөө бутунан ыргып кетти. Ага ал караган жок, агаларыма жетип, аларды алмак-салмак кучактап, өпкүлөп, бышактап:

Үч күндөн бери силерди ойлоно берип, чачтарымдын агарбаган жери калган жок, кагылайындар,– деп бурула мага карады. – Мына, Кара тоголгум да келди. Баарыбыз тең кайрадан баш коштук. Бактым бар экен, бактым... Арманым жок эми!

Агаларым менен мен да учураштым. Бир семиз уй жетелеп алып келишиптир. Аны кантип, кайдан алышканы жөнүндө алар төмөнкүлөрдү айтышты.

...Кочкор суусунун аркы өйүзүндөгү казактарга бармакчы болуп ойго түшүшөт. Бирок караңгы түндө суудан кантип өтөөрүн биле алышпайт да кайра тартып, Ырсаалынын айылына келишкенде, таң аппак атып кетип, айталаада жатып, күндү өткөрүшөт. Түн түшкөндө айылды алда нече ирет тоорушса да, колдоруна эчтеңке түшүрө алышпайт. «Кой эми, мындан биз эчтеңке ала албайт экенбиз. Андан көрө мунун уйларына баралы. Балким ошол жактан бирдеңке болуп калгысы бардыр» дешип, Ырсаалынын көл боюндагы уйларына келишет. Көл бою ал кездерде калың чычырканактуу, бадалдуу, чийлүү булуң боло турган.

Булуңдун көлгө барып такалган жери саздак келип, чөп дегениң тизеден келчү. Камышы да ыргалып, көргөн жанды суктандырчу. Арык тукумдардын байлары кашаа жасап, кыш мезгилдеринде уйларын ошондо кыштата турган. Ырсаалынын уйлары да ошол жактагы кашаалардын биринде экен.

Түн болсо да, алар өтө сактык, этияттык менен жүрүп олтурушуп таң ата Ак-Өлөңдүн аягына жетип, чычырканактуу калың токойго бекинишет. Таң атып, Күн уясынан көтөрүлгөндө бадачы кашаасынан бир топ уйду айдап чыгып, калың чийди аралата жайганда, «өкүнүчтө болбостон өңүп аталы» деген мергенчилердей, булар да уйларды өңүп калат. «Эми уйлар кайда кетмек эле? Күндүзү аларды ким алмак эле?» дегенсип, бадачы үйүн көздөй жөнөгөндө, агаларым да чийден чийге, бадалдан бадалга өтүп, өңүп барып, Ырсаалынын бир семиз уюнун

мүйүзүнө чалма ыргытып, кармашат да жетелеп барып, чычырканактуу токойго байлашат. Кокустан уюн издеп келип бул жерден таап алса, бизди көрүп койбосун деп өздөрү бөтөн жакка барып жашынышып, акмалап карап турушат. Бадачы кайра келип уйларын алыстан көзөмөлдөгөнү гана болбосо, кайсынысы барын, кайсынысын жогун аралап текшербейт.

Күн кечтегенде уйларын ал чогултуп, үйүнө карай жайып барып кашаасына киргизгенде агаларым да жүгүрө басып уйга жетип, аны жетелеп качып жөнөшөт. Баякыдай, биздин изибизди кууп таап алышпасын деп, издерин буйтатып, Оттук жагына өтүп, андан барып какыраган кара таштуу адырга түшүп, тоо этектеп жүрүп олтуруп, эптеп минтип бизге таң сүрө жетишкен экен.

Жумабайдын жеңемди алып кеткенин угуп, ага да, аны менен кеткен жеңеме да алар ызырынып, наалат-каргыштарын айтып тим болушту. Андан башка ага кылар аларда да айла калган жок эле!

Эки күн, эки түн дегендей, тыным көрбөстөн ызгаардуу суукта, ай-талаада кезээрип жортуулдап ачка жүрүү оңойбу? Эриндери кебээрип, өңдөрү тотугуп аябай үшүшкөн экен.

– Өпкөмдү чабайындар, от жагайын, жылынгыла. Курсагыңар да ачка чыгар. Тамак ичип алгыла,– деди Сейилкан апам чебеленип. Ордунан туруп, аларга деп калтырган баякы этти алардын алдына койду.

– И, апаке,– деди Жээнбай абам аны көргөндө жылмайып,– бул эт кайдан чыга калды? – Бурула мага карады. – Болгондо Кара тоголок алып келген го?

– Ооба, кагылайын.

– Садагам, Кара тогологум,– деди Жээнбай агам толкунданып,– сен да бизди эсиңен чыгарбапсың го?

Башка сөз айтууга чамасы келе албастан, башымдан акырын сылап койду.

Эки агам этти шам-шум этип жешти да:

– Соёлу эми уйду.

– Соёлу,– дешип ордунан тура келишти.

Баарыбыз да тышка чыктык. Таң да аппак атып калыптыр. Уйдун төрт бутун бууп, түрткүлөп жатып жыгып, Жээнбай абам аны мууздай баштаганда, Сейилкан апам:

– Балам, кагылайын, муздоо канын жерге агыза көрбө, мен бирдеңке тосоюн,– деди.

– Жарыктык десе!.. Тоскондо аны эмне кыласың?

– Тамак минтип көзүбүздөн учуп жатканда бул да болсо тамак да. Кууруп берейин силерге, кууруп!..

– Апаке! – деди Молдалы агам сөзгө аралашып күлүп, ага карап,– Молдолор айтчу эмес беле: малдын муздоо каны арам болот деп. Арам тамакты кантип жейбиз?

– А, кагылайын! – деп койду апам да жылмайып. – «Чала молдо дин бузар» деп, ал бир анткор молдонун айтып жүргөн иши го. Болбосо, малдын каны арам, эти адал болмок беле? Жесе, баары да адал.

Сейилкан апамдын сөзүнө да, өзүнө да ыраазы болуп баарыбыз тең каткыра күлүп калдык.

Бөбөктөрүм ойгонуп, орундарынан тура келип, тышка чыгып, союлуп жаткан уйду таңыркай карап турушканда апам аларга куурган канынан салып экөөнө эки чөйчөк карматты да:

– Эми, алдыңа кетейиндер,– деди да, баш көтөрүшпөстөн бышылдап-күшүлдөп уй союп жаткан агаларыма

кайрылды. – Этиңерди жиликтеп бузгула. Мен аны четинен туздайын. Антпесек, мынча көп эт бузулуп кетээр.

Ун, талканыбыз жок, жалаң гана эт менен жан сактаган жанбыз да. Эт боло калса, кереги тиер деп жүргөн апамдын бир чоң кесек тузу бар экен, таш ала чуркап келип мен аны талкалай кеттим. Агаларым жиликтеп берген этти апам да бир четинен туздап, короого жип тартып, ага салаңдатып илип жатат. Кичине казаныбызга толтура эт салып бышырып жеп, ач курсакты бир тойгуздук.

## XVII

Бир нече күн өттү. Март айынын орто чени да болуп калды. Этибиз али да болсо көп. «Ушу этибиз барында Чүйгө эптеп жетсек» деген ой баарыбыздын тең жүрөгүбүздө. Бирок жөөбүз, унаабыз да жок. Кайда барабыз? Кантип кетебиз?

Ушинтип кандай кылар айлабызды таба албай турганыбызда, бир күнү үстүбүзгө үч-төрт атчан келип калса болобу. Бирөөнүн асынган бараң мылтыгы бар. Аттарынан түшүрүп, алачыкка киргиздик. Алачыктын ичи да, сырты да толгон эт эле. Жолоочулар аны көрүшкөндө таңыркаша бирин-бири түртүшө карашып, ооз учунан шыбырашып коюшат.

Сураштырып алардын ким экенин билдик. Семиз-Белдик Ондон деген элден экен. Бирөөнүн ысмы али күнчө эсимде: Жайык деген киши эле. Кийик уулап чыгышыптыр. Кырда туруп, ойдогу алачыгыбызды көрүп, ким болду экен, барып билели деп, ойго түшүп, бизге келишиптир.

– Келгениңер жакшы, келгениңер,– дешип, агаларым аларды урматтап узатышты.

Бул чөйрөдө агын суу такыр жок эле. Мында келгенден бери кардын суусун иччүбүз. Жаз жакындагандан бери кар да түгөнүп, тескей жагыбыздагы жылбыт-жылгалардагы бадалдардын түптөрүндө тыгылган бирин-серин карлар гана калган. Экинчи күнү эки бөбөгүмдү ээрчитип кар алып келмекчи болуп, кап көтөрүп, ошол жылгалардын бирине бардым. Аларды арысы ойнотуп, бериси – кар шилетип кабыма салдырып жатсам, үстү жагымдан кандайдыр бир табыш чыгып калды. Башымды көтөрүп карасам, кимдир бирөө кырдан бери бизди көздөй түшүп келе жатат. «Ким болду ал? Кайдан келе жаткан эме?» деп таң кала караганымда, балдар да аны аңырая карап калышты. Аңгыча болбой ал да келип жетти. Жашы эки ондон ашпаган жаш келин экен. Башында ак жоолугу, бутунда териси түлөгөн, майрык кара өтүгү, үстүндө эски жыртык чапаны бар. Кебете-кепширине караганда жароокер, жайдары бир келин экени байкалып турат. Көптөн бери көрүшпөгөн таанышыбыздай эле ал мени менен учурашып, бөбөктөрүмө да айланып-үйрүлүп өпкүлөй кетти. Буга мен таң калып сурадым:

– Эжеке, ким болосуз? Кайдан келе жатасыз?

– Силерге садагаң, силерге.

– Эмнеге? Жумуштаппы?

– Сенде эмненин жумушу, садагаң? Силерге бүлө болоюн деп келдим.

Сейилкан апама жардамчы адам керек болуп турганда, анын бизге «бүлө» болом деп келгенине ким кубанбайт? Чынымды айтайын, качкан жеңем кайрылып кайта келгенсип:

– Жүрүңүз, эжеке, үйгө баралы,– дедим мен ага кудуңдап. Жыйнап алган карымды аркама шашкалактап көтөрүп жатсам, ал:

– Мага бер, кагылайын,– деп колумдан капты алды да, өзү көтөрүп алды. Бөбөктөрүм болуп баарыбыз тең кайрадан үйгө кетип бара жатабыз. Алачыкка жакындай бергенибизде кубанчымдан чыдап тура албастан кыйкырып жибердим:

– Сейилкан апа!.. Сейилкан апа!!

Көр оокаттын камын жеп алачыкта олтурган апам, буларга бирдеңке болдубу деп, ал жактан суурулуп чыга калды:

– Эмне, садагаң, эмне болду?

– Сүйүнчү, апаке, качкан жеңемдин ордуна минтип башка жеңе таап келе жатам.

– Болсун, кагылайын, болсун! – Темтеңдеп алга адымдап, аны каршы алып, өз кызындай кучактап бетинен өптү. – Кел, балам, кел!..

Келинди алачыкка киргиздик. Аты-жөнүн, ким экенин, кайдан келе жатканын сураштырсак, тоо аркасында жашаган бирөөнүн токолу Салыйма деген келин экен. Токолдун ичээр суусу, көрөр күнү белгилүү го. Күндүзү эринин атын токуп мингизсе, кечкисин маасысын тартып, чечиндирип, төшөгүнө жаткызчу экен. Жумшап алган күңүндөй, байбичеси да анын жанын жай таптырбаптыр.

Жолдош-жоросу менен кечээки бизге келип кеткен Жайык деген киши аларга коңшу экен. Кечте ал үйүнө кайтканда бизде болгонун айтып келип:

– Ботом! Бүгүн биз бул тоонун аркы оюнан карыган энеси, ортон колдой үч бойдок уулу бар бир үй-бүлөнү

көрдүк. Чүйлүкпүз дейт. Алачыгынын ичи да, сырты да толгон эт экен,– дептир.

Салыйма анын айткан сөздөрүн тыштан тыңшап угуп калат. Биздин кайда, кайсы жылгада экенибизди да билет. Эринен канткенде кутулуунун айласын таба албай жүргөн шордуу келин: «Кой эми, мен минтип буларга кор болуп жүрө бербейин, качайын. Жаңкы кемпирдин үч уулунун бирөөнө барып тийип алайын»,– деп аркасына кап көтөрүп, үйүнөн чыгат. Ар кайсы жерден тезек теримиш болуп жүрүп олтуруп, белди ашып, андан бизге карай качкан экен.

Аны укканда Сейилкан апам:

– Кагылайын балам,– деди издеген жогу табылгансып, күлүңдөп, сага окшогон бүлө бизге да керек болуп жатканда келгениң жакшы болду. Мына эми бул үй – өз үйүң, өлөң төшөгүң. Өзүң билип, өзүң тамак-ашты бышыра бер.

Салыйма өтө илбериңки, шамдагай тыкан келин экен, ордунан дароо тура келди. Өзүбүз менен дайыма бирге алып жүргөн чети кетик кол казанды алачыктан алып чыгып, тыштагы таш тулгага асып, кар салып ээрите кетти. Жээнбай абам да ага кескилеп эт салып жатат. Бүлөбүзгө бүлө кошулганга, өлгөнүбүз тирилгендей, баарыбыз тең кубанычтабыз. Бизден да көбүрөөк кубанычта болушкан Жээнбай абам менен Молдалы агам. Көздөрүнүн кыйыгы менен күлүңдөшө келинди улам-улам карап коюшат.

Этти бышырып жеп, жатар мезгил да жакындады. Сейилкан апам эки жагын каранып, чекесин тырмалап, ойлонгонсуп, бир аз турду да, мага бурула карады:

– Кагылайын, Кара тоголок! – Салыйма жакка кашын серпти. Бул олтурган жеңеңди өзүң таап, өзүң алып

келдиң. Эми мындан аркысын кандай кылсак болот? – «Кимибиздин шыбагабызга бул келин тиер экен» деп, өз ичтеринен кымыңдашып үнсүз-сөзсүз олтурушкан эки агама алмак-салмак карап алды. – Бул олтурган эки агаңдын бирин жакын, бирин алыс көрбөйм. Мага экөө тең бирдей. Аларды сен да ошондой көрөрүңө мен ишенем. Кимисине берсек болот, жеңеңди? Аны да өзүң бил, берекем. Сен айткандай болсун.

Апамдын акылы мол адам эле. Анын акылы, берген кеңеши менен биз минтип далай кырсыктан аман калып жашап келе жатпайбызбы.

– Апа! – дедим мен ага. – Улуу агасы турганда, иниси мурда үйлөнмөк беле? Жол – Жээнбай абамдыкы, Салыйма жеңем анын өмүрлүк жолдошу болсун.

– О, садагаң! – деди ал толкунданып. – Сенин ушунтүп айтаарыңды мурда эле билгем. Ракмат, садагаң, ракмат. – Жээнбай менен Салыймага алмак-салмак көз чаптырып, кайрадан мага бурулду. – Эми булардын никесин кантебиз? Никесиз эрли-зайып болуша албайт ко. Никесин да эми сен өзүң кый, садагам.

Мурда мен нике кыйып жүрбөсөм, нике кыйдырып үйлөнүп да көрбөсөм, кантип кыйсам болот никени? Кыя албайм десем, бул экөөнүн өмүрлүк жолдош болушуна, Сейилкан апамдын жаркыраган кубанычына, мен каргаша болгону турам. Эми кантсем? Эмне кыларымды биле албай туруп калдым.

– Кагылайын, эмнеге унчукпайсың? Молдолордон окуган, алардан аздыр-көптүр таалим алган сенден башка мында кимибиз бар? Ошент, балам, ошент, никесин кый.

Күндөрдүн биринде айылыбызда бир молдонун нике кыйганын көргөнүм бар эле. Ошол эсиме түшүп, мен да ошондой кылайын деп:

– Макул, апа, мага идишке суу бериңизчи,– дедим.

Апам чөйчөккө суу куюп колума карматты. Мен аны оң колума алып: «Таалайга бөлөнүп, эрли-зайып болуп, ынтымактуу өмүр сүргүлө...» деп, аларга карата болгон жакшы ой-тилегимди ооз учуман күбүрөп, эки-үч курдай чөйчөктөгү суугa үйлөдүм да, Жээнбай менен Салыймага карматтым. Сууну алар алмак-салмак ууртaшып, Сейилкан апама кайтарып беришти. Ал менин эмне деп, эмне окуганымды кайдан билсин? Курандан окуду деп ойлонду окшойт, кабагы жаркылдап, чөйчөктү колуна алып, ордунан тура келип, уулу менен келининин баштарынан айлантты да, суусун төктү.

– Кагылайындар,– деди уулу менен келинине,– бактыңар ачылсын, кайда барсаңар да жүзүңөр жарык, көңүлүңөр куунак болсун. Башка эмне дейин? Апаңардын бардык тилеги ошол. – Дагы да эмне айтсам дегенсип, ойлонгонсуп бир аз турду да Салыймага карады. – Келин балам, илгертеден бери келе жаткан кыргыз элинин жакшы салты бар. Башыбызга канчалык кыйынчылык түшсө да, аны таштоого болбойт. – Молдалы агама карай колун жаңсап койду. – Бул олтурган жаш жигит күйөөңдөн кийинки балдарымдын эң улуусу. Жорук-жосун боюнча сен аны «уул» деп жүргүн. – Андан соң мен жакка бурулду. – А бул болсо, аздыр-көптүр окуган, ак-караны тааныган балабыз. Муну да атынан айтпай «молдо бала» дегин. А буларды болсо,– деди эки бөбөгүмө алмак-салмак көз чаптырып,– мунусу,– деди Абдыбекке,– тигинисинен бир

жарым жаш улуу. Аны «ортончу бала» тигинисин «кичине бала» деп айтаарсың.

Күйөөгө чыгып, босого аттап, үйгө кирген жаш келиндердин үй-бүлөдө өзүн-өзү кандайча алып жүрүү жорук-жосунун ошентип айтканда Салыйма да «макул, ошентейин» дегенсип башын ийкеди.

Сейилкан апам сөзүн улады:

– Эми балдарым, эмне кылалы дейсиңер? Жатасыңарбы?

– Уктайлы,– дедик баарыбыз тең добуш салып.

– Жок, антиш болбойт,– деди ал башын чайкап,– уктайбыз деп эртеңки Күн чыкканга калсаңар, анда кармалабыз. Бир бүлөсүн качырып Ондон эли үйүндө тынч жатып алмак беле? Келишет алар эртең. Алар келгенче түнката биз да бир жакка качпасак болбостур.

Бул акылды баарыбыз тең макул көрүп, Кызыл-Омполду көздөй кайрадан кетмекчи болдук. Бирок кеткенде аяк улообуз жок. Идиш-аяк, жууркан-төшөгүбүздү, уюбуздун терисин, этибизди кантип ал жакка алып кетебиз? Башыбыз маң болуп, эмне кылаарыбызды билбей турганыбызда, Сейилкан апам дагы да мындай деди:

– Кагылайын балдарым, ага анчалык эмне кыйналасыңар? Этиңер менен териңерди, бирин-экин оор жүгүңөрдү мындай алып чыгып, ташка корумдап каткыла. Барып жайланышкан соң кайра келип аздап ташып аласыңар.

Апамдын айтканындай, көтөрө албаган оор жүктөрүбүздү ошентип ташка корумдап каттык. Калгандарын бөлүштүрө аркалап көтөрүп алып, таң сүрө таш короодон жөнөмөкчү болгонубузда Сейилкан апам:

– Балдарым, бир аз токтогулачы! – деди да артына бурула карады. – Кош, кагылайын таш короом, кош! Бүлөбүзгө бүлө кошуп, сен бизге ак жолтой болдуң. Мындан ары карай да жолубузду шыдыр, жолдошубузду кыдыр кыла көр. Кош, кагылайын, кош!..

* * *

Жылганын оозуна чыкканыбызда Топурак-Бел жакка бурулуп, аны басып өтүп, Кочкор суусуна келип жеттик. Эми мындан кантип кечип өтөөр экенбиз деп элең-селең этип эки жагыбызды каранып турганыбызда, ишибиз оңдой берди болуп, кайдадыр бир жактан шаңгыр-шуңгур эткен үн чыгып калды. Кылчая карасак, Орто-Токой бекети жактан ямщик кыргыз жигити бир атын минип, эки атын алдына салып айдап алып Балыкчыга карай кетип бара жатат. Көрсө жаңкы шыңгыраган табыш аттарынын моюндарына тагылган коңгуроолорунун үнү экен.

– Кагылайын, Кара Тоголок! – деди Сейилкан аны көргөндө чебеленип, мага карап. – Агаларың барса макул болбостур, мен барайын. Аңгыча сен барып аны эптеп токтот!

Мен жүгүрүп жетип ямщикти токтоттум. Сейилкан апам да эки колуна эки бөбөгүмдү жетелеп, бөкчөңдөй басып, үшкүрө-бышкыра келип жетти.

– Айланайын балам,– деди ямщикке. – Сенин да мага окшогон энең,– бозоруп, ыйламсырап, жанында турган эки баланы көрсөттү,– буларга окшогон бөбөктөрүң же балдарың да бардыр. Батамды берейин, балам, аттарың менен бизди тиги өйүзгө өткөрүп кой. Турпандан келе жаткан качкынбыз.

Апамдын жалынычтуу сөзүн угуп, балдардын кебете-кешпирин көрүп аяды окшойт, ямщик:

– Макул, энеке, өткөрөйүн,– деди.

Аттарын айдап келип, жүк-мүгүбүз менен бизди ал суудан өткөргөндө, миңдеген алкыштарыбызды айтып аны менен коштоштук. Андан ары жөнөп, Кызыл-Омполдун жылжып аккан булагы бар «Ачык-Таш» деп аталган жылгасына келип жайланыштык. Тиги журтубузда калган уйдун терисин, этибиз, аны-мунубузду эки-үч курдай барып агаларым алып келишти. Адеп барышканда алар, короонун айланасынан аттардын издерин көрүшүптүр. Аны айтышканда, апамдын акылы менен ал жерден ошол түнү кеткенибиз ырас болгон экен деп кубандык. Болбогондо Салыйманы издеп келишкен куугунчулардын колдоруна биз да, ал да түшмөкчү экен.

* * *

Март айы аяктады. Мал кыштаткан казак байлары кайрадан өз-өз жерлерине көчө баштаганын кыркырларга чыгып алыстан көрүп турабыз. «Биз да эми Чүй жакка кетсек» дегендей болсок, эки көзүбүз төрт. Бирок кантип кетебиз? Аяк улоо болорлук эчтеңкебиз болбосо, жууркан-төшөк, аны-мунубузду ал жакка кантип алып кетебиз? Ушул маселе күн-түн дебей биздин тынчыбызды алат.

Аш катыктап, үнөмдөп жеп келе жаткан этибиз да түгөнө жаздап калды. Мурда андан казанга кадимкидей салып жесек, эми шорпо-шилеңдеп кана жей турган болдук. Дан болбогон соң кур шорпо анчалык кубат болбойт тура.

– Кагылайын, балдарым,– деди Сейилкан апам бир күнү наалып,– этибиз да эми түгөнө турган болду. Ал түгөнсө, анда кантээр экенбиз? Эптеп аяк улоо болоорлук бирдеңке таба алар бекенсиңер? Чүй өрөөнүнө эптеп жетпесек, бала-бакыра менен бул жерде куруйбуз го?

– Аракет кылалы, апаке.

– Табылып калар,– дешти агаларым да.

Өзөк жалгарлык эт бышырып алып, коюндарына катып, агаларым кандайдыр бир жакка кетишти. Бир күн өттү, эки күн өттү. «Мынчалык эмне кечигишти? Балекет болуп бир кырсыкка учураштыбы?» деп коркунучта турганыбызда түн катып алар да келип калышты. Кур кол келишпептир: бир аты бар. Аны алар, Казакстанга кайра көчүп кетип бара жатышкан байлардын артынан Байдамталдан кууп жетип, түн түшкөндө бир атын мине качышкан экен.

Экинчи күнү таң атар менен агаларым атка уйдун терисин артып: «Эми сен муну Карагоонун базарына сатып, акчасына жолдук эгин-тегин алып кел» дешип, үстүнө мени мингизишти. Жөнөй бериримде Сейилкан апам колумду кармап, өөп:

– Кагылайын, балам, берекем,– деди алсыз үнүн дирилдетип. – Кеңешимди ук: базарга бара жатасың. Анда ар кандай адамдар болот. Сак бол, балам, сак бол! Угар кулагың, көрөр көзүң болсун, башка эмне дейин? – Андан соң көктү карап эки колун жайды. – О, Кудай!.. Анык бар болсоң, Кара тогологумду кайрадан аман-эсен келтире көр! Ошент, Кудайым, ошент!..

Картайган кезинде башынан далай оорчулук, далай кыйынчылыктарды өткөрүп, кайгы-муңга баткан шордуу апамдын эки көзүнүн айланасында жөргөмүштүн

желесиндей токулган баш-аламан бырыштары көбөйүп, кабагы чытылып, өтө эле мага аянычтуу болуп көрүндү. Чыдап тура алган жок, ыйлап жиберди.

– Апакебай, эмнеге ыйлайсың? Ыйлаба антип!.. Эчтеңке болбойм. Келем кайра бат эле, келем,– дедим мен ага.

– А, алдыңа кетейин! – деди ал үшкүрүнүп, көз жашын сүртүп. – Силерге билгизбегеним менен өзүмө маалым: ооруулумун. Барган сайын абалым начарлап бара жатат. Билбейм, мындан кийин сени көрөмбү, жокпу?

– Анте көрбө, апаке, көрүшөбүз, кайыр кош!..

Апам менен коштошуп, атымды шарт камчыланып, алга таман жөнөй бергенимде бөбөктөрүм – Абдыбек мене Идрис да ойгонуп, ордунан тура калып, мени көрүп:

– Байке, кайда бара жатасың?

– Токоч алып кел, токоч! – дешип жалооруп артымдан ээрчий басышканда: «О, байкуш бөбөктөрүм, бир кесим нанга зар болуп куруйсуңар го, деп сай-сөөгүм сыздап, эрксизден эки көзүмдөн жаш кылгыра түштү.

Бул оор окуя мага оңой таасир калтырган жок. Бүткөн боюм толкунданып, эки көзүм ымыр-чымыр болуп, араңдан зорго эңкейиштеп эптеп бастырып, ойго түшүп, капчыгай менен суу бойлоп кетип бара жатам. Тилеги жок бирөө болбосо бирөө кезигип калып, оодара тартып атымды да, теримди да алып кетпегей эле деп элең-селең этип эки жагымды каранам. Жер ээн... Эч ким жолуккан жок. Кубакынын оюнан суу кечип, аркы өйүзүнө өтүп, кара жол менен жүрүп олтуруп түш оогон чакта Караго-онун базарына жеттим. Базардын эли тарабаптыр: котологон эл да, катар тизилген арабалар да, байланган бирин-серин малдар да тургансыйт. «Жок, жок, артын-

ганым менен араларына тике бастырып барбайын. «Кайдан алдың? Кайдагы тери бул?» деп бирөө болбосо бирөө сурап калса, эмне деп жооп берем? Андан көрө атымды да, теримди да ушул ченге калтырайын да, эң обол өзүм барып, астыртан сураштырайын. Тери алуучу адам таап, ээрчитип келип, ушул жерден ага аны сатайын» дедим.

Төбөсү түшүп, түркүктөрү гана соройгон бир тамга атымды киргизип байлап, теримди түшүрдүм да, өзүм илкип басып базарына бардым.

Базарчылардын көпчүлүгү качкындар. Алакандарын жайып, дар-армандарын айтып, кайыр сурагандары да бар. Ала чапан кийген, топучан өзүбек, уйгурлар да жүргөнсүйт. Байсоорун жактан эгин тартып келген дыйкандар болуу керек, кире түбүндө эки-үч араба турат. Арабалардын айланасында байманчактап каптарын кармалаган адамдар... «Булардын кимисине айтсам? Кимиси алар экен теримди?» деп элеңдеп эки жагымды каранып, ойго батып тура калганымда, так жанымдан кимдир бирөөнүн үнү угулуп калды:

– Кара тоголок, сенсиңби? Кайдан?

Бурула карасам, баякы биздин кыйыр тууганыбыз Ысрайыл экен. Ээгинде сербейген чокчо сары сакалы бар, эки көзүн кымыңдаткан, кызыл жүздүү адам болучу. Козголоңдон мурда биздин айылга көп келгенин билем. «Бул өзү калпты чындай, аксакты тыңдай кылып сүйлөгөн ант урган эме» дешип ошондо карыялардын айткандарын да уккам. «Эмне кылган менен бизге тууган эмеспи, ушундай оорчулук башыбызга түшүп жаткан кезде бизге жардам кылар, теримди сатышып берер» дедим өз ичимден. Ал-жай сурашып бир аз турган соң, мен ага жашырбастан болгон иштерди айттым: атым менен

теримди кайда, кайсы тамда калтырганымды да колумду сунуп алыстан көрсөттүм.

– Абаке,– дедим мен ага жалооруп,– бая мен сизге айттым го: туугандарыңыз тиги жакта ачарчылыкка учурап тоо арасында өлүм алдында жатышат деп. Теримди сатышып бериңиз, акчасына тамак-аш сатып алып, бүгүндөн калбай кайра кетейин.

«Макул» дегенсип ал күлүңдөй башын ийкеп койду. Ошол кезде кимдир бирөө мени шап колдон алса болобу:

– И, жубарымбек, кайдан мында келе калдың? Агаларың кайда? Сени биз сууга агып өлгөн экен десек, тирүү турбайсыңбы?

Чагылган мени соккондай, жүрөгүм оозума каптала түштү. Бурула калсам, Ырсаалынын кенже уулу Жулкунбай экен.

– Билбейм кайда экенин?

– Кантип билбейсиң? Алардын атын минип, казактарда жүргөнүңдү билесиң да, өздөрүн кантип билбей калдың экен? Мунуңа ким ишенет? Билгизебиз сага, таптырабыз сага аларды... Сени эми биз айдап кетебиз.

Эки киши экен, эки колумду дароо аркама байлашты. Тууганчылык кылып, мага болушуп, мени айдатпай аман алып калар бекен деп ыйламсырап:

– Абаке,– дедим мен Ысрайылга,– буларды карачы эмне кылып жатышканын? Кой деп койсоңуз боло!

– Эмне кылмак элем мен? Бирге барып, агаларыңдын кайда экенин айтып бер,– деди ал олурая мени карап.

«Жаман туугандан көрө жат жакшы» деген кептин төгүнү жок тура. Көзүмө караан, өбөк-жөлөк болоор деген кишим ошол сөздү айтканда, эмне десем болот?

Ичим туз жалагандай ачышып, муунум калтырап, эки көзүмдөн жаш кетти.

– И, эмнеге ыйлайсың? Ыйың менен сен мени коркута албайсың. Бас дегенде, бас алга! – деди тиги тилеги жок Жулкунбай жулуна мага олоңдоп.

Мени айдап алып жөнөмөкчү болуп аттарына минип жатышканда, ооз учумдан:

– Абаке,– дедим Ысрайылга көз жашымды сүртүп,– мени булар айдап барып эмне кылар дейсиң? Бат эле кайра качып келем. Тууганчылык кылып жок дегенде жаңкы айткандарымды орундатып коюңуз. Суранганым ошол. Макулбу, абаке? Ошентиңиз!

Ысрайыл башын ийкемиш болду.

Тигилер мени жөө айдап жөнөшкөндө: «Ботом, бул эмне деген бала? Болгондо бир чоң кылмышы бар го мунун?» дешип, базарчылар мени узата карап, баштарын чайкашты.

Эки колум аркама байланып, алардын айдоосу менен кара жолдо кетип бара жатам. «Бас батыраак, бас!» – дешип, камчылары менен кезек-кезек түрткүлөп коюшат. Канчалык ылдам басса да жөө киши жолду атчандай арбыта албайт эмеспи. Анын үстүнө эки колум артыма байлануу болсо кантип ылдам басам? Аларга бурула карадым:

– Чечип койгула колумду. Жөө кайда качмак элем? Батыраак басайын мен да.

Эгерде чечкен болсо, ошол замат тоо таяна качат элем. Анымды тилеги жоктор билишти окшойт, бирин-бири карашып, ооз учунан күбүрөшүп, колумду чечишкен жок.

Орто-Токойдун тушуна келе бергенибизде Күн батты. Конмокчу болуп, бурула бастырышып, суу боюна келишип, аттарынан түшүштү. Ээр-токумдарын алып, аттарын жайдактап, тушап коё бериштти да:

– Кел мындай, олтур жаныбызга,– дешти мени чакырып.

Жандарына барып олтурдум. Өздөрү жокту-барды сүйлөшүп бир аз олтурушкан соң ээр-токумдарын жазданып, мени ортолоруна алып, жата кетишти. Уктаган-укташпаганын ким билсин, экөөнүн тең көздөрү жумулуп, былк этпестен тынч жатышат. Болгондо укташты го дейм. А менде эмненин уйкусу? Эки көзүм чакчайып көктө болсо, оюм алып учуп, мени бирдеңке алып келет деп үмүттөнүп, тоо койнунда жатышкан тиги үй-бүлөдө, Карагоодо калган атым менен теримде. «Аттиң! – дейм арман кыла өкүнүп,– минтип чоң кырсыкка учураганымды карачы! Болбогондо теримди сатып, тамак-аш алып, кубанычта болуп, кайрадан аларга барбайт белем? Бул да болсо чоң кырсык да!»...

Бир кезде экөө тең коңурук тартып уктагандай болду. «Кокуй! Эми эптеп туруп качайын!» – дедим. Жаткан жеримден акырын өйдө жылдым. Мына кызык! «Укташты го» деген кишилеримдин бирөө «тынч жат» дегенсип, мени колтукка нукуп койду. Айла канча! Кайрадан былк этпестен жатып калдым.

Таң аппак атканда алар аттарына минип, мени кайрадан айдап алып жөнөштү. Ак-Өлөңдөгү Ырсаалынын айылына жакындаганыбызда гана алар эки колумду чечишти. Менин антип бош айдалып келгенимди көрө коюп, Ырсаалы:

– Эмнеге муну минтип бош айдап келдиңер? Байлагыла эки колун аркасына! – деп, акшырая мени карап кыйкырып, эки колумду кайрадан артыма байлатып, улагага олтургузду. – Кана, жубарымбек, айтчы, агаларың кайда? – Сөөмөйүн сундура көзүмө такады. – Кана, айт! Айтпайт экенсиң, анда мен көзүңдү чукуйм!

– Чукусаңыз чукуңуз, билбейм мен алардын кайда экенин?

– Кантип билбейсиң? Оңбогурдун айтканын кара! Билбесең алардын атын кайдан таап минип жүрөсүң? Атын минип казактарга барганды билесиң да, өздөрүн билбейсиң, а! Мунуңа ким ишенсе болот? Айт дегенде айт!

Унчукканым жок.

– Эмнеге унчукпайсың? Айт!

Тарс эттире мени жаакка чапты эле, эки көзүмдөн от чагыла түштү. Зордукчулукка ошончолук кыжырым келип, кыйкырып жибердим:

– Шал болсун колуңуз, жакшылык көрбөңүз! Билсем да айтпайм мен сага!

– Жат эмесе ушунда. Эртең мен сени Балыкчыга айдап барып каматам,– деди да тышка чыгып, атына минип, кайдадыр бир жакка бастыргандай болду.

Күн кечтеп калган кези эле. Катын-калач, келин-кесектер кой саайбыз, козуларды агытабыз дешип, чакаларын көтөрүп тышка чыгышты. «Мындай кылгыла, андай кылгыла» деп малдарын тейлеп ат үстүндө ары-бери бастырган Ырсаалынын үнү үйгө даана угулуп турат. Эки колум аркама байланып туткундалып жатсам да оюм качууда. «Атаганат!» – дейм өз ичимден. – Колум бош болсо ушундай ээнчиликте качпайт белем? Кантип качсам болот?»

Мени кайтартып кетишкен Ырсаалынын он үч, он төрт жашар кызы жанымда турат. Эмне кылсам дегенсип аны кылчак-кылчак карап коём. Адам баласынын башына оорчулук иш түшсө, андан кутулуу үчүн ал ар кандай чараларды колдонот тура. Мен да ошондой болдум. Эгерде «үшүнтсөм» бирдеңке чыгаар бекен деп, кызга жалындым:

– Кагылайын, карындашым, ичим өткөнү турат окшойт, чыдай албай бара жатам. Эки колумду чеч. Тышка чыгып, түзгө олтуруп кайра келейин.

– Жок, болбойт,– атам урушат.

Жан деген курусунчу. Кантсем да жанымды бул жерден ала качып алып кетмекчи болуп, ичимди кармалап, онтой кеттим:

– Садагам, көрдүңбү, чыдай албай бара жатам. Чечсең, колумду батыраак, түзгө олтуруп эле кайра келем.

Кабак-кашымды бүркөп, ичимди кармалап, онтогонумду көргөндө кыз да мени аяды окшойт, жакындап мага басып келди:

– Качпайсыңбы?

– Качпайм, садагаң, күндүз качып кайда бармак элем? Келем. Колумду кайрадан байлап коёсуң.

Кыз тырышып-тырмышып жатып эки колумду зорго чечти. Мен дароо жылып тышка чыкканымда, ал да артымдан ээрчий чыкты. Чар тарапка көз чаптырсам, айылдын сырт жагында аялдар кой саап жатышат. Ырсаалы да койчусун ээрчитип, койлорун имерип, ары-бери бастырып жүрөт. Мына шумдук! Койчусунун мингени баягыда суугa жыгылып, аркы өйүзгө сүзүп чыккан менин атым – чабдар бышты. Куржунумду да салаңданып, ээр-токумум менен аны минип алыптыр. «О, жүзүң курган

Ырсаалы! – дедим аны көргөндө ичим тызылдап. – Мени кармап келем деп барып, ордумду сыйпалап, атымды олжолоп алып келип койчуңа мингизген турбайсыңбы? Мындайыңды билгенде агаларым сенин бир уюңду эмес, эки уюңду да алып келишсе болмокчу экен».

Өз малыңа өзүң ээ боло албасаң, аны көрүп туруп анын жанына барууга эч бир акың болбосо, андан артык кордук барбы? Дар-арманымды ичимен айттым да, качууга оңтойлуу жер издеп, сол жагыма бурула карасам, дубалы киши бою келген, узата салынган, аянты чоң бир корук турат. Болгондо ал мурдагы байлардын салдырган коруктарынын бири го. Үйдөн көп анчалык алыс эмес. Эптеп ошого жетейин деп алга адымдап басып, жерге олтура кеттим. Кыз да мага жакындап басканда:

– Садагаң! – дедим мен ага. – Уят болот мунуң. – Ошондой эле тур. Мен кайда кетмек элем?

Кыз ордунда тык тура калып атасы жакка бурула караганда, мен дароо ордумдан тура келип, дубалга жакындап басып, кайрадан жерге олтура калдым.

Ошентип кызды алаксытып, улам алга жылып, ар кайсы жерге олтурумуш болуп, дубалга жеттим. Кыз менин анчалык алыс кеткенимди көрө коюп:

– Токто, токто! Кайда кеттиң? – деп артымдан жүгүргөндө, ордумдан дароо тура келип, кийиктей секирип, дубалдын ары жагына ыргып түшүп, аны бойлоп тоо жакка качтым.

– Атаке, атакебай! Качты ууру, качты! Тигине, тигине! – деп чаңырган кыздын үнү угулганда:

– Кайда? Кайда качты? – деп Ырсаалы да артымдан чу койгондой болду.

Тордон бошонуп учкан ителгидей, чымын-куюн болуп жүгүрүп олтуруп, айылдын батыш жагындагы кара тоонун этегине кандай жеткенимди мен өзүм да билбей калдым. Таштан-ташка секирип, жогору көтөрүлө бергенимде, Ырсаалы да артымдан келип жетти.

Тоонун бооруна тык токтой калып, бурула ага карап:

– Жогол, сакалың өрттөнгөн доңуз! Мен азыр сени таш кулатып өлтүрөм,– дедим.

Ошончолук ага ачуум да, кыжырым да келди эле. Эгерде ал атынан түшүп, артымдан бери көтөрүлүп баса турган болсо, ага карай таш кулатарым анык болчу. Анымды ант ургур билди окшойт:

– Ка-аап!.. Качканын кара бул жашабагырдын! Болбогондочу, көрсөтөт элем мен буга! – деп ызырынды да, кайрадан артына бастырды.

Ырсаалы кеткен соң эс алайын деп бир ташка көчүгүмдү коюп олтурдум, жүрөгүм токтоно албай дикилдеп алып учат. Эми эмне кылсам? Мени «качан келет?» дешип, сарсанаада болуп жатышкан агаларыма баргым, болгон иштерди аларга айткым келет. «Жок, жок! – дейм кайра башымды чайкап. – Антишим болбойт. Кур кол кантип барам? Андан көрө тиги Ысрайылда калган атым менен териме барайын. Терисин эмгиче ал саткан чыгар. Акчасына тамак-аш сатып алып анан келейин үйгө...»

Ордумдан туруп, эңкейиштеп, жөрмөлөп ойго түштүм. Кечээтен бери тамак ичкеним жок эле. Өзөгүм карайып, жүлүнүм үзүлө тургандай болуп бара жатам. Баякыда мен жөнөөрдө, «курсагың ачканда жээрсиң, балам» деп, Сейилкан апамдын бышырып берген эти чөнтөгүмдө болучу. Аны жешке чамам да келген эмес. Суу боюна олту-

руп, ошону жеп, муздак суудан жуттум да, кайра жолго түшүп алып салып-уруп жөнөдүм.

Тобокелге бел байлап караңгы түндү как жарып, кара жолдо кетип бара жатам. Бирөө болбосо бирөө мени көрөт экен, кармайт экен же капысынан карышкыры качырып чыга келип мени талап жейт экен деген ойду такыр унуттум. Бардык оюм – Ысырайылдын колунда калган атым менен теримде.

Бир жерге келе бергенимде алды жагымдан калдыр-кулдур эткен добуш чыгып калды. «Сактыкта кордук жок» деген эмеспи, эмнеси болсо да сактанайын деп жолдон бурулуп, жар боюна жашынып жата кеттим. Көрсө, Карагоодон чыккан жүргүнчүлөр экен, аларды өткөрүп жибердим да, кайрадан кара жолго түштүм. Убакыт болсо өтүп жатат. Кайдадыр бир жактан зикир чалган бабыргандын үнүнөн башка бул өрөөндө кыбыр эткен жан, добуш салган үн жок. Кочкор суусу гана күркүрөп-шаркырап агып жатат.

Мына эми Орто-Токой бекетине да жакындап калдым. Бекетчинин иттери үрүп, кишилери чыга келип, мени ууру деп кармабасын деп, жолдон чыгып, төш таяна басып, бекетти айланып өтүп, кайрадан жолго түштүм.

Бир кезде таң да агарып ата баштады. Мен да кептештен суурулуп чыга келип, сол жакка бурулдум. Анткени, ал жакта Каралы-Дөбө деген жерде Ысрайылдын үйү бар экенин мен андан баягыда уккам. Күн көтөрүлгөндө күшүлдөп-бышылдап аныкына жетсем, ал өзү эшик алдында туруптур. Мени антип анчалык тез келет деп ал ойлобосо керек, таң кала сурай кетти:

– И, эмне, бат эле келип калдың? Бошотуштубу сени?

– Абаке,– дедим мен ага энтиге демимди алып,– мен сага кечээ айтпадым беле: кайра бат эле качып келем деп. Мына качып келдим. Теримди эмне кылдыңыз? Саттыңызбы? Акчасына бирдеңке алып кетейин эми…

Акшырая ал мени карап алды:

– Кайдан сатат элем мен аны? Чириген тери экен, калды ошондо.

Жакшылап кургатылган тери болучу. Эч бир жеринде кемтиги да, чириги да жок эле. Арамдык менен көрүнөө калпты соктурган тилеги жокко ким ишенсе болот? Өз көмөчүнө күл тартып аны өзү жок кылганын билдим. Билген менен эмне кыла алам? Ичим ачышып, үнсүз-сөзсүз бир аз турдум да:

– Атым кайда, абаке? Мындабы? Жок дегенде атым менен батыраак кетейин үйгө,– дедим ага.

– Ат дегенин кара мунун! – десе болобу мурдагысы аз келгенсип, кабак чытып. – Атыңдын кандай ат экенин мага өзүң айтпадың беле? Ээси артынан удаа кууп келип аны алып кетти.

Ой, дүнүйө ай десеңчи! Эмне десем болот? Териден да, атымдан да антип көрүнө ажыраганыма ичим күйүп, эки көзүм алаңдап, эмне кыларымды биле албай кеттим. Боору ачынаар, жардамдашаар деген тууганың душмандан да жаман иш кылып олтурса кантип жаның чыдайт? Бардык көргөн азабымды, эмгегимди ал минтип жокко чыгарып олтурбайбы? Атаганат десеңчи! Бирөөгө карга-ша болуп кара ниеттик кылып, анын акысын жеш кандай экенин ага ошол жерде көрсөтсө болор эле. Анте турган менде кудурет жок; жалгызмын, жашмын.

Ошентип минип келген атымдан да, базарга сатып акчасына тамак-аш алмакчы болгон теримден да ажы-

рап, тиги жакта, өлүм алдында жатышкан үйдөгүлөрдү ойлонуп, ичим туз куйгандай ачышат.

– Абаке! – дедим Ысрайылга карап жалооруп. – Ишенгеним сиз элеңиз. Эми эмне кылчумун? Бардык үмүтү, тилеги менде болушкан үйдөгүлөр эмне болот? Айтсаңыз, абаке, айтсаң!..

– Болуптур,– деди ал мага боор оорумуш болуп,– сага эми жакшылык кылайын, атыңдын ордуна ат берейин. Ошону минип кеткин.

Анын антип анткорлук менен айтып жатканын мен кайдан билейин, чын экен деп ошондогу сүйүнгөнүмчү! Бүркөлгөн кабагым жаап ачылган күндөй боло түштү:

– Ракмат абаке, ракмат сизге!.. Анда мен аны минип кетейин батыраак...

– Ат бул жерде эмес, башка жакта.

– Ыраакпы?

– Бир топ жер бар.

– Анда кандай кылабыз?

– Баруун керек.

Мени ээрчитип тышка алып чыкты да, батыш жакка колун сунду:

– Көрдүңбү, тээтиги Кочкор кыштагынын ары жагында көрүнгөн сокудай соксойгон кара тоону? Ал өзү Кызарт тоосу. Анын ары жагы – Жумгал, бери жагы – Каракол-Сөөк, Чекилдек деп аталат. Чекилдекте «Азык» деген эл жашайт. Үркүндө Кытайга качышкан эмес: көпчүлүгү бай. Ошондо менин Карачунак деген жан кыйышпас досум бар. Ал мага бир ат бермекчи болгон. Ошону мен сага берейин.

– Абаке, анда мен ага азыр эле барайын.

– Шашпа, иним, шашпа, барасың,– деди ал оозу-мурдун керип-чоюп. – Жакшылап ук муну: Ал айылга жакындаганда өткөн-кеткен кишилерден сураштырып Карачунактын үйү кайсы айылда экенин эң ободу билип ал. – Көпчүлүккө көрүнбөстөн бир жерге жашынып жат. Көз байлаган кезде гана барып үйүнө кир. Макулбу, Ошент!

«Оңбогурдун мунусу эмнеси? Эл көзүнө көрүнсөм эмне болот экен? Мында бир митаамдык иш бар го. Эмне кылсам? Барсамбы? Барбасамбы?»

Ушундай ойго батып, олку-солку болуп, бир аз турдум да: «Жок, антпейин, барайын. Эмнеси болсо да берген атын алып, эси-дарты, үмүтү менде болуп жатышкан шордууларыма тезинен жетейин» дедим.

– Макул абаке, анда жөнөйүн. Суудан кантип өтөөр экем?

– Өтөсүң. Суудан биз сени кечирип коёбуз. – Эшик жакка карап үнүн озондото кыйкыра кетти. – Балпык!.. Балпык! Кайдасың?

Тыш жактан кимдир бирөөнүн үнү угулду:

– Мен мындамын.

– Келчи бери.

Бая мен мында келгенде, үстүндө эски куур тону, бутунда чарыгы бар сакалчан бирөөнүн жүргөнүн көрдүм эле. Ошол адам үйгө кирип келди. Көрсө ал Ысрайылдын үйүндө эптеп жанын багып жүргөн бир шордуу неме экен.

– Атым кайда? Алыспы? – деди ал ага.

– Алыс эмес: тушап койгом, тиги жакта оттоп жүрөт.

– Алып келип токунчу. Бул баланы тиги өйүзгө өткөрүп кой.

Балпык балпаңдай басып кайрадан тышка чыкты, кечээтен бери тамак ичпегенге курсагым абдан ачты эле. Өзөк жалгар бирдеңке берер бекен деп зайыбына жалдырай жал-жал карап коём. Канчалык карасам да оозуна суу толтургансып, ал такыр унчукпайт. «Жок дегенде, сен ага бирдеңке десең боло» дегенсип, Ысрайылга жалдырап карадым эле, анымды байкады окшойт:

– Бирдеңке барбы, балага? Курсагы ач чыгар,– деди зайыбына.

– Эчтеке да жок эле, талкандан башка.

«О-о, оңбогур! – дедим өз ичимден ашкананын ары жагында табакта турган сүткө көзүм түшүп. – Ошондон бир чыны куюп берсең эмне болмок эле? Жаңкы айткан талканынан сурайынчы, балким, ага кошуп сүтүн да берип калгысы бардыр».

– Жеңекебай,– дедим мен ага. – Талкан болсо да мейли, бериңиз; кечетен бери даам сызганым жок, ачкамын.

– А чунак десе! – деп койду ал мени суздая карап. – Кургак талканды кантип жейсиң? Мына сага, жегиң келсе!..

Чети кетик жыгач чөйчөккө талкан салып келип колума карматты. Сүтүнөн да берер бекен деп алда нече курдай аны жал-жал карасам да андан такыр дайын жок. Тымпыйып унчукпайт. Очоктогу чайдоосунан чөйчөккө толтура суу куюп, ичиндеги талканын көк чамбыл кылып аралаштырып туруп ичтим да, тышка чыктым.

Сүтү туруп сүт бербей суу ичиришкенине уялар бекен дедим эле, уялышкан жок. Уялмак түгүл кайра Ысрайыл мени ээрчий тышка чыга келип далымдан кагып койду:

– Жарайсың иничек, жарайсың, ачкадан сен өлбөйсүң.

Жаңкы киши атты токуп тышта мени күтүп турган экен, учкаштырып алып жөнөдү. Жолдо ката сүйлөшүп кетип бара жатабыз. Мен ага кайда бара жатканымды айтканымда: «Ооба, деди ал,– ошол жакта анын бир досу бар. Кечээ Ысрайыл Карагоонун базарына барган болучу. Андан ары досуна да барып келди. Ага бир ат бергенин, андан бир ат алмакчы болгонун айтты. Аны алып келүүгө мени жибермекчи болду эле. Көрсө, ага азыр сени жиберип жаткан турбайбы».

Аны укканда мен:

– О, жүзүң кургур! – дедим мен ага өз ичимден күйүпбышып. – Атымды ошол досуна берип, анын ордуна андан ат алмакчы болгон, ошону мага бермекчи болуп жаткан турбайбы. Мейли, мейли, эмнеси болсо да колума бир кыл куйрук тийсинчи! Жок дегенде үйгө кур барбай ат минип барайын. Аны менен эптеп Чүйгө жеткендей бололу».

Балпык мени суудан кечирип койду. Чий арасындагы жалгыз аяк жолго түшүп, элең-селең эте эки жагымды каранып, алга кетип бара жатам. Оң жагымда аскасы көк тиреген Үкөк тоосу, сол жагымда, суу боюнда, чычырканактуу калың токой. Анда жайылып оттоп жүргөн көп уйлар, кашаалар… Алардын айланасында эрбең эткен адамдары жүргөнсүйт. Аларды көргөндө: «Булар да бул жакка уйларын кыштатууга келишкен экен го. Көрүнбөйүн көздөрүнө. Ууру деп мени кармап алышаар» деп корктум. Чийден чийге жашынып, жүгүрө басып жүрүп отурдум. Кочкор суусунун Нарындан бери карай аккан бурулушундагы кептешке да келип жеттим. Андан өтүп жогору көтөрүлсөм, какыраган кара таштуу адырдын баш-аягына көз жеткис. Адырдын сол жагында, суу

боюнда токойлуу булуңдарга конгон көп айыл көрүндү. Карачунактын үйү алардын кайсынысында, кайсы үй экенин өткөн-кеткен кишилерден сураштырып билдим да, ошол жакка бурула бастым. «Эч кимге көрүнбөгүн. Түн түшкөндө гана барып үйүнө киргин» деген Ысрайылдын такып айткан сөздөрү эсиме түшүп, чий түбүнө жашырынып олтура кеттим. Иттеринин арсылдап үргөнү, ары-бери басып сүйлөшкөн адамдардын үндөрү даана угулуп турат.

Мына эми иңир түшүп, көз байланды. Ордумдан туруп, ылдамдай басып, Карачунактын үйүнө кирип бардым. Эки-үч жашар эркек баланы алдына алып, эркелетип, багжайган сакалы бар бир адам очок жанында олтуруптур. Мени көрө коюп чочуп кетти:

– И, бала, ким болосуң? Кайдан келдиң?

Мен кайдан келгенимди айттым эле, ал:

– Баса, ошондой де! Кайдагы неме дегенимчи! Бир киши жиберем деди эле, ошол сен турбайсыңбы? Олтур, мындай, олтур. Жок, жок,– деди ал кайра чочугансып. – Бирөө болбосо бирөө сени көрүп коёр. Кел мындай... – Ордунан туруп, төрүндөгү жүгүнүн тактасынын жабуусун ачты... – Кир, балам, ушунда кирип жат. Кирген-чыккан бала-бакыра сени көрбөсүн.

Тактага кирип жаттым. Өтө эле кичине экен, ага батсамчы... Бутумду сунсам сороюп чыгып калат. Өзүмө карай тартсам, тактага батпай тыгылам. Айтор, түрмөгө түшкөндөн да жаман болдум, кыйналдым. Кыйналсам да эмне кылам? Тактанын жабуусунун четин акырын ачып, эки көзүмдү жылтыратып, очок жакты карап жата бердим. Бир кезде эшиктен аялы кирди.

– И, эмнеге кечиктиң мынчалык? Союштубу коюн? – деди ал аялына.

– Союшту. Эти да казанда кайнап жатат.

– Балдар кайда?

– Тышта ойноп жүрүшөт.

«Болжолу коңшусуна кишилер келип кой союшкан го? Бала-бакырасы да ошол жакта жүрүшкөн тура. Алар жокто келгеним ырас болгон экен» деп коём өз ичимден кудуңдап.

Карачунак аялына мен жөнүндө бирдеңке деп шыбырагандай болду эле, ал көзүнүн кыйыгы менен такта жакка карап алып:

– Мен тиги жакка барайын. Эти да бышып калды,– деди да, идиш-аягын көтөрүп чыгып кетти.

Бая менин келгенимди, тактанын астына кирип жатканымды атасынын алдында отурган жаңкы жаш бала көрбөдү беле? Эмне болуп жатат болду экен дегенсип ал мен жакты кылчак-кылчак карап коёт.

Бир кезде бир колуна табак, экинчи колуна чөөгүн кармап тестиер болуп чоңоюп калган эки баланы ээрчитип аялы эшиктен кирди. Көрсө алар – Карачунактын балдары экен. Баары тең баш кошуп, тышкы үйдөн алып келишкен сорпосунан ууртап, этинен жеп жатышат. Шилекейим чубуруп эт жеп, сорпо ичким келет. Чыдап тура албастан тактанын жабуусун акырын ачып, эки көзүмдү жылтыратып кезек-кезек алар жакты акырын карап коём. Ошол кезде мени эмне болуп жатат болду экен дегенсип, мен жакка бурула калган баякы наристе баланын көз нуруна көзүм чагылыша түшкөнү.

– Ата! Атаке! – деди бала. – Көз-көзү!..

Баланын эмне жөнүндө айтып жатканын атасы биле коюп, башкага жоруп:

– Көзүң ооруйбу, садагаң? – деп койду ага айланып үйрүлүп.

Баласы ага да болгону жок, тынчы кетип мен жакка дагы да бурула карап:

– Буту, бут! – деди.

Көрсө тактадан чыга түшкөн бутумду ал көрүп калыптыр.

Дароо өзүм жакка тартып алдым.

– Садагам, эмне дейсиң эми, бутуң ооруп жатабы? – деди Карачунак күлүп. – Олтурчу мындай…

Баланы башын ары каратып алдына алып олтургузду.

Тамактан соң Карачунак: «Энеңер эми төшөк салсын» деп балдарын тышка чыгарганда, зайыбы ордунан тура калып мага бир чөйчөк сорпо сунду. Ичинде азын оолак өпкө, карыны бар экен. Мага бермекчи болуп мурда эле даярдап койгон көрүнөт, суунуп калыптыр. Суунса да мага ысыктай, өпкөсү да мага майлуу эттей болду. Ач курсагыма бирдеңке барганга жаным жай таап, күчүмө күч кошулгандай боло түштүм.

Бардыгы тең төшөктөрүнө жатышты. Айлана жымжырт… Анда-санда арсылдап үргөн коңшусунун короочу итинин үнү да эми угулбайт. Үй ээси да, аялы, балдары да таттуу уйкунун кучагында сыяктанат. Менин да жаным жер тартып уйкум келет. Бир аз тук этсем эс алганы, жыргаганы турам. Бирок антүүгө болбойт. Уктасам бирөө мени алкымдан алчудай, бир жакка сүйрөп кетчүдөй болом.

Бир кезде үй ээси ордунан туруп, акырын жылып тышка чыгып, дайынсыз жоголду. «Кайда кетти? Эмне болду

буга?» деп кулак түрө тыңшап турсам, кайдадыр бир жактан билинээр-билинбес табыш угулуп, жакындап үй жанына токтогондой болду. Аңгыча болбой Карачунак шып этип үйгө кирип, эки бутунун учу менен акырын басып келип:

– Балам, ойгоосуңбу? Тур эми, жүр! – деди ооз учунан шыбырап.

Тактадан суурулуп чыгып, аны ээрчип, тышка чыксам, үйдүн кырчоосунда байланган жайдак ат турат.

– Мин буга, жөнөгүн!

Мени колтуктап ага мингизди. Бастыра түшүп чу койсом тим эле жер менен жарышып бара жаткандай, бирөө мени кууса да жете албастай болом. Ошондо да ээн талаада, караңгы түндө жалгыз атчан жол жүрүү – оңой-олтоң иш эмес да. Бирөө болбосо бирөө мени колго түшүрүп, атымды алып, өзүмдү да өлтүрөр деп корком. Ошол кезде арт жагымдан кандайдыр бир түрсүлдөгөн укмуштуу табыш чыгып калды. «Кокуй! – дедим, андан бетер коркуп. – Мени кууган куугунчулар экен го. Качайын». Атымды теминип, алга таман учкан куштай кетип бара жатам. Эми алыстадым го десем, жок, алыстабаптырмын: дагы эле болсо жаңкы табыш артымдан калбайт. Жеткизбейин ага деп атымды андан бетер чапкылап жүрүп олтуруп, төмөнкү кептешке келип жеттим. Кечээки келген жолум менен чийди аралап кетейин дедим эле, бирок ал жактагы кашааларда уйларын кыштатышкан адамдар сезип калышса мени ууру экен дешип кармап алышар же атып өлтүрүшөр деп да корктум. Ошентип кош коркунучка кабылып, бүткөн боюм дирилдейт. Жаңкы табыш ансайын мага жакындап эле кирип келди. Жан деген курусунчу! Жанталашып жанымды андан аман алып калмакчы бо-

луп адаштырайын деп атымды дароо жолдон бура тарттым. Какыраган кара таштуу адырга салып, тоо этектеп жөнөдүм. Бир топ жерге келе бергенимде: «Куугунчулар эми менден адашкан, ой жакта калышкан чыгар» деген ишеним менен эс-учумду жыйып, кетип бара жатып, кулак түрө тыңшасам, табыш бир аз басаңча тартып, алыстаган сыяктанат. «О, бере көр! – дедим сүйүнүп. – Куугунчулар адашып артымда калышкан тура. Эми кур бекер чүдөй бербейинчи!.. Минте берсем, атымдын буттарынын ташка тийип тарсылдаткан табышы да ойго угулар» деп атымдын тизгинин жыя кармап, жүрүшүн басаңдатып тыңшасам, жанакы ач кенедей жабышып артымдан калбай түрсүлдөгөн дабыш – так эле жанымдан угулуп калды. «Кара баскыр! Бул кайдан угулуп атат?» деп атымды тык токтотуп, алактап жан-жагымды карасам, «корконго кош көрүнөт» болуп өз жүрөгүмдүн дүкүлдөп соккону – артымдан түрсүлдөтүп мени кууп келе жаткан куугунчулардын аттарынын табышы болуп угулган экен.

Оор жүктөн кутулгансып, «оф!» деп үшкүрүнө дем алдым да төмөндөп ойго түштүм. Кечээки кечкен жеримден сууну кечип өтүп, жогорулап бастырып, Ысрайылдын үйүнө жете бергенимде таң да атты. Атымдын дүбүртүнөн ойгонду окшойт, тышка ал чыга келип:

– И, кур келген эмес турбайсыңбы? Жакшы болду,– деди кудуңдап. – Эми эмне кыласың? Чарчаган чыгарсың... Азыраак тук этип уктап алсаң кантет?

– Жакшы болот, абаке,– дедим мен да.

Үч күндөн бери тынбай жөө басып абдан чарчадым эле. Аттан дароо ыргып түштүм. Ысрайылдын аты менен уюнун жанына атымды байладым да, үйүнө кирип, улагасына жата кеттим. Катуу уктап калган экем, бир кезде

чоочуп ойгонсом, Күн чыгып калыптыр. Тышка жүгүрүп чыгып, атыма барсам, ордунда жок. Жүрөгүм дикилдеп, муунум калтырап, эмне кыларымды билбей калдым. Антпегенде кантем? Көп эмгек, көп азап менен жанымды оозума кармап алып келген атым эле го. Тиги атымдан антип, эми мындан да ажыраймынбы? Жок, жок, атына кошуп ал аны бир жакка агыткан чыгар. Сурайынчы...

Үйүнүн айланасында ары-бери кайпактап басып жүргөн Ысрайылга жүгүрүп жеттим:

– Абаке, атым жок, атыңызга кошуп аны бир жакка агыттыңызбы?

– Анткеним жок! – Сустая мени карады. – Бая Күн чыкканда туруп барып карасам, сарайда менин гана атым туруптур. А сен минип келген ат жок. Болгондо чунак бала бош байлап койгонсуң го. Бошонуп кеткен чыгар бир жакка...

– Жок, жок, бошоно турган эмес болучу, бек байлагам.

– Анда эмне болду? Карачы ары-бери басып...

Атымды издеп ары жүгүрөм, бери жүгүрөм. Канчалык карасам да атымды эч бир жерден таба албадым. Ысрайылдын аты гана бөтөн аттарга кошулуп оттоп жүрөт, меники жок.

Абдан чарчап, дарт-арманымды ичимен айтып, кайра басып келе жатсам, мени суудан кечирген кечээки кишиси менен үйүндө ал сүйлөшүп жатканы угулду. Эки бутумдун учу менен акырын басып үйгө жакындап, тыңшап калсам:

– И, ошенттиңби? Жаңкы мен айткан жылгага алып барып байладыңбы? Анда ырас кылыпсың, бала билбесин аны,– деди Ысрайыл.

Аны укканда:

– О, жүзүң курган, Ысрайыл! – дедим өзүмчө токтоно албай. Адамдын убалынан коркпогон бир жүзүкара экенсиң го! Эми эмне кылчумун? Кайда барып, кайсы жылгадан издейм атымды? Издеген менен табылабы?

Эки атымды ошентип буга көрүнө алдырганыма ичим күйөт, ачуум келет. Колумда күчүм, өбөк-жөлөгүм болсо бул кара ниет, жүзү караны ушул жерден бычактап өлтүрсөм дейм. Айла жок! Наалат, каргышымды ага айттым да, нарылап басып, дөңгө чыктым. Кайсы тоого, кайсы жылгага алып барып атымды катышты экен деп, оң колумду Күнгө серепчилеп, туш-туш жакка көз чаптырып карап турганымда, Ысрайыл да тиги кишиси менен тышка чыга келип, мени көрүп:

– Атың бар бекен? Көрдүңбү? – деди озондото добуш салып.

– Ооба, көрүндү?

– И, кайда экен?

Тоо жакка колумду сундум:

– Тээ-тигил көрүнгөн жылгалардын бирине алып барып катыптыр.

Ысрайыл чочулагансып селт эте башын көтөрдү:

– И, ботом, ким ал? Кимден уктуң?

Ачуум келип, ичим күйүп, араң турдум эле, чыдап тура албастан кыйкырып жибердим:

– Ысрайылдан уктум, Ысрайылдан!.. Оор абалда, өлүм алдында турган боордошторуңа сен ушунчалык кыянаттык кылдың. Атанын арбагы урсун сени! Жакшылык көрбөгүн!

Дөңдөң дароо ыргып түшүп, батышка карай баса бергенимде:

– Ой, ой! Токточу, сүйлөшөлү! – деп ал артымдан ээрчий басканда кайрылып аны караганым, токтогонум жок, алга кете бердим.

* * *

Кочкор кыштагы ал кезде «Карагоо» деп аталчу. Карагоонун базарын аралап, үйдөн үй кыдырып сураштырып, Иван деген оруска малай болдум. Акыма ал мени кийиндирмек, ичиндирмек болду. Буурул сакал, буурул чач киши эле. Катын-балдарын Токмок шаарына калтырып, өзү мында өткөн күздө мал кыштатууга келиптир. Жыйырмадан ашуун уйлары бар. Менин жумушум ошолорду кайтаруу, багуу.

Ошентип кара жандын камы үчүн айласыздан мында кармалып, бир топ күндү өткөрүп, үйгө бара албай, алардын эмне болгонун биле албай арманда жүрө бердим.

Бир күнү Иван мага бир торпогун жетелетип, сатмакчы болуп, базарга алып барды. Көптөн бери базарында болгонум жок эле. Качкындар көп келе башташкан окшойт. Базарда эл дегениң батпайт. Кайыр сурашканы да толуп жүрөт.

Мен элди аралап бастым. Ар кайсы жерде топтошуп, баш ийкешип, сүйлөшүп жатышкан кыргыздарды көрүп токтой калсам:

– «Ак орус менен кара орус урушуп калыптыр.

– Ак орусту кара орус жеңген көрүнөт.

– Ооба, ошентиптир. Кара орусту башкарган «Балбачек» деген киши дейт.

– Аның атса ок өтпөгөн, чапса кылыч кеспеген укмуштуу бир дөө, дейт ко» – дешип сүйлөшүп жатышат.

– Ой то-боо! – деди бир кемпир таңданып. – Анда анын күчү Азрет-Аалынын күчүнөн кем эмес экен го?

– Азрет-Аалы дейсиңби? Ал акырында өлбөдүбү? Балбачек болсо такыр өлбөйт дейт.

Колундагы таягына бөкчөйө таянып, баятан бери эки ортодо болуп жаткан сөздөрдү угуп, четте турган аппак сакал абышка сурап калды:

– Ботом, алардын талашы эмне экен?

– Талашы падыша жөнүндө болсо керек. Ак орустар падышаны кайра ордуна коёбуз дешсе, кара орустар ага каршы болушуптур. Ошентип экөө келише албастан эки ортодо уруш чыгып кетиптир.

– Анда ак орустардыкы туура го, балдар,– деп койду баякы абышка. – «Миң койду бир серке баштайт» дегендей падышасыз эл, эл болобу?

– Эмнеси туура? – деди анын жанында турган кетик тиш, көсөө абышка. – Падыша бизге эмне кылып берди? Бай-манап, залымдардын гана падышасы эмес беле ал. Аны унуттуңбу?

– Ырас, ырас...

– Калети жок.

– Падышаны кайра ордуна коёбуз дешсе, анда ак орустардын нээти бузук го?

Ушундай сөздөр туш-туш жактан жаңырса да, катып калган кара жыгач оңойлук менен ийилчүбү, жаңкы абышка өз сөзүн берген жок:

– Билбейм, балдар, падышасыз эл кантип жашаар экен? Ошого көзүм жетпей атат.

– Жашайбыз, атаке, жашайбыз,– деди кимдир бирөө эл ичинен. – Жашай албасак, анда кара орустарга кошу-

луп, «Балчебекти» падыша кылып шайлап албай жаныбыз жокпу?

Ушундай эле сөздөр. Кимисиники туура экенин ким билсин...

Торпокту сатып, үйгө карай кетип бара жатабыз. Көз алдымда «Большевиктин» элеси: «Атса ок, чапса кылыч өтпөгөн ал кандай эме болду экен? Болгондо чоңдугу Ала-Тоодой бирдеңке го? Ивандан сурайынчы, ал орус эмеспи, качкындардан көрө ал жакшыраак биле турган чыгаар».

Жандап басып бара жатып:

– Кожоюн, кожоюн! – дедим мен ага акырын ооз учумдан.

– Эмне?

– «Большевик» деген эмне өзү? Базардагы элдин ошол жөнүндө сүйлөшкөнүн угуп калдым.

Иван мага акырая карап кагып койду:

– Большевик сага эмне керек? Сеники жумуш иштесечи!..

Ивандын ачуулу түрүн көргөндө мен анын «Большевикти» жаратпаганын билдим да: «Эмнеге ал аны жаратпайт? Болгондо бул падышаны жактаган ак орустардан го» дедим көңүлүмдөн. Жок, карасам, өңү андай эмес, кара тору. – «О-о! Кара орустардан экен, анан эмнеге большевиктерди жактырбайт?»

Кыштакта жалгыз аты менен жалгыз араба, кунажын уюнан башка эчтеңкеси жок Сергей деген бир кедей орус бар эле. Анын Петя деген баласы менен мен тааныш элем. Эриккен күндөрүмдө ага бара калчумун. Бир күнү кечте барып калсам, Сергей катын-баласына кат окуп берип жатыптыр. Тыңшап турсам: «Большевиктер Петроград-

ды алды. Жер... Тычтык декрет... Ленин» деген сөздөр угулду. Бирок ал эмне деген сөздөр экенин түшүнө алганым жок. Сергей айтканда гана түшүндүм. Кат анын армияда жүргөн уулунан экен. Катында ал: «Петроградды Большевиктер алганын, Совет өкмөтү курулганын, жер менен тынчтык жөнүндө Владимир Ильичтин колу коюлган декрет чыкканын жазыптыр.»

Улуу Ленин атабыздын ысмын ошондо мен биринчи ирет уктум.

– Бизге да Большевиктер келет, уулум,– деди Сергей күлүңдөп, катты бүктөп, мени карап. – Эркиндик заманы болот. Жыргайбыз.

Сергейге көзүмдүн кырын салсам, өңү агыш.

«О, бул ак орустан экен! – дедим өз ичимден. – Ак орустар падышаны жактап кара орустар менен урушуп жатканда, бул эмнеге большевикти жакшы көрөт. Иван болсо тигинтип большевикти жактырбай жатат? Булардын мунусу эмнеси?»

Бир күнү Сергейди жолуктуруп, Большевикти Ивандын жактырбаганын айттым эле, Сергей:

– Ал бай, уулум. Большевиктер байлардын касы. Анын жактырбаган себеби ошол,– деп койду.

– Ошондойбу?

– Ооба, уулум. Анын Токмокто да короо-жайы, толгон малы бар. Большевиктер келсинчи? Сен андан толук акыңды аласың. «Акыңды аласың» деген сөздү укканда, Ивандын күрөң оопазы эсиме түштү. Уйлардын ичинде бир күрөң оопазы бар. Өзү жоош да, күлүк да. Минип алсаң атырылып аттай кетет. Уй кайтарганда Ивандын Трезорун ээрчитип, мингеним ошол. Оопазга абдан суктанчумун.

«Аттиң! – дээр элем. – Ушул оопаз биздики болсочу. Жүктөй турган унаабыз да, мине турган атыбыз да анда ушул болор эле. Большевиктер келсинчи. «Акыңа эмне аласың?» – деп сурап калышса, ушул оопазды көрсөтөйүн. Колума оопаз тийип калса, атырылтып минип алып, Чүйгө барсам, байкуш Сейилкан апам кандай кубанар эле...»

Кыял деген чиркин, абадагы куштай ары-бери учат экен да. Большевиктердин келишин күтүп, ойго батып, кээде уктабай таңды аткарам. Бирок Ивандан оопазды алмак түгүл анын үйүнө жашап турууга да мага насип болгону жок.

Бир күнү Иван катуу ооруп калды. Таң атканча жөөлүп чыгат. Кошуналары келип көрүп «тиф... тиф оорусу...» деп, баштарын чайкап, өз ара сүйлөшүп калышат. «Тифтин» эмне оору экенин өзүм жакшы биле албайм. Болгондо «келте» оорусундай бирдеңке го деп өз алдымча жооруп коём.

Иван төшөктө көп узак жаткан жок. Бир жумадан соң таң сүрө көзү жумулду. Анын адам болбосуна көздөрү жеткен соң кошуналары кабар эткен көрүнөт, Токмоктон катын-балдары келип, Ивандын сөөгүн көмүшүп, анын үй-мүлкүн да, бардык малдарын да алып кетишти. Аңгырап бош там үйү калды.

Ээн үйдө кантип турам? Турган менен мага тамак кайда? Башымды жерге салып, базарга карай бастым. Ар кайсы тамдардын түбүндө өлүп жаткан адамдардын өлүгүн көргөнүмдө бүткөн боюм дүрүлдөп, коркуп кеттим. «О, Жасаган! Мени да ушундай кыла көрбө!..» – дейм жашооруп.

Мына базар. Базарда Кудайы сурагандар толуп жүрөт. Сатарым, аларым болбосо да базарды аралап бир кыйла жүрдүм. Чарчадым. Курсагымдын ачканы да жанымды бир жактан кыйнап барат. Бирдеңке болбоспу деп набайчы, ашпозчуларды кыдырып келем. Колдорун сунуп, жашоорун, кайыр сураган качкындарга ашпозчулар:

– Кетиң-кетиң! – дешип өздөрүнөн алыстатып кууп жатат.

– О, шордуулар! «Аңгектен качсаң-дөнгөккө» деп, жыргайбыз деп келип, жылас болгон экенсиңер го,– деп аларды өз ичимден аяп коём. А менчи? Мени ким аяйт? Менде үй да, тамак сатып ичер пул да жок. Мен да алардын сыңарымын. Эмне кылыш керек? Кол сунуп кайыр суроом керекпи? Жок! Кудай андайдын бетин ары кылсын. Деним сак, жашмын. Азырынча жумушка жарар күчүм бар. Кантсем да жанымды багармын, курсагымды тойгузаармын...

Ушундай ойго чөмүлүп келе жатып, бир ашпозчунун эшигине эки эшек отун түшүрүлүп жатканын көрүп, токтой калдым. «Ушуну мага короосуна ташытаар бекен» дегендей кылып эки көзүм отунда. Ырас эле ошондой болду. Ашпозчу бүшүркөгөн адамча мени тиктеп бир аз турду да, отун ташуу колумдан келерин билди окшойт, отунду короого ташууга ишарат кылды. Жаман чапанымды чечип ыргыттым да, кол учума тийбей, отундарды бат эле ташып короосуна киргиздим. Жыйнап да койдум. Менин бул кызматым ашпозчуга жакты окшойт, очогуна от жактырып койду. Казанда бууланып бышып жаткан палоо бар. Анын буусу келип мурдума киргенде, «атаа мен да жесем, ээ!» деп шилекейимди чубуртуп, мойнумду созуп, казанды карап, тамшана кетем. Бирок ашпозчу

Күн батканча мага даам сыздырган жок. Базар тараган кезде гана ал казандын түбүндө калган кара күйүк палоодон бир тарелка колума карматты. О, дүнүйө ай!.. Ач курсакка ошондогу палоонун даамдуусун кантейин... Көпкө чейин анын даамы оозумдан кеткени жок.

Ашпозчудан кеттим. Күн да батты. Түн кирди. Барар жерим, конор үйүм болбогон соң кайда барам? Үйрөнгөн үйүм, конуп жүргөн түнөгүм эмеспи деп, Ивандын үйүнө келдим. Бирок ага киргеним жок. Жаздан бери уйларга караан болуп жатып жүргөн эски тооккана бар. Ичинде калыңдап салынган саманы, ага жайылган курумшу кийизи да бар. Андан артык мага эмне керек? Тууруна келип кайра конгон куштардай, мен да айланып өз түнөгүмө келдим. Жамбаштап жата кеттим. Уйкум келбейт. Ойлоном. Оюм учуп алда кайда жүрөт. «Өлүк чыккан үйдөн өлүктүн жаны көп анчалык алыстабайт, кайрылып кайта келе берет. Аңгыраган эски, ээн тамдарда жин-пери, албарстылар түнөйт» деген бала кезимде энемден уккан сөздөр эсиме түштү. Корко баштадым. «Коркконго кош көрүнөт» болдубу, билбейм, бир кезде үй жактан бирдеңкелер жүргөнсүп, табыштыр чыккансып калды. Албарстылар жүргөн экен деп ансайын корктум. Корккон менен жети түндө кайда, кимге барам? Жок, эч жакка кетпейин. Кайрат кылайын. Сергейдикине барайын дейм, итинен корком. Ити кабанаак. Итин күндүз байлап, түнкүсүн бош коё берет. Азыр түн. Эми эмне кылсам?

Ошентип жүрөгүм опколжуп, тынчым кетип турганда дагы да шырп эткен табыш угулду. «Чөптөрдүн арасында жортуулдап жүргөн чычкандар го. Ооба, ошолор» – деп өзүмдү өзүм жубатам. Ага да болбоду, көзүмө

бирдеңкелер элестеп көрүнгөнсүп, ары-бери учкансып калат. «Көзүм көрбөсүн» деп көзүмдү жумдум. Бир аздан соң дагы табыш чыкты. Тыңшай калдым. Чын эле үй жакта бирдеңке жүрөт. Мына, мына... мен жакка да келе жатат. Бутума да бирдеңкеси тийип кетти. Көзүмдү ачтым. О, шумдук! Бут жагымда мени карап, кулагын делдейтип, бозоргон бирдеңке турат. «Албарсты экен» деп, коркконумдан энекелеп бакырып жибердим. Албарсты биртике арылады да, мени карап, чочоюп олтуруп калды. Бардык күчүмдү, эсимди жыйып, жакшылап карасам үй кайтарганда мага эрмек болгон Ивандын баягы Трезору.

– О, байкуш! Сен кайдан? Кел-кел! – деп үнүмдү чыгардым эле, Трезор шыйпалактап, жаныма келип жата кетти.

Трезорду Ивандын катын-балдары өздөрү менен бирге ала кетишкен. Сыягы ал орто жолдон кайра качкан көрүнөт. Жаңкы үй жактан менин кулагыма угулган табыштар көрсө ушунуку экен.

Жаныма жолдош табылды. Эми арбакка кошулуп, албарстысы кошо келсе да корко турган болбой калдым. Трезордун башын сылап, буттарын кармалап жатып, уктап кеттим.

Экинчи күнү эрте турдум. Трезорду ээрчитип базарды көздөй бара жатканымда тааныш балам Петя жолугуп калды.

– Ой, сени кайда кетти десем, көрсө мында конгон турбайсыңбы? – деди ал мени токтотуп. Жанымда шыйпалактап турган итимди көрө койду. – О, шордуу Трезор десе! Муну алып кетишкен эмес экен го?

– Жолдон кайра качып келиптир. Түндө мени менен бирге болду.

– Кайда алып бара жатасың эми муну? Бергин бизге, ит кылып алалы.

Минтип тентип өз жанымды бага албай жүргөндө иттин мага эмне кереги бар? Мейлиң, алсаң алгын,– дедим.

Трезорду Петяга берип, андан ары басып базардын аянтына келе бергенимде, уйгур аксакалын көрүп калдым.

Ал кезде кыштакта уйгурлар бир кыйла бар эле. Аларды башкарган, жагжайган сакалы бар, кызыл жүздүү, орто бойлуу уйгур адамы болучу. Үч-төрт кишисин ээрчитип ээн короо, бузулган там, үйлөргө кирип-чыгып жүрүптүр. Бир кезде ал бузулган там үйдөн адамдын өлүгүн сүйрөтүп чыкты да, кайдадыр бир жакка алып кетти. Жолуккан кишилерден сураштырсам ооруп өлгөн качкындардын бирөөнүн өлүгү экен. Күн сайын аксакал эртең менен көчө бойлоп, короо-жай, тамдарды кыдырып, өлгөн адамдар болсо ошентип сүйрөтүп барып көмдүрүп жүрүптүр.

«О, Жасаган! Мен да ушундай болбосом экен! – дедим бүткөн боюм дүркүрөп».

«Дагы да от жактырып, жумуш кылдырып, өзөк жалгар бирдеңке берер бекен?» – деп кечээки ашпозчуга кайрадан келдим. Ал мени көрө коюп, бүгүн да мага бекеринен жумушун иштеткиси келип:

– И, балам, келдиңби? От жак очокко,– деди.

Менин атайлап эңсеп келгеним ошол эмеспи. Андан башка мага эмне керек? Шымаланып, жүгүрүп короосуна кирип, кечээки өзүм жыйнаган отундардан ала чуркап келип очокко жага кеттим. Суусун да чакалап алып келип берип жатам. Айтор, жаным жай тапкан жок. Иш кылып ага жаксам, андан курсагымды тойгузсам деген тилек менде.

Шорпосу да, палоосу да бышкан соң ашпозчу:

– Эй, келгиле, сорпо ичкиле, палоо жегиле! – деп көчө бойлоп ары-бери өткөн кишилерди добуш сала чакыра кетти. Кай бирөөлөрү анын ашканасына кирип, ичип-жеп жатышат. «Бышкан тамактын күйүтү жаман» деген ылакап ырас тура. Бет алдымда, казанда бышып турган тамакты көргөндө, «атаа, мен да мындан жесем, ээ!» деп улутунуп, умсунам. Анткенимди ашпозчу билдиби, билбедиби, ким билсин, түшкө жакын бир чыны шорпо, бир сындырым нан берди. Буга да шүкүрчүлүк. Бербесе кантет элем?

Бир кезде күн кечтеди. Базар тарап, көчөдө эл да азайды. Ашпозчу тамак-ашын сатып бүтүп, мага кайрылды:

– Эй, бала! Казандын түбүндөгүнү жегин да, жууп кой.

– Макул, кожоюн, макул.

Казандын түбүндө палоонун кырындылары, күйүк-сүйүктөрү гана калган. Тарпка качырган жорудай, дароо ага качырып, башымды салып, колум менен тырмалап аны жеп бүтүрдүм. Кыл жуугуч менен сүрткүлөп казанды да жууп жибердим. Тапшырган жумушун бүтүргөнүмдү көргөн соң ашпозчу ашканасынын эшигин тарс эттире жаап, ич жагын илгичи менен илди да, короосундагы үйүнө кирип, ошол бойдон жок болду. А мен болсом, тышта жалгыз калдым. Кайда барып, кайда конорумду биле албай башым маң. Кечээки үйүмө кайра барып консом дейм. Бирок анте алганым жок. Ээн жер, ээн үйдө атайлап мага бирөө келчүдөй, мени өлтүрчүдөй болом, корком.

– Кой,– дедим өзүмө кеңеш берип,– ал жакка барбайын, андан көрө жылуу эмеспи, очоктун ичине кирип жатайын.

Оозу аңырайып, көчө жакты караган эки очоктун бирине кирип жата кеттим. Күнү бою от жагылгандыктан ал абдан жылуу эле. Көкүрөк, көчүгүм жылынган менен бут жагым очокко батпай тышта калды. Канчалык бутумду жыйырсам да очокко батканы жок. Айла барбы! Денемдин жарым-жартысы жылып, жарым-жартысы муздап тышта калып, кыйналып жатып уктап, таңды аппак аттырган экем, бир кезде эмнегедир чочуп ойгонсом, буттарымды кимдир бирөө кармалап жатат. Көрсө ошого чочуп ойгонуптурмун. Анын эмне экенин билгенимче эле бутумдан тартып мени очоктон тышка сууруп чыкты. Ордумдан тура калсам, тушаган аттай, эки бутум байланган. Бет алдымда, үч-төрт адам менен баякы мен көргөн кыштактын аксакалы турат. Көрсө, ал күндөгүсүндөй адамдарын ээрчитип, өлгөн-мөлгөндөр барбы деп, короо-тамдарды кыдырып, көчө бойлоп келе жатып, очоктун оозунан шыйрагымдын чыгып жатканын көрөт. Бул да очокко кирип өлгөн эме экен, сүйрөтүп барып көмөлүк деп, бутумдан байлап, мени очоктон сүйрөп чыгышыптыр.

Күлгө оонаган мышыктай, бүткөн боюм, бети-башым күл, анымды көрүшкөндө баары тең күлүп калышты.

Менин кайдан келгенимди, эмнеге мында конгонумду аксакал сурап билди да ачуулана кетти:

– Чакыр бери, ашпозчуну. Мен аны менен сүйлөшөйүн.

Жолдошторунун бирөө короого жүгүрүп кирип, ашпозчуну чакырып чыкты.

Аксакал ага ачуулана кыйкырды:

– Эй! Эмнеге сен бул баланы жумуш кылдырасың да, үйүңө кондурбайсың? Кондур үйүңө!.. Кондурбайт экенсиң, анда мен сага көрсөтөм.

– Жакшы болот, аксакал, кондурайын. Билгеним жок эле мунун мында конгонун,– деди ал шашкалактап.

Ошондон кийин мен ашпозчунун малайы болуп, жумушун кылып, анын үйүндө туруп калдым

Бир күнү күнүмдөгүдөй эле шымаланып ашпозчунун очогуна от жагып жатсам, сылтып баскан кер мурут жаш жигит жаныма келип калды. Карындашыбы, келинчегиби же ээрчитип жүргөн таанышыбы, ким билсин, жанында жаш аял бар. Башында анын кирдеген, эскирген ак жоолук, үстүндө, үркүндөн мурда – тынчтыкта тиктирип кийген кийими болсо керек, баркут кемзел. Кемзелдин көкүрөгүндөгү ак коло топчулары, күмүш жалаткансып жылтырап турат. Болгондо ата-энелери аны ардактап ошентип кийгизишкен го. Бирок кемзелдин мурдакы көркү кетип эскирген, жыртылган. Жаркырап топчулары гана калыптыр. Жазгы койдун жүнүндөй түлөгөн маасысы да, жамачыланган эски көлөчү бар бутунда. Жигиттин кийим-кечеси да өтө начар. Ал гана дейсиңби, ооруп айыккан адамдай өңү шапайыңкы, эриндери кеберсип, көздөрү алайып, өтө ач экендерин көрсөтүп турат.

«А, шордуулар!.. Булар да качкындардан турбайбы. Тамак ичүүгө келишкен го» – дедим өз ичимден аларды аяп.

Көчөдөн ары-бери өтүшкөн кишилер ашканага кирип ашпозчунун тамагынан ичип чыгып жатышса да, булар ордунан такыр козголбойт. Жигиттин жанындагы тиги жаш аял болсо, бирөөдөн уялгансып башын төмөн салып, жерден көзүн албайт. Жигит болсо: «Ата-а, тигинден ичсек, жесек, ээ!» дегенсип, ашпозчунун буулантып бышырып жаткан палоосуна, буркулдатып кайнаткан сорпосуна улутуна-умсуна карап коёт.

Ашпозчу алардын антип сагалап очок түбүндө турганын көрө коюп, тарпты көргөн жорудай, алга умтула кыйкыра кетти:

– Эй, кыргыз бай! Жаныңда турган аял эминең? Карындашыңбы, зайыбыңбы?

Жигит күнк-маңк эте кысталып туруп жооп кайтарды:

– Карындашым болот.

– Ысмы ким?

– Айымжан.

– Эмнеге анда турасыңар? Мында кирип тамак ичпейсиңерби?

– Ошентели десек, акчабыз жок.

– Баса, ошондой де! – деди ашпозчу, издеген жогу табылгансып, күлүңдөп. – Аялга дагы да көз чаптыра карап алды. – Анда саткын мага карындашыңды... Курсагыңды тойгузам, сураганыңды берем.

Жигит бирде ашпозчуга, бирде карындашына жалжал карап, эмне деп жооп кайтарарын биле албай бир аз турду да:

– Макул, сатайын, эмне бересиң? – деди.

– Эмнени каалайсың? Акча дейсиң го?

– Жок, акча бизге тамак болуп бермек беле? Үнөмдөп ичип-жээрлик ун же күрүч берсеңиз эле болду.

– Макул берейин. Канча сурайсың?

– Билбейм канча сурарымды. Мурда мындай иш башымдан өткөн жок эле. Өзүңүз билип бериңиз.

– Өзүм билсем, күрүч эмес, күрмөк берем.

– Күрмөк да болсо күрүч. Ошондон бир кап бериңиз. Ачарчылыкка учураган биздей шордууларга бир топ күнгө оокат болсун.

– О-о! – деди ашпозчу борсулдап күлүп. – Бир кап күрмөккө мен качкындардын бир катынын эмес, он катынын сатып алам. Билип кой сен аны. Көрдүңбү күрүч менен күрмөк мага канча пайда келтирип жатканын?

– Анда канча берсем дейсиз?

– Макул болсоң, үч чака күрмөк берем.

Жигит же бар, же жок деп ачык айта албастан, күңкмаңк этип кысталып, карындашына кайрылып бирдеңке айткандай болду эле, «мейлиң, ошент» дегенсип ал башын ийкеди.

– Болуптур, кожоюн, биз макулбуз,– деди жигит.

Ашпозчу күлүңдөй ашканасынан чыга келип, аларды ээрчитип, дубалды  айлантып, короосуна алып кирип кетти.

«Эми булар эмне болушаар экен? Куруйт ко карындашы сатылса буга» деп аны аяп, эки колум отунда болсо, оюм ошондо.

Бир кезде жигит темтеңдеп басып дарбазадан чыга келди. Жаман бир таар капка салып көтөргөн аркасында жүгү бар. Алдын торой шашкалактап жүгүрүп жеттим:

– Чын эле саттыңызбы карындашыңызды?

– Саттым, иничек, саттым… Анан кантейин! Андан башка бизде айла калган жок.

Мындан бөтөн бир ооз сөз айта албастан, ал жүгүн көтөрүп, көчө бойлоп, темтеңдеп басты да кетти.

Ашпозчунун короосу караван сарай эле. Күндөптүндөп андан жүргүнчүлөр үзүлчү эмес. Токмок жагынан келишкен арабакечтер да ушунда. Аттарынын мойнунда шыңгыраган жылаажындары, жүгөндөрүнүн маңдайына кызыл-тазыл кылып боёп койгон чачылары боло турган.

Адеп мында келишкенде аларды мен таңыркай карап бир аз турганым бар.

Мындан бир күн өттүбү, эки күн өттүбү, эсимде жок, баякы өзүм ташып жыйнаган отундан алып келип очокко жакмакчы болуп короого кирсем, тиги дунган жигиттер бака-шака түшүп, аттарын кошуп, жөнөмөкчү болуп жатышыптыр.

– Кагылайын, бир аз токточу,– деген кимдир бирөөнүн жалынычтуу үнү угулуп калды. «Ким болду бул» деп кылчайып карасам, ашпозчуга сатылган жигиттин карындашы Айымжан экен. Чүмбөттөлгөн арабанын үстүндө олтурат. «Ботом, бул кайда бара жатат? Тилеги жок ашпозчу ушуларга саткан го? Сурайынчы» – деп жүгүргөн бойдон жанына бардым:

– Эжеке, эмнеге минтип арабага олтуруп алгансыз? Бир жакка кетип бара жатасызбы?

– А, садагаң! – деп койду ал үшкүрүп, муңая мени карап. – Мен куруюн, мен! Мени ашпозчу сатып жиберди. Токмокко бара жатам.

Дагы да ал бирдеңке айтмакчы боло бергенде: «Кет бала, кет!» – деп Айымжан олтурган арабага аттарын кошуп жаткан сакалчан дунган мени кайра кууду. Айласыздан алардан алыстап, отунумду алып, очогума келдим. «Эми качан чыгышаар экен» деп дарбаза жактан көзүмдү албай карап турам. Бир кезде дарбаза ачылып, арабалар да чубаша чыга баштаганда, мен да ордумдан тура чуркап, жандарына барып тура калдым. Чүмбөттөлгөн арабада олтурган Айымжан мени көрө коюп:

– Кагылайын, жакшы болбодубу сени көргөнүм! Баякы өзүң көргөн жигит мында келип калса, айта көр ага, менин эмне болгонумду, кайда кетип бара жатканымды.

Ошент, кагылайын, ошент! – деди. Андан башка эчтеңке айта албастан үнү дирилдеп, мууну бошоп, эки көзүнөн мончоктогон жаш кетти.

Колдон колго сатылып, эркинен ажырап, армандуу болуп алыска кетип бара жаткан шордуу Айымжанды көргөнүмдө:

– О, армандуу дүнүйө ай! – дедим мен да жашоо-руп, ичим сыздап, аны аяп, арт жагынан улутуна карап. – Ушунчалык кор болдук ээ! Чет жерде жүргөндө көргөн азабыбыз аз келгенсип, жерибизге келгенде да эми үшүнтүп кор болобузбу? Колдон колго өтүп малча сатылабызбы? Шордуу Айымжан!.. Шоруң арылбаптыр. Көрөр күнүң, ичээр сууң ушул тура. Кантебиз? Жазмыш ушул!..

Үч-төрт күн өттү. Бир күнү күндөкүмдөй очокко от жагып олтурсам, ойдо жок жерден Айымжандын агасы жаныма келип калганы. Мени менен учураша келип, карындашынын ал-жайын сураганда, мен ага ал жөнүндө болгон иштерди айттым. Шордуу жигит ошондо:

– Койчу! Ошенттиби? – деп өңү кумсара түштү. – Анда ашпозчу аны пайдасына малча саткан турбайбы. О курган Айымжан! Куруган экенсиң го? Убалыңа мен калган турбайымбы. Эми кантем? Кайда барам? Кимден кеңеш, кимден акыл сурайм? – Эки көзүнөн эки тоголок жаш ыргып этегине түштү. Башын шылкыйтып, бир аз туруп, кайрадан башын көтөрдү. – О, шордуу Айымжан өмүрлүк жарым элең! Сенден үшүнтүп түбөлүккө ажырап калдымбы? Кантейин, ачарчылык! Ошондон куткарайын дебедиңби. Ал үчүн сен өзүңдү өзүң ушул азапка дуушар кылбадыңбы? Аныңды мен кантип унутам? Мен куруюн, мен!..

Башын төмөн салып үңкүйүп үнсүз-сөзсүз олтурду да калды.

Мурдакыдай «карындашым» деп айтпастан аны «өмүрлүк жарым» дегенине таңданып мен андан сурай кеттим:

– Айтыңызчы, «карындашым» деп айтпадыңыз беле аны? Эми «өмүрлүк жарым» дегениңиз кандай? Түшүнө албай жатам? Же мен жаңылыш угуп калдымбы?

– Жок, иним, жаңылыш уккан жоксуз. Ал менин өмүрлүк жарым болучу.

... Экөө тең эки үй-бүлөөнүн алпечтеп багып өстүргөн уул-кызы экен. 1916-жылкы козголоңдон бир жыл мурда ата-энелери аларды ардактап той берип, эл чакырып, баштарын кошот. Бирок экөөнүн бактылуу болуп өмүр сүрүшүнө козголоң каргаша болуп, эл үркүп, Турпанга качат. Чек арадагы ак кардуу, көк муздуу ашуулардын бирөөнү ашмакчы болушуп бийик беттен кыялап өтүп бара жатышканда, Айымжандын аты тайгаланып жыгылып, үстүнөн ал учуп түшүп, төмөн карай кулайт. Ошондо күйөөсү артынан жүгүрүп жетип кармай калам дегенде, буту ташка урунуп, майып болот. Жигиттин жаңкы сылтып баскан себеби да ошол экен.

Чет жерден жалаңдап өз жерине келишсе да колдорунда малы, ичээрине тамак-аштары жок, кыйналышат. Ак шишик басып ачарчылыкка учураган анын эки бир тууганы, ата-энеси: «Эми биз ачтан өлөт экенбиз го. Кантебиз?» дешип, жалооруй бирин-бири карашканда, бардык эси-дарты тамакта болуп олтурушкан шордууларды көрүп:

– Жан курбум! – дейт бир күнү Айымжан күйөөсүнө. – Гүлкайырдай гүлдөп турган кезибизде кошулдук эле.

Өлсөм да, тири болсом да сени менен түбөлүк өмүр сүрсөм дечү элем. Ага мени каргыш тийген бул турмуш, ачарчылык жеткизе турган көрүнбөйт. Өзүң көрүп турасың, эмне болуп жатабыз? Бөбөктөрүңдү, ата-энеңди карачы! Көр оозунда турушат. Бери кара, жан курбум! Кой, минтип жата бербейли. Андан көрө мунун бир айласын табалы.

– Кантип табабыз? Табылса, мынчалык кыйналбайт элек го.

– Таптым мен аны. Бирок сен ойлой көрбө: бизден эптеп кутулгусу келип жатканы экен деп. Андай эмес: силерди өлүмдөн эптеп аман алып калсам дейм.

– Акиш, бул эмне деген сөзүң? Түшүнө албай жатам,– дейт жигит ошондо таңдана ага карап.

– Түшүнөсүң, мына эми мен айтайын. «Карындашым» деп мени бирөөгө сатып, бирдеңке алсаңар кантет? Антпесеңер, көрүп турам, баарыбыз тең ачтан кырылабыз.

Ач бел, куу жолдо жолдош болгон өмүрлүк жарынан ким эле ажырагысы келсин? Күйөөсү адегенде ага макул болбосо да, барган сайын турмуштары өтө оордогондон соң айласыздан макул болот.

Башынан өткөргөн ушул окуяларды айтып келип:

– Кагылайын, иничек, кайсы бирин айтайын, сүйгөн жарым эле. Ал биз үчүн өз жанын өзү кыйды, сатылды. Ажырап калдым мен андан ошентип... Кантейин, арманым күч! – деди жигит.

Көз жашын кылгыртып, башын шылкыйтып бир аз турду да:

– О, Жасаган! – деп койду терең үшкүрүп. – Бизге бир жакшылык күн болор бекен? Же жакшылык көрбөстөн

үшүнтүп жүрүп өлөбүзбү? Жыргайбыз деп өз жерибизге келсек да минтип жылас болдук.

– Жок, байке,– дедим мен ага чочугансып. – Антип айта көрбөңүз, жылас болбойбуз: жыргайбыз.

Анткеним, өткөн жылы досум Петянын үйүндө болгонумда анын атасынын мага айткан сөзү бар эмес беле: «Россиядан бизге «Большевик» дегендер келе жатат. Алар келгенде кедей-кембагалдарга жакшылык болот. Жыргайбыз, уулум, ошондо» деп.

Аны укканда шордуу жигиттин бүркөлгөн кабагы чайыттай ачыла түштү:

– Чын айтасыңбы, иничек?

– Чын байке, чын.

– Биздин тилегибиз ошол эмеспи, кагылайын, иним. Анда тилегибизге жетет турбайбызбы. Болсун, болсун!..

Жигиттин ким экенин билдим. Кочкордо туулуп-өскөн Өмүрбек деген жигит экен. Ал менден уккан мындай кубанычтуу кабарды ата-энелерине, бөбөктөрүнө тезинен жетип айтып, аларды да кубанткысы келди окшойт, ордунан ыргып дароо тура келди:

– Мен эми кетейин, үйгө барайын.

Өмүрбек мени менен коштошту да жөнөп кетти. Ошол бойдон мен аны экинчи ирет көрө албай калдым.

* * *

Май айынын аяк чени. Мен дале болсо ашпозчуда иштеп жүрөм. Бир күнү:

– «Нарындан большевиктер чыгыптыр» – дейт.

– «Көздөрүнө ит көрүнсө да, адам көрүнсө да атып өлтүрүп келе жатышат» – дейт деген суук кабар тарал-

ганда эл дүрбөп, туш-туш жакка качышты. Кыштактын байлары да бир жакка качышты окшойт, көрүнбөй калышты. Дүкөнчү, ашпозчулар да соодаларын токтотуп, терезе, капкаларын мыктап жаап, үйлөрүнөн чыгышпайт. Жан деген кыйын тура! Кайыр сурап жүргөн ач качкындар да «көз далдаа боло туралы» дешип, качып, чычырканак, чийлердин арасында жүрүшөт. Ким болсо да жаш кезинде ар нерсени билүүгө кызыгат эмеспи. Чыдай албай ашпозчунун тамынын үстүнө чыгып, «көчөдө жүргөн адам барбы» деп айланага көз чаптырсам, жол боюндагы зым карагайдын түбүндө бир кыргыз абышкасы олтурат.

– А, байкуш! – дедим. – Большевиктер жөнүндөгү шумдуктуу кабарды ал уккан эмес го. Барып айтайынчы, бөөдөсүнөн майып болбосун.

Тамдан ыргып түшүп, чуркаган бойдон жанына барсам, Борбугул карыя экен. Кытайдан ал жакында гана келген. Таанучумун.

– Атаке!

Карыя башын көтөрүп мени карап алды.

– А, кагылайын, сен белең?

– Ооба, атаке, менмин.

Карыяга большевик жөнүндөгү «шумдуктуу» кабарды, кыштактын эли андан коркуп туш-туш жакка тарап качканын айттым эле:

– А, кагылайын! – деп койду ал наалып. – Качканда мен кайда барам? Качамын деп ит өлүмүндөй жолдо өлгөндөн көрө, балчабек колдуу болуп өлгөнүм жакшы. Кемпирим болсо өлгөн. Өзүм да минтип көр оозунда турам. Өлтүрсө мына... Өлтүрбөсө, арыз-муңумду ошол балчабекке айтайын.

Борбугул менен сүйлөшүп турганымда, Нарын жактан куралдуу эки атчан адам шамалдай болуп көрүнө түштү.

– Атаке! – деп мен корккондумдан карыяны кармай калдым. – Атаке, Нарын жактан солдаттар келатат. Большевиктер болбосун?

Карыя башын көтөрүп, колун Күнгө серепчилеп ал жакты карай калды да, мага кайрылды:

– Болсо болор,– деди – «Сактыкта кордук жок» деген, балам. Эмнеси болсо да сен көз далдоо боло турчу. Атса мени атсын. Мен ичеримди ичип, жээримди жеген кишимин... Мага баары бир.

Мен жолдон чыгып бир чоң чийдин түбүнө барып жата калдым. Акырын башымды көтөрүп карасам, солдаттардын асынган кылыч, мылтыктары Күнгө жарк-журк этет. Астындагы аттары да баштарын чулгуп, анда-санда бышкырып коёт. Мына эми солдаттар Борбугулга жакындады. «Мылтыктарын эми алып, абышканы атышат го...» деп дирилдеп коркуп турам. Жок, антишпеди. Борбугулду көздөй бура тартышты. Мына ага жакын келип, аттарын тык токтотушту.

– Аман! Аман! – деген алардын үндөрү угулду.

– Аман, аман! – деди Борбугул да.

Уйгур аксакалынын короосу кайда экенин солдаттар сурады эле, карыя жакшылап айтып бере албай мукактанып, шашып калды:

– Чоң көчөгө барасыңар, андан оңго, оңдон солго... Жок, жок, андай эмес, жаңылышып атам.

Солдаттар карыянын сөзүнө күлүп калышты:

– Шашпай айтыңыз.

– Түшүнбөй калдык.

Солдаттардын өңдөрү жылуу. Колдорунан анчалык жамандык келе турган адамдар көрүнбөйт. «Буларды жамандаган кайсы тилеги жок болду экен? Большевиктер кедейдин досу, байлардын касы деп Сергей мага айтпады беле. Аны унутуп, ушак сөздөргө ишенип, мени кайсы кара басып жүрөт?». Дароо ордумдан тура чуркап, алардын жанына бардым.

– Мен билем, аксакалдын короосун?

Асмандан түшкөнсүп, алдыларына пайда боло калган мага эки солдат көз чаптырышты да сөзгө келишти:

– Ой, азамат, кайдан чыга келдиң?

– Бизди ээрчитип ага алып барасыңбы?

– Алып барам,– дедим мен да аларга.

Булар Токмок шаарынан Пржевальскиге барып, андан сырттап жүрүп олтуруп Нарынга түшүп, андан бери келе жатышкан «Павловдун отряды» деп аталган отряддын алдыга чаптырган адамдары экен.

Аларды ээрчитип барып аксакалдын короосун көрсөттүм. Алар артта келе жаткан отряд үчүн короо-жай, тамак-аш даярдоо жөнүндө аксакалга айтышты окшойт, дароо ал шашып-бушуп, дүрбөлөңдөп, даярдык көрүп калды.

Күн батууга аркан бою калганда отряд да келип жетти. Эң алдында командири. Артында төрттөн болуп катар тизилип бастырып келе жаткан солдаттар. Кийимдери бозомку, шаңдуу, шайдоот. Куралдары Күнгө жаркырап, көзгө алда кандай сонун көрүнөт.

Отряд эч кимге катылбастан түнөмөкчү болуп короолорго бөлүнүштү. «Большевиктер адамга тийбейт экен, жакшы экен...» деген кабарды Ала-Тоонун тентек жели учуруп алда кайда алып кетти. Жакшылыктуу андай кабарды укканда ким чыдап тура алат? Эртеси тигинден да,

мындан да адамдар самсып кыштакка келе башташты. Командир элди жыйнап, жыйналыш ачып, сөз сүйлөп, сөзүндө Россияда байлар өкмөтү болгон убактылуу өкмөттүн кулаганын айтып, анын ордуна Совет өкмөтү орногонун, ал өкмөт жумушчу-дыйкан, кембагалдардын өкмөтү экенин айтып келип:

– Силерге бакыт, таалай берүүчү – Совет өкмөтү. Аны курган большевиктер. Алардан силер коркпогула! – деп сөзүн бүтүргөндө, Борбугул карыя колун көтөрдү:

– Балам, бир-эки ооз сөзүм бар. Сүйлөсөм болобу?

– Сүйлөңүз, аксакал, сүйлөңүз, тартынбаңыз.

– Сүйлөсөм,– деди ал,– айткан жылуу сөзүңө, балам, кубанып, кубанычыбыз койнубузга сыйбай атат. Биздин тилегибиз ошол өзүң айткан жыргалдуу заман эле. Бактыбыз бар экен, ал заманга мына туш келипбиз. Бактыбыз бар экен. Өзүңөр көрүп турасыңар: качкынбыз, кедейбиз, ачпыз. Ушул жагынан Совет өкмөтү бизге жардам берсе дейбиз.

– Берет жардам, берет,– деди командир. – Совет өкмөтү качкындар үчүн жакында ар бир жерге тамактандыруу пунктун ачат. Кийимдик кездеме, мал да берет.

Ошол күнү отряд түштөн кийин качкындарга үлөштүрүп ун берди. Бир тилим нан көздөрүнөн учуп, өлүм кайгысы басып турган ач качкындарга бул бир чоң бакыт да. Совет өкмөтүнүн өкүлдөрү минтип алардын камын жеп, үлөштүрүп ун берип жатканына ким кубанбайт? Андай өкмөткө ким айланбасын? Төбөлөрү көккө жеткендей, өлгөндөрү тирилгендей:

– Көп жашасын Совет өкмөтү!

– Айлансак болот Балчебекке!

– Бактыбыз бар экен, бактыбыз! – дешкен алкыштар айлананы жаңыртты.

* * *

Үчүнчү күнү отряд эртең менен жөнөмөкчү болду. Биринчи күнү таанышкан эки солдаттын бирөөнө жолугуп, ага өзүмдүн ал-жайымды, туугандарымды издеп Токмокко бара албай жүргөнүмдү айттым эле:

– Жарайт, командирибиз уруксат кылса, сени биз ала кетели,– деди ал,– сүйлөшүүгө командирине кетти. Мен аттар чегилип жаткан арабалардын жанында турам. Бир кезде жаңкы солдат да келип калды.

– Командир уруксат кылды. Биз менен бирге кетесиң. Отряддын асыранды уулу болосуң,– деп койду солдат күлүп.

Пулемёт тарткан арабанын үстүнө олтурдум. Жөнөдүк. Жаным жай таап, чоң кубанычтын кучагында кетип бара жатам. Кызыл аскердин кимиси болсо да жылуу жүздөрү менен мени карап, «асыранды уулубуз» дешкендей, эркелеткендей болот.

Арабада бара жаткан пулемётчик солдат мени менен сүйлөшө кетти. Таанышып алдым. Ал мага Октябрь революциясы, Совет өкмөтү, Ленин жөнүндө, Совет өкмөтүнө каршы согуш жүргүзүп жаткан актар жөнүндө айтты. Ошондо гана мен, Ала-Тоонун кучагында жаткан кыргыз эли өзүнчө божомолдоп, «ак орус» деп актарды, «кара орус» деп калың кара букара – большевиктерди айтканын билдим.

– Айтыңызчы, сиз да большевиктен болосузбу? – деп мен бир кезде пулемётчиктен сурадым эле:

– Ооба, Совет өкмөтүн жактагандардын баары тең большевик. Жакында сен да большевик болосуң,– деди ал.

«Большевик болот экем» деп ошондогу сүйүнгөнүмдү айтпа.

## Экинчи бөлүм

### I

Капчыгайдын кара жолу менен арабабызды кылдыратып кетип бара жатабыз. Арабанын алды жагында – пулемётчик, арт жагында – менмин. Оң жакты сандарында «Г» тамгалары бар жетелеген эки атыбыз бар. Эмне деген тамга, эмне деген аттар экенин мен адегенде биле алганым жок эле. Кийин билдим: Токмоктук атактуу Галый байдын Каракужур жайлоосундагы жылкыларынан отрядга алынган аттар экен. Бирөө жоош, бирөө азоо. Азоосу арабадан үркүп, кетенчиктеп, жакшылыктуу баспаган соң пулемётчик бир жерден мени жоошуна мингизип азоосун мага коштотту.

Ушул жолду мен мурда эки-үч курдай жөө басып өтпөдүм беле. Басып өткөндө да торго түшкөн кушка окшоп, туткундалып, эки колум аркама байланып айдалганымды, түн койнун жамына кайра Кочкорго качканымды кантип унутам? Ошондо алдыңкы күнүмдүн эмне болорун биле албай кабагым бүркөлүп, каңырыгым түтөсө, азыр андай эмесмин: бет алдымдан Күн нуру чачырап, таалайдын чоң эшиги ачылып, кимдир бирөө бетимден мени сыйпап, эркелеткендей болот. Ооба, эркелеткени ушул эмеспи? Большевиктер мени минтип өздөрүнө кошуп атка мингизип, ардактап алып кетип бара жатышат. Журтка калган күчүктөй, каңгып-бозуп жүргөн мен үчүн бул бир айтып бүтүргүс чоң бакыт да!

Мурда басып өткөн жолуңду экинчи ирет көргөн болсоң, ошондогу болгон окуялар эсиңе түшпөй койбойт экен. Орто-Токойдун так тушуна келе бергенимде суунун

аркы өйүзүндөгү баякы мен көргөн Азык элинин кыштоолорунун биринде, өлүм алдында жаткан шордуу досум – Барыктабас көз алдыма элестеди.

– О, курган досум! – дедим ал жакты карап, аны аяп. – «Элибиз кайрадан эл болор бекен, жыргал-таалай көрөр бекенбиз» – деп экөөбүз Кытай жеринде коштошуп, сен ата-энең менен ары карай Ак-Суугa, мен болсом бери – Үч-Турпанга калбадым беле? Эңсеген ошол тилегибизге жетер бекенбиз деп, кайра минтип өз жерибизге келе жатканыбызда сен антип ырайымсыз ооруга чалдыгыпсың. Андан сакайсаң го, жакшы! Сакайбасаңчы? Анда, досум, түбөлүккө ажырашканыбыз ошол. Кайыр кош, досум, кош!

Баягыда Сейилкан апам, агаларым, бөбөктөрүм болуп мени узатышкан Ачык-Таш жылгасынын так тушуна келе бергенибизде, алар да көз алдыма элестеп:

– О, шордуулар! – дедим дагы да үшкүрүнүп. – Эмне болдуңар экен? Мени бүгүн келет, эртең келет деп олтуруп, ичээриңер, жээриңер жок эки тоонун ортосунда ачтан өлдүңөр бекен? Деги эмнеси болсо да аман-эсен көрүшсөк эле болду.

Кочкор суусу боз чамбыл болуп күркүрөп-шаркырап жаткан кези эле. Анын аркы өйүзүндө бир кезде жашаган элимдин короо-жайы, кыштоолору да көзүмө көрүндү. Андан берки эки айрык суунун ортосунда чычырканак, бадал, талдары көп «Куу токой» деп аталган токой да түмпүйүп көзүмө чалынды. Токойдо күндүр-түндүр мекендеген канаттуу куштар да, коркок коёндор да көп боло турган. Ит агытып, куш салган аңчылардын артынан бир-бирибизди чакырып, жүгүрө басып, мында биз – айыл балдары, алда-нече курдай келгенибиз бар.

Аралдын айыл жагындагы суусу өтө тайыз болгондуктан кыш күндөрүндө ал тоңуп, музга айланчу. Ошондо Сакып-Жамал болуп, ага келип, аны сүйрөп, муз тепкен күндөрүм да болгон.

– А, байкуш кыз! – дедим арабада кетип бара жатып, аны көз алдыма элестетип: – Элибиз минтип чарпылып-чачылып өз жерине кайткан кезде Айымжан антип айласыздан Кочкор кыштагында уйгурга, андан барып дуңгандарга малча сатылган болсо, а сенчи? Сени Айдаркан манап эл бейкут кезинде үстүндө үйү, казанында ашы болуп туруп эле зордуктап, ыйлатып туруп эле Табылдыга сатпады беле? Ошондогу көз жашыңды, көкүрөк дартың сай-сөөгүмдү сыздатканын кантип унутам? Шордуу кыз, шордуу кыз! Кайда, кантип жүрөт болдуң экен? Деги эмнеси болсо да аман-эсен болсоң эле болду.

... Кыш күндөрүнүн бири. Тиги көрүнгөн кыштоолорго жайланышкан айыл балдары, кыздары, келиндери болуп, аралга келип, бир-бирибизди куушуп, муз тээп, ойной кеттик. Тоңгон муздан кетип алып, ага отургузуп, бирин-бири сыргаяктатып сүйрөгөндөр да бар. Мен да карап тура албастан жээкте жаткан жалпак ташты көтөрө чуркап келип, ага Сакып-Жамалды олтургузуп, колуна жип карматып, дыргаяктатып сүйрөп алып жөнөдүм. Мына кырсык десең! Бир жерге келе бергенимде тайгаланып жыгылсам болобу. Ошондо жардын көбөлүндөгү чычырканакка урунган экем, бети-колум кан. Аны көргөндө шордуу кызда жан калган жок. Өзү гана, жалгыз өзү гана мени ошого дуушар кылгансып, уялып, мени аяп, кол жоолугу менен бетимдин канын сүрткүлөп, эмне кыларын биле албай калды.

Оң колумдун бармагы лукулдатып ооруганын карасам, тикенек кириптир, карарып көрүнүп турат. Бизди көрүп бир келин жүгүрүп келди. Бармагымдагы тикенекти көрдү да аны алып таштамакчы болуп ийнеси менен чукулай кетти. Ошондогу бармагымдын ооруганычы! Чыдай албай бакырып жибердим. Сакып-Жамал мени аяп:

– Жеңекебай,– деди келинге,– мага бериңизчи ийнеңизди, алып көрөйүн мен эптеп…

Келин жактырбаган түр менен ага акырая карап:

Ме, менден кыйын болсоң! Алганыңды көрөйүн сенин! – деди.

Сакып-Жамал ийнени алып: «Көрдүңбү садагаң мунун айтканын? Мени буга уят кыла көрбө, чыда эптеп, чыдагын!» дегенсип, жылмая мага карап алды. Сол колу менен бармагымды кармап, оң колу менен тикенекти акырын чукулай баштаганда, тигинден да, мындан да кыз-келиндер жүгүрө келип, бизди курчап, жаныбызга жардана тура калышты. Аларды көргөндө: «Менден кыйынсынып ийнени алдың эле, кана тикенекти алганың?» дедиртип Сакып-Жамалды тиги келинге уят кылбайын деп тиштенип, кайраттанып туруп бердим.

Сакып-Жамал тырышып жатып тикенекти эптеп алганда, тиги келин:

– О, жашабагыр! – деди күлүңдөй мага карап. – Мага ооруган бармагың Сакып-Жамал алганга кантип оорубады экен? Ооруса да анын колу колуңа тийгенде сен коргошун болуп ээрип кеткенсиң го,– дегенде, айланабыздагы кыз-келиндер шаркылдап күлүшкөн болучу.

Ошондо болгон ушул окуя мына эми көз алдымдан тизмектелип өтүп жатты.

Башымдан өткөн ошондогу окуяларды көз алдыман өткөрүп, кыялданып кетип бара жатып, көчүгүмдүн жооруганын да сезбепмин. Бир кезде көчүгүм ооруп, кырчаңгы аттай кыйшалактап, бирде оң жагыма, бирде сол жагыма кетип, бастыра албай калдым. Атымды токтотуп, көчүгүмдү кармалаганымда пулемётчик бурула карап:

– Эмне бала, эмнеге токтоттуң? Бастыр!.. – деди.

– Жерге түшүп аттарды жөө жетелеп алайынбы?

Жайдак аттын үстүндө кыйналганымды ал да билди окшойт:

– Эмнеге антесиң? Кел, олтур арабага! – деди арабасын токтотуп.

Атымдан дароо секирип түштүм. Эки аттын эки чылбырын эки колума алып, арабанын үстүнө барып олтурдум. Азоо атым мурдагыдай эмес: бир аз жоошуп, көнүгүп, арабадан анчалык үркпөй калыптыр.

Күн уясына батууга жакындай берген кезде Көк-Мойноктогу эски бекетке келип жеттик. Отряддын атчандары алдыга кетишти эле. Алар бекетке эчак жетип, андагы казармага жайланышкан экен. Өткөн жылкы мен көргөн солдаттардын мында азыр бирөө да жок. Эмнеге антип казарма ээн калды экен деп таңыркай көз чаптыра ары-бери бастым эле, бир тамдын бурчунда топтошкон үч-төрт кыргыз турат. «Булар кайдан келе калды? Кимдер болду экен? Эмне кылып жатышат? Билейинчи...» деп жандарына барсам, торпок союп жатышыптыр. Алардын ичинде мен баягыда эски бекетте таанышкан Сооданбек карыя да жүрөт. Жалт мени карап алып:

– О, кагылайын балам! Кайдан жүрөсүң? Булар менен бирге кетип баратасыңбы? – деди ал колумдан кыса кармап, бетимден өптү.

Мен алар кызыл атчандарга кошулуп, Кочкордон келе жатканымды айтканымда:

– Баракелде, балам! Бактың бар экен, бактың. Эми өлбөйсүң, адам болосуң,– деп койду ал баш ийкеп.

Эски бекеттин эмнеге антип каңгырап бош калганын сурасам, иштин жайы мындайча болуптур:

«Верныйда Совет өкмөтү орноду» деген кабар угулганда казармадагы солдаттар: «Көптөн берки тилегибиз ушул эле. Мына эми келди бизге эркиндик. Кетебиз үйлөрүбүзгө, кетебиз»,– дешип козголуп, Россияга карай жөнөшүптүр. Токмокко келишкенде аларды андагы кызыл гвардиячылар куралсыздандырып, андан ары узатышкан экен.

Аны укканда бир окуя эсиме түштү. Эски бекетте баякы Ягордо иштеп жүргөн кезим, фронттон кайткан солдаттар күндөп-түндөп Пржевальскиге карай өтүп казарманын начальниги токтотуп, документтерин карады; чемодан, рюкзактарын да ачтырып көрдү. Мылтыктарын болсо алып калды.

Шектүү адамдардай аларды анчалык текшергенин Шарафуддиновдон сурасам: «Верныйдан келген буйрук ушундай: большевиктер өтүп кетпесин деп жатышат» – деп койду ал.

Мен ал кезде большевик деген эмне экенин, алардын өздөрү ким экенин биле алганым жок эле. Көрсө, мына азыр мен өзүм кошулуп кетип бара жаткан солдаттарым – большевиктер экен да, тиги мурдагы ушул казармада турушкан солдаттар, 1916-жылкы козголоңду басуу үчүн Саратовдон жиберилген солдаттардын бир бөлүгү экен. Верныйдагы убактылуу өкмөт: «Фронттон кайткан большевиктер үндөө, нускоо китептери менен Пржевальски-

ге карай өтүп кетишпесин» деп аларга эски бекеттен жол тоздуруптур. Анткен менен алардын начальниги гана болбосо, көпчүлүгү большевиктер жагындагы адамдар экен. «Аз убакыт калды, малай, чыдагын. Сага окшогон шордууларга жакында жакшылык болот»,– деп баягыда мага Шарафуддиновдун айткан себеби да ошол экен.

– Соке,– дедим мен карыяга. – Биздин кожоюнубуз Ягордун короо-сарайы да аңгырап бош го? Кайда кеткен ал?

– Балам, ал качты мындан.

Карыянын андан аркы сөзүнөн улам билдим.

«Верныйда совет өкмөтү орноптур» делинген кабар угулганда: «Эми мында большевиктер келет, менин мында турушум болбойт; качышым керек бул жерден»,– деп Ягор, Ырсаалынын малындагы малдарын алып Токмокко карай качыптыр. Ырсаалы да: «Кудай эми бизди урат экен. Мурдагыдан таз кейпимди кайрадан кием экем...» деп агайын-тууганы, бала-бакырасы менен тоо таяна качыптыр.

Союлуп жаткан торпокту рыбачылык дыйкандар отрядды меймандаш үчүн алып келишиптир. Аны Соодандек карыя ошол чөйрөдө жашаган качкын кыргыздарды жыйнап келип сойдуруп жатыптыр.

Казарманын ашканасына орнотулган чоң казанды мен баягыда көргөн элем. Ошол бойдон ал очокто кала бериптир. Эттен батышынча ага толтура салышты. От жагышып, эт бышырылып, мен да алардын арасында жүрөм. Бир кезде отряддын командири Харин келип:

– Кандай карыя, этиңер быштыбы? – деди Соодан-бекке.

– Бышты, төрөм, бышты.

– «Төрө» эмесмин мен. Өзүңөргө окшогон эле адаммын,– деди командир күлүп.

– Ооба, ошондойсуз, жаңылып атам,– деди карыя да күлүп, шашкалактап.

Этти казандан чыгарышканда отряддын адамдары биринен сала бири келип, котелёкторуна сорпосунан куюп, этинен салып алып кетип жатышты. Биз да, Сооданбек карыя болуп, этке курсагыбызды тойгуздук да жай-жайыбызга тарап жата кеттик.

Экинчи күнү отряд жөнөмөкчү болду. Бышканы, бышпаганы болуп торпоктун этинен бир топ эт бар эле. Анын барлыгын тең командир кечээки торпок союшкан кыргыздарга бөлдүрүп бердирди да, Сооданбек карыяга бурула басып келди:

– Рахмат карыя, рахмат сизге... Бизге чоң жардам кылдыңыздар. Кайыр, кошуңуз! – деди коштошуп. Атына минип, отрядына команда берип, алга таман жөнөй бергенде, жардана карап жанында турган айылдаштарына Сооданбек карыя мындай деди:

– Көрдүңөрбү, эски досуңдай ачендиктин мени менен минтип коштошконун? Былтыркы солдаттардын ачендиги кетээринде минтмек түгүл, кайра бизди жаман көзү менен акырая карабады беле? Айлансак болот большевиктерге! Көп жашасын!

Карыя менен мен да коштошуп, пулемётчикке кошулуп арабама түштүм да, кечээки аттарымды жетелеп, Токмокко карай жөнөп калдым.

## II

Токмок шаары ошол кездерде «Эски Токмок», «Жаңы Токмок» деп экиге бөлүнөөр эле. Эски Токмогу азыркы Покровка поселогу. Бир кезде базар ошондо экен. Барабара суу боюна үйлөр салынып, базар ошол жакка ооп, ал «Жаңы Токмок» аталыптыр.

Ошол жылы, март айында Токмокто атчаны, жөөсү болуп, эки отряд түзүлөт. Атчандар базардын батыш жагындагы бир өзбек байынын үй-короосуна жайланышкан экен да, жөөлөрү базардын чыгыш жагындагы атактуу Милюшев – Садык байдын курдурган имарат-жайын ээлешет.

Нарынга барып кайткан отряд ушул эки аскер бөлүктөрүнөн алынган адамдар экен. Алар, атчандар бөлүгү жайланышкан жаңкы батыштагы короого келип киришкенде, отряд жай-жайына тарап, анын Нарындан келгени, мындагысы кайсы экенин билбей чаташып калдым. Бардыгынын тең кийимдери бирдей, бири-бирине окшош. Кочкордон мени алып келген пулемётчиктин да кайда кетип, кайда койгону белгисиз. Короодо жүргөн, анын заңгыраган бир нече бөлмөлүү үйүнөн кирип-чыгышкандардын бардыгы тең мага бейтааныш. Көп койдон ажыраган кебээ козудай, аларга кошулбастан жападан жалгыз тиги жетелеп келген эки атымдын жанында олтурам. Алардан алыстагым келбейт. Алыстасам эле мени бирөө кармачудай, ал жерден алыс кууп чыгуучудай болом да турам.

Бир кезде кайдадыр бир жактан кылыч байланган, мылтык асынган бир кызыл аскер келип, атынан түшүп, атын акырга байлап жатып, мени көрүп, «бул кайдагы

эме» дегенсип, таңыркай мага караганда, «бул эми мени кармайт экен, кууп чыгат экен» деп менде жан калган жок. Бүткөн боюм дирилдеп, эки көзүм алачакмактап, өзүмдү кайда коёрго жер таппай калдым. Аптпегенде кантем? Кууп чыкса, барар жерим, түнөгүм жок, анда мен курубадымбы? Көчөдө калып өлбөдүмбү? Жан чиркин кыйын тура! Аттарды баккан эме го деп айтсын деп эки аттын жал-куйругун тарап, астындагы чөптөрүн которуштуруп сала кеттим. Тиги аскер үндөбөстөн үйдү карай басканда: «Болду-болбоду айтууга кетти. Эми келишет тигилери, кармашат мени...» – деп андан бетер коркуп, ал жактан көзүмдү албай карап турам. Бирок мени карай баскан бир да адам болгон жок. Ошондо да жүрөк кургур чочулайт. Кайра акырга барып жаттым; тынчым кетип, анда-санда башымды көтөрүп, жан-жагымды алактап карап коём. Бир топ убакыт өттү. Күн да ысыгандан ысып, чак түш болду. Аттар да көк бедеге тойду окшойт, баштарын чайкап, ыраалайт. Курсагым ачып, таңдайым кургайт. Бир ууртам муздак суу ичсем, тим эле жаным жыргаганы турат. Жипке байланган чакасын салаңдатып короонун ортосунда турган кудуктан барып суу ичсем дегендей болсом эки көзүм төрт. Бирок антүүгө болбойт, тигилер көрүп калсачы!.. Жок, антпейин, андан көрө эптеп чыдайын, жаңкы тааныш пулемётчигим келип калгысы бардыр. Мага келбесе да аттарына келээр. Ошондо суу ичким келгенин айтайын...

Ошентип ойго батып, жайдын ысык чилдесинде бук болуп акырда жатып, көшүп уктап кетиптирмин. «Эй, бала!.. Кайдасың?» – деген кимдир бирөөнүн үнүнөн чочуп ойгонсом, жаңкы өзүмө тааныш узун мурут пулемёт-

чик солдатым жанымда турат. Кубанычымдан шашкалактап ордумдан дароо тура келдим.

– Ме, бала, тамактан! – деди ал. – Неге сен мында жалгыз олтурасың? Коркосуңбу? Коркпогунуң. Мындагылар сени билишет. Айткам, мен аларга...

Көрсө, андагы кызыл аскерлер мени билишет экен. Бекерге эле арам тер болуп коркуптурмун. Ал да болсо жашчылыктын саркыты да!

Таанышым мага жарты бөлкө нан, бир котелок борщ карматып кайра басканда, үзүлүп түшүп борщко качырдым. Ошондогу кычкыл борщтун сонуну ай! Нандан бурдуга сугунуп, баш көтөрбөстөн шорулдата ичип жатып, борщту бат эле бүтүрдүм. Түшкү тамактарын ичишип топтошуп аңгемелешип жаткан кызыл аскерлерге көз чаптырсам, тиги менин узун мурут таанышым да алардын арасында жүрөт. Кылчак-кылчак мен жакка карап, колун булгап, бирдеңке айтмакчы болот. «Болгондо мен жөнүндө аларга айтып жатат ко» дейм өз ичимден. Бардыгынын жүздөрүндө мээрмандык бар. Андай адамдардын колдорунан эч бир жамандык келчүдөй эмес. Чымырканып, чыйралып, дароо ордумдан тура калып, кудукка басып барып, котелогумду суута чайкай кеттим. Тигилерден кимдир бирөө бурула мага карап добуш салды:

– Эй, бала! Суу алып келчи мында, ичели...

«Сокурдун издегени эки көз» дегендей, менин издегеним алар менен таанышуу, жагынуу эмеспи. Андай учурда кантип чыдап турсам болот? Котелогума толтура суу куюп, чайпалта көтөрүп, жетип бардым. Биринен сала бири ахылашып суу ичип жатышканда көзүмдүн кыйыгы менен кыдырата карасам, мага жамандык кылчудай түрлөрү жок. Анын үстүнө араларында тиги таанышым

турганда, атам анда тургансып, жетине албай өзүмдөн-өзүм компоюп, күлүңдөп коём.

Тамакты булар Милюшев Садык байдын короосундагы казармадан ташып ичише турган. «Эми антпейли, казармага жакындайлы дештиби» же бул короо аларга тардык кылдыбы, ким билсин, бир күнү эскадрон ошол жактагы өзбек соодагеринин бир нече бөлмөлүү үйүнө көчүп барып жайланышты.

Мен эми эскадрондун адамдары менен таанышмын, достошуп да алдым. Кимиси болсо да мага жылуу-жумшак мамиле кылышат. Мен да алардын ооздорунан эмне чыкса ордумдан учуп тура келип айткандарын орундатам. Бирөө бир жакка бара турган болсо ээр-токумун да көтөрө чуркап, ал аттанып жөнөгөнчө атынын чылбырын кармап турам. Иши кылып алардын кимисине болсо да жаксам деген тилек. Антпегенде кантем? Оңойлук менен тамак таап жеш кыйын тура.

Жатаканам болсо ээр-токум жыйналган, чатырчасы бар кичине бир там үй. Анын бир бурчуна калыңдап, жумшактап чөп төшөп алгам. Жай күндөрүндө андай жерде уктоо – барып турган жыргал да!

Эми курсагым ток, кайгым жок. Нандарым артып сухарь болуп бир бурчта үйүлүп жатат. Андан алып чыгып, Кудайы сурагандарга берип, алардын алкыштарын алда нече ирет алганым бар. Ошентип, эми башкаларга да жардамым тие турган болду. Бирок жүрөгүмдү өйүгөн бир нерсе – кийим-кечемдин жоктугу. Дамбалым жок, шымым гана бар. Анын арт жагындагы жыртыгын эптеп эки-үч курдай бүрүгөнсүп алдым эле, эскилиги курусунчу, өйдө-ылдый болгон сайын кайрадан айрылып, сөгүлүп калат. Ары-бери басканымда бирөө болбосо бирөө көрүп

коёр деп сол колум менен ал жеримди жаап алам, же алдымдагы кишилерден кетенчиктеп кайра арт жагыма басам. Ошентсем да анымды алар бир күнү көрүп калышып каткыра күлүштү. Ошондогу уялганымды кантейин!..

Экинчи күнү мени жандарына чакырышканда шымымдын жыртыгын көрүп, дагы да күлүшпөгөй эле деп арандан зорго илкип басып бардым. Ортолорунда шинелге оролгон бирдеңке жатат. Мага аны көрсөтүштү да:

– Алгын бала.

– Алгын муну, кийин – дешти.

Шашкалактап көтөрө чуркап, жаткан жериме алып барып карасам: шинелге оролгон көйнөк, дамбал, шым, өтүк – баары да бар. Мүйүздүү баш кийими да (буденовкасы) жүрөт. Боорукерчилик, адамкерчилик менен мага беришкен кийимдери үчүн мен аларга миңдеген алкышымды айттым да, шашып-бушуп кийине баштадым. «Адамдын көркү чүпүрөк» деген кеп ырас тура. Кийинген соң үстү-башыма карасам, өзүмө өзүм ишенбейм: кадимки эле тигил кызыл аскерлердин өзүндөймүн. Жаркылдап-жайнап, күлүңдөп, тышка чыга келгенимде:

– Мына азамат десе!..

– Кызыл командирдин өзү болуп калбадыңбы,– дешти алар мени далыга кагып.

Кичине эле дыбырап жаан жааса Токмоктун көчөлөрү баткактап калчу. Шаардыктар андан басып жүрө алышпастан, чет-жакасына түшкөн жалгыз аяк чыйыр жол менен чубашып басып өтүшөөр эле. Ошондой күндөрдө жаңкы жалгыз аяк жол менен мурда мен жылаңайлак, жыңалбаш салып-уруп кетип бара жатканымда алдымдан чыга келген адамдар болсо, жол бошотуп, баткак кечип, четке чыга берчү элем. Эгерде антпесем шаардык

соодагер, базарчылар: «Тур мындай, бала, жол бошот!» – дешип, мени жолдон четке түртө салчу. Мына эми жаңкы кийимдеримди кийинип көчөгө чыга келсем, баягы мен жол бошоткончо шашкан кишилерим өздөрү мага жол бошотуп калышыптыр. Ал да болсо большевиктин атакдаңкы, кадыры да. Кешиктен күдөр үзгөн курган жаным мындай баркка ээ болгонума жетине албай кубанып, өзүмдөн-өзүм күлүңдөөр элем.

Мына эми үстү-башым, кийим-кечем түзөлдү. Түзөлгөндө да кадимки эле кызыл аскердин өзүмүн. Бирок төшөнчү-орунчум жок, чөп-саманга оронуп, ээр-токум жазданып, эптеп конуп-түнөп, жашап келе жатам. «Аттиң! – деп коём башымды чайкап. – Жамынарга жууркаidным, жерге салар кийим-кечем болсо, анда мен жыргабайт белем».

Бир күнү кайдадыр бир жактан жүк тарткан үч-төрт араба биздин эскадрондун короосуна келип кирди. Үстү жабык чоң сарайдын эшигине жүктөрүн түшүрүп жатышат. Менин түнөгүм мындан бир топ алыс эле. Тышка чыга келип аларга бардым. Көз жүгүртө карасам, эмнелер жок дейсиң анда: ар кандай шайы, баркут, ластик жууркандар; туш кийиз, ала кийиз, өрө кийиз, жаздык дегендери да толуп жатат. Бардыгы тең байлардыкы экени көрүнүп турат.

Мындан бир нече күн мурда атактуу Калпа ажы, Дүр Сооронбаев, Максим кожо, Турумбек деген манаптар айдалып келип камалды деген кабарды укканбыз. Көрсө, азыркы мен көрүп турган буюмдар конфискацияланып алынган ошолордун үй-мүлктөрү экен.

Аларды каттап, кабыл алып алуу үчүн комиссия түзүлгөнбү, кандай, үч адам ортолоруна стол, орундук

коюп, бирөө алып берип, бирөө анын эмне буюм экенин журналга жазып, үчүнчүсү андан алып ары карай складга ыргытып жатат. Тиги тизмелеп жазып жаткан адамды мурда алда нече курдай көргөм. Согуш комиссарынын секретары Дудник деген жигит. Кызыл атчандардын кимиси болсо да аны «Иван Григорьевич» дешип, ордунан тура калышып, салам берип, сыйлаша турган. Кезек-кезек мында келе калып, эскадрондун адамдары менен аңгемелешип, аларга кошулуп ырдап да калчу.

Ооба, тамактан соң эртели-кеч алар короого чыгып ырдашчу. Жандарында туруп үйрөнүп алган бир куплет ырды аларга кошулуп мен да ырдачумун.

Бир күнү алар күндөгүсүндөй сыртка чыгып, папирос тартышып, аны-муну, жокту-барды сүйлөшө келип, баягы мен бир куплет үйрөнүп алган ырды ырдай кетишсе болобу. Чыдап тура албастан мен да кошулуп ырдай кеттим. Баса, ал ыр али күнчө эсимде. Мындай делинип башталчу:

Смело мы в бой пойдем,
За власть Советов.
И как один умрем,
За дело это…

Мына кызык! Кимдир бирөө мени алкыштап далымдан какты:

– Азамат, жарайсың жаш улан!

Кылчая карасам, ушул Дудник экен. Андай мактоону мурда укпаган курган жаным ага кубандымбы, же уялдымбы, түнөгүмө кайра чуркаган элем.

Эми карабайсыңбы, ошол мени мактап далымдан каккан кишим өзү келип минтип, бет алдымда олтуруп, тиги буюмдарымды тизмелеп, өткөрүп алып жатат.

Эскадрондун үч-төрт адамы да келип, алардын жандарына жардана карап тура калышты. Бардыгы тең мага тааныш: күндө көрүп, күндө сүйлөшүп жүргөн кишилерим. Бердибеков да алардын ичинде. Аны менен мен кечээ жакында гана таанышкам. Кыргыздардан кызыл аскерге биринчилерден болуп жазылган, орусча жакшы билген жигит эле.

Дөбө болуп үйүлүп жаткан буюмдардан эки көзүм өтүп: «Атаганат, ушулардан астыма саларлык бирдеңке алсам, ээ!» – деп коём улутунуп-умсунуп. Чет жагында жаткан бир салым жаңы шырдак көзүмө чалынганда, чыдап тура алганым жок, акырын басып алга өтүп, аны кармалай кеттим. Анымды Бердибеков көрө коюп: «Алгын аны, ал»! – дегенсип, башын мага ийкегенде, беркилери да: «Ошент, ошент» – деген маани менен күлүңдөшө көздөрүн ымдашты. Жолдошторум антип өбөк-жөлөк болуп турганда кантип карап турсам болот? Шырдакты сүйрөп барып түнөгүмө таштап кайра келдим. Ошондо «ысапсызга кашык салсаң беш ууртайт» болгонумчу! Дагы да бирдеңкесин алгым келет.

Ыргытылып чет жагында жаткан суусар тебетейди көрдүм да колума алып кийип көрсөм, тим эле башыма куюп койгондой, жолдошторум эмне дээр экен деп кылчая карасам, аны да «алгын» дешип көздөрүн ымдашты. Колтугума кысып алып аны да түнөгүмө коюп кайттым. Эми жерге жаярыма, башыма киериме бар, бирок үстүмө жамынарым жок. «Тиги жууркандардан да алсам, ээ!» – деп коём өзүмдөн өзүм кыйпычыктап. Канткенде алсам

болот? Жарга капталган жолоочудай, элең-салаң этип эки жагымды каранып, тиги буюмдарды тизмелеп олтурган Дудниктен көзүмдү албай сурасамбы, сурабасамбы деп ойго батам. Берсе го жакшы! Бербесечи? «Жок, жок, эмнеси болсо да сурайын, баягыда ал мени мактап далымдан какпады беле. Анысын ал унутпагандыр. Жер каратпас: сураганымды берер... дедим да кайраттанып жанына жакын басып бардым.

– Жолдош начальник,– дедим мен Дудникке.

Ал башын көтөрүп жалт мени карап алды:

– А жаш жигит, сен белең? И, айт, эмне дейсиң?

– Үстүмө жамынарга эчтеңкем жок, кыйналып жүрөм. Мага бир жууркан берер бекенсиз?

– Ооба, курган бала ошентип жүрөт.

– Бечарага убал болду,– дешти жолдошторум да мени коштоп.

– Болуптур, ал тиги жууркандардан өзүң барып,– деди Дудник.

Ошондогу сүйүнгөнүмчү! Дөбө болуп үйүлүп жаткан жууркандардын бирөөнү көтөрө чуркап түнөгүмө бардым. Ачып карасам, шайы жаңы жууркан экен. Аны бүктөп бурчка коюп, шырдагымды жерге салдым. Жүрөгүм дикилдеп токтоно албай алып учат. «Кой эми барбайынчы, эс алайынчы, аларымды алдым» деп жуурканыма чыканактап, шырдагымдын үстүнө олтура кеттим. Бир кезде кимдир бирөөнүн мени чакырган үнү угулуп калды. Кайрадан ордумдан секирип тура келип жетип барсам Бердибеков колуна бир китеп баштык кармап алыптыр. Аны мен мурда эле көргөм: жылбырска кара көрпө менен тышталган укмуштай сонун китеп баштык болчу. Кийинчерээк окуп калсам кереги тиер деп ага да мен кызыккан

элем. Бирок ал мага төшөнчү-орунчу болуп бербейт да. Андан көрө башка бирдеңкени алайын деп ойлогом.

– Ме! – деди Бердибеков. – Муну да начальник сага берди.

Эңсеген нерсем өзү келип колума тийгенине андан бетер кубанып, ракматымды айтып, кудуңдаган бойдон кайрадан түнөгүмө кайттым.

## III

ОКТЯБРЬ айынын баш чени болчу. Эртеңки тамак ичилип бүткөн кез эле. Бир кезде шашып-бушуп Дудник келип калды:

– Жолдоштор!.. Болгула, жүргүлө бат. Эл аянтка жыйналып калды. Баралы биз да.

– Макул, баралы…

– Ошентели,– дешип бир топ кызыл аскерлер көчөгө чыгышканда, мен да алардын артынан ээрчип алдым. Мени Дудник көрө коюп:

– О, жаш жигит! Сен кайда барасың? – деди.

– Силер менен.

– Биз большевиктер партиясына жазылалы деп бара жатабыз. А сенчи?

– Мен да жазылам, большевик болом.

– Жарайсың азамат, жүр анда биз менен,– деди Дудник.

Көчөдөн көчөгө өтүп, чиркөөнүн аянтына келсек, эл дегениң батпайт. Кош дарактын түбүндө, үстү кызыл сатин менен жабылган столдун жанына кырка коюлган орунтуктарда үч-төрт киши олтурат. Чийдей калanын алардын айланасында турган элге аскерче кийинген ким-

дир бирөө оң колун оңду-солду булгалап сөз сүйлөөдө. Биз да элге кошулуп, анын сөзүн тыңшап тура калдык. Тиги оратор улуу Ленин жөнүндө, ал түзгөн Коммунисттик партия жөнүндө айтып келип акырында мындай деди:

– Кана, жолдоштор, ошол партияга киминер жазыласыңар? Жазылам дегениңер болсо келгиле мында, жазылгыла!

– Мына биз!..

– Биз жазылабыз,– дешип Дудник болуп менин жолдошторум элден суурулуп алга таман чыга келишкенде, мен да алардын артынан ээрчип бастым. «Ботом, бул балага эмне жок? Кайдагы эме бул?» – дешкен кишилердин үндөрү да угулду.

Жолдошторум аты-жөндөрүн, ким экенин, улутун айтып партияга жазылышкан соң кезек мага келди. Тизмеге алып жаткан адам жалт мага карап алды да:

– Уулум, сен жашсың го? Болбойт сени алууга. Жакында бизде комсомол уюму уюштурулат. Сен эң обол ошого жазыл.

– Жазылам ага да. Азырынча буга да мени жазып алыңыз,– дедим мен ага.

– Ооба, ошентиңиз.

– Партияга өтөм, жазылам деп келди,– дешти жолдошторум да мени коштоп.

– Жашың канчада? – деди тиги киши.

– Он сегизде.

– Партияга өткүң келеби?

– Ооба. Мен да большевик болгум келет.

– Ой азамат! Алалы анда жаш жигитти, алалы партияга,– дешти берки олтурган жолдоштору да баштарын ийкешип, күлүңдөшүп.

Ошол жерде мен партияга өттүм. Элден четтеп чыкканыбызда: «Мына сен да партияга өтүп, биз сыяктуу большевик болдуң» деп Дудник болуп жолдошторум мени куттуктап далымдан кагышты. Ошондо мен, баягы Кочкор кыштагынан жөнөп бара жатканымда пулеметчиктин: «Сен да большевик болосуң» – деген сөзү эсиме түшүп: «Ооба, ооба, анын айтканы туура келди. Мына эми мен да большевик болдум...» – деп өзүмчө кудундап, кубанычым койнума сыйганы жок.

«Жүргүлө эми, тиги эсерлерге баралы. Алардын жыйналышын да көрөлү» – дешип жолдошторум жөнөгөндө, мен да аларды кайрадан ээрчип алдым.

Ошол кездерде Токмокто короо-жайы, бак-шагы бар Кондратов деген оокаттуу адам бар эле. Кино көрсөтчү. Эскадрондун адамдары менен мен мында мурда биринчи ирет болгонум, кино көргөнүм бар. Көчөдөн көчөгө өтүп, ошого келсек, короонун ичинде да, сыртында да толгон эл. Кийимдеринен, кебете-кешпирлеринен эле алардын шаардык бай, соодагер, кулактар экени көрүнүп турат.

Биз барган кезде көз айнекчен, сакал-мурут кырдырган, узун бойлуу бир адам сөз сүйлөп жатыптыр. Аны көрүшкөндө, жолдошторум:

– Абрамович экен, Абрамович! – дешти.

Анын ким экенин билдим. Өзүнүн менчиктүү аптекасы бар, доктор чалыш адам экен. Сөзүндө ал, «солчул» эсерлер партиясын мактап келип, мындай деди:

– Биз, эсерлер, Совет өкмөтүнө каршы эмеспиз: кайра аны жактайбыз. Бирок биз аны большевиктерче түзгүбүз келбейт: башкача түзөбүз. Байы болобу, кедейи болобу, бардык адамдардын тилегин орундата турган өкмөт

түзөбүз. Кана, граждандар, келгиле! Жазылгыла биздин ушундай партиябызга!..

– «Келгиле» – дегенин кара бул доңуздун! – деди Дудник алыстан туруп ызырынып. – Кимди келтирмек болот бул? Барсын ага айланасында турган тиги ак жакалар. Кедейлер менен аларды достоштуруп, баш коштурмакчы болот. Көрөөрбүз баш коштурганын! Кеттик жолдоштор, кеттик.

## IV

АДАМ дегениң кызык тура! Ал ар бир нерсеге канааттанып калбайт экен. Дагы да алга жылгысы, дагы да турмуштан бир нерсени алгысы келет экен. Мен да ошондой болдум. Мурда менин бардык эси-дартым – кара курсак камы эле. Курсагым тойгон соң ойлонгонум кийим болду. «Атаганат! Мен да эл сыяктуу кийинсем, ээ!» – дечү элем. Мына эми кийиндим. Кийингенде да кадимки кызыл аскердин өзү болуп калдым. Эңсеген тилегиме жетип, большевиктердин партиясына да өттүм. Жатар үйүм, төшөнчү-орунчум да бар. Болбодубу, дагы эмне керек? Жок, болбоптур, дагы да бир нерсем жетишпегенсийт. Аны мен мурда капарыма албапмын, оюма да кирбептир. Мына эми курсагым тоюп, кийим-кечем бүтөлгөн соң гана мектепте окуган балдарды көрүп эмнеге жетишпегенимди, керегимди ошондо билип олтурам. Ошолордой мен да окусам, билим алсам дейм. Кайдан? Кантип окусам болот?

Бир күнү мектептен келе жатышкан балдарды атайын тосуп туруп, алардын кайдан, кайсы мектептен окуп жүрүшкөнүн сураштырсам, Ровнягин деген адамдын

мектебинен окушат экен. «Анысы ким болду? Кайдан уктум эле мен муну?» – деп ойлогонсуп турганымда, качандыр бир кездерде айылыбызда болгон окуя эсиме түштү.

...Унутпасам, 1912-жыл болсо керек эле. Ал кезде менин жашым ондо. Кызыл-Омполдо жайлоодобуз. Дайым эле жатакта жата бербейли деп ошол жылы жайлоого чыкканбыз. Бир күнү жал-куйругу төгүлгөн чоң күрөң ат минген, жанына жаш жигитти ээрчиткен, муруту, сакалы бар орус адамы айлыбызга келип калды. Айыл четинде килемдей төшөлгөн көк майсаңда уй мүйүз тартып кымыз ичип олтурушкан карыяларга кыргызча салам айтты да:

– Биз Кудайы конок болобуз, келип калдык силерге,– деди ал.

– Келгениңиз жакшы, келиңиз...

– Аттарын алгыла! – дешти карыялар жарыша сүйлөп.

Эки жигит шашыла тура келип аларды колтуктап аттарынан түшүрүштү. Ардактап ортолоруна олтургузуп, кымыз сунуп, кайдан келишкенин, эмне кылып жүрүшкөн адамдар экенин үстөккө-босток сурап атышат. Эч бир жаңылык жок, өзгөрүш жок, бир калыпта өмүр сүрүп жатышкан айлыбызга күтүлбөгөн жерден минтип чоочун адамдардын келип калышы – айыл балдары үчүн өтө кызык да, сонун да. Биз алардын кыргызча сүйлөшкөнүнө таңыркай карап жандарында турабыз. Токмок шаарынан тоо кыдырып чыгышыптыр. Жанындагысы баласы, өзү болсо окутуучу Ровнягин деген адам экен. Айлыбызда бир нече күн өргүмөкчү болушканын билишкен соң карыялар аларды биздикине түшүрүштү. Үйгө киришкенде да, чыгышканда да жүгүрө келип мен аларга эшик ачам. Тамак ичишээрде да ордуман тура калып колдоруна суу

куя кетем. Анымды Ровнягин жактырып: «Чырагым, жарайсың» деп мени мактап чачымды сылаар эле.

Тоо-таштын, кокту-колоттун коён жатагына чейин жакшы билген айлыбызда баякы Жумабай деген мергенчи бар. Ошону ээрчитип, үч-төрт күн тоо кыдырып кийик аттырып, жалтырагы, сарысы, кызылы, күрөңү бар бир топ таш таап кайтышты. Табылгаларын куржундарына салып жөнөмөкчү болушканда:

– Буларды эмне кыласыз? Кереги эмне? – дедим мен Ровнягинге.

– Керек, балам, керек,– деди ал жылмая мени карап,– шаарда окуткан сага окшогон балдарым бар. Ошолорго керек.

Таштардын аларга анчалык эмнеге керек экенин батынып сурай алганым жок. Көрсө бардык өмүрүн, бардык күчүн калк агартуу ишине арнаган кайран киши таштарды көрсөтүп, окуткан балдарына алар жөнүндө билим бермекчи болгон экен. Баласын ээрчитип тоолорду кыдырган себеби да ошол турбайбы. Аны мен ал кезде кайдан билейин.

Мына эми балдардан «Ровнягин» деген фамилияны укканымда ошол адам эсиме түштү да, мен ага барайын, билейин деп, эртеси эрте туруп, жумушумду бүтүрүп, мектепке карай жөнөдүм. Мектеп базардын түштүк жагында экен. Сураштырып олтуруп барсам, класстарында балдар кызуу окуп жатышыптыр. Сабак бүтсүн деп короонун четинде бир бурчта күтүп турганымда коңгуроо кагылды. Бирин-бири түртүшө-жөөлөшө чуулдашып чыга келишкен балдарга көз жүгүртсөм биринчи, экинчи, үчүнчү класстын окуучулары экен. Бардыгы тең жашы ондон ашпаган жаш балдар. Эң артынан буурул сакал,

буурул чач адам тышка чыгар менен мен аны тааныдым. Баягыда бизде болгон Ровнягин экен. «Кайдан келе калды бул кыргыз жигити» – деген маани менен ал мага көз чаптырганда басып бардым да, салам айттым. Алик алды да сурай кетти:

– Ким болосуз? Жумуштап келдиңизби?

Атайлап келген жумушумду айтканымда, ал:

– Жакшы, балам, окуганың жакшы, – деди. Бүшүркөгөн кишиче бутумдан башыма чейин көз жүгүртө карап алды. – Балам, мен мурда бир жерден көргөндөй болом. Же жаңылышып атамбы?

– Ооба, көрүшкөнбүз.

Окутуучу жандана түштү:

– Качан, кайсы жерден?

Бир топ жыл илгери баласы экөө айылда жайлоодо болушканын айттым эле, ал эстейинчи дегенсип, ойлонгонсуп калды:

– Көп эле жайлоодо болдум эле, эсиме түшпөй атат, кайсы жайлоодо, балам?

– Кызыл-Омполдо.

– Туура айтасыз, анда да болгонбуз. Бир кыргыздын үйүндө мейман болуп жаткан күндөрүбүз да эсимде. – Окутуучум селт эте башын көтөрдү. – Токто, токто!.. Өңүң эле жылуу учурайт. Сен ошол кыргыздын баласы болуп жүрбөгүн!

– Ооба.

Ата-энемдин мени эркелетип ошондогу жүргөн ысмымды ал унутпаптыр.

– О-о! – деди ал жылмая мени карап. – Анда, сен балам, Кара тоголок турбайсыңбы?

Башымды ийкедим.

– Ата-энең кайда? Аман-эсен барбы алар?

Атам эчак өлгөнүн, энем кытай жеринде калганын, Кочкор кыштагында жатаар түнөгүм, ичээр тамагым жок каңгып жүргөнүмдө большевиктердин отряды өздөрү менен бирге мени мында – Токмокко ала келишкенин айтканымда:

– Пай! Пай!.. – деди ал кейип-кепчип башын чайкап. – Көрбөгөн азабың калбаптыр го, балам. Көтөрүлүш дегениң кыргыз калкы үчүн ал бир топ трагедия болбодубу. Бирок... – деди окутуучум башын көтөрүп:

– Балам, ар бир азаптын акырында асылы да, жыргалы да болот. Көрдүңбү, эмгекчи элге минтип жаңы доор башталды. Оку, балам, окугун.

Экинчи күнү келип окумакчы болдум да кайра кеттим.

* * *

Үстүмө шинелимди, башыма баякы суусар тебетейимди кийип, ийниме тиги сонун китеп баштыгымды илип экинчи күнү мектепке келгенимде балдар класстарына тарап кирип жатышкан экен. Ровнягин колума алиппе китебин карматты да, биринчи класстын балдарына кошуп, эң артына олтургузду. Антпегенде балдарга алды жагымды көрсөтө турган эмесмин. Чынымды айтсам, алардын ичинде мен чымчыктардын арасында конгон жорудаймын.

«Карачы тигини!.. Чоң эме экен, бизге кошулуп окуганы эмнеси?» – дегенсип, балдар бирин-бири түртүшүп, жылмайышып, мени карашканда, чоңдугум өзүмө тоо көрүнүп, аны кайда коёрго жер таппайм. Уялам, кыста-

лам. Партада жаткан китебимди барактап ачымыш болом. Анткен менен оюм онго, санаам санга бөлүнөт.

Окуу жылы жаңы гана башталгандыктан балдар сабагынан көп анчалык алыстап кете алышпаптыр. Мени да башынан баштап үйрөнсүн деди окшойт, китептердин биринчи беттерин ачтырды да:

– Балдар! – деди окутуучу,– мурдакы өткөн сабактарыбызды дагы бир ирет кайталап бышыктап өтөлүчү. – Оң колун шилтеп мен жакка карап алды. – Араңарда жаңы шакирт бар, ал да үйрөнсүн. Кана, кимиңер чыгасыңар доскага?

– Мен!.. Мен!

– Мен чыгам! – деген үндөр угулду.

Окутуучу аларды бирден доскага чыгарып, «А» тамгасынан баштап, бир нечесин доскага жаздырды, бирине-бирин коштуруп, сөз жасатып да окутуп көрдү. Андан соң мага келип, алиппемди барактап ачып, «А», «Б», «Г» тамгаларын көрсөттү:

– Булар эмне деген тамгалар? Окуп көрчү, балам.

Ал тамгаларды мурда мен баягыда эски бекеттеги досубуз Николайдан үйрөнбөдүм беле? Доскага балдар жазышканда эле мен аларды көңүлгө түйүп, жаттап алгам. Дароо эле айтып бердим.

– Билет турбайсыңбы? Жарайсың, балам, жарайсың,– деди окутуучу мага. – Мурда сен бир жерден окугансың го?

Үркүндөн мурда эски бекетте орус досубуздан бир кыш окуганымды айтканымда, ал:

– Ошондой де! Эмесе, сени мен экинчи класстын балдарына кошуп окутайын,– деди.

Ошентип, мен ал күнү биринчи класстын сабагын бүтүрүп, экинчи класска өтмөкчү болдум, чоң олжо менен казармага кайттым. Бирок жүрөгүмдү өйүгөн, андан аркы окуума кош көңүлдүк туудурган бир нерсе – балдардын шылдыңы. «Дядялашып» башка класстын балдары да артымдан калбай ээрчишкенин кантейин! Олтурсам да, турсам да ошол сөз кулагыма жаңыра угулгансыйт.

Айла жок! Бир айча эптеп окудум. Бирок балдар мурдагыдай эле «дядялашып» артымдан калышпайт. Баарыдан да: «Дядя, жашың канчада?» дешип курчап алышат. Ошондон уялам. Минтип жаш балдардын шылдыңына калып окугандан көрө окубай эле коёюн деп, бир күнү класска кирбестен, окутуучума көрүнбөстөн кеттим да калдым.

Ал кездерде шаарда мендей кийинип мектепте окуган кыргыздын балдары жок эле. Башымда элде жок эң сонун суусар тебетей, бутумда өтүк, үстүмдө шинель. Кара көрпөдөн жасалган китеп баштыгым да бар. Анымды көрүшкөндө:

– Ботом, бул кайдагы эме?

– Кайсы кыргыздын баласы болду экен?

– Болгондо бир чоң байынын баласы го? – дешип шаардыктар мени узата таңыркай карашаар эле. Ошондо мурдагы балдардын шылдыңына бул да кошулуп, кошулташыл болуп, өтө жаман уялтчу. Мектептен кетишиме бул да чоң себеп болду.

## V

Токмок шаарынын түндүк жагындагы көчөлөрдүн биринде дарбазасы, чоң залы бар көк туникелүү бир үйдү – «Эл үйү» деп айтыша турган. Бир күнү ошондо боль-

шевиктердин чоң жыйналышы болду. Буга баарыбыз да бардык. Президиумда олтурган бир топ кишинин ичинен аскерче кийинген, ак жуумал, арык чырай адамды мен мурда алда нече курдай көргөнүм бар эле. Токмоктун согуш комиссары Дубовицкий деген адам ошол. Аскер дружинасын алгачкы уюштурган кишилердин бири да ошол экенин мен мурда уккам. Анын жанында олтурган, толмоч келген жаш жигит – Павлов. Ал да Токмокто аскер дружинасын уюштургандардын бири. Аны менен кезек-кезек баш ийкешип сүйлөшкөн кимдир бирөөнүн столдон кылтыйып араң гана башы чыгат. Анын ким экенин биле алганым жок. Бир кезде ага сөз берилди эле, жаш балача ордунан секирип тура келип трибунага барды.

– Завалишин!.. Завалишин! – дешип жанымда олтургандар колдорун тарсылдата чапкылашканда гана мен анын ким экенин билдим. Бою кадимки эле эргежээли, бели бүкүр. Анткен менен күрүлдөгөн жоон үнү бар. Үнүн көтөрө чыгарып, сөзүн баштады. Сөзүндө ал улуу атабыз Ленин жөнүндө, анын түзгөн Совет өкмөтү жөнүндө айтып келип, акырында, шаардык Лопатов деген попко токтолду.

– Ал,– деди,– бай менен кулак, эсерлерди колдогон, Кудайды оозанып, элди алдап-арбап, большевиктерди жамандаган бузуку эме. Аны ушул баштан ооздуктап, жүгөн катпасак болбойт,– дегенде залдагылар алакандарын чапкылап, каткыра күлүп калышты.

Павлов да трибунага чыгып, Совет өкмөтүнүн ички-тышкы жоолору жөнүндө аңгеме козгоп келип, аларга астырта: жетекчилик кылып жатышкан «солчул» эсерлердин адам чыдагыс кылык жоруктарын айтканда:

– Кууш керек аларды арабыздан.

– Антпесек, элдин ыркын бузат.

– Качанга чейин биз аларды советтик уюмдарда иштетебиз? – дешкен үндөр туш-туш жактан жаңырды.

– Туура айтасыңар, жолдоштор,– деди Павлов башын ийкеп. – Ал жөнүндө бардык жерде маселе козголуп жатат. Жакын аранын ичинде алар айткандарыңыздардай арабыздан куулат.

Жыйналыш бүттү. Мындан бир аз күндөн кийин эле Токмоктогу «солчул» эсерлер партиясынын жетекчилери Абрамович, Гаврин дегендер болуп бир нечеси камакка алынды. Бирок эмнегедир бат эле алар кайрадан бошонуп, Павлов менен Завалишиндин өздөрү камалды.

Күтүлбөгөн жерден болгон мындай окуяга таң калбаган адам калган жок. «Эмнеге аларды антип камашты? Айыптары эмне экен»? – дешип, бири-биринен сурашкан адамдар да толуп атат. Жамандык жерге жатчу беле? Бүгүн болбосо эртең дегендей ал ашкереленип чыга келет да. Бул да ошондой болду. Көрсө булардын камалышына себепчи – поп Лопатов экен. «Солчул» эсерлердин тапшыруусу менен ал: «Чиркөөнүн бир топ асыл буюмдарын большевиктер уурдашты» деп эл ичине ушак таратат. Большевиктерди көзүм эмес, желкем көрсүн деп мурчуя карашкан шаардын бай, кулактары андай ушакты андан бетер апыртып, шаар ичине жайган экен. Ошол кездерде тергөө органдарында олтурушкан эсерлер жаңкы ушактарды чындыкка айландыргысы келип, баарын кылган ушул экөө деп, Павлов менен Завалишинди камакка алдырышат. Бирок бир топ күндөн соң кызыл аскерлердин жардамы менен Павлов түрмөдөн качып чыгып, мындагы болуп жаткан иштерди айтмакчы болуп, Алма-Атага карай жөнөйт. Завалишинди болсо, муну да тигилер ошентпегей эле дешип, атып өлтүрүшөт.

– Кайран киши, бөөдөсүнөн курман болду.

– Суракка албастан, соттобостон эле өлтүрүшкөнүн карабайсыңбы? – дешип кызыл аскерлер өз ара кейип-кепчип сүйлөшкөнүн мен ошондо уккан элем.

## VI

Декабрь айынын орто чени. Жер чыйрыгып, суу шыргалаңдап агып жаткан кез. Айлана аппак кардын кучагында. Эскадрондун адамдары орундарынан туруп, бети-колдорун жуунуп, эртеңки тамактарына кам уруп жатканда согуш комиссарынын секретары Дудник энтиге жүгүрүп жетип келди. Колунда бир жапырак кагаз бар.

– Көрдүңөрбү, жолдоштор, муну: телеграмма... областтан келди. Коркунучтуу кабар. Мындай деп жазылыптыр. Окуп берейинби? – деди да, аны окуй кетти. Анда мындай деп жазылыптыр:

«Согуш комиссары Дубовицкийге, анын секретары Дудникке буйрук кыламын: Ак-Суу козголоңун басуу үчүн тезинен Пишпекке карай жөнөгүлө.

*Областык согуш комиссары Шахабуддинов*».

– Көрдүңүздөрбү, жолдоштор,– деди Дудник телеграмманы окуп бүткөндөн соң жардана карап жанында тургандарга. – Ошентип Пишпек жакта Совет өкмөтүнө каршы козголоң башталыптыр. Аны билелик деп Дубовицкий экөөбүз ал жакка бармакчы болдук. Ал азыр келет мында.

«Өз ичибизден да жоо чыккан турбайбы. Куралданып ага каршы аттанат экенбиз» – дешип сүйлөшүп турушканда Дубовицкий да орун басары Красиковду жанына олтургузуп, үстү ачык кичинекей машинада келип калды.

– Жолдош кызыл атчандар! – деди комиссар машинасынын үстүнө какая тура калып. – Силерге Дудник айткан чыгар. Ошентип, Ак-Суу кулактары Совет өкмөтүнө каршы козголоң чыгарышыптыр. Эң оболу биз барып билели. А силер,– деди Красиковду көрсөтүп,– бул турган Иван Григорьевичтин карамагында болосуздар. Даярданып тургула. Бизден кабар болору менен жардамга келесиздер.

Красиков машинадан ыргып түшкөндө, анын ордуна барып Дудник олтура кетти. Машина ордунан козголуп жөнөп кетти.

Ошол кездерде Токмокто эмнелер болбоду дейсиң? Шаардын бай, кулак, соодагерлери: «Ак-Суулуктар Пишпекке кол салышыптыр. Казарманын жарым-жартысын алып да коюшуптур, бул жакка да келишет эми...» – дешип дүрбөлөңдөп жатышты.

Ушундай «укмуштуу» сөздөрдү угуп, дүрбөлөңдү көргөн Красиков, «бул жак да Ак-Суудай болбосун, комиссарга барайын, айтайын» деп ал да Пишпекке карай жөнөптүр. Анысын билгеним жок эле, кеткенден кийин билип калдым.

Мындан үч-төрт күн өтпөй жатып эле Дубовицкий, Дудник болуп кайрадан келип калышты. Комиссардын сол колуна ок тийиптир. Аны марли менен таңып, мойнуна илип алган. Казарманын клубунда чоң жыйналыш болуп, анда ал болгон иштер жөнүндө үнүн каргылдантып айта кетти.

– Бул,– деп жанында турган Дудникти көрсөтүп, сөзүн баштады. – Секретарым болуп шашылыш түрдө Пишпекке барып калдык. Андагы жолдоштордон Ак-Суулук кулактардын Совет өкмөтүнө каршы баш көтөргөнүн ук-

тук да: «Эки ортодо бөйдөсүнөн кан төгүлбөсүн, баралы, айталы, мындай коркунучтуу ойлорун коюшкандай болсун» деп андан ары жөнөдүк. Орто жолго келе бергенибизде бизди жакындатпай ок жаадыра кетишти. Ошондо колума ок тийип, кайра Пишпекке келдик. Красиков да барып калыптыр. Мында болуп жаткан иштерди андан угуп, шашкан бойдон кайра жөнөдүк.

Андан ары комиссар, Пишпектеги советтик биринчи полк Капал согушуна кетип, анда – казармада азын-оолак кана кызыл армеецтер калганын айтканда:

– Жолдош комиссар, бериңиз буйругуңузду…

– Баралык биз жардамга,– дешти жоокерлер туш-туш жактан.

– Туура айтасыздар, жолдоштор. Ошентүүбүз керек,– деди комиссар. – Бая мен сиздерге айттым го: Красиковдун мага барганын. Мен аны анда калтыргам. Анын карамагына мындан бир отряд адам жиберүүбүз керек.

Экинчи күнү Бекжан болуп бир отряд атчан адам куралданып Пишпекке карай жөнөштү.

Мында атчандардын казармасында адам да калып жарыган жок. «Эми тиги кеткендер качан келишээр экен? Келишсе экен бат…» деп, бирдеңкем жетишпей казарма аңгырап бош калгансып турганымда, мындай бир кубанычтуу кызык иш болду.

Таң сүрө жаздап калган кези эле. Бир кезде чочуп ойгонсом казарманын дарбазасын кимдир бирөө такылдатып кагып жатыптыр.

– Ким анда? – деген күзөтчүнүн үнү угулду.

– Биз, сиздерге келдик.

– Эмнеге?

– Кызыл аскерге жазылалы деп.

– Кайдан?

– Ивановкадан...

Дарбаза кычырап ачылгандай болду. Мен да ордуман тура келип көчөгө чыксам, жол боюнда тизилип бир нече араба, арабаларда бир канча адамдар олтурат.

Көрсө алар Ивановка селосунан келишкен кедейлер экен. Пишпектен кайра мында келе жатканда Дубовицкий Ивановкага токтоп, митинг өткөрүп, Совет өкмөтүнө каршы козголоң чыгарган ак-суулук кулактар жөнүндө айтып келип, мындай иштер бизде да болбосун деп, андагы кедейлерди жардамга чакырган экен.

Токмоктун айланасындагы бай, кулактар өз ара күбүрөшүп жандана башташканын сезишкен Ивановканын кедейлери, Дубовицкий  кетээри менен жыйналыш өткөрүп, кеңеше келип: «Совет өкмөтүн коргойлу, баралы, жардамдашалы, жазылалы кызыл аскерге» дешип, мында келишиптир.

Аларды куттукташып дароо казармага алышты.

Мындан бир жума өтпөй жатып эле Пишпекке кеткен отряд кайрадан келип калды. Анда болгон иштер жөнүндө отряд менен бирге барган Бекжандан уктум. Мындайча болуптур.

Токмоктук отряд Пишпекке барган кезде ак-суулук кулактар чабуул коюп, андагы казарманын жарым-жартысын ээлешиптир. Отряд андагы большевиктерге кошулуп, алар менен алпурушуп жатканда, Капалда актар менен согушуп жаткан пишпектик биринчи советтик полк келип жетип, буларга кошулуп, чабуулга өтүп, кулактарды шаардан кууп чыгышыптыр. Андан чабуулга өтүп, көпчүлүгүн колго түшүрүп, андан калгандары качып кетишиптир. Ошентип, ал жак тынчыгандан кийин отряд кайра Токмокко келген экен.

## VII

Соңку кездерде мен поварга жардамдашып ашканада иштечү элем. Колум бошой калганда көчөгө чыгып ары-бери басам. Баскан менен барар жерим, таанышым, сырдашым жок, зеригем. Зериккен менен эмне кылам? Мурда Бекжан мени ээрчип, аркы-беркиден аңгеме козгоп берчү эле. Ак-Суулуктардын козголоңунан кийин Бекжан болуп алардын бир кыйласы Капал согушуна кеткен. Эми мындагылардын көпчүлүгү Ивановкадан келгендерге окшогон жаңы адамдар. Алар менен анчалык тааныша элекмин. Ким менен сүйлөшөрүмдү, кайда бараарымды биле албай ойго батып көчөдө турганымда, кыя басып, кылчая карап жанымдан өткөн бир кыргыз келинин көрүп калдым. Өңү мага тааныштай... «Кайдан көрдүм экен мен муну?» деп артынан ээрчип басып, мурдакы көргөн-билген кишилеримди көз алдыма элестетсем, чын эле мен аны мурда көргөн экем.

Ал мындайча эле.

Токмокко келгенимде бир аз эле күн болгон. Бир күнү «жаңы базарга барабыз» дешип, жөөлөп-жалаңдап суу кечип, аркы өйүзгө өтүп жатышкан элди көрүп: «жаңы базар» дегени эмнеси? Эмне деген базар эле? Көрөйүнчү мен да барып, деп элге кошулуп, суудан өтүп, ага барган элем.

Кашаттын үстүндө айланасы дубал менен айлантылган чоң короо турат. Короонун ичинде да, сыртында да толгон эл. Көпчүлүгү качкындар. Ашка тигилгенсип, боз үйлөр да кырка тигилиптир. Алардын алдында буулантып бышырылып жаткан тамак-аштын жыты алыстан буруксуйт.

«Жаңы базар» дегендери ошол экен. Эмне үчүн аны антип айтышкан себептерин билдим. Кара-Коңуздук атактуу дунган байы Булар деген эме ошол жерге короо салдырып, имарат-жай куруп базар ачыптыр. Казак байлары, Токмок айланасындагы эл малдарын суу кечирип берки өйүзгө чыгарбастан, ошол жакка сата башташат. Берки өйүздөгү базардын ашпозчулары ошол жакка көчүп, ашпоздорун ачса, дүкөнчүлөрү да барып, дүкөндөрүн куруп, базар ошол жакка ооп, бара-бара ал «жаңы базар» аталыптыр. Бирок үркүн мезгилинде ал базар жабылып, аңгырап бош калат. Ошондой болсо да «жаңы базар» аты өчпөптүр. Кытайдан арып-ачып кайткан качкындар үчүн азыр анда тамактандыруу пункту ачылган экен.

Короосуна кирсем, бир бурчта кой, эчки, уй, жылкысы болуп бир топ мал байланып турат. Алардын айланасында сагалаган качкын казак, кыргыздар. Комиссиясыбы, кандай, үч-төрт адам элге кой-эчки бөлүштүрүп берип жатат.

– Айлансак болот Совет өкмөтүнө! Бактыбыз бар экен, бактыбыз!

– Минтип бизге тамагын да, малын да берип жатат,– дешип, кудуңдашып, алгандарын жетелеп, короодон тышка чыгып жатышкандары да бар.

Бир аз туруп, кайрадан тышка чыга калсам, бышырылып жаткан тамак-аш жактан кимдир бирөөнүн үнү угулду:

– Эй, калайык жолдоштор! Киминер калдыңар тамак ичпеген? Ичпегениңер болсо келгиле мындай, олтургула. Идиш-аягыңар барбы? Болсо ала келгиле!

Бизге качан кезек келээр экен дешип, улутунуп-ум-

сунуп, уй мүйүз тартып чет жактагы көк майсанда олтурушкан качкындар шашып-бушуп орундарынан дароо тура калышты. Мурда жетип, очоктогу казандардан тамак куйдуруп алып, шашып-бушуп баш көтөрбөстөн ичип-жеп жатышкандары да бир кыйла.

Аларды таңыркай карап турганымда:

– Кагылайын балам, анда эмне турасың? Кел мында биз менен олтуруп тамак ич,– деди кимдир бирөө, мага карап колун булгап.

Карай калсам, аппак сакал абышка экен, тамак ичип жатыптыр.

– Жок, ата, ичкем тамакты, курсагым ток,– дедим мен ага.

– Кайдан ичтиң эле? Мынданбы?

Тамакты кайдан ичкенимди, казармада турганымды айтканымда:

– Баса, ошондой де, балам! Өзүң бышкан боорсоктой... – деп койду күлүп. Ошондо жанында олтурган жаш келин мени кылчак-кылчак караганда, мен да аны караган элем.

Азыркы көргөн келиндин кийим-кечеси өзгөргөнү менен өңү анын так эле ошонун өзүнө окшойт. «Кыргыз кызы экен, эмнеси болсо да сурайынчы...» деп артынан кууп жеттим:

– Эжеке, мен сизди бир жерден көргөндөймүн. Айтыңызчы, кайдан келдиңиз мында? Ким болосуз?

Келин тык токтой калып, бурула мага карады:

– Болсо болор кагылайын, өңүң жылуу учурайт.

– Быйыл сиз жай ичинде тиги өйүзкү тамактандыруу пунктунда болдуңуз беле?

– Болгом.

– Эмесе, ошондо көрүшкөн экенбиз. Анда сиз бир абышканын жанында олтурбадыңыз беле? Ал мени тамакка чакырган болучу. Эсиңиздеби?

– Ооба, эсимде. Ошол бала сиз турбайсызбы?

– Ооба, менмин.

Экөөбүз ошол жерде тааныштык. Таанышканыбыз менен «жаңылышып жатабызбы» дешкенсип, таңыркай бири-бирибизди карап коёбуз. Анкенибиз, анын кийим-кечеси да, меники да мурдагыдай эмес: кийимдерибиз жаңырган. Ал шаардык аялдарча кийинген болсо, менин кийимим аскерче: үстүмдө шинель, бутумда кара өтүк.

– Айтчы, кагылайын,– деди ал бутумдан башыма чейин көз чаптыра карап алып,– кызыл аскер болгонсуң го?

– Ооба, эжеке, кызыл аскердин арасында турам. Анын партиясына өтүп, большевик да болдум.

– И, кагылайын, анда сен да мен сыяктуу болгон турбайсыңбы. Мен да анын партиясына жазылгам,– деп койду ал.

Андан ары сүйлөшө келип экөөбүз тең бири-бирибиздин ким экенибизди билдик. Ал Атаке, Сарыбагыш элиндеги Саалы дегендин кызы Турсун эже экен. Мага окшоп ал да үркүндө элге кошулуп Кытайга барып кайтыптыр. Азыркы күндө шаар ичинде Соловьев деген орус адамынын үйүндө турат экен.

Элден келген адамдардан мында тааныш-тунушум жок, жалгызсырап, зеригип жүргөн кезимде минтип аны жолуктурганыма өтө кубандым. Дагы да сүйлөшкүм, дагы да андан жаңылыктар уккум келип үйүнө карай узата басып бара жатканымда ал өзү жөнүндө төмөндөгүлөрдү айтты:

...«Энелүү жетим – эрке жетим, аталуу жетим – арсыз жетим» деген ылакаптын төгүнү жок тура,– деп Турсун эже сөзүн баштады.– Атам өлүп энем калса, анда мен эрке жетим болбойт белем? Энем өлүп арсыз жетим болуп азапка калдым. Энемдин сөөгү суунбай жатып атам жаш аялга үйлөндү. Ал бир ырайымсыз эме эле. Жаштыгыма карабай ал мени таманга чаап жумушка салды. Жок жерден кыйкымдап жемелей да кетчү. Ошондо күйбөгөн жерим күл болуп көмүскө жерде көз жашымды көлдөтүп ыйлаар элем.

Анымды байкап атам мени аяр бекен десем, аяган жок. Аямак түгүл, кайра мени боздотуп туруп улгайган адамга күйөөгө берди. Жашым ошондо он төрттө эле. Күйөөм болсо жашы эчак кырктан ашкан киши. Кантейин! Кыз балада эмненин эрки: мен анын өмүрлүк жары болуп кала бердим.

Ысмы Ысмайыл. Боролдойлук Антон деген бай орустун малайы экен. Мени ошонукуна алып барды. Жатаар жайыбыз – музооканага окшогон, таманы сыз, жер кепе там... Көчө жакты караган сыңар терезесинин жаракаларынан дыңылдап эртели-кеч жел согот. Канчалык ага кагаз жабыштырсак да желпине берип, айрылып, кайра эле жел согуп, дыңылдай берет. Кантсек болот? Малайдын көрөөр күнү, ичээр суусу ошол тура.

Антондун Маруся деген зайыбы бар. Ал мени дароо жумушка салды. Короо шыпырган, суу ташыган, күл чыгарган, кир жууган – менмин. Бул жерде анын дагы бир шумдугун, кылык-жоругун айта кетейин. Үстү жабык чакан бир кол арабасы боло турган. Ага алты айлык эркек баласын салып алып көчөгө чыгарам. Колдорум карышып, буттарым чарчаган кезде эс алайынчы деп олтура

калсам, бирдеңке аны чаккансып, тиги баласы да чырылдап ыйлай кетчү. Ошондо учуп тура келип, арабаны тартканымда баланын үнү да лып басыла калчу.

Эң болбогондо Маруся мени түнкүсүн тынч койсочу! Анда мен жыргабайт белем. Анткен жок: бирдеңкем ага жукчудай, ал мени оозгу бөлмөсүнө жаткызып, өздөрү баласынын асма бешиги турган ички бөлмөсүнө жатышчу. Бешиктин бир жерине узун жип байлап, анын бир учун алып келип мага карматып:

– Ме, карма муну! Бала ыйласа, жипти тарткылап терметесиң,– дээр эле.

Айла барбы? Бала ыйлаган сайын жипти тарткылап, бешикти терметээр элем. Бала уктаганда, күнү бою жаным жай таппай чарчаган шордуу жаным, мен да көшүп уктап кетчүмүн. Бала ойгонуп кетип, чукуранса: «Термет баланы!» – деп чаңырганда чоочуп ойгонуп, көзүмдү укалай-укалай жипти тарткылап, кайрадан бешикти терметчүмүн.

Ал гана дейсиңби? Чочко, музоолорун кайтарган күндөрүм да болгон. Чочколору жер түртүп, бирөө оңго, экинчиси солго кетсе, музоолору мөөрөп уй жакка каччу. Ошондо кээде анысына, кээде мунусуна чуркап, бутумду чөмөр, ташка тилдирип, ыйлаган күндөрүм да болгон, кагылайын.

Турсун эже сөзүнүн ушул жерине келгенде, үнү каргылданып, эмнегедир унчукпай калды. Ошондогу тарткан азабы, оор күндөрү көз алдына элестеп, жаралуу жүрөгүн кайрадан козгоду окшойт, өңү сустайып, кабагы бүркөлүп, кандайдыр бир терең ойго батканы көрүнүп турат. Оюн бузбайынчы, өзү бирдеңке дээр деп унчукпастан мен да тынч басып олтурдум. Бир кезде терезелери

көчө жакты  караган чоң дарбазасы бар үйгө жеткенибизде:

– Мына келип да калдык. Мен ущунда турам,– деди ал.

– Атаа, жаңкы аңгемеңиздин аягын уксам болот эле, укпай калдым го? – дедим мен ага өкүнүчтө.

– Уксаң, кагылайын, үйгө кир,– айтып берейин.

– Кожоюнуң жаман көрбөсүн: кайдагы эмени ээрчитип келди деп.

– Жок, антишпейт, жакшы кишилер алар.

Мени ээрчитип короого кирди. Соловьев аялы экөө аны-мунусун тейлеп үйүнүн айланасында жүрүшүптүр. Мени көрө коюп Соловьев:

– И, Турсун кызым! Мунуң ким? – деди да үстүмдөгү шинелиме, бутумдагы өтүгүмө чейин көз чаптыра карап алды. – Бул жаш улан кызыл аскерден го?

– Ооба, казармада турат экен. Жолугушуп калдык. Биздин элден келиптир. Бөбөгүм болот,– деп койду Турсун эже ага.

Күйөөсү менен зайыбына учураштым да, Турсун эжени ээрчип үйүнө кирдим. Мурда мончо болгонбу, сыңар терезеси бар бир бөлмө үй экен. Төрүнө коюлган жыгач кроваттын үстүндө матрас салынып, анын үстүнө таар жуурkан жайылыптыр. Жаздыгы да бар. Бир четте турган орундукка мени олтургузду да өзү кроватына олтура кетти.

– Мына, садагаң, мен ушунда турам,– деп койду ал күлүңдөп.

– Сен мени баякыда базардан көргөн турбайсыңбы? Ошондон кийин мен мында келгем.

Кандайча келгенин билдим. Карыя менен тамактандыруу пунктунан тамактанышкан соң малдан да, кезде-

ме, кийим-кечеден да жардам алышат. Карыя жолдош-жоросу болуп кайрадан кетишмекчи болушканда, Турсун эже: «Ал жакта үй-жайым болбосо мен эмнеге барам? Андан көрө шаарга кирип бир жерде иштеймин»,– деп алар менен коштошот. Кечүүгө келип өтө албай турганда, Соловьев жолугуп калып, арабасына олтургузуп, жээкке алып чыгат. Анын үйсүз-жайсыз тентип жүргөн кыргыздын бир шордуу кызы экенин билет экен да үйүнө алып келиптир. Ошол бойдон ал анын кызматын кылышып үйүндө туруп калыптыр.

Турсун эже бирденке эсине түшкөнсүп, селт эте башын көтөрдү:

– Сөзгө алаксып унутуп жаткан турбаймынбы. Чай коёюн, садагаң, чай ич.

Мен аны колдон алып кайра олтургуздум:

– Жөн эле коюңуз чайды… Курсагым ток. Андан көрө жаңкы аңгемеңиздин аягын улап айтып берсеңиз эле болду. Анда сиздер үркүнгө чейин ошол Боролдойдо болгон турбайсыңарбы?

– Жок, айланайын, анткенибиз жок. Эки жылча Антондо иштеп, андан кеттик.

– И, кандайча?

– Себеби бар.

Себебин билдим. Күйөөсү Ысмайылды да Антон эртеден кечке чейин иштетип, жанын жай таптырбаптыр. Акырында ал: «Турсун,– дептир,– кыргыз байларына малай болуп жакшылык көргөнүм жок эле. Орус байларына малай болсом, жакшылык көрөмүн деп буга келген элем. Бирок мындан да жакшылык көрө турган түрүм жок. Орусу болобу, кыргызы болобу, бардык жерде байлардын кылык-жоруктары бир тура. Мен аны билбепмин. Кой эми, башка жакка кетелик».

– Кайда кетебиз?

– Байдамталга.

– Анын эмнең? Кайда ал? Ыраакпы мында?

– Ыраак эмес: жакын, капчыгайдын ичинде. Анда бекет бар.

– Эмне кылабыз анда барганда?

– Мен почто айдайм. А сен болсоң бекеттин бир жерине иштейсиң.

Мен макул болдум. Антондон бошонуп, Байдамталга көчүп бардык.

Бекеттин начальниги Кузьмин деген адам экен, күйөөмдү дароо кызматка алып, ящиктери жайланышкан жер там үйлөрүнүн бирөөнө бизди киргизди. А мен болсом, начальниктин зайыбы Нуряга кол кабыш кылам: суусун ташыйм, кирин жууйм. Буркурата самоорун да кайната кетем. Кантсем да ага жагайын деп тапшырган жумуштарын иштеп бүткөнчө шашам.

Мурда, Боролдойдо турганымда жанталашып канчалык иштесем да тиги тилеги жок Антондун катыны Марусяга жакканым жок эле. Ишимдин бир жеринен өөн таап мени жемелей берчү. А бул Нуря болсо, андай эмес: кызматымды жактырды, мактады, жаңысы, эскиси дегендей, мени кийиндирди. Адамдын көркү чүпүрөк деген ырас кеп тура. Күзгүгө барып карансам, башкача болуп калыптырмын. Ошондогу кубанычымды кой эми!

Нурянын эки эркек баласы бар эле. Билсем да, билбесем да күлдүрүп, алар менен орусча сүйлөшөөр элем. Аным жаман болгону жок: мурдакы билген он ооз сөзүмө сөздөр кошулуп, аздыр-көптүр орусча сүйлөшүүгө жарап калдым. Бул жагынан да Нурянын жардамы чоң. «Орусча муну мындай, тигини тигиндей» деп эртели-кеч мага

айта калчу. Өзүмө да айттырып көрчү. Тилим келбей жаңылышып балдарын күлдүргөнүмдө, аларды тыйып, кайталап мага айттыруучу. Мен да тырышып, айткандарын көңүлүмө түйүп, көкүрөгүмө жаттаар элем.

Бала-бакырасынын кийим-кечесин тиге турган Нурянын кичине бир кол машинасы бар эле. Мага да кийим тигүүнү үйрөттү.

– Үйрөн муну, үйрөн. Күндөрдүн биринде мунун да сага керегi тиет,– дечү.

Ошентип, бара-бара мен андан көп нерселер үйрөнүп, аң-сезимимде, турмушумда толгон жаңылыктар пайда болду.

«Айдаганы беш эчки ышкырыгы таш жарат» болуп күйөөмдүн да ышкырыгы таш жарды. Моюнундагы жылаажын, коңгуроолору шыңгыраган аттарын айдап алып жөнөгөндө тим эле канатсыз көктө учуп бара жаткандай болор эле. Жүргүнчү төрө, начальниктерди ары-бери тартып жүрүп, ал да орусча азын-оолак сүйлөгөнгө жарап калды. Кийим-кечебиз бүтөлүп, төшөнчү-орунчубуз да жаңырды.

Бир күнү: «Падышага каршы казак, кыргыз эли көтөрүлүш чыгарыптыр» деген коркунучтуу кабар угулду. Бака-шака түшүп, ары-бери өтүп жатышкан чиновник, төрөлөрдүн да эч бир дайыны чыкпайт. Почто айдашкан ямщик кыргыздар дүрбөлөңдөшүп ошол жөнүндө сүйлөшүүдө.

Мындай кабарды ичиме жалгыз кантип батырам? Нуряга кирип айттым эле ал:

– Ооба, Турсун, уктук биз да. Токмокко же Рыбачыга карай кетсек дейбиз. Билбейм эмне кыларыбызды – деди мага муңая карап.

– Тетя! – дедим мен ага. – Эч жакка кетпегиле. Мында биз, ямщиктер бар эмеспизби. Кокустан козголоңчулар келип калышса, силерди биз аларга тийгизбейбиз. Коркпоңуз.

– Рахмат, айланайын, рахмат,– деп койду ал.

Мындан бир күн өткөндөн кийин эле: «Козголоңчулар зым карагайларды талкалап почто станцияларына чабуул коюптур» деген кабар угулганда, ошондогу ямщиктердин кылык-жоруктарын кантейин!.. Почтонун аттарына аны-мунусун артып, катын-балдарын алып, чилдей тарап качышты. Эрим Ысмайыл да мени алып качкысы келип:

– Бол, батыраак бол!– деди шашкалактап. – Кетелик биз да бир жакка.

Эрим менден алда канча улуу эмеспи. Мен андан уялчумун, сыйлачумун. Билбейм, ошондо эмне болгонумду? Жаалым келип токтоно албай кыйкырып жибердим:

– Эмне дейсиз? Уялбай кантип айттың ушул сөздү? Ушунда келгенден бери жаныбыз жай таап, жакшылык көрө баштабадык беле. Аны сен унуттуңбу? Буларды жалдыратып жалгыз жол боюна кантип таштап кетебиз? Кана, өзүң айтчы! Кетсең кете бер өзүң. Кетпейм мен эч жакка!..

Өңүм кумсара түшсө керек, «буга эмне болуп кетти» дегенсип, эрим чочуп жалт мени карап алды:

– Болуптур, кетпейли. Анда тиги аттарды эмне кылам?

– Кайсы аттарды?

– Жаңкы өзүм почта тартып жүргөн аттарды айтам. Тигилерге бербестен алып калдым.

– Бар, алардын жанында бол. Мине качып кетишпесин.

Эрим бурула басып жөнөгөндө эс-учумду жыя албастан туруп калдым. Ойго батам: «Козголоңчулар мында келип калышса, кантер экенбиз? Биздин тилибизди алышса го жакшы. Алышпасачы? Анда булар бала-бакырасы менен курушат ко?»

Ушундай түпсүз терең ойдун кучагына батып үйдө олтурганымда үстүмө Нуря кирип келсе болобу. Ал өзү да, эри да кыргызча азын-оолак билише турган.

– Айланайын, Турсун, эриң менен аркы-берки айтышканыңды уктук тышта жүрүп. Ракмат, айланайын, ракмат сага, достук менен бизди аяп андай сөздөрдү айтканыңа!.. Мунуңду биз эч качан да унутпайбыз,– деди ал мени кучактап.

Мен аны аядым. Антпегенде кантем? Тентип келгенибизде кучагын жая каршы алып, жатарыбызга жай, ичерибизге аш беришкен ошолор эмеспи. Аны кантип унутсак болот? Кантип аларды жамандыкка кыябыз?

– Нуречка, антпечи! Силерди таштап биз эч жакка кетпейбиз. Өлсөк да, тирилсек да силер менен биз бирге болобуз,– деп мен да аны кучактаганымда, эмнегедир падышанын аскери көз алдыма элестей кетти:

«Ооба, ооба,– дедим өз ичимден,– козголоңду басуу үчүн мында аскер келип калса, өзүбүз кантээр экенбиз? «Козголоңчулардан мында да бар турбайбы» деп бизди бирдеңке кылышпасын?»

– Нуречка – дедим мен ага. – Падышанын аскери келип калса, биз кантебиз? Коркуп атам мен ошого.

– Коркпо, жаным, коркпо ага. Бир айла кылаарбыз.

Экөөбүз ээрчише басып тышка чыгып, Кузьминдин үстүнө барып кирдик. Жан деген курусунчу! Ал, эки баласын эки жагына алып, куш атар мылтыгын кармалап

олтуруптур. Ким билсин, козголоңчулар келип калса, кереги тиер дегени го. Мылтыкты мен мурда да Нурянын колунан алда нече курдай көргөнүм бар. Ал аны ийинине илип, аңчылык кылып, суу боюндагы токойлордон кекилик, чил, кыргоолуна чейин атып келип жүргөнүнө таң калгам. Ал ошондой бир мергенчи мыкты аял болучу.

Эмне кылган менен эри анын эр киши эмеспи. Бизге кайрат айтты да, мени жиберип күйөөмдү чакыртып алды.

– Эми сен, Ысмайыл,– деди ага,– күзөтчүлүк кыл. Өйдө-төмөн өткөн киши болсо бизге келип айтып тур. Антпесек болбойт, сактык керек.

Эрим тышка чыгып күнү бою күзөтчүлүк кылды. Кечки тамагын ичип алып кайра дагы кетти. Айлана тыптынч, жымжырт... Мындай тынчтык адамды андан бетер коркутат экен. Түнката келип бирөө капысынан басып калчудай болуп, бир үйгө камалып жаттык. Бирок уктай албадык. Уктасак да чочуп ойгонуп, эптеп таңды аппак атырдык. Эмне кылып, эмне коерубузду биле албай турганыбызда энтиге чуркап эрим келди:

– Келе жатышат! Тигине, тигине!

– Ким ал? Кимдер келе жатат? Козголоңчуларбы? – деди Кузьмин, мылтыгын алып ордунан тура келди.

– Ооба, ошолор. Тигине, карагылачы?

Терезеден шыкаалап карасак, чын эле аркы өйүздөн бир топ атчан адам суу бойлоп чү коюп кетип бара жатышат. Колдорунда көтөргөн желектери, асынган мылтыктары бар. Шумдукту башташканы бара жатышкан адамдар экени көрүнүп турат.

– Коля! – деди Нуря, коркконунан эрин кучактай калды. – Суудан кечип биз жакка өтүшпөсүн? Куруйт экенбиз го анда...

Кузьмин көз жүгүртө карап турду да:

– Жок, келишпейт алар биз жакка… Тигине, карагылачы, туптуура эле Рыбачыны көздөй кетип бара жатышат. – Күйөөмө бурула карады. – Ысмайыл, сен эми мында турбагын, дагы да тышка чыгып күзөтчүлүк кыл. Бул жагынан да келе жатышкан адамдары болбосун? Болсо келип айтаарсың. Анда биз тоо таяна качкандай бололу.

Күйөөм жүгүргөн бойдон тышка чыкты. Бирок көп убакыт өткөнү жок, күшүлдөп-бышылдап кайрадан дагы да жүгүрүп жетти:

– Келатат, келатат!.. Жакындап калышты.

Станцияга кол салууга келе жатышкан козголоңчулар экен деп Кузьминде жан калган жок. Ордунан учуп тура калды, мылтыгын колуна алды:

– Көп киши бекен? Туура эле мында келе жатышабы?

– Ооба, келе жатышат! Беш-алты араба окшоду.

– Эмне? «Беш-алты араба» дейсиңби – деди Кузьмин, өңү өзгөрө түштү. – Жүр, Ысмайыл, анда көрөлүчү аларды…

Экөө ээрчише басып тышка чыгышканда биз да чыктык. Тепкич менен мал сарайынын үстүнө көтөрүлүп, орто көпүрө жакка көз чаптырсак, кара жол менен туптуура эле биз жакка чубашып беш-алты араба келе жатат. Арабаларынын жанында эрбең-сербең эте жөө басышкан адамдардын колдорунда мылтыктары бар окшойт, найзалары Күнгө жарк-журк этет.

– Солдаттар экен, солдаттар! – деди Нуря.

Кузьмин, күйөөм Ысмайыл болуп алды жагыбызда кашаттын үстүндө турушкан. Кузьмин алдастап арабаларды көздөй басты, араң турган шордуу Нуря да чыдап тура алган жок, ал да шашып-бушуп жерге түшүп, эки

баласын эки колуна жетелеп, эринин артынан ээрчиди. Мен да анын артынан жүгүрүп бара жатып, кайрадан тык токтой калдым. Жүрөгүм өзүнөн-өзү дикилдеп алып-учуп: «Ой, сен кайда бара жатасың? Өлүмгөбү? Барба ал жакка? Кайра барып жашын бир жерге»деп купуя шыбырап айткандай болот. Артыма кайра бурула чуркап келип, короодогу сарайлардын бирине кирип жашындым. Күйөөм да менин артымдан келгендей болду эле, бирок анын кайда кеткенин билбей калдым. «А байкуш! Ал да бир жерге барып жашынды го» дейм өз ичимден.

Корккон кишиң курусунчу! Эмне болор экенбиз деп бүткөн боюм дирилдеп, кулак түрө тыңшап жатканымда, арабалардын чыйкылдаганы, аттардын бышкырганы, адамдардын кобур-собур сүйлөшкөн сөздөрү угулду. Дарбаза ачылып, короого киргендей да болушту.

Бир кезде Нурянын:

– Турсун, айланайын, кайдасың? Кел мында, коркпогун! – деген мага тааныш үнү угулганда, ордумдан секирип тура калып, короого чыксам, Нуря өз үйүнүн эшигинин алдында туруптур.

– Айланайын,– деди ал,– биз эми булар менен Рыбачыга карай кете турган болдук. Антпесек болбойт. Жолдо булар козголоңчулар менен атышып араң кутулушуптур. Алар орто көпүрөдөн аркы өйүзгө өтүп, алга карай кетишиптир. Жаңкы биз көргөн кишилер – ошолор тура. Арт жактан да келе жаткандары бар дейт. Алары келгенче биз кетели буларга кошулуп... Антпесек, козголоңчулардын колдоруна түшүп калабыз.

Чынымды айтайын, эмне десем болот? Жол боюнда өзүбүз гана калат экенбиз деп коркуп ыйлап жибердим:

– Тетя Нуря! Биз кантебиз?

– Силер да качкыла бир жакка. Турбагыла мында. Коля бир атын мында – силерге калтырып, эки атын алып кетүүгө кетти. Эми кел бери, жардамдаш мага...

Нуря үйүнө киргенде мен да ээрчий кирип, аны-мунусун таңылчактап, чемодандарына салыштым. Ташып тышка да алып чыктык. Кузьмин да аттарын алып келип короодогу фаэтонуна кошуп жатыптыр. Биз ага шашып-бушуп жүктөрдү салып жатабыз. Көчө боюна токтогон арабалардын жандарында турган солдаттардын бирөө бизге басып келип:

– Кана эми жөнөйлүк, даярсыңарбы? – деди.

– Даярбыз, жөнөсөк да болот,– деди Кузьмин, секирип чыгып фаэтонго отурду. Нуря да балдарын ага олтургузуп:

– Айланайын, Турсун,– деди колумду кыса кармап,– бир үй-бүлөдөй, агайын-туугандай болуп калдык эле. Эми минтип түбөлүккө ажыраша турган болдук. Жазмыш ушул экен. Кайыр кош, айланайын, кош!

Фаэтонго чыгып олтураары менен аттар ордунан козголгондо, уялаш туугандарымды келбес сапарга узатып жаткандай болуп эки көзүмдөн жаш кетти.

Бир кезде көз жашымды сүртүп, башымды көтөрүп карасам, фаэтон да, анын артында бара жатышкан арабалар да тумшукту имерилген экен, көрүнбөйт. «Кой эми, кетели биз да бир жакка» деп ары-бери жүгүрүп, короо, сарай, үймөк чөптөрдүн түптөрүнөн күйөөмдү издесем, эч бир жерде көрүнбөйт. «Эмне болду ага? Жер жуттубу?» деп тамдын үстүнө чыгып:

– О-ой! Сен кайдасың? – деп жанымдын бардыгынча кыйкырсам, кайдадыр бир жактан үн чыгат:

– Эмне?

Карай салсам, алыста – суу жактан эрбең-эрбең этип эрим чыга келди.

Колумду булгадым.

– Кел бери, кел батыраак!

Күйөөм жүгүргөн бойдон келип жетти.

– Эмне кылып жүрөсүң сен анда? – дедим мен ага ачууланып.

– Тигилерден качып...

– Анда сен «катыным эмне болсо ошол болсун, өзүм аман-эсен кутулсам болду» деген экенсиң да?

Эрим айыптуу кишидей башын төмөн салды.

– Эмне турасың эми оозуңду ачып? Бол батыраак! Тигинде бизге бир атын калтырып кетишти. Алып кел мында. Кетели биз да бир жакка...

Эриме атты алдырдым. Ага аны-мунубузду артып, бирөөбүз атты айдап, бирөөбүз жетелеп, ошол күнү кечке жакын Чоң-Кеминге жеттик. Кеминдиктер дүрбөлөңдөп, жыбыт-жылгаларга тарап конушуптур.

Мындан эки күн да өткөнү жок.

«Козголоңчулар Көк-Мойнок бекетинен ок-дары тарткан бир топ арабаны колго түшүрүптүр» – деген шумдуктуу кабар угулуп калды. Ошондо мен алардын баякы Байдамталда көргөн арабалар экенин билип: «Байкуш Нуря да балдары, эри менен колго түшүп курган турбайбы. Эмне болушту экен алар? Майып болуп калышкан экен го» – дедим аларды аяп...

Аңгемесинин ушул жерине келгенде ошондогу оор окуялар Турсун эженин көз алдына элестеп, жүрөк жарасы кайрадан козголду окшойт, үнү буулугуп, эки көзүнөн жаш кылгыра түштү.

– Эжекебай,– дедим мен ага,– аларды мен көргөм. Аман-эсен кутулушкан.

– Койчу!.. Чын айтасыңбы, кагылайын? Кайдан көрүп жүрөсүң? – деп ал колумду кыса кармай калды.

## VIII

Баягыда, козголоң башталганда, көл боюнан алыстайлы деп биздин айыл көчүп Семиз-Белге барып конбоду беле. «Алда кандай заман болот? Кокустан эл бир жакка үркүп калса, кантебиз? Эмнеси болсо да даярданып туралы...» дешип, тоодогусу ойго түшүп, быша жаздап калган арпа-буудайын ороктоп оруп, тебелеп-тепсеп, жолдук эгин-тегин камдай башташкан. Ошондо мени да агаларым элге кошулуп, жолдук эгин алып кел деп жакадагы жатакчы Саадабайдыкына жиберген.

Саадабай сарайчы эле. Козголоң башталганда ал сарайын таштап, жол боюнан алыстап, Ак-Өлөңгө көчүп келген. Көптөн бери бизге ал тааныш. Жээнбай абамдын акыреттик досу. Бүркүттүн кабагындай кабагы, жалындаган эки көзү – анын кайраттуу, мыкты адам экенин көрсөтөөр эле. Элдин айтуусуна караганда ал далай балбанга түшүп, далай мөөрөй алыптыр. Кедейсинтип ага кызын бербей коюшканда аялы Бурулканды ала качып алат. Ошондо артынан кууган куугунчулардын үчөөн жыга чаап, калгандарын кайра артына качырыптыр. Мал айдатып бара жаткан бир көпөс баса көктөп айыл үстүнө малын каптатып, кошун түшүргөндө аны эси-көөнүнөн калгыс кылып уруптур дешет.

Сааданбайдын дагы бир укмуштуу кызык ишин көргөнүмдү айтайын. Анын сарайынын түндүк чыгыш

жагында жалама боордуу, шагылдуу кара тоо бар. Тоонун урчуктары келип кара жолго такалган жери – тик жар. Жар алдында шаркырап аккан Кочкор суусунун аркы өйүзүндө жайланышкан бир топ жатакчылар. Алардын балдары – биз аска таштарга олтуруп, аркы өйүздө Кулжадан Анжиянга кара жолду чаңдатып, айдап бара жаткан көпөстөрдүн короо-короо койлоруна, койчуларына кызыга карар элек. Бөтөнчө биздин таңыркап караганыбыз – Сааданбайдын жоругу. Анткени, тоо этегинде, бадал арасында, үңкүрдө анын жашырган адамдары бар. Ошолордун төмөнкү суу жагындагы тушуна келип, койчуларга озондото үн салаар эле.

– Эй!.. Эй!.. Артына чыккыла: бирин-бири түртүшүп коюңар суугa түшпөсүн, акпасын!

Андан соң ал: «Айт!.. Айт!..» – деп этек жеңин каккылап, койлордун ой жагын түрө үңкүргө карай айдап, алды-артындагы койчулар алыстай, жер ээндей түшкөндө:

– Алгыла эми, кармагыла! – деп тебетейин булгай кыйкыра кетчү. Ошондо үңкүрдөгү жашырынып жаткан кишилер эмгектеп чыга келип, койлордон бирден-экиден шыйрактап үңкүргө жетелеп киргизчү. Аны көргөндө биз:

– Тигине, тигине, кармады...

– Тигиниси да... – деп, бирде тура, бирде олтура калып, алакандарыбызды чапкылап, каткыра күлчүбүз.

Көпөстөрдүн койлору ал чөйрөдөн кеткенден соң Саадабай кечке жакын үңкүрдөн койлорду айдаттырып тышка чыгартчу. «Соогат алабыз, соогат» – дешип Жээнбай абамдар болуп, айылдагылардын бир тобу суу кечип чапкылап барышканда, киши башына бирден ирик берип жатып:

– Алгыла, муну, алгыла, сорпо-шилең кылгыла. Соодагерлерден үшүнтүп өндүрбөсөк, алар бизге – жатакчыларга чычкак улагын бермек беле,– деп борсулдап күлүчү.

Байлардын малын антип алганын көргөнүмдө жана ал жөнүндө «адамдарды урду, жыга чапты» деген укмуштуу кабарларды укканымда мен аны адамга ырайымы жок, кара мүртөз адам экен деп ойлочу элем. Көрсө, жаңылышкан экенмин. Кимге ырайым, кимге катаал мамиле кыларын кийин билип жүрөмүн.

Ал мындайча болду:

«Падышага каршы көтөрүлүш чыгарган Чүй өрөөнүндөгү эл зым карагайларды талкалап, почта станцияларына чабуул коюптур. Токмок менен Пишпекти камап алмакчы болуптур» деген каңшаар кабар айыл арасына таралган кезде, мен Саадабайдыкына келгем. Ал бүгүн таң сүрө үч-төрт киши ээрчитип, кайдадыр бир жакты көздөй чапкылаган бойдон жөнөп кетти. Кайда, эмнеге кеткенин сураштырсак, Орто-Токойдогу почта станциясын камап алмакчы болуп жатышат деген кабарды угат экен да, ошого кетиптир.

Кечке жакын жолдош-жоросу менен Саадабай үйүнө кайтты. Өзү менен бирге ала келген эркек балалуу бир жаш орус аялы бар. Почта станциясында иштеген, кыргызча тил билген Мария деген аял экен. Күйөөсүнүн армияга алынганына үч-төрт жылча болуптур.

Күн кечтеди, түн кирди. Саадабайдын бойдок Тынай деген иниси боло турган. Аялга көзү түшүп, үйлөнмөкчү болду. Үй ичине уй мүйүз тартып олтурушканда карыялардан кимдир бирөө:

– Балам,– деди Марияга карап,– Кудайдын буйругу экен, сен минтип бизге бүлө болуп калдың. Эми, балам,

сени биз,– четте олтурган Тынай жакка колун шилтеди,– тиги жигит Саадабайдын иниси болот. Ошого никелейли деп чогулуп олтурабыз. Кандай дейсиң, балам?

Мария учкундаган көз нуру менен бирде Саадабайга, бирде Тынайга карап алды да:

– Атаке,– деди баягы карыяга,– балам экөөбүздү чыркыратып эки бөлүп эки жакка алып кетип бара жатышканда,– Саадабайды көрсөттү,– ушул киши биздин башыбызды кошту, өлүмдөн да аман алып калды. Бул киши эмне десе, мен да ошолмун.

– Сакем,– деди чыйраксынган бир жигит улага жактан. – «Туткундалган бечара аял экен, зордуктабагыла, өзү билсин» – деп жатат.

– Андай болсо,– деди Мария,– мындан аркы өмүрүмдү мен ушул Сакеме тапшырсам дейм. Өлсөм да ушул кишинин колунан өлөйүн.

Ооз ачкан адам болгон жок. Эми буга Саадабай өзү эмне дээр экен дешип, баарынын тең көздөрү ошондо. Баятан бери жаагын таянып ойго баткан Саадабай бир кезде башын көтөрдү:

– Болуптур,– деди ал,– Мария менин бүлөм, баласын бала кылып алам.

Жатакчылардын арасында Саадабайдын кадыры, баркы бар адам эле. Эч бир адам каршы келбей: «Болсун, болсун» – дешип, жай-жайына тараashты.

Үчүнчү күнү эмнегедир Ак-Өлөңдөгү жатакчылардан жыйналган атчан адамдар айланабызга толуп кетти. Көпчүлүгүнүн колдорунда найза, кылыч, чокмор, шылк этме.

– Саке, аттан батыраак, адамдарыңды алып,– деди кимдир бирөө добуш салып Саадабайга.

– Ботом, кайда? – деди ал.

– Чүй жактан курал-жабдык тарткан арабалар келе жатат дейт. Ошону көптөп эски бекеттен колго түшүрөлү деп Ыбрайым киши чаптырыптыр. Ошого кетип бара жатабыз. Болуңуз эми, батыраак аттаныңыз.

Үч-төрт кишисин ээрчитип Саадабай да аттанды. Атактуу манасчы Саякбай Каралаев да ошол айылдан болучу. Ал кезде карлыгачтын канатындай сыйда кара муруту бар кырчын талдай жаш жигит. Биздин айылга келип, «Манас» айтканын далай уккам. Ал мени, мен да аны жакшы тааныйм.

Эр бүлөдөн бөлүнүп айылда жалгыз калганда мени бирөө кармап кетчүдөй болуп, аларга кошулуп, мен да баргым келип, Саякбайдын артынан жүгүрдүм:

– Саке, Саке дейм!

Атынын башын бура тартып ал токтой калды:

– Эмне?

– Мен да барайын силер менен.

– Жүр, эмесе, аттан!

Кайра жүгүрүп, атымды токунуп минип, мен да барып кошулдум.

Атчандар Бозбармактын тоосунун батыш жагындагы кара жолдо кетип бара жатканда, көл үстүнө парустарын калдайтып калкып турган жел кеме көрүндү.

– Тигине, тигине, карагылачы Балыкчы жакты

– Кемеси турат, кемеси,– дешти бара жаткандар.

Ошол кезде алдыбыздан салып уруп эки атчан адам чыга калды. Алар, батыраак келишсин деп Ыбрайымдын шашылыш түрдө алдан чаптырган чабармандары экен.

Атчандар жүрүшүн ылдамдатып, чий аралап, башаттын алдындагы жол менен жүрүп келип, эски бекетке

токтоду. «Эски бекет» дегенибиз – Көк-Мойнокто, суу боюнда. Мурда мында почта станциясы боло турган. Үркүн болордон бир жыл мурда станция Рыбачыга көчүп, бул «Эски бекет» болуп аталган. Эски бекетте орусу, кыргызы болуп азын-оолак эл жашаар эле. Козголоң башталганда эл ойго, тоого качып, үйлөрү, короо-жай, тамдары гана аңгырап бош калган.

Ыбрайым адамдары менен анда күтүп турушуптур. Бардыгы тең баш кошуп, мергенчилерин ар кайсы тамга киргизип, калгандары найза, кылыч, ай балта, чокмор, союлдары менен короо-тамдардын артында жашырынып тура калышты.

Кочкор суусу жай күндөрүндө боз-чамбыл болуп кирип, ашып-ташып, бир тармагы чий аралап чыгышка карай агып барып Ысык-Көлгө куйгандыктан ал – «Бууган суусу» деп аталчу. Күзгө жакын суу тартылып, кумдары, майда шагыл таштары агарып, кур гана сайы калчу. Биз, Саякбай болуп үч-төрт киши чий арасында, ошол суусуз сайда, ат үстүндө баштарыбызды кылтыйтып карап турабыз.

– Тигине, тигине, келе жатат! – деп кимдир бирөө арабыздан кыйкырганда, үзөңгүмдү чирене теминип, башымды көтөрүп, ат үстүнөн ошол жакты карасам, эң алдында эки ат чеккен фаэтону бар беш-алты араба батыш жакта келе жаткан экен. Арабаларда олтурушкан, аларды жандап жөө басышкан адамдардын мылтыктары Күнгө чагылышып жарк-журк этет. Тамдардын арт жагында турушкан козголоңчулар эмне кыларын биле алышпай дүрбөлөңдөгөнүн көргөнүбүздө, биздин да жүрөгүбүз опколжуп, бүткөн боюбуз дүрүлдөйт. Эми эмне болушаар экен деп эки көзүбүз ошол жакта.

Бир кезде жаңкы фаэтон да, анын артында чубап келе жатышкан арабалар да үй, тамдардын далдоосуна кире бергенде «тарс-турс» дей түштү. Короо, тамдардын артында турушкан козголоңчулар кыйкырып чыга келип чабуул коюшканда, атылган мылтыктардын үндөрү кулак тундурду. Козголоңчулар туруштук бере албай жапырылып кайрадан качып чыгышты.

– Тигине, тигине!.. Балыкчыга карай бет алды, Ой-тобоо! Катын экен, карасаңар, мылтык атып бара жатканын! – деди Саякбай.

Башымды көтөрүп мен да ошол жакка карасам, эски бекеттин адырдагы жолу менен баякы фаэтон Рыбачыны көздөй чымын-куюн болуп кетип бара жатат. Кучери эр киши окшойт, аттарына үстөккө-босток камчы урганы даана көрүнүп турат. Аялыбы, ким билсин, башындагы ак жоолугун желге желбиретип, фаэтондун чүмбөтүнүн кырына мылтыгын коюп, тикесинен туруп, чий арасында бытырап качып жүрүшкөн козголоңчуларга карата тарсылдата ок атып бара жатканын көргөн адам таң каларлык.

Берки арабалар тамдардын далдоосунан чыгып, жолго түшүштү эле, бирөөнүн эмнегедир адамы жок, бута атымдай арт жактарында калыптыр. Аны жакындатып алалы дешсе керек, алдыңкы арабалардын адамдары кезек-кезек топту байлап, мылтык атып, аттарын кээде илкитип, кээде токтотот.

Ошол кезде он чакты адам эски бекеттен чыга келгенде, кимдир бирөө арабыздан кыйкырып жиберди:

– О-оо! Ошолор экен, Ыбрайымдар экен!

Ооба, жолдош-жоросу менен ал Ыбрайым экен. Аттарынан түшүп, эски бекеттин тамдарына жашынып, аде-

генде ок чыгарышкан да ошолор экен. Чабуул коюшкан козголоңчулар кайра качышып, тиги арабалар сырткы жолго түшүшкөндө, булар кайрадан аттарына минишиптир.

Мына эми алар ойго түшүп, чий аралап тиги кетип бара жатышкан арабалардын так тушуна келишти. Жерге түшүп, жөө жөрмөлөп кашатка чыга келип, тиги арабаларды тарсылдата атышты эле, алардын эки-үч аты кулап жерге жыгылды. Калгандарын андагы солдаттар арабаларынан чыгарып, жайдак минип, Рыбачыны көздөй качышты.

Ыбрайым адамдары менен аттарына мине сала чапкылаган бойдон барып арабаларды ээлешкенде: «Кудай берди, Кудай!.. Жүргүлө, бат, жүргүлө!..» дешип, тигинден да, мындан да чапкылап ал жакты көздөй бара жатышкан козголоңчулар... Саякбай экөөбүз да салып уруп жетип бардык. Арабалардын эки-үчөөндө, ок-дары, калгандарында – мылтык. Алардан талаша-тартыша алып жатышат. Ок-дары алып мылтык албай, мылтык алып ок-дары албай өкүттө калгандары да толуп жүрөт. Айтор, көпчүлүк кым-куут, башаламан...

Күн кечтеди. Аздыр-көптүр колдоруна тийген шыбагалары менен бир-бирин чакырышып, чуулдашып, эл жай-жайына тарай башташты. Бир араба ок-дары, бир араба мылтыкты Ыбрайым эч кимге бердирткени жок. Аларды өзү алмак болуп аттарына жүктөтө баштаганда Рыбачы жактан бизге карай эки солдат атчан бастырып келе жатат. Эки ортодо эч нерсе болбогонсуп, баш ийкешип, кол булгашып сүйлөшүп коюшат. Экөөнүн тең колдорунда мылтыктары бар. Котолошуп Ыбрайымдын жанында турушкандар:

– Кокуй!.. Кантебиз?

– Туура эле бизге келе жатышат,– дешип дүрбөлөңдөп коркуп кетишти.

– Ой, акмактар! – деди ошондо Ыбрайым аларга ачууланып. – Курал жабдыгыңар менен ушунча адам туруп, падышанын эки солдатынан коркосуңарбы? Эмне деген жансыңар? Алгыла мылтыгыңарды колуңарга!..

Ушул кезде тиги эки солдат да келип жетип салам айтышты. Көрсө, алар арабакеч болуп арабаларды айдап, Алма-Атадан чыгышкан адамдар экен. Бирөө казак, экинчиси – татар. Жолдоштору Рыбачыга жетип, алга кеткен жаңкы фаэтондогулар болуп, рыбачылыктарга кошулуп, кемеге түшүп, көл үстүнө качышканда: «Эми биз кайда барабыз? Бизди эмне кылышмак эле? Кайра баралы. Андан ары Алма-Атага кетели...» дешип, булар бери карай жөнөшүптүр.

– Эмесе, деди Ыбрайым аларга алмак-салмак карап алып,– сени казак экенсиң,– деди казагына,– үйүңө баргын. Ал сен,– деп беркисин,– татар экенсиң, аскер өнөрүн биле турган чыгарсың, менин адамдарымды аскерче үйрөтөсүң.

Ал экөөнүн айтканына караганда булардын курал-жабдык тартып келе жатышканын рыбачылыктар билишет экен. Келип калса куралданып, коргонобуз дешип турушуптур. Фаэтондогулар, андан соң булар качып барып мылтыктарын колго түшүрүшкөнүн айтышканда, козголоңчулар куралданып, эми бизге да келип кол салышат экен дешип, жаңкы биз көргөн жел кемеге түшүп, көл ортосуна карай качышыптыр. Жаңкы фаэтондогулар Байдамтал бекетинин адамдары экенин да мен ошондо алардан уккан элем. Ошону азыр айтканымда:

– Алдыңа кетейин! – деди Турсун эже жаркылдап күлүп, колумдан шап кармай калды – анда Нурялар да аман-эсен кутулушкан тура. Тилегим ошол эле, тилегиме жеттим, арманым жок!

* * *

Турсун эженин андан аркы сөзүнөн улам билдим: Үркүндө ал эри экөө элге кошулуп, Кытайга барып кайтышыптыр. Колдорунда малы, ичээрине тамак-ашы жок аябай кыйналышат. Ошондо эри Ысмайыл аны Алма-Ата жагына – казак арасына алып кетмекчи болгондо Турсун эже макул болбоптур. Эри ошондо аны таштап өзү кете берет. «Токмокто Совет өкмөтү качкындар үчүн тамактандыруу пунктун ачыптыр, тамак да, кийим-кече да берип жатыптыр...» деген кабарды угат да ал качкындарга кошулуп шаарга келген экен.

Турсун эже менен кол кармашып коштоштум да кайрадан казармага кайттым.

## IX

Январь айы өтүп, февраль айы башталды. Бир күнү казарманын алдында Дудник менен карп-курп кездешип калдым.

– И, жаш жигит,– деди ал мага күлүңдөй карап,– партиялык документтериңди алдыңбы?

– Жок, ала элекмин. А сиз алдыңызбы?

– Алганыма көп болду. Бар, сен да алгын. Сурап жатышат: келсин дешти.

– Макул эмесе, мен да барып алайын.

Ишти узакка созгонум жок, эртеси эле уездик-шаардык партия комитетине барып, партияга өткөнүм жөнүндөгү күбөлүк катымды алып кайттым.

Бул документ мен үчүн ошончолук ыйык, ошончолук кымбат эле. Аны көкүрөк чөнтөгүмө катып, айтып бүтүргүсүз кубанычта болуп казармага кайтсам, мында да мени бир чоң кубаныч күтүп туруптур. Өткөн жылдан бери көрүшүүгө зар болгон Молдалы агам келип казарманын эшигинин алдында турат. Толкундана жүгүрүп барып кучактай калдым:

– Байке, аман-эсен жүрөсүңөрбү? Мени издеп келдиңби?

– Ооба, садагам,– деди ал мени кучактап бетимден өөп,– сени мында казармада деп угуп, издеп келдим...

Дагыда бир нерсе деп айтмакчы болду эле, айта алган жок, мууну бошоп, эки көзүнөн жаш кетти. Анан кантсин! Далай азап, далай түйшүктөрдү биргелешип башыбыздан өткөрбөдүк беле? Акырында алар эки тоонун ортосунда калып, мен Кочкорго кетип, арабыз ажырым болгонуна мына эми бир жыл болот. Ошондон бери алардын дайынын биле албастан чоң убайда, чоң кайгыда жүргөнүмдө мен минтип аман-эсен көргөнүмдө кантип чыдап турсам болот? Менин да муунум бошоп, эки көзүм ымдана түштү.

Ошентсем да кайраттанып, көз жашымды сүртүп, агамды ээрчип, түнөгүмө алып бардым. Сүйлөшүп олтурабыз. Базарга бара калганымда Чоң-Кемин, Кичи-Кеминден келишкен кишилер болсо, агаларымдын дайынын сураштырып, өзүмдүн ким экенимди, кайда туруп, кайда жүргөнүмдү аларга айтчу элем. Ошенткеним жакшы болуптур. Менин кайда экенимди ошолордун

бирөөнөн угушуп, агам мени издеп мында келген экен. Көк-Мойноктон Чүйгө кантип келишкенин айтты. Баягыда мен Кочкорго кеткен бойдон дайынсыз жоголгонумда, мени алар мына келет, ана келет деп олтуруп алты-жети күндү өткөрүшүптүр. Акырында, мени бир кырсыкка учураган экен, болбосо эмгиче келет эле дешип, кайгырып, ыйлашыптыр. Ошондо Сейилкан апам:

– Кагылайын, балдарым,– дептир көз жашын сүртүп. – Кара тогологум аман болсо эмгиче келет эле. Андан ажырадык. Жазмыш ошол! Кантебиз? Ыйлаган менен пайда жок. Андан көрө эптеп Чүйгө жетели. Антпесек, ачтан өлөбүз.

Агаларым, жеңем болуп балдарды жетелеп, жүктөрүн көтөрүп жолго чыгышат. Тоо этектеп жүрүп олтурушуп, Кубакынын оюна түшкөндө, Сейилкан апам:

– Балдарым, кагылайындар, суу боюна бир күнчө өргөсөңөр кантет? Шайманым кетти: башым айланып, демим кыстыгып, баса албай калдым,– дептир.

Карыган чагында жабыркап, жапа чеккен, далай азап көрүп, кайгыга учураган шордуу апам көптөн бери оорулуу эле. Кочкорго кетип бара жатканымда колумду кыса кармап жалооруп туруп оорусу жөнүндө баягыда мага айтканы гана болбосо, агаларыма айтпаптыр. Оорумду айтсам, балдарым коркушат деп кайран киши кайраттанып жүрө бериптир. Бирок асылган оору алмайынча койбойт эмеспи. Акырында алкымдан алып жыгыптыр. Өлүп бара жатканда да ал өз башын ойлобой балдарын ойлонуп:

– Алдыңа кетейиндер,– дептир алсыз үнүн дирилдетип,– тиги жакта Кара тогологумдун, бул жакта силердин эмне болоруңарды биле албастан көзүм жумула тур-

ган болду. Кантейин, тиги дүйнөгө арманда кете турган болдум!..

Шордуу апамдын ошондо эки көзүнөн жашы мончоктоп, андан аркы сөзүн айта албастан үнү буулугуп бир аздан соң жан берген экен.

Агаларым ары-бери чуркашып, суу боюндагы эски короо-там, кыштоолордон темир-терсек, күрөк таап, көр казып, өлүктү көөмп, андан ары Быстровкага эптеп жетишиптир.

Молдалы агам эки күнчө менде туруп калды. Кезек-кезек жөтөлө турган. Аны мен адегенде анчалык капарыма алган жок элем. Үчүнчү күнү эмнегедир катуу жөтөлдү эле, оозунан кан түштү. Коркуп кеттим:

– Байке, мунуң эмне? Болгондо, жолдо келе жатканыңда суукка урунгансың го? Ооруканага жаткызайынбы?

– Жок, садага, эчтеке эмес. Кезек-кезек ушинтип кан чыга турган көкүрөк оорум бар. Андан көрө эптеп үйгө жетейин,– деди ал.

Ары айтсам да, бери айтсам да макул болгону жок. Башына баягы суусар тебетейимди, үстүнө үркүндөн бери үстүмөн түшүрбөй өзүм менен бирге алып жүргөн эски, жыртык чапанымды кийгизип, жылуулап алып чыгып, Быстровкага кетип бара жатышкан жүргүнчү арабалардын бирөөнө отургузуп узаттым. «Алдырар күнү жаздырар» деген ошол тура. Ошондо агамды кетирбей ооруканага жаткызсам да болмокчу экен. Кийин өзүм өкүнүп өксүп-өксүп ыйладым. Анткеним, агам кетип бара жатып, кан кусуп, Быстровкага жетпестен орто жолдо өлгөн экен.

## X

Февраль айынын аяк чени. Күн анчалык жылый элек. «Кой! – дедим бир күнү өз ичимден. – Жанымдын тынчына, курсагымдын тогуна карап мен мында бекерге жүрө бербейин. Андан көрө бир жерден иштеп, акча таап, тиги жакта жалгыз калган Жээнбай абама, бөбөктөрүмө жардам кылайын...»

Жумуш издеп базарга бардым. Базарда өзбек, уйгур, дунганы болуп ашпозчу, наабайчылары толуп атат. Кайсынысынан кандайча жумуш сурарымды биле албай башым маң. Кочкор кыштагындагы ашпозчудай, булар да мени от жактырып коюшсачы! Анда кантем? Азыр мен андагыдай тамак таппай тентип жүргөн селсаяк эмесмин го. Шүкүрчүлүк!.. Курсагым ток. Кийим-кечем бүтүн. Үстүмдөгү шинелим, бутумдагы кара өтүгүм мени кадимки эле кызыл аскерге окшотуп турбайбы. Ушул кейпим менен алардын отун жагып, суусун ташысам, анда мен кызыл аскерге токо-наалат келтирем го? Жок, жок, антпейин! – дедим башымды чайкап. – Буларга иштебейин. Бөтөн жактан издейин, дурусураак кызмат табылып калгысы бардыр.

Кайра басып жөнөдүм. Аптеканын тушуна келе бергенимде, ага кирип-чыгып жаткан элди көрдүм да мен да кирдим. Өткөн жылы Кондратовдун короосунда эсерлердин митингиси болбоду беле? Ошондо сөз сүйлөгөн, көз айнекчен Абрамович деген киши мында элге дары-дармек берип жатат. Аптека ошонуку экен. Ал мени жалт карап алып, мени да дары-дармек алууга келген эме го деп:

– И, жигит, сизге эмне керек? Кана, айтыңыз,– деди.

Аптекага анчейин гана кире калганымды айтканымда:

– Ошондой деңиз,– деп койду ал, үстүмдөгү кийимкечеме көз чаптыра карап алды,– болгондо сиз кызыл аскерсиз го?

– Жок, азырынча жөн эле туруп атам.

– Анда бир жерге иштей турган чыгарсыз?

– Иштейин деп жумуш издеп жүрөм.

– Анда мен сизге жумуш берейин, иштейсизби?

– Иштейм, кандай жумуш? Айтыңызчы!

– Мага жардамчы болосуз.

Ашпозчунун очогунда карала-торала болуп от жагып олтургандан көрө аптекада иштегеним жакшы эмеспи дедим да макул болдум. Казармадан жууркан-төшөгүмдү аркалап көтөрүп келип анын чакан бөлмөсүнө жайланыштым. Бөлмөсү суук. От жагылбайт. Ошондо түнөйм. Кызматым болсо кара жумуш: отун жарып, өз үйүнүн да, аптеканын да мешин жагам, суусун ташыйм. Короосун шыпырам. Ошентип мен анын «жардамчысы» болбостон, жалдап алган кадимки эле малайы болдум. Айла барбы? Кыйналсам да эптеп тыйын-тыпыр таап, бирденкелер алып, Жээнбай абам, жеңем, бөбөктөрүмө барып кайтсам дейм.

Аптекада эки айча иштеп калдым. Күн да жылыды. Алма, өрүктөр гүлдөп калган. Бир күнү шымаланып аптеканын полун жууп жатсам, үстүмө Турсун эже кире калганы. Уялганымдан өзүмдү кайда коёрго жер таппай калдым. Ал мени көрө коюп:

– И, кагылайын, сени кайда десем, ушунда белең? – деди.

– Ооба, жжеке, ушунда иштеп жүрөм.

– Кой, садага, минтип мында иштебегин. Жайнак байкеңе барсаң, ал сени өзүнө милиция кылып кызматка алат.

Жайнактын ким экенин мен андан уктум. Биринчи империалистик согушка катышкан, Токмокто кызыл гвардия уюшулганда Бекжан Бердибеков экөө кыргыздардан ага биринчи болуп жазылышкан кайраттуу, мыкты жигит экен. Капал согушуна да барып кайтыптыр. Кечээ жакында Токмокто «шаарды коргоо» мекемеси делинип аталган милиция уюштурулганда Жайнак анын старший милиционери болуп дайындалыптыр.

Ишти узакка созгонум жок. Экинчи күнү эле мен Жайнакка бардым. Ал менин эмнеге келгенимди ынтаасын коюп укту да, милициянын начальниги Истоминге алып кирди. Багжайган жээрде сакалы бар, толмоч келген, орто бойлуу адам экен. Сүйлөгөн сөзүнө, кебете-кешпирине караганда кайраттуу, тыкан адам экени көрүнүп турат. Жайнак ага мен жөнүндө айтканда: «Мындай кызматка бул бала жарар бекен, жок бекен» дегенсип, бутумдан башыма чейин карап алды:

– Комсомолдо барсыңбы?

– Комсомолдо жок, партияда бармын.

– И, кандайча? Качан өтүп жүрөсүң партияга?

Партиялык документтеримди чөнтөгүмдөн сууруп чыгып ага сундум эле, ал аны колуна алып карады да:

– Азамат!.. Жарайсың, уулум, жарайсың! – деп, Жайнакка карай башын ийкеди. – Надо его принять!

* * *

Ийниме кылыч илип, белиме тапанча байланып милиция болуп иштегениме бир топ күн болду. Кезектешип шаардык түрмөнү, көчөлөрдү, базарды кайтарабыз. Айрым тапшырма менен айыл-кыштактарга барып келип жатышкандары да бар.

Бир күнү мен үч-төрт милиционер болуп шаардык түрмөнү күзөтүүгө барып калдык. Бизди мында алып келген Жайнак эле. Ал түрмөгө кирип, андагыларды текшере келип, бир кезде чиркөөнүн побу Долматовду ээрчитип чыга келди. Көрсө, эсерлердин жетекчилерине кошулуп ал да түрмөгө камалган экен.

– Иним, сен муну үйүнө алып барып келчи. Жуунуп, кийим-кечемди алмаштырайын дейт,– деди ал мага.

Попту дароо алдыма салып айдап алып жөнөдүм. Үйүнө алып барып тамак-ашын ичирип, кийим-кечесин да алмаштырып кийгизип, кайрадан көчө бойлотуп айдап кетип бара жатсам, кимдир бирөөнүн:

– Отец! Отец! Берегитесь, собака Советской власти вас не укусил,– деп калды. «Оозуңду кара жама жегир! Бул кандай эме?» деп бурула карасам, көчөнүн бурчундагы көк тунукелүү чоң үйдүн дарбазасынын түбүндө бир адам турат. Жанакы сөздү ошол айтып жатыптыр. Совет өкмөтүн жек көрүп, ага кызмат кылган адамдарды антип ит деп жатса, ким чыдап турса болот? Жаалым келе түштү:

– Эмне деп былжырайсың?

Мылтыгымды сундура кармап жанына басып барсам, кимди көрдү дейсиңер? Көк-Мойнок бекетинде мен баягыда малайы болгон, бети-башымды канжалатып урган кожоюнум – Ягор экен. Сооданбек карыя аны Токмокто-

гу үйүнө карай качты дебеди беле? Көрсө ал көз жаздым калып, кылмыштуу изин жашырып, мында – өз үйүнө келип жайланышыптыр. Мени таанып бул мында кайдан келе калды дегенсип, корккон мышыктай үрпөйө түштү:

– Анчейин, тамашалап…

– Ой сенин «тамашаң» курусун! Ойносоң да оюндагыны айтып жатпайсыңбы, доңуз! Жок, сени мен бул бойдон калтырбайм, жооп бересиң сен буга,– дедим.

Үй номерин, көчөсүн жазып алып, бурула кайра басып, попту айдап алып кеттим.

Ягордун ким экенин, айткан сөздөрүн Жайнакка барып айттым эле, анын да ачуусу келип, начальник менен акылдашып, Ягорду ошол түнү камакка алдырды.

## XI

Милицияда бир жарым айча иштеп калдым. Эми кур алакан эмесмин: тыйын-тыпырым бар. Ага аны-муну сатып алып Быстровкадагы туугандарыма барып кайтайын деп турганымда күтүлбөгөн жерден кырсыкка учурап, кызматымдан бошотулдум. Адам баласы жаш чагында бирөөгө жамандыкты каалабай жакшылыкты каалайт тура. Мен да ошондой болдум. Бирөөгө кылган жакшылыгым үчүн экинчи бирөө мага жамандык кылды. Ал мындайча болду.

Дардаңбай деген дардаңдаган милиционер жигиттин үйүндө турчумун. Эртели-кеч анын үй-оокатына каралаша калам. Бир күнү уясынан Күн жаңы гана көтөрүлө баштаганда зайыбына колгабыш кылышайын деп эки колума эки чакасын кармап, суу алып келмекчи болуп, тике маңдайыбыздагы короодогу кудукка бардым. Кудуктун

жибиндеги илгичке чакамды илип, суу чөмкөрүп алып жатсам, төр жагымдагы бастырманын алдында эки адам кол таразага бирдеңкесин тартып, «мынча болду, анча болду» дешип, соодалашып жатышат. Көрөйүнчү деп, аларды карай бастым. Үстүмдөгү шинелим, кылычымды көрүшкөндө, тигилер:

– Кокуй милийса экен!..

– Каталы бат, каталы… – дешип коркуп, бирин-бири түртүшүп шашып калышты.

– Эмнеге антесиздер? Катканыңыздар эмне? – дедим жандарына барып.

Кебете-кешпирлерине карасам, бирөө өзбек, экинчиси кыргыз. Кыргызы сатып, өзбеги алып жатыптыр.

– Кагылайын балам,– деди кыргызы жалooруй мага карап,– кыргыз экенсиң, сенден эмнесин жашырайын, бала-бакырага бирдеңке болоор бекен деп Ысык-Көлдөн ала келдим эле. Азын-оолак эле бирдеме…

«Бирдемесин» билдим. Эки жыңча апийим экен. Ал кезде апийим менен аракка катуу тыюу салынган. Андайлар билинип калса, адамдары жазага тартылчу. Эмне кыларымды биле албай туруп калдым. Милицияга айдап барсам, тиги шордуу айыпталып камалганы турат. Кантсем экен? «Бала-бакырам» дегенде өзүмдүн ачарчылыкка учураган бөбөктөрүм көз алдыма элестеди. Ошолорго окшогон бул бечаранын да балдары бар тура. Камалып калса, алар кантет? Куруйтко? Жок. Жок, антпейин, коё берейин»… – дедим.

– Болуптур анда, кеткиле бул жерден,– дегенимде, экөө бирдей мени алкыштап ордунан тура келди.

Кайра басып, эки чака суумду көтөрүп, үйгө кайттым. Эч бир жамандык оюмда жок, болгон ишти Дардаңбайга айттым эле, ал орондоп уруша кетти:

– «Колго түшкөн коёнду, коё берген оңорбу» деп, аларды эмнеге коё бердиң? Кайда алар? Ошондо калыштыбы? Барайын мен, барайын. Жок дегенде чай-пайлык бирдеңке өндүрүп алайын.

Шашкалактап ордунан туруп, тапанчасын байланып, кылычын алып, тигилер мунун колуна түшпөгөй эле деп кыйпычылыктап үйдө олтурганымда бат эле ал кайра келип жетти:

– Чунак бала десе! – деди ал мага ачууланып. – Кетип калышыптыр, ал жерде жок.

Ошол жемеси менен мен аны тим болгон экен десем, антпептир. Өзүнүн ачкөз, алкы бузуктугун жашырып, өз ишине берилген мыкты милиционер экенин көрсөтүмүш болуп, начальникке барып мени жамандаптыр. Ошондо начальник да ачууланып мени кызматымдан бошотуптур. Аны мен кайдан билейин, Жайнак айтканда гана билип жүрөм.

– Капа болбо иним, буга,– деди Жайнак мага,– өзүңө ылайык кызмат таап берем.

Ошол кездерде бузулган көпүрө жолдорду оңдой турган «Жол бөлүмү» деп аталган бир мекеме бар эле. Анын башчысы сакал-мурутун кырдырган, ак жуумал, узун бойлуу орус адам болучу. Жайнак аны менен сүйлөшүп кызматка алдырды.

Жол бөлүмүнүн чоң короосу, короосунда склады, анда курулуш материалдары боло турган. Аларды тейлеген Филатов деген жаш жигит. Мен анын жардамчы, кароолчусумун. Түнөгүм да короонун ичинде. Аптекадан Дардаңбайдыкына көтөрүп келген жууркан-төшөгүмдү аркалап мында да көтөрүп келдим. Менден башка да жол бөлүмүнүн толгон жумушчулары бар. Алардын бригади-

ри Орозалы Чылпаков деген жигит. Аны менен таанышып, достошуп алдым.

Жээнбай абамдыкына барып бөбөктөрүмдү барып көрсөм дегендей болсом эки көзүм төрт. Бирок мына барам, ана барам деп жүрүп бир топ күндү өткөрүп жибердим. Мына эми август айынын аяк чени да болуп калды. «Эбепке себеп» деген кеп ырас тура. Менин бул тилегимдин тезделишине бир нерсе себеп болду.

Бир күнү өзбек мектебинин алды менен кетип бара жатсам, эшик алдында – тактада жабыштырылган жарнамалар турат. Эмнелер жазылды экен деп токтой калып окусам, бирөөндө:

«...Ташкентке окууга эки бала жиберилет. Анын бирөө кыргыз болушу керек» дептир. «Атаа, мен да окусам!» деп окууну эңсеп жүргөн кезим эле. «Бирөө кыргыз болсун» деген тура. Мени жиберишер бекен? Кимге айтсам? Кандай кылсам?».

Ушундай ойго батып жарнаманын түбүндө турганымда, кимдир бирөө:

– И, иним, мында жалгыз эмне кылып турасың! – деди.

Жалт карай салсам узун мурут, кара тору кыргыз жигити жанымда турат.

– Байке,– дедим мен ага жарнаманы көрсөтүп,– Ташкентке окууга балдар жиберет экен. Бири кыргыз болсун дептир. Мени жиберишер бекен ага?

Жигит үңүлө карап жазууну окуду да, мага бурулду:

– Ким болосуң? Кайдан келдиң эле?

Ким экенимди, кайдан келгенимди, мында эмне кылып жүргөнүмдү айтканымда:

– О-о! Анда сен менин өз иним турбайсыңбы? Мага жердеш экенсиң. Мында «Мусбюронун» жыйналышы

болот. Мени да чакыртышкан экен, ошого келдим. Кир эмесе, мени менен бирге, окууга жибертем мен сени,– деди ал.

Кудуңдаган бойдон аны ээрчип мектептин залына кирип барсам, залда аңгемелешип бир топ киши олтуруптур. Келип жатышкандары да бар. Бир кезде президиумга үч-төрт киши чыгып олтурушту да, алардын бирөө жыйналышты ачып, «Мусбюронун» иши жөнүндө кимдир бирөөгө сөз берди. Ал баяндама жасады. Андан соң экинчи маселеге өтүшкөндө, председателдик кылган адам:

– Ташкенттен бизге телеграмма бар: «эки балаңарды окууга жибергиле, дептир. Анын бирөө кыргыз, бирөө өзбек болсун», дептир. Өзбегин таптык,– деди, эл ичинде олтурган жаш жигитке карай колун серпип,– мына жолдош Көчмуратов өзү да келип мында олтурат. Кыргызын таба албай жатабыз.

– Табабыз,– деди мени ээрчитип кирген жаңкы кыргыз жигити колун көтөрүп. – Айтыңызчы, ал эмне деген окуу экен?

– Алты айлык советтик-партиялык курс дейт.

Жигит ага мени көрсөттү:

– Бул бала менин иним болот, ушуну жиберели.

– Жакшы болот. Бирок,– деди председатели,– жаш экен, партияда да жок чыгар.

Ордумдан шашып-бушуп тура келдим:

– Партияда бармын, агай!

– Ой, азамат десе!

– Жиберели анда, жиберели,– дешти баары тең баштарын ийкешип.

Күндүн ысыгы көп анчалык кайта элек кез эмеспи. Бутумда тапочкам, үстүмдө көйнөгүм гана бар эле. Анымды

көрүшкөндө олтургандардан кимдир бирөө: «Баланын кийим-кечеси жокко? Кантип жиберер экенбиз?» дегенде, окууну эңсеген курган жаным окууга жибербей коюшпасын деп:

– Бар кийимим, бар: шинелим да, өтүгүм да – деп ордумдан тура калганымда, баары тең кыраан-каткы күлүп калышты.

– Болуптур, уулум,– деди председатель,– сени окууга жиберебиз, жолдук акча да беребиз.

Тышка чыктык. Жаңкы кыргыз жигити менен тааныштым. Чоң Кеминдик Жумабаев деген жигит экен. Ал да партияга өтүп, мусбюронун мүчөсү болуптур. Аны менен кош айтыштым да, жаткан жериме карай жүгүрдүм. Бир жерге келе бергенимде бет алдымдан эки атчан адам чыга келди. Бирөөнүн сол көзүнүн бир жеринде тырыгы бар, улгайган адам экен.

– Кагылайын, эй! Кейпи мына бул жаркылдап күлүп чуркап келе жаткан кыргыз бала го дейм. Мынчалык ал эмнеге сүйүндү экен? Сурайлычы токтотуп… – деди да мени токтотту:

– Балам, мынчалык эмнеге сүйүндүң? Кайда бара жатасың мынчалык чуркап? Айтчы, балам, биз да билелик.

– Ташкентке атаке, окууга бармакчы болдум.

– О, кагылайын! – деди карыя. – Болсун, болсун! Тилегиңе жет. Окууңду бүтүрүп келип элиңе кызмат кыл, балам. Эмесе ак тилегим менен батамды берейин: Карыя эки колун көтөрө алаканын жайып батасын берди. Батасы анын мага гана эмес, мага окшоп турмуштун оор түрткүсүндө болгон, окууну эңсеген ошол кездеги кыргыз жаштарына берген батасына окшоду.

* * *

Ташкентке окууга кетмекчи болгонумду айтып жол бөлүмүнүн бир атын сурап минип, Жээнбай абам менен бөбөктөрүмдү көрүп келейин деп Быстровканы көздөй кетип бара жатам. Чымкоргонго келе бергенимде, көчөнүн сол жагында төбөсү жарым-жартылай жабылган үйгө көзүм түштү. Ал үй – мага тааныш Завалишиндин үйү эле. Мындан бир аз күн мурда жол бөлүмүнүн жумушчулары жол оңдойбуз дешип ушунда келишкенде аларга кошулуп, мен да келгем. Ошондо алар: «Ушул үй – Завалишиндин үйү» дешкенин уккан болчумун. Завалишин өлтүрүлгөндөн кийин анын аялы Ольганын 11-12 жашар кызын ээрчитип базарда жүргөнүн да көргөм. Ошондо ал: «Жакшылык көрүшпөсүн, кантейин, эч бир айыбы, күнөөсү жок эримди атып өлтүрүштү...» деп айланасындагы аялдарга айтып ыйлап турган болучу.

Завалишин чыныгы большевик адам эле. Алма-Атада Совет өкмөтүн курушкан адамдардын бири ал. «Эмгекчи эл дегенде ичкен ашын жерге койгон кайраттуу, мыкты адам эле», дешкенин кызыл аскерлерден алда нече курдай укканым бар. Ошондой адамдын үй-бүлөсүн жетим-жесир калтырган «солчул» эсерлерге ичимден дагы бир ирет наалат айттым.

Быстровкага жакындаганымда кашаттын так алдынан алачыгы, боз үйү болуп жайланышкан айылды көрүп калдым. Жээнбай абамдын үйү ушуларда болбосун деп өткөн-кеткен кишилерден сураштырсам чын эле ошол жакта экен. Кайсы үй экенин билдим да жолдон бурулуп, кашаттан түшүп, бастырып бардым.

Күн кечтеп калган кези эле. Абам алачыгынын алдында коңшу-колоңдору менен сүйлөшүп олтуруптур. Мени көрө коюп, таанып, ордунан секирип тура келди:

– Кара тоголок, кагылайын, келдиңби? Аман-эсен жүрөсүңбү?

Атымдан ыргып түшкөнүмдө ал да мени кучактай калды. Экөөбүз кучакташып көрүштүк. Абам бетимден өпкөндө көз жашы ээгиме тамчылай түштү:

– Эмнеге ыйлайсың? Кайта сүйүнбөйсүңбү иниң минтип келгенге? – дешип кошуналары да келип мени менен кол алышып көрүшкөндө, абам:

– Анан кантейин, курган жүрөк чыдатпай бара жатса,– деди.

Көз жашын сүрттү да үйүнө бурула кыйкырды:

– Салыйма, Салыйма дейм! Кара тоголок келди.

Баягыда тоо-таштын арасында тентип жүргөн кезибизде өзүм таап, өзүм никелеп алып берген жеңем Салыйма шашып-бушуп үйүнөн чыга келди. Аны менен да кучакташып көрүшүп жатканымда «байкелеген» бирөөнүн үнү чыгат. Бурула карасам, эки бөбөгүмдүн бири – Идрис экен. Аны көтөрүп өпкүлөп, беркиси кайда болду экен деп, айлана көз жүгүртсөм, ал көрүнбөйт.

– Садага,– дедим Идириске,– Абдыбек кайда?

Бала жооп бергенче, Жээнбай абам:

– Тиги кыштак жакка кеткен, келип калар,– деди.

Эмнеге кеткенин айтты. Ал күн сайын таар баштыгын мойнуна илип, кыштакты кыдырып, кайыр сурап, баштыгы нанга толгондо гана кечке жакын үйгө кайтат экен.

Тышта олтурабыз. Абам, коңшу-колоңдору болуп шаардагы аркы-берки жаңылыктар жөнүндө менден сурап жатышат. Мен да аларга билгенимче жооп бере келип, Ташкентке окууга бармакчы болгонумду айтканымда:

– Жакшы болуптур, балам.

– Баргын окугун, адам бол,– дешти баары тең баштарын ийкеп.

Бир кезде Жээнбай абам кыштак жакты кылчая карап алып:

– Тигине, Абдыбек да келе жаткан экен,– деп койду.

Бурула карасам, Быстровка кыштагынын бери жагындагы кашаттан таш тоголонгонсуп бозоргон бирдеңке жөрмөлөп төмөн карай түшүп келе жатат. Бир тууган деген курусунчу!.. Аны батыраак көргүм келип, жүрөгүм толкунданып алып учат. Антпегенде кантем? Бир атадан ошол экөөбүз гана калып олтурбайбызбы.

Бир кезде ал бизге жакындады. Аны көргөндө берки бөбөгүм Идрис менин келгенимди ага айткысы келди окшойт, ордунан тура чуркап ага жетип, мен жакка колун булгап, бирдеңкелер айткандай болду. Мени көрүүгө зар болгон курган жетим элең-селең этип мага карай жүгүрөм дегенде мүдүрүлүп жыгылып, күн бою кайыр сурап жыйнап алган нандары жерге чачылды. Анысын жыйнап баштыгына салмакчы болуп жатканда мен да ага жүгүрүп жетип, баштык-маштыгы менен жерден так көтөрүп алып өпкүлөй кеттим. Бөбөгүм да мойнуман сыга кучактап:

Байке, сени сагындым. Эмне келбедиң? – деди.

– Келдим садагасы, мына эми келдим.

– Эми кетпейсиңби эч жакка?

– Кетпейм, кетсем да сени ала кетем.

– Ошент, байке, ошент,– деп шордуу жетим кайра дагы мойнумдан кучактаганда, токтоно албай ыйлап жибердим.

Окууга кетмекчи болуп шашылыш түрдө келгенимди айтып, экинчи күнү кайра жөнөмөкчү болдум. Ошол кездерде Токмок шаарында жетим балдар үчүн «Жетимкана» ачылмакчы эле. Ачылса ошого киргизейин, ачылбаса өзүм Ташкенттен келгенче бирөөнү Шаршенаалыныкына, бирөөнү Жайнактыкына коё турайын деген оюмду айтсам Жээнбай абам:

– Анда биз кантебиз? Идристи мында калтыр. Ал бизге эрмек болсун,– деди.

Абамдын сөзүн кыя алганым жок. Идристи калтырдым да Абдыбекти алып кеттим. Жайнак боорукер жакшы жигит эле. Абдыбекти көрүп ал: «Иниңди сен кайда алып барасың? Биздикине калтыра бер, «Жетимкана» ачылганда мен аны ага киргизем»,– деди. Сокурдун издегени эки көз дегендей, менин да издегеним ошол эмеспи.

– Макул, Жаке, ошентейин,– дедим мен ага.

Документтеримди алып, качан кайсы күнү жолго чыгарыбызды билдим да: бармактай кезимде таанышкан, мени көргөндө кучагын жая каршы алып, мектебинен аздыр-көптүр окутуп таалим-тарбия берген окутуучум эле, барып коштошоюн деп Ровнягинге бардым. Ал эшик алдында эки кыргызды узатып жатыптыр. Мени менен учурашты да, тигилерге:

– Ошенткиле, баргыла, фамилиясы Абрамов. Жаңкы мен берген катты ошого тапшырсаңар, ал силерге жардам кылат,– деди.

– Буларыңыз ким? – дедим ага тигилер кеткенде.

– Арыз-муңдары бар бечаралар экен. Бирөө айтса керек, мага келишиптир. Колдоруна арыз жазып берип, сотто иштеген бир жигитке жибердим. Ал менден окуган

эле. – Эки-үч курдай тамагын кырынды да сөзүн улады. – Сенден башка да кыргыздардан досторум көп, балам. Алар ушинтип мага келе беришет.

Ташкентке окууга кетип бара жатканымды айтканымда, ал:

– Ошондой де, балам. Абдан жакшы болгон тура. Анда мени менен коштошкону келген турбайсыңбы? Окутуучуңду унутпапсың. Ракмат, балам, ракмат. Жолуң ачылсын! Бактылуу бол! Совет өкмөтү минтип эмгекчи элге окуунун жолун кенен ачып койбодубу. Окуганың жакшы. Турмуштан өз энчиңди алып кал, балам.

«Бир ирет туз тарткан жериңе миң ирет салам бер» деген кеп бар эмеспи. Бир кезде Кызыл-Омпол жайлоосунда ал биздикинен даам татпады беле. Анысын ал унутпай кучагын жая мени каршы алып мектебинен окутканын кантип унутам? Мына эми алыска кетип бара жатканымда да ал аталык камкордук сөзүн, ак тилегин айтты. Ага бүткөн боюм коргошундай балкып, кол кармашып, кош айтыштым.

* * *

Орус, кыргыз, өзбеги болуп үч-төрт адам кош ат чеккен арабада кетип бара жатабыз. Өзбеги – өзүмдүн жолдошум Көчмуратов. А беркиси – ак жуумал бир жаш орус уланы. Жолдо ката аркы-беркини сүйлөшүп келе жатып мен аларга кыш ичинде Ровнягинден бир айча окуганымды айтканымда, тиги орус уланы:

– О-о! – деп койду добуш салып,– анда мени окуткан окутуучудан турбайсыңбы. Ал өзү абдан жакшы адам. Кыргыздар менен мамилеси түзүк.

Анын сөзүнөн улам, баягыда Ровнягиндин эки кыргызга дайындаган Абрамов деген адам ошол экенин билдим. Кызматынан бошонуп, бизге кошулуп, окууга кетип бара жатыптыр.

* * *

Күндөп-түндөп жүрүп олтуруп алты күн дегенде араң Бурный станциясына келип жеттик. Станциянын сыңар үйү, бир сарайы гана бар экен. Айланасында жайланышкан үч-төрт жер кепе тамдар, боз үйлөр турат. Алардан башка жакшылыктуу имарат-тамдардан эчтеңке жок.

Темир жол дегенди мен мурда көргөнүм жок эле. Баш-аягына көз жетпестен Күн нуруна жаркылдап салааланган чоюн-темирдин үстүнө куйрук улаш чиркелип турган кызыл вагондорду, алардын эң алдында үшкүрө-бышкыра кезек-кезек жар сала гудок берген кичине кара паровозду көргөнүмдө:

– Ой-то-боо! – дейм таңыркай карап башымды чайкап. – Ушунча вагондорду жалгыз өзү кантип тартат болду экен?

– Тартканы ушул да.

– Эми да тартканын көрөбүз,– дешти жолдошторум. Поезд эми жөнөйт дешкен соң билет сатып алып, кызыл вагондордун бирине барып олтурдук. Бизден мурда анда адамдар да бар экен. Мына эми жөнөйбүз деп турганыбызда, станциянын кызматкерлеринен болсо керек, кимдир бирөө кирип келип: «Жолдоштор, жүгүңөргө бир кишиңерди мында калтырып, калганыңар бизге жардамдашкыла. Бир аз жумуш бар»,– деди.

Бир кишибизден калтырдык да, калгандарыбыз кайрадан жерге түштүк. Көрсө, таш көмүр болбогондуктан

паровозго сөксөөл жагылып, ошону менен жүргүзүлөт экен. Бизди ага сөксөөл ташытып салдыруу үчүн чакырыптыр. Ары-бери жумушубузду бүтүрдүк да кайра келип вагонубузга олтурдук. Мына эми мен жөнөйм дегенсип, эки-үч курдай гудок берип, артына чиркешкен көп вагондорду сүйрөп алып паровоз да ордунан козголду.

Ар кайсы станцияларга токтоп, конуп-түнөп жүрүп олтуруп төртүнчү күн дегенде, араңдан зорго Ташкентке келип жеттик. Ташкент ал кезде Орто-Азиянын борбору боло турган.

## XIII

Алты айлык советтик-партиялык курска окуй баштадык. Үч адам болуп бир бөлмөдө турабыз. Үчөөбүз тең кыргызбыз. Жолдошторум Пржевальскиден келишкен Жумадыл Тилекабылов, Кожокан Шоруков деген жигиттер эле.

Жумадылдын бир бутунун майыбы бар: аксап басат. Үркүндөн мурда мугалим болгон, 1918-жылы Пржевальскиде партияга өткөн, аздыр-көптүр газета-журналдарга макала, ырлар жазган, жашы кырк-кырк бештер чамасындагы адам эле. Кожокан экөөбүздү ал кээде «балдар», кээде «иничектер» дей турган. Китептерин, кол жазмаларын оодарып, кармалап жатып бир күнү ал:

– Иничектер,– деди бизге,– силерге айтканым бар эле го: ыр да жаза калам деп. Ошол ырларымдын бирөө мында газетада жүрөт.

Газетаны колубузга алып карасак, Алма-Атада татар тилинде чыга турган «Көмөк» газетасы экен. Ага кыргыз тилинде басылып чыгыптыр. Кыргыздын басма сөзүн

көрүүгө ынтызаар болгон курган жаныбыз аны талаша-тартыша окуй кеттик. Жаш кезиңде бир нерсе таасир кылса, ал эч качан унутулбайт тура. Анын бир-эки куплети али күнчө эсимде.

Кара кыргыз, карагым,
Сынап көрчү багыңды.
Эрик алган бул күнкү
Көрдүңбү мындай чагыңды?

Илгеркилей жабырлап,
Сындырбас эч ким шагыңды.
Отурукташып үй салып,
Жаркылдат эми шамыңды.

Жумадылды сыйлап биз аны «абаке» деп айтчу элек.

– Абакем – дедим мен ага,– ырыңыз абдан жакшы экен, мага жакты. Дагы жазган ырларыңыз барбы?

– Бар иничек, бар. Алма-Атада «Учкун», «Көмөк» газеталарынан карасаңар табасыңар. Басылып чыккан бир нече макалаларым да бар.

– Бая күнкү «Кызыл Өзбекстан» газетасына басылып чыккан макалаңызды окудук. Анда кыргыздарды отурукташтыруу жөнүндө жазган турбайсызбы?

– Ооба, ошенткем. Антпесек болбойт, иничек. Отурукташканда гана биз илим-билимдүү, маданияттуу элден боло алабыз,– деп койду да.

Кожокан болсо мени менен курбалдаш. Аны менен эртели-кеч дегендей сүйлөшө, сырдаша келип, атасы анын Шорук деген киши Пржевальский уездинин начальниги куу сакал Ивановдун кучери болуп иштегенин

билдим. Он алтынчы жылкы козголоңдо Шорук Кытайга качып, Кожокан шаарда начальниктин кызматкеринин колунда калат.

Россияда революция башталып, падыша тактан кулаптыр деген кабар угулганда, Иванов ал жерде тура албастан үй-бүлөсү менен Россияга карай жөнөйт. Ошондо начальник менен бирге кетип бара жаткан анын жаңы кызматкери, мында калса баланы бирөө болбосо бирөө майып кылып коёр деп, өзү менен бирге ала кетет. Кийин Туркестанда Совет өкмөтү курулганда: «Балам, эми сен элиңе бар. Ал жакта да Совет өкмөтү курулду. Эми сага эч ким тийбейт» деп Кожоканды кайра Туркестанга узатат. Эптеп ал Ташкентке жетип, минтип мында курска кириптир.

Жаш чагынан шаарда өсүп, орус жолдоштордун арасында болгондуктан ал орусча жакшы биле турган.

Ошол кездерде Туркестанда: «Ашхабад фронту», «Фергана фронту», «Жети-Суу фронту» делинген үч фронт бар эле. Албетте, үч фронттун ортосунда калыш – оңой иш эмес да. Туркестан ошентип оор абалда турган кезде, бизге жардам берүү үчүн Москвадан комиссия келди деген кабар угулуп калды. «Кимдер экен алар? Качан келиптир?» деп курсанттар бири-бирибизден сурамжылап жүрөбүз. Мындан бир аз күндөн кийин эле комиссиянын бирөө Голощекин деген адам бизге келип партиянын тарыхынан лекция окуй кетти. Ошондо билип жүрөбүз. Улуу атабыз Лениндин демилгеси менен бизге – Туркестанга жардамга келген «Туркестан комиссиясы» деп аталган комиссия экен. Комиссиянын составында Коммунисттик партиянын өтө көрүнүктүү адамдары М. В. Фрунзе, Куйбышев, Рудзутак жана бизге лекция окуган Голощекиндер экен.

Ошондон тартып Туркестан республикасынын өмүрүндө жаңы кезең башталып, жергиликтүү элдин эмгекчилерин Совет курулушуна тартуучуга кенен даңгыр жол ачылганы кимдин болсо да эсинде.

Мындан көп убакыт өткөн жок. Бир күнү: Борбордук комсомол комитети да мындагы комсомолго жардамга адамдарын жибериптир. Баштагы – Пеньков, Щербаков деген адамдар дейт. «Бүгүн алар Луначарскийдин үйүндө жыйналыш өткөрүшөт экен», деген кабар угуп калдык. «Луначарский үйү» деп аталган үйдүн чоң залы боло турган. Анда комсомолдун жыйналышы боло калганда биз да бара калчубуз. Курсанттардын баары бүгүн да ошол үйгө бардык. Залдын ичи жык толуптур. Президиумда бир нече адам олтурушат. Бирөө председателдик кылып, жыйналышты ачып, Москвадан келген адамдар жөнүндө айтып келип, сакал, муруту жок, чап жаак, ак жуумал келген жигитке сөз берди. Щербаковдун ошол экенин билип алкыштап, колдорубузду тарсылдата чапкылай кеттик.

Щербаков трибунага көтөрүлүп, эки жагын каранып, сөз баштады. Ал, Россияда болуп жаткан ички-тышкы абалдарды, граждан согушун, ал согуштун кесепетинен өнөр-жай, чарбаларыбыздын күйзөлгөнүн айтып келип:

– Биз сиздерге, жолдоштор, жардамга келдик, ишиңер менен тааныштык, таанышып да жатабыз. Туркестан республикасындагы комсомол уюмдарынын тунгуч съездин чакырууну туура таптык,– дегенде залдын ичин жаңыртып кол чабылды.

Мындан үч-төрт күн өтөөр менен партия уюму Кожокан экөөбүздү комсомол уюмун уюштуруп келесиңер деп, ошол жылы Ташкентте ачылган казак-кыргыз калк агартуу институтуна жиберди. Ээрчишип барып калдык. Ин-

ституттун жетекчилерине документтерибизди көрсөтүп, келген жумушубузду айтып, жыйналыш өткөрүп, жаштардын уюмун уюштурдук. Ээрдин жалап кара тору жаш улан ошондо балдардан суурулуп чыга келип, биринчи болуп комсомолго жазылды. Аты-жөнүн сурасак, Осмонкул Алиев деген кыргыз баласы экен.

Осмонкул окуусун бүтүрүп Кыргызстанга келгенде, областтык комсомол комитетинин тунгуч секретары болуп, андан барып жооптуу кызматтарда иштегени баарыга маалым.

Январь айында Ташкентте жаштардын крайлык биринчи съезди чакырылды. Ага катышуучулардын ичинде биздин курсант Кожокан Шоруков да бар эле. Жаштардын крайлык комитети да түзүлүп, жаштарды комсомолго тартуу, алардын арасында иштөө жөнүндө көп-көп маселелер каралыптыр.

* * *

Февраль айынын орто чени. «Оренбург жолу ачылыптыр. Актар Сибирь жакка качыптыр. Аскери менен Фрунзе эми биз жакка келе жатыптыр» деген кабар угулуп, шаар ичи дүрбөп, аны тособуз деп шаар эли вокзалга чыкканда, кызыл желектерибизди желбирете көтөрүп, биз – курсанттар да, вокзалга барып калдык.

Вокзалдын перронунда толгон эл. Күн бүркөк. Себелеп жааган жаан жаңы гана басылгандыктан, кол чатыры барлары чатырларын жаап, колдоруна алышты. «Эми качан келер экен» дешип, көпчүлүк уйгу-туйгу болуп, темир жолдон көздөрүн албай жардана батыш жакты карап турушканда бир топ кызыл вагондорун сүйрөтүп,

күшүлдөп-бышылдап, паровоз да келип жетти. Аскерче кийинген, толмоч келген бир адам алдыңкы вагондон чыга келгенде «Фрунзе, Фрунзе экен» – деп эл колдорун чапкылап, ураалап кыйкырышты. Фрунзе колун көтөрүп, вагондон түшүп, кандайдыр бир салабаттуу адамдар менен кол алышып көрүшкөндө, алардын ичинен мен өзүбүздүн лекторубуз – Голощекинди көрүп калдым. Көрсө, Москвадан бизге келген түрккомиссиясынын мүчөлөрү Куйбышев, Рудзутак да ошондо экен. Алар да Фрунзени тосуп чыгышыптыр.

Ошол жерде кыска мөөнөттүк митинг болду. Фрунзе жыйналган элди куттуктап келип, акырында: «Совет өкмөтүн Түркестанда коргоо үчүн жергиликтүү элден да кызыл отряддар түзүүбүз керек»,– деди.

Ооба ошондой болду. Фрунзенин буйругу менен Кыргызстанда түзүлгөн кызыл отряддар Лепси, Капал согуштарына катышты. Түштүктө басмачыларды жоюуда да алардын колгабышы зор.

## XIV

Биринчи май. Жер бети жашарып, бак-дарактар гүлдөгөн. Күн чайыттай ачык. Шаар эли кызыл желектерин көтөрүп, ырдашып, жер-сууну жаңырткан музыкаларын ойнотуп, тигинден да, мындан да агылып келип, аянтка жыйналууда. Биз курсанттар да андабыз. Шаар багынын аянтына жыйналган эл кумурскадай... Түрккомиссиясынын, крайлык партия комитети менен Түрк ЦКтин мүчөлөрү да мында. Кыска мөөнөттүк митинг болуп, анда Биринчи Май ишембилигин өткөрүү үчүн түзүлгөн комиссиясынын мүчөлөрүнөн кимдир

бирөө сөз сүйлөп, кандай уюм кайсы жакка барышын, эмне кылышын айтканда эл дүрбөп туш-туш жакка тарап кете баштады. Бизди – курсанттарды да жетекчибиз команда менен вокзалды көздөй алып жөнөп калды.

Мына вокзал. Мында да жер-сууну жаңыртып музыка ойноодо. Биз кызыл желектерибизди көтөрүп, перрондо турабыз. Темир жолдун жумушчулары бака-шака түшүп, бузулган вагондорду, темир жолдорду оңдоп жатышат. Вокзалдын ичиндеги, тышындагы темир-тезектерди замбилдеп тышка ташып жатышкандары да бар.

Бир кезде кызыл аскер бөлүктөрү да мында келип калышты. Аларга бизди кошуп, кызыл вагондорго олтургузуп, кайдадыр бир жакты көздөй алып кетип бара жатышты. Ар кайсы жерде үркүп өскөн бак-дарагы бар ээн жайга келип поезд токтогондо, баарыбыз тең вагондордон секирип жерге түштүк. Кызыл бөлүктөр тизилип бир четте турушат. М. В. Фрунзени мен ошондо да көрүп калдым. Ишембиликке катышууга ал да мында келген экен. Кош дарактын түбүндө Фрунзе бир топ киши болуп, кол шилтешип сүйлөшүп, алардын ичинен кимдир бирөө чыга келип, кызыл аскер бөлүктөрүнө жүгүрө басып барып, сол жакка колун булгап, бирдеңке деп айткандай болду эле, алар ошол жакты көздөй жапырылды. Вагондорго тарала чуркап, өздөрү менен бирге ала келишкен андагы балта, араа, күрөк, аспаптарын ала чуркап бара жатышкандары да бар. Көрсө, ошол жакта бузулган чоң көпүрө бар экен, ошону оңдоого кетишиптир.

Биз – курсанттар да керектүү курал-жарактарыбызды колдорубузга алып, тарала чуркап, арык каздык, тазаладык, жол да түзөттүк. Айтор, тапшырылган жумуштарды аткарууга шашабыз.

Ошентип, Биринчи Май майрамында Ташкентте уюштурулган тунгуч ишембиликти курсанттар кызыл аскер бөлүктөрүнө кошулуп, чоң салтанаттап өткөрүп, кечке жакын кайра шаарга кайттык.

## XV

Май айынын аяк ченинде курсту бүттүк. Курсанттарды туш-туш жакка жибере башташты. Жолдошторумдун бири Кожокан Шоруковду Туркестан шаарына, Жумадылды Пржевальскиге, Көчмуратовду Токмокко дайындашты. Пишпектен келген Сайфуллин деген татар жигити бар эле, аны Пишпекке, мени Алма-Атага, обком комсомолдун карамагына барасың дешти.

Жети-Суулук балдар Ташкенттен бирге жөнөдүк.

Колдорубузда эң бир күчтүү документтерибиз – «открыткабыз» бар. Аны көрсөткөн жерибиз токтоосуз бизге минээрибизге ат, түшөөрүбүзгө араба беришет.

Козу көчүмдөн жүрүп отуруп Пишпекке жеттик. Сайфуллин анда калып, Жумадыл Пржевальскиге кетти. А биз, Көчмуратов экөөбүз Токмокко келдик.

Өткөн жылы Жайнактын үйүндө калтырган бөбөгүмдү көрөйүн деп аныкына барсам, зайыбы Фатийма үйүндө экен. Ал бөбөгүмдү Жайнак ошол жылы апрель айында Пишпекте ачылган жетимканага (детдомго) алып барып өткөргөнүн айтты. «Атаа, андай болгондо мен аны көрө келбейт белем, бекер кылган экем» – деп бир жагынан өкүнсөм, тарбыя бере турган, окута турган жайга жайланышканына санаам тынып, кайрадан кубандым. Жайнак болсо, мурдакы ордунан которулуп, Токмоктун волревкомунун председатели болуп иштейт экен. Кеңсесинде

экенин уктум да, үстүнө барып учурашып, обком комсомолдун карамагына, Алма-Атага кетип бара жатканымды айтканымда:

– Жакшы болуптур, иничек, окууңду бүтүргөнүң. Кайда жиберишсе, ошол жакка бара бер. Бөтөнчө жаштар арасында иштесең, андан бетер жакшы,– деди ал.

Ал Турсун эжени беш колундай жакшы билерин билем да. Сурап калдым:

– Жаке, Турсун эже мындабы? Баякы эле үйүндө чыгар.

– Жок, андан көчкөн: башка жакта турат. Баса, ал бизде иштейт.

– И, эмне болуп? Кандай кызматта?

– Аялдар бөлүмүндө: инструктор. Жакында тоо аркасындагы райондорго барганы жатат.

– Кайда, азыр?

– Мында. Мына азыр...

Секретарын жиберип Турсун эжени чакыртып келди.

Ал мени көрө коюп:

– Кагылайын, сенсиңби? Ташкенттен келдиңби? – деди толкундана алга адымдап.

– Эжеке,– дедим мен ага,– эжеке, күндөрдүн биринде кара курсактын камы үчүн тентип ушул шаарга келдик эле. Эми карабайсыңбы? Ким элек, ким болдук? Экөөбүз тең жетилип, адам болуп, атка минип, Совет өкмөтүнүн кызматкери болдук. Сиз аялдар арасында иштесеңиз, мен жаштар арасында иштемекчи болуп Алма-Атага кетип бара жатам. Ушундай болобуз деп ойлодук беле, эжеке? Айтыңызчы өзүңүз?

– Ооба, кагылайын,– деди, ал күлүңдөп,– буга бизди, бизге окшогондорду жеткизген ким? Улуу Октябрь рево-

люциясы менен большевиктер партиясы эмеспи. Ага биз алкышыбызды айталы. Ага кызмат кылбаганда кимге кызмат кылабыз?

– Туура, туура. Эмгекчи элдин тилегин айтып жатасың, карындашым,– деп койду Жайнак да башын ийкеп.

Аркы-беркини сүйлөшүп бир аз олтуруп алар менен коштоштум, да тышка чыктым. «Эми окутуучума барайын, аны менен да учураша кетейин» деп Ровнягинге барсам, кайран киши ошол жылы кыш ичинде дүйнөдөн кайтыптыр.

Окутуучумду көрө албай калганыма өкүнүчтө болуп, кайгырып, эми жөнөйүн деп кайра басып, милицияга келдим. Баякы күчтүү документимди көрсөттүм эле, андагы жолдоштор бир ат таап мингизип, анын ээсин мага улоочу кылып кошуп беришти.

Мына эми улоочу жигитти ээрчитип, кара жолго түшүп, чыгышты бет ала кетип бара жатам. Быстровкага келе бергенимде, абама учураша кетейин деп бурула бастырып, кашаттын так үстүнө келип ой жагымды карасам, абамдардын айылы былтыркы ордунда жок. Ары-бери өткөн кишилерден сураштырсам, алар «Бөрүбай» – деп аталган жылганын оозуна барып конушуптур. Быстровкадан өтүп жылгага жакындасам, тоо этегинде беш-алты алачык, боз үйлөр турат. Алардын айланасында ары-бери чуркап ойноп жүргөн балдарды көрдүм да жандарына бастырып бардым.

– Балдар,– дедим атымды тык токтото калып,– Жээнбайдын үйүн билесиңерби? Кайсынысы болот тигилердин?

– Билебиз, билебиз…

– Тээ-тетиги, чет жагында турган үй ошонуку,– дешти алар жарыша сүйлөп.

– Өзү үйүндө чыгар?

Балдар бири-бирин мостоё карашып унчугушпай калды.

– Эмнеге унчукпайсыңар?

– Билебиз, билебиз...

– Ал өлгөн,– деди бир бала.

Бирөө мени астыртан ийне менен сайгандай болуп чочуп кеттим. Бүткөн боюм дирилдеп, эки көзүм тунарып калтырап, эмне кыларымды биле албастан бир аз турдум да, кайрадан сурадым:

– Зайыбы кайда? Үйүндөбү?

– Ооба, үйүндө.

Башымды төмөн салып, атымды илкитип, үйгө таман бастырып барганымда, атымдын дүбүртүн угуп үйдөн бир аял тышка чыга келди. Карасам, жеңем Салыйма экен. Алыстан эле мени таанып:

– Кагылайын, молдо бала! – деди, башка сөз айта алган жок, буркурап ыйлап мени карай жүгүргөндө, мен да атымдан ыргып түшүп, ага жетип, аны кучактай калдым. Канчалык кайрат кылайын десем да боло албастан, менин да эки көзүмдөн жаш кетти. Антпегенде кантем? Тар жол, тайгак кечүүдө бирге болуп, бардык оор азапты, кыйынчылыкты биргелешип башыбыздан өткөргөн Сейилкан апам менен Молдаалы абамдан ажырап, алардан кийинки бизге өбөк-жөлөк боло турган Жээнбай абамдан да ажыраганым мага оңой иш, оңой түйшүк эмес да.

Жаңкы балдар да, алардын ата-энелери да биздин ыйыбыздан улам үйлөрүнөн чыга жүгүрө келип бизди ортого алышты.

– Бактың бар экен, бактың!

– Көптөн бери күттүң эле, мына эми келди кайниң,– дешти алар жеңемди сооротуп кайрат айтып.

Алардын ичинде өткөн жылы келгенимде таанышкан Бейирман карыя да бар экен, аны менен да, калгандары менен да учураштым.

– Тургула эми мындай, кирсин үйгө,– деген Бейирман карыянын үнү угулганда, жеңем көз жашын сүрттү да үйгө кирип, төрүнө кийиз салды. Кимдир бирөө эшик ачканда карыяны алга алып, чубаша басып, үйгө кирдик. Жайланышып олтурган соң карыя сөз баштады:

– Кудаанын тагдыры экен, балам, ушинтип Жээнбай абаңдан ажырап калдык. Раматылык жакшы жигит эле. Кантебиз? Ажалга айла жок тура! Жаны жаннатта болсун! – Мындан аркы сөзүмдү кандайча кылып айтсам болот экен дегенсип, ал мага көз чаптырып бир аз турду да, кайрадан сөзүн улады. – Эми кагылайындар, өлгөндүн артынан киши өлчү эмес. «Эки бакыр бир тукур» деген. Биргелешип, кол кармашып, оокат кылгыла.

– Атаганат десеңчи!

– Андан артык эмне бар? – дешти башкалары да карыянын сөзүн кубаттап.

Аңгеме эмне жөнүндө болуп жатканын сездим да, башымды төмөн салып үн катпастан тынч олтура бердим. Ой-пикирин көрүнөө айтууга уялып жаткан чыгар дегенсип, карыя аңгемесин башка жакка буруп, Ташкент жөнүндө, анда болуп жаткан жаңылыктар жөнүндө сурай кетти. Сураган нерселерине жооп бере келип, Фрунзени көргөнүмдү, анын сүйлөгөн сөздөрүн укканымды айтканымда:

– Баракелде, балам!

– Аны көргөнүң жакшы болуптур! – дешти отургандар туш-туш жактан.

– Балам,– деди Бейирман карыя,– Фрунзе жөнүндө мен мындагы орус жолдоштордон уктум го: биздин кыргызстандык деп. Ошонусу чын бекен?

– Чын, анысы, чын. Пишпекте төрөлүп, Алма-Атадан окуптур,– дегенимде ал:

– О-оо!.. Анда ал өзүбүздүн балабыз турбайбы. Болсун, болсун! Өмүрү узун болсун! – деп бурула мага карады. – Балам, эми биз тышка чыгалы. Алыстан келип, алыска кетип бара жатыпсың. Келгениң жакшы болду. Жеңең менен эми сен өзүнчө сүйлөш...

– Макул, ошентели.

– Өздөрүнчө сүйлөшсүн,– дешип башкалары аны ээрчип тышка чыгышты.

Жеңем чай кайнатты. Мына, биз эми улоочу жигит болуп чай ичип олтурабыз. Өмүрлүк жарынан ажырап, оор кайгыга кириптер болгон шордуу жеңем кантсин? Өңү шапайып, жүдөп калыптыр. «Сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт» деген кеп ырас экен. Ошентсе да жеңем мурдакы сынын, жагымдуу, жалындуу көз карашын жоготпоптур. Ал мага бирдеңке айткысы келип батына албай бирде улоочу жигитке, бирде мага жал-жал карат коёт. Анысын мен билдим да:

– Менин бир аз сүйлөшө турган сөзүм бар. А сиз тышка чыгып аттарды отко коюңуз. Анан бастыралы,– дедим улоочуга. Ал тышка чыгаар менен:

– Жеңеке,– дедим мен ага. – Кантебиз? Тагдыр ушул тура. Эми кайрат кылалык.

– А, кагылайын, молдо бала,– деди үшкүрүп,– адам баласы ый менен кайгысын жеңе албайт тура. Арманым көп, кайсы бирин айтайын. Жакшылык көрөр бекем деп мурдакы эримден качып келип абаңа тийгенимди өзүң

жакшы билесиң. Никелеп биздин башыбызды кошкон да өзүң элең. Ошондогу эңсегеним жакшылык эле. Аным жылас болду. Сейилкан апам менен уулдан ажыраганым аз келгенсип, эми минтип абаңдан да ажырап, кара кийип, жесир калып олтурам. Кара-Булактагы казактарда жүргөн Кадыраалы деген тууганыңар бар экен, ошол келип, бала кылып алчумун деп бөбөгүң Идристи алып кетти. Эми мында коколой кур башым калды. Кайгым көп, кагылайын, молдо бала. Мындан ары менин көрөр күнүм, ичээр суум эмне болот?

Андан аркы сөзүн айта албастан үнү буулугуп, башын төмөн салып, муңайып, унчукпай олтуруп калды.

– Жеңеке, эл-журт бар эмеспи, жерде калбайсың. Жаныңды кыйнабачы. Сага да буюрган бирөө турган чыгар, дегенимде:

– А, садага! – деп койду ал үшкүрүнүп. – Өмүрлүк жолдош бололу деп келип-кетишкен жигиттер да бар. Алардын эч кимисине макул болгонум жок. «Ага өлсө ини бар» дегендей, сен турганда кантип макул болсом болот?.. Же өзүңдөн уруксат болбосо... Айтсаң, кагылайын, бирдеңке деп...

Эмне деп жооп береримди биле албай калдым. Антпегенде кантем? Ак эткенде так этип, адал ниэти, ак жүрөгү менен мени минтип бир жылдан бери күткөн тура. Кандай кылсам болот? Эки тоонун ортосунда азыптозуп жүргөнүбүздө бизге ал бүлө болуп келгенин кантип унутам? Ачыбызга кайыл, тогубузга ыраазы болуп азап-тозогубузду бирге тартышкан жеңем да ушул эле го. Сейиилкан апам өлгөндөн кийин бөбөктөрүмдү жетимсиретпей алпечтеп баккан да ушул жеңем. Кантсем экен? Шордууну жетим тайлактай боздотуп мында жалгыз кал-

тырбай айтканына макул болсом кантет? Жок, жок, анткеним болбойт! Мындан ары карай да окусам деген нээтим бар. Өмүрлүк жолдош болуп, муну мында калтырып, өзүм кайдадыр бир жакта жүрсөм, ал турмуш – турмуш эмес да.

– Жеңекебай,– дедим бир кезде ага. – Айткан сөзүңүзгө түшүндүм. Мени күткөн экенсиз, аныңызга алкыш айтам. Бирок,– дедим, мукактана түшүп. – Капа болбоңуз. Чынымды айтайын: эгерде үйлөнө турган нээтим болсо, сизден башка эч кимге үйлөнбөс элем. Бирок андай ой азыр менде жок. Оюм эле окусам дейм. Күздө кайра бөбөгүм Абдыбекти алып Ташкентке окууга кетем.

– О, шордуу жаным! – деди ал үшкүрүп. – Бардык оюм, бардык тилегим сенде эле. Мындан ары сени менен кол кармашып, биргелешип оокат кылсам дечү элем...

Мууну бошоп, өңү бузулуп, андан аркы сөзүн айтууга кудрети келе албастан эки көзүнөн мончоктоп жаш кетти.

Ордумдан дароо тура келип, жеңемдин маңдай чачын сыладым:

– Жеңекебай, ыйлаба. Оюмду айттым го. Башка эмне дейин? Мен эми жөнөйүн,– дедим да тышка чыктым. Жеңем да көз жашын сүртүп, артымдан ээрчий чыга келди.

Улоочу жигит аттарды откозуп айылдын бир четинде турган экен. Ага аттарды алдырттым да, атыма миндим. Жеңем алга адымдап, колумду кыса кармап:

– Кагылайын, молдо бала, жазмыш ушул экен, кантейин. Кайда жүрсөң аман жүр. Кайыр, кош! – деди.

Жеңемди өтө аядым. Аяган менен эмне кыла алам? Асыл нерсемди айласыздан артымда калтыргансып,

коштошуп, арандан зорго алга таман бастырдым. Алыстай бергенимде кылчайып карасам, коңшулары аны курчап алышыптыр. Болгондо: «Канттиңер? Макул болуштуңарбы?» – деп андан сурап жатышкан чыгар.

Түш ооган чакта Коңурду ашып, наркы бетине түшүп, жылганын оозуна чыга бергенибизде бет алдыбыздан атын жулкунта бастырган казак жигити чыга келди.

– Кагылайын,– деди улоочу жигит,– ушуну токтотуп, атын минип, ойдогу орус кыштагына эптеп жетип ал. – Күн бата электе эртерээк мен кайра кеткендей болоюн...

Мен да ага «макул» дегенсип башымды ийкедим. Казак жигити жакындап келгенде аны токтотуп, «открыткамды» көрсөтүп, атын сурасам, жаман көзү менен акырая карап алды да, үнсүз-сөзсүз бурула бастырып кетип бара жатат.

– Ой, сен кайда бара жатасың? – дедим мен ага. – Мына бул «открытканы» көрдүңбү? Бер атыңды!..

Чылбырдан алдым.

– Түкүрдүм мен сенин «открыткаңа» десе болобу ал.

Колундагы жоон камчысынын сабы менен шак эттире мени колго чапты эле, эки көзүмдөн от чагылыша түшүп, тизгинден колумдун кандайча бошогонун өзүм да билбей калдым.

Какая бастырып ал жигит жылганы өрдөп кетти да калды. Колумдун сыздап ооруганынан да ошондогу ардanganымчы! Айла канча! Башымды шылкыйтып, кабак бүркөп, алга таман бастырдым.

Бир жерге келе бергенибизде алды жакта, көз учунда бактарынын баштарын кылайткан бараандуу кыштак көрүндү.

– Тигине, кыштакка да жетип калыппыз,– деди улоочу жигит колун серпип, ал жакты көрсөтүп,– эми мындан

ары жөө барсаң да болот. Атымды бер, эртерээк кайра кетейин.

– Ой, эмне дейсиз? – дедим, селт эте башымды көтөрдүм. – Куржун-кечемди кантем?

– Аны аркаңа көтөрүп аласың.

– Жок, антпеңиз. Мынча болду тиги кыштакка жетейин.

Ары айтсам да, бери айтсам да болбойт. «Бергин атымды, бергин» дегенден башканы билбейт. Алга бастыртпастан тизгиндеп алды. Мурда ал момун, жоош, коёндой коркок көрүндү эле. Эми андай эмес: кабагы чытылып, өңү бузулуп, кабанак иттей мени капканы турат. Ай-талаада, элсиз жерде «открыткамдын» да, өзүмдүн да алсыздыгымды билип, «бул ант ургур да элөөрүп кутурган экен, мындан да кордук көрө элегимде ушунчамда атын колуна берейин» дедим. Аттан ыргып түштүм да, куржунумду ээрден алып, чылбырын анын колуна карматтым.

Ошентип, кош кордуктун капшабына калып, арнамысыма келип, куржунумду көтөрүп, илкип басып олтуруп, күн бата кыштактын четине жеттим.

Үй алдында олтургучта олтурган орус карыясын көрүп, ага бурула басып, салам айттым да сельсоветтин кайда, кайсы көчөдө экенин сурадым. Карыя мени үстү-башыма, ийинимдеги куржунума чейин көз чаптыра карап алып сурады:

– И, балам, кайдан келе жатасың?

– Ташкенттен.

– Ташкенттен дейсиңби? – деди ал күлүп. – Мына кызык!.. Ошондон бери жөө келдиңби?

Болгон ишти айтканымда карыя мени аяп башын чайкады:

– Ай, ай, балам! Тилеги жоктор анда сага кордукту көрсөтүшкөн экен го. Сельсоветти сураганың да ошо тура. Ал ыраак: көчөнүн аягында. Андан көрө мында жакын жерде участковый милиция бар. Ошого баргын. Ал бизден алыс эмес: өтө жакын, экинчи көчөдө.

«Милиция» деген сөздү укканымда, издеген жогум табылгансып, кубандым. Токмоктогу милициядай, «открыткамды» көрсөтсөм бул да бирдеңке таап мингизээр деп ошол жакка бастым. Кечке жакын серүүндөп, аңгемелешип, эшик алдында олтурушкан абышка-кемпирлерди: «Бул кайдагы неме? Кайдан чыга калды? Кайырчыбы?» дедиртип, ит үрдүрүп жүрүп олтуруп, бир көчөдөн өтүп, экинчи көчөгө келсем, терезелери көчө жакты караган көк тунукелүү бир үйдүн дарбазасынын түбүндө эки адам сүйлөшүп туруптур. Бурула мага карашты. Бирөө орус жигити, экинчиси – казак. Орустун белинде тапанчасы, казагынын ийнинде илинген кылычы бар. Орус жигитти мен мурда бир жерден көргөндөй болом. «Кайдан көрдүм экен мен аны» деп бүшүркөп ага көз чаптырсам, тар жол, тайгак кечүүдө достошкон менин эски досум, орус жигити – Мусулманкул экен.

– Мусулманкул!.. Сенсиңби?..

Мусулманкул да элең-селең эте мени карап алды да, таанып, мени карай жүгүрдү. Экөөбүз кучакташа көрүштүк.

Бир кезде ал менин кучагымдан бошонуп, үй жагына бурула карап:

– Соня! Соня деймӏ.. Кел батыраак мында, тууганың келди, тууганың! – деди.

Соня да үйүнөн шашып-бушуп чыга келип мага карай умтулганда, энесине маарай жүгүргөн козудай, мен да «Сонялап» ага жетип, кучактай калдым.

...1916-жыл. Орто Азиядагы улуттук боштондук кыймылында Чүй өрөөнүндөгү, Ысык-Көл боюндагы эл үркүп, Кытайга карай жан соогалап качты. Биз да качып кетип бара жатабыз. Айылыбызда орус адамдары менен байланышы бар баякы Барыктабас досумдун атасы Атабек да үй-бүлөсү болуп биз менен качып бара жатат... Бир күнү орус уланы менен жаш орус аялы анын үйүнө пайда болду. Айыл-ападагылар сураштырса, алар ага тааныш боролдойлук орустардын улан, кызы экен. Өмүртилектерин кошконуна бир жылча убакыт болуптур. Зайыбынын алты-жети айлык боюнда да бар көрүнөт. Казакстан жагындагы тааныштарына барып, кайра тартып келе жатышканда, Коңурдун белинен козголоңчулар аларды туткундап, Кытайга алып кетип бара жатышканда Атабек угат экен да, атайын барып бошотуп, үйүнө алып келиптир.

Качкындар аны «Мусулманкул» деп атаашты. Тиги зайыбынын ысмы – Соня экен, аялдар аны антип айта алышпай «Сания» деп чакырыша турган. Көк-Мойнокто жашап турганыбызда суу техниги Николайдан бир кыш орусча окуп, орусча он ооз сөз үйрөнбөдүм беле. Тигилер менен таанышууга ошол сөздөрүм ишке жарады. Көчкөндө, конгондо дегендей, эртели-кеч алар менен орусча, кыргызча аралаштыра сүйлөшүп, жакындашып, достошуп калдым. Алар мага жылмая карап орусчалап бирдеңкелер айтышканда көпчүлүгүнө түшүнө албай арманда болуп өкүнчү элем. Ошондо эли-журтунан, ата-энелеринен ажырап, алыска – белгисиз жайга кетип бара жатышкан шордуулардын айтып бүтүргүс оор кайгыларын өңдөрүнөн эле байкачумун. «О, курган эмелер!» дечү элем өз ичимден аларды аяп. Бөтөнчө, көмүскө

жерде Соня көз жашын көлдөтө калганда Мусулманкул барып, чачын сылап, эркелетип, соорото кетчү. Алардын антип жатканын көргөндө мен да жандарына барып Соняга жалооруп карап, «Ыйлаба, кайрат кыл» дегенсип: «Не нада!.. Не нада!» – дечү элем. Менин антип кайгы-муңдарына ортоктошуп жатканыма алар ыраазы болуп, алмак-салмак бетимден мени өпкөндөрү эсимде.

Кытайга барганда качкындар көр оокаттын камы деп, чилдей тарап туш-туш жакка кетишти. Атабек болсо, бизден алыс бөтөн махаллага жайланып, мен аларды көпкө чейин көрө албай калдым. Келген-кеткендерден уктук: «Сания эркек бала төрөптүр, ысмын «Үркүн» коюптур деп. Мындан бир аз күн өтөөр менен эле:

– Караколдон Үч-Турпанга бир топ солдаттар келиптир, караван сарайга токтошуптур.

– Ооба, ошентишиптир. Мында туткундалып келишкен орус бүлөлөрүн жыйнап жатышыптыр.

– Мусулманкул менен Санияны да Атабек аларга алып барып бериптир,– деген кабар угулуп калды.

– Ка-ап! – дедим мен ошондо өкүнүчтө оозумду карманып. – Мен аларды эми такыр көрө албай калган экем го?

Коңшулаш качкындар аны-мунусун, көр-жерин сатышмакчы болуп базарды көздөй самсып жөө басып жөнөшкөндө, мен да аларга кошулуп базарга келдим.

Мына базар!.. Эл дегениң батпайт. Көпчүлүгү – качкындар. Керсары тартып, илкип, араң гана басышат. Сатуучулар көп, алуучулар аз. Алып келишкен буюмдарын жолдошторум сатышмакчы болуп базарды аралап басышканда, Мусулманкул менен Соняны көрөр бекем деп, караван сарайга бардым. Жарым-жартылай ачык

турган дарбазадан башымды кылтыйтып көзүмдү салсам, короонун ичи толгон адам. Бир жакка шыдыр жөнөп кетишчүдөй бака-шака түшүп даярданып жатышат. Ары-бери шашкалактап басышкандары да, аттарынын жал-куйругун тарап, ээр-токумун токунуп жатышкандары бар.

Кыдырата көз чаптырсам, бир бурчта топтошкон адамдар бар. Араларында аялдар да, балдар да тургансыйт. Эки солдат алардын буттарына өлчөп байпактык кийиз кесип ар кимисине берүүдө. Кимдир бирөө мени көрүп, какая тик тура калды. Карасам, ал менин досум Мусулманкул экен.

Ал да мени таанып жүгүргөн бойдон мага келди:

– Дорогой браток! Кайдан? Үйүңдөнбү? Бизди издеп келдиңби?

– Ооба,– дедим мен ага. – Силерди издеп коштошоюн деп келдим.

Тиги тургандардын ичинде Соня да бар. Шашкалактап ал да келди. Үстүндө кыргыздардын аппак тону. Ага баласын ороп-чулгап көтөрүп алыптыр. Тонду тааныдым: кыш күндөрүндө кие турган Атабектин тону. Көрсө ал аны жолдо баласы экөө үшүбөсүн деп берген экен.

– Айланайын, келдиңби сен бизди издеп,– деди Соня, дирилдеген үнү менен эңкейип бетимден өөп.

Экөө менен кол кармашып коштоштум. Ошондо өз агам менен эжем кайра келбес сапарга кетип бара жаткансып, муунум бошоп, ичим сыздап, дарбазадан кайра араң чыккан элем.

«Эки тоо көрүшпөйт, эки киши көрүшөт» деген ылакаптын төгүнү жок тура. Кытай жеринде ажырашкан досторумду эми минтип бул жерден жолуктурам деген ой

такыр менде жок эле. Мына эми күтүлбөгөн жерден аларды минтип көрүп, көрүшүп олтурам.

Мени ээрчитип үйлөрүнө киргизишти. Үйүндө үч жашар бала оюнчуктарын кармалап ойноп олтуруптур.

– Үркүн! Айланайын! – деди Мусулманкул балага. – Дядяң келди, дядяң! – деди.

Бала мени жалт карап алды да кайрадан оюнчугуна умтулду.

Баягыда Турпанда төрөлгөн баласы ошол экенин билдим да, так көтөрүп алдыма алып, бетинен өптүм.

Жайланышып олтуруп ал-жай сурашкан соң мен аларга болгон иштин баарын айттым. Жаңкы жолдо жолуккан казак жигитинен көргөн кордугумду айтканымда, Мусулманкул каарданып:

– О, доңуз!.. Ал ким болду экен? – Биз менен бирге кирип эшик алдында олтурган милиционер жигитке. – Сен анын ким экенин билесиңби? – деди.

Милиционер жигит анын тоодогу малына кетип бара жаткан казак байынын баласы экенин айтканда:

– Ошондой де! Анда, эмесе, байдын баласы байлыгын көрсөткөн экен. Таап кел аны,– деди ал ачууланып.

Милиционер кеткен соң Мусулманкул өзүнүн жайын айтты: Бир топ солдаты Үч-Турпанга барган Быков деген подполковник аны үй-бүлөсү менен башкаларына кошуп Пржевальскиге алып келиптир. Ысык-Көлдөн Боролдойго келип, Совет өкмөтү орногондо Алма-Атага барып, андан участковый милиционер болуп, мындагы кыштактарга дайындалыптыр.

Жатып калдык. Катуу уктап калган экем. Бир кезде көзүмдү ачсам, Күн да чыгып калыптыр. Тышта кобур-собур сөз угулат. Шашып-бушуп кийинип чыга келсем, дар-

база түбүндө кечээки мага тааныш казак жигити турат. Мусулманкул ага ачуулана колуп серпип, бирдеңке деп айтып жатыптыр. Жандарына барганымда кылчая мага карап алып:

– Бул уланды сен азыр атың менен Алма-Атага жеткизесиң. Уктуңбу? Же сени мен азыр камайынбы? – деди ал мени көрсөтүп.

– Жок, жок, антпеңиз. Макул, жеткирейин,– деди жигит.

Түрүнө карасам, анда кечээки «баатырдыктын» бири да жок. Андан жоош, момун, андан элпек адам жок сыяктуу. Айып менде дегенсип, оң колун бооруна алып, мени менен учурашымыш болду.

Эртең мененки тамактан соң Мусулманкул менен Соняга кат-кат ракматымды айтып коштоштум. Тиги жигиттин атына минип, өзүн улоочу кылып ээрчитип, андан ары Алма-Атага жете бардым.

## XVI

Верныйда ошол кездерде Фурмановдун катышуусу менен салтанаттуу түрдө мугалимдер курсу ачылыптыр. Ага жетекчилик кылган Галый Муратбаев экен.

Ал, 1920-жылы октябрь айында Москвада ачылган комсомолдун үчүнчү съездине делегат болуп барып, Владимир Ильичтин «Жаштар Союзунун милдеттери» деген тарыхый докладын өз кулагы менен уккан, революция жылдарында эмгекчи казак элинен суурулуп чыккан таланттуу, жалын жүрөк, жаш коммунист жигит эле. Ташкентте комсомолдун Туркестан Борбордук Комитетинин мүчөсү жана анын казак-кыргыз бөлүмүнүн башчысы бо-

луп иштөөчү. Курстун ачылышына байланыштуу ал атайын Ташкенттен келиптир.

Курстан окугандар окуусун бүткөндөн кийин Жети-Суунун ар кайсы айыл-кыштактарына тарашты. Алардын ичинде Кыргызстандан барган Максут Дыйканбаев, Зыйна Элебесова, Ибрай Абдрахманов, Мааданбай Байчекиров, Копобаев Мүсүралы деген жолдоштор да бар эле. Алар менен мен ошондо таанышкам. Октябрь революциясынын аткан таңы менен төрөлгөн, алгачкы кыска мөөнөттүк окуу жайынан окуп чыгып, эл агартуу ишине берилип, элге эмгектерин сиңирген алгачкы мугалимдерибиз боло турган...

* * *

Обком комсомол мага жолдук чыгымың, маянаң деп колума бир топ акча берип, Нарынга комсомол ишине жиберди. Арабага түшүп, алты күнчө жол жүрүп, Пишпекке жетип, Ташкенттен мени менен бирге келген досум Сайфуллинге токтодум. Ат таап минип, Нарынга жөнөмөкчү болуп жатканымда, күтүлбөгөн жерден эл дүрбөлөңдөп, дарак, дубалдарга Пишпек шаары «согуш абалында» делинген жарнамалар жабыштырылып калды. Көрсө, Алма-Атыда козголоң чыгыптыр. Аны биз кайдан билели. «Комсомолецтер, коммунисттер тезинен келишсин» деген жарнамаларды окуп, уезддик-шаардык партия комитетинин кеңсесине барган соң гана анын эмне экенин билдик.

Короонун ичинде коммунист, комсомолецтер болуп толгон эл. Курал-жабдыктуу атчан адамдар да тизилип бир четте турат. Алардын кимдер экенин сураштырсак,

Алма-Атага жардамга жиберилип жаткан комунисттер экен. Эл ортосуна бир адам чыга калып, Алма-Атада козголоң чыкканын, козголоңчулар крепостту ээлеп, андагы Совет өкмөтүнө чоң коркунуч туудуруп жатканын айтып келди.

– Кана эми, жолдоштор, жөнөгүлө, тезинен!.. Ташкенттен бизге жардамга куралдуу көп күч келе жатат. Ал да артыңардан барып калат,– деди ал?

Атчандар жөнөшкөн соң бизге мылтык берип, комендант тык ротанын карамагына өткөрүштү. Ал бизди топ-топко бөлүп, штабды, банкты, ар кайсы объектилерди кайтарууну тапшырды. Мындан бир-эки күн өтпөй эле Фрунзенин Ташкенттен жиберген куралдуу күчү да замбиректерин сүйрөтүп келип калды. Бирок ал Алма-Атада козголоң басылды деген кабар угулган соң, кайрадан Ташкентке кетти. Мен да бир ат таап минип Нарынга жөнөдүм.

* * *

Көк-Мойноктон өтүп, Ак-Өлөңдүн тушуна келе бергенимде эл үрккөндө мен үйүндө болгон эски досубуз Саадабайдын өз жерине келгенин уктум да, учураша кетейин деп ага барып калдым. Качкындардын көпчүлүгү өз-өз жерлерине эчак келишиптир, келип жатышкандары да бар экен. Кайсы бирөө – жер тамда, кайсы бирөө – алачыкта. Бирин-серин жайылган бодо мал, кой-козу, өкүргөн эшектер.

Саадабайлар Совет бийлиги орноор менен эле өз жерине келип, оңолуп, тыңып калышыптыр. Жандыктары да бар экен. Мурдагыдай болбостон үстү-башым

өзгөрүлүп калганбы, ал мени адегенде тааный албай барып анан тааныды.

– А, кокуй десе! Эми тааныбадымбы, карылык, балам, карылык!..

Жер-суусунан, мал-мүлкүнөн ажырап арып-ачып, тентип, чет жерде жүрүү оңойбу? Сакен карыйын деп калыптыр: сакал-муруту буурулданып, бели да бир аз бүкүрөйгөн. Анткен менен мурдагыдай акыл-эси өз ордунда экени анын айткан сөздөрүнөн улам билинип турат.

Аны менен аркы-беркини, өткөн-кеткенди козгоп көпкө чейин сүйлөшүп олтуруп, сөздүн ирети келе калганда баякы өзү үйлөнмөкчү болгон орус аялы Мария жөнүндө аңгеме козгодум эле, ал:

– О-о! – деп койду ууртунан күлүп, көкүрөгүн кере демин алып. – Балам, сен аны унуткан эмес турбайсыңбы?

Кайдан унутайын, ага үйлөнмөкчү болгонуңуз да эсимде.

Карыя санын чаап, каткыра күлдү:

– Үйлөнбөй калайын. Үйлөнүүнү мага ким коюптур, аны эптеп куткаруу үчүн болгон иш эле да.

Көрсө, Саадабай ага үйлөнбөптүр. «Мына, ана... эл тынчысын, дүрбөлөң басылсын, анан ага үйлөнөм» деп жооткотуп, акырында Кытайга качып бара жатканда, жолдо, Марияны баласы менен атка мингизип, тоо ашырып, суу кечирип алып жүрүп олтуруп, орус кыштактарынын бирөөнүн четине жете бергенде, аларды аман-эсен ага жиберип, өзү кайра көч артынан жөнөптүр.

Совет бийлиги орноп, чек ара ачылып, качкындар жөө-жалаңдап Каркырага келишсе, алда бара жатышкандар жактан: «Саадабай! Ооба, Саадабай! Аны билесиңерби?»

– деген кимдир бирөөнүн үнү угулат. «Мени издеген ким болду?» – деп кулак түрө башын көтөрсө, эң алдыда топ-тошо токтогондордун жанында кош ат чеккен бир араба турат.

– Тигине Саадабай,– дешет качкындар. – Арт жакта келе жатат.

Араба ордунан козголот. Үстүндө үч адам. Бирөө аял. Аялы жакындап келе бергенде обдула башын көтөрүп сурай кетет:

– Саадабай барбы араңарда?

– Бар, мына мен.

Саадабай элден суурулуп четке чыга келгенде, тиги аял да арабасынан ыргып түшүп, жүгүрө келип, аны кучактай калат. «Өңүмбү, түшүмбү» деп, эки көзү ала чакмактап:

– Кагылайын,– дейт Саадабай,– сен ким элең? Тааный албай жатам.

– Мен... мен, Саке, Мариямын.

Карыя аңгемесинин ушул жерине келгенде эмнегедир тили күрмөлүп, өңү бузулуп, унчукпай калды. Ким билет, ошондогу кездешүү көз алдына элестеп, карт жүрөгү толкунданып токтоно албай жатабы? Эки көзүн бирде ачып, бирде жумуп, ойлонгонсуп бир аз турду да мага кайрылды:

– Балам, кайсыны айтайын, өмүрүмдө көзүмө жаш алган адам эмес элем. Атасына эркелеген секелек кыздай ийиниме башын жөлөп, шолоктоп ыйлап турган Марияны көргөнүмдө денем коргошундай балкыды. Ошондо менин да көзүмөн мончоктоп жаш кетсе болобу. Жанымда жардана карап тургандар:

– Бышактабай мындай тур эми, биз да көрүшөлү Мария менен,– дешкенде гана бошонуп четке чыга бердим.

Улуу-кичүү дебей айылдаштарым да аны менен кол кармашып көрүшкөн соң:

– Кагылайын, уулуң кайда? – Аман-эсен барбы? – дедим мен ага.

– Бар, Саке, бар. Тигине, жаныңызда турбайбы.

Жалт карай салсам, күлүңдөп, баласы жанымда туруптур. Кудай мени урсачы! Кубанычка албырган курган жаным карбаластап баятан бери жанымда турган баланы байкабаптырмын. Чоңоюп калыптыр. Жоготкон жогум табылгансып, аны да кучактап өпкүлөй кеттим.

Эки ортодо болуп жаткан окуяга баятан бери көз жүгүртүп бир четте турган аскер кийимчен, сары мурут жигитти жетелеп келип, Мария:

– Саке, деди,– баягыда мен сизге айтпадым беле; армияга алынган күйөөм бар деп, ошол күйөөм ушул. Өткөн жылы согуштан кайтты. Таанышып коюңуз.

– Карыя, болгон иштерди мен Мариядан уктум. Достук, боорукерчилик менен үй-бүлөмө көрсөткөн жакшылыгыңызды биз эч качан да унутпайбыз. Рахмат, карыя, рахмат сизге, көп жашаңыз.

«Жылуу сөз жыланды да ийинден чыгарат» дегендей, жигиттин айткан жылуу сөзүнө төбөм көккө жеткендей болду. Караколдон Каркырага атайын мени издеп келишкенин карабайсыңбы? Бул эмне деген достук? Эмне деген кубаныч? Мен алардын көңүлүн көтөргүдөй жылуу сөз айтайын десем, толкунданып, апкаарып, оозума эчтеңке кирбейт. Рахматымды айтууга гана араң жарадым…

Андан ары иш мындай болуптур: Мария Саадабайга деп бир коюн, эки-үч кап унун арабасына сала келиптир. Коюн союп, унун качкындарга таратып беришет да,

ошол жерде бир күн өргүшөт. Ошентип Саадабайлар Мариянын жардамы менен кыйналбай-кысталбай өз жерине жетишкен экен.

Карыя сөзүн бүткөн соң:

– Саке,– дедим мен ага сөзүмдүн аягында,– сизден дагы бир нерсе сурагым келет.

– Сура, балам, сурагын. Билгенимди сенден мен жашырмак белем.

– Сурайын дегеним бул: Сизге коңшу Табылды деген бай бар эмес беле. Ошого биздин айылдын бир жаш кызы турмушка чыкканы эсиңизде бекен?

– Эсимде, балам. Аны кантип унутайын. Сакып-Жамалды айтып жатасың го?

– Ооба, Саке, ал эмне болду? Алар да мында келиштиби?

– Жок, балам. Үркүп бара жатканыбызда алар бир чоң кырсыкка учурап, ошол бойдон мен аларды көрө албай калдым.

... Биз Үч-Турпанга карай үркүп, Саадабайлар Текес жакка качышат. Ошондо Саадабайлар көчтүн эң алдында экен да, Табылдылар болсо артында экен. Чек арадагы Үргөнч дайрасына келе беришкенде, арт жактарынан падышанын жазалоо аскерлери кууп жетип, бир топ үй-бүлөнү колго түшүрүшөт. Ошолордун ичинде Табылды да болуптур. Жазалоо аскери аларды кайрадан Караколго айдап келип, ошол бойдон алардын эмне болгонун карыя биле албай калат. Кийинчерээк чек арадан кайтып Көл башына келишкенде сураштырса, Табылды айдалып келип камалып, түрмөдө жатып өлүптүр. Сакып-Жамалды болсо, шаардык бир татар жигити колуна алып, ага үйлөнүптүр.

– Бирок,– деп койду карыя ушул окуяларды айтып келип, өкүнгөнсүп, ага үйлөнгөн татар жигитинин ким экенин, кайда, кайсы көчөдө турганын биле албай калдым.

– «Эки төө көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген кеп бар эмеспи, Саке. Күтүлбөгөн жерден сиз менен минтип көрүшүп олтурам. Аман-эсен болсок, аны менен да көрүшүп калгым бардыр,– дедим мен ага.

– Ооба, кагылайын, аның ырас – деп койду Саадабай да башын ийкеп.

## XII

Экинчи күнү мындан жөнөп Нарынга жете бардым. Нарын ал кезде жалгыз көчөсү, сыңар ооруканасы, суу боюнда казармасы бар чакан шаар эле. Уезддик-революциялык аткаруу комитетинин председатели Янгулатов, уезддик-шаардык партия комитетинин секретары Мусабаев деген жигиттер экен. Документтеримди көрүп, эмнеге келгенимди билишти да:

– Иничек, келгениң жакшы болуптур. Кирише бер эми ишиңе,– дешти алар.

Мусабаевдин узун бойлуу, арык чырай Валий деген иниси боло турган. Шаардык жаштарды ал жакшы билет дешип, аны мага жардамчы кылып кошуп беришти. Экөөбүз жаштардын тизмесин түзүп, Мусабевге көрсөтсөк, ал текшере келип, айрымдарын өчүрүп, тизмеге ончактысын гана калтырды. Бардыгы тең шаардык жаштар эле. Кыргыздан бирөө да жок. Анткени, ал кезде шаар ичинде кыргыздар жокко эсе болчу.

Жыйналыш болор күнү кыргыз балдары көрүнөөр бекен деп көчө бойлоп бара жатсам, ишим оңой берди

болуп, бир кыргыз баласын көрүп калдым. Үстүнө кызыл чепкен, башына малакай тебетей кийип алыптыр. Оң колунда камчысы бар.

Көптөн бери көрүшпөгөн жолдошумду көргөнсүп, сүйүнгөн бойдон артынан кууп жетип, учурашып, ким экенин, кайдан келгенин сурадым, Кочкордон келиптир. Анда волревкомдун секретары болуп иштеп жүрүптүр. Аты-жөнүн айтты: Баялы Исакеев деген жигит экен.

Мен аны жаштардын жыйналышына ээрчитип бардым. Жыйналышты почто-телеграфтын ичине бир бөлмөсүнө өткөрүп, Нарын шаарында комсомолдун тунгуч уюмун уюштурдук: бюросун да шайладык. Баялы бюронун мүчөлөрүнүн бирөө болду. Оюм аны Нарында калтырууда эле. Бирок андай болбой калды. Кочкордо волревкомдун ишин жүргүзгөн сабаттуу адамдан ошол гана экен. Кайрадан аны өз кызматына жиберишти.

Мындан бир нече күндөн кийин Валий экөөбүз комсомол уюштуруу үчүн Ат-Башыга бардык. Нарынга караганда мында бизге көп жеңилдик болду. Анткени, мында мектеп ачылып, мектепте кыргызы, өзбеги, уйгуру болуп бир топ балдар окуйт экен.

Жыйналышты ачып, комсомолдун тарыхы, милдети жөнүндө айтып бердик. Ташкентте, Алма-Атада болуп өткөн жаштардын съезддеринде каралган маселелер жөнүндө да айттык. Комсомол уюмун уюштуруп, бюросун да шайлап, кайрадан Нарынга кайттык.

1920-жылдын июль айынын орто чени эле. «Бухара эмири бизге согуш жарыялаптыр»... деген кабар угулуп калды. Ал жөнүндө эл арасына түшүнүк бересиңер деп, бизди түндүк жактагы райондорго чыгарышты. Жанымдагы жолдошум орус жигити. Ал мындан мурда да бул рай-

ондордо бир нече ирет болуп, бакырып сүйлөгөндүктөн «Бакырчак төрө» аталыптыр.

«Бакырчак төрө» экөөбүз «Көк-Торпок», Солтонсары, Каракужур жайлоолорунда болуп, митинг өткөрүп, андан Кочкорго келдик. Түш ооган кез эле. Ошол күнү волревком кыштакта чоң жыйналыш өткөрүп жатыптыр. Ал жыйналышта Нарында комсомолго өткөргөн эски досум – Баялы да бар экен. Көптөн бери көрүшпөгөн эски досторчо, кол кармашып көрүшө кеттик.

Баялы бизди элге тааныштырды. Эң обол «Бакырчак төрө», андан соң мен чыгып, Бухарада болуп жаткан алабал жөнүндө, Бухара эмиринин бизге согуш жарыялаганы жөнүндө айтканыбызда, туш-туш жактан:

– О, байкуш десе! Биз менен согушууну ага ким коюптур?

– Өлө албай жүргөн неме го? – дешти көпчүлүк туш-туш жактан чуулдашып.

Жыйналыш бүтүп эл жай-жайына тараган соң, Баялыдан сурап калдым:

– Кеңсеңерге баралы эми. Айтыңызчы, ыраакпы мындан? Ал каткырып күлдү:

– Кайдан ыраак болсун, өзүбүз менен...

Анысына таң кала сурай кеттим:

– Эмнеге күлөсүз? Түшүнө албай жатам.

– Мына эми түшүнөсүз,– деди Баялы бурула карап колун сунуп. – Тигине биздин кеңсебиз, ат үстүндөгү куржунда.

Көрсө, волревкомдун председатели экөө кайда барса ошол жакка иш кагаздарын, мөөрүнө чейин куржунга салып өздөрү менен ала жүрүшөт экен.

Кочкордо үч-төрт күнчө туруп калдык. Орусу, кыргызы дебей жаштарын жыйнасак, көпчүлүгү орус кыздары экен. Жыйналыш өткөрүп, комсомол уюмун уюштурдук. Шарше Орунтаев деген уланды жооптуу секретарь, Лида Городецкая деген кара көз, кара каш орус кызын анын жардамчы секретары кылып шайладык.

Андан соң бюронун мүчөлүгүнө кимдерди шайлайсыңар деп сурадык эле: «Абдрасул болсун, Абдрасул» деген үндөр чыгып калды. Анын ким экенин сураштырсак: кыргыз экен. Кулактарга малай болуп иштеп жүрүптүр. Аны, ага кошуп Вера Гришкина деген кызды, дагы кимдир бирөөнү бюронун мүчөлүгүнө шайлашты.

Жыйналыш бүткөндө чуулдашып тышка чыгып, достуктун жышаанасын билгизип, колтукташып, көчө бойлоп бастык. Абдрасул кыягын жаңыртып тартты эле, ага өзүнүн жоон үнү менен «Бакырчак төрө» кошулду. Ырды билгенибиз да, билбегенибиз да аларга кошулуп, аларды коштоп, оозубузду ачып, ырдамыш болуп кетип бара жатабыз.

– Кайдагы үн?

– Эмне деген ыр? – дешип, көчө бойлорунда турган эл буга күлүңдөй карап турушту.

Кыштактагы жаш жеткинчектердин ызы-чуу болуп узатуусу менен жүрүп отуруп тоо этегине келдик. Жүгүрдүк, ойнодук, гүл тердик. Жай айынын жумшак жели биздин мунубузду куттуктагансып, жүзүбүздү аймалап, этек-жеңибизди желпип турду.

Үч-төрт күндөн кийин биз бул кыштактан кете турган болдук. Комсомолдор менен коштошуп, арабага түшүп, ордубуздан козголгонубузда:

– Токтогулачы, токтогулачы! – деген арт жагыбыздан үн чыгат. Бурула карасам, Шарше Орунтаев экен. Оң колуна малакай тебетейин кармап алыптыр.

– Курбум,– деди энтиге мага келип,– минтип биз достошуп калдык. Кыргыздын жакшы салты боюнча мен сизге ат мингизип, тон кийгизип чыгарсам болот эле. Анте турган менде чама жок, кедеймин. Жок дегенде мына бул тебетейимди кийип кет, досум.

Ак ниети, адал жүрөгү менен берип жаткан сыйлыгын кантип албай коем? Ракматымды айтып, тебетейин алып башыма кийдим да өзүмдүкүн ага кийгиздим.

Кочкордо салтанаттап жаштар уюмун уюштурганыныбызга кубанычта болуп Нарынга кайтсак, мында да чоң кубаныч болуп жатыптыр. М.В.Френзенин жетекчилиги менен биздин Кызыл Армия Бухара эмиринин талкаланын чыгарып, анда Совет өкмөтү түзүлүптүр.

* * *

Август айынын аяк чени. «Эми кечикпестен кантсем да Ташкентке окууга кетейин» деп, кызматымдан бошонуу жүнүндө Алма-Атага арыз жазып жибергениме бир нече күн болгон, бир күнү обком комсомолдон жооп келип калды. Анда, суроом боюнча мени бошотуп, менин ордума бир казак жигити жиберилгендиги жөнүндө жазыптыр. Окууну эңсеген курган жаным ошондогу кубанычым! Ал жөнүндө шаардык комсомол уюмуна барып айттым да, Чүй жагына бара жаткан адамдарга кошулуп, Пишпекке карай жөнөдүм.

Кочкор кыштагына келип кондук. Эртеси Шамшы ашуусун ашып аркы бетине түшкөнүбүздө жолдошторум

жай-жайына кетип, мен алкым жол менен тоо этектеп жүрүп отуруп Пишпекке жеттим.

Пишпекте ошол кезде Кабыл, Айжыбек, Самат, Садыбакас деген балдар да Ташкентке окууга бармакчы болуп, Төкөлдөш кыштагындагы Кийизбай деген карыянын үйүндө даярданып жатышыптыр. Баарынын тең аттары бар. Көрсө, алар ат минип барып, анан аттарын сатып, каражат камдап алышмакчы болушкан экен. Ишим оңдой берди болуп, алыскы жолго жолдош болорлук адамдар табылганын карабайсыңарбы? Өзүмдүн да ал жакка окууга бармакчы болуп атайын Нарындан келгенимди айтып, өз атымды минип алардын үстүнө келдим. Бөбөгүмдү да детдомдон чыгарып колума алдым.

Соодагер, көпөстөрдүн малдарын айдап, алда нече курдай Ташкентке барып кайткан, ал жактын жолун беш колундай жакшы билген Токтомуш деген адам балдарга баш-көз болуп алып жөнөмөкчү болуп жатыптыр. Ошентип эки күн өткөндөн кийин Кийизбай карыя менен кош айтышып, аттанып чыктык. Бөбөгүм Абдыбекти алдыма өңөрүп алдым. Чубаша бастырып жолго түшүп, батышка карай жөнөп калдык.

## Үчүнчү бөлүм

### I

Эмне кылган менен күз мезгили эмеспи, ой-тоонун чөбү бозомук тартып кубарып калган. Тоо этектерине, жыбыт-жылгаларга жайланышкан казак айылдарына конуп-түнөп кетип бара жатабыз.

Олуя-Атага жакындай бергенибизде катуу ооруп калдым. Башым айланып, жер-суу көчүп, кускум келип, ат үстүндө жүрө албайм. Конгон жерибизде онтоп, кыйналып, уктай албай чыгам. Кезек-кезек жөөлүй калып жолдошторумду да, конгон үйүбүздүн үй-бүлөсүн да коркуткан кездерим да болду. Айтор, кыйналдым, жолдошторумду да кыйнадым. Менин анткенимден улам бөбөгүм да коркуп «байкелеп» көз жашын кылгыртат. Эмне десем болот? Оюм ойго-тоого чабыттап, алды-артымды кандайдыр бир коркунучтуу нерсе тооругансыйт. Андан кутуларымды же ага тутуларымды биле албастан жаным кыйналгандан кыйналууда.

Бизге жол көрсөтүп, айылдан айылга кондуруп алып кетип бара жаткан баякы Токтомуш деген адамга:

– Токо! – дедим бир күнү айылдан аттанып жөнөй бергенибизде. – Токо, Олуя-Атага качан жетер экенбиз? Жетсек экенбиз батыраак... Өтө жаман кыйналып кеттим.

– Аз калды, уулум, чыдагын эптеп... Түшкө жетпей барып да калабыз.

– Анда, Токо, мени ооруканага калтыргыла. Аман-эсен айыксам, артыңардан барамын. Көрүп турасыз го, андан башка айла калган жок.

Токтомуш да, жолдошторум да буга макул болушту. Бирөө атымды жетелеп, экөө эки жагымдан жөлөп, мени алып кетип бара жатышты эле, башым айланып, жер-суу көчүп, ат үстүнөн учуп кете жаздадым. Тиги эки бала болбогондо, балким, мен жыгылып да кетет элем.

Эптеп шаарга жеттик. Жолдошторум көчө бойлоп бастырып, сураштырып жүрүп отуруп, оорукана
ны таап, мени ага жайлаштырышып, бөбөгүмдү атыма ороп-чул-

гап мингизишти да, кош айтышып жөнөштү. А мен болсом, эки көзүмдү жалдыратып ооруканада кала бердим.

Жалгыздык курусунчу!.. Жалгыз болсоң, анын үстүнө оорулуу болуп, бөтөн жерде тааныш-туунушуң жок минтип ооруканада жатсаң, ал бир барып турган азап тура. «Эмне болор экем? Айыксам го жакшы. Айыкпасамчы?.. Анда тиги кеткен бөбөгүм эмне болор экен? Куруйт ко ал!..» – деп аны да ойлоном. Ойлогон сайын оорума оору кошулуп, кыйналып, кош кайгынын кучагынан бошоно албайм.

Температурам 40 градустан ашса керек, көзүмө ар кандай шумдуктуу нерселер көрүнүп, жан алчудай арбайып-тарбайып жаныма жакындап келе жаткансыйт. Андан качкым, кутулгум келип, бакырып төшөктөн тура келген күндөрүм болду.

Ошентип алты-жети күндү өткөрдүм. Ырысым бар экен, бара-бара ысыгым тарап, оңоло баштадым. Керебеттен туруууга, палатада ары-бери басууга врачтар уруксат кылды. Айтор, ажалым жок экен, он беш күнчө ооруканада жатып, сакайып, андан чыктым. Эми кирге түшүп, Бурный станциясына жетсем, андан поездге олтуруп Ташкентке да жетермин деген тилек менен аны-мунумду салган куржунумду аркама көтөрүп алып базарга, андан караван сарайга келдим. Анда ар кайсы жактан келишкен арабакеч, жүргүнчүлөр көп көрүнөт. Бака-шака түшүп, арабаларына аттарын кошкондору да, жаңыдан мында келип жатышкандары да бар. Сураштырсам, Бурный жакка бара турган бир да арабакеч жок. Эмне кыларымды биле албастан башым маң болуп, ойго батып, чекемди тырмалап, эки жагыма көз чаптыра тура калсам, бир жерде кыргызбы, казагыбы, айтор, сакалчан бирөө

арабасына атын кошуп жатат. Балким, ушул киши Бурный жакка барып жүрбөсүн, билейинчи, деп жанына жакын басып келип сурай кеттим:

– Абаке, сиз кайда барасыз? Бурный жакка барып жүрбөңүз?

– Жок, балам, ал жакка барбайм. Таластан келдим эле, кайра элиме кетмекчи болуп жатам,– деди ал башын көтөрүп мени карап. – Балам, сөзүңө караганда кыргызсың го. Кайдан келдиң эле? Бурный жакка эмнеге бармакчы элең?

Мен ага кайсы элден экенимди, бир топ бала болуп Ташкентке окууга кетип баратып ооруп калып, ооруканада жатып чыкканымды, Ташкентке кетейин деп Бурный жакка бара турган арабакеч издеп жүргөнүмдү айтканымда, ал:

– Ошондой де, балам! – деп койду башын ийкеп. – Көрсө өңүң шапайып, арыктаганың ошол тура. Кантип окуй алар экенсиң?

– Эчтеке эмес, абаке, Ташкентке жетсем окуйм, эптеп...

Тиги киши оң колун Күнгө серепчилеп көк жакты карап алып, мага бурулду:

– Бүгүн кете албай калсаң, кайда конор экенсиң? Мында тааныш-туунуштарың бар беле?

– Жок, андай кишилерим, чайканаларга коном да.

– Антпе, балам. Мында Жумагулов деген бир кыргыз кызматкери бар. Ал бизге жакын тууган. Шаарга келген сайын аныкына болбой койбойм. Кечээ да болдум. Үйүндө чүйлүк бир аял турат экен. Жумагулов ага өзүнчө бир бөлмө үйүн бошотуп бериптир. Ошого барып кон, балам. Кеминдик экенсиң, сени ал куубас.

Жумагуловдун көчөсүн да, үй номерин да айтты. Көчөгө чыктым. Ошондо да, табылып калбасын, деп башка караван сарайларга барсам, ошол күнү Бурный станциясына кете турган бир да арабакеч табылган жок. Күн болсо кечтеп калды.

«Кой эми, убара болбоюн, эртең табылып калгысы бардыр. Бүгүн жаңкы киши айткан үйгө коноюн. Алжайымды айтсам, өз элимден келген экен деп ал мени куубас, кондурар», дедим да көчөгө чыктым.

Жумагуловду сураштырып олтуруп бат эле таптым. Салган жерден короосуна кире алганым жок.

Дарбазасынын калиткасын акырын ачып, башпактасам, короонун ичинде жашы онго жетпеген баланы ойнотуп бир аял турат. Андан мен жаңкы мен издеп келген кишимди сурайын деп, калиткасын кенен ачып киргенимде, тиги аял жалт карап алды. Ошондо көзүнө көзүм чагылыша түшкөндө, мен анын ким экенин тааныдым. Баягыда, Ат-Башыда арабага түшүп келе жатканымда, жол үстүндө таанышкан, андан кийин Ак-Өлөңдө мал кыштатууга катышууга келген казак байынын үйүндө жолуктурган – Зулайка экен.

– Зулайка! – деп алга таман умтулганымда ал да мени таанып:

– Кагылайын, сен белең? – деп мага карай жүгүрдү.

Экөөбүз ошол жерде кол кармаша көрүшүп жатканыбызда, биздин үнүбүздү укса керек, үйдөн жашы 35-40 чамасында, орто бойлуу бир аял тышка чыга келди.

– Эжеке, бул биздин элден болот. Мени издеп келиптир,– деди Зулайка ага, анан мага бурула карады. – Садага, бул менин эжем болот, таанышып кой.

Алга адымдап аны менен да учураштым. Аты-жөнүн да билдим, Айганыш деген аял экен.

– Үркүндөн бери көрө элек элем,– деп койду Зулайка күлүңдөп бирде мага, бирде тиги Айганышка карап,– чоңоюп, чоң жигит болуп калган тура.

Үйүнө киргизишти. Төрт бөлмөлүү үй экен. Бирөөндө олтурам. Кызматкериби, ким билсин, үйүндө дагы бир аял жүрөт. Зулайка ага жардамдашып, аны-мунусун кылышып, бирде үйгө кирип, бирде тышка чыгат. Көз жүгүртө карасам, мурдагысындай эмес: жүрүш-турушунда, сөзүндө, мамилесинде көп-көп өзгөрүштөр бар. Кымырынуу-кымтынуу деген азыр анда жок сыяктуу.

Үстү-башы да өзгөргөн, жаңырган. Башында тубар ак жоолук, бутунда жаңы сары батинке, үстүндө жеңил кара пальто. Айтор, аны көргөн адам качкындардын үй-бүлөсү дебестен, шаардык бир чоң кызматкердин зайыбы деп айтарлык.

Көк-Мойнокто мен көргөн казак күйөөсүнөн ал мында кандайча келгенин сурайын дейм. Бирок Зулайка тааныштырган жанымда олтурган жаңкы аялдан уялып, анын көзүнчө батынып сурай албадым.

Күн кечтеди. Бир кезде Жумагулов да кызматынан кайтты. Ээгинде чокчо сары сакалы бар, орто бойлуу, арык чырай, уезддик жер-суу бөлүмүндө иштеген адам экен. Менин ким экенимди айтып, Зулайка аны менен да мени тааныштырды эле, ал:

– Жакшы, жакшы, жердешиң турбайбы! Анда сени издеп келген экен го! – деп күлүңдөй мага карап башын ийкей, элдин үркүнү жөнүндө менден сурай кетти. Мен ага билгенимче жооп бердим.

Түн кирди. Чай ичилип, кечкм тамак желип, жатаар мезгил болгондо:

– Эми мен тууганымды өз бөлмөмө алып кетейин, ошондо консун,– деп Зулайка мени ээрчитип тышка алып чыкты.

Чыдай алганым жок, сурай кеттим:

– Зүкөш! Бул жакка качан келип жүрөсүң? Баякы мен көргөн казак күйөөң кайда калды? Же ал да мында келдиби?

– Кайдан келсин ал. Калды ошол жакта. Айтып берем анан...

Анын бөлмөсү мурда кандайдыр бир чоң байдын меймал үйү же ашканасы болгонбу, обочолотуп короонун бурчуна салынган бир бөлмөлүү үй экен. Ага жакындай бергенибизде Зулайка:

– Эми, кагылайын, сен ушунда тура тур, мен кирип төшөк салайын,– деди да үйүнө кирди. Бир кезде чакырганынан кирип барсам, Жумагуловдун үйүндөгү баякы аял да ошондо жүрөт. Бөлмөнүн бир бурчуна төшөк салып, ага күндүзү мен көргөн баланы жаткызып жатыптыр. Көрсө, бала ошонуку экен. Төр жагына жанаша салынган эки төшөк бар. Анын бирөөнү мага көрсөтүп, Зулайка:

– Жат тигинисине, кагылайын,– деди.

Төшөктүн анчалык өтө жакын салынганына кежигем кер тартып, уялып, үн катпастан туруп калдым. Менин анымды биле коюп:

– Болгондо уялып жатасың го. Антпегин, кагылайын, жакын жатып аздыр-көптүр сени менен сүйлөшөйүн дедим. Жат эми, жат! – деди ал.

Мени ээн-эркин чечинип жатсын деди окшойт, тиги аялды ээрчитип кайрадан тышка чыкты. Мен чечинип дароо жата кеттим. Тиги аял менен Зулайка да кайра үйгө кирип, шамды өчүрүп, өз-өз төшөктөрүнө жатып калышты.

Мени менен эми качан сүйлөшөөр экен деп, уктабастан кулак түрөм. Бирок ал эмнегедир сүйлөшпөйт: тынч жатат. Мына сүйлөшөт, ана сүйлөшөт, деп жатып катуу уктап кеткен экем, бир кезде чочуп ойгондум. Көрсө ал мени түртүп ойготуптур.

– Кагылайын, уктап кеттиң беле? Бурулчу бери. Эми экөөбүз сүйлөшөлү,– деди ооз учунан шыбырап. – Бая менден сурабадыңбы кандайча мында келгенимди… Айтайын, эми угуп тур.

Мындан эки жыл мурда, Көк-Мойнокто Зулайка менен коштошуп, түн койнун жамына суу кечип качамын деп сууга агып өлө жаздабадым беле. Ошондо атым көкүрөк, мойнун, куржун-кечемди шак-шак музга тоңдуруп кайра короосуна барганда, мени сууга агып өлгөн экен, деп ал ыйлаган экен. Ошонусун айтып келип:

– Ошенткем, кагылайын, ошенткем. Сенин убалыңа ошондо мен өзүм калгандай болгом. Өзүң көрдүң эле го: күйөөм улгайган киши эмес беле. Андан мен уялчумун. Билбейм, ошондо эмне болгонумду. «Баарын кылган сенсиң. Сен болбогондо ал минтип сууга агып өлбөйт эле» деп аны менен уруша кетсем болобу. Күтүлбөгөн жерден менде болгон мындай өзгөрүшкө байбичеси да, эрим да таң калышкан. Чыдап тура алганым жок. Буркан-шаркан түшүп тышка жүгүрүп чыгып, суу боюна барып, өксүп-өксүп ыйлагам. Антпегенде кантем? Бир элденбиз, туулуп-өскөн жерибиз да бир. Анын үстүнө экөөбүз

тең качкындардын уул-кыздарыбыз. Оюбуз, тилегибиз, көргөн азап-тозогубуз – экөөбүздүкү тең бипбирдей. Аларды кантип унутсак болот? Кантип бир-бирибизди жамандыкка кыябыз?

– Аның ырас, Зукеш,– дедим мен да башымды ийкеп.

– Угуп тур андан аркысын,– деди ал сөзүн улап. – Алар кайрадан өз-өз жерлерине көчө башташты. Эрим Сарсенбай да бел ашып, суу кечип, өз жерине келди. Байбичесинин мамилеси мага мурдагыдай болбостон өзгөрдү: кыйкымдап эртели-кеч мени жемелей, тилдей турган. Сатып алган күңүндөй жанымды тындырбастан күндүр-түндүр иштеткенин кантейин! Андай кордукка кантип чыдасам болот? Мен да жанмын го. Ура берсе, ит да ээсин кабат тура. Жаным кашайган соң, мен да ага тилимди тартпай каяша айта турган болдум. Ал андан бетер күчөп: «Селсаяк, тентиген, багалегимдеги бит элең, башка чыктың» деген оозго алгыс жаман сөздөр менен мени кордой турган. Ошондо «карайлаган там сүзөт» болуп, жардам болор бекен деп эрим Сарсенбайга даттансам, ал оозу-мурдун кыйшайтпай туруп мындай десе болобу:

– Эмне кылмак элем, мен аны? Токол деген ошондой болот. Байбиченин айтканына көнүп, айдаганына жүрө бер.

Ишенген кишиң, өмүрлүк жарың ошону айтса, күйбөгөн жериң күл болот экен...

Чынын айтсам, күнүм – түн, түнүм туңгуюк көргө айланып, эки жылча өмүрүмдү өткөрдүм. Мени аяшкандар да, байбичеге кошулуп жамандашкандар да болду. Кантейин, баарына чыдадым. Эптеп мындан бир жакка кетсем, качсам, деген тилек менде. Бирок качканда кайда качам? Кайда кетем? Ушул ойго келгенде, жарга каптал-

ган жолоочудай, эки жагымды каранып, эмне кыларымды биле албай, үшкүрүнө тим болом...

Күз мезгили... Эл жайлоодон жакага түшүп, өз-өз конуштарына конушкан кез. Эрим Сарсенбай да көчүп келип, азырынча ушундайлап коно турайын деп үйлөрүн тоо этегине кондурду. Жылга суусу айылыбыздан бир аз алыс эле. Андан эртели-кеч суу ташыйм.

Бир күнү байбиче мага кир жуудурмакчы болду, эки колума эки чака кармап, суу боюна жүгүрдүм. Жылга суусу ээ-жаа бербей күркүрөп-шаркырап катуу агып жатат. Эңкейип бир чакамды ага чөмкөргөнүмдө, агын суу колумдан аны жулуп кетсе болобу. Чакамдан ажырап, айылга кантип барсам болот? Элден уялам, анын үстүнө тиги тилеги жок байбичеден да тил укканы турбайымбы. Эмне кыларымды биле албастан чый-пыйым чыгып, чакамдын артынан суу бойлоп төмөн карай жүгүрдүм. Жылганын кире беришинде кечүү бар эле. Ары-бери өтүшкөн жүргүнчүлөр ошондон кечип өтүшө турган. Ишим оңдой берди болгону! Ошондо бир жигит атын сугарып жатыптыр.

– Кагылайын, абаке, бери жагында чакам агып бара жатат. Кармап бер аны, кармап!.. – деп жалбара ага кайрылганымда, тиги киши атынан дароо ыргып түштү. Суу бойлой жүгүрүп, өтүгү менен суу кечип туруп, чакамды кармап алып чыгып, колума карматты. Ыракматымды айтып, кылчая карасам, үстүндө боз шинели, белинде асынган кылычы бар жаш жигит экен:

– Карындашым, ким болосуң? Болгондо кыргызсың го? Кайдан мында келип калдың? – деди.

– Кыргыз экенимди кайдан билдиңиз? – дедим мен ага күлүп.

– Сөзүңүздөн улам…

Көрсө, бая мен чакам жөнүндө ага жалбара кайрылганымда кыргызчалап «абаке», «кагылайын», деп жиберген элем. Анткенимди мен өзүм да билбептирмин. Мына эми тиги жигит айтканда гана билип отурам. Адам баласы кантсе да, кайда жүрсө да, өз эне тилин эсинен чыгарбайт тура.

Экөөбүз ошол жерде маектеше кеттик. Андан эмнесин жашырайын. Башымдан өткөрүп жаткан оор турмушумду, көргөн азап-тозогумду, андан кантип, кандайча кутула албай жүргөнүмдү айтканымда:

– Карындаш! – деди жигит мага карай жылмайып. – Түшүндүм айтканыңдын баарына. Эмесе, сени мен бул азаптан куткарайын, кетесиңби мени менен?

«Сокурдун издегени эки көз» деп, менин издегеним ошол эмеспи.

– Атаганат! – дедим мен ага күлүңдөп. – Андай күн болсо менде эмне арман? Качан алып кетсеңиз да, мен даярмын.

Ошол жерде экөөбүз сөз байлаштык. Иңир түшүп, көз байланган кезде, суу боюна мен келмекчи болдум. Жигит да мени ушул ченден күтүп туруп, ала качып алып кетмекчи болду.

Эки чакама сууну чайпалта көтөрүп алып, үйгө кайттым. Сыр билгизгеним жок. Мурдагыдай күндөшүмө сурданбастам жылмая карап, жайдары, жакшы мамиле менен айткандарын иштей кеттим. Кол учума тийбей, кирлерин да шакылдата жууп жатам.

Сарсенбай өтө бай киши эле. Алты канат боз үйү бар. Жакага көчүп келгенде, ал ошол үйүн короодон четтетип тиктирген. Байбичеси экөө ошондо турушат. А ме-

нин жатагым болсо, ага жанаша тигилген кара алачык. Алачыгыма бир кирип, бир чыгып, эми күн качан батар экен деп анда-санда башымды көтөрүп, көк жакты карап коем. Кудайдын күнү ай, десеңчи! Демейде бат эле кечкире турган күн, ошол күнү эмнегедир жылбай калгансыйт.

Сарсенбай үйүндө жок эле. Кайдадыр бир жакка кеткен болчу. Күн уясына бата жаздап калган кезде, ал бир топ киши менен келип калды. Кой союлду. Кол учума тийбей от жагып, казан асып жүрөм. Менин арыма эрим да, тиги төрдө отурган байбичеси да өтө ыраазы болушканын билгизип, баш ийкешип, бири-бирине жылмая карашат. «Ооба, мен силерди жылмайтаармын» дейм өз ичимден. Казандагы сууну карамыш болдум да:

– Мындагы суу аздык кылаар. Эртерээк барып суу алып келейинчи,– деп үй ичиндегилерге угуза айттым да ордумдан турдум. Эки чаканы эки колума кармап тышка чыксам, төөлөр маталып, уйлар байланыптыр. Койлор да короодо эчак жуушаган. Айылдагылардын кимиси болсо да, малдарын эчак жайлап, үйлөрүндө олтурукташкандары көрүнүп турат. Короочу көк дөбөттүн кезек-кезек күрсүлдөп үргөнү гана болбосо, айлана жымжырт. «Кой, эми, турбайын, кетейин», деп алачыгыма кирип, керектүү буюмдарымды түйүнчөктөп көтөрдүм да, эки чакамды калтырып, кайрадан тышка чыктым. Акырын басып короодон узаар менен чымынкуюн болуп төмөн карай жүгүргөн экем, суу боюна кандайча жеткенимди мен өзүм да сезбей калдым. Болжошкон жерибизде тиги жигит мени күтүп туруптур. Дароо мени учкаштырды. Түйүнчөгүмдү да алып алдына өңөрдү. Атына эки-үч курдай камчы урду да, батышка карай бет ала жөнөп калды.

Зулайка аңгемесинин ушул жерине келгенде мен анын сөзүн бөлүп:

– Зукеш, айтыңызчы, анын ким экенин, аты-жөнүн билдиңизби? – дедим.

– Билдим, кагылайын, билдим, кантип билбей коёюн. Таластык Арстан деген жигит экен. Өз ыктыяры менен кызыл аскерге жазылып, Капал согушуна барып, ошол жактан келе жатыптыр. Элдеги курбу-курдаштарынан: «Атаң өлүп, энең да катуу оорулуу болуп, төшөктөн тура албай калды», деген кат-кабар алат экен да, жок дегенде энемди бир көрүп, бир ооз сөзүн угуп калайын, деп отпуска алып, үйүнө кетип бара жатыптыр. Бирок шордуу жигит, ал тилегине жете албай, энесин көрбөй калды.

– И, эмне болду?

– Бир кырсыкка учурап...

«Кырсык» дегени мындайча экен. Ар кайсы жерге конуп-түнөп жүрүп отуруп, Олуя-Ата шаарына жетип, караван сарайга токтошот. «Мен эми базарга чыгайын, караштырайын. Таластан тааныш-туунуштар келген болсо, сага мингизе турган ат таап кайтайын» деп Арстан Зулайканы караван сарайга калтырып, өзү базарга кетет. Бирок бир топ убакыт өтсө да, эмнегедир ал кечигет. «Эмне болду ага? Соо болсо эмгиче келет эле го деп Зулайка туталанып, бирде көчөгө чыгып, бирде караван сарайга кирип, эмне кыларын биле албай турганда, эки кызыл аскер Арстанды айдап келип: «Аттан тез, аттан!» – деп шаштыра кетет.

– Буларың ким! Сени кайда алып кетмекчи болуп жатышат? – дейт Зулайка коркуп.

– Кайра Капалга.

Көрсө, «аны согуштан качты. Тезинен кайра айдап жеткизгиле» деп Капалдан телеграмма келиптир. Шаардык согуш комиссары бир нече күн издетип, акыры келип бүгүн базардан таап, карматып, конвой менен кайрадан аны согушка карай айдатып жатыптыр.

– Кайыр кош, Зукеш! Мында бир жаңылыштык иштер болуп жатса керек. Болбогондо мага уруксат кылышкан болчу. Келем кайра, келем... – деп жигит Зулайка менен коштошкон экен.

Ошолорду айтып келип, Зулайка:

– Бөтөн шаар, бөтөн элде, тааныш-туунушсуз караван сарайда жалгыз калсаң, ал бир оңой-олтоң иш эмес тура – деп койду ооз учунан. – Барар жерим, коноор үйүм жок, «аңгектен качсаң дөңгөккө» дегендей, Сарсенбайдан качамын деп ушул түйшүк, ушул азапка дуушар болгон экем деп ыйлаган элем. Бирок адам баласы ый менен кайгысын жеңилдете албайт тура. Кой эми, андан көрө аракет кылайын дедим.

Жолдо келе жатканыбызда Арстандын мага айткан бир сөзү бар эле: «Олуя-Атада иштеген Жумагулов деген жигит бар. Таласка барып ал жыйналыш өткөрүп, мени кызыл аскерге жазып алган ошо киши» – деген.

Мына азыр ошол жигит эсиме түшүп:

«Табайын мен ошону, табайын. Болгон иштерди айтсам, ал мени талаага таштабас. Бир жерге жайлаштырар» деп түйүнчөгүмдү көтөрүп алып көчөгө чыктым. Сураштырсам, аны билбеген адам аз көрүнөт, издеп таптым. Мына эми бул үйдү өзүң көрдүң го, мурда шаардык байлардын бирөөнүн үйү болсо керек, минтип айланасы бийик дубал менен курчалыптыр, чоң дарбазасы бар. Короосуна батынып кире албастан жүрөгүм опкоолжуп

туруп калдым. Мага окшоп тентиген качкындардын аял-кыздары азбы? Ошолордун бирөөмүн го мен. «Кайдан келген эмесиң? Эмне кылып жүрөсүң?» деп сурап калышса, эмне деп жооп берем? Качкындардын кызымын десем, сага окшогондор мында да толуп жүрөт, дешип тескери карашса, анда кантем? Эмнеси болсо да көрөмүн деп дарбазаны ачып, короосуна кирип, андан ары басып, үйүнө кирип барсам, ишим оңдой берди болгону. Жумагулов кеңсесинен түшкү тамакка келип үйүндө олтуруптур. Ээгинде чокчо сакалы бар, орто бойлуу, илбериңки адам көрүнөт. Зайыбы Айганыш да боорукер, адамкерчиликтүү аял экендиги анын адегендеги мамилесинен эле байкалды. Экөө тең мени жайдары, жакшы кабыл алып, төрүнө отургузуп, ал-жайымды, ким экенимди сурай кетишти. Мен аларга ким экенимди, Алма-Ата жагындагы бай казакка токол болгонумду, андан кандайча бул жакка келгенимди, кандайча караван сарайда жалгыз калганымды айтканымда, Жумагулов:

– О-о! – деп койду башын чайкап, мени аяп. – Анда, карындашым, далай азапты башыңдан өткөргөн турбайсыңбы. Келгениң жакшы болуптур. Ким болсоң да, сага окшогондорго жардам бериш – менин милдетим. Кыйналбай эми мында эле тура бер. Бир жерге жайлаштырармын.

– Ооба ошент, кагылайын, ошент. Сени биз оордомок белек. Тигине,– деп койду. Айганыш, үйүндө жүргөн аялды көрсөтүп,– тиги Турдукан да баласы менен биздикинде туруп атат.

Турдукандын ким экенин билдим. Ал да мен сыяктуу бир шордуу качкындардын кызы экен. Көр оокаттын айынан Олуя-Атага чейин тентип барышыптыр. Эри өлүп,

он жашар эркек баласы менен көчөдө калганда Жумагулов баласы экөөнү өз үйүнө киргизип алыптыр.

Мен да алардыкында туруп калдым. Бирөөнүн үйүндө жатып бекер тамак ичээр, аяк бошотоор болушум уят да. Жумушун кылышам, кирин жуушам, тамак-ашын да бышырыша кетем. Андай кызматкерди ким жаман көрсүн? Жумагулов да, анын зайыбы Айганыш да мени жакшы көрүшөөр эле.

Турдукан да баласы экөө ушул үйдө жатып жүрүшкөн экен, мен да аларга кошулуп, ушунда жата турган болдум. Качкындарда эмне болсун? Экөөбүз тең качкынбыз. Айганыштын берген бирин-экин жууркан төшөнчүбүздөн башка эчтеңкебиз жок.

Бир күнү: «Кой! – дедим,– минтип бекерге мында жүрө бербейин, аракет кылайын, жок дегенде тамак-аш, жууркан төшөк таап кайтайын».

Анткеним, мындайча эле. Бая мен сага айттым го: Таластан келишкен адамдар Жумагуловдун үйүнөн үзүлчү эмес деп. Алардын өз ара сүйлөшкөн сөздөрүнөн улам Таласта «Карабаш», «Кызылбаш» деп аталган аттары уйкаш эки Кудайберген деген адам бар экенин билдим. Экөө тең бай, экөө тең манап, экөө тең болуш экенин да уккам. «Шабдан баатырдын арып-ачып Турпандан кайткан небере кызымын деп алдыларына бара калсам, алар мени жер каратпас, бирдеңке беришер...» деген ойго келдим. Бирок бул оюмду Жумагуловго айтсам, ал мени аларга жибербей койбосун, деп да корктум. Эмнеси болсо да башкача кылып айтып көрөйүн деп бир күнү ага: «Агай,– дедим. – Таласта такыр болгонум жок эле. Ал жакка барып элин да, жерин да көрүп кайтсам, дейм. Кандай дейсиз, сиз, буга?»

Эмне кылган менен Совет өкмөтүнүн кызматкери эмеспи. Боорукер, жакшы адам эле. Менин көөнүмдү калтыргысы келген жок:

– Мейлиң, карындашым, барсаң бар. Эл аралап, жер көрүп, бир аз сергип, көңүлүңдү ачып кайт,– деди ал.

Мени жалгыз жибергиси келген жок, жаныма бир жигитти кошуп берди.

Мингеним жорго чалыш жүрүшү бар күрөң ат. Токунганым Айганыштын ат жабдыгы. Булгаары тердик, булгаары жердик. Куюшкан, жүгөнү да ал коло жалатылган экен, жарк-журк этет.

Баарынан да үстүмдөгү кийим-кечемди айтпайсыңбы? «Айыл арасына бара жатасың, Зукеш. Бул кийимдериң менен барганың болбостур. Муну башыңа салып, мунусун үстүңө кий»,– деп Айганыш катылып жаткан тубар жоолугун башыма салып, баркыт чапанын үстүмө кийгизген. Мындан бир айча мурда, аяк кийимимдин жыртылганын көрүп, сатып беришкен кара батинке бутумда. Айтор, менин бул кийимдеримди, минип бара жаткан атымды көргөн адам: «Шаардык бир атактуу кызматкердин зайыбы го», деп айтарлык элем.

Үркүндөн бери өз алдымча атка минип, ай-талаада өз эркимче бастырганым ушул. Көзүмө айланам укмуштуу сонун. Көңүлүм көтөрүлүп, көөнүм ачылып, алга таман чу койгум келет. Баягыда жөөлөп-жалаңдап Турпандан келе жатканымда, казак күйөөмдө жүргөнүмдө ушундай болом деп такыр ойлогонум жок эле. Эми карабайсыңбы, эмне болуп бара жатканымды? Бул да болсо Совет өкмөтүнүн кызматкеринин жардамы менен таалайдын кулпусу ачылганы да.

Карабаш Кудайбергени Таластын баш жагында экен да, Кызыл баш андан берки ой жагында, суунун аркы өйүзүндө экен. Эң оболу аяк жагынан баштайын, деп жолдош жигитимди ээрчитип алып, Кызылбашына барып түштүм. Жагжайган сары сакалы, чачы-башы кызарган, богогу бар, ийни менен дем алган, семиз киши экен. Ошонусуна карап, эл аны «Кызылбаш» деп аташкан окшойт. «Бул ким болду? Кайдан мында келе калды?» дегенсип, башымдан бутума чейин ал да, зайыбы да, айылападагылары да таңыркай мени карашып, аттарыбыздан түшүрүштү. Үйүнө кирдик. жайланышып олтурган соң Кызылбаштын суроосуна ким экенимди, кандайча аныкына келе калганымды, шаарда бир чоң кызматкердин үйүндө турганымды айтып келип:

– «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн», деп турмуштан кыйналып-кысталганымдан сиздерди издеп келдим,– дегенимде, Кызылбаштын мурдакы бүркөлгөн кабагы ачылып, күлүңдөй түштү:

– О-оо кызым! Келгениң жакшы болуптур. Колдон келген жардам болсо боло жатар,– деди.

Эки күн жатып, үчүнчү күнү жөнөмөкчү болгонумда, Кызылбаш:

– Эми кызым, мынча келип калыпсың, сени кантип кур жиберейин. Кана, байбиче,– деди зайыбына карай колун шилтеп. – Жаңкыларыңды алып келчи мындай ...

Байбичеси дароо ордунан тура келип, жүгүнөн үч жууркан, үч жаздык алып, алдыма койду. Эшик алдында түрүлгөн бирдеңке турду эле, көрсө ал шырдак экен. Аны да алып алдыма таштады.

– Кызым, акчасыз шаарда жашоо кыйын экенин билебиз. Ме, муну да ал,– деп колума бир топ акча карматты.

– Анда, Зукеш, бир топ олжо менен кайткан турбайсызбы? – дедим мен анын сөзүн бөлүп.

Ооба, кагылайын ошенттим. Мени ага түрткөн жакырчылык, кедейчилик. Ошондой кылышка турмуш түрттү мени.

– Аның ырас, Зукеш. Бирок мындай иштер бардык эле кишинин колунан келе бербейт. Эмнеси болсо да, байлардан эптеп бирдеңкелер өндүргөн экенсиз.

– Ооба, садагаң. Антпесем мага, тентип жүргөн аялга чычкак улак да тийбейт болучу.

– Туура айтасыз. Мунуңуз акылдуулук. Баса,– дедим мен ага. – Берки Карабашына да бардыңызбы?

– Бардым ага да. Кара тору, кара чачтуу киши экен. Кызылбашта болгонумду узун кулактан угуптур. Андан да куру кол чыкканым жок. Бул үйдөгү жууркан-төшөктөрдүн көпчүлүгү ошолордон алгандарым. Эми, садага укта, калган-каткан сөздөрүбүз болсо, дагы да сүйлөшөөрбүз, – деди да тескери карап кетти.

Мындан бир жума өткөндөн соң, мен жөнөмөкчү болдум. Зулайка менин кийимимди жууп, кургатып, куржунумдун бир көзүнө салды. «Кагылайын, муну бөбөгүңө ала барып бергин», деп, экинчи көзүнө нан салып, мени узатып чыкты. Караван сарайга келсек, ишибиз оңдой берди болуп, Бурный станциясына бир топ жүргүнчүлөр кетип бара жатышыптыр. Алардын бирөөнө мени отургузуп:

– Кош, кагылайын,– деди Зулайка колумду кыса кармап, –тар жол, тар кечүүдө жүргөн кезибизде жолугушуп таанышып бир тууган болуп калдык эле. Ошонубузду унута көрбө.

– Унутпайм. Мага көп-көп жакшылык кылдыңыз, аныңыз да жүрөгүмдө түбөлүк сакталат,– дедим да, кош айтыштым.

## II

Өткөн жылы Ташкентте – курста окуп жүргөн кезимде, комсомол уюштурабыз деп казак-кыргыз инпросуна келип кеткеним бар эмеспи. Анын кайда, кайсы көчөдө экенин жакшы билем. Ташкентке келерим менен мен аны бат эле издеп таптым. Окуу эчак башталыптыр. Менин баякы жолдошторум – Ажыбек, Кабылбек, Окастар институтка алынып, окуп жатышыптыр. Бөбөгүм Абдыбекти да ошондо чыгар,  деп ойлодум эле, бирок ал жок. «Агасы ооруп жолдо калды. Келип калса, анын колуна берерсиң. Келбей калса, сен аны бала кылып ал»,– дешип алар аны эски шаарда жашаган бир өзбекке беришиптир.

Эмне дейли? Урушкан менен эмне пайда? Өз ичимден сыздап, өз ичимден күйүнүп, тим болдум. Атым жөнүндө сурасам, аттарына кошуп сатышыптыр. Өз көзүң болбогондон кийин, ойдогудай иш болчубу? Арзан сатышкан окшойт: азыноолак колума акча тийди.

Окуу эчак башталгандыктан «кечиктиң» дешип мени институтка алышпаган соң, анын алдында ачылган алты айлык мугалимдик даярдоо курсуна кирип калдым. Окуймун деп анчалык алыстан келип, окууга кире албай калсам, анда мен курубайт белем? Бул да болсо мен үчүн айтып бүтүргүс чоң бакыт да! Кубана-кубана жатаканага жайланышсам да, бардык оюм бөбөгүмдө. «Аны кантем? Аны кайда жайлаштырам? – деп олтурсам да, турсам да оюмдан ал чыкпайт. – Айтайынчы ал жөнүндө... Эмне

дешээр экен? Баланын ал-жайын угушса, ырайым кылышар мага. Мени менен бирге турууга уруксат кылгысы бардыр» деп, курстун мугалими Шамгалий Сарыбаевге айттым эле, ал:

– Ойбай, карагым» – деди чочугансып. – Оган неге кайгырасың? Алып кел бөбөгүңдү. Мында бизде инпростун алдында баштооч мектеп бар. Көрүп жүрсүң гой, сода окуп жүргөн балдарды? Соларга кошуп окутабыз аны,– деди.

Ооба, класстарга кирип-чыгып ойноп жүргөн балдарды алда нече ирет көргөнүм бар. «Булар мында эмне кылып жүрүшөт болду экен? Болгондо инпростун кызматкерлери менен, мугалимдеринин балдары го», деп ойлогом. Көрсө алар, жаңкы Сарыбаев айткан, баштооч мектептин балдары экен.

Мына бакыт десең! Өзүм да окууга кирип, бөбөгүмдү да ага киргизе турган болгонума, ошондогу кош кубанычка батканымды эч качан да унутпайм.

Ишти узакка созгонум жок. Бөбөгүмдү батыраак алып келмекчи болуп, жолдошум Кабылбекти ээрчитип, шашылган бойдон эски шаарга карай жөнөдүм. Ал кездерде жаңы шаардан эски шаарга карай, бир эле вагону бар трамвай гана жүрө турган. Ошого олтуруп, эски шаардын борборуна келип токтодук. Вагондон түштүк. Көчөдөн көчөгө өтүп, көчө боюндагы жалгыз аяк жол менен жүрүп олтуруп, бир киши сыярлык калиткасы бар короого келе бергенибизде, Кабылбек:

– Мына ушул үйдө бөбөгүң,– деп тык токтой калды.

Кирели десек, калиткасы ичинен бек экен. Такылдатсак: «Ким бу? Карачы барып...» деген аялдын үнү угулду. Тыңшап турсак, кимдир бирөө биз жакка акырын басып

келе жаткансыйт. Мына, калитканын ич жагындагы илмегин ачып, бир бала чыга келди. Карасам, бөбөгүм Абдыбек экен. «Садагам», деп мен аны кучактаганда, ал да мени «байкелеп» эки колдоп мойнумдан кучактай калды. Күлгө оонаган мышыктай (бети-колу, кийим-кечеси күл).

– Эмне, садага, мынчалык? Күлгө жыгылгансың го? – дедим мен ага.

– Ажэм мага очогунан тышка күл ташытып жатты эле.

«Ажэм» дегени – үй ээси экенин билдим да:

– Баргын ага, айткын байкем келди, кетемин дегин,– дедим. Бала сүйүнгөн бойдон үйгө карай жүгүрдү. Бир оокумда күлүңдөп кайра бизге дердеңдеп чуркап чыга келди. Карасак, бети-колу жуулган. Үстүндө чапан, эски шайы жоолук менен белин бекем курчап коюптур. Көрсө «Ажэси» аны жуундуруп, кийиндирип, узаткан экен.

## III

Кыш мезгили. Окуп жүрөбүз. Кезек-кезек казак тилинде коюлган концерт, зоок-кечелерине катышабыз, ырдайбыз, декломация да айтабыз.

Бөбөгүм болуп, мен жаткан палатада бизден башка да балдар бар. Көпчүлүгү казак. Узун бойлуу, чап жаак, чоң сары тону бар казак жигит да, арабызда боло турган. Ал да мени менен бирге мугалимдер курсунан окуйт. Таанаштым. Капал жагынан келген Ильяс Жансүгүров деген жигит экен. Ата-энеси эчак өлүп, тоголок жетим калып, байларга малай болуп, далай кыйынчылыктарды башынан өткөрүптүр. Ошондой болсо да айылдык молдолордон аздыр-көптүр окуп, эптеп сабатын жоёт. Оренбург-

дан казак тилинде чыга турган «Айкап» журналы колуна тийгенде, байга көрсөтпөй койнуна катып, кой жайып жүргөндө да аны окучу экен.

Ильяс бизден мурда туруп, терезе жакка бет ала олтуруп алып, ооз учунан күбүрөп, бирдеңкелерди кагазга жазаар эле. Чыдай албай бир күнү андан сурай кеттим.

– Агай, күн сайын сиздин үшүнтүп эле жазганыңызды көрүп калам. Эмне мунуңуз?

– Аңгеме, иним.

– Кандай аңгеме? Окуп берсеңиз, угайын.

Эртели-кеч сүйлөшүп, сырдашып, экөөбүздүн көңүлүбүз өтө жакын эле. Өтүнүчүмдү ал четке каккан жок, аңгемесин окуй кетти. Казак байына сатылган бир казак кызынын оор тагдыры жөнүндө жазыптыр. Мага ал ошончолук чоң таасир кылды. Кызды аяп, өз ичимден терең үшкүрүндүм да ойго баттым: «Ооба, бизде ушундай адилетсиздиктер азбы? Сакып-Жамалдын да көз жашын көлдөтүп, Айдаркан манап бир байга сатпады беле? Кытайга барганда кыргыз кыздарынын малча сатылганын кантип унутабыз? Баса,– дедим өзүмчө. – Кочкор кыштагында адегенде ашпозчуга, андан барып дунган байына сатылган шордуу Айымжан да бар эмеспи… Алар жөнүндө жазса, мындан да күчтүү болуп чыкпайбы».

Жазуучулук деген асмандан түшпөйт да. Бирөөдөн угуп, бирөөдөн көрүп, бирөөнүн жардамы, таасири аркасында болот тура. Кийин мен «Ажар» аттуу аңгемемди жазуумда Ильястын ошонусу мага чоң себеп болду.

* * *

Революциянын алгачкы жылдары эмеспи. Ички, тышкы душмандарыбыздын кесепетинен айыл чарбабыз, өнөр-жайыбыз чарпылып, турмушубуз өтө оордонгон кези эле. Тамак-ашыбыз өтө тартыш. Эртеңки тамагыбыз сууга бышырылган ботко. Түшкү тамагыбыз болсо, таруу же күрмөк себилген көк шорпо менен эки жүз грамм кара нан. Нандын жарым-жартылайын кечки иче турган чайыбызга калтырабыз. Антпесек, кечте карандай чайдан башка эчтеңке жок. Колунда тыйын-тыпыры барлар базардан нан-пан, аны-муну сатып келишип оокаттанышат. Анте албагандары кечкиге калтырышкан нандары менен өзөк жалгап, чай ичип тим болушат. Алардын ичинде биз, бөбөгүм экөөбүз да барбыз. Баякы сатылган атыбыздын акчасына кийим-кечек сатып алып, эчак эле жок кылганбыз.

Дем алыш күндөрүнүн бири. Сабагымды кайталап окуп, кроватымда олтурам. Бөбөгүм Абдыбек болсо, бөлмөгө кирип-чыгып ойноп жүрөт. Экөөбүздүн ортобузда тумбочкабыз бар. Кечке калтырган нанын алып келип ага каткан болучу. Ары-бери чуркап жүрүп курсагы абдан ачты окшойт, биз кезде эшиктен кирип, тумбочканы ачып, андагы нанды алып, четинен чымчылап үзүп жей баштады. Бая да ал ошентип нанынан жеп, кайрадан тумбочкага койгонун көргөм.

– Садага,– дедим мен ага башымды көтөрүп. – Эмнеге антесиң, үзгүлөп… Наның калбай калыптыр. Жеп кой эми, баарын…

– Жок, байке, наным анда түгөнүп калат. Кечте эмне жейм?

Жаш баланын берген ушул жообунан Ташкентте ошол кезде кандай шартта, кандайча кыйынчылыкта окуганыбыз даана көрүнүп турат.

## IV

Май айынын орто чени. Окуубузду бүтүрө жаздап калдык. Адабият сабагынын мугалими Хажим Басимов класска кирип:

– Карактарым! – деди кыдырата бизди карап алып.

– Мына эми мугалимдик курсту бүтө жаздап калдыңар. Кимдин кандай окуганын, эмнеге жөндөмдүү экенин биз, мугалимдер, билгибиз келет. Ал үчүн мен бүгүн силерге ойдон жазууну тапшырам. Ким эмнени кааласа, ошону жазсын. Айтор, билгениңерди, көргөнүңөрдү жазгыла…

Бардыгыбыз тең колдорубузга калем, кагазыбызды алып, жазууга кириштик. «Эмне деп жазсам?» деп ойго батып, жаагымды таянып туруп калдым. Ильяс баягыда аңгемесин мага окуп бергенде: «Мен да ушундай бирдеңке жазсам, ээ!» деп эңсегеним бар эмеспи. Ошол окуя эсиме түшүп: «Жазайын мен да ошондой, кытай жеринде сатылган кыргыз кыздарынын турмушунан…» деп, Ажардын энесинин мүрзөсүнө барып, көз жашын көлдөтүп, ыйлаган жерин жаза кеттим. Арт жагымда олтурган Ильяс да бирдеңкелер жазып бүтүп, ордунан туруп, мугалимге бергенде, мен да бүтүп, жазганымды алып барып бердим. Башкалары да берип жатышат.

Мындан эки күндөн соң кайрадан класска жыйналдык. Дөбө болуп алдына коюлган дептерлерди кармалап, мугалимибиз:

– Карактарым,– деди башын көтөрүп, баарыбызга кыдырата көз чаптыра келип,– жазгандарыңарды ынтаа коюп окуп чыктым. Тиешелүү баамды дептериңердин четтерине жазып, кеңешимди да айттым. Окуп көрөрсүңөр. Албетте, а деп жазылган нерсенин бардыгы тең ойдогудай жакшы боло бербейт, кемчиликтер болот. Бара-бара ал жоюлат. Бул иш, албетте, өзүңөрдөн. Ал үчүн көбүрөөк окушуңар, сабаттуу болушуңар керек.

Акыл-насаатын айтып келип, ал дептерлердин ичинен бирөөнү колуна алды.

– Ошондой болсо да айта кетейин: араңарда таланттуу, адабиятка өтө шыктуу адамдар бар көрүнөт. Мына мында,– деди колундагы жаңкы дептерди көрсөтүп,– байга сатылган кыздын оор окуясы жазылыптыр. Казактын төл сөздөрү менен сүрөттөлүп жазылган экен, мага жакты. Өтө кызыгып окуп чыктым. Муну жазган жолдош ушул ишин улатып жаза берсе, келечекте ал жазуучу болуп чыгарында күмөн жок. – Дептерди кайра столго коюп, экинчисин колуна алды. – Мында да бир кыздын энесинин мүрзөсүнө барганы, мүрзөнү кучактап ыйлаганы жазылыптыр. Жаман эмес. Бул да мага жакты,– дегенде тиги дептер Ильястыкы, мунусу меники экендигин биле коюп, ошондогу кубанганымчы!..

Күндөрдүн биринде:

– Алма-Атада казак-кыргыз инпросу ачыла турган болуптур.

– Ооба, ошентиптир. Мында окушкан жети-суулук балдар ошого көчүрүлөт экен,– деген кабар угулуп калды. Бара-бара ал чындыкка айланып, жети-суулук балдар, Ильяс, мугалимдерибиз – Шамгалий Сарыбаев, Хажим Басимовдор болуп, ал жакка кетмекчи болдук. Бир күнү жолго да чыктык.

Жүк ташуучу кызыл вагондорго тарала олтуруп, экиүч күн жол жүрүп, Бурный станциясына, андан киреге түшүп Олуя-Ата шаарына келип, кандайдыр бир мектептин короосуна токтодук. Зулайкага барып учурашып, Алма-Атага кетип бара жатканымды айтайын, деп Жумагуловдукуна барсам, анда ал жок. Капал согушунан баякы Арстан деген жигит аман-эсен келип, аны өз үйүнө Таласка алып кетиптир. Аны укканда:

– Болсун, болсун, бактылуу болушсун! Анда экөө кайрадан баш кошуп ырас болгон тура,– дедим да Жумагуловдор менен кош айтышып, кайрадан жолдошторума кайттым.

Пишпекке келгенибизде:

– Энди, карактарым,– деди мугалимибиз Сарыбаев,– биз барып жата турган жайыңарды, иче турган тамакашыңарды камдайлы. Ошондон кийин келгиле. Кабар кылабыз, ал жөнүндө силерге,– деди.

Үй-бүлөлөрү менен мугалимдерибизди Алма-Атага карай узаттык. Чүй боорундагы балдар жай-жайына тарашкан соң барар жерим, баш калкалар үйүм жок, бөбөгүмдү ээрчитип Жайнактыкына келдим. Токмокто ошол жылы жетим балдар үчүн интернат ачылган экен. Күзгө чейин деп ага бөбөгүмдү жайлаштырдым да, өзүм Жайнактыкында туруп калдым.

Шаарда татарча сүйлөшкөн аскерлер көп. Сураштырсам: «татар бригадасы» деп аталган аскер экен ал. Аны мен өткөн жылы Ташкентте да көргөм. Фрунзенин буйругу менен бизге жардамга «татар бригадасы келе жатат», деп кабар угулганда шаардыктарга кошулуп биз, курсанттар да аны тосуп, вокзалга чыкканбыз. Ошондо эки ортодо куттуктоо сөздөр болгону эсимде.

Андан соң аларды басмачыларга каршы жөнөтүлдү, деп уккан элек. Көрсө, басмачыларды таш-талкан чыгарышкан соң ал мында, Жети-Сууга келишкен экен.

Бригаданын бир полку Токмокко келер алдында, мында бир кокустук иш боло жаздап барып токтолуптур. Ал жөнүндө мен Жайнактан төмөнкүлөрдү уктум.

...Үч полктон түзүлгөн татар бригадасынын командири Тальковский, комиссары Чанышев деген адамдар экен. Алар биринчи полкун Пишпекке калтырып, экинчи полкун Алма-Атага узатып, үчүнчү полкун Токмокко жиберишет. Ошол кезде штабы Алма-Атада болгон 6-бригаданын Токмокко жайланышкан 18-полкуна: «Шаарды бошотуп, Нарынга карай жөнөгүлө» деген буйрук келет. Бирок ага полктун адамдары макул болушпастан, туш-туш жакка куралдуу адамдарын чыгарып, жол тостуруп, шаарга татар полкун да, башкаларды да киргизишпейт. Ошондо татар полку эки бөлүнүп, бир бөлүгү эски Токмокто калып, экинчи бөлүгү Кең-Булуңдан суу кечип, аркы өйүзгө чыгып, түн ката жүрүп келип жаңы базарга, андан аркы кара тоого бекинишет. Шаарга бет алдыра пулемёт, замбиректерин орнотуп, даярданып калышат.

Бул жөнүндө Жайнак адамын чаптырып, Пишпекке кабар кылдырган соң, уезддик ревкомдун председатели Мустафа Янгулатов, жер-суу реформасын жүргүзүү үчүн уполномочен болуп Алма-Атадан келген областтык ЧКнын председатели Эйхманс деген адам: «Андай болсо батыраак баралы; айталы, түшүндүрөлү. Эки ортодо бөйдөсүнөн кан төгүлбөсүн», дешип шашылыш түрдө, түн ката аттанышат. Булар да, чатак чыгарып жаткан полктун жол тостурган патрулдарынын көздөрүнө ча-

лынбайлы дешип, Кең-Булуңдан суу кечип, аркы өйүзгө чыгышат. Андан акырындап жүрүп келип, Токмоктун так тушунан суу кечип, шаарга кирип, волревкомдун кеңсесине келишет. Жаңкы чатак чыгарып жаткан полктун командири Петровду түнката чакыртып, полктун эмнеге антип буйрукка моюн сунбай жатканын сураштырса, иштин жайы мындайча болгон экен...

Ал кезде Токмок көчөлөрү тар, үйлөрүнүн чатырчалары камыш, казармасы жок, эли беш-алты миңден ашпаган кичине шаар эле. Ошондуктан жаңкы 18-полктун адамдары эки-үчтөн болуп шаардык бай, кулак, соодагердин үйлөрүнө таралып жайланышат. Албетте, андай чачынды аскердин арасы кайдан жакшы болсун? Аралары ажырым болуп, байланыштары үзгүлтүккө учурайт. Саясий-массалык иштери да начарланат. Анысы аз келгенсип, бир кыйласы өздөрү турган үйлөрдөгү кыздарга үйлөнүп үйүр алышып, ал үй – өз үй, өлөң төшөгү болуп калат.

Нарынга карай жөнөш жөнүндө Алма-Атадагы штабынан буйрук келсе да:

– Барбайбыз ал жакка. Турабыз ушунда эле,– дешип алар чуу көтөрүшөт. Башкаларын да үгүттөп, өз жактарына тартып, макулдатып, почта-телеграфты басып алышат. Шаарды айланта патрулдарын чыгарып, пулемётторун коюп: «Кана, эми келип бизди Нарынга карай жөнөтүп көрүшсүнчү! Кандай кылат экенбиз биз аларды» – дешип, салгылашууга даярданып калышыптыр. Албетте, өткөн жылы Нарындагы актардын козголоңунда алар менен астыртан байланышкан шаардык бай, кулак, антисоветтик элементтердин таасири да буларга тийген көрүнөт.

Полктун командири Петровдон ушуларды угушкан соң:

– Андай болсо,– дейт Эйхманс,– эң оболу кызыл аскерлердин ой-пикирин угалычы. Эмне дешээр экен? Митинг өткөрсөк кантет?

– Макул, ошентели,– дейт Мустафа да,– качан өткөрсөк болор экен? Түшкү тамактан соң өткөрсөк дейм. Ага чейин митинг жөнүндө бардыгына кабар кылалы: курал-жабдыксыз келишкендей болушсун.

Жайнак ордунан тура калат:

– Кайда өткөрөбүз аны? Айтыңызчы. Тезинен барып мен ага трибуна орноттурайын.

Кайда өткөрүү жөнүндө ары кетишип, бери кетишип, акыры келип базардын аянтында өткөрмөкчү болушат.

...Саат күндүзгү үчтөн өтө берген кез. Аянтка тигинден да, мындан да келип жатышкан кызыл аскерлер. Курал-жабдыктарын таштапаптыр, найзалары Күнгө жарк-журк этип колдорунда жүрөт. Араларында аялдар да жүргөнсүйт. Көрсө алар жаңкы, мында үйлөнүшкөн зайыптары экен.

Аянт аскерге жык толгон кезде, полктун командири Петров трибунага чыга келип, алар менен кеңешүүгө арысы Алма-Атадан, бериси Пишпектен келишкен, жанындагы советтик өкүлдөрдү тааныштыра келип, биринчи сөздү Эйхманска берет. Ал сөзүн Кызыл аскердин башынан өткөргөн укмуштуу тарыхы жөнүндө, ички, тышкы душмандарыбыздын таш-талканын чыгарып, Совет өкмөтүн кандайча чыңап, кандайча аны коргогону, баатырдыгы, эрдиги жөнүндө айтып келип, акырында:

– Кымбаттуу кызыл аскерлер, жолдоштор! – дейт чар тарапка көз чаптыра колун булгап. – Ошол баатыр жүрөк кызыл аскерлер ким? Мына бул турган силерсиңер. Ан-

дай болсо, силерге эмне болду? Эмнеге ээнбаштык кылып, буйрукту бузасыңар? Уят мунуңар, уят. Айткылачы оюңарды, кана, биз угалы!..

– Айтабыз, айтабыз...

– Себеби бар,– дешет туш-туш жактан чуулдашып.

Кимдир бирөө колун булгап:

– Биз мында үйүр алышып, үй-бүлө болуп калдык. Эч жакка кетпейбиз эми мындан.

– Ооба, ошентебиз...

– Ушунда эле тура беребиз,– дешкен үндөр да чыгып калат.

Янгулатов да чыдай албастан трибунага чыга келип, мындай дейт:

– Кымбаттуу кызыл аскерлер! Мунуңар себеп эмес, ээнбаштык. Жогорку командачы, жолдош Фрунзенин буйругун бузуу деген сөз. Бул кылыгыңар арысы Москва, бериси Алма-Ата, Ташкентке чейин угулса, эмне болосуңар? Ойлонсоңор боло ошону! – Полктун командири Петровго бурула карайт. – Жолдош командир, почта-телеграфты ээлеп алышты деп уктук. Токтоосуз бошоттуруңуз аны. Жол тостурган партулдарын да алдырыңыз.

Көпчүлүктүн ичинен кимдир бирөөнүн оронгдогон үнү угулат:

– Коркутпаңыз бизди антип? Корко турган биз эмес.

– Коркуткан жерим жок,– дейт Янгулатов ал жакка бурула карап. – Силерге жолдоштук иретинде алда боло турган иш жөнүндө айтып жатам. Аны билүүңөр, эскерүүңөр керек.

Ээрчий келишкен аялдары да: «Кетишпейт эч жакка, кетишпейт» – дешип туш-туш жактан чуулдашканда, трибунада турган командири Петров:

– Эмне чуулдайсыңар? Токтоткула мунуңарды! – деп ачуулана кыйкырганда, аялдардын жаактары жап болуп, айлана жымжырт боло түшөт. Командир сөзүн улап, Эйхманс менен Янгулатовдун айткандарын улантып, буйрукту токтоосуз аткаруу жөнүндө сүйлөп келип:

– Мен силерге алда нече курдай айттым эле го,– дейт ал,– буйрукту токтоосуз аткаруубуз керек деп. Араңардагы «кызыл кекиртектердин» тилине кирдиңер. Мына эми биз эмне болдук? Өкмөт алдында уят болуп олтурабыз. Антпегиле, жолдоштор. Буйрукту аткаралы. Шаарды бошотуп, Нарынга карай жөнөйлү.

Бирок «макул, жөнөйлү», деп эч кимиси айтпастан, бардыгы тең үңкүйүшүп, унчугушпайт.

Күн кечтейт. Эч бир натыйжага келише алышпаган соң митингинин уландысын экинчи күнгө калтырышып тарай баштаганда:

– Жолдоштор! – дейт Янгулатов добуш сала кыйкырып. – Дагы да мен сиздерге эскертейин, түнү бою жакшылап ойлонгула. Экинчи мындай иш болбосун. Бүгүнкүдөй минтип курал-жабдыгыңар менен мында келбегиле. Уктуңарбы, жолдоштор? Ошенткиле!..

– Антишпейт.

– Келишпейт эми мында,– дешип аялдары дагы да чуулдашканда, жанындагылар алардын үндөрүн тыйып, жай-жайына тарашат.

Ал кезде Токмокто мейман үйү жок да. Жайнак меймандарын үйүнө алып барып кондуруп, экинчи күнү аянтка келишсе, командири Петров эки-үч кишиси менен анда аларды күтүп туруптур. Аянтка эчак келишкендери да, келип жатышкандары да бар. Куралдары жок, өздөрү гана... Бирок аялдарын да калтырбастан ала келишкен.

Митинг кайрадан ачылаар менен:

– Макул болбогула, жолдоштор.

– Укпагыла тиги комиссарлардын сөздөрүн,– деген көпчүлүк ичинен дагы үн угулганда, Жайнак:

– Болду-болбоду, ушулар кечээки «кызыл-кекиртектер», деп Янгулатовго бурулат. Ал да башын ийкеп, жанындагы Эйхманска карап шыбырай сүйлөйт:

– Кандайча кылып булардын үндөрүн тыябыз?

Эйхманс бирдеңке деп жооп бергиче, экинчи бирөө кыйкыра кетет:

– Кетүүгө биз макул эмеспиз. Бекерге бизди убара кылбагыла, тараткыла бизди...

– Болуптур,– дейт ошондо Эйхманс. Эч жакка барбайт экенсиң, анда сен мында бөлүнүп чык. Ага кошулуп барбайбыз дегениңер да чыккыла... Эң оболу көрөлүчү канча киши экениңерди...

– Мына көрсөң! – деп баякы киши көпчүлүктөн бөлүнүп чыга келип, четтеп барып тура калат. – Кана, келгиле мында. Эмнеге турасыңар?

Тигинден да, мындан да 20 чакты киши топтон суурулуп чыга келип, ага барып кошулат. Бирок башкалары баштарын төмөн салып, шылкыйып, былк этпестен тынч тура беришет.

– Эмнеге турасыңар? Баргыла силер да, кошулгула тигилерге,– дешип аялдары туш-туш жактан чуулдашканда: «Сөз угузбай силерге эмне болду? Баскыла жаагыңарды!» – дешип айланасында турушкандар аларды тыйып коюшат.

Кыбыр эткен жан жок. Эч кимиси унчугушпайт.

– Эй, Кондратов! – дейт трибунада турган командир Петров кимдир бирөөгө колун серпип. «Эч жакка

барбайбыз» деп тескери баскандардын бири сен эмес белең? Эмнеге жер тиктеп турасың? Тигилерге барып кошулбайсыңбы, сен да?..

– Жок, жолдош командир, кошулбайм.

– И, эмне болду?

– Кайтадан ойлондум.

– А сенчи? – деп командир дагы кимдир бирөөнүн атын атаганда, ал да: «Кайрадан мен да ойлондум, жолдош командир. Натуура иштер кылып жаткан экенбиз»,– деп жооп кайтарат.

Ошондо кырка тизилип, жардана карап турушкан кызыл аскерлер каткыра күлүшкөндө, аялдары:

– Эмнеге күлөсүңөр?

– Баргыла, баарыңар кошулгула тигилерге... – дешет, чуулдашып.

– Эркектердин ишинде эмне жумушуңар бар? Жаагыңарды баскыла – дешет башкалары аларга ачууланып.

Ошондо Янгулатов:

– Бул биздин биринчи жеңишибиз,– дейт Эйхманс менен Жайнакка. – Темирди кызуусунда сок деген эмеспи. Дагы да бирдеңке дейин. Түшүндүрүп көрөйүн.

Кызыл аскерлерге бурула карап ал мындай дейт:

– Жолдоштор! Аскердик тартипти бузгандарды тартипке чакыруу – Совет өкмөтүнүн колунан келет. Аны өзүңөр да жакшы билесиңер. Эгерде буйрукту аткарбасаңар, анда силерди куралсыздандыра турган күч бар экенин да билесиңер. Айланаңарды карагылачы: шаарды бүт татар бригадасы курчап алды. Эгерде бул жактан шыбыш болсо эле качырып мында киришкени турат. Анда кантесиңер? Ошол жагын ойлонсоңор боло, жолдоштор. Силер эмгекчи элдин уулдарысыңар. – Үркөрдөй

болуп бөлүнүп тиги четте турушкандарга колун серпти.
– Тигилердин тилине кирбегиле. Алар өздөрү да бир кездерде жаңылыштарын моюндарына алышаарына биз ишенебиз. Койгула мунуңарды. Буйрукту аткаргыла, жолдоштор!..

Көпчүлүк эмнегедир жандана түшөт. Өз ара баш ийкешип сүйлөшкөндөй, кеңешкендей болушат. Көп кечикпей эле тигинден да, мындан да:

– Биз макулбуз…

– Аткарабыз буйрукту,– дешкен үндөр чыгып калат.

Көгөнгө тизилген бир топ койдой, тигинтип четте турушкан жолдошторунун жана антисоветтик элементтердин тилине кирип, чоң жаңылыштык иш кылышкандарын алар өздөрү да акырында түшүнүшкөн экен.

Экинчи күнү командири Петровдун командачылыгы менен полк бүт бойдон Нарынга карай жөнөгөндө, татар полку да шаарга кирип, жайланышат.

Ошентип коммунист жетекчилердин кыраакылык, этияттык мамилелери жалындуу, жакшы сөздөрү аркасында эки полк бөөдөсүнөн кагылышпай, кан төгүлбөй, чыр-чатаксыз орундарын алмаштырыптыр.

## V

Турсун эженин кайда экенин сураштырсам, ал шаарда жок экен, элге чыгып кетиптир. Быйыл кыш ичинде Олуя-Атада казак, кыргыз эмгекчилеринин тунгуч съезди болуп өткөнүн укканбыз. Ошондо айыл-кыштактарда «кедейлер комитети» уюштурулсун деген токтом чыгарылыптыр. Аны иш жүзүнө ашыруу үчүн Токмоктун волревкому да комиссия түзүп, адамдарын айылга чыгарып-

тыр. Айыл арасында кыз саткандар, калың мал жегендер, эки-үчтөн катын алгандар бар делинген кабар угулган соң, Жайнак: «Сен да бар. Аялдар теңдиги жөнүндө элге түшүндүр. Комиссияга жардамдаш»,– деп Турсун эжени да комиссияга кошкон экен.

Бир күнү Турсун эже айылдан келип калды. Учураштым. Ал мага айланып-үйрүлүп, жаны-маны калбай Ташкенттен качан келгенимди, кайда бара жатканымды, эми мында эмне кылып жүргөнүмдү сурай кетти. Болгон иштердин бардыгын тең ага айтып жатканымда, аскерче кийинген, шашылып баскан, татар жигити бизге кезигип калды.

– Турсун! – деди ал тык токтой калып. – Баякы балаңыз ишке жарады. Анын ойнун келип көрүңүз. Ойнубуз бүгүн кечки саат жети чамасында башталат.

– Макул, барайын, көрөйүн ойнуңарды,– деди Турсун эже да ага жылмая карап.

Жигит кеткенден соң анын да, баланын да ким экенин Турсун эжеден уктум. Татар полкунда маданий-массалык иштерин жүргүзгөн адамдардын башчысы Османов деген жигит экен. Алар шаардык клубда татар тилинде кезек-кезек гармон тартып, ырдашып, бийлешип, ар кандай оюндарды көрсөтүп турушуптур.

Андай зоок-кечеге кумарданган шаардыктарга кошулуп, Турсун эже да алда нечен курдай барып, тигилердин ойнун көрүп, жаңкы Османов деген жигит менен ошондо таанышат. Эмне кылган менен эжебиз волревкомдун кызматкери, жергиликтүү элден эмеспи. Шаардыктардын баарын ал жакшы тааныйт. Андай адам экенин билишкен соң, оюн коюшаарда эмне керек болсо, Турсун эжеге айтышкан. Ал да алардын сурагандарын таптырып берип туруптур.

Күндөрдүн биринде полктун адамдары бир көшөгөлүү спектакль коймокчу болушат. Бирок ага бир бала керек болуп, аны кайдан табаарын биле албай, Османов Турсун эжеге кайрылат. Ал ошол замат аны интернатка ээрчитип барып, анын башчысы менен сүйлөшүп, оюнга жарарлык бир баласын бердирет. Көрсө Османовдун жаңкы «бала» дегени да ошол бала экен.

* * *

Турсун эже, Жайнак, анын зайыбы Фатима болуп залда олтурабыз. Эркек-аял дебей залга жык толгон. Бир кезде сахна ачылды. Аңчылык кылган адам болсо керек, колуна сундура мылтык кармаган бирөө сахнага чыга келип, эки жагын элеңдеп карай кетти. Кээде өбөктөп өңүп, кээде ата турган өңдөнүп, мээлеп олтура калат. Мына эми атат экен десек, жок, эки көзүн ушалап, шашып-бушуп кайрадан ордуна тура келет.

Ошентип элди күлдүрдү да, бир нерсени көргөнсүп, кубанып, мылтыгын сундура кармап, сахнанын далдоосуна кире бергенде, эки-үч курдай тарс-турс дей түштү. Аңгыча болбой ал жактан бир бала жүгүрүп чыга келди. «Баягы мен сурап алып берген бала ушул»,– деп койду аны көргөндө Турсун эже.

Баланын колунда эски калпак бар. Эчактан бери тал түбүндө жаткан эски калпакты мергенчи өрдөк экен деп алда нече курдай атканын айтты да:

...Олдоксон мергенчи,
Обу жок ишти койсоңчу!
Огуңа минтип тешилген,

Мына, мына, мына
Шляпаны көрсөңчү!..

деп, шляпанын тешиктерине бакмактарын тыгып, желпинте жогору көтөргөндө, залда олтургандар каткыра күлүп калышты.

– Жарайсың, балам, жарайсың,– деп койду Жайнак да күлүп, «көрө-көрө көсөм, сүйлөй-сүйлөй чечен болот» деген кеп бар эмеспи. Бул жетим бара-бара жетилип, атактуу артист болуп кетиши этимал.

## VI

Бир күнү Пишпектен Мустафа Янгулатов келип калды. Аны менен мен өткөн жылы комсомол уюмун уюштурам деп Нарынга барганымда таанышкам. Ошондо барган жумушум жөнүндө ал мага көп-көп жардам көрсөткөн. Анысын ал унутпаптыр. Окуугa деп Ташкентке кеткенимди да ал жакшы биле турган. Окуум жөнүндө, ал жактан качан мында келгеним жөнүндө сурап келип, өзүнүн кызматын да айта кетти. Көрсө ал Пишпекте шаардык-уезддик ревкомдун председатели болуп иштейт экен. Алма-Атадан жиберилген Эйхманс экөө кечээ жакында, март айында Токмокко да келишиптир. Жайнакты жандарына алышып, айыл-кыштактарга чыгып, жазгы кош айдоо кампаниясына кошуп, жер-суу реформасын да жүргүзүшүптүр. Бай-манап, кулактардын ашык жерлерин, артык баш соко-шаймандарын кедей-кембагалдарга алып беришиптир. 1919-жылкы козголоңго байланыштуу, законсуз ээлеп алынган жерлер болсо, аларды да кайрадан дыйкандарга кайтарып бердиришиптир. Жайлоого көчө турган жол бойлоруна бай, кулактар заемка

куруп, ал жерлер менен көчтү да, малды да өткөрүшпөй коюшкан экен, заемкаларын алдыртып, жол бошоттурушуптур. Ошентип Совет өкмөтүнүн интернационалдык саясатын колдоно барып, революциялык жол менен жер-суу реформасы жөнүндө алар пайдалуу көп-көп жакшы иштерди иштешиптир.

Мына эми ошондогу иштеринин натыйжасын өз көзү менен көрмөкчү, билмекчи болуп Янгулатов кайрадан мында – Токмокко келген экен.

Жайнак мейманын эч жакка жиберген жок. Урматтап, сыйлап ашын берип, үйүнө кондуруп койду.

Экинчи күнү мен эрте туруп самоор коё кеттим. Жайнак менен Янгулатов да ойгонуп, орундарынан турушуп, жуунушуп, короого чыгып, аңгемелешип ары-бери басууда. Токмоктук ЧКнын председатели коңшу короодо турат экен. Янгулатовдун мында келээрин угуп, учурашайын десе керек, дарбазадан кирип, аны менен саламдашып, учурашып жатканда, самоорумдун шакылдап кайнап жатканын көрүп, Жайнак аларды чай ичүүгө чакырып үйүнө алып кирди. Мен да самоорумду көтөрүп үйгө алып кирмекчи боло бергенимде, күтпөгөн жерден көчөдөн кирген бирөө жаныма келе калганы:

– Жаңкы комиссарлар ушундабы? – деди ал ороңдоп.

– Сизге ким керек эле? – дедим мен ага.

– Айттым го, комиссарлар керек деп.

Анын кыйкыра сүйлөгөн сөзүн угуп Жайнак да тышка чыга келди:

– И, эмне мынчалык? Ким керек эле сизге?

– Жаңкы, мындагы комиссарлар. Зарыл жумушум бар.

– Жумушуңуз болсо, кеңсеге барыңыз. Биз да мына азыр барабыз. Ошол жерде сүйлөшөлү.

– Жок, жок, анте албайм. Азыр айтам. Шашып жүрөм.

Бир жактан бизге жумуштап атайын келген адам го, анын сөзүн угалычы, деп Жайнак аны үйүнө алып кирди. Орто бойлуу, чоң мурун, толмоч келген, жашы 40-45тер чамасында адам экен. Таң атпай жатып аябай ичкен көрүнөт, оозунан арактын жыты буркурайт, бети-башы кызарып, өзүнөн өзү оолжуйт. Башындагы кепкасын колуна алып саламдашымыш болду да:

– Билесиңерби, менин ким экенимди? – деди ал салган жерден. – Мен, мен... атактуу Котляров деген адам болом.

– Болуптур анда, мындай олтуруңуз? – деп Жайнак ага орун көрсөттү эле, ал ага барып олтурду. Башын эңкейтип, ойлонгонсуп бир аз турду да, кайрадан сөзгө келди:

– Киминер болосуздар, жаңкы Пишпектен келген чоңуңар?

– Мына, мен болом, жолдош. Арыз-муңуңуз болсо айта бериңиз,– деди Янгулатов.

Тиги киши ага жалт карап алды:

– Ошондойбу? Андай болсо айтайын, ошентейин, эмнеге, жаңкы... жер-суу реформасы дейсиңерби? Эмнеге аны чыгарып алгансыңар? Короо-жай, заёмка жасап жайланышкан жерлерибизди эмнеге башкаларга алып бересиңер? Ошону мен билгим келет.

– Билгиңиз келсе, мындай,– деди Янгулатов ага,– ал жерлер өз ээлерине – кедейлерге берилди. Алар жерсиз калбасын, отурукташсын деп, Совет өкмөтү өздөрүнө кайтарып берүү жөнүндө токтом чыгарды.

– Чыгарса чыгара берсин. Аны аткарбай коюуга да болот. Себеби бар.

– И, себеби эмне экен? Айтыңызчы, угалы.

– Себеби мындай,– деди ал акырая ага карап,– Кудай аларга мал багууну буюрган. Жүрө берсин, алар малдарын багып… Жердин кереги эмне аларга?

– Сиз өзүңүз ким болосуз? Эң оболу ошонуңузду айтыңызчы, билели,– деди Жайнак да ага таңыркай карап.

– А, билбейт экенсиңер го,– деди тиги короздоно башын көтөрүп. – Атагы чыккан маляр-уста мен болом. Мындагы сары чиркөө бар го? Аны түрлөнтүп сырдаган, кооздогон, сүрөттөрүн тарткан – мына мен. Мен ошондой адаммын. – Эмнегедир ал унчукпай калды. Бир оокумда барып кайрадан сөзүн улады. – Мен сиздерге айттым го: Кудайым кыргыздарга мал багууну… – деп, ал мурдакы сөзүн кайталап айтмакчы боло бергенде, жаңкы шаардык ЧКнын председатели ачуулана ордунан ыргып тура:

– Эмне деп былжырайсыз? Токтот сөзүңдү! Тур ордуңдан! Жүргүн мени менен бирге. Сүйлөшөбүз экөөбүз, кеңсеге барып… – деп жакадан алып ордунан тургузду да, колтуктаган бойдон тышка алып чыгып кетти.

Ошол күнү кечке жакын ЧКнын председателинен угуп калдык: эртең мененки ээрчитип алып кеткен кишиси Совет өкмөтүн жек көргөн бай, кулактардын агенти гана болбостон – ой-тоого чыгып, элди коркутуп, мал-мүлкүн алып, эки курдай түрмөгө түшүп чыккан, кийинки кылмыштары үчүн дагы да кармала турган болгондо, качып карматпай жүргөн бандит экен. Андан көргөн элдин азап-тозогу, кылмышы аны кубантпаптыр; айдап келип мына эми минтип аны өкмөт колуна салып бериптир.

Экинчи күнү Жайнак менен Янгулатов элге чыкмакчы болушканда:

– Жаке,– дедим мен Жайнакка,– кайра качан кайтаар экенсиздер?

– Бир топ күнчө болобуз го дейм. Бара турган жерлерибиз көп. Эмне, бир нерсе айтайын дедиң беле?

– Ооба, Жаке, мен мында бекерге жата бербесем дейм. Бир жерде иштеп, кыштык каражат таап алсам жакшы болгон турат.

– Аның жакшы. Анда кандай кылсак болор экен? – деди ал. Ойлонгонсуп, чекесин тырмалап бир аз турду да, мындай деп сөзүн улады. – Шаарда иштесең, ысыкка какталып, куруйсуң го. Өзүң да өткөн жылы оорупсуң. Карабайсыңбы, арыксың... Кой, сени мен жайлоого жиберейин. Азыр эл окуунун эмне экенин түшүндү. Бала окуткун барып... Таза аба. Оңолуп кайтарсың. Аздыр-көптүр тыйын-тыпыр да табылат.

– Анда кайда барсам болор экен?

Жайнак кечээ жакында Чоң-Кеминде болгонун, андагы бирин-серин мал күткөн эл Көк-Ойрок жайлоосуна көчүшкөнүн айтып келип:

– Сени мен ошол жакка жиберейин. Өз элиң экен, кучак жая каршы алып, балдарын да жыйнап беришээр. Окутаарсың аларды. Баса, «узун ээк Алике» деген карыяны көрдүң бекен?» – деди.

– Көргөнүм жок эле. Бирок Үч-Турпанда болгонумда анын ысмын укканым бар.

...Кыш айларынын бири. Үч-Турпандабыз. «Караколдон мында начальниги болуп бир топ солдат келиптир. Доотайга айтып, козголоң чыгарган качкындардын башчыларынан бир нечесин карматып алып, кайрадан Караколго айдап кетишиптир. Алардын ичинде узун ээк Алике да бар экен...» деген кабарды да уккан элем.

Алике жөнүндө ошондогу укканымды айтканымда, Жайнак:

– Анысын Алике карыя мага да айткан. Каракол шаарына айдалып келип камалып, февраль революциясынан кийин гана бошонуп, андан кайра Турпанга барат. Андагы качкындарга өз-өз жериңерге кайрадан көчкүлө» – деп, революция жөнүндө жар салып биринчилерден болуп айылы менен Чоң-Кеминдин дыйкандары аны кучак жая каршы алышып, эгин-тегин, унаа-күчтөрүнөн жардам беришкенин да мен ошондон уккам. Эми мен ага кат жазып берейин,– деп олтура калып, алакандай кагазга кат жазып, колума карматты.

Катты алып коштоштум да, базардагы магазиндерге келдим. Элет жеринде эмне бар дейсиң? Эмнеси болсо да өзүм менен бирге ала барайын, кереги тийип калар, деп бир нече дептер, карандаш, керектүү китептерди сатып алдым. «Эми бөбөгүмдү көрө кетейин, кантип жүрөт болду экен?» – деп интернатка келсем, бөбөгүм андагы балдар менен үйүр алышып, достошуп калыптыр. Жаныма чакырып алып, бетинен өөп, элге кетип бара жатканымды, ал жактан бат эле кайра келээримди айттым да жөнөп кеттим.

## VII

Новороссийка селосуна келгениме мына бүгүн эки күн. Селосуна кайда, кайсы көчөсүнө барсам да орусу, кыргызы дебей маектеше баш ийкешип, каткыра күлүшүп, сүйлөшүп олтурушкандарын көрөм.

– Орус элиндей боордош эл барбы? Булар болбосо, биз курубайт белек.

– Бизге эгин-тегинден, кийим-кечеден жардам кылышкандар да мына ушулар,– дешет качкындардын кимиси болбосун.

Сураштырсам, Аликенин айылы Жинди-Суу деп аталган жайлоодо экен. Бирөөнүн атын сурап минип, аныкына бардым. Чокчо сакалы бар, ээги узун, калжайган, чап жаак, арык чырай, аздыр-көптүр окуу, жазуу билген адам экен. Жайнактын катын сунганымда ал ага көз жүгүртүп окуп чыгып:

– Жакшы, балам. Келгениң жакшы болуптур. Өзүбүздүн элден турбайсыңбы? Окутууга балдар табылат – деп койду.

* * *

Июнь айынын аяк чени. Жайлоонун ою да, тоосу да көк майсаңга оронуп, атыр жытын аңкытып, көргөн көздү кубандырат. Жайлоонун коңур салкын желине айыл балдары бети-колун аймалатып, ары-бери жүгүрүп ойношот. Алыстан, алда кайда асман тиреген аскалуу тоонун боорунан, кандайдыр бир канаттуу куштун миң кубултуп сайраган үнү угулат. Жаратылыш ошончолук кооз, ошончолук сулуу! Килемдей төшөлгөн көк майсаң кимди болсо да суктандырбай койбойт. Кайда барсаң, кайсы жакты карасаң да таза абадан дем алып, каткыра күлүшүп, маектешип сүйлөшүп олтурушкан абышка-кемпирлерди көрөсүң.

Кыздары, эркек балдары болуп, бир топ бала окутамын. Өргөө үйүбүз бар. Балдар кырка тизилип чөк түшүп, ошондо олтурушат. Баякы өзүм менен бирге ала келген карандаш, дептеримди колдоруна таратып бергем. Алар-

ды ала келгеним жакшы болгон экен. Болбосо кыйналмакчы экем.

Араларында мурда аздыр-көптүр окугандары да, колдоруна биринчи ирет кагаз, карандаш кармап, сабакта олтурушкандары да бар. Аларды эки бөлүп олтургузгам. Бирде анысына, бирде мунусуна барып, мунусу мындай, тигиниси тигиндей деп түшүндүрөм. Иши кылып алар менден бирдеңке үйрөнүп калышса экен, деген тилек менде.

Ташкентте, крайлык советтик-партиялык алты айлык курста окуп жүргөн кезимде, курсанттарга кошулуп, мылтык көтөрүп, жер тепкилеп аскерче басууну үйрөнгөм. Ошондо революциялык ырлардан да үн кошуп ырдаар элек. Андан кийинки жылы Ташкенттеги казак-кыргыз инпросунда окуп жүргөн кезибизде да, казак балдарына кошулуп биз, кыргыз балдары, казакча коюлган концерт, зоок-кечелерине да далай катышканбыз. Ошондогу үйрөнгөндөрүм мына эми мында ишке жарады. Окуткан балдарыма эртели-кеч ыр үйрөтөм. Үн коштуруп ырдатып, үчтөн-төрттөн катарга тургузуп аскерче ары-бери бастырам. Уй мүйүз тартып, аңгеме куруп, эртели-кеч айыл четинде олтурушкан карыялар менин анымды көрүшкөндө айылында бир чоң жаңылык болуп жаткансып, күлүңдөшө кубанып, мага алкыштарын айтышаар эле.

Айыл журт которуп, алда нече ирет ар кайсы жерге көчүп конушту. Мына эми июль айы өтүп, август айы да аяктап калды. «Кой эми, мен кетейин. Токмокко батыраак жетип, бөбөгүмдү алып, Алма-Атага барбасам, окуумдан кечигээрмин...» – деп, бул оюмду Алике карыяга барып айттым эле ал:

– Макул, балам. Окууңдан сен да калбагын. Биз өзүбүзчө сүйлөшүп, кеңешип, сени узаткандай бололу,– деди.

Экинчи күнү балдардын ата-энелери, Алике болуп мени кой короонун четине чакырышканынан барсам, козу-улагы болуп көөгөндө бир топ майда жандык байланып турат.

– Балам,– деди Алике аларды көрсөтүп,– тигилерди биз сага деп байлап койдук.

– Ооба, кагылайын, ошенттик.

– Аз күн болсо да балдарыбызды окутуп, бизге көп жакшылык кылдыңыз. Мунуңузга чоң ыракмат,– дешти башкалары да аны коштоп.

Аларга ыракматымды айттым. Алике сөзүн улады:

– Эми бул жандыктарды кантип, кайда алып кетээр экенсиң?

– Менин да оюм ошол. Билбейм эмне кыларымды, дедим мен ага.

Кимдир бирөөнүн үнү угулду:

– Мага майда жандыктар керек эле. Мага берсе, мен минип жүргөн атымды берээр элем.

– Макул, агай, макул берейин,– дедим мен да кубанып.

Ошентип ошол жерден соодалашып, улак-козуларымды ага берип, анын атын алдым. Токунайын десем ээр-токумум жок. Эмне кыларымды биле албай турганымда, көп деген көл да, тигинден да, мындан да жыйнаштырып ээр-токум да табышты. Экинчи күнү эрте туруп, атымды токунуп, Алике менен да, башкалары менен да кош айтышып, Токмокко карай жөнөп калдым. Салт атчан эмесминби, салып жүрүп олтуруп ошол эле күнү кечке жакын

Токмокко жетип бардым. Жайнактыкына түшсөм, зайыбы – Фатима үйүндө экен, өзү жок. Пишпекке кетиптир. Жок дегенде Турсун эжеге жолугушайын десем, ал да жок. Көрсө ал баягыда мен көргөн татар жигит Осмоновго турмушка чыгып, аны менен бирге полкко кошулуп, Ош жакка кетиптир.

Бөбөгүмдүн жайын да Фатимадан уктум: «Агасы эрте келеби, кеч келеби, күтпөсүн, силер менен кете берсин»,– деп Жайнак аны, кирееге түшүп, Алма-Атага кетип бара жатышкан баякы менин жолдошторума кошуп узатыптыр.

Жайнактыкына кондум да, эртеси атымды такалатып кайрадан жолго чыктым. Өткөн жылы көз жашын көлдөтүп артымда калган Салыйма жеңемди кантип унутсам болот? Быстровкага келгенимде: «Шордуу жеңем кантип туруп жатат болду экен? Бара кетейин ага, учурашайын, Алма-Атага кетип бара жатканымды айтайын ага...» – деп, селодон өтүп, нарылап бастырдым. Бөрүбай жылгасына жакындай бергенимде, быша жаздап калган эгиндердин арасында эрбең-сербең этип эмгектенген адамдарды көрүп, алардан жеңемдин жайын сураштырдым: жеңем өткөн жылы күз айларынын биринде Кичи-Кеминдик бирөөгө турмушка чыгыптыр. Аны укканда үстүмдөгү оор жүктөн кутулгандай, тилегим орундалгандай болуп кубанып, кайрадан бурула бастырып, суу кечип, аркы өйүзгө чыктым.

Мына эми Коңурдун жолуна түшүп, көтөрүлүп кетип бара жатам. Ат такалатып, жеңеме жолугам деп жүрүп бир топ убакыт өткөргөн экем. Күндү карасам, төмөндөп калыптыр. «Аттиң! – дедим өкүнүп. – Белди ашканча күн батат го? Тиги ойдогу айылдардын бирине конуп алып,

шашпай эле эртең жолго чыксам болмокчу экен. Эми кантем?»

Ушундай ойго батып же алга, же артка кетеримди биле албай, жок издегенсип, эки жагымды каранып тургуанымда, сол жагымдагы кырда жайылган бир топ койду көрүп калдым. «О-оо! – дедим. – Ошол жакта айыл бар экен го? Барып конойун!» – деп атымды бура тартып, кыялап бастырып, тиги кырдын так тушуна келсем, анын төмөн жагындагы коктуда жалгыз боз үй турат. Кыялап бастырып, ойго түшүп, үйгө жакындай бергенимде, көк дөбөт үрүп мен жакка карай жүгүрдү, иттин үнүн уктубу, ким билсин, үйдөн бир аял тышка чыга келди. Эки колдоп көтөргөн колунда чылапчыны бар. «Бул кайдан келе жаткан эме» дегенсип, таңыркай карап турганда, мен да ага жетип калдым. Көз чаптырсам, үркүндөн бери көрүшпөгөн баякы менин жердешим, жакшы көргөн замандашым – Сакып-Жамал экен.

– Сакиш! – дедим, башка сөз айта албастан атымдан ыргып түштүм. Ал да мени таанып, мага карай жүгүрөм дегенде чылапчыны колунан ыргып кетти. Ичи толгон күл экен, бүткөн бою, бети-колу күл болду. Ага да караган жок, мага жетип, мени сыга кучактап:

– Бул ким десем, сен белең? Сени да көрөр күнүм бар экен го? – деп көз жашын көлдөтүп буркурап ыйлап ийди. Анан кантсин! Турсун эже сыяктуу ал да далай оорчулук, далай азап, кыйынчылыкты башынан өткөргөнү кебетекепширинен эле көрүнүп турат.

– Сакиш! – дедим мен ага. – Кой эми, ыйлаба! Сени ушул жерден кезиктирем деген ой такыр жок эле. Кандайча мында келип калдың?

– Сураба, кагылайын, аны азыр. Кир үйгө, кир, анан…

Мени үйүнө киргизди. От жагып чай кайнатты. Чай куюп берип жатып, муңая мени карап, өзү жөнүндө айтып берди. Өткөн жылы Ак-Өлөңдө Саадабай карыяга жолукканымда ал аны, Хусайин деген татар жигитке турмушка чыкканын айткан. Ошонусу ырас экен. Этегинен жалгап, андан бир кыз төрөп, ысмын Чолпон коюптур.

Пржевальскиде Убактылуу өкмөт кулап, Совет өкмөтү орногондо Хусайин Советтик Армияга алынып, Капал согушуна кетип, ошол жакта курман болот. Сакып-Жамалдын анысын уккан Айдаркан манап, дагы да аны башка бирөөгө сатмакчы болуп, Караколго барат да, «Сени жыргатам, антем, минтем»,– деп аны алдап-соолап алып келип, азыркы күйөөсү Акмат деген эмеге токолдукка бериптир.

Башынан өткөргөн ушул окуяларын айтып келип, Сакып-Жамал:

– Кайсы бирин айтайын алардын, биринчи Табылдыдан кутулсам, экинчи Табылдыга үшүнтүп тутулдум,– дегенде шордуунун көз жашы агып кетти.

– Сакиш! – дедим мен ага. – Өткөн ишке өкүнбөйлү. Минтип аман-эсен көрүшкөнүбүз биз үчүн чоң олжо. Айтчы, Сакиш, кызыңды да мында ала келдиң беле?

– Кайдан ала келейин? Беришкен жок, анда калды. Бала деген кыйын тура. Сагындым аны... Эстеген сайын ичим сыздап, ыйлаган күндөрүм көп.

Чай куюп берип жатканда, мен анын чекесинин бир жери көгөргөнүн көрүп, сурай кеттим:

– Сакиш, чекең көгөрүп калыптыр. Болгондо бир жерге уруп алгансың го?

– Шакыйым бар эле. Басылар бекен деп чекемди үздүргөм.

Ошол кезде кимдир бирөөнүн эшик алдынан күңкүлдөгөн үнү угулду:

– Бул ат кимдики? Кайдагы эме экен?

Сакып-Жамал тышка чыкмакчы болуп шашып-бушуп ордунан козголо бергенде жаңкы эме үйгө кирди. Жашы элүүдөн эчак ашкан, сакалынын жарым-жартылайы буурулданган, өңү суук адам экен. Ордумдан тура келип салам айттым эле, ал ооз учунан алик алды да тарпаландап басып, төргө өтүп олтурду. Сакып-Жамалдын күйөөсү ошол экенин билип: «Мурдагы Табылдыдан кутулуп, эми бул Табылдыга тутулдум» дегениң ырас тура. Шоруң арылбаптыр, кургурум, шоруң! Сени минтип дагы да буга малча саткан Айдаркан манап оңбосун!..»

Жаш зайыбынын сунган чайын колуна алып, андан бир-эки курдай ууртап, чынысын кайра дасторконго коюп, бир аз турду да бурула мага карады:

– И, бала, кайдан келе жатасың? Ким болосуң?

– Жолоочу болом.

Жолоочу болсоң жолуңда болбой, мында эмне кылып жүрөсүң?

Мен ага ким экенимди, Ташкентте окуганымды, эми Алма-Атага кетип бара жатканымды айтканымда:

– Баса, ошондой де! – деп койду ал башын ийкеп, мурдагыдай ороңдогонун коюп. – Анда, бала, сен өзүбүздүн элден турбайсыңбы? Жакшы! Жакшы!

Кайрадан чынысын колуна алып, ичиндеги чайын ичип бүттү да, тышка чыгып кыйкырды.

– Эй, балам!.. Койлоруңду эми бери карай айдап, короого киргиз.

– Баласы да мында экен го? – дедим мен Сакып-Жамалга.

– Ооба. Атасына жардамдашып, баласы да мында жүрөт. Байбичеси болуп, калган балдары жакадагы үйүндө.

Конуп калдым. Экинчи күнү эрте турдук. Акмат баласы менен койлорун короосунан чыгарып жатканда, Сакыл-Жамал мага ооз учунан шыбырады:

– Сен азыр аттана көрбө. Тигилер кетишсин, анан... Сага айта турган сөздөрүм бар.

Ошол кезде тиги күйөөсү да үйгө кирди. Чай ичтик.

– Эми балам,– деди ал мага карап,– сени атказып туруп малыбызга чыгалы.

Кандайча шылтоо менен жооп беремимди биле албай, мукактана бир аз турдум да:

– Атымды түндө эл жатарда отко койдум эле, азыраак оттосунчу, шашпай бастырам,– дедим.

– Мейли анда, баламды калтырайын, сени атказып туруп, анан келсин мага.

Дароо ал ордунан туруп, койлорунун артынан кетти. Мына кызык! Баласы, мени кайтарган күзөтчүдөй, артымдан калбайт: тышка чыксам тышка чыгат, үйгө кирсем үйгө кирет. Сакып-Жамал мага деген сөзүн айта албай бирде мага, бирде тиги балага жал-жал карайт. Анысын билдим да, баланы эптеп жанымдан алыстатайын, деп ага мындай дедим:

– Иничек, мен эми бастырайын, атымды алып келчи.

Бала атты көздөй чуркаганда, шордуу Сакып-Жамал:

– Ырас кылбадыңбы, эмне кыларымды биле албай турганда,– деди жылмая мага карап. – Кимден болсо да эрим мени коруй берет. Булар эми эмне деп сүйлөшөөр экен, уккун, деп баласын калтырып кетпедиби. Эми, сага айтайын дегеним бул: сен минтип окуп, адам болуп, атка

минип, элиңе кызмат кылып жүрүпсүң. Бул бир чоң таалай да. Муну биз көз жашыбыз, көкүрөк дартыбыз менен күтпөдүк беле? Буга сен жетипсиң. Менчи? Мен куруюн!.. Көрүп турасың го, бактысыз болдум… – Көз жашын мончоктотуп бир аз турду да сөзүн улады. – Эми, кагылайын, аккүп кезибизден тартып айылда бирге чоңойдук эле. Кайгы-капамды, зар-муңумду да сен жакшы билесиң. Сенден башка менин эми карманар, тутунарым жок: медерим, жөлөгүм да сенсиң. Иши кылып, мени ушундан куткара көр. Эркиндикке чыксам, жакшылык көрөр бекем деген үмүтүм бар!..

– Макул, Сакиш, аракет кылайын Алма-Атага барганда…

Ордумдан туруп, маңдай чачын сыладым. Тышка чыксам, тиги бала атымды алып келип, токуп жатыптыр. Атымды аттандым да, Сакып-Жамал менен акыркы ирет кош айтыштым.

## VII

Алма-Атага келсем, казак-кыргыз инпросу эчак ачылып, анын директору Ташкенттен бирге келген өзүбүздүн мугалимибиз Шамгалый Сарыбаев экен. Бөбөгүм да, аны алып келишкен жолдошторум да жатаканага жайланышыптыр. Мен да аларга кошулдум. Бирок бардык ойтилеги, бардык үмүтү менде болуп, көз жашын көлдөтүп, элде калган тиги Сакыл-Жамал тынчымды алат. «Аны кантип куткарып, кандайча кылып мында алып келсем» деп күндүр-түндүр ойлоном. Акыры, эмнеси болсо да директорго айтайын, акылдашайын, ал эмне дээр экен деп Сарыбаевге барып айттым эле, ал:

– Ойбай, карагым! – деди жылмая мени карап,– Олай болса алып кел мында. Жайлаштырам мен аны,– деди.

– Директордун кеңеши менен мен: «Карындашым бар эле, бир абышкада кор болуп жүрөт. Ошондон аны куткарууга жардам берсеңиздер экен» – деп областтык революциялык-аткаруу комитетине арыздандым эле, арызымдын аткарылышы жөнүндө токмоктук волревкомго кат жазып беришти. Аны алып, чөнтөгүмө катып кудуңдаган бойдон кайрадан жолго чыктым.

– Коңурдун белин бери карай ашып, Сакып-Жамалдар баякы конушунда бекен, жок бекен, билейин деп жолдон бурула бастырып, кырга чыгып, ой жакка көз чаптырсам, алар журтунда жок, көрүнбөйт. «Болгондо жакага көчүшкөн го» дедим да, кайра бурулуп, төмөндөп, ойго түштүм.

Ар кайсы жерге тигилген алачык, боз үйлөр… Алардын жандарында бака-шака түшүп, имарат-жай куруп жатышкан адамдардан Сакып-Жамалды сураштырып билейин дейм. Бирок, андан эмне пайда? Күйөөсү менин эмнеге келгенимди сезип калса, үйүнө жолотпой, кайра куубайбы? «Кой, кой, андан көрө Токмокко батыраак жетип, жанымдагы кагазымды Жайнакка көрсөтөйүн. Ал эмне дээр экен? Ошонун кеңеши менен болоюн» дедим да, эч жакка кайрылбастан жүрүп отуруп, Токмокко келдим. Сакып-Жамал жөнүндө жазылган кагазымды чөнтөгүмдөн сууруп чыгып, Жайнакка көрсөттүм.

– Болуптур, иним, анын өзүн да, эрин да мында чакыртайын. Сот алдында биротоло карындашыңдын башын ачып, колуңа салып берейин,– деп экинчи күнү жаныма бир милиционер кыргыз жигитин кошуп берди.

Аны ээрчитип, Боролдойго келип, анын көчөсүнөн өтүп, жогору көтөрүлө бергенимде, сол жагымдагы тоо этегинен аттуу-жөөлүү болуп калың эл төмөндөп түшүп келе жатат. «Эмне деген эл? Кайдан келе жатышат?» – деп милиционер экөөбүз кылчак-кылчак ал жакты карап коюп, жогорулап кетип бара жатабыз. Ошол кезде элден бөлүнүп, эки адам бизди карай бастырышты. Жакындап келишкенде, салам айтып токтоттук:

– Айтыңыздарчы,– дедим мен аларга,– тиги эл эмне деген эл? Кайдан келе жатышат?

– Албы? – деди бирөө бурула артына карап. – Өлүк көөмп келе жаткан эл.

– Көп эл жыйналган көрүнөт. Болгондо кадырлуу бир адамдар каза болгон го? Жаш беле, кары беле?

– Жаш боло турган.

– Жаш болсо да эл оозуна алынган келинибиз эле,– деп койду экинчи да, сөзгө аралашып. Милиционер ага карап:

– Эмесе, андай жакшы жарынан ажыраган күйөөсүнө кыйын болгон турбайбы,– дегенде, жаңкы киши:

– Куруп калсын күйөөсү! – деп койду башын чайкап.

– И, эмнеге антесиз? Ошончолук эле жаман киши беле? – дедим мен да ага карап.

– Катын, балдары бар, ушунда бир Акмат деген эме эле.

«Акмат» деген ысымды укканда жүрөгүм шуу дей түштү. «Ким болду ал? Баягыда мен көргөн Сакып-Жамалдын эри болуп жүрбөсүн? Анын ысмы да Акмат эмес беле? Же ысымдары уйкаш ошого окшогон бирөөбү? Эмнеси болсо да сурайынчы?»

– Айтыңызчы, Айдаркан манаптын кызына үйлөнгөн

Акмат деген кишиңерди мен көрдүм эле, ошолбу же башкабы? дегенимде:

– Ооба, ошол. Аны сиз тааныйт турбайсызбы? – деди ал башын ийкеп.

Аны укканда чагылган тийгендей боло түштүм. Бүткөн боюм дирилдеп, эки көзүм чымырап, алга басырарымды да, кайрадан артка кетеримди да биле албай туруп калдым.

Жаңкы киишилер өз жолуна жөнөй беришкенде, милиционер жигит:

– Эми эмне кылабыз? Кайра кетеликпи? – деди.

– Жок, мүрзөсүнө бара кетели,– дедим.

Милиционерди ээрчитип, жогору көтөрүлүп, көп мүрзөлөрдүн арасынан Сакып-Жамалдын жапжаңы көрүн таап, атымдан ыргып түшүп, четине барып, сыңар тизелеп олтура кеттим.

«О, шордуу Жамал! – дедим терең үшкүрүп. – Акыркы күнгө чейин эңсегениң эркиндик, жакшылык эле. Ага жеткирбестен сени минтип шум ажал арабыздан алып кетиптир. О, ырайымсыз шум ажал!.. Сен кимди ыйлатпадың? Кимди зарлантпадың? Айла жок тура сага!..»

Балалык чагыбыздан тартып ойноп-күлгөн сонун күндөрүбүз, эл үркүндө экөөбүз таштын үстүндө туруп, кол кармашып коштошконубуз, жакында гана өлгөнүбүз тирилгендей болуп кубанычта көрүшкөнүбүз, ошондогу аянычтуу сөздөрү – баары да көз алдыма элестеп өтүп жатты. Бир кезде:

– Туруңуз эми, жөнөйлүк. Эртерээк кайра кетелик,– деген милиционердин үнүн угуп бурула карасам, ал атынан түшүп жанымда туруптур. Терең ойго баткан курган

жаным, убакыттын кандай өткөнүн да, баятан бери какайып, анын жанымда турганын да байкабаптырмын.

– Макул, макул, жөнөйлүк. – Бурула көргө карадым. – Кош, замандашым, кош! Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун!.. Ордумдан тура келип, атыма миндим. Эңкейиштеп ойго түшүп, Токмокко кайра кетмекчи болуп, Боролдойго бурула бергенибизде, арт жагыбыздан жаш улан чапкылап жете келди:

– Силерди тигинде чакырып жатышат.

– Кимдер экен алар? – дедим атымды тык токтото калып.

– Жеңемдер, жеңем...

Мына кызык! «Жеңем» дегени ким болду экен? Баралычы деп, баланы алдыбызга салып, бурула кайра бастырдык. Ар кайсы жерге курулуп жаткан короо-жай, кепе тамдардын жанына тигилген боз үйлөрдүн бирөөнө келдик. Анда аялы, эркеги дебей бир нече адам жардана күтүп туруптур. Алардын ичинен кимдир бирөө аялдардан:

– Кагылайын, молдо бала, сен экениңди билдим эле,– деп мени карай жүгүргөндө, жеңем Салыйма экенин таанып, мен да атымдан ыргып түштүм. Кол кармашып көрүштүк. Башкалары да келип, биз менен учураша кетишти. Алардын ичинен кер мурут жаш жигитти көрсөтүп, жеңем:

– Кагылайын, молдо бала, бул жигит менин күйөөм болот, таанышып кой,– деди.

– Болсун, болсун! – Алга аттап анын да колун кыса кармадым. – Бактылуу болгула! – Кайрадан жеңеме бурула карадым. – Жеңеке, тилегеним ушул эле, тилегениме жетипмин. Жакшы болуптур. Санаам эми тынды.

– Ыракмат, кагылайын, ыракмат,– деп койду ал да жылмая мени карап.

Бизди үйгө киргизишти. Айылында мындай кайгылуу иштер болуп жатса, Сакып-Жамалды алып кетүүгө келгенимди кантип айтсам болот?

– Боролдойго келдик эле, андан кайрылып Сакып-Жамал менен учурашалы деп келсек, раматылык ал минтип каза болгон турбайбы,– дедим мен кабак бүркөй.

– Ооба, кагылайын молдо бала, ал ошентип каза болуп калды,– деди жеңем да терең үшкүрүп. – Сенин мында келеринди раматылык мага айткан. Билем мен аны... Байкуш тилегине жете албастан арманда кетти.

– Жеңеке, анда сиз аны менен тааныш турбайсызбы?

– Жакында гана таанышкам.

Андан ары ал Сакып-Жамал менен кандайча таанышканын айта кетти. «Жаштын тилеги бир, жибектин түйүнү бир» деген кеп бар эмеспи. Акмат малы менен тоодон жакага түшкөндө алар таанышып, өздөрүнүн ким экенин, кандайча мында келишкенин бир-бирине айтышат. Салыйма «кайним» деп, мен жөнүндө аңгеме козгогондо, Сакып-Жамал да, мен анын жердеши, айылдашы экенимди, бирге өсүп, бирге чоңойгонубузга чейин айткан экен.

Ошентип экөө сырдашып, муңдашып, достошуптур.

Катуу ооруп, башы айланып, төшөктөн тура албай калганда, Сакып-Жамал аны чакыртып, жанына олтургузуп:

– Жеңеке,– дейт ага,– «жаман айтпай жакшы жок» деп, ким билет, оорум өтө жаман. Кокустан бирдеңке болуп калсам... дей бергенде, Салыйма:

– Койчу, айланайын, андай сөзүңдү! Оорулуу киши өлөрүн, соо киши өлөрүн бир Кудайдын өзү билбесе... Кайрат кыл андан көрө, кайрат кыл! – дептир.

– Кагылайын, эжеке,– дейт ал,– көрүп турасың го, кайрат кылайын деп эле жатам. Ага оору кургур болбой жатса кантем? Караколдо калган кызымды ойлонсом, оорума оору кошулгандай болот.

– Кызы жөнүндө мага да айтты эле,– дегенимде, жеңем:

– Ооба, ошентиптир,– деди ал,– аны да мага айткан. Сенин Алма-Атага кеткениңди да айткан болучу. «Келет ал, келбей койбойт. Айтагөр ага келип калса, эжеке, менин кызымды ал эптеп колуна алып, ага арысы ата, бериси ага болсун. Эңсеген тилегиме мен жете ала турган көрүнбөйм. Жок дегенде ошол кызым жетсин!... Башка эмне дейин! Ушул менин сага тапшырган аманатым!» – деди эле.

Сакып-Жамал төшөктө көпкө жатпаптыр. Алма-Атага бара жатканымда ал мага айтпады беле: «шакыйым бар» деп. Ооорусуна кошулуп, ошонусу кармаган окшойт. «Чекемди үздүрбөсөм, жок дегенде баш оорум басылар бекен» – деп карылуу жигиттерге чекесин үздүрөт. Ошондон уламбы айтор ким билсин, эсинен таныл, көзү жумулуптур.

Чай-пай ичип тышка чыгып аттандык:

– Кагылайын, молдо бала! – деди Салыйма жеңем колумду кыса кармап. – Кайыр, кош эми! Раматылыктын аманатын унута көрбө. Кантсең да, кызын ала көр колуңа.

– Макул, жеңеке. Унутпайм аны. Аманаты анын жүрөгүмдө сакталат. – Мен да анын колун кыса кармадым. Жеңеке, баягыда мага айткан сөздөрүңүз эсимде.

Ошондо көз жашыңызды көрүп, боор ооруп, ичим сыздап, сизди аядым эле. Эми минтип өз теңиңизди таап, турмуш куруп, жаркырап-жайнап жашап жатканыңызды көргөнүмдө, өтө кубандым. Шордуу Сакып-Жамал да ушинтип, өз теңин таап турмуш курса, андан бетер кубанбайт белем. Байкуш ал анте албастан арманда кетти. Кантебиз? Турумуш деген ушул тура. Өзүңүз көрүп турасыз го, мына мен азыр ошол экөөнү тең башымдан өткөрүп жатам. Кош эми, жеңкебай, кош! Кайрадан көрүшкөнчө аман-эсен туруңуздар!

Баары менен кол кармаша коштоштук. Айылдан бери узап чыкканыбызда, милиционер жигит салып уруп Токмокко карай жөнөдү. А мен болсом, алып кетмекчи болуп атайын издеп келген кишимден антип ажырап, армандуу болуп кур кол кайра жалгыз Алма-Атага кайттым.

# КУРМАН ЖЫЛГА

*(повесть)*

Кыш күндөрүнүн бири. Күн суук. Чыкылдаган кышкы аяз бети-колду тоңдурат. Этек-жеңди делдектетип, каршы алдыбыздан ызгаардуу жел да согуп келет. Бет алган жагыбыз – тоодогу малчылар. Малчыларда жай күндөрүндө бир нече ирет болсом да, кыш күндөрүндө көп жылдан бери болгонум жок эле.

Жанымда бара жаткан киши – почтальон абышка. Абышканын үстүндө жүн салдырып, шырытып тиктирген чепкени, бутунда кийиз чокою, башында кара көрпө тебетейи бар. Мингени – төрт бутуна үч эмчектүү така урулган, жал-куйругу төгүлгөн чоң күрөң ат. Аттын үстүндө олтурушу – чырак, тыкан. Ийнине асынган кара кайыш сумкасынын оозунан газета-журналдардын четжакалары кылтыйып чыгып баратат.

Күн чайыттай ачык. Асманда токумдай да булут жок. Кышкы Күн алсыз нурун ай-ааламга чачууда. Тигинде, Керме-Тоонун бөксө чокусунда суукка тоңгон аппак карлар Күн нуруна жарк-журк этет. Бери ойдо – Кочкор суусунун бойлорунда чымчып алар кар да жок.

Анткен менен Кочкор суусу кыш чилдесин билгизип, шыргаланддап, тос жайылып, күркүрөп-шаркырап агып

жатат. Суу боюнда өскөн тал, бадалдардын чырпык сабактары сыдырым желге дарт арманын айткансып, кычырап, үн чыгарат.

Өткөн жылы да ушул чөйрөнү басып өтүп жайлоодо болгом. Чынын айтсам, жай күндөрүндө жайлоо дегениң сонун да! Килемдей төшөлгөн көк шибер, атыр жыттуу гүлдөр, таштан-ташка тийип, төмөн карай кулап, шылдырап агып жаткан көк кашка булактар – баары да көңүлүңдү толкутуп, жан-сезимиңди козгойт. Жогоруда, көз учунда, арсак тиштүү аскаларды айлантып, жортуулдап, шаңшып учкан кара барчын бүркүттөр. Жыбыт-жылгасында сайраган чымчыктардын үндөрүнө кайрымдаша чегирткелер чырылдап, чымын-чиркейлер да ызылдайт. Сол жагымда, шагылдуу боордо бир топ кекилик таштан-ташка секирип, сайрап, койкоңдоп, жорголоп кетип барат. Канаттарын желбиретип, көкөлөп учуп, көрүнгөн гүлдөргө коно калып, чыйралган муруттарын жазып жиберип, сан гүлдөрдүн даамын таткан бачайы канат, калкан көпөлөктөрдү көргөнүмдө, топумду колума алып, көпөлөк кууган бала чагымды эстээр элем.

Жайлоо дегениң жай мезгилинде ушундай да! Көк майсаңга тойгон төрт түлүк мал ынтыгып, жүндөрүн кулпунтуп, күндөн күнгө семире берет. Малчылардын да жүздөрү жарык, кубанычтуу... Кимисине түшсөң да, ардакталган коноксуң: кымызын суна, козусун соё кетишет. Кечте малдарын тейлеген соң шилби отуну чартылдап күйүп жаткан очоктун айланасында уй-мүйүз тартып отуруп, азыркыдан, аркы-беркиден аңгеме салышат.

Мурдагы заманда алардын аңгемелери: кыштоо, жайлоо, көчүү, конуу, курсак тойдуруу – кыскасы, көр оокаттын камы болор эле. Бөтөн эл, бөтөн жерде эмне болуп,

эмне коюп жаткандары менен иштери болчу эмес. Ал да болсо караңгы, наадандыктын салдары го!..

Азыркы кезде такыр башкача: өлкөбүздө болуп жаткан жаңылыктардан, дүйнөлүк кабарлардан алар сүйлөшө кетишет. Мурдагыдай кайдагы жок жыргалды – «бейишти» ойлонбой, бул күндөгү жылгалды ойлонушат. Бакыт, таалайды Кудай бербестен, адал эмгек, илим-билим берерин элим эчак түшүндү. Мекенибиздин чыңалышы, гүлдөшү үчүн, тынчтык үчүн, жыргал, таалай үчүн элим эмгек этүүдө.

Ат үстүндө бара жатып, элимдеги ийгиликтерди көз алдыма элестетип, зор кубанычта болом. Мени кубанткандар – элим менен жеримдеги жаңылыктар, сонун шаар, кыштактар, асфальтталган даңгыр жолдор, ал жолдордо чымын-куюн болуп өтүп жаткан автобус, машиналар, самолётторго көктү тилдирип, ойку-кайкы учуп жүргөн кыргыздын кыз-уландары гана эмес, почтальон карыянын сумкасындагы газета, журналдар. Аларды ким окуйт?

– Кыргыздын карапайым адамдары – малчылар. Малчыларыбыздын кимиси болсо да, азыркы күндө Мекенибиздеги жаңылыктардан, эл аралык абалдардан кабардар. Алар жөнүндө сүйлөшөт, кеңешет, талкуулашат. Район, областтан келген инструкторлорго суроолор берип, алардын шаштысын кетирген күндөрү да болот.

Жанымда бара жаткан карыянын ысмы – Жумагул. Ал да мен шекилдүү Ала-Тоонун койнунда туулуп өскөн. Бирок, бир миң тогуз жүз он алтынчы жылкы кыргыздын үркүнүндө жалгыз баласы Азизин жоготуп, эңгиреп, элге кошулуп, Кытайга качкан. «Ангектен качсаң дөңгөккө» деп, анда барганда да зайыбынан ажырап, жалгыз калат.

Көп жыл бою эл көргөн азапты көрүп, жумуш кылып, күн өткөрөт. Кече жакында гана үркүндө жоготкон баласын издеп, элине келип, баласын таап, өлгөнү тирилгендей болот.

– Балам, таалайым бар экен, сени таптым. Кайра жашаргандай кайратыма келип, өзүмдү өзүм кайда коёрго жер таппай турам. Карыдым деп сага жүк болуп, үйдө жата бербейин, иштейин. Эмгекке бышкан жаным бар, колхозго кол кабыш кылайын – деп, ийнине сумка илип, атка минип, колхоздун почтальону болуптур.

Азиз менен мурунтан эле тааныш элем. Ошол аркылуу атасы Жумагул менен да таанышып, өткөн жылы жайлоодо аны менен бирге жүргөм. Илгери элдин салты боюнча малчылардан кыдырып кымыз ичип, акактай басып, желенин башына келип, көпкө чейин сүйлөшүп олтурган күндөрүбүз да болгон. Ошондо эки айгыр алыша кетип, бээлерди үркүтүп, желени үзө турган болгондо, жылкычы жигит жүгүрүп жетип, укуруктап жатып, экөөнү эки жакка арандан зорго ажыратканы эсимде.

Ушулардын баарын кинодо көргөнүмдөй көз алдыман өткөрүп бара жатып, карыядан бута атымдай артта калыпмын.

– Кагылайын, бастыр! – деген карыянын үнү угулганда гана селт эте башымды көтөрүп, артта калганымды ошондо билип жүрөм.

– Бастыр, кагылайын,– деди Жумагул атын тык токтотуп, бурула калып. – Эми аз калды: те-тетиги көрүнгөн тумшукту имерилсек, «Курман жылганын» оозу көрүнөт. Өрдөшүндө колхоздун койлору кыштайт.

«Кырман жылга» демекчи, бул жөнүндө мен былтыр карыянын өзүнөн толук уккам. Ошондо ага бара албай

кеткениме өтө өкүнүчтө болгом. Мына эми карыя «Курман жылга» дегенде ошол окуя эсиме түштү.

Албетте, мындай окуялар кыргыз адабиятында гана эмес, Орто Азия элинин адабиятында да учурайт. Ошентсе да, каргыш тийген өткөн турмуштун бир элесин кийинки урпактарга көрсөтөйүн деген ниет менен карыянын айтканын алдыңарга тартам.

* * *

Бул өзү оор, кайгылуу окуя – деп, сөзүн баштады Жумагул карыя. – Эстегим да, айткым да келчү эмес эле. Мынча сурап калдыңыз, айтайын. Аны эстесем, алды-артымды кара туман басып, үстүмө оор жүк түшкөнсүйт. Кол сермеп, алга умтулуп, жол издегенсийм. Жыргалдуу бул турмушуңарды, оюн-күлкүңөрдү көргөнүмдө, жаңкы кара тумандан арылгандай, оор жүктөн бошогондой болом. Кубанычым койнума сыйбайт, азыркы таалайлуу заманыбызга, ырыстуу элибизге миңдеген алкышымды да айта баштайм. Анан кантейин? Илгерки жаштар азыркы силердей болуп ээн-эркин жыргап жашады беле? Жыргамак түгүл, жылас болуп, өзү сүйгөн жарына да ээ боло алган жок. Ошол жаштардын бири – Курман. О, шордуу Курман! Чиркин жигит десе, жигит дегендей эле: кең ийиндүү, өткүр көздүү, бийик кабак, келбеттүү, сулуу жигит болучу. Бирөөдөн кордук көрөт, өлөт экенмин деп ал ойлонуп да, коркуп да коюучу эмес. Анын андай болушу – Керме-Тоонун койнунда жалгыз үй, жалгыз түтүн, ээн-эркин өскөнүнөн болду бекен? Ким билсин? Айтор, ал ошондой эр, мыкты жигит эле.

Курмандын атасы – Чортек. Жайдыр-кыштыр тоо-таштын арасында капкан салып, түлкү, суур кармап, мергенчилик менен күнүн өткөргөн бир шордуу кедей эле.

Чортектин зайыбы – Алтынай. Алтынайдан жалгыз Курман. Курмандан мурда балдары токтобой келип, ушул уулу төрөлгөндө негедир ысмын Курман коюшуптур.

Ыраматылык атам менен Чортектин тууган чалыш жайы боло турган. Тууган ичинде да экөөнүн көңүлү өтө жакын эле. Ал кезде жашым менин отузда. Зайбым, балам бар. Кыш күндөрүндө азын-оолак чарбама карап, жакага – суу боюна кыштайм. Чортек болсо мергенчилик кылып, тоого кыштайт.

Чортек сабатсыз эле, бирок акылы мол адам болучу. Элдин балдары окуп жатканда, «менин балам да окусун, адам болсун» – дедиби, айтор, ал бир күнү Курманды Борбук молдодон окусун деп, жакага – биздикине алып келди. Ошондо Курмандын жашы жаңы онго чыга берген кези.

Курман токтоо, жаракөр, акылы бар бала эле. Мына андан бери көп жыл өттү. Ошентсе да Курман жылмайып, күнү бүгүнкүдөй көз алдымда. Бир жакка барып келе калганымда жүгүрүп алдымдан чыгар эле.

– Абаке, атыңа минейинби? Мингизсең!..

Жаш баланын көңүлүн калтыруу кыйын да. Атыма мингизип, чылбыр-тизгинин колуна берип, «этияттап бастыр, жыгыласың» – деп, ага кат-кат айтсам да артына чаңын уюлгутуп, чүгөйгөн бойдон кетчү. Жыгылат экем деп ойлоп да, коркуп да коюучу эмес.

«Аман эле болсун, чоңойгондо баатыр жигит болот...» – дешчү айыл-ападагылар баланын антип кетип бара жатканын көрүшкөндө.

Кыш бою Курман балдарга кошулуп, китеп баштыгын асынып, Борбук молдого барып жүрдү. Чортек да «баламдын дасторкону, жумалыгы» деп, жума сайын кийиктин этинен молдого алып келип берер эле. Этти көргөндө ал ачынган карышкырдай жулунуп, ашканасына катканча шашуучу. Анысына жараша баланы жакшы окутсачы, уялбай мостоюп туруп айтаар эле:

– Чынын айтайын, Чортек, балаң кем акыл көрүнөт, менсиз мээсине эчтеңке кире турган көрүнбөйт. Эптеп бирдеңке кылып атам… Кызматымды унутпасаң эле болду.

Курмандын акылы кем болсо, мээсине эчтеке кирбесе, молдо аны эмнеге кармайт? Окутпай үйүнө жибербейби? Анткен жок. Курманды бекер жумуш кылдыргысы, жума сайын Чортектен «жумалык» алып тургусу келди. Молдонун анысын мен ал кезде биле алганым жок эле, кийин Курман айтканда гана билип жүрөм. Ал мындайча болду. Курман таң эртең балдарга кошулуп күлүп-ойноп, окуусуна кетсе да, кечте кабагы карыш бүркөлүп кайтат. Ойлоном: «Молдо тилдеген, урган го» – деп. Сурасам, чунак бала айтпайт. Жазга маал арыктап да кетти. Караңгы жаным «окуу күчтүү чыгар, бала ошого арыктап, жүдөп жүргөн чыгар…» деп өз алдымча жоромолдойм.

Бир күнү Курман үйгө күндөгүсүнөн да өтө жүүнү бош, көңүлсүз кайтты. Сөөмөйүн чүпүрөк менен байлап алыптыр. Колун кармап карасам, алаканы ыйлактанып калган.

– Кагылайын, Борбук сени окутпай эле жумуш кылдырып жүргөн го, отун жардыңбы? Чынынды айтчы?!.. – дедим баланы маңдайынан өөп.

Курман унчукпастан төмөн карап, башын ийкеди.

Ошондо гана билип жүрөм. Үйүң күйгөн Борбук: «Кедейге окуунун эмне кереги бар? Андан көрө буга жумуш кылдырган жакшы» – деп, Курманга көбүнчө жумуш кылдырчу экен.

Болгон ишти Чортекке айттым. Ал эч кимден жалтанбаган, коркпогон, кайраттуу адам эле. Молдонун үйүнө барып, аны менен аябай урушуп, баласын алган да кеткен. Жамандыктан башканы билбеген арамза Борбук: «Карап тур, балаң экөөңө шумдук көрсөтпөсөм, анда менин Борбук молдо атым курусун...» – деп, Чортек кеткен жакты карап, муштумун түйө кекениптир.

Күндөрдүн биринде Алматыдан айлыбызга Абдырахман деген бир жигит келип, балдарды окута баштады. Жакшы жигит эле. Шаардан окуптур. Андан окуган балдар бир кышта эле кат жаза башташты. Курманды ошондон окутайын деп, күздө сабак башталганда чапкылап, Чортек менен Алтынайга бардым.

– Окуганга болору эмне? Жаңкы Борбуктай молдобу? – десе Алтынай, Чортек да анын сөзүн коштой кетти:

– Андай алдамчы молдо болгондон көрө, адал жүрөк аңчы болгонуң жакшы, окутпай эле койдум, баламды...

Абдырахмандын Борбуктай эмес, жакшы, адептүү жигит экенин айтып жатып, абышка-кемпирди эптеп эпке келтирип, Курманды алып келип, окууга киргиздим. Биздикинде жатып окуп жүрдү. Зээндүү, сергек бала эле. Анын сергек, зээндүү экенин Абдырахман да мактачу. Борбуктан эки жылча окуп, эки ооз сөз жазууга жарай албаган Курман, андан эки жылда эле кат жазып, китеп окуп калды. Ал гана дейсиңби? Сүйлөшө келгенде, чоңдорду да сөзгө жыгар эле.

Борбук – биздин элдин молдосу. Кыдыйган, чедирейген, боорсок мурун, тосток көз, түрү суук киши эле. «Өлүктүү жерде молдо семирет, өлүмтүк жерде ит семирет» – деп эл бекеринен айтпаптыр. Өлгөндөргө куран окуп, дооран, кайыр-садага алып, элди алдап-арбап семирген ал бир ант ургур болучу.

Курман бир күнү аны эл ичинде уят кылды. Бир миң тогуз жүз он биринчи жылы болсо керек эле, кыш ичинде жер титиреп айтоор, кыямат-кайым боло жаздады. Ушунча жашка келгени жердин анчалык катуу титирегенин көрө алганым жок. Ал бир укмуш болду: жер дүңгүрөп, тоолор көчтү, чагылгандар тарсылдап, таштар кулады. Кайсы бир айылдар мал-жаны менен тоонун астында калышты. Кыскасы, малдан да, жандан да чыгымдар көп болду. Мал союп түлөө кылдык. Түлөөгө жыйналган элге жердин силкинген себебин молдо мындайча түшүндүргөн:

– Акыр заман болордо, адам баласында кайыр-садага азаят; уламаларды, ягни, молдо, кожолорду сыйлоо да азаят. Жер жүзүндө күнөөлүү иштер көбөйүп, жер оордойт, ошондо жерди көтөргөн көк өгүздүн мүйүзү талып, ягни, жерди бир мүйүзүнөн экинчи мүйүзүнө койгондо жер силкинет, жердин силкиниши, ягни, зилзала болушу – мына ошондон.

Буга ишенер-ишенбесибизди биле албастан аң-таң болдук. Мунун чын-төгүнүн Абдырахмандан сурайлы десек, арабызда ал жок эле, кайдадыр бир жакка кеткен экен. Ошондо Курман жыйналган элди таң калтырып, молдого мындайча суроо бербесинби:

– Молдоке,– деди алга обдулуп. – Молдоке, ушунча чоң жерди көк өгүз кантип көтөрүп турат болду экен? Ал эмне деген өгүз?

Молдо жаман көзү менен Курманды акырая карап алды:

– О, наясеп! Алла-таглам аны ошончолук күчтүү кылса, көтөрөт да. – Курман молдонун сөзүнө канааттанбай кайта дагы сурап калды.

– Көк өгүздү көтөргөн бирөө барбы, молдоке, же ал өзү эле турабы?

– Бар, аны ташбака көтөрүп турат.

– Таш баканычы?

Молдо капканга түшкөн карышкырдай, алактап, жеп жиберчүүдөй Курманды карап:

– Кара кашка, кара чымын – деп койду.

– Эмесе, молдоке, баарынан да күчтүү ошол кара кашка кара чымын экен го,– дегенде бала, эл кыраан-каткы күлүп калды. Борбук молдонун өлбөгөн төрт шыйрагы калды белем, бир кызарып, бир бозоруп, күрөө тамыры да көбө түштү:

– Чык эшикке, чык! Элге мени күлкү кылганын кара!

Курман ордунан турган да, тышка чыгып да кеткен жок. Молдо биртике соолуккан кезде, жалтанбастан кайта андан сурады:

– А-а молдоке! Кара кашка чымынды көтөргөн бирөө барбы же ал өзүнчө эле чычкан аңдыган күйкөдөй эбелектеп асманда асылып турабы?

– О, паччагар! Күнөкөр болдуң, тобо кыл!

– Тобо кылбайм! Жердин силкинишин Абдырахман молдокем башкача айткан. Сен караандай эле калп айтып атасың,– деп да Курман жүгүрүп тышка чыгып кетти.

Борбук молдо колундагы Куранын койнуна катып, башын жерге салып, айбы ачылган уурудай, ордунда олтурду да калды.

Боору бекип, боконосу ката электе эле Курман ошондой өткүр бала болучу. Эгерде ал азыркы кезде тирүү болсо, атактуу баатырларыбыздын бири болот эле. Өмүрү кыска экен шордуу баланын... Өрт өчкөндөй жалп этти да жок болду. Анын гүлкайырдай жаш өмүрүнө балта чапкандардын бири – Борбук. Курманды ал эзелки душманындай жек көрөр эле. Балдарды бузган Абдырахман деп, аны да молдо жаман көрүп жүрдү. Антпегенде кантсин?.. Мурдагыдай болбостон сый-урматтан калып барат. Балдар андан беш жыл окуп, беш ооз сөз жаза алышпаса,– эми мына көрбөйсүңөрбү, бир жылда эле Абдырахмандан кат жаза башташты. Алардын ата-энелери да Абдырахманга алкыштарын айтышат, сыйлашат. Ошондо молдокеңдин күйбөгөн жери күл болоор эле. «Абдырахмандын ак паашага тил тийгизген жери бар. Кудайга да, динге да ал каршы. Балдарды да динден чыгарып, бузуп атат...» – деп, анын үстүнө арыз жазыптыр. Бир күнү шаардан жасоолдор келип, Абдырахманды айдап кетишти. Ошондон кийин балдарыбыз окуудан калды.

...Андан бери көп жылдар өттү. Караңгы жаным, ал кездерде Абдырахман ким экенин көп анчалык билбепмин. Көрсө ал, ушул замандын кишиси экен. Билими да мол көрүнөт. Балдарды да туура жол менен окутуптур. Үйүң күйгөн Борбук молдо ошого аны жек көргөн тура. Өткөн жылы бир пионер баладан сурап калдым: «Жер эмнеден титирейт? Мугалимиңер бул жөнүндө силерге айтканы барбы?» – деп. Бала мени карап, күлүңдөп, качандыр бир кездерде биздин балдарга айткан Абдырахмандын сөздөрүн айтты. Көрсө кайран жигит, ошондой окумуштуу жигит экен. Аны жайына коюшса, балдарыбыз бир топ билим алат эле. Мырзабек болбогондо Абды-

рахман айдалбайт болчу. Борбукка кошулуп Мырзабек да арызга кол коюптур. Көрүң өрттөнгүр, ал да өзүн бир кезде «кыргызмын» деп атаган чыгар…

Бул жерден мен карыянын сөзүн бөлдүм:

– Мырзабек дегениңиз ким? Ал эмне деген киши эле?

– Ырас болот, балам,– деди карыя. – Ал жөнүндө, эмесе, айта кетейин…

* * *

…Өзүнүн байлыгына, манаптыгына чиренген элибизде Мырзабек деген бир бай болду. Сакалы жагжайган, семиз, ач көз, арамза киши эле. Бир нече короо койлору, беш-алты үйүр жылкылары турса да, бирөөдөн алсам, жулсам дегенден башканы билбеген адам болучу.

Мырзабектин Керимбек, Отунчу деген эки малайы болду. Керимбек жайдыр-кыштыр байдын жылкысын бакса да оозу кенен ашка, ийни бүтүн кийимге жеткен эмес. Отунун алган, суусун куйган, күлүн чыгарган – Отунчу. Отунчунун өз ысмы – Мурадыл. Эртели-кеч алганы отун болгондуктан аны «Отунчу» деп атаган. Байкуш, ага арданбаган, ак көңүл, момун адам болучу. «Алганым отун болгон соң, эл антип айтпаганда эмне десин?..» деп, кайта оор жазмышына ыраазы болуп калучу. Керимбек болсо, ал да жакшы, сонун турмуш жөнүндө эңсээр эле. Эңсеген менен ал ага жете алган жок. Шаарга барсам жетер бекем деп, аялы Айжанды, алты жашар кызы Айсулууну алып, Токмокко көчүп кетти.

Мырзабектин дагы бир топ жигиттери болгон. Алардын ичинде баш кесери – Алаңкөз. Байы бирөөдөн козу алып кел десе, кой алып келген, тай алып кел десе, бээ

алып келген, «бөрк ал десе, баш алган» кара нээт, шектүү адам болучу. Абдырахман жөнүндө жазылган рапортту түнката шаарга жеткирип, өзү менен кайра жасоол алып кайткан ант ургур ошол.

Айлыбыздын эң кедейи Чортек эле деп жогоруда айттым го. Кийик уулаганда мине турган жалгыз күрөң атынан башка анда алалдан түк жок. Ал да болсо өзү менен бирге карып, тиштери эчак түшкөн. Ошентсе да «Чортек аны сатууга же союуга көзү кыйбайт». Ат табылганча аяк улоо деп, айыл-апага бара калганда илкитип мине калат.

Күндөрдүн биринде Чортек Нарынга өтүп бара жаткан жүргүнчүлөргө ошол атын берип, тору кашка аксак кулун алып калды.

– Кулунду жүргүнчү аксаганынан сатты. Болбосо мындай кулунду кайдан сатсын? Асыл бээнин тукуму. Чоңойгондо бул күлүк болот,– дечү эле ыраматылык Чортек.

Чортектин дагы бир көк күчүгү болду. Аны Курман «Жолборс» деп чакырар эле. Жолборстун энеси – Кумайыкты Чортек талаадан таап алыптыр. Ал мындайча болот: бир күнү Чортек тоодон кийик атып алат, этин атына артып, ойго түшөт. Кара жол менен кыбыратып келе жатса, алдынан бир көк канчык чыгат. Ээсинен ажырап, адашып калган көрүнөт, ач экен. Чортек ага аз-аздан эт ыргытып берип, өзүнө үйүр алдырып, ээрчитип, үйүнө келиптир. Атын анын «Кумайык» коюптур. Көк күчүк ошондон туулуптур. Чын-төгүнүн ким билсин, ыраматылык Чортек аны «карышкырдан жалгашты, атасы карышкыр» дечү эле. Мында бир аз чындык бар. Анткени, жазда иттер үйүгүшкөн кезде Кумайык жоголуп кетип, бир нече күндөн кийин келиптир. Ошондо Чортек аны «карышкыр менен чагылышты» – дей турган.

Курман окуудан биротоло кол үзүп үйүнө кайтканда, Алтынай менен Чортектин барлык байлыгы ушул үч айбанат болучу. Аларды тейлеген, ата-энесине кол кабыш кылган – Курман. Атасы менен аң уулоого да барып жүрдү.

Курмандай баланы ким жаман көрсүн? Мен да, аялым да аны өз балабыздай жакшы көрөр элек. Арысы – ошол баланы сагынып, бериси – бирин-экин чарбама карап, жайда Чортектин жанына көчүп барып кондум. Көк-Булактын боюндабыз. Ошондо Курмандын эрмеги кунаны менен күчүгү болор эле. Аларга эртели-кеч арденкени үйрөтүп жатканын көрчүмүн.

Бир күнү Чортек экөөбүз өткөн-кеткенди сүйлөшүп дөңдө олтурабыз. Эркелетип, жал-куйругун, каптал соорусун тарады. Андан кийин «чуу, тулпарым, чуу!» деп агытты эле, кулун куйругун көтөрүп, башын чулгуп, оюн сала жылганы өрдөй жүгүрдү. Курман калпагын колуна алып, четтей басып, ышкырды эле, кулун желе басып кайра келди.

– О, кагылайын! Жылкыны жемге «популап» чакырат. Антип ышкырганың эмне? – дедим дөңдө туруп.

Курман башын көтөрүп, мени карап алып мындай деди:

– Аның ырас, абаке. Жылкыны жемге «поп, поп!» – деп чакырып үйрөткөнүн мен да билем. Мен эмес, аны элдин баары билет. Кулунумду ошол эл билбей турган нерсеге үйрөтүп атам. «Поп, поп!» деп чакырганда жемге келген жылкы ышкырганда эмне келбесин! Келет тура. Көрбөдүңүзбү, кулунумдун келгенин. Кеп үйрөтүүдө. Балага эмне деп жооп беремди биле албастан жаагым жап болду да калды. Чортек баласынын жообуна чоң ыраазы болгонсуп, көзүн кымыңдатып күлдү:

– Ошент, балам, ошент. «Куш уяда эмне көрсө, учканда ошону алат» деген. Айбанды да жаш кезинде эмнеге үйрөтсө, ошого көнүгөт. Кулунуң көнүгүп, үйрөнүп калган турбайбы. Жакшылап бак. Мунуң чоңойгондо тулпар болот, балам.

Көк күчүгүн да Курман «Ал, ал!» деп, алга жүгүртүп, «Жат, жат!» деп, жаткызып, ойнотоор эле. Кулунга да күчүгү өтө үйүр болучу. Кантсин, кымындайынан ал аны менен бирге өсүп келет. Кулун көк чалгында оттоп жүрсө да андан күчүк калчу эмес: басса бирге басып, токтоп оттосо, бир четте комдонуп, аны карап, күзөтүп жатар эле. Курмандан бөтөн жанды кулунга жакын жолотпой ырылдай кетчү. Чортек экөөбүз да кулунга жакын баруудан коркор элек.

Ошентип эки жыл өттү. Кулун – эми кунан. Жал куйругу келишкен, соорусуна суу куйса төгүлгүс, туягы тик, жүнү кулпунган, көзү ойноктогон сонун бир жылкы болду. Өмүрүмдө көп эле сонун жылкы көрдүм. Бирок, андай сулуу жылкыны такыр көрө алганым жок. Ыраматылык Чортек айткандай, карапайым жылкы эмес, асыл жылкы – тулпар эле.

Курман кунанымды көрсөтсөм, жарышсам, деп дегдеп жүргөн кезинде элибизде бирөө кызын күйөөгө бермекчи болуп, той берди. Тойго көп эл жыйналды. Курманды кунанына мингизип, ээрчитип мен да барып калдым. Тойдун шаан-шөкөтү көп болот эмеспи. Аларды айтып эмне кылайын? Баарыдан кызыгы – ат чабыш. Ат чабышта кунанын Курман аттарга кошуп чапса болобу. Мына кызык! Тору кунан аттардан бута атымдай алыс чыгып келди. Эл дүрбөп, кунанды тегеректеп калды. Ошондо жаныбар эр ортосунда суулугун чайнап, буттарын ты-

бырчылатып, көздөрүн ойноктотуп, азыр чапса дагы эле кайра чыгып келчүдөй болуп турду.

– Жарыктык, ушундай да жылкы болот экен ээ!.. Аттан кунан озот деген эмне? Кайберенден бүткөн мал го!.. – дешти, жыйналган эл.

Байгеге алган акчабызды чөнтөккө салып, коюбузду өңөрүп, олжого тунуп, үйгө кайттык. Чортекти кубантайын деп, аттан дароо ыргып түшүп, үйгө кирдим. Тойдогу ишти Чортекке айттым эле, кубанат деген кишимдин өңү кубара түшсө болобу. Өзүм да чочуп кеттим:

– Чоке, мунуңуз эмне? Кубанат десем...

– Кубанарын кубанам,– деди Чортек башын көтөрүп. – Дос бар, душман бар дегендей, мунуңардын арты кандай болор экен? Ошого кабагым бүркөлүп атат. Кедейдин күлүк аты, жакшы жары болсо көз арткан бай-манаптын ит оорусу бар эле. Жалгыздын жанына залалы тийбесе гана болду.

Мен Чортекке бирдеңке деп жооп бергенче эшиктен Курман кирип келди. Тойдо кунаны чыгып, мөрөйү үстүн болгонго баланын жүзү жарык, кубанычы да койнуна батпагансыйт. Күлүңдөй басып атасынын жанына олтура кетти.

Биз унчукпастан кала бердик.

## 2

Кыш жакындады. Чортек жылдагысындай өз кыштоосуна – тоого көчүп кетти. Мен суу боюнда калдым. Андасанда аларга бара калам. Курман да келип, менден кунанына жем, чөп алып кетип жүрдү.

Жаз жакындап, ала шалбырт болгондо Курмандын кунанына деп, эки куржун көзү жем салынып, барып кал-

дым. Чортек катуу сыркоолоп калыптыр. Дени сак, кайраты, күчү мол, мыкты киши эле. Аны «ооруйт экен, өлөт экен» деген кимдин оюна келсин? Мына эми жөтөлүп, тердеп, онтоп, кер сары тартып төшөктө жатат. Жаагы шимирилип, абдан арыктап да калыптыр. Алтынайдын айтуусунан улам билдим: кийик уулап жүрүп, суукка урунуптур. Бирде Курманды, бирде кунанды оозанып, түнү бою жөөлүп чыккан кездери да болот экен.

Төшөккө жакындай, сыңар тизелеп олтура бергенимде Чортек көзүн ачты. Мени тааныды да, ууртунан жылмайып койду. Андан кийин «Сен эми эшикке чыга тур...» дегенсип, Курманга башын ийкеди. Курман кетээри менен кайра көзүн жумду эле, жумулган эки көзүнөн эки тоголок жаш ыргып, ээгине түштү. Биртикеден кийин көчүн ачып, сөзгө келди:

– Жакшы болду келгениң, Жумагул. Өзүм да сени чакыртайын деп аттым эле. Минтип катуу ооруп калдым. «Жаман айтпай жакшы жок» деген. Кокусунан көзүм жумулуп кетсе, жетим-жесирге канат-бутак боло жүрөрсүң...

– Сасык тумоо чыгар, түзөлүп кетерсиз, сабыр кылыңыз, жаман жорукту баштабаңыз. Оорулуу өлөрүн, соо киши өлөрүн бир Кудайдын өзү билбесе... – деп, ага кайрат айтымыш болдум.

Алтынай Чортектин көз жашын сүрттү. Чортек алсыз көзүн ачып-жумуп, түндүктөн көрүнгөн асманга көзүн сала ээрдин кыймылдатты:

– Аның ырас, Жумагул. Бирок, өз оорум өзүмө маалым. Мындан ары жашай албасыма көзүм жетип турат. Барган сайын күч, кубаттан ажырап, алсырап барам... Адам баласына бир өлүм качан да болсо бар го. Өлүмдөн коркпойм. Корккონум – Алтынай менен Курман. Менсиз

алар кантип жашар, кантип күн көрүшөр экен?.. Башын мен жакка кыйшайтып, мени карап, акырын үнүн чыгарды.

– Билем мен сени, билем... Сенден башка бизге жакын ким бар? Бизге күйө турган жалгыз сенсиң го. Сага табыштап айткан осуятым жетим-жесирди бирөөгө кор кылдыра көрбө.

Оорулуу кишинин оюндагысына макул болуш керек да. Анын көңүлүн көтөрө сөз айттым:

– Алтынайды жер каратпайм, Курманды болсо бала кылып багып алам,– дедим.

Чортек ынтаасын коюп сөзүмдү укту да, эшиктен Курманды чакыртып, жанына жакын олтургузду. Эти качкан арык колун баласынын тизесине коюп:

– Кулунум,– деди алсыз үнүн чыгарып. – Кулунум, бул оорудан баш көтөрөмбү, жокпу... ага көзүм жетпейт. Эсим барда керезимди айтып калайын. Менде сага жыйнаган төрт түлүк мал жок. Малдан – эшиктеги кыл куйрук. Аны жүргүнчүлөрдөн сатып алганда эле сага арнагам. Жакшы ат – жанкаралдуу, кулунум. Колуңдан чыгарба. Аны менен качсаң кутуласың, куусаң жетесиң. Бүгүн өлөмбү, эртең өлөмбү – менин күнүм саналуу. Тигине,– деди Чортек керегеде илинип турган бараң мылтыгын көрсөтүп,– ыраматылык атамдан калган мылтык эле. Менден эми сага калсын. Мылтыгыңды асынаарсың, атыңа минээрсиң. Жолборсуңду ээрчитип, атаңдын кесибин улантып, баягынын баласы дедирээрсиң, кулунум...

Мындан бир айдан кийин Чортектин көзү жумулду. Өлөр алдында айтыптыр: «Тоо ичинде өстүм эле, түнөгүм да ушул тоодо болду эле. Эми сөөгүм да ушунда болсун...». Өлүктүн сөзүн тирүү сыйлабас болбосун деп, Чортектин

сөөгүн кыштоосунун сол жагындагы шагылдуу күңгөйдүн этегине, бир шилбинин түбүнө койдук.

## 3

Күн артынан күн, жыл артынан жыл өттү. Курман – эми эр жеткен жигит. Жашы да жыйырмадан эчак ашкан. Жолборсу да көк дөбөт ит, тору куняны да чоң тору кашка ат болду.

Жолборсу түркөй иттердей эмес эле: карышкырдын башындай башы бар, кулагы тикчийген, арка жүндөрү көгүш, басканда куйругун чамгарактатып басат. «Ал! Ал!» десе, алга жүгүрүп, «Тап! Тап!» десе, жер шимшилеп, «Кал, үйгө!» десе, боз үйдүн кырчоосуна комдонуп жата кетер эле. Тили гана жок дебесе, ошондой акылдуу ит болучу.

Курман тору кашкасын минип, Жолборсун ээрчитип, бараң мылтыгын асынып, кийикке кетип бара жатканда көзүмө ал баатыр Манастай эле көрүнчү.

Коңур күз. Ойдогу мал да, тоодогу кайберен да семирген кез. Бир күнү Курман мени кийикке ээрчитип чыкты. Экөөбүз тең атчанбыз. Өзүм мергенчи болбосом да, Курмандын мергенчилигин өз көзүм менен көрөйүн деп ээрчип барам. Мына тоо десең! Белес-белес, баш учуна көз жетпеген бөксө тоо. Андан ары тизмектелген аскалар...

Адам деген кызык да! Улгайсаң да жаштар менен жолдош болсоң, ошолордой болгуң, ойногуң келет экен. Жаштар да ошондой: карылар менен жолдош болсо, ошолордой оор басырык, токтоо болгусу келет. Ошол кезде жашым кырктан аша коюп калды эле. Курманга кошулганга мен өзүмдү жаш чагымдай сезип барам. Ал жарышса жарышкым, күлсө күлгүм, ойносо ойногум келет.

Өрөөн суусун кечип өтүп, адыр тоого бет алдык. Жер ээн: как эткен карга, кук эткен кузгун жок. Айланага көз чаптырып, этияттык менен кетип баратабыз. Негедир ошол күнү бир да кийик кезиктире албадык. Күн батарда гана кырдын этегинде жуушап жаткан бир топ кийикти көрүп калдык.

Курман атынан түштү. Жолборсун жетелеп, таштан-ташка жамынып, кийиктерди өңүп жөнөдү. Биртике жогорулап барганда, кароолуна илинтип, кадиксиз атайын дедиби, боортоктоп жыла баштады... Курманды көргөндө Жолборсу да аны туурап, боору менен жылды. Көрсө аны кайран бала ошенттирип үйрөткөн экен.

Мен аттардын жанында демимди ичиме алып, алыстан карап турам. Курман кийиктерге жакындай бергенде, таштын үстүндө күзөтчүлүк кылып турган текеси жыт алып калды окшойт, эшик төрдөй жерди бир секирди да, качты. Калгандары да жөнөдү. Бир кырды аша бererде Курман атты эле, артында бара жаткан бир кийик төмөн карай кулап кетти. Мындай ишке ышкыбоз жаным:

– Кагылайын, Курман!.. Жыгылды!.. – деп, аттарды таштай чуркадым. Мына кызык! Жыгылган кийигим, ордунан туруп, сүйрөлөңдөп качып барат.

– Ал! Ал! – деген Курмандын үнү чыкты. Карай салсам, Жолборсун агыткан экен. Кийиктин артынан куюндай учуп кууп барат. Кийикти жетип тиштерине көзүм жеткен жок. Анткени, иңир да кирип калган. Жолборс андан адашып калышы ыктымал эле.

Кийик белди ашты. Бир топтон кийин Жолборс да ашты.

Курман экөөбүз аттарыбызга минип, кийик ашкан белге чыктык. Белдин асты – чоң кокту. Коктунун ары

жагы – адырлуу тоо. Тоонун ой-чуңкуру, кокту-колоту көп да. Алардын кайсынысына Жолборс кийикти кууп кирип кеткени белгисиз. Көз байланып, түн да кирди. Караңгыда кайда барабыз? Аттарыбыздан түштүк да, «келип калар» деп үмүттөнүп олтурдук. Бирок, Жолборстон дайын жок. Убакыт болсо өтүп барат. Алтын Ай күлүңдөп, ай-ааламга жарыгын жиберип, уясынан чыкты. Тоо, таш, сай, жыбыттын баары тең тынч уйкуга баткансыйт... Жолборс жоголот экен, аны кийик жара сүзүп өлтүрөт экен деп коркуп, Курманды жемелеп коём.

– Алда кагылайын, Курман ай! Күндүн кечтегенин көрүп турасың. Эмнеге агыттың? Күндүз болсо бир жөн эле. Эми жети түндө аны кайдан издеп, кайдан табабыз?

Курман камырабайт. «Үнүмдү укпай жаткан чыгар, укса келет» дегенсип, анда-санда кыйкырып коёт.

– Жолбо-орс! Жолбо-орс!..

Курмандын үнү басыла калганда аны туурап, үнүмдүн бардыгынча мен да кыйкыра кетем. Жолборсту таштап, үйгө кетерибизди, кетпей күтөөрүбүздү биле албай башым маң.

Бир кезде Тору кашка эмнегедир кулагын тикчийтип, башын көтөрүп, төмөн жакты карап, тыбырчылап, тынчы кете баштады. «Эмне бул минтип атат?» – деп, биз да ой жакты карадык. Аңгыча болбой ойдогу айлуу түндөн суурулуп Жолборс да чыга келди.

– Жолборс!

– Жолборс!

Сүйүнгөнүбүздөн экөөбүз жарыша кыйкыра кеттик.

Жолборс абдан чарчаптыр. Тилин сунуп, акактап, араң гана демин алат. Буттарында тамтык жок: тытылган, айрылган, канаган. Бир жаккы буту сылтып, баса ал-

байт. Карасак, таманын таш тилиптир. Курман аны астына өңөрүп алды. Үйгө кайттык.

– Алда кулунум ай! – деди, Алтынай Жолборстун бутун көрүп, кейип-кепчийт. – Минтип жүрсөң Жолборсуңду өлтүрөсүң го. Мындан кийин жаныңа ээрчитпесең кантет?

Жолборстун таманына жумшактап жүн салып, чүпүрөк менен байлап койдук.

Кийикти Жолборс жетип тиштегенин, тиштебегенин даана биле албадык. Омуроо, оозу, мурду кан болгонуна караганда, жетип тиштеген көрүнөт. Эмнеси болсо да билелик деп, эртеси Жолборсту өңөрүп алып, кечеги тосуп алган жерибизге келдик. Жерге аны түшүрдүк. Кечегиден буту бир аз жакшы болуп калыптыр. Жерди жыттап, башын көтөрүп, кечеги келген жагына сылтый басып жөнөдү. Артынан ээрчип, биз да кетип барабыз. Капталдай бастырып коктуга түштүк. Кокту менен өр талаша бастырып, дагы бир кыр аштык. Ары жагы шагыл таш экен. Аттар андан өтө турган көрүнбөйт. Эмне кыларыбызды биле албай, башыбыз катып, буйдала калдык. Алдыда бара жаткан Жолборс токтоп калганыбызды көрдү да, «булар эмнеге токтоду?» Башка жакка кетишкен атабы!» дегенсип, ал да бурулуп чочоюп олтуруп, бизди карап турат. Курман жерге түшүп, атын мага берди да, басты. Өзүн көздөй бара жаткан Курманды көргөндө гана Жолборс ордунан козголду. Мен тору кашканы коштоп, шагылды айлана бастырдым. Эки көзүм Курманда, Курмандын көзү Жолборсто. Жолборс болсо жерди жыттап, жойлоп алга баратат.

Бир кезде ит аска таштын алдындагы калың бадалга кирип көрүнбөй калды. Бир аздан кийин ага Курман да

жетти. Аркы бетке жеткенимде, мени чакырган Курмандын үнү угулду. Кыялап чыгып бардым. Мына олжо! Аска таштын түбүндө торпоктой болгон бир кийик канга боёлуп, сулап жатат. Алкымында, каптал, буттарында Жолборстун тиштери тийбеген соо жери жок. Үй ордундай жердин чөптөрү уйпаланып, чаңдары чыгып, таштарына кан чачыраган. Көрсө кайран Жолборс кийикти ушул жерден жетип, аскага камап, алпурушуп, аны жерге жыккан көрүнөт.

Кийик сойгонубузча Жолборс бир четте комдонуп жатты. Шыбагасын берип тойгуздук да, этти эки атка бөлө артып, олжо менен үйгө кайттык.

## 4

Эл жайлоодон кайткан кез, мал семиз... «Аш көп болсо, каада көп» – деп, чыгыш жактан бирөө байлыгын көрсөтүп, чоң аш берди. Курманды ээрчитип, мен да ашка барып калдым. Ат чабыш болду. Ат чабышта Курман кызыгып кетип кашкасын өзү минип чапты. Кунан кезинде атка кошуп чапканыбыздан бери аны эч бир жерде чапканыбыз жок эле. «Эмне болор экен, чыгар бекен, же калар бекен?» деп шаштым кетип, аттар кеткен жактан көзүмдү албай карап турам. Бир кезде алыстан чаң уюлгуп, асманга көтөрүлдү. Аңгыча болбой чаңдан суурулуп, алып-учуп бирөө келет.

– Мырзабектин керторусу экен...

– Жок, Кожош байдын күрөңү көрүнөт,– дешип, эл дүрбөп, дөбөдө турушат. Кыйкырык, сүрөөндөрдү укканда курч аттар ээсине ээ-жаа бербей ээлигип, алга умтулат. Башка чапса былк этпеген менин көк чологум да

бирденкенин кабарын билгенсип, чыйралгансып калыптыр: башын көтөрүп, суулугун чайнап, ары-бери ойдолоп коёт. Тизгинимди жыя кармап, келе жаткан карaанга көз жибердим. Көрүнгөн караан уламдан-улам жакындоодо.

– Курман!

– Курман! – деген бир кезде үндөр чыкты.

– О-о, Жасаган! Эмне деген кубаныч? Байлардын бапестеп баккан күлүктөрүнөн жетимдин аты озуп келеби. Же жаңылыш угуп атамбы? «Корkконго кош көрүнөт» – дечү эле. Бирок сүйүнгөндө да көзгө кош көрүнөт экен. Көзүм алачакмактап, бир киши эки киши, эки киши он киши болуп электенип, элдин баары эле «Курман! Курман!» деп ураандап, кыйкырып, мени карай чугоюп келе жаткансыйт. Алардын кайсынысы Курман, кайсынысы тору кашка экенин ким билсин!.. Эл «Курман, Курман!» – десе, Курмандын чыгып келе жатканы ошол...

– О, Кудай, берегөр! Кагылайын, Курман!..

Чологумду чандырга эки-үч курдай камчы уруп, кыйкырып, алып мен да чүгойсом чаңга илешпей элдин артында калдым. Бети-башым чаң. Ага кайылмын. Бүткөн боюм ээрип, муунум бошоп, токтоно албай эки көзүмдөн жаш кетти...

Ошентип, Курмандын аты чыгып келди. Мырзабектин күлүгү байгеге илинбептир. «Мырзабектин күлүгү чыгар, байгесинен соогат – салам аларбыз» деп үмүттөнгөн кошоматчылар, ташка конгон жорудай байын жалгыз таштап, чүгоюп бизге келип, соогат сурай кетишти.

Байгенин баш байгеси – элүү кой, жүз сом экен. Акчаны колума алып, койлорду четке айдатып чыктым. Эмнесин айтайын? Ошондо төбөм көккө жеткендей болду. Кимиси болсо да атымдан айтпай, сыйлашып «Жумаке»

дешет. Эмне кылган менен ат ээси Курман да. Аны менен акылдашпай, байгени кантип үлөштүрсөм болот? Өзүбүзгө канчасын калтырайын, кайсынысы элге берүү жөнүндө ага акыл салдым.

– Абаке,– деди Курман мени карап,– абаке, атыбыз чыгып абийирибиз жабылды. Эл минтип сизди урматтап, оозуңузду карап турат, Байге деген, олжо деген ошол. Андан артык эмне керек? Бер, баарын да таратып бер! Элдин көңүлүн, алкышын ал. Үйгө мал айдап кайткандан көрө, элдин алкышын алып кайталы...

Астында алтын жатса да карабаган ошондой бир асыл жигит эле. Байгенин баарын тең үлөштүрүп бердим. Айтоор, соогат сурагандардын эч кимиси кур калганы жок. Жадаганда «элге берген куруттан мени эмне куруттуң» дегенсип ат үстүнөн өбөктөп, элден артылта колун сунган Борбук молдого да үч сом карматтым.

Ат чабыштан кийин кошмокчу болуп, аш берген айылга барып түштүк. Алдыбызга коюлган чайды жаңы гана ичип боло бергенибизде, эшиктен чуу чыгып калды.

– Кокуй, качпасын!..

– Тозгула, кармагыла!..

Эмне болуп кетти деп, дүрбөп жапырт тышка чыктык. Тышта бир жигит кокуйлап, онтоп, сол бутун кармалап жерде олтурат. Мамыда байлоолу турган тору кашканы ал минип көрмөкчү болот экен. Чылбырын чечип, үзөңгүгө жаңы буту тие бергенде, тору кашка аны жоон сандан тиштептир да, ойт берип, четке чыга бериптир. Үйдө олтуруп жаңкы биз уккан ызы-чуу, жигиттин жолдошторунун үнү экен. Алар аттын алды-артына чыгып, коркуп, кармай албай жүрүшүптүр.

Тору кашка бет алдындагы бийик дубалдан эликтей түйүлдү да, ары жагындагы корукка өттү. Коруктагы күзгү беденин көк майсаң көрпөсүнөн эки-үч курдай чалды да, качууга бет алып, желе басып жөнөдү.

Балекет болуп качып, Курманды жөө калтырбагай эле деп, чебеленип, кыйкыра кеттим:

– Кагылайын, Курман! Атың качпасын... Өзүң эптеп карма!..

Курман жүгүрүп атынын туурасынан чыкты. Калпагын колуна алып, эки-үч курдай ышкырды эле, ботом, качып бара жаткан тору кашка селт этип токтой калса болобу. Курман дагы ышкырды эле, тору кашка кайта бурулуп, желе басып Курманга келди. Кулун кезинен тартып Курман ага ышкырык менен жем берип үйрөткөнүн андагы эл кайдан билсин? Муну бир жомоктогу тулпардай көрүп, таң калышты, кошул-ташыл сөздөр кетти:

– Тулпар экен, тил билет экен...

– Чаңына ат жетпейт экен...

– Качып бара жатканда ээси ышкырып, жанына чакырып алды.

Эртеси аш берген айылдан жөнөгөнүбүздө, Мырзабек бай жан жөкөрлөрү менен артыбыздан жете келди. Көрсө ал да аш берген байдын үйүндө конгон экен. Жанында Борбук молдо, Аланкөз, дагы-дагылары жүрөт.

Мырзабек мени жандап бастырды. Көптөн бери бапестеп баккан күлүгү бул сапардагы ат чабышта калып, эл ичинде шагы сынганын, мындан ары андай болбос үчүн ага бир күлүк керек экенин айтып келип, көзү Курмандын тору атына түшкөнүн билгизди.

– Ушул атка көзүм түшүп калды, Жумагул,– деди бай менменсине ээрине чалкалай олтуруп,– Атты баладан мага алып бер. Сураганын берейин.

Байга атыңды сат деп Курманга кантип айтам? Атасынын энчилеп калтырган жалгыз кыл куйругу эмеспи. «Жакшы ат – жанкаралдуу, балам, колуңдан чыгарба...» деп айткан сөзү да бар. Сат деп айткан күндө да ал атын сата койбосун беш колумдай жакшы билем. Мырзабекке, же «бар», же «жок» деп ачык жооп бере албай мукактанып, аяндап жүрүп келем.

Бай үзөңгүсүн чирене темине мага карады:

– Кана Жумагул, эмне дейсиң? Же сен баланын атын саттыргың келбей турабы?

Балекетке кабылган жолдошуна жардамга шашкан адамдай, Борбук молдо да ат үстүндө обдулуп, Мырзабекти коштой кетти:

– Бир койду бир серке баштайт – деген, Жумагул. Бизди баштап бөтөндөн намысыбызды алып берип жүргөн мына Мырзакем. Мырзакемдин ашта, тойдо кызыл өңү бозоргону бизге да уят иш. Көптөп туруп баланын атын алып берели. Арам өлгүр, күрөң ат ошентип чыкпай калып, Мырзакемдин да, баарыбыздын да шагыбызды сындырбадыбы...

«О, үйүң күйгөн Борбук,– дедим көңүлүмдөн. – Үйүң күйсүн. Кудайды карап кошомат кылсаң боло. Мырзабек биздин кайсы намысыбызды алып берди? Сага берген кайран үч сом! Кара теке сүзүп, кайдан аны сага бердим экен?»

– Баланын атадан калган жалгыз аты. Аны сат деп кантип айтам? – дедим мен башымды көтөрүп.

– Ошондойбу-а? Айтууга оозуң барбайт экен да. Анда биз эле айталычы. – Бурула карап: – О, Курман. Атыңдын оозун бери тарта бастырчы,– деди Аланкөз.

Курман ошол кезде балдар менен алды жакта бара жатты эле, атынын жүрүшүн аяңдата калды.

– Курман,– деди Алаңкөз,– атыңа Мырзакемдин көзү түшүп калыптыр. Атыңды ага сатсаң кантет? Мында биз, Жумагул болуп ошондой деп сүйлөштүк.

«Бул эмне кылганың, абаке?» – дегенсип, Курман көзүнүн кыйыгы менен мени жалт караганда менден андай сөз чыкпаганын билгизип, кабагымды чытыдым. Кайран бала анымды биле коюп, бирден кесе жооп кайтарды:

– Сүйлөшсөңөр сүйлөшкөн чыгарсыңар. Бирок мен атымды сата албайм.

– «Жалгыз ат, ат болбойт, жалгыз жака тон болбойт» деген кеп бар эмеспи. Жалгыз ат сага ат болуп бермек беле? Андан көрө аны сатып, бир топ мал кылып алсаң боло, чунак бала! – деди Борбук молдо да.

– Болбосо, молдоке, силерге болбой турган чыгар. Мага жалгыз ат – ат да, жалгыз жака – тон да болот.

Мырзабек жаман көзү менен олурая Курманга карады:

– Ботом, ойду-кайкы сөзүн айткан бул кандай бала. Атасын тарткан экен го. Атасы да эпке-сөзгө келбеген ушундай терсаяк эме болучу.

– Өлгөн атам сизге эмне кылды? Оозуңузга карап сүйлөңүз, бай,– деди кайран бала жалтанбастан Мырзабекке.

Ала-Тоонун шумкарындай жапайы өскөн чунак бала өлөр-тирилерине, келечегине карайбы? Чатак чыгарып, балаанын баарын башына үйүп албагай эле деп, коркуп кеттим:

– Кой, кагылайын, кой!

Курманды четтетип бастырганымда Мырзабектин үнү чыкты:

– Бул кандай, жубарымбек? Айткан сөздөрү ичти күйдүрдү го!..

– Ичиңиз күйсө туз жалаңыз! – десе болобу, Курман бурула калып.

– Ботом, эмне дейт? «Багалектеги бит башка чыгат» деген ушубу? Ойдо-тоодо жалгыз үй, жалгыз түтүн тентип, көчүп-конуп жүрүп, бул ээн баш үйрөнгөн экен. Көрсөтөм буга көргүлүктү.

Курман атын тык токтото калды:

– Көрсөтө албасаңыз эмне болосуз?

– Карма, кармагыла! Эмне турасыңар акыйлаштырып?

Белиндеги кынынан мүйүз саптуу, толтолуу бычагын бай сууруп алды. Бирөөгө өтө ачуусу келгенде «өлтүрөм сени, өлтүрөм!» деп коркутуп бычагын сууруп алмай анын адаты бар эле. Бай ошол адатын азыр да карматты.

– Кармагыла, мен муну өлтүрөйүн. Алаңкөз кайдасың? Кармасаңчы! Эмне турасың?

Алаңкөз, дагы бирөө Курманга карай умтулду эле, Курман Алаңкөздү тору кашкасы менен койдуруп өтүп, өрдөккө тийген кыраандай, беркисин да качырды. Ал жан соогалап, элди айлана качты. Ат үстүнөн Курман эч кимге алдыра турган түрү жок. Балекет болуп, байга да колу тийбегей эле деп, мен жетип, Курманды тизгиндей четке жетелеп чыктым. Ошол бойдон аны үйгө ээрчитип жөнөдүм. Антпегенде, эки ортодо чоң чатак чыгып кетиши да ыктымал эле.

* * *

Жаркырап жайнап, жаз келди. Тоо да, жака да жашарып, чымын-чиркей ызылдап, кой-эчкилер төлдөп, айылыбызда айран, жуурат батпайт. Жетим бала, жесир катын жакага жашаңга келсин, айран ичсин деп, Курманды энеси экөөнү тоодон жаныма көчүрүп алдым. Алтынай өңүнөн азып калыптыр. «Кантсин, эринин күйүтүнөн ошентип жаткан чыгар» деп өзүмчө божомолдоп коём. Бирок, андай эмес экен: оорулуу экен, өзү айтканда гана аны билип жүрөм.

– Жумагул,– деди ал бир күнү мени жанына чакырып алып. – Мен болсом минтип картайдым. Анын үстүнө көзүм ириңдеп, көкүрөгүм кирилдеп, оорулуу да болуп барам. – Кемпир көзүнүн шоросун жеңинин учу менен сүрттү да,– атасы,– деп койду. Илгертен бери келе жаткан жорук-жосун боюнча Алтынай Чортекти атынан айтпай, тергеп, «атасы» дээр эле. – Атасы,– деди сөзүн улантып. – Ыраматылык атасы айта калчу эле: жалгызымды үйлөндүрүп өлсөм арманым жок деп. Бирок абышкам тилегине жете албай арманда кетти. Мен да ошондой боломбу деп корком, кагылайын. Көзүмдүн тирүүсүндө уулумду үйлөндүрүп, келинимди көрүп, анан өлсөм, дейм. Кукеме четин чыгарып айтсам, уялып атабы, билбейм, унчукпайт. Өзүң сүйлөш, акылдаш. Элде кыз көп. Уулумдун көңүлүнө жаккан бир жакшы кыз тап.

Кемпирдин осуятын орундатайын деп ошол күнү Курманга энесинин тилегин айттым. Элибиздеги түзүк деген кыздардын баарын бирден жипке тизгендей санап өттүм. Жадаганда Сарымсактын сары кызын да, Күрүчбектин Жамалын да айттым. Бирок алардын эч кимиси да Курманга жаккан жок.

– Ботом, анан кимге үйлөнөсүң? «Кыз жактырбаган тазга жолугат» болуп жүрбө,– дедим күлүп.

– Неге жакпасын, абаке? Жаккандары бар,– деди Курман да күлүп.

– Ботом аның ким эле?

– Айсулуу.

**6**

Керимбектин жыргал издеп, Токмокко көчүп кеткенин жогоруда айтып кеттик го. Ошол бойдон сен көр, мен көр болуп, дайны чыкпай калган. «Шордууга бирдеңке болгон экен го? Болбосо дайынын билдирет эле» деп, кейип-кепчип жүрүүчү элек. Көрсө аман-эсен экен. Аны биз өзү келгенде гана билдик. Сураштырсак, иштин жайы мындайча болуптур:

Керимбек келинчеги Айжанды, алты жашар кызы Айсулууну ээрчитип, Кара-Коңузга барат. Кара-Коңуздун аркы төмөн жагы ал кездерде «Шор-Дөбө», «Кройт-Камыш» деп аталуучу. Кройт-Камыш – саздуу, камыштуу жер. Илгери камышынын көптүгүнөн ага кирген жылкы көрүнбөгөндүктөн «Кройт, кройт»!.. – деп, эл жылкыларын издешчү экен. Ошондон барып «Кройт-Камыш» аталып кетиптир. Шор-Дөбө болсо шору бар, саздак жер. Жай, күз чендерде бул жерге бара калсаң, үстүнө айланган чымындан башың адашат. Дунгандардын байлары ошол жерлерге бал жасап, жал көтөрүп, күрүч айдашар эле. Күрүчтүн түйшүгү көп. Айдоосу да, отоосу да, орусу да суу ичинде. Бирок кирешеси мол. Бай дунгандар контрабандалык кылып, Кытайга апийим да алып барып сатышаар эле.

Айла барбы? Керимбек келинчеги экөө бай дунганга жалданып иштешет. Жалданган жумушчулардын ичинде дунганы да, орусу да, казагы да болуптур.

Керимбек дунганга беш жыл иштейт, бирок андан да эч бир жакшылык көрө албайт. Зайыбы экөөнүн тапканы ичкен тамагынан да артпайт. Жумуштун залдарынан зайыбы Айжан оорулуу болуп, Керимбектин турмушу оордойт. Токмок менен Кара-Коңуздун ортосунда дунгандардын күрүчүн тарткан Ягор деген бир кедей орус ошондо Керимбекти үйүнө – Токмокко көчүрүп келет.

Токмокто турганда да Керимбек татар, орус байларына жалданып жумуш кылат. Кийим-кечелүү, жууркан-төшөктүү болуп, бирин-эки мал да сатып алып: «эми элге кайталы» деп турганда Айжан дүйнөдөн кайтат. Өзү да көкүрөк оорулуу болуп, шаардагы доктурлар: – «Элиңе кет, кымыз ич, эс ал, жаныңды бак, эми сага оор жумуш жарабайт» – деген соң аргасыздан элине – бизге келиптир.

Башынан өткөн оор окуяларды айтып келип, Керимбек:

– Орустун да орусу бар экен го. Ягордун жакшылыгын көп көрдүм, ал болбосо өлөт элем – деп, эки сөзүнүн биринде айта калчу эле.

Айсулуу ошондо он беш, он алтыга келген кези экен. Айсулуу десе айсулуу дегендей, бети айдай, кара каш, карагаттай мөлтүрөгөн көзү бар, сылык, илбериңки, сонун сулуу кыз болуптур. Ай, дүйнөдө андай кыздар болбойт го!

Көпчүлүк деген көл тура. Көпчүлүктөн айлансак болот: «Кызын жетелеп атайын бизди издеп келген турбайбы. Өз кишибиз эле, кантип аны жер караталы» – дешип,

бирөө – кийиз, чийин, бирөө – түндүк, уугун ала чуркашты. Эптеп кураштырып бир боз үй тигип бердик. Колунда барлар өрлүктөп, кой-козусун да, чай-майын да алып келип жатышты. Айсулуу ошондо энесинин жогун билгизбей, кемпирлерди «энекелеп», карыяларды «атакелеп», эки колун бооруна алып, келген меймандарды урматтап узатып жатты.

– Кагылайын, кандай кыз?

– Кыз деген ушундай болсо боло!

– Шаар тартибин көргөн кыз эмеспи. Аман эле болсун бечара! – дешип, кемпирлер бирин-бири түртүшүп, баш ийкешип, ооз учунан күбүрөп, сүйлөшөр эле.

Алтынай менен Айсулуунун энеси – ыраматылык Айжан экөөнүн кандайдыр бир жакындык жайы боло турган. Бири эже, бири сиңди болуп жүрүшчү. Айжанга бата окуймун деп кийиктин этин артынып, Курманды ээрчитип, бир күнү Алтынай да келип калды. Айсулууну кучактап, бетинен өөп, сиңдиси Айжанды эстеп, бышактап ыйлап да алды.

Курмандын Айсулууну көрбөгөнүнө жети-сегиз жыл болгон. Мурда Курман аны эркелетип, ойнотуп, бир тууган карындашындай көрүчү. Айсулуу да аны «байкелеп» мойнунан кучактап жанынан карыш чыкчу эмес. Мына ошенткен Айсулуу бүгүнкү күндө он алты жашка келип, көргөн жанды суктандырган сонун, сулуу кыз болуптур. Курмандын жашы болсо ошол кезде, жыйырма экиден жаңы гана ашкан.

Экөө бирин-бири астыртан карашып жылмайышат. Өткөн балалык чактарын эстешет болду бекен? Же жашчылык илеби тынчын алып, жүрөктөрүн кытыгылайбы? Ким билсин, жаштардын анысын… Анда-санда көзүмдүн

кырын аларга салам да сыр билгизбей Керимбек менен сүйлөшүп олтура бердим. Зайыбым да Алтынай менен баш ийкешип, өткөндү-кеткенди айтып, чай куюп берип олтурат. Азизим анда беш-алты жашка келген кези. Бирде энесине барып, бирде мага келип, бизди сүйлөштүрбөй алагды кылып жатты эле, Айсулуу аны биле койду:

– Келчи, кагылайын, жүрчү тышка чыгалы. – Баланы колунан жетелеп тышка чыкты. – Көрдүңбү, садага, Курман байкеңдин атын? Кандай сулуу ат!

Айсулуунун мунусу балага эмес, Курманга айткандай, сүйлөшүүгө аны тышка чакыргандай болду. Курман да жылып тышка чыкты.

– Курман ага! – деди Айсулуу, Курман тышка чыкканда. – Атың кандай сулуу ат? Кайдан таап алгансың? Мындай аттарды мен шаардан көрдүм эле.

– Кулун кезинде атам сатып берген. Өзүм багып чоңойттум.

– Жоошпу?

– Жоош.

– Минейинби?

Курман Айсулууну колтуктап мингизмекчи болгондо үйдөн туруп кыйкырдым:

– Кагылайын, Курман, чеберде, жыгасың...

– Кимди? Айсулуунубу? – деди Курман тышта туруп. – Кимди жыгарын, кимди жыкпасын билет тулпарым.

Чайдан кийин тышка чыксак, Кочкор суусунун боюндагы жалгыз аяк жол менен Айсулуу атчан бастырып келе жаткан экен. Курман жөө жандай басып, колун шилтеп, бирдеңкелерди сүйлөп келет. Ошондо эки жаштын ортосунда сүйүү-сүйүлүү учкуну пайда болгонун сездим эле. Бирок, мен ал кездерде ага көп анчалык баа бербеп-

тирмин. Эми Курман айтканда гана билип олтурам. Мен буга сүйүнсөм да, кайта күйүндүм: Айсулууну Мырзабек токолдукка алат экен, үйлөнөт экен деген кабарды жакында гана уккам. Кокустан, Айсулууга ал үйлөнүп алса, балааны башына үйөрү чын. Ансыз деле бир аттуу болом деп баланын досунан жоосу көп болуп олтурбайбы.

«Капырай, мунун акыры кандай болор экен? Жакшылыкка алып баргай эле» – дедим, өзүмдөн өзүм күңкүлдөп.

О, жалган десеңчи! Дөөлөт кимди мас кылбайт, кимди көптүрбөйт? Мырзабек дөөлөтүнө көөп, шариятка туралап, зайыптарын төрткө жеткизсем, токолдукка дагы бир сулууну алсам деп ниеттенип жүргөн кезинде, асмандан издегени жерден табылгансып, кызын ээрчитип, Керимбек да көчүп келип калды. «Керимбектин кызы бар – дейт, сулуу – дейт, шаар таалымын алган адептүү, илбээриңки, акылы бар, жакшы кыз – дейт» – деген кабарды Мырзабектин кулагы чалбай койгону жок.

– Э-э, Аланкөзүм! Кел мында! – деп ал бир күнү Аланкөздү жанына чакырып алат. – Өзүң билесиң. Аланкөзүм, Кудаа насип кылса, шарият буюрса, токолдукка дагы бир ак жоолук алсамбы деген ниетим бар.

– Ооба, байым, билем аныңызды. Айтыңызчы кимди алгыңыз келет? Көрсөтүңүз, ошол замат эле мен аны үйүңүзгө келтирем.

Шермендениn айтканын кара! Койнундагы жарын да Мырзабекке берүүдөн кайра тарта турган көрүнбөйт. Ал өл десе өлгөнү, тирил десе тирилгени турат. Олда оопасыз дүнүйө ай! Адамды бай, жарды кылып, экиге бөлүп эмнеге жаратты экен? Акылы аплатундай адамдар да жоксуздуктун саатынан кор болушту го. Андай адамдар

азыркы күндө гана өз тилектерине жетишти. Курманды эстесем, каным кайнап, жүрөгүм өзүнөн өзү зырпылдайт.

– Билсең,– деп Мырзабек сөзүн улап,– жаңкы Керимбектин баягы кичинекей ак жуумал кызы жакшы кыз болуптур деп угам. Ошону барып көрүп келсең кантет?

– Көрдүм, байым, көрдүм.

Алаңкөз Айсулууну сүрөттөп айтканда бай шилекейин чубуртуп, ууртунан күлөт:

– Болду, болду... Токолдукка ошону алайын.

Мырзабек Борбук молдого кошуп, аны Керимбекке жуучулукка жибермекчи болгондо, Алаңкөз байынын анысын макул көрбөйт.

Жамандык жерге жатчу беле? Керимбектин Мырзабекке чоң таарынчысы бар экенин Алаңкөз элден уккан. Маңдай терин агызып, ак эмгек кылса да, бай аны кордоп, үйүнөн кууп чыгарганын ал да жакшы билет. Ошенткен байке Керимбек бат эле кантип агара, жумшай койсун? Өзү да минтип оорулуу болуп көр оозунда турат. Ага байлыктын, малдын эмне кереги бар? Анын байлыгы – жалгыз кызы Айсулуу. Айсулуу дегенде ак эткенден так этип, ага айланып, үргүлүп, «каралдым, жалгызым» деп, анын көзүн карап олтурбайбы. Ошенткен жалгызын ал өзүндөй бир чалга, жоосуна, малга кантип сатат?

– Аткенде болбойт, байым. Аны алдоо, арбоо керек,– деди Алаңкөз.

– Кандайча?

Керимбектин кургак учук оорусуна эмне дары? Албетте, кымыз, эт. Бирок, кедейге алар оңойлук менен табылбайт да. Андай болсо, ага эптеп жем жедирүү, суу ичирүү керек. Куу тамак үчүн абада учкан куш да, сууда сүзгөн балык да колго түшөт эмеспи. Керимбек адам

да. Адам болгондо да ачынган адам. Ачынган адамга жем көрсөтүп пөпөлөсөң, куштай учуп колго түшөт. Антиш үчүн бай азырынча ага аздыр-көптүр сорпо-шилеңиң деп союш берип, конокко чакырып, даам таттырып, «эт», «кымыз» демиш болуп, жайлоого көчүрүп ала кетсе, Айсулуу аныкы эмей кимдики? Ушунун баарын жипке тизген мончоктой тизип айтканда, Мырзабек:

– Баракелде, жарайсың! – деп, мыртыйган колу менен аны далыга кагат.

...Ошол окуядан кийин жогоруда мен айткан ат чабыш болгон. Ат чабыштын артынан тору кашка жөнүндө Мырзабек менен Курман чатакташып калышпадыбы. Эгерде, Мырзабектен Курмандын ат чабышта гана мөрөйү үстүн болбостон, бирөөнү сүйүүдө да мөрөйү андан үстүн экенин бай билген болсо, ал чатак – кандуу чатакка айланып кетишинде шек жок эле.

Ат чабышта Курмандын аты чыгып, эл оозуна алынып, кыздын сүйүүсүн ого бетер тутандырды. Кыздын бардык ою, жан жүрөгү Курманда. Анан кантип Мырзабекке ал токолдукка барсын? Ага барып, аны менен бирге өмүр сүрмөк түгүл, аны көрөйүн деген көзү жок. Айсулуунун анысын мен гана беш колумдай жакшы билем. «Сактыкта кордук жок» деген. Сак болушса экен, жаштарга байдын зыяны тийбесе экен дейм, олтурсам, турсам да. Бир күнү Мырзабектин арам оюн Курманга эскерттим эле, колун силкип:

– О, Жумаке! Андай арам тамак, жатып ичерге бара турган Айсулуум анчалык акмак эмес. Ал жөнүндө кам жебе, Жумаке. Камды мына мен өзүм жейм. – Жанында турган Айсулууга күлүңдөй карап койду. – Ушундай эмеспи, Акиш!

Айсулуу ага башын ийкеди:

– Ошондой, Мырзабекке токол болгондон көрө, тоголонуп көргө киргеним артык.

Айсулуу Токмокто турганда татар мектебинен окуптур. Татар балдарына орус тилинен сабак берген орус аялынын үйүндө да туруптур. Орусча жазганды да, сүйлөгөндү да билер эле. Өзү менен бирге орусча, татарча көп китеп ала келген.

Эл четинде, тоо арасында аңчылыкта жүрүп китеп дегенди Курман такыр эсинен чыгарып койгон. Китептерди көргөндө табына келген кыргыйдай чакырып, китептен башын көтөрбөй окур эле.

– Кагылайындар,– дедим бир күнү ал экөөнө. – Эмнеге мынчалык көп окуйсуңар китебиңерди? Китептен силерге эмне пайда? Мында – тоо арасында китепсиз эле жашоого болбойбу?

Айсулуу мага каршы боло кетти:

– Андай эмес, аке. Дүнүйө жүзүндө жалаң гана – биздин тоо бар дейсизби? Тоо арасында Россия, Россиядан ары – далай эл, далай жер бар. Аларды билүү үчүн китеп бизге чоң жардам берет. Бөтөн элдин өмүрү менен турмушун, кайгысы менен кубанычын бизге билгизе турган да ушул китеп.

– Ооба,– деди Курман да аны коштоп. – Жакшы китеп – жан азыгы тура. Китептерди окуган сайын, өз турмушумду жакшы түшүнө баштадым. Эмнеге адам баласы экиге бөлүнөт: бай, жарды болуп. Мырзабек биздин элге эмнеге чоңдук кылат? Ага тыюу салууга көпчүлүктүн күчү келбейби? Ушуга түшүнө албай башым маң...

– Ага түшүнгөн кишилер бар,– деди Айсулуу Курманга карап. – Аларды Россияда – революционерлер деп аташат.

Байлардын жазасын берүүгө элди үйрөтүп жүргөндөр да ошолор. Айлар өтөр, жылдар өтөр... Күндөрдүн биринде биздин Ала-Тоонун арасында да жаркырап жайнап, жаңы турмуш келер. Бул жөнүндө Токмоктогу жаңкы мугалим орус аялы нечен курдай айтканы эсимде.

Караңгы жаным Айсулуунун айтканын түшүнбөдүм. Башты оорутуп эмнени айтып олтурат дегенсип, оозу-башымды кыбыратып тим болдум. Көрсө, кайран кыз ушул замандын болорун билип айткан экен го.

Китеп окуганды билбесем да, ниетимде кишинин жүрөгүндөгү сырды окугандай эле билчү элем. Кара ниеттердин бири – жүзү кара Мырзабек. Анын жүрөгүндө сары майдай сакталып келе жаткан арам ой мага маалым. Эмнеси болсо да сак болгула. Бай гана эмес, байдын жан жөкөрлөрүнө да көрүнөө бирге жүрбөгүлө деп, эки жашка кат-кат айтаар элем.

Июнь айынын аяк чени. Эл жайлоого көчөр мезгил. Бир күнү элдин алды жайлоого көчө баштады. Мырзабек да көчөмүн деп, элге сорпо-шилең бермекчи болуп, мал союп, конокко айыл-апаны чакырды. Чакырылгандардын ичинде мен да, Керимбек да бар. Керимбек байдын тузун татымак түгүл, жүзүн көрөйүн деген көзү жок эле. «Ушунча» эл барып жатса, барбай койгонуңуз уят болор. Баралы. Иттик кетсе өзүнөн кетти. Кадырлап минтип сизди чакырганы – өткөн-кеткенди унутсун деп, астыңызга түшкөнү» – деп, көшөөрүп жатып, мен аны да ээрчите баргам.

Мырзабектин үйүндө толгон эл. Баары тең кымызга ала күү. Күндөгүсүнөн бай өтө чак-чак. Көктөн издегени жерден табылгансып, карт-карт күлүп коёт.

Ичибизде Курман да бар. Курманды Мырзабек көрө коюп:

– Кел, балам, кел! Эр жигиттин эл ортосунда олтурганы жакшы. Олтур мындай,– деп аны жанына жакын олтургузуп, колундагы чоң чыны кымызды сунду. – Балам, бая күнкү болгон ишти унутуп кой. Улуу кишимин го. Ачуулансам ачууланган чыгармын.

Андан кийин Мырзабек Керимбекке карады:

– Керимбек, сен өтө аз ичтиң го, ичсең дагы. Кымыз жакпаган оору болобу.

Андан ары эмнеден баштап айтарын биле албай, кайсалактай түшкөндө, куйту Алаңкөз биле коюп, сөздү улап кетти:

– «Жагат» демекчи Мырзаке, эсиңизде бар бекен? Баягы жылкы шаардан келген төрө жигиттин да (Керимбекти карап) Кекемдин оорусундай оорусу бар эмес беле?

«Чунак, кайсы төрө жигитти айтып башты катырып олтурат? Андай төрө жигит меникине келген жок эле го»,– дегенсип бай, капканга түшкөн карышкырдай, алактап, эки жагын карана кетти. Эмне деп жооп берерин биле албай, жаагын таянып, ойлонгонсуп калды. Мындай оор учурларда жигитти ага кинаялап далай сырды билдирчү. Эми да ошентип жаткандыр, коштоюнчу, аягы эмне болуп чыгар экен деп:

– Ботом, ал кайсы жигит эле? – Калп эле ээгин кармалады. – А-а баса, эсиме эми түшпөдүбү... Ооба, ооба... Баягы көк кыяда бастыра албай калганда, сен жетелеп алчу жигитти айтып жаткан турбайсыңбы?

– Ооба, ошол жигит,– деди Алаңкөз. – Жетелеп алганымды унуткан эмес экенсиз го?..

Керимбек шекилдүү ал жигит да адегенде тамакты батыра иче албаганын, бара-бара кымызды шимире ичип, этти чеңгелдеп сугунганын, семиргенин, айыкка-

нын – Алаңкөз айтып келип: «жаның болсо мындан аркысын эми өзүң айт, Керимбекти жайлоого чакыр» – деген маани менен Мырзабекке көзүн ымдады. Баятан берки аңгеме эмне жөнүндө болуп жатканын ошондо бай биле коюп, жигитинин айлалуу амалына кубана ыкшып күлдү. Мунубузга олтурган эле шектенбесин деп, көзүнүн жашын сүрттү да, сөзгө келди:

– Ошол жигиттин кылыгын кантейин: этти элче сугунам деп жатып, бети-мурдун майлап алганычы.

Андан ары Мырзабек Керимбекти тооруй Айжанды эскерте кетти. Анын эмгегин, кулк-мүнөзүн мактап коёт. Ага жаны ачыган адамча кайгырымыш болуп: «ыраматылыктын арбагына» – деп, Борбук молдого куран окутту. Керимбекке акыл-насаат айтып, акырында аны жайлоого чакырды:

– Менде акың көп, Керимбек. Аныңды мен кантип унутайын? Эриш-келиш деген жакшы эмеспи. Бизден келип ушинтип даам татып жүрсөң... өз үйүң, өз ашың. Ооруңдун дарысы – эт менен кымыз да. Мени менен бирге жайлоого чык.

– Атаганат, сөз эмес бекен!..

– Ошент, Керимбек, ошент...

– Жайлоого чык,– дешти кошоматчылар байды коштоп.

«Канткен менен нечен жылы малын баккан малайы эмеспи. Катынынан ажырап, минтип арып-ачып мусапыр болуп келгенине бай боору ооруп жаткан чыгар» – деп, ак көңүл жаным мен да аларды коштодум:

– Ошент, Кеке, ошент. Жайлоого чыгыңыз. Жаныңызды багыңыз.

Керимбек элдин көөнүн кыя албай макул болду.

Мындан бир нече күндөн кийин ал Мырзабек менен жайлоого көчтү.

Келген-кеткен кишилерден сураштырсам, жайлоодо Керимбектин ал-жайы жаман эмес көрүнөт: «Оңолуп калды. Эт, кымыздан бай өксү кылган жери жок» деген кабарды угуп, санаам тынчыгансыйт. Ошондо да курган жүрөк чыдатпайт. «Кыздын сыры төркүнгө маалым» – дегендей, Мырзабектин сыры мага маалым да: ач көз, арамза адам. Ач көздүгүнөн жетимдин жалгыз атына көз артып, бербей койсо анын карышкырдай жек көрүп олтурбайбы. Анысы аз келгенсип, аны сүйгөн кызы – Айсулууну алам деген ою бар. Ай, мында бир арам сыр болбосун деген күдүк ой менде.

Ошол оюм туура болуп чыкты. Бир күнү «Мырзабек Керимбектин кызына үйлөнөт экен, Керимбек ага бермек болуптур» деген кабар угулду. «А, жүзү кара! Ошол үчүн Керимбекти айланткан экен го? Кайран кыз!» – дедим Айсулууну аяп.

Бул кабардын чын-төгүнүн барып билейин деп турганымда Керимбектин өзү да биздикине келип калды. Өңү жок, кабагы бүркөө. Шашылып келгени көрүнүп турат. Болбосо оорулуу кишинин убара болуп, тоодон жакага келе турган анчалык эмне жумушу бар?

Атынан колтуктап түшүрдүм.

– Каке, кандай? Ичкен-жегениңиз жагып, жакшы болуп кеттиңизби?

– Э, жакканы курусун! – деди Керимбек кейип. – Кымыз ичпей уу ичтим, эт жебей таш жедим.

Чочуп кеттим:

– Ботом, эмне болду? Эмнеге антесиз?

Керимбектин айтуусунан улам болгон ишти билдим.

...Эртең мененки мезгил. Мырзабектин үйүндө толгон эл. Баары тең кымызга ала-күү. Мырзабек жанжөкөрлөрү менен төрдө кымыз ичип олтурат. Ичтеринде Керимбек да бар. Керимбекти Мырзабек көзүнүн кыйыгы менен улам-улам карап коюп, сөз баштайт:

– Агайындар, дейт ал,– Керимбек минтип араңарда олтурат. Бул, менин гана коногум эмес, баарыңардын коногуңар.

– Сөз эмес бекен?

– Калети жок... – дешет олтургандар жарыша сүйлөп.

Бай, аңчы тайгандыкындай болгон ууртун салаңдатып, аптыга демин алып, бир аз турат да, сөзүн улантат:

– Эми, агайындар, силерге эп келсе, менде бир тилек бар. Ошону айтсам кантет?

– Айтыңыз, айтыңыз...

– Эмне деген тилек экен?

– Айтсам «Кудаа кошкон – куда, пайгамбар кошкон – дос болот» – деп, Керимбек менен куда болушсам деген ниетим бар. Мурда менин кызматчым эле, эми кудам болсун. Мурда кедейим эле, эми байым болсун. Муну кандай дейсиздер?

Байдын кошоматчылары койго козу жамырагандай туш-туш жактан чыгышат:

– Деги эле ырас болот.

– Керимбектин тилегени ошол эмеспи?

– «О, шерменде! – дептир Керимбек көңүлүнөн. – Эмне эле бул мага мынчалык эзилип атат десем, ушуну кылмакка ошентип жаткан тура. Алданба, Керимбек, Алданба!»

Керимбек унчукпайт. Кантип унчугат? Өлгөндөн калган жалгызды көз жашын көлдөтүп, кары чалга кантип

берет? Жок! Жок! Бул болууга тийиш эмес. Жаш кездеринде кемпири экөөнүн канын сүлүктөй соргон, далай кордук, далай азап көрсөткөн ушул Мырзабек эмеспи. Ал – анын душманы. Душманга кызын бергенден көрө өлгөнү артык...

Керимбек дагы эле болсо унчукпай олтура берет. Аландкөз обдулуп ордунан козголуп:

– Эмне дейсиз, Кеке? Мындай тилекке каршы болбостурсуз – дейм. Борбук молдо да Аландкөздү коштой кетет.

– Кайдан каршы болот? Керимбектин көктөн издегени жерден табылып олтурса... Алла-таалам бактыралын ачсын.

Керимбектин үнсүз-сөзсүз олтурганын көрүп, Мырзабек тынчы кетип, бир жагынан чыгат:

– Сүйлө, Керимбек. Бул да болсо сенин бактың экен... Каршы боло койбоссуң.

– Кайдан каршы болсун?

– Атаганат десеңчи!..

– Каршы болмок түгүл, кайта... – дешет байдын баягы жан жөкөрлөрү. Элдин уу-чуусу басыла түшкөндө Керимбек башын көтөрүп мындайча жооп кайтарат:

– Мен макул эмесмин, кызым макул болот экен, анда бир жөн.

Айсулуунун макул болбосун Мырзабек беш колундай жакшы билет. Себеби, өзүнүн жашы элүүдөн эчак ашкан. Теке сакалданган, быйпык, көзү да тостоюп чанагынан чыгып турат. Акыл, эси бар кыз ага кантип тийсин?

– Кыз деген буйлалаган төө болот, кайда жетелесе, ошо жакка кете берет,– дейт бай обдулуп, олурая Керимбекке карап.

– Жок, мен анте албайм.

– Эмне дейт, ботом? – Мырзабек адатынча ороңдой кетет. – Сен баягы ооруңду карматканы турган экенсиң го, үйүмдөн даам сызып олтуруп... Мени кордогонун кара! Астаппуралла!..

Керимбек ордунан туруп, эшикке карай жөнөй берерде, Алаңкөз аны жеңден кармай калып, байына кайрылат:

– Эй, Мырзаке! Иштин башын ийгилик менен баштап, аягын чатак менен бүткөнүбүз кандай болот экен? Керимбек сөзүңүздү эки кылган жери жок: «кызым макул болсо, мен да макулмун» – дейт го. Ошол жагын ойлоңузчу. Кызы менен акылдашсын. Анын эс-акылы бар. Атасынын да, өз жыргалын да ойлоор...

«Жигитим бул сапар да бирдеңкени туюп атат го» – дейт көңүлүнөн Мырзабек. – Көп анчалык тыраңдай бербейинчи. Ачууланган менен эмне пайда? Андан көрө Керимбекти кайра жоошутайын...»

– Болуптур, эмесе,– дейт бай,– Керимбек, кечирип кой жаңкы сөздөрдү, ошондой ала чаап кетме адатым бар экенин өзүң жакшы билесиң. Анткени менен меникинин арты кайрымдуу.

Кымыздан кийин эл тышка чыгып жай-жайына тарашат. Керимбек Айсулуунун үстүнө кирбестен бет алды кетип барат. Кайда кетип бара жатканын өзү да билбейт. Бүткөн бою оор тартып, жүрөгү тызылдап, башы эңги-деңги. Көзү да алачакмактап, ою учуп алда кайда... Ал эмне ой? Кызынын тагдыры, өмүрү да «О, шордуу жаным? Аюудай болгон эзелги жоомо кызымды кантип берем?» – дейт Керимбек кетип бара жатып, каңырыгы түтөп.

Керимбек түпсүз, терең ойдун кучагына батып бара жатканда, кайдадыр бир жактан чайылдаган үн чыгат.

Керимбек аны этибарга албайт да, ал жакка кылчайып карабайт. Караганда эмне кылат? Малдын үнү болсо да, адамдын үнү болсо да ал үчүн баары бир. Мөлтүр суусу таштан ташка тийип, үн чыгарып, агып жаткан булакка жетип, жээгиндеги бодур ташка көчүгүн коюп олтура кетет:

– О, жүзү кара! – дейт терең үшкүрүп. – Эмнеге бул мага мынчалык боору ачып эзилет десем, Айсулуу үчүн тура. Ага аны кантип берем? Ага баргын, аны менен өмүр сүргүн деп кантип айтам? О, шордуу жаным?! Ушул азапты көрүүгө бул жакка көчүп келген турбайымбы?! Келбесем мындай азапты көрбөйт элем. Кордук, кордук!..

Керимбек эки колу менен башын мыкчып, оор күйүттө калып, ойлонуп олтурганда, кимдир бирөөнүн жушмак колу аркасына тиет. Бурулуп караса – Айсулуу.

– А, садагаң! Сен да мында белең?

– Ооба, атаке,– дейт Айсулуу, суздая атасынын мойнун кучактап. – Артыңан чакырсам укканың жок. Ээрчий келип баятан бери артыңда турам. Байкабадың. Эмнеге мынчалык кайгырдың, атакебай, айтчы, мен да билейин...

Болгон окуяны Керимбек оозу барып кызына айта албайт. Айтса, кызы күлкайырдай солбойбу? Жалгызын күзгү гүлдөй солуткандан көрө анын өзү солгону, өлгөнү жакшы...

– Анчейин, садагам, бүгүн табым жок... Сергир бекемин деп ушундайлап басым келдим.

– Жок, атаке, жашырып атасың. Болгон иштин баарын мен тышта туруп уктум. Ага кайгырбачы, атаке, оорулуу жаныңды кыйнабачы. Дөөкүрсүгөн байга оңойлук менен бара койбосмун. Эгер күчөп, тынчыңды алса, жообун өзүм беремин.

Кызынын мындай боорукер, камкордуу сөзүнө кантип чыдап тура алат? Керимбектин таштай каткан кары денеси жибип, көзүнөн мөлтүрөгөн жаш кетет...

...Ошондо кызы мойнунан кучактап, терең үшкүрүп, алаканы менен көз жашын сүртүп:

– Атаке, кагылайын атаке! Кайгырбачы!.. Оорулуу жаныңды азапка салбачы, кыйнабачы!.. – деди.

Керимбек аңгемесинин ушул жерине келгенде, очоктун жанында чай куюп берип олтурган кемпирим:

– Кагылайын, акебай! Түшүндүк... түшүндүк! Болду эми... андан аркысын айтпай эле койчу... – деп бышактап ыйлап жиберсе болобу.

– О, Кудай алгыр! Кайрат айтат десе... Мунуң эмне? – дедим ачууланып кемпириме.

Кемпирим көз жашын сүртүп ооз учунан күбүрөдү:

– Анан кантейин... Айсулуунун айткан сөздөрү жанымды кейитип, чиркин жүрөк чыдатпай баратса...

Керимбек акылдашайын деп келген экен. Курмандын адал жүрөк, айныбас, кайраты бар жигит экенин ага айттым.

– Мырзабек,– дедим сөзүмдүн аягында,– Айсулууну сүйгөнү үчүн алмакчы болуп олтурган жери жок. «Зайыптарым картайды, карыганда төшөк жаңыртайын, жыргайын» – деп эрмек үчүн алганы олтурат. Айсулуу ошону каалайбы? Жок! Кыз, жан-жүрөгүм менен бирөөнү сүйсөм, ал да мени ошондой сүйсө, дейт. Анысы ким? – Курман. Курманды ал сүйөт. Курман да аны... Өмүр шериги болсок дешкен экөөнүн тилеги бар.

– Атаганат, дүнүйө! Андай күндөр болсо арманым эмне? – деп койду Керимбек башын ийкеп.

Ошол жерде экөөбүз эки жашка жардамдашуу жөнүндө макулдаштык.

* * *

Жайлоодо Козубек деген бизге жакын бир адам кызын күйөөгө бермекчи болуп, той берди. Тойго бизди да чакырткан экен. Курман, Койчуман үчөөбүз барып калдык.

Козубектин айлы – Чуңкур-Төрдө, Мырзабектики – Көк-Булакта.

Эки айылдын ортосунда кичине бир белес бар. Белеске чыкканда, эки айыл тең алаканга салгандай эки жактан көрүнүп турат.

Күндүзгү той-тамашадан кийин кетели десем, Курман көп көңүлдөнбөйт. Себебин билем: Кечте кыз оюн болмок. Оюнга Мырзабектин айлындагы кыз-келиндер да, Айсулуу да келери анык. Айсулууну көрбөй, ага жолукпай Курман кантип кетсин?

– Макул, калсаң калып, эртең балдар менен келерсиң. Мен кетейин. Үйдө бирин-экин малым ээн калды,– дедим да Койчуманга кошулуп, үйгө жөнөдүм.

Көк кыяны ашып түшүп, орто жолго келе бергенимде, оюма бир нерсе кылт эте калды: Курманды жалгыз эмне калтырам? Мырзабек мытаам бирдеңке кылбасын аны...

Кокуй, Куке, мен кайра барайын...

– Эмне болду, ботом?

Себебин ага айттым да, атымды күшүлдөтө тер кылып, Көк-Кыяга кайра жете бергенимде түн кирди. Ары ашып, айылга жакындаганымда Ай көтөрүлдү. Коктуга атымды тушадым да, күйөө-кызга тигилген өргөөгө карап бастым. Үйдөн жаштардын шаркылдап күлгөндөрү, ырдагандары угулат. Күнү бою оттоп, карды тойгон семиз койлор короодо магдырап, жуушап жатат. Короонун

бер четинде маталган үч-төрт төө көрүндү. Өркөчтөрү тик турган... Семиз... Анда-санда кезектеше кулгушуп, ооздору тынбай кепшөөдө. Мени көрдүбү, же түн катып жортуп жүргөн бирдеңкени сездиби, айтоор бир ит арсылдап үрө кетти.

Мына өргөө үйдүн тышында да, ичинде да толгон жаштар. Мен курактуу оюнга ышкыбоз адамдар да өргөөнүн кереге-капшыттарынан шыкаалашып, ичтеги жаштардын оюндарына көз салууда. Ким менен кимдин иши бар? Аларга аралашып туурдуктун этегин көтөрүп, шыкааладым.

Оюнду башкарган сулууча келген кара тору келин экен. Колунда жоолуктан эшкен «токмогу» бар. Токмокту кыдыртып келиндерге берет, келиндер жигиттерге таштайт. Оюндун салты боюнча токмок ташталган жигит ырдоо керек. Ырдай албаса уйча мөөрөтүп, жылкыча кишенетет. Мен бара жатканда жаштар ыр билбеген бирөөнү мөөрөтүп, ошого шаркылдап күлүшүптүр.

Алды жакта олтурган бир жигит ыр билбесе керек, уйча мөөрөп уят болбоюн дедиби, ордунан тура жөнөдү. Баятан бери тикесинен туруп буту талыган бир жигит бошой калган орунга олтура калды. Токмокту кимге салсам деп, эки жагын каранып араң турган кызыл чийкил жаш келин, дароо ага токмок салды. Койлорго козу жамырагандай туш-туш жактан үндөр жаңырды:

– Ырда жигит, ырда!

– Сүйгөнүңө токмок сал.

Жигит ыр билбейт экен. Капысынан капканга түшкөн түлкүдөй, алактап калды:

– Ыр билчү эмес элем.

– Ыр билбейт экен, кандай жаза беребиз? – деди оюн башкарган баягы келин.

– Мөөрөсүн.

– Жок, кишенесин.

– Башка жаза берели. Улам эле мөөрөтө, кишенете беребизби?

– Туура айтат.

– Башка жаза берели.

– Түлкү тиштетели.

Бир келин шоонага чүпүрөк байлап коломтодогу күлгө ойдолотуп ары-бери сүйрөдү. Жигиттин эки кулагынан эки келин кармап тургузуп, коломтого алып келишти.

– Кана, калайык карагыла!

– Азыр бүркүттү түлкүгө салабыз.

Жиги өлөрман неме көрүнөт: башкалардай жалакайлык кылган да, качкан да жок. Шымаланып башын көтөрүп, тебетейин колуна алды:

– Тиштесем тиштейм. Кана түлкүңөр?

– Мына, мына!

Келин «түлкүнү» күл үстүнө ары-бери ойдолотуп турат. Жигит чөгөлөп, эки колу менен жер таянып, башын төмөн ийди. Бүркүт качырганда түлкү качат эмеспи? Мында да ошондой. Жигит ыкыс койгондо, келин «түлкүнү» тиштетпей өзүн көздөй тартып ала коёт. Бир кезде келин «түлкүнү» тартып ала койгончо, жигит оозу-мурду менен күлгө батып, «түлкүнү» күл-мүлү менен тиштеп алды.

Кыраан-каткы күлкү, айтылган алкыш сөздөр чыкты:

– Бали, азамат, жарайсың!..

– Жигит экенсиң...

Жигитти тургузуп, бети-колун жуудуруп, төргө жакын олтургузушту.

Оюн улана берди.

Эки көзүм Айсулуу менен Курманда. Алардын өз ойну, кызыктары өздөрүндө: күлүңдөшөт, сүйлөшөт, баш ийкешет. Эмне жөнүндө сүйлөшөт болду экен? Келечекте таттуу өмүрдүн эшигин ачуу үчүн сүйлөшөт, кеңешет го.

Ботом, ошентип ал экөөнүн сөздөрүн бузуп, келиндердин бирөө Курманга токмок салды.

– Курман, Курман!

– Эми кезек сеники!

«Чунак келиндер десе!.. Курманды уят кылыша турган болду го» – деп, чый-пыйым чыгып, тышта турам, Курман көпчүлүктөн сүрдөбөстөн токмокту колуна алды да, ордунан турду. Кыз-келиндерди кыдырата күлүңдөй карап алды:

– Эмне деп ырдайын?

– Бизге баары бир.

– Билгениңди ырда.

– Эмесе бир кишиге арналган эки-үч сабак ырым бар эле, ошону ырдайын.

Курман бир кадам алга аттап, токмогун айланта булгап, мындай деп ырдап жиберсе болобу:

Ак шумкардай айланып,
Араңарга мен келдим.
Алпурган жүрөк жайланып,
Асыл жарды мен көрдүм.

Кыз-келиндер Курманды карашып, бирин-бири түртүшүп, күбүрөшүп, тамшана кетишти. Издеген жогум табылгансып, кубанып, мен да тышта турам. Сүйгөн жары уятка калбай минтип ырдаганына Айсулуу да кубангансып, күлүңдөп коёт. Агирим көлдөн сүзүп, өгүп, оюн сал-

ган ак тулпардай, Курман да эки жагын жагалдана карап, жайдары ачык жүзү менен ырын улантты:

Жарым күйгөн шам чырак,
Шам чыракка мен ынак.
Ынагымды көрсөм деп,
Жүрөм дегдеп ар убак.

– Бали, азамат!

– Көп жаша, кагылайын! – дешти олтургандар чуулдашып. Курман жаштарды тамшантып ырдап, ырын мындайча бүтүрдү:

Топто олтурган кыз-келин,
Тобуңарды карайын.
Тобуңарда мен болуп,
Токмогумду салайын.

Курман солго бурулду да, токмогун Айсулуунун алдына таштап койду. «Олдоо олдоксон чунак ай, ээ! Келиндерге таштабай, Айсулууну уялтканы эмнеси?» – деп өз ичимден аны жемелеп атам. Менин оюмду кубаттагансып, келиндерден кимдир бирөөнүн үнү угулду.

– Кагылайын, Курман, мунуң эмне? Мында толгон кыз-келиндер турса...

Оюн башкарган келин ага каршы боло кетти...

– Жок, жок, Айсулуу!

– Айсулууга берди.

– Айсулуу! – дешти башкалары да чуулдашып.

Айсулууну ордунан тургузушту. Ал элден ийменип, алаканы менен бетин калкалады. Курман ага жакындай басып, имере кучактап, маңдайынан өптү. Ошол замат

сыртта мен шекилдүү шыкаалап турушкан үч-төрт кишинин бири чыкыйына келтек тийгенсип:

– Ай, жубарымбек, сага кылбасам! – деп селт эте башын көтөрдү.

«Бул кандай кара баскан эме?» – деп, карай салсам, ал – Алаңкөз экен. Мени байкаган жок. Шашкан бойдон атына жүгүрдү. Азыркы ишти байына айтууга жөнөгөнү көрүнүп турат. Мырзабек билсе, койнундагы аялына Курман колун салгандай, буркан-шаркан түшөөрү анык. Жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, өзү да мында келип калышы мүмкүн. Курманды тышка бир баладан чакыртып чыктым. Күтүлбөгөн жерден алдына пайда боло калганымды көргөндө Курман чочуп кетти:

– Абаке!.. Кайра келдиңби? Эмне болду?

– Сураба, кагылайын, жүр батыраак, кетелик.

Жолдон бурулуп кайра келгенимди, Алаңкөздү көргөнүмдү, азыр гана ал атына минип, иттерди абалатып чүгойгон бойдон айлына кеткенин айттым эле:

– Олдо абаке, ай! – деди Курман колун силкип. – Качан болсо эле коркосуз да жүрөсүз. Мырзабек эмне кылар дейсиң? Келип мага катылып көрсүнчү, кетпейм эч жакка!..

Курман үйдү көздөй баса бергенде, билектен алдым. Корксом керек: калтырап кеттим. Анан кантейин? Канкорлор келип калса, балага кордук көрсөтүшкөнү турбайбы? Курман жалт мени карап алды:

– Абаке, абакебай! Эмне болду сага? Макул кетели. Айсулууга бир ооз айтайын.

Курман камырабай жай басып үйгө кирди. Ал мына чыгат, ана чыгат деп күтүп, тышта турам. Убакыт болсо өтүп барат. Чыдай албай капшыттан үй ичине көзүм

салсам, колуна токмогун үйрө кармап, бир жигит ырдап атат. Токмогун кимге таштаар экен дегенсип, кыз-келиндердин көздөрү ошол жигитте. Айсулуу менен Курман да жигитке көздөрүнүн кырын салып, өздөрүнчө баш ийкешип сүйлөшүп атат.

«Шашпаган бул кандай чунак» – деп тынчым кетип, чебеленем. Тигил желдеттер келип калбагай эле деп эки көзүм айылдын ортосундагы белести улам-улам карап коём. Ай жарыгынан ал жак шаңкайып көрүнүп турат.

Биртикеден кийин Айсулуу Курманга «Бар эми, бар! – дегенсип башын ийкеди. Ошондо гана ал айласыздан акырын жылып тышка чыкты. Ошол кезде белестен бери ашкан Мырзабектин кишилери көрүндү: жүрөгүм дикилдеп, көзүм алачакмактап, аттарга Курмандан мурда жеттим. Кокту ылдый чугоюп, айлуу түндүн кучагына кирдик да кеттик.

Эртеси кыз-оюндан кайткан жигиттерден уктук: Мырзабектин жигиттери Курмандын ордун сыйпалап таба алышпай калат экен. «Кайындалган кыздын кыз-оюнда жүрүшү уят болот, жүр үйгө» – дешип Айсулууну үйүнө алып кетишиптир.

– Кимге кайындалды эле? Күйөөсү ким? Айтсаңар,– деп, жаштар туш-туштан чуулдашканда, Алаңкөз:

– Ким болмок эле? Мырзабек! – дептир.

Мындан бир аз күндөн кийин эле «Мырзабек Айсулууга үйлөнмөк болуптур. Жакында тою болот экен» деген кабарды угуп калдык. Бай Айсулууну колдон чыгарбайын, тезинен ага үйлөнөйүн деген эkенго дедик. Курманга айтайын дейм, айткан менен эмне пайда? Чунак бала иштин акырына, өлөр-тирилерине карайбы? Чуу салаар да бардык балааны башына үйүп алар. Айтпайын, үйлөнсө

үйлөнө берсин. Алтын жаны аман болсо, бирөө турган чыгаар,– деймин ары-бери басып.

– «Жок! Жок! – деймин кайра жинди болгон кишидей өзүмдөн өзүм күбүрөп. Андай кылыш жарабайт. Айсуудан ажырап Курман тынч жата койбос. Оор күйүткө ошондо калып, күзгү чөптөй саргаяр да жок болор. Андан көрө ала качып, Чүй өрөөнүнө кетсин. Андан аркысын көрө жатарбыз.

Курман кандайдыр бир жакка кетти окшойт, көрүнбөй калды.

Кийикке кеткен чыгар, келсин, анан айтайын дедим. Ошентип жүргөн кезимде ал бир түнү Айсулууну таң сүрө ала качып алып келди.

– Кагылайын,– дедим чебеленип. – Ырас кылган турбайсыңбы. Ушул жөнүндө сага өзүм да айтайын деп жүрдүм эле. Айсулуу кантип макул болду? – Бурулуп Айсулууга карадым.

– Макул болбогондо ага кантип токол болоюн?

Күлкайырдай кулпунган эки жаштын бирин-бири сүйүшкөнү өңдөрүнөн эле көрүнүп турат. Аттиң десеңчи! Жаш кездеги сүйүшкөнгө эмне жетсин?..

Сураштырсам, иштин жайы мындайча болгон: Курман Айсулуу менен кыз-оюн болгон түнү сөз байлашкан. Түн катып, ага астыртан барып жүрүптүр. Кийинки бир барганда, Керимбектин кеңеши менен Айсулууну ала качып келе берген. «Болору болду, боёгу сынды» дегендей, кызды алып келиптир, эми эмне кылчубуз? Мырзабек мытаам, оозунан жемин алдырган конкаргадай, Айсулууну колунан алдырып, тынч жата койбос. Бүгүн болбосо эртең дегендей эки жаштын кендирин кесиши мүмкүн. Андан көрө булар сактанып, ушу баштан Токмокко качышса, түзүк болор».

Ушул оюмду аларга айттым эле, Айсулуу адегенде макул болсо да, кайта кабыргасы кабышкансып, кабагы чытыла түштү:

– Анда атам кантет? Оорусу да бар: куруйт го?

Мен ага Керимбекти өз колума алып багарымды, аман-эсен алар Токмокко жетип жайланышканда аны өзүм эптеп алып барарымды айттым.

– Атаганат! Андай күндөр болсо бизде эмне арман? – деди Айсулуу терең үшкүрүп. – Анда Курман экөөбүз окуур элек, иштээр элек. Эмне болор экенбиз деп алдыбыздагы коркунучтуу турмушту ойлонбой, келечектеги жарык, эркин турмушту ойлоноор элек. Курмандын акылы, ар бир ишке эби, шыгы бар. Эл оозуна алынарлык адам болуп кетерине көзүм жетет. – Айсулуу жанындагы Курманды жалт карап алды да, башын анын көкүрөгүнө койду. – Олдо опасыз дүнүйө ай! Кең дүйнөнүн бизге минтип тар болуп турганын карачы!

Курман Айсулуунун маңдай чачып сылап, унчуккан жок. Кабагы бүркөө... «Эмнеге антет болду экен? Сөзүмдү жаратпай атабы? Болбосо бул да энесинин айласын таппай атат го...?» – дедим көңүлүмдөн.

– Курман, сен да энеңди ойлонуп атасың го... Аны да мен өз колума алам. Ал жөнүндө эч бир кам санаба,– дедим ага да.

Курман башын көтөрүп, мени карады эле, көз нуру чагылгандай жарк эте түштү.

– Жок, абаке, аныңыз болбойт! – деди Курман башын чайкап. – «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дейт. Элден бөлүнүп кайда барам? Эмнеси болсо да эл менен болгонум жакшы. Өз бактыбызды, өз жыргалыбызды издеп, ата-энебизди мында Мырзабектин колуна таштап Токмокко

качсак, табарыбыз эмне? Мындай кылыш жарабайт аба-ке. Андан көрө эл кайда болсо, мен да, ошол жакта болом. Өлсөм сөөгүмдү элим көөмп коёр. – Курман жылмая Айсулууга бурулду. Акиш, Данко баатыр жөнүндө айтканың эсиңдеби?

– Ооба, эсимде,– деди Айсулуу да аны карап. – Эсимде. Сен да ошондойсуң Куке.

– Ботом, даңкаңар ким эле, кагылайын? – Таңыркай Айсулуудан сурап калдым. Антпесем, ал экөөнүн айтканына түшүнө турган көрүнбөйм.

Айсулуу бирде мени, бирде Курманды карап, Данко баатырдын баянын мага айтты. Ал орус элинин жазуучусу Максим Горькийдин китебиндеги баатырдын ысмы экен. Ээгимде эрбейген сакалым болсо да ал кезде мен анын ким экенин билгеним жок эле. Азыр болсо аны айлыбыздагы пионер балдардын баары билишет.

– Эмесе, кайран бала ошо баатырдай эл менен Курманга алмак-салмак көзүм салдым... – Эмесе, агайын дос дегендей... айыл-апага кабар кылайын. Алар силерди Мырзабекке кор кылдыра койбос.

Дароо тиги жакка, бул жакка чапкылап, жатакчыларга кабар айтып, жаныма бир топ үйдү көчүрүп келип кондурдум. Жадаганда Койчуман карыя да көчүп келди. Антпегенде жалгыз ат, жалгыз тондуу жетимди Мырзабектер карышкырдай талашканы турбайбы...

– Кана, эр болсо Мырзабек эми келип көрсүнчү!

– Түрүү туруп, Айсулууну ага кантип берели,– дешти айылдын кары-жашы дебей дуулдашып.

Кемпирим да аларды коштоп, бир жактан чыкты:

– Өлүгүн көрөйүн ошонун... Айсулуу анын никелеп алган токолу бекен? Колу-жолу бош: кимге тийсе өз эрки.

Курманга өбөк табылганда Алтынайдын таш эмчеги жибигендей, өлгөнү тирилгендей болду:

– Кайратыңардан кагылайын, эл-журт! «Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот» – деген. Ошентип жалгызды жер каратпай канат-куйрук боло көргүлө. Силерден башка анын кими бар? Уулумдун алды – аскалуу зоо, арты тигинтип ырайымсыз жоо болуп турганда, койнуңарга катып жашыруучу силерсиңер, кагылайындар.

Мырзабектин да, жигиттеринин да дайыны чыкпай калды. Биз да аны айыл-апанын сүрүнөн корккон экен, эми ал келип Курманга катыла албайт деген ойдо болдук. Курман Айсулуу менен энесин алып, жылганын өрдөшүндөгү туюкка көчүп кетти. Оозун тозуп биз калдык.

Керимбекти Мырзабек айлынан кууган экен, ал да жөөлөп-жалаңдап бир күнү биздикине келди. Оорусу мурдагысынан күчөп калыптыр: жөтөлгөн сайын өпкөсүнөн кан кетет. Айсулууну чакырталы десем, алсыз үнүн чыгарып, башын чайкады:

– Мейли, ошол жакта тура беришсин. Курман баатыр… балбан жигит. Астында аты, колунда бараң мылтыгы турганда ал эч кимге алдыра койбос. Мырзабек да көрүнөө катыла албас. Өмүрүм саналуу: көп жашай албасмын… Эски досум элең, өлүктүн кебин тири сыйлабас кылбай, сөөгүмдү ата-бабаларым көмүлгөн жерге коёрсуң…

Ага карабастан Айсулуу менен Курманга астыртан кабар айттырдым. Алар келгенче Керимбек да дүйнөдөн кайтты.

– Айланайын, атаке! Мени эмне жалгыз калтырдың? Эми мен кантем? – деп Айсулуу өлүктү кучактап, өксүп-өксүп ыйлады.

Көңүл айтып, «кой-ай!» дешке кудиретим келе алган жок. Муунум бошоп, көзүмө жаш алдым. Курман акырын басып келип, Айсулууну кучактап, мээримдүү, боорукер үнүн дирилдетип:

– Жаным, Акиш!.. Акылым... Сабыр кылсаң! – деди.

Өлүктү жайына койдук. Эл тарады.

* * *

Ошентип, эки жаш эрли-зайып болуп өмүр тилектерин кошту; эмгектеш, шериктеш болушту. Түбөлүккө түз, келечеги кең жаштар эле. Бирин-бири иренжиткенин, кабактарын чытышканын такыр көрө алганым жок. Алтынайга да Айсулуу айланып-үйрүлүп, жылуу-жумшак сөздөрүн айтып, аны урматтаар, сыйлаар эле. Кирин жууп, чайын кайнатып, аны Айсулуу жыргатып салды.

– О, Жасаган!.. Эми өлсөм арманым жок! – дээр эле шордуу кемпир.

Айсулуу Курмандан мылтык атканды да, жаа тартканды да үйрөндү. Курман менен бирге кийикке чыгып, жөө баскан, кийик атып, олжолуу кайткан күндөрүн да көп көрдүм. Ал ошондой укмуштуу келин эле.

## 7

Күз аяктады. Эл эчак өз-өз кыштоолоруна тарап конушкан. «Тоолуу жердин – бөрүсү, ойлуу жердин – уурусу» дегендей, жесир катын, жетим баланы жалгыз кантип кыштатсам болот? Мырзабек мытаам Курманга ач карышкырдай асылганы турбайбы. Курманга кошулуп мен да Кара-Жылгага кыштамакчы болдум.

Кара-Жылга малга да, адамга да өтө оңтойлуу: жери от, отуну да кенен. Тоонун ичи эмеспи, кийик уулоого да жакын, жакшы. Курманды ага көчүрдүм.

Кышка деп жыйнаган жакадагы бир үймөк чөбүм ээн калса, аны өткөн-кеткендин малдары жеп кете турган. Ошону тоого ташып, анан көчөйүн деп, өзүм жакада калдым. Көр оокатты кантейин! Көр оокат деп жүрүп ошондо курудук да. Чөбүмдү ташып, ун, талканымды салдырганга он чакты күн өтүп кетти. Эми эртең көчөйүн деп турганымда бир күнү кечте Курман өзү да келип калды.

– Э-э, иним! Кандай, жайчылыкпы?

Курман качан көчөрүмдү билейин деп келген экен. Тору кашканы ал тоого баргандан бери кийикке минбей, жемдеп, чөптөп, жакшылап баккан көрүнөт: жүндөрү жылтылдап, семирип калыптыр.

Курман үйдө чай ичип олтурганда – эшиктен аттын дүбүртү чыгып, ит үрүп калды. Дүбүрт үйгө жакындап келип, тым-тырс боло түштү да, кайта алыстай түштү. Ордумдан ыргып туруп, улагадан шыкалап карасам – Алаңкөз экен. Жыланды көргөнсүп жүрөгүм шуу дей түштү.

Өткөн жумада да Алаңкөздүн дагы бир шумдуктуу иши болгон. Кимпирим экөөбүз Алаңкөздүн келе жатканын мал короодо туруп көрүп калдык. Ал бизди көрсө да, көрмөксөн болуп, үйгө далдаалана акырын бастырып келип, атынан түшүп, шып үйгө кирди. Мен жеткенче табышымды уктубу, билбейм, ал да бат эле үйдөн чыга калды:

– Саламатсызбы, Жумаке? Сизди кайда десем, эшикте белеңиз?

– Ооба, эмне кылайын дедиң эле? Жумушуң барбы?

– Анчейин… учурашайын дегенмин.

Алаңкөз көзүн алаңдатып, баш-аламан ар кайсыны сүйлөдү да, кете берди.

– О, бети жок! – дегем ал узап кеткенден кийин. – Бети жоктун айтканын!.. күнүгө эле көрүшүп, учурашып жүрбөйбүзбү? Сенде бир мытаам ой бар го...

Алаңкөздүн анысына ошондо да шектенгем. Эми минтип эшиктеги Курмандын атын көрүп, үйгө түшпөй кетиши андан бетер шектендирип, оюма чоң күдүк туудурду. Бирок, бул күдүгүмдү Курманга айтайын десем, «дайыны жок эле корко бересиз» – деп, ал да мурдакыдай айтканы турат. Унчукпай калдым.

Иңир кирди. Курманды атказып жатып:

– Кагылайын, мындан кийин минтип жалгыз жүрбөчү. Жүрсөң да сак болуп жүрчү,– дедим.

– Оолдо, абаке-ай! Качан болсо эле коркосуз да жүрөсүз. «Чегирткеден корккон эгин экпейт» – деп, минтип жүрсөк, жашай алабызбы? – деди Курман.

Ал ошондой арстан жүрөк жигит эле.

Биз менен коштошуп, атын жолго бура тартты да, ырдап алып жөнөдү:

Астымдагы тору атым,
Учурар менин канатым.
Чуу, жаныбарым, жүргүн тез,
Үйгө мени жеткир тез!
Үйдө жарым күткөндүр,
Күтүп жаны неткендир?
Чуу, жаныбар, чуу!
Чуу, жаныбар, чуу!

Бул Курмандын эң соңку ырдаган ыры, акыркы чыккан үнү эле. Артынан аңдыган ажалды жаш улан кайдан

билсин? Ай, мага убал жок! Ошондо Курманды кетирбей кондуруп койбой эмне болдум? Кантейин, «алдырар күнү жаздырар» деген ошол да. Азыр да аны ойлосом, өзүмдү жемелеп, башымды ташка койгулагым келет.

Атымдын ээр-токумун алып, жаңы отко коёюн деп жаткан кезим эле. Биздин үйдү көздөй бирөө чугоюп келет. Анын алдын торой итим да арсылдап үрүп чыкты.

– Жумагул! Жумагул! Барсыңбы?

Үнү тааныш.

– Ой, Отунчусуңбу?

– Ооба,– деди Отунчу шашып,– Курман!.. Курман кайда?..

Чочуп кеттим.

– Эмне? Эмне мынчалык?

– Эмнеси курусун!.. Бол!.. Бол бат! Аттан!.. Кетишти.

Отунчу энтигип, улам-улам демин алып, жакшылыктуу сүйлөй албайт. Ошентсе да болгон ишти билдим. Алаңкөз тышта мамыда байлоолу турган тору кашканы көрөт экен да, Курмандын биздикине келгенин билип, Мырзабекке барып шыбырап айтыптыр. Көптөн бери Курманга тишин кайрап, кекенип араң жүргөн эме: «Эми өчүмдү алар мезгил жетти» – деп, жолдон тоздуруп, үч-төрт кишиси менен Алаңкөздү чаптырыптыр.

Бул сөздү укканда безгек болгон кишидей калчылдап, эптеп ээр-токумумду атыма араң токудум. Жерди сыйпаласам, бир сынык бакан жаткан экен, кыйратчудай аны колума алдым да атыма миндим. Отунчуну ээрчитип, атымды үстөкө-босток камчыланып, чугоюп кетип барам.

Койчумандын тегирменинин тушуна келе бергенимде, анын кырчоодо байлоолу турган атын көрө калып,

«Кокуй, муну да жаныма караан кылып ээрчитип алайын,» – дедим да жолдон бурулдум:

– Койчуке! Койчуке!

Койчумандын үнү угулду:

– Ботом, сен ким элең?

– Мен, Койчуке. Батыраак чыгыңыз!

Койчуман шашып тышка чыга келди:

– Эмне? Тыччылыкпы?

– Сураба, кагылайын Койчуке. Айтып олтурууга убакыт жок. Жүргүн биз менен... Тигилер Курманды...

Койчуман да атына минди, жөнөдүк. Өр жер келе калса желдире бастырып, түз жер келсе чугоюп, салып-уруп кетип барабыз. Жүрөгүм өзүнөн-өзү дикилдеп, коркуп Курмандын үйүнө батыраак жетсем дегендей болсом, каңырыгым түтөйт. Атымды улам-улам чандырга чапкылап коём. Канча чапсам да жол арбытпагансыйт. «Кара баскыр, буга эмне болуп турат?» – деп, ансайын аны камчыланам.

Артыма бурулуп анда-санда кыйкырып коём:

– Садагаң кетейин, Койчуке, кала көрбө менден. Отунчу, сен да бастыр батыраак!..

Курмандын үйүнүн тушунан түшө калалы деп, жолго салдык. Төтө жол, Сары-Коо менен өйдөлөп барат да, андан кыялап белес ашат. Белестин ары жагы – Кара-Жылга. Кара-Жылганын ичинде Курмандын кыштоосу бар.

Эптеп белеске жеттик. Ай да чыкты. Кара-Жылганын ичи ала көлөңкө тартып мемирейт... Ай жарыгына аркы өйүздүн кыры шаңкаят. Ал кырды ашып бара жаткан атчан кишилердин карааны көрүнө түштү.

– Тигилер ким болду? Жаңкылар го? – деп, үнүмдүн бардыгынча кыйкыра кеттим:

– Э-эй! Силер кимсиңер?

Үн катпастан алар кырды ашты да кетишти. Кыйкырган үнүмө ошол жактын тоосунун жаңырыгы гана кайымдаша жооп кайтарды. Кайдадыр бир жактан үргөн иттин үнү да угулуп калды. Курмандын ити дейин десем, анын үйү бир топ жерде, имерилиште. А мында элсиз, тоо-таштын арасында жүргөн бул кандай ит? Эмнеси болсо да чакырып көрөйүнчү деп, токтой калып, кыйкырдым:

– Жолборс! Жолбо-орс!

Ит үрбөй калды. Ошол жакка бастыралы десек, тик ылдый шагылдуу таш экен. Аттар андан түшө ала турган эмес. Кыялап түшмөкчү болуп, жолго түшүп бастырдык. Алды жакта бара жатам. Бир жерге келе бергенимде, кербыштым жалт берип, жолдон чыкты. Атымды жолго бурайынчы дегенче болбой, Ай жарыгынан суурулуп Жолборс да чыга келди. Сүйүнгөнүмдөн кыйкырып жибердим:

– Жолборс! Жолборс!

Жолборс кыңшылап, атымдын бирде алдына, бирде артына чыкты да кайта төмөн жүгүрдү.

– Жолборс! Жолборс! Кайда кеттиң?

Жолборс чыга келип,– «Эмне билбейсиң? Билсең боло» дегенсип, мурдагыдай кыңшылап, атымдын алдыартына чыкты да, кайра көздөн кайым болду.

– Кагылайындар! Бир щумдук болгон экен го. Атымды жетелеп алып келгиле. Мен Жолборстун артынан барайын...

Атымдан дароо ыргып түшүп, мен да төмөн карай жүгүрдүм. Төмөн жагым – бадалы, шагылы көп тик бет экен. Ошол ылдый өлөр-тирилериме карабай жыгылыпкооп кетип барам. Буту-колум ташка тийип айрылды.

Аныма кайылмын: иши кылып төмөн жакка батыраак жетсем дейм. Бир жерге келе бергенимде мүдүрүлүп жыгылып, эки-үч курдай аласалып да кеттим. Ордумдан турсам, сол бутумдун тизеси сыздап ооруйт. Кармаласам, колум суулана түштү, жыгылганда ташка тийип канаган экен. Ага кайдан карайын? Кайра дагы ылдый карап жүгүрүп барам, куланып барам. Кайсы жакка бет алып бара жатканымды өзүм да жакшы билбейм. Адашып калбайын деп анда-санда «Жолборс! Жолборс!» деп кыйкырып коём. Кыйкырган сайын Жолборс чыга келип, кайра жок боло калат. Мына ойго да жеттик. Дембедем дем алып, айланага көзүмдү салсам, сайдын ичи агарып, таң да сүрүп келет. Кайдандар бир жактан аянычтуу үн угулду:

– О-о, кулунум! О-о, жалгызым!

Эмне дейин? Жаным оозума тыгыла түштү. Алга аттайын десем, буттарым шилтөөгө келбейт. Бардык күчүмдү жыйып, жаш баладай темтеңдей, үн чыккан жакка бастым, мына ага да келип калдым. О, шумдук! Кудай жамандыкты көрсөтпөсүн! Ооз менен айтууга кудуретим келе албайт. Кашаттын түбүндөгү сайчада сулап Курман жатат: бети-башы, бүткөн бою кан. Алсыз башы шалкайып Айсулуунун тизесинде.

– Кагылайын, аке-бай! Ушуну көрмөкчү экенбиз, көрдүк! – деди Айсулуу көз жашын көлдөтүп.

– О-о, жалгызым! О-о, кулунум! Кулунумдан айрылдым... Айырган киши катын-балаңдын күнүн көрбөй кал!.. – деп шордуу кемпир да ыйлагандай болсо жанына адам тура алгыс.

Тизелеп олтура калдым:

– Айланайын Курман!

Курман былк этпейт, үнсүз-сөзсүз. Мен келерден бир аз мурда өлгөн экен. Эс-учумду жыйып, үңүлүп карасам, көкүрөгүнө, аркасына бычак тийгенби, жошулуп кан агат. Белимдеги мата курум менен арчындап ороп, бетин жаптым.

Байкуш Айсулуу кантсин? Курмандын башын кучактап өксүп-өксүп ыйлады:

– Кагылайын, Курман! Биз кантебиз?

Кемпир да бирде эстен танып, бирде эсине келип, эсине келген сайын «кулунум, жалгызым» – деп эңгиреп, баласынын буттарын кучактайт. Оор кайгы, оор азап анын жүрөгүн жара-жара тилгендей, көзүнөн жаш акпай, кан аккандай болуп жатты.

Курмандын бут жагында комдонуп, куйругун жерге төшөп, былк этпестен Жолборс да жатат. Айсулуу менен Алтынайдын үнү угула калганда ал бирдеңкени сезгендей кыңшылап, аза күткөндөй болот. Жаныбар ит да болсо, бир үй-бүлөнүн башына түшкөн оор кайгыны сезет да, билет да экен?

Бул кайгылуу окуяны алардын кандайча билишкенин сурайын дейм, бирок батына албайм. Сөз ордуна ооздорунан көк түтүн чыгып, көз жаштары минтип төгүлүп жатканда кантип сурасам болот? Сурабасам да Курман киши колдуу болуп өлгөндүгү көрүнүп турбайбы.

Атымды жетелеп Койчуман менен Отунчу да келип калышты. Курмандын сөөгүн эптеп үйүнө жеткирдик. Айсулуу менен Алтынайдан болгон ишти мындайча уктук:

...Курман кечиккенде булар эмнегедир коопсуна баштайт. «Качан келер экен? Түн ортосу да болуп калды»,– дешип, үйдө олтуралбай, тышка чыгышат. Жолборс да

бирдеңкени сезгенсип, башын көтөрүп, төмөн жакты карап, улам-улам үрүп коёт. Бирок, бирде үрүп, бирде кыңшылап, Жолборстун тынчы кете баштайт. Аялдар – «Капырай, мунусу эмнеси? Бирдеңкени сезип атабы?» – дешет. Ошол кезде төмөн жактан каңгырык чыгып, Жолборс ошол жакка жүгүрөт. Алтынай менен Айсулуу да иттин артынан ээрчип келип, канга боёлуп сулап жаткан Курманды табышат.

Кабар айтууга Койчуманды кайра чаптырдым. Көп кечикпей айыл-апанын адамдары да келип калышты. Курманга жан кейибей, ыйлабай турган жигит беле? Жылганын ичи ызы-чуу, күрү-күү... Түндө келе албай калган абышка-кемпирлер да жөөлөп-жалаңдап эртеси келишти:

– О, теңсиздик дүнүйө ай! Азапка туулган бала экен да. Мунун эмне жазыгы бар эле? Өлтүргөндөр өмүр бою жакшылык көрүшпөсүн, дүйнөдөн боздоп өтүшсүн,– дешип алар зордукчуларга наалат, каргыштарын айтышты.

Күн чыга үйүмдү көчүрүп келип, Курмандын үйүнүн жанына тиктирдим.

Өкүрүк, ый, ызы-чуу менен күндү кечкирттик. Түн түштү. Көнүл айта келген коноктордун көпчүлүгү «өлүктү коёрдо эртең келели» – дешип, үйлөрүнө кетишти. Калгандарын эки үйгө бөлө кондурдук.

Таң сүрүүгө жакын калса да, уктай алганым жок: оюм-онго, санаам-санга бөлүнүп тышта ары-бери басып жүрөм.

– О, шордуу Курман! – деймин терең үшкүрүп. Ысмың да Курман эле, эми өзүң да минтип – курман болдуң: Астыңдагы атыңдан, койнуңдагы жарыңдан башка сенин эмне жазыгың бар эле!

Айсулуу менен Алтынайдын кайгылуу элестерин көз алдыма келтирем да, уу ичкендей болом. Ким билет,– дейм,– Мырзабектин Курманга асылганы,– анын аты менен асыл жары – Айсулуу жөнүндө эмеспи... Өзүн болсо, минтип өлтүрүштү. Эми Айсулууну да алмайынча тынышпайт го! Күн өтөр, ай өтөр... «Жыргатам, куунатам» деп Айсулууну үгүттөөр. Байдын байлыгына кызыгар да ал ага макул болоор. Ой, оопасыз дүнүйө ай! Чын эле. Айсулуу ошентээр бекен? Жок! Жок! Айсулуу анчалыкка бара койбос!

Таң да кулан өөк тартып агарып келет. Айлана мемиреп, тыптынч... Ал тынчтыкты бузуп:

– О, кулунум, о жалгызым! – деген Алтынайдын кайгылуу, алсыз үнү кээде угулуп калат.

Курмандын үйүн айлана басканымда, өлүккө сакчы болгонсуп, үйдүн бурчунда жаткан Жолборс башын көтөрүп, мени тааныды да кайра жатты:

– О, каралдым!!. Каралдымдан айрылдым, кокуй!.. Айсулуунун аянычтуу боорукер үнү да угулат:

– Кагылайын энеке! Эки күндөн бери кирпик какпай кыйналдың го. Чырым этип азыраак эс алсаңчы!..

– А садагам! Мени койчу... Өзүң эмне болдуң?

Күтүлбөгөн күйүткө калган келин менен кайнененин бирин бири аяшканы, бирине бири боорукер сөз айтышканы кимди болсо да жибитээрлик, эритээрлик эле.

Эртеси сөөктү үйдөн алып чыгарда:

– Кагылайын, Курман! – деди Айсулуу өңгүрөп ыйлап. – Экөөбүз эки атадан жалгыз элек. Таалайлуу, ырыстуу болобузбу деген тилек менен эки жетим өмүр коштук элек. Бирок, кең дүйнө биз үчүн тар болду. Кара ниет залимдер жүрөгүңө бычак салып, сени менден ажыратты.

Сен эми жоксуң, келбес жолго – алыска сапар тарттың... Ботосун жоготкон ингендей боздоп кары энең, көк тоту кушуң, кызыл гүлүң, сүйгөн жарың – мына мен артында калдык...

Үйдү курчаган эл көздөрүнө жаш алды. Тышта туруп, араңдан зорго үнүмдү чыгардым:

– Кагылайын келин, кайрат кыл! Элди жашытпачы...

Ай, андай акылдуу жан болбойт го. Көз жашын сүртүп унчукпай калды. Өлүктү үйдөн көтөрүп жөнөгөнүбүздө гана:

– Кагылайын, Курман! Кош эми! Топурагың торко болсун,– деди Айсулуу ыйга аралаш дирилдеген үнү менен:

«Кулунум, жалгызым» – деп, кемпир бакыра эси ооп, жыгылганда суу сээп жатып араң аны эс алдыртышты.

Сөөктү жайына тапшырган соң өлүк чыккан үйгө өкүрүп келмей кыргыз элинин салты бар го. Баарыбыз тең өкүрүп келдик. Өкүрүктүн үнү угулганда үйдө калгандар Курманды кошуп, озондоп ыйлап кетишти. Аларга кошулуп, жарын кошкон Айсулуунун үнү угулат:

Жазыксыз «Курман» сен болуп,
Армандуу жарың мен болуп,
Буркурап, боздоп, ыйлаймын,
Күнүм да менин түн болуп.

Атаганат десеңчи! Адамдын чучугуна жетерлик мындай кайгылуу, армандуу сөздү укканда ким чыдап тура алат? Мында да көзүнө жаш албаган, ыйлабаган адам калган жок.

Курсакта калган жалгызсың,
Төрөлсө эсен бой жетер.

Сураса: «Атам кайда?» – деп,
Шордуу жаным не этер?
Калтырган ошол белегиң,
Болор дейм менин жүрөгүм?!

Айсулуунун ошол кезде үч айлык боюнда бар эле. Кантсин байкуш. Курманын кошуп, элди кейитип ыйласа да, курсакта калган чүрпөсүн медер, белек кылып, өзүнө-өзү кайрат айтып, ыйын токтотту.

Айсулуу менен Алтынайга эл акыл-насаатын, кара ниеттерге наалат, каргышын айтып, жай-жайына тарашты.

**8**

Курманды өлтүргөн жүзү каралардын бетин ачууга көр башында келин менен кемпирге убада бердим эле. «Курманды Мырзабек өлтүрттү» деген сөздөрдү эл ичине тараттым. Арийне, буга күбөө керек да. Күбөөм – жалгыз Отунчу. Эрдик кылып кабар жеткизген ошол. Эми күбөө болушка да эрдик кылар деп бир күнү аны жолуктуруп айтсам, мурдагы кайратынан танайын деп калганбы? «Кийин көрө жатарбыз» деп ачык айталбай ооз учунан күңк-мыңк этти.

Жамандык жерге жатчу беле? Элге жайган сөздөрүм Мырзабекке да жеткен көрүнөт. Бир күнү ал мени чакыртты. Бардым. Мырзабектин үйүндө толгон эл. Борбук молдо да, Аланкөз да анда. Мырзабек мени көрөр замат эле эпке-сөзгө келбей эле ороңдоп ачуулана кетти:

– Сен, кызы талак, «Курманды өлтүргөн – Мырзабек» – деп элге ушак таратыпсың! Кандай себеп менен айтып жүрөсүң? Көргөн кишиң, далилиң барбы? Же былжырап, оозуңа келгенди оттоп жүрөсүңбү?

Мен да жанмын го. Андай кордукка, көрүнөө зордукка кантип чыдасам болот? «Уурусу күчтүү болсо ээси өлөт» – кылып жатпайбы.

– Бар! – дедим.

– Ким?

Күбөө кармай Отунчуну оозума ала бергенде бай, бычак менен аны бирөө ичке сайгансып, кыйкыра кетти:

– Кайда ал, иттин баласы? Чакыр бери...

Эшиктен, үйдөн туш-туш жактан Отунчуну издеп таба алышпады. Ушундай иш болорун билип, ал күн мурунтан качкан экен.

– Мына,– деди бай. – Күбөө кармаган кишиң качкан тура. Ишиңдин каралыгы ушундан эле көрүнүп турат. Дагы кандай далилиң бар?

«Далил» – демекчи, оюма бир нерсе түштү: Мырзабектин кишилери сөөктү коюшуп, кайра келе жатып, «Курман өлтүрүлгөн сайдан бир бычак таап алышты» деген кабарды уккам. Ошону далил кыла айттым эле:

– Ха-ха-ха! – деп бай күлдү. – Алаңкөз кайдасың? Алып келчи мында бычакты...

Баятан бери байынын амирин күтүп, көзүн алаңдатып, эл четинде олтурган Алаңкөз ордунан тура калды:

– Мына, бычак, мына!

Чүпүрөккө оролгон бычакты койнунан сууруп чыгып, эл алдына таштап койду.

Карасам, өз бычагым. Көзүм ымыр-чымыр болуп, эмне экенимди билбей кеттим. Тилим да байланды. Анан кантейин? Ыйманы жок Алаңкөз, бычакты үйүмөн уурдап алып, ошону менен Курманды жайлаган тура.

– Тааныдыңбы-а? – деди бай.

– Тааныдым...

– Кимдики.

– Меники.

– Ха-ха-ха! Бул ушундай эр болучу. Анан эмне деп былжырап жүрөсүң? Курманды өлтүргөн ким экен? Өзүң бекенсиң?

– Жок, сенсиң.

– Ботом, эмне дейт? – деди бай ызырынып. – Кылар ишти кылып коюп, «Жок, сенсиң» – дегенин кара. Бычакты көрдүңбү? Өзүңкү тура. Аны өзүң да танганың жок. Танган күндө да бул олтурган эл сени тандырабы? Эми мал-мүлкүңдү элге талатып, өзүңдү Сибирге айдатам.

Бай үшүнтип мага күпүлдөй кеткенде жанымда олтурган Борбук молдо мени тышка чакырып чыкты. Артыбыздан  Алаңкөз да чыга келди. Үйдөн алыстап барып мандаш уруна олтурдук.

– Эми өлөр бала өлүптүр,– деди Борбук молдо сөз баштап. – «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» – болуп, бирибизди бирибиз күнөөлөп, чет жерге айдатканыбыз адамкерчиликке жата койбос. Чынын айтайын, Жумагул. Мында айыпкер – сен өзүңсүң. Андан көрө ишти ырбатпай, Мырзабектин астына түш, жараш. Аны сен калп жеринен жаманатты кылып олтурасың.

Алаңкөз да бир жагымдан чыкты:

– Ооба, Жумаке, ошент!

– «О, жүзү каралар! – дедим өз ичимден. – Жүзү каралар мени тузакка илинткен экен го. Булардан кантип кутулам? Күбөө кармайын деген киши – Отунчум антип качып кетсе, бычагым минтип булардын колунда турса… Айыпкер өзүм болгон турбаймынбы. Шерменде Алаңкөз! Ушунун баарын кылган сенсиң!..»

Ачуум келет, ичим күйөт. Ошол жерден Алаңкөздү муунтуп, өлтүрсөм дейм. Бирок андан эмне пайда? Кай-

ра барлык балааны башыма үйбөймүнбү. Катын, балам, Алтынай, Айсулуу бар. Алар кантет? Жок, сабыр керек. «Сабырдын түбү – сары алтын» деген кеп бар. Азырынча ишти ырбатпайын. Оңтою келер Отунчуну да таап, эпке-сөзгө келтирип, күбөө кармаармын. Ошондо буларды карап тур, кандай кылар экем?..

Ойлонуп бир аз турдум да мындай дедим:

– Бар, байыңарга айткыла! Менден коркпосун. Бирок, азырынча аны менен жараша албайм.

Дароо атыма миндим да, кылчайбастан жөнөп кеттим.

Ушундан эки күндөн кийин эле Алаңкөз келип калды. Мурдагыдай болбой «жумшаганымды» тигилерден укканда Мырзабек, темирди кызуусунда согоюн десе керек, «Айсулууну мага токолдукка макулдатсын, антпейт экен, анда Сибирге айдатам» – деп, Алаңкөздү мага жибериптир.

– Жогол шерменде! Жогол! Көзүмө көрүнбө! – деп үйүмдөн аны кууп чыктым. Андан кийин өзүмдү коёрго жер таппай, жинди кишидей күбүрөп, эки колумду артыма алып, ары-бери басам. Антпегенде кантем? Мени бийи чакыртаары, соттоору, алыска айдатаары көрүнүп турат. Анте калса, үй-бүлөм, Айсулуу, Алтынайдын үстүнө кара түн түшкөнү эмеспи...

Ошентип онтобогон ооруга жолугуп, оор азапка калганымды Айсулуу билди белем, сурап калды:

– Акебай, эмне анчалык кабагыңыз бүркөлөт? Бир жериңиз ооруйбу?

Жашырып эмне кылайын? Жамандык жерге жатчу беле? Бүгүн болбосо, эртең билинери чын. Болгон иштин баарын тең айттым эле, Айсулуу акырын басып келип, алаканын аркама тийгизди:

– Акебай, кагылайын, антип кызыл өңүңүздү бозортуп, капаланбаңызчы. Алар антип арам ойлорун курушса, биз да карап жатпаспыз.

* * *

Мен ойгонгондо кимдир бирөө дүпүлдөтө бастырып келип, Курмандын үйүнө токтоду.

– Апей, жети түндө келген бул ким болду экен? Алаңкөз болбосун! Айсулууну ала качып алганы келген го...

Ордумдан дароо секирип туруп, чапанымды жамынып, тышка чыктым. Ай төмөндөп, Ала-Тоонун чокусуна барып калыптыр.

Курмандын үйүнүн жанында ээр-токумчан бир ат турат. Аттын чылбыр-тизгинин кармалап бир киши да тургансыйт.

Жакындап басып келдим:

– Ой, сен кимсиң?

– Менмин, аке, мен...

Үңүлүп карасам – Айсулуу. Аттын мойнун кучактап, солкулдап ыйлап турат. Ат да, Айсулуунун анысына орток болгонсуп, анын этек-жеңин искеп, окуранып коёт.

– Бул эмне ат? Тору кашка го?

– Ооба.

Тору кашка Кочкордун кышкы шыргалаң суусун сүзүп өтсө керек: капталына, мойнуна чейин муз каткан. Үстүндө келишкен ээр-токум. Чылбыры да сүйрөтүлгөн. Болгондо ал өсүп-өнгөн жерин, досун – Курманды эңсеп, туткун болгон жеринен качканбы?

– Балам, бул да болсо жакшылыктын белгиси. Кой эми, ыйлабачы!..

– Анан кантейин,– деди Айсулуу көз жашын сүртүп. – Курган жүрөк чыдатпай барат… Тору кашканы көргөндө Курманды көргөндөй болом.

Алтынай да үйдөн чыга келди. Тору кашканын мойнун кучактап, солкулдап, ал да ыйлады:

– Кулунум! Кулунумдун аты!..

Кемпирим да келип, ыйга ыйын кошту.

Тору кашканы Жолборс да таанып, «Курман кайда» дегенсип, кыңшылап, бирде аттын алдына, бирде аттын артына чыгып, ары-бери жүгүрөт.

Курмандын өлүмдөн калган үй-бүлөсү, Тору кашкасы, Жолборсу – барлыгы тең ушинтип акыркы ирет ошол түнү баштарын кошушту.

Андан кийин Айсулуунун ыйлаганын, көз жашын көрө алганым жок. Өңү сурданып, кабагы бүркөлүп, мурдагысындай киши менен көп анчалык сүйлөшпөйт. Эртели-кеч атына минип, Жолборсун ээрчитип, жылга өрдөп кетет да, көптө барып кайра келет.

– «Чунак келиндин мунусу эмнеси? Кийик улап жүрөбү?» – дейм көңүлүмдөн. Кийик уулап жүрөт дейин десем, атып келген кийигин да көрө албадым. Сурайын дейм, батына албайм.

Бир күнү кечте Айсулуу күндөгүсүндөй Жолборсун ээрчитип, атына минип жөнөй бергенде көк чологумду мине салып, артынан көзөмөлдөп кетип барам. Бир жерге келе бергенде атынан түшкөнүн көрүп, мен да атымды тык токтото калдым. Калың бадалдын арасынан атыма өбөктөп, башымды кылтыйтып, карап турам. Бир шилбинин түбүнөн карартып бирдеңкени көтөрдү да, аны атына мингизди. Адегенде анын эмне экенин тааный алган жок элем, бара-бара тааныдым: кишидей жасалган каракчы экен.

– Ал! Ал! – деп, Айсулуу алыстан туруп кыйкырды эле, Жолборс аткан октой атылып, киши бою секирип каракчыны ат үстүнөн оодарып түштү. Ырылдап, жулкулап, талаганы да угулуп турат.

– «О, чунак келин десе!.. Ботом, мунусу эмнеси? Менин алсыздыгымды билип, өзү жалгыз өч алууга Жолборсун бирдеңкеге даярдап жаткан го».

Иштин акыры так ошондой болуп чыкты. Аны мен кийин билдим.

Айсулууга көрүнбөй, кайра бастырып, үйүмө келдим.

Экинчи күнү Айсулуу мага келип:

– Аке,– деди ал. – Аке, бая күнү сизге Алаңкөз келип жүрөт беле? Эмнеге келиптир? Жалган жалаасына сизден кун доолап жүрүшөт го дейм. Эмне бермекчи болдуңуз?

– Эмне кун ботом? – Шаша ага жооп кайтардым. – Эмне бермек элем? Аларга менден кара балекет жок.

– Акебай! – Айсулуунун өңү суздана түштү. – Акебай! Мен сизди өз атамдай көрөм. Неге аны жашырасыз? Жашырсаңыз да билем. «Кун» деген ошол да: Мырзабек мени суратып атпайбы.

Иштин чыны ушул да. Айсулуу аны билиптир. Кайдан, кантип билгенин сурап эмне кылам? Алаңкөздү кууганыма чейин ага айтып бердим.

– Бекер кылгансыз, аке,– деди мени карап. – Андан көрө Мырзабекке кабар айтып, Алаңкөздү чакыртыңыз. Антпесек кечигээрбиз. Алар арам оюн баштай электе, биз алдын алалы.

Күтүлбөгөн мындай сөзгө корксом да, кайра таңыркап сурай кеттим:

– Чакыртканда кыларыбыз эмне?

– Мага жибересиз. Жообун ага өзүм берем.

Ушундан үч күндөн кийин Алаңкөз өзү да келип калды. Мурдагысындай анда салам да, «Жумаке» деген сөз да жок. Өңү кумсарып, таноосу кыпчылып, мени менен урушканы турат. Ким билет, бийиби, Мырзабегиби – айтоор, экөөнүн бирөө мени чакырткан окшойт. Барсам – бир шумдук болору ыктымал. Ага теңелип, чатак чыгарып, ишти ырбатып эмне кылам?

– Э, Алаңкөз! Келгениң жакшы болбодубу. Өзүм да сени чакыртмакчы элем,– деп эски досумдай аны жайдары каршы алдым.

Алаңкөздүн ач күзөндөй сурданган өңү күлүңдөй түштү:

– Эмнеге, Жумаке! Жумуштаппы?..

Алаңкөзгө Айсулуунун айтканын айттым эле, издегени табылгансып жым дей түштү. Кудуңдаган бойдон бат-бат басып, Айсулууга жөнөдү. Эмне жөнүндө сүйлөшөөр экен деп, тышта тыңшап турам. Алаңкөз айлалуу амалын, бал тилин салып, байын мактап, Айсулууну үгүттөп атат. «О, шерменде!.. Анткениң менен Айсулуу сага алдата койбос»,– дейм тышта туруп өз ичимден:

Бир кезде Айсулуунун үнү угулду:

–Анте албайм, эл-журт бар дегендей... зордуктасаңар... анда амал канча...

Жүрөгүм ордунан чыга жаздады. «Ботом, келиндин мунусу эмнеси? Эптеп эле өзү бара албай араң жүргөн экен го? Кайманалап айтып жатканын кара!.. О, Жасаган! Өлбөй кал, Курман өлбөй кал!..»

Алаңкөз кубанып тышка чыкты. Мага кайрылып кайта келгени, мени менен коштошкону жок. Батырак жетип байын кубантайын десе керек, атына минди да, чапкан бойдон жөнөп кетти.

* * *

Андан ары эмне болду? Айтсам, эл ишенээр бекен? Анын кандайча болгонуна ушул күнгө чейин өзүм да таңым бар. Балким, аным – ал кезде Айсулууну жакшы түшүнбөгөнүмдөн болгон чыгар. «Айсулуу мени алдады. Үч катындын үстүнө токолдукка бармакчы болду» – деп уялбай кантип ойлодум экен? Көрсө, Айчүрөктүн кажыбас кайраты, айныбас анты Айсулууда тура. Аны мен билбепмин.

Ошол түнү коркунучтуу түш көрдүм. Түшүмдө Мырзабек үстүнө кара кепин жамыныптыр, көзү ойноктоп чанагынан чыгып турат. Колу да укуруктай узун. Түпсүз, терең ордун ары жагынан узун колун сунуп, мойнума сыйыртмак салат да, өзүн көздөй тартат. Тарткан сайын тиги орго жакындап барам. Ошого мени түшүрөт деп, артыма чегинип, алпурушуп жатып, ойгонуп да кеттим. Абдан көл-шал болуп тердептирмин. Андан кийин уктай алганым жок. Айсулуу менен Алаңкөз экөөнүн ортосундагы күдүктүү сөздөрдү эстейм. Эстеген сайын оюм онго, санаам санга бөлүнөт.

Бир кезде тышта ары-бери баскан бирөөнүн табышы чыгат. Кыйшайып керегенин көзүнөн шыкааласам мына шумдук! Үйүн айлана басып Курман жүрөт. Тирилип келген экен деп жаным оозума тыгыла түштү.

«Жок, жок!.. Өлгөн киши кантип тирилсин? Башка бирдеңке көрүнүпататко!» – деп, көзүмдү ушалап, жакшылап карасам, жаңылбапмын,– Курмандын өзү: башындагы баякы кийикке кийчү малакай тебетейи, үстүндө боз таар чепкени, колуна кармаган жаасы, шыйрагын асманга каратып, бараң мылтыгын да асынып алыптыр.

Кемпирди колтукка түртүп ойгото кеттим:

– Карачы, Курман жүрөт... Курмандын арбагы го?

– Дөөдүрөбөчү!.. – кемпирим мунтуңдап урушуп, өзү да капшыттан шыкаалап карады. – Айсулууну тооруп жүргөн эме го. Тур, чыкчы!

Чынын айтайын, тышка чыгууга корктум. Жок шылтоо менен күңк-мыңк этип, буйдаланып калдым.

– Коркуп атасыңбы, Кудай алгыр? Кейпи, эркек эмес, катынсың го? Катын болсоң, менин жоолугумду салынып төшөккө жата бер, мен чыгайын, десе болобу кемпирим. Уятымдан арандан зорго сүйрөлүп тышка чыгып, алыстан туруп кыйкырдым:

– Ой, сен кимсиң?

– Мен.

– Мен деген ким?

– Мен, аке, мен – Айсулуу.

Мына кызык! «Арбак» дегеним – Айсулуу болуп чыкканы. Үстүнө Курмандын кийимин бүт кийиптир. Азыр эле бир жакка шыдыр жөнөп кетчүдөй – шайдоот. Тору кашканы токунуп, бөктөрүнчөгүн байланып, ээрдин кашына камчысын да илип койгон.

Аң-таң калып биртике турдум да сурадым:

– Балам, жатып уктасаң боло. Бир жакка барганы атасыңбы?

– Ооба, аке,– деди Айсулуу. – Балким бүгүнкү түнү силер менен биротоло коштошормун...

– Ботом, эмне дейсиң?

– Бүгүн түнү тигилер бизге келеби деп турам,– деди Айсулуу. – Ким билет, Мырзабектин өзү да келип калышы мүмкүн. Алаңкөзгө «Зордуктап алсаңар, айлам канча...» – деп айтпадымбы. Ал аны чын көрдү. Эл көзүнө

ошентип алсак, макул экен деп, мени алар алууга бүгүн келишет. Кана, эр болушса келишсинчи, кимди ким алар экен, көрүшөлүк...

Анын оюн мурда мен билген эмес экем. Эми муну айтканда гана түшүнүп жүрөм. Айсулуу Мырзабек менен Алаңкөздү эптеп мында келтирип, жалгыз өзү алардан өч алуу үчүн жаңкы сөздөрдү айтыптыр. Бир балекет болбогой эле деп коркуп:

– Кагылайын,– дедим,– Тору кашкаң да токулуу экен. Токмокко качып, көз далдаа боло турсаң кантет? Андагы тааныш, досторуң жер каратпас, калкалар, катаар.

– Жок, аке! – Айсулуу шумдуктуу күлдү. – Эң мурда тигилер менен жүз көрүшөйүн. Курманды аларга эскертпей туруп кантип кетсем болот?

Мына, чунак келин десе!.. Жүрөгүм дирилдеп, үнүм да каргылданып, калтырап кеттим:

– Антчү эмес, келин, балалык кылба?!. Тигилер келе электе кач батыраак!..

Айсулуу корконумду биле коюп, мени бир аз тынчытайын деди окшойт:

– Ким билет аке! Балким алар бүгүн түнү келе койбос. Бар эми, жатыңыз. Уктаңыз... Менден кам санабаңыз.

Үйгө кайттым. Менде эмненин уйкусу? Курмандын арбагы эмес, анын киймин кийген Айсулуу экенин кемпириме айттым эле анын да санаасы тынчып, оң жагына жамбаштап уктамакчы болду эле, кайта мага бурулду:

– Ой, сен уктаган атасыңбы? Тигилер келип калсачы... Айсулуу жалгыз кантет? Караан болсоң боло. Уктаба!..

– Билбейм, Айсулуу акылдан жазганбы,– деди мага күбүрөп. – Токмокко кач десем, тил албайт. Билбейм, эмне ойлогонун, тигилер келип калышса, кантип жардам

кылар экем? Колумдан эмне келет? Анын үстүнө мени алар тузакка түшүрүштү. Айсулуу эмес, эми өзүмдүн да айламды таба албай турган болуп калдым. Набак кылып Шиберге айдатышат го мени.

Кемпирим мулжуңдап, ордунан туруп, кийине баштады. Оюм Айсулууда: «Бекер кылды. Токмокко качса болот эле. Мага ишенип ататко. Мен эмне кыла алам? Колум-бутум кыска. Катын-балам да бар. Күч да, бийлик да, байлык да – аларда. Жок! Жок! Айсулууга айтайын, качсын!

– О, коён жүрөк шордуум! – деди кемпирим баятан берки оюмду айттырбай биле койгонсуп. – Эмесе, сен жашынып үйдө жата бер. Мен чыгайын...

Кемпирим дароо тышка чыкты. Чынын айтайын, уятымдан мен да аны ээрчий тышка чыктым.

Айлана тынч, Ай жарык. Айсулуу көрүнбөйт. Эки жагымды карасам, Жолборсун ээрчитип, Курман коюлган жыбытка карай кетип барат. «Көз далдоо боло турайын деп ошол жакка баратат го. Мейли, мейли... Ошентсин» дейм көңүлүмдөн.

Кемпирим экөөбүз Алтынайды ойготуп, болгон ишти ага да айттык эле:

Карангүн! Карангүн! – деди байкуш кемпир карбаластап.

– Уулумдан айрылдым эле, эми келинимден айрылат экем го.

– Кагылайын, Айсулуу, кайдасың? Тиги жакка кеттиби? Жумагул, барып айтсаңчы, качсын бир жакка батыраак. Айсулуунун артынан баса бергенимде төмөн жактан кытыраган таштардын үнү угулду. Токтой калып карасам, ой жактан келе жаткан бир топ атчан көрүндү. Уяты жокторду кара! Кичине бир ийменип коюшса боло.

Көрүнөө гана шыдыр бастырып келет. Үрөйүбүз учуп үйгө кирип, босогодон шыкаалап карап турабыз. Караан ы алты-жети киши чамасында.

Үйлөргө жакындай бергенде, Курмандын сөөгү коюлган жыбытты жаңыртып үргөн Жолборстун үнү угулду. Аңгыча болбой Тору кашкасын жулкунтуп, мылтык атып, Курмандын коркунучтуу «арбагы» – Айсулуу да ал жактан чыга келип, каргага тийген ылаачындай, Мырзабектин тобуна тийди.

– Кокуй!.. Курмандын арбагы экен!.. Качкыла!.. Качкыла!.. – деген бирөөнүн чаңырган үнү чыкты.

– Ал тигини, ал!..

Ушул сөзгө, ушул үнгө көнүккөн арстан Жолборс эшик-төрдөй жерди бир аттап, жаңкы кишиге жетип аны бакыртып, атынан оодарып түштү.

– Ал! Ал!

Айсулуу дагы кимдир бирөөнү кууп калды. Жолборс аткан октой атырылып ага да жетип, карыш узатпай аны да атынан оодара тартты. Жулкулдатып аны талады белем, кокуйлайт. Калгандары чачыла эңкейиштеп качып барат. Айсулуу аларды кууп төмөн карай кирди да кетти. Бир кезде тарс этип мылтык атылды. Андан кийин айлана кулак-мурдун кескендей жымжырт болду да калды.

Үйдөн чыга жүгүрүп бута атымдай жерде онтологон эки кишиге жеттим. Мына кызык!.. Анын бирөө Борбук молдо, экинчиси – Аланкөз.

– Ботом, Аланкөз, сенсиңби? Эмне кылып жүрөсүңөр жети түндө? – Аланкөз сүйлөй албайт: тамагын Жолборс аябай эзген көрүнөт кыр этет. Кирилдеген үнүн арандан зорго чыгарды:

– Мага убал жок, Жумаке... Кудайдын каарына калдым. Мени минткен Курмандын арбагы...

– О-о, Кудай... – деди Борбук молдо да ботодой боздоп.

– Кечирегөр мени... Мен да каарына калдым. Курман тирилип келип минтип бизден өч алды. То-обо! То-обо кылдым! Күнөөмдү кеч! Тиги дүйнөгө барганда шапкатыңан кор калтыра көрбө мени!.. Ошент!.. Ошент!..

«Коркконго кош көрүнөт» – деп корккон шермендelerге Айсулуу Курмандын арбагы болуп көрүнүптүр.

Көп узабай Тору кашкасын дердеңдетип, терин агызып, Жолборсун ээрчитип, айлуу түндүн кучагынан Айсулуу да чыга келди. Буларды таштай ага жүгүрдүм. Үйгө жетер менен дароо ал атынан ыргып түштү. Каарына келип, күчүн жыйнап, тигилер менен кармашкангабы, бүркүттүн көзүндөй көзү жалт-жулт этет.

– Кагылайын,– дедим, Айсулууну кучактап. – Тиги качкандардын ичинде Мырзабек да бар бекен? Кутулдубу? Бизди эми ал оң таптырбайтко...

– Жок, коркпоңуз! Жазасын колуна бердим... өчүмдү алдым,– деди Айсулуу башын көтөрүп. – Эми, аке, менин мында калышым болбойт. Айткан жагыңызга кетейин.

Кийим-кечесин күн мурунтан эле куржунга салып даярдап койгон экен, аны Айсулуу үйдөн алып чыкты да, атына арта салды. Чачын төбөсүнө түйүп, башына Курмандын тебетейин баса кийди. Жаасын эрдин кашына илип, мылтыгын асынды. Аттанаарда биз менен коштошту да, энесин кучактады:

– Кагылайын, энеке, кайыр-кош!..

Шордуу Алтынай кантсин! Медер, жөлөк болгон келининен да минтип ажырамакчы болуп жатканда ботосу-

нан айрылган ингендей боздоп, Айсулуунун көкүрөгүнө жыгылды:

– Айланайын балам, жөлөгүм! Мен кантем?..

Жалган-ай! Шордуу кемпирдин зарлаган үнүнө айланадагы таштар да эригендей болду белем…

Мындагы уу-чуу басылып, эч тынчыган кезде турган жерин бизге билдирмекчи болду да атына минди.

Кемпир көз жашын көлдөтүп, боздоп туруп, алаканын жайды:

– О-о, Кудай! Кудай анык бар болсоң, өлгөндөн калган жалгыз эле, Айсулуумду аман-эсен жерине жеткире көр!

* * *

Эртеси байдын айлынан адамдар келип, Алаңкөз менен Борбукту жакага алып кетишти. Алардан уктум: Мырзабектин бир буту үзөңгүгө илинип, атына сүйрөтүлүп, үйүнө барыптыр. Аркасына мылтыктын огу тийип, башыкөзүнө, тамагына, иттин тиштери да тийиптир. Айсулуу аны аткан экен. Ошондо атынан кулап, сүйрөтүлүп бара жатканда Жолборс да андан өчүн алган көрүнөт.

«Эр өлтүрүп, эркекче кийинип, бир катын качты. Ээрчиткен ити да бар. Кармагыла!..» – деп, Айсулууну издешип, Мырзабектин жан-жөкөрлөрү дубан-дубанга киши чаптырышты.

Алаңкөздүн жаракаты жаз айларында кабылдап, күчөп ит көрбөгөн азапты көрүп, кыйналып жатып, акыры өлдү. Өлөрүндө ал, байга алданганын, Курманды өлтүргөнүн, «Киши каны кишини узатпайт» – деп, акыры өзү да минтип кордук менен өлүп бара жатканын арман кыла айтыптыр. Чындык билинип, иштин түйүнү чечилген соң мен да аман калдым. Болбогондо канкорлор ушул окуяга байланыштырып, мени да соо коюшпайт эле.

## 9

Жүрүп келе жатып Жумагул бир тумшукка карай бурулду:

– Ушул чөйрөдө малчылар бар, бара кетпесек болбос.

Тумшукту имериле бергенибизде арсылдап үргөн иттердин үндөрү угулду. Көп кечикпей малчылардын кышкы короо-жайы, имараттары да көрүнө баштады. Жакындап барганыбызда башында кара көрпө тебетейи, үстүндө тону, бутунда кийиз чокою бар, кара мурут бир жигит там үйдөн чыга келип, иттерди жаңсап кууп, бизди каршы алып көрүштү. Өтө урмат менен күлүңдөй бизге алмак-салмак көзүн салат. Кыштын катуу чилдесинде өтө кыйындыкты, оордукту моюнга алып мал багып, мал өстүрүп жаткан эмгек баатырына мен ызаат менен улам-улам карайм.

Жумагул сумкасынан бир топ газет-журналдарды сууруп чыгып, ошол чөйрөдөгү коңшулаш малчыларга таратып берерсиң деп, ага карматты. Маданият борборундагы эртеңки боло турган малчылар майрамына алардын келишин айтууну да ал унуткан жок.

Майрам жөнүндө райондун борборунан уккан элем. Аны эл эмнегедир: «Малчылар күнү» – деп аташат. Малчылар күнү айында эки ирет «К» жайлоосунун өрөөнүндө, суу боюнда болуп турат. Ошону көрөйүн, малчылардын кышкы турмушу, мал жайыты менен таанышайын деп, кыта келе жаткан себебим да ошол.

Райондон чыкканда «Курман жылгага» да бара кетели деп Жумагулдан көптөн-көп сурангам. Ал да макул болгон. Мына азыр бул жерден жөнөгөндө, чабандарды кыдырып, дагы башка жакка кетип, жаш улан өлгөн жерди

көрбөй калат экемин деп, чый-пыйым чыгып, карыяга ал жөнүндө эскерттим эле:

– Эсимде, балам эсимде,– деп койду, темине басыпып. – Азыр ошол жакка барабыз. Анда да колхоздордун эки-үч короо койлору бар. Балким, бүгүн ошондойлоп конорбуз.

– Бир нече убакыт өттү. Мына «Курман жылгага» да келип калдык.

Жалгыз аяк жол менен жогорулап, өрдөп барабыз. Жол бирде кыян жүрүп, кум ширеген кургак сайга түшүп, бирде андан ийрилип чыга келет.

Жылганын ичи какыраган майда, шагыл таш. Ар кайсы жеринде белчесинен жерге батып, түптөрүнө кар тыгылган кой таштар да кезигет.

Акыйлаша өйүз-бүйүз турган эки бийик беттин этекбоорунда жапыз өскөн ит мурун, алтыгана, бадалдар. Гүл, сабактарын мал жеп, жел учурган гүдүрөк, шыбактардын дүмүр, тамырлары да көзгө учурайт.

Үстүбүздө эки бүркүт ары-бери айланып учуп жүрөт. Анын бирөө анда-санда шаңшып коёт.

Жумагул башын көтөрүп, оң колун серепчилеп бүркүттөрдү карап алды:

– Шаңшыганы – бала бүркүт экен. Жерден бирдеңкени көрүштү го. Ошону торуп айланып учуп жүрүшөт го.

Карыя билген экен. Бир аз жогору көтөрүлүп келе бергенибизде сайдагы бадалдардын түбүнөн бир топ кекилик пыр-ыр деп уча качышты. Үстүндө айланган бүркүттөрдөн коркуп жатышкан түрү бар. Ошол кезде асмандан күүлдөгөн добуш чыкты.

Карай салсак, жаңкы эки бүркүт көктөн ташталган көнөктөрдөй кекиликтерди качырып келет. Кекиликтер

кырды аша бергенде бүркүттөр да куушурулуп алардын артынан ашты да кетти. Кекиликтерге жеткенин, жетпегенин биле албай калдык.

Айланадагы жаратылыштын ушул сонун көрүнүштөрү көнүлүмдү башка жакка бура алган жок. Баардык көңүлүм, баардык оюм – Курмандын кайсы жерде өлтүрүлгөнүн көрсөм дейм.

– Аксакал, айтыңызчы,– дедим бир кезде карыяга. – Курманды кайсы жерде өлтүрүштү?

– Макул, балам, макул.

Канткен менен өр жер эмеспи. Узун аңгемеге түшүп, канчалык акырын бастырсак да аттарыбыздын кулак түптөрү, моюндары тердей баштады. Анда-санда токтоп, аттарыбызды эс алдырып, анан кыбыратып бастырып барабыз. Мына алдыбызда туура тарткан бир тумшук, андан өтүп, чоң аска таштын түбүндөгү кысыкка да келип калдык. Кысыктан чубашып ары жагына өткөнүбүздө, карыя атын жолдон бура тартып токтой калды.

– Балам,– деди ал. – Көрдүңбү бул асканы? Ушунун бурчуна жашынып туруп, шерменделер Курмандын мойнуна сыйыртмак салышкан экен. Ошондо да кайран бала моюн бербей, көпкө чейин алп урушуп, муунуп, акырында аркасына душмандын бычагы тийгенде гана атынан кулаптыр. – Карыя бир аз ары бастырып, кыян жеген кумдуу жараканы көрсөттү. – Мына, анын жыгылган, өлгөн жери.

Ал жерден көзүмдү албай, дудук кишидей турдум да калдым. Курмандын канга боёлгон денеси, өлүм, көз жаштарын төгүп боздошкон Алтынай менен Айсулуу, Жолборс менен Торкашка – баары да ушул жерде көз алдымдан өтүп жатты. «О-о, шордуу Курман! – дедим ба-

шымды ийип. – Каргыш тийген адилетсиз заманда сүйгөн жарың Айсулуудан ажырап ушул жерде гүлкайырдай солгон, өчкөн экенсиң го».

Жаш уланга боорум ачып, түпсүз терең ойго батып, жерди тиктеп былк этпестен тура берген экенмин.

– Кагылайын, бастыр эми. Үшүгөн чыгарсың. Айылга батыраак жетели,– деген Жумагулдун үнү угулганда гана башымды көтөрдүм.

* * *

Кыш мезгилинде тоодо болбогон адам малчылардын турмушун, кызматын жакшы билишпейт эмеспи. Кыштын ызгаарында бороон-шамалда бүтүн оордукту, кыйындыкты моюндарына алып, мал багышкан чыдамкай малчыларды көргөнүмдө, «Чыныгы эмгек баатырлары ушул жакта экен го» – дейм, өзүмдөн-өзүм. Баккан малын, эмгегин сүйүүшкөнү алардын сөздөрүнөн эле билинип турат. Антпесе, малды бага алышпайт да. Кимисине барсаң да тамактары мол, кийимдери бүтүн. Балдары болсо, кыштак, шаарларда окушат. Орден, медалдар менен көкүрөктөрү жаркыраган малчылар. Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам алышкан малчыларыбызды ар бир жерде жолуктурам.

Кышкы жайыттарда кыргыздын койчу, жылкычылары гана эмес, орус, украин, болгар, чечен улуттарынан да малчылар бар. Баары тең бир үй-бүлөдөй, тилеги да, оюу да бир. Жер изилдеп, жол салып, электр станциясын куруп жаткан адамдарды да учураттым.

Эртеси маданият борборуна түшкө жакын келдик. Эл батпайт. Ар кайсы жерде мамыда байланган аттар –

жүзгө жакын. Жылга-жыбыттардан самсып түшүп келе жатышкан аял, эркектер. Палатка-магазиндердин эшигин сагалап бири кирип, бири чыгып кездеме, бакал-сакал алып жаткан малчылар. Көркү келишкен клубда китеп, журнал окуп жатышкандары бир канча. Медпунктта врачтар сыркоолуу малчыларды кабыл алып, кеңешин айтып дары-дармек берүүдө. Бир жерде колхоздордун кассирлери да малчыларга эмгек күнгө акча үлөштүрүп берип жатышат.

Маданият борбору өзүнчө бир шаар. Магазин, ооруkана, китеп, төрөт үйү, чайхана, чач тарач, конок үйү, телефон, дагы-дагылар бар.

Асман чайыттай ачык. Күн суук. Ошентсе да малчылардын жүздөрү жайдары, кубанычтуу. Аркы четте бир топ жаштар ат үстүнөн эңишүүдө, бир тобу жарышууда. Ойногон музыканын үнү да тоо жаңыртып алыска угулат.

Фрунзеден, райондон келген машиналар да тизилип, бир четте. Аларга түшүп бир топ кызматкерлер келген окшойт. Ичтеринде Кыргызстан Академиясынын окумуштууларынан, министерстволордон да адамдар бар. Беттери суукка тотуккан, мойтоңдогон кара тоголок жаш балдар да чуулдашып, бири-бирин түртүшүп, кино көрсөтүүчү механиктин жанында жүрүшөт.

– Бах! – деп койду Жумагул карыя ушулардын баарына көз чаптырып келип. – Ушундай жыргал турмушка кез келиппиз. Бактыбыз бар экен. Ушул турмушту шордуу Курман көргөн болсо, тебетейин көккө ыргыта кубанбайт беле? Чиркиндин өмүрү кыска экен. Көзү ачык, арманда кетти.

Күн кечтеди. Клубга эл жыйналды. Батышпай сагалап эшик алдында тургандар андан көп. Жашы кырктар

чамасында, орто бойлуу, толмоч келген бир жигит акырын басып алга өтүп, клубдун сахнасына барды. Сураштырсак Фрунзеден келген лектор экен. Лектор эл аралык абал, тынчтык жөнүндө доклад жасады. Кырк жыл ичинде жетишкен ийгилигибиз, өнөр жай, маданиятыбыз, чарбабыз дагы-дагыларыбыз бүткүл жер жүзүндөгү адам баласына үлгү болорун да айтты.

– Ботом, Курман түспөлдөш жигит экен,– деди Жумагул кулагыма шыбырап. – Жашынын гана улуулугу болбосо так эле анын өзү. Атасынын аты ким болду экен?

– Фамилиясыбы? – дедим аны карап. Лекция менен концерт жөнүндө илинген эшик алдыда афиша ошол кезде көз алдыма элестей түштү. Анткеним, клубга кирип бара жатканымда аны окуган элем.

– Токто, токто... Аксакал! – Кандайдыр бир зор кубанычка батып, толкундана түштүм. – Баса, лектордун фамилиясы – Курманов!

– Кагылайын, оозуңа май! – Жумагул ордунан тура калды. – Эмесе, тиги – Курмандын уулу. Жүрөгүм сезип турат. Өңү да мурда мага тааныш кишидей.

– Акырын, Жумаке, олтуруңуз. – Этегинен тартып кайра аны ордуна олтургуздум. – Докладын бүтсүн, анан таанышабыз.

Лектор докладын бүттү. Концерт башталганча деп эл дем алышка тышка чыкты. Биз, Жумагул экөөбүз элден суурулуп өтүп, лекторго жеттик.

– Балам,– деди Жумагул ага,– бирдеңке сурайын айып көрбөңүз. Жаңылбасам, памилияңыз – Курманов го?

– Ооба, аксакал, фамилиям – Курманов,– деди лектор жылмайып Жумагулду карап.

– Андай болсо, балам,– деди Жумагул,– туулуп өскөн жериң кайда? Ушул жердик болуп жүрбөгүн? Атаң эмне болгон киши эле?

– А-а, билдим, билдим, аңгеме эмне жөнүндө болуп жатканын! – деди лектор башын чайкап. – Ушул өрөөндө Курман жылга барын билем. Жылга Курман деген жигиттин наамына коюлганын да уккам. «Ошонун уулу болуп жүрбөңүз» – деп, менден далай карыялар сурашкан. Жок, аксакал, анын уулу эмесмин. Чүйлүк болом. Атам да, энем да бар.

– Аттиң – деди Жумагул кейип-кепчип, үшкүрүп.

– Ошондой де! Бирок, мен Айсулууну издейм, табам.

Лектор Жумагулдун колун кыса кармап, өкүнүчтүү түр менен мындай деди:

– Аксакал, мен сизге бир нерсе айтайын. Күндөрдүн биринде Алма-Атага барганымда Айсулуу деген аял жөнүндө укканым бар. Чын-төгүнүн кайдан билейин, балким, ошол Айсулуу болсо болгон чыгар, чоң билим алып, врач болуп иштептир. Гитлер бизге кол салганда улгайса да согушка кетип Сталинграддагы салгылашууда курман болуптур. Баласы болгонун, болбогонун чыны биле албайм.

Клубда концерт башталды. Жумагул экөөбүз ага кирбестен кабагыбыз бүркөлүп, көчө бойлоп бастык. Каргыш тийген өткөн турмушту, ошондогу Курман менен Айсулуунун оор жазмышын көз алдыбызга келтирип, баш ийкешип, сүйлөшүп коёбуз. Түн сакчысы болгонсуп кайдадыр бир жактан зикир чалган бабыргандын үнү угулду. Төбөдө алтын Ай да көк деңизин жиреп, батышка карай сүзүп барат. Өрөөн бою мемирейт, тып-тынч. Ал тынчтыкты бузуп, клуб жактан шартылдата комуз чер-

тилди. Тоодогу малчылар менен ойдогу колхозчуларды, таалай менен тынчтыкты комузга кошуп кимдир бирөө созолонтуп ырдап да жиберди. Ал ырды кыштын ызгаардуу тентек жели радио менен Керме-Тоонун керилген алыскы төрлөрүнө, кокту-коңулдарына чейин учуруп алып кетип жатты...

## ТҮЛКҮ МЕНЕН СУУР

Чыгыш жак алтын нурга чөмүлдү. Акырын козголуп Күн чыкты. Күн шооласы Кызыл-Бел жайлоосуна чачырады. Түнү бою жайкы шүүдүрүмгө бастырылган жайлоонун майышкан жаш чөптөрү баштарын Күнгө ийди, сергиди, гүлүн чыгарды. Коктуга, жыбытка, таштын кычыктарына түнөгөн жайлоодогу жапан аңдар күнгө жылынды. Ордунан туруп, жыргап оттой баштады. Бирок жалгыз гана бир аксак суур оттогон жок. Ал булактын жанында эмгектенип ийин казып жатат.

Суурдун былтыр эки баласы бар болуучу. Ошо эки баласына тамак издеп чыкпаган тоосу, кечпеген суусу, барбаган жери калган эмес. Байкуш ошентип жүрүп, бир бутун ташка кыпчытып алып, чолок болуп калган.

Суур турган жерде суур менен коңшулаш бир түлкү бар эле. Ал, суурдун жаңкы эки баласын билгизбей былтыр жеп койгон. Бул гана эмес суурдун балдарын түлкү жыл сайын жей турган. Суур шектенип сураса:

– Жегеним жок, башка бирөө жеген чыгар. Бир тилекте, бир жолдо коңшулаш болуп отуруп, сенин балдарыңды жесем, мен жакшылык көрөмбү?.. – деп түлкү каргыш кылучу.

Суур түлкүнүн ал сөзүнө ишенбей:

– Башка ким жемек эле? Ушунун эле колунан келди, качайын, бир жерге барып оокат кылайын, минтип жүрө

берсем, дүйнөдөн тукумсуз өтөт экенмин – деп, изин жашырып ушул булакка келген.

Суур булактын жанына ийин казды. Ийинин күндүз казды. Таңга маал ага кышкы жей турган тамагын ташыды. Ийининин оозун экөө кылды. Бир жагын булакка жакын жерден, экинчи жагын чөптүн калың жеринен чыгарды. Ийиндин ортосун кенен казды. Буга кышкы жей турган тамагын, чөптүн гүлүн, тамырын жыйнады.

Аксак суур даам татпай, эс албай эмгек кылып жатып, ийинин казып бүтүрдү. Ийининин орто жерине куу бетеге төшөп, жумшак кылып алды.

– Эми эс алайын – деп суур ийининин оозуна жатты. Бир мезгилде аксаңдап балдак таянып келе жаткан түлкүнү көрдү. Ал түлкү – баягы өзүнө тааныш түлкүсү.

Түлкү аксаңдап жакын келип:

– Амансыңбы, аксак суур! Бул жакка көчүп келдиңби? – деди.

– Ооба, аманчылык! Сен эмне аксап калгансың? – деди суур.

– Ээ, сураба! Сенин балдарыңды жеген түлкүнү таптым эле, ошону айтайын деп, сени издеп жүрүп, тоодон учуп кетип, бутум ташка тийип сынып калды – деп, түлкү ыйламсырады.

Түлкүнүн бул кебетеси аксак суурга аянычтуу болду. «Байкуш мен үчүн бутунан ажыраган экен» деп түлкүгө боор ооруду.

– Кантейин, мен да сен сыяктуу аксак болуп калдым. «Эки бакыр – бир тукур» деген, экөөбүз сенин ийиниңде туралык. Бириктешип оокат кылалык. Кыш да түшүп келе жатат,– деп дагы түлкү ыйламсырап ылдый карады.

Суур түлкүнүн бул сөзүнө же бар, же жок деп ачык айта албай бир аз турду. Атасынын өлөрүндө: «Түлкү ат-туудан жакшылык жок» деп айтып кеткен керээзи эсине түштү.

– Жок, башка тур, мен сени менен бирге тура албайм! – деди суур.

– Эмесе, жакшы болот, сен мага жардам кыл! Жок дегенде, кыштан чыкканда ийин казышып бер. Жалгыз өзүм каза албайм: алым жок, чабал, аксакмын. Сенин ал кызматыңа айылдан тоок уурдап келип берем. Коен, ке-килик, чил да кармап келип берем,– деди түлкү.

– Суурга эт тамак болбойт. Биз чөптөн башканы же-бейбиз. Кет, мага жакын жолобо! – деди суур.

Бул сөзгө түлкү ачууланып:

– Жакшылык менен ийин казып бербедиң, сени ка-рап тур, ийиниңден кубалап чыгарам. Ушуну унутпа, ба-лам!.. деп, түлкү кетип калды. Түлкү калп эле анткорсуп аксаган экен. Ийинден мындай чыкканда аксабай эле соо болуп калды.

Түн болду. Асманда жылдыздар көрүндү. Канаттуу куштар менен аңдар кызык уйкуга кирди. Жалгыз гана суур уктаган жок. Ал, түлкүдөн коркуп, былк этпей, таң атканча жатты. Таң аппак атканда гана ийининен башын чыгарып: «капыр түлкү кетти бекен?» – деп эки жагын карады.

Түлкү жок. Көрүнбөйт. Кетип калган… Айланасы жымжырт…

Теке маңдайындагы белестен Күн кылтыйып көрүндү. Булактын шылдырап агып жатканы билинди. Суур чөп жыйноого баштык көтөрүп ордунан турду. Чуркап булак-ка барды. Андан канганча суу ичти. Ары жүгүрүп башты-

гына чөптүн тамырын, бүрүн жыйнай баштады. Тынбай жүрүп көп жыйнады. Бирок ал жыйнагандары баштыгына батпады. Анын үстүнө, батпаганы бир жерде болбой, ар кайсы жерде болуп калды. Анын бардыгын бир жерге жыйнай алган жок. Себеби – Күн көтөрүлүп, чоң шашке болуп калган. Ал ошондуктан, өзүнө душман айбандардан коркуп, экинчи күнү келип жыйнап алармын деп, ийинине кайтты. Суур ийинине келип, кирмекчи болгондо, ийининин жыттанып калганын сезди. Ал жыт түлкүнүкү сыяктуу. Ийинине башын салып карады эле, түлкүнүн жыты буруксуп кетти.

Суур түлкүнүн кетпей эле жашынып жатып, өзү кеткенден кийин ийинине келип киргенин билди. Коркту… түлкүнүн бир жамандык кыларына көзү жетти. «Зордукчулга амал барбы» деп, ыйламсырап, башка жактан ийин казууга кетип, ийинди түлкү ээлеп алды.

Кийинки күнү бир койчу коюн жайып, ит ээрчитип, ушу булакка келди. Ийинди көрдү. Ийинге жакын агып жаткан булакты көрдү.

– «Эригип келе жатканымда бет алдымдан бул суурдун ийини жакшы табылды. Коюмду токтотуп салып, буга суу берейин. Суурун алып калсам, териси жок дегенде бир сом болор. Ага базардан көйнөк алдыртып алайын, семиз чыгар, майына аялым шакар көөлөсүн. Этин даңгыт жесин» – деп чечинип, суу буруп келип, ийинге куйду. Ийиндин бир оозун мыктап таш менен бекитти. Өзү суу кирип жаткан оозунда таягын көтөрүп карап турду.

Суу коркурап ийинге кирип жатты. Бир мезгилде ийиндин берки бекитилген оозунан суу оргуштап атып чыкты. Ийинге коюлган таштар да калдырап калды.

«Ал жактан чыга албассың, курган суурум, бул жактан чыксаң мээңди жара чабармын» – деп койчу таягын белендеди.

Аңгыча болбой койчу турган ийиндин оозу да кулдурап калды. Бирдеме тырмышып, чыгып келе жаткандай болду. Койчу кийинерек боло берди. Ал жактан бир кызгылтым неме булактап чыга келди. Даяр турган койчу карап тура алчубу, так маңдайга тартып жиберди. Анын көчүгү ийинде, көкүрөгү тышта болуп, кыркырап жатып калды. Караса – түлкү.

– «Мына олжо! Суур албай, түлкү алганмынбы? Күндө ушундай болсочу! Деги эле жакшы болду» деп койчу күдүңдөдү.

Койчу түлкүнү көтөрүп алып коюн айдап, үйүнө жөнөдү.

Башкага кылган кастыгы – түлкүнүн өз башына жетти. Аксак суур, түлкүдөн кутулуп, ээн эркин жанын багып жатып калды.

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ЖЫЛАН

Эски тамдын үстүнө келип, эки чабалекей уя жасоого балчык ташышты. Балчыгын катар-катар кылып тизмекчи болушту. Бирок, балчык токтогон жок, жылмышып туруп калды.

Ошондуктан, чабалекейлер балчыкты топонго, жүнгө, кылга аралаштырып алып келишти. Аны балдардын жасаган жүк ташындай кылып, биринин үстүнө бирин эп кыйыштырып, тизе баштады. Балчык мурункусундай жылмышпай желидей болуп жабыша берди.

Уя бир нече күндөн кийин чөйчөккө окшоп, даяр болду. Сырты быдырала болуп, аралашкан кыл, жүндөрү самсаалап чыгып турат. Эки чабалекейдин бирөө күнтүн дебей уясында жатты. Экинчиси ага тамак ташып келет. Беш-алты күн өткөндө уяда жатканы беш жумуртка тууду.

Бир нече күндөн кийин төрт балапан чыгарды. Жумуркалардын бирөө сасык эт болду.

Балапандар энеси жем алып келгенде, жандары калышчу эмес. Бардыгы да оозун ачып, бири-бирине сүйкөнүп, алга умтулучу.

Бир күнү энеси жем алып келди эле, балапандардын бирөө мурда жетип жемекчи болуп, илгери жүткүнүп, уядан учуп кете жаздады. Энеси: «бала болуп, буларды бош

койсоң, учуп өлөт экен» – деп, балдарынын буттарын кыл менен байлап салды. Күн чак түш эле. Чабалекей балдарына жем берип болуп, эс алууга уясына жаткан; ал бир мезгилде устундун түбүндө жаткан жыланды көрдү да, коркуп:

– Ой, сен ким болосуң? – деди.

– Менин ким экенимди кийин билерсиң. Мени көрдүңбү? Оболу ошону айтчы! – деди жылан.

– Бийик жерде туруп сени кантип көрбөйүн, көрдүм.

– Көрсөң да мени тааныбапсың.

– Кантип сени таанybaйын, тааныдым.

– Таанысаң мен ким болом, кана, айтчы!

– Ким болмок элең. Жылансың!

– Мына, айтпадымбы, ошентип, бийик жерде турсаң, мени тааныбайсың. Мени тааный турган болсоң, бери ылдыйлап, жаныма түшүп кел – деп, жылан башын көтөрүп койду.

– Тигини, мени алдап жатканын, муну көрбөйсүңбү! Сен жылан элесиң, жаныңа барбайм, барсам, чагып аласың. Жыландан корком… – деди чабалекей.

– Жыландан мен да корком. Анын тиши узун болот. Тишинин учунда уусу бар. Ал меникин карачы: тиштерим майда, кичинекей, бирок тилим узун деп, жылан тилин соймоңдотуп чыгарып койду.

– Жылан болбосоң эмнесиң? – деп чабалекей таң калды.

– Кескелдирик болом.

– Мен көргөн кескелдириетердин буттары болучу эле. Сенин буттарың кана? – деди ал.

– Эмесе, сен кескелдириктердин көбүн көргөн эмес турбайсыңбы. Көргөн болсоң, бул сөздү айтпас элең. Ке-

скелдириктин кайсы бирөөндө – бут жок болот. Муну жакшы бил! Менин бутум жок болсо, буттуу кескелдириктерден кем жүрбөйм. Кем жүрбөгөндөн кийин буттун эмне кереги бар? – деп дагы жылан башын көтөрүп койду.

Жыландын анда-санда башын көтөрүп, балапандарын караганына, чабалекей шектенип:

– Жок, ишенбейм, жылан элесиң, – деди.

– Мага ишенбейт экенсиң го. Эмесе жаныңа барып ишендирейин,– деп жылан устунга оролуп, жогору сойлой баштады.

Чабалекей, жылан балдарымды жейт экен деп коркту. Кайтып уясына келип конду. Балдарынын оозун ачып жем сураганын көрдү.

– Шоордуу балдарым ай! Оозуңарды ачып жем сурайсыңар. Өзүңөр бирөөгө жем болгону жатканыңарды билбейсиңер, байкуштарым ай! – деп, чабалекей жашооруп кетти.

Жылан сойлоп чыгып келе жатты. Жылан ачакейлүү уулу тилин соймоңдотуп чыгарып алган. Ал желмогуздай уулу тил жандап эле кетсе, былжыраган курган балапандар соо кала турган эмес.

Чабалекей чырылдап уясынан дагы учту. Тышка чыкты. Кайта учуп тамга кирди. Экинчи чабалекей да балдарына көпөлөк тиштеп келип калды, жыланды көрдү. Ал, оозундагы көпөлөгүн таштап жиберип кайрат кылды. Балдарын жоодон сактамакчы болуп, канаты менен жыланды чаап өттү. Бирок, аны жылан тоотподу, башын көтөрүп коюп жогору жыла баштады.

Тамды жандап өткөн жалгыз аяк жол бар эле. Ошол жол менен өгүз минген абышка бир таңгак сабоо өңөрүп,

тоодон түшүп келе жатты. Анын камчыланып келе жаткан колунда да бир узун ыргай сабоосу бар. Ал, тамга келе берген кезде чырылдап учуп жүргөнүн көрдү; таң калды; «жарыктыктарга эмне болду» деп, өгүзүнөн түштү. Тамдын эки жагын карады, андан келип тамдын ичине кирди. Жыландын жаңы уяга башын салып бара жатканын көрдү да, колундагы ыргай сабоосу менен бел талаштыра жыланды тартып жиберди. Жылан тоголоктошуп жерге түштү. Жерге түшкөндө жыландын эки көзү челейип, агып түшкөн экен.

Бирөөгө зордук кылам деген жылан, ошенетип, өз азабын тартты.

Чабалекейлер, балдарынын аман калганына кубанып абышкага алкыш айтышты.

# ШАИФТИН АҢГЕМЕСИ

Дем алыш күн эле. Мен Фрунзе шаар багынын ичи менен келе жаттым. Көк жашыл жаш жалбырактардын арасынан Күндүн нуру жер бетине түшүп турду. Ал күндүн жылуу нуруна кубанып, жалбырак жамынып, кайсы бир бактарда конуп отурган көп чымчыктар чыйпылдап, үн кошуп, сайрай башташты. Ары-бери жүргөн жанды жаратылыштын жайкы, эртеңки, коңур салкын, таза абасы беттен сылап, эркелеткендей болот.

– Шаиф, аман-эсен келдиңби? – деп мен бир кезде кубанган бойдон каршы алдымдан чыга түшкөн кара-тору жигитти кармай калдым.

– А сенсиңби? Аманчылык-аманчылык,– деп ал мени менен учурашты.

Бул мени менен бирге иштешкен, көптөн бери көрүшпөгөн Шаиф деген жигит эле.

– Кана, эми, өзүң сүйлөчү! Кайда болдуң, кайда жүрдүң? Сенин Мурманскиден жазган соңку бир катыңды алдым андан кийин сенден кат да, кабар да такыр болгон жок, дайының чыкпай калды, дедим мен.

– Ооба, ошондой болду,– деди да күлүмсүрөп Шаиф: – мен тиги дүйнөгө кетип бара жаздап, кайра тарттым.

– Эмне дейсиң? Ырас эле сен Финляндия согушунда болдуңбу? Мына, азамат! Иш ушул эмеспи? Демек, сен Ата Мекен үчүн согушкан экенсиң. Кана, эмесе, сүйлөчү.

Мен аны колтуктап барып бактын көлөкөсүнө скамейкага отургуздум. Өзүм да отурдум. Шаиф күлүмсүрөп токтолуп бир аз турду да, сөзгө кириштн.

* * *

«… Декабрдын аяк чени. Күн суук. Жер суунун баары да кар. Биз, кызыл флотчулар, Мурманск шаарындабыз. Эртең мененки саат тогуз чен. Бүтүн кызыл флотчуларды стройго тургуз деген старший лейтенант Ивановдон приказ алдым. Анткени мен ошол күнү командага жооптуу дежурный элем. Мен дароо приказды орундадым. Бир кезде Иванов колуна кагаз кармап штабдан чыкты.

– Смирно! – деп мен команда бердим. Кызыл флотчулар каккан казыктай какайып, тыптынч болуп туруп калышты.

Иванов, Финляндиянын чек арасына өтүү жөнүндө түндүк флоттун командасынан келген приказды бизге окуп берди; Кызыл флотчулардын алдында турган милдеттерин да ал айтып келип, токтолгон кезде:

– Мекен үчүн!

– Кашык каныбыз калганга чейин душман менен күрөшүүгө ант беребиз! – дешип, Кызыл флотчулар бир добуштан кыйкырышты.

Кораблге түшүп жөнөдүк. Учу-кыйры билинбеген Баренцово деңизинин үстү менен кетип бара жатабыз. Күн суук. Катуу жел согуп, тоодой толкундар келип, биздин кораблдерге соктугат. Таалайлуу замандын ырыстуу эмгекчилеринин өз кол күчтөрү менен жасалган күчтүү корабль, эсминецтер ал толкундарды как жарып, кезиккен муздарды талкалап, кебелбестен бир калыпта алга карап кетип бара жатышты.

Кызыл флотчулар өздөрүнө тиешелүү согуш орундарында. Чарчоо деген аларда жок. Алардын бардык ою – душманга тезинен жолугуу, ага катту сокку берүү, Мекен алдында өздөрүнүн мойнундагы ыйык милдеттерин аткаруу.

Мен, эсминецте радисттик кызматын аткарып кетип бара жатамын. Албетте, бул кызмат – эң жооптуу кызмат. Буга өтө этияттык, кылдаттык керек. Антпегенде радио аркылуу берилген кабарлар душман колуна түшүп калуу мүмкүн.

Таң агарып ата баштады. Алыстан бүлбүлдөп, Рыбачий жарты аралы көрүндү. Биз ага жакындаган сайын ал да агарып ачык-айкын болуп көрүнө баштады.

Мына бир кезде наблюдатель Ягор, жарты арал жакта душмандын бир нерсеге даярданып жаткандыгын байкап, Ивановго билдирди.

– Даярдангыла! – деген команда болду. Биз даярданып калдык.

Биз жарты аралга жакындай берген кезибизде душман бизди замбирек менен ата баштады. Алардын октору кораблдердин туш-туш жагына учуп келип түшкөндө, деңиз суусу аркан бою көтөрүлүп, эсминецтерди чайпалтып турду.

– Артка! – деген команда берилди. Анткени арабыз өтө чукул болучу. Андай аралыкта кораблдерде туруп замбирек менен атууга эч бир мүмкүн эмес эле.

Биз артка бурулдук. Артыбызга коюу, кара түтүн жиберип, кораблдерди душманга көрсөтпөй салдык.

Бир аз жүрүп келе берип, кайтадан бурулдук. Артыбыздагы түтүндөр тарады. Рыбачий жарты аралы аппак, дапдаана болуп көрүнүп турат. Наводчик – Шираев, За-

йцев жолдоштор замбиректердин ооздорун душман жакка каратышты.

– Аткыла – деген команда берилди.

Ворошиловдук залптар жер-сууну дүңгүрөтүп жарты аралды көздөй учуп жатты. Жарты аралдын чаңы бат эле асманга чыгып, дүмүрөйүп, капкара боло түштү.

– Жээкке чыккыла! – деген экинчи команда болду. Андреев, Ходаков, Осмонов, Халенко, Синицин, Боряк жана бир топ кызыл флотчулар болуп, бир кайыкка түшүп, жээкке жөнөдүк.

Кыштын ызгаардуу жели согуп, деңизди уйгу-туйгу кылып, тоодой толкундар пайда болду. Түшкөн кайыгыбыз бирде жогору чыгып, бирде төмөн түшүп, калтылдап кетип бара жатты.

Мына эми жээкке чыктык. Мен жээкке радиоприемнигимди ала чыктым. Эмне деген шумдук? Бутубуз басууга, колубуз кармоого, оозубуз кымтууга келбейт; ырайымсыз ызгаардуу жел ышкырат; ой-тоо, жер-суудагы карларды учуруп, бетти чымчып, кулакты чертип, бизди бир кадам алга жылдыргысы келбейт. Бирок биз аны жеңдик. Таш калкаланып, эптеп жатып, бензин куюлган керосинканы жандырдык. Котелокко кар салып, аны ага асып, эритип чай кайнатып, бир-бир кружкадан чай ичтик. Жылындык.

Бир аздан соң алдыбызга үч жоокерди чалгынга жиберип, артынан биз да жөнөдүк. Атылган мылтыктын, пулеметтун, замбиректин үндөрү угулбайт.

– Бул эмне деген шумдук? Эмне деген жымжырттык? – деди, мени менен бара жаткан бир жоокер.

– Балким душман куулук кылып бир жерде жашынып жаткан чыгар, – дедим мен.

Биз этияттык менен алга карай жүрүп отурдук. Бир кезде биздин замбиректерибиздин октору келип түшүп казылган жерлерге келдик. Ар кайсы жерде талкаланган замбирек, пулемет, мылтыктар жана өлгөн, жарадар болгон финдер жатат.

Тез аранын ичинде бизге флоттон жардамга жаңы отряд, Кызыл флотчулар келишти. Биз, кача албай калган ак финдердин бир тобун колго түшүрдүк.

Айланага чалгынчылар жиберип, бул жерге биз конуп калдык. Ошол күнү алай-дүлөй болуп, кар аралаш дагы да катуу бороон сокту. Кулак-мурун жакадан чыга түшсө, бирдеме чагып алгандай «тыз» дей түшөт.

Бат эле түн кирди. Катуу жел согуп, жер жүзүн каптап жаткан калың туманды алда кайда кубалап, көк жүзүн чайыттай ачты. Асманда жылдыздар жымыңдады, алтын Ай да өзүнүн сүйкүмдүү жарыгын ай-ааламга чачууда.

Экинчи күнү биз алга карай жыла баштадык. Ырыстуу элдин темирдей бекем, кайраттуу уулдарын ызгардуу суук артка чегинте алган жок. Аркабызда лыжаларыбыз бар. Кээ бир жерде бет алдыбызда – жалама бетте көгүлжүм тарткан тайгалак муздар кезигип калат.

– Өткүлө! – деген команда берилгенде биз жүүртө басып, музга отура калабыз. Лыжаларыбыз жылбышып муз үстүндө куштай учуп, дыркыраган бойдон барып ойго түшөбүз. Койнубузда катылып келе жаткан гранаттар жарылып кетет экен деп, аларды биз анда-санда кармалап, текшергенсип коебуз.

Мына биз өрттөлгөн кичине бир кыштакка келдик. Кыштакта бир да жан жок. Кыдырып жүрүп бир гана абышканы таптык. Ал бизди ачык жүзү, шат көңүлү менен каршы алды.

– Кыштактын эли кайда кетти? – деп абышкадан сурасак, ал кабагын чытып:

– Аларды айдап кетишти. Силердин замбиректериңердин үнүн укканда эле офицерлер келип, бизди үйлөрүбүздөн кууп чыгып, кыштакты өрттөштү,– деп жооп кайтарды.

– Эмне үчүн айдап кетишти? Кандай кылып өрттөштү?

– Эмне үчүн дейсиңерби? О, мен ал жатып ичер помещиктер менен офицерлердин мытаамдык ойлорун жакшы билем,– деди абышка: – Большевиктер көзүнө көрүнгөн фин элинин бардыгын да атат, өлтүрөт дешип коркутушту. Күчтөп айдап кетишти.

– А сен эмне үчүн качканың жок?

– Мен эмне үчүн качат элем? Мен Кызыл Армиядан коркпойм. Менин түшүнүгүмчө силер бизге окшогон кедейлерге жардам берүү үчүн келдиңер.

– Ырас айтасың, карыя. Ошондой. Биз кедейлерге дос, байларга каспыс. Биз кедейлерге жардам берүү, аларды помещиктердин кулдугунан кутказуу үчүн келдик. Түшүндүңбү карыя? Мына, ошондой! Ал эми, карыя, качкан кедейлерге кабар кыл, баары да кайта келип, оокаттарын кылышсын,– деди командир.

Кыйратылган ак финдердин калдыктары кайда жашынгандыгы жөнүндө биз андан сурадык. Абышка арт жагына бурулуп, калың карга бастырылган токойду колу менен көрсөтүп:

– Мына тетиги көрүнгөн калың токойдо алар,– деди.

– Бизди ошого баштап барасыңбы? – деп мен андан сурадым.

– Эмне үчүн баштап барбаска? – деди фин. – Бирок бүгүн эмес эртең баштап барам.

Биз абышканын сөзүнө каршы болгонубуз жок. Бирок анын «бүгүн эмес, эртең» дегенине, «бизге бир бала кылган жатабы» деп да шектендик. Эртеси биз абышкага келе жатып, ар кайсы жактан, токойдон кыштакты көздөй чубап келе жаткан финдерди учураттык.

– Кайдан келе жатасыңар? Кайда барасыңар? – деп биз аларды токтотуп, орусчалап сурадык. Алар фин тилинде бат-бат сүйлөп, былдырап, бирдеме деп, жооп беришти. Эмне деп айтышканын түшүнбөдүк. «Бизди тилдеп жатабы» деп да ойлонуп коебуз.

Акырында биз булардын арасынан орусча тил билген бир финди таап, ошону менен сүйлөштүк. Көрсө, алар ошол кыштактык кедейлер экен. Биз тууралуу кечеги фин абышкасынын айтуу боюнча булар өз кыштагына кайтып келе жатышыптыр.

Фин абышкага келдик.

– А, балдарым, келдиңерби? Деги эле жакшы болду! – деп абышка, кечегиден да бизди бүгүн өтө урмат менен каршы алды. – Кириңиздер, үйгө кириңиздер! Мен от жагып жатамын.

– Биз үйүнө кирдик. Эмне деген кедейлик! Үйүндө эскирип бүткөн, буту сынган бир жыгач кровать, полду баса калтылдаган, тийип кетсе кычыраган бир жаман столу, майланышып карарган эки жаман табуреткасы турат. Кроватынын үстүндө кырк жеринен жамачыланган, ичинен самсаалап кебези чыккан бир эски жууркан, жекен толтурулган бир жастык.

Биз үй ичиндеги көрүнүштөргө көз жүгүртүп, карап отурганча абышка эртеңки экинчи тамагына кам урду. (Көрсө, финдер биринчи тамагын төшөгүнөн турар менен эле ичишет экен). Абышканын эртеңки «биринчи»,

«экинчи» тамагы маанисиз болду: сүтсүз бышырган кофе, эки сындырым арпа токоч, эки кесим каткан сыр.

– Биздин тамагыбыздын да даамын татып көрүңүздөр – деп, абышка бизди тамагына чакырды.

– Ыракмат, биз токбуз, өзүңүз иче бериңиз,– деди менин жолдошум. – Сиз жалгыз турасызбы? Катын-балаңыз кайда?

– Катыным жок. Анын өлгөнүнө бир топ жыл болуп калды. Жалгыз уулум бар эле, аны армияга алышты. Уулум барбаска канчалык аракет кылды. Барган жеринен качып да келди. Бирок, шюцкоровчулар койчу беле, аны уруп, мылтыктын кундагы менен койгулап, кайта алып кетишти. Ошондон бери анын өлүү-тирүүсүн биле албадым.

Абышка сөздөн токтолду. Жоокерлер анын өмүр баянына кызыгышып, андан дагы да сөз укмакчы болушту эле, бирок абышка андан башка эчтеңке айткан жок. Кабагын бүркөп, терең үшкүрүп, кандайдыр бир чоң ойго баткандай болду…

Кечке жакын штабдан бизге жардамга бир топ жоокерлер келишти. Анткени, абышканы ээрчитип жашынган фин армиясынын калдыктарын көздөй жөнөмөкчү болуп жатканыбызды билдирген болучубуз.

Көрүнгөн токойдо бекинген шюцкоровчуларды билип келүү үчүн абышка жөнөдү. Биз калдык. Бизге жардамга келген жоокерлер менен кошо келишкен эки врач менен санитарлар да бир кичине үйгө «полктук жардам пунктун» уюштура коюшту.

Үч саатча убакыт өткөн кезде абышка кайра келди. Ал мурункудай эмес: кабагы бүркөлгөн, өңү кумсарган, кандайдыр бир кайгылуу ой аны баскан сыяктуу. Биздин сурообузга, абышка:

– Мен баарын да билдим. Бандалардын калдыктары бар экен. Бирок алар да өздөрүнөн жардам күтүп жатышат. Силер бүгүн түн ал токойду бандалардан арылтпасаңар болбойт. Эртеңге калсаңар, токойдун кайсы бир жолдорун миналаштыруу мүмкүн.

Абышка бизге кайсы жак менен баруу жөнүндө да жакшылап айтты. Биз – Боряк, Синицин жана бир топ жоокерлер болуп кеңештик. Абышканы кыштакка калтырмакчы болдук. Бирок абышка калмак түгүл кайта ал биз менен бирге согушка катышмакчы, жол көрсөтүп бермекчи болду. Ал гана дейсиңби, атууга мылтык да, кийүүгө ак чапан да сурады. Биз буга таң калдык. «Бандалардын тапшырмасы боюнча, бизге бир шумдук кылган жатабы» деп да ойлондук.

Бир аз кеңешип туруп, абышканы өзүбүз менен бирге ала жүрмөкчү болдук да, күдүк болгон бир ишти андан сурадык.

– Жакшы болот,– деди лейтенант Иванов,– Биз менен бирге барасыз. Бирок чыныңызды айтыңызчы, сиз анын баарын кайдан билдиңиз? Элиңиздин баары качканда сиздин качпай кыштакта калганыңызды шюцкоровчулар жакшы билет. Анын үстүнө сиз, дезертирлик кылып согуштан качкандын атасы болсоңуз. Мына ушунун баарын билип туруп, кантип сизди ак бандалар соо коюшту? Мынча кабарды алар кантип сизге билдиришти? Мында бизден жашырган бир сыр болуп жүрбөсүн? Совет өкмөтүнө, Кызыл Армияга кызмат кылыңыз; чыныңызды айтыңыз.

Абышканын бырыш кирген кабагы жогору көтөрүлүп, ал жактан кирпиксиз көк көздөр жарк этти да, кайта сөндү. Ал күнөөлүү кишиче, башын төмөн салып, жер тиктеп туруп:

– Ал айтканыңыз ырас,– деди. Бир аздан соң тамагын кырып, сөзүн улантты: – Сиздердин ошондой деп ойлоого акыңыздар бар. Бирок мен ал сырды азыр ачып айтпайын, сиздер укпаңыздар. Токойдо бекинип жаткан бандаларды жойгондон соң гана, мен бул сырды сиздерге айтамын.

Абышка биз менен бирге жөнөдү. Бул аңгемени уккан, же окуган адам «ушундай да этиятсыздык болобу?» деп бизге жеме кылуу мүмкүн. Оор күндөрдө, коркунучтуу күрөштөрдө адам баласында болгон сокур сезим күчөп, адамды ээлеп, алдагы ишти айтып бере турган учурлары болот. Бизди ээлеген ал сезим – абышканын кедейлигинен, пролетариаттык жакындыктан пайда болгон сезим эле. Биз ал сезимге берилдик. Абышканы жаныбызга алдык.

Мына ошентип биз токойду аралап жүрүп келе жатабыз. Токойдун ичи калың кар. Жоокерлердин муз өтүктөрү тийгенде тоңгон карлар кырч-курч этип, андан көз уялткан майда ак учкундар жаркылдап учуп чыгып, этек-жеңдерибизге жабышып калат. Карга шагы ийилген карагайлардын буттактары ызгардуу суукка кычырап, үн чыгарат. Жоокерлердин буттары же мылтыктары тийип кетсе, тоңуп турган бутактар «чырт» этип сынып кетет.

Абышканын көрсөтүү боюнча алга чалгынчылар жибермекчи болуп, бир жерге келип токтодук. Чалгынчылыкка Синицин, Боряк, фин абышка болуп кетишти.

Түндүк жактын түнү. Айланабыз, таң аппак атып келе жаткандыгы ала көлөкө тарткан капчыгайдын ичиндей болуп турат. Түндүн ызгардуу суугу сөөккө өтүп, бүткөнбоюбузду калтыратып, чыдатпай бара жатат. Финляндиянын ырайымсыз суугу биздин душманыбыз сыяктуу.

Бардык ой, бардык тилегибиз – душман менен батыраак беттешүү.

«Чалгынчылардын кеткенине кырк минутача же балким, андан да көп болгон чыгар…» – деп өзүм ичимден ойлонуп коем да, кайтып: – «жок, кантип эле ошончо болсун, жок дегенде алты саатча өткөн чыгар?.. ошончо убакыт өткөн болсо, бул жерде биз суунктан таштай катып өлөр элек. Жок, анча убакыт өтпөгөн чыгар» – деп кайта өзүмдөн өзүм ойлонуп коем.

Бир кезде кандайдыр бир жерден мылтык атылды. Бир аздан соң дагы да үч-төрт курдай атылган мылтыктын үндөрү угулду. Андан соң айлананы кайтадан жымжырттык, тынчтык басты… Менин жүрөгүм шуу дей түштү. Эки оюмдун бири – Боряк менен Синицин: «Капырай, аман-эсен болушту бекен» дейм, өз ичимден. Менин жанымда жаткан Хиленко да оюмду кайталап айткандай болуп, ал дагы:

– Аман-эсен болушту бекен? – деп, ооз учунан мага шыбырады.

– Ал – Синициндин жакшы көргөн жолдошу эле.

Бирок бизге артка чегинүүгө да, же алга жүгүрүүгө да командадан приказ болгону жок. Бир кезде ак чапан кийген бирөөнүн карааны мага көрүнө түштү. Карай салсам – Боряк!

– Боряк! Аман-эсен келдиңби? – деп мен ордумдан тура калдым. Хиленко да ордунан тура калып:

– Синицин да келдиби? Ал кайда? – деп, сурап калды.

– Келди. Болгон иштерди билдирүү үчүн ал лейтенантка кетти.

– Баса, абышка кайда?

– Абышка да биз менен бирге болучу. Бирок андан биз ажырап калдык,– деди Боряк: – Ал, жолду чалып, биз-

ден бир бута атым алда кетип бара жаткан кезде мылтык атылды. Карагайга далдааланып биз жата калдык. Акырын карасак, дал алдыбызда карагайдын бутактарында банданын «күкүгү» (мергенчиси) отурат. Мен таамайлап туруп аны аттым эле, ал кушча учуп түштү. Бирок туш-туш жагыбыздан мылтыктар атылды, сыягы бир топ болсо керек. Биз боорубуз менен карды жиреп, артка чегинип жылдык. Коюн-кончубузга кар тыгылып демибиз кысталып, араңдан зорго жолубузду таап, андан мында келдик. Абышканын эмне болгонун биле албай калдык. Ким билет, балким, аны финдер кармап калды бекен…

Ошол түнү биз шюцкоровчул бандалардын талкаланын чыгардык. Согуш узакка созулган жок, бирок, өтө катуу, кызуу болду. Биз өтө тездик менен алга жылып, бандаларды курчап алдык. Биздин гранат, мылтыктарыбыз замбирек керек болгон согуштун кызматын аткарышты. Кыска мөөнөттүн ичинде мындай болобуз дешип, бандалар эч убакытта да ойлонушпаган чыгар…

Эртеси биз абышканы таптык. Бирок, бечаранын коркунучтуу, аянычтуу көрүнүшүн айтууга оозум барбайт. Бүгүнкү күндө да аны эстесем, бүткөн боюм муздап жүрөгүм зырпылдайт.

Абышканын бети-башы кан болуп, кар үстүндө сулап жатыптыр. Бечаранын араң гана жаны калган экен. Ал, араңдан зорго башын көтөрүп, аянычтуу үнү менен:

– Аларды мен алдадым. Ошол алдагандыгым жана да силерди баштап алардын үстүнө алып баргандыгым үчүн, алар мени мындай жазалашты. Силердин саныңарды, мылтык, жабдык куралдарыңарды, бара жаткан багытыңарды – баарын да мен аларга билдирүүгө калп убада берген болчумун, силерди миналаштырылган жол-

го салып жиберип, командирлерди да кармап бермекчи болгонмун. Менин мунума алар ишенишкен. Баламды кайтарып бермекчи болушкан. Бирок мен аларды алдадым. Жан-дилим менен Кызыл Армия үчүн кызмат кылдым. Менин атым Юхо Таайнем.

Абышканы өзүбүз менен бирге ала кеттик. Ал эки күн туруп өлдү. Өлүгүн өз кыштагынын жанына көмдүк. Бир ташка «Юхо Таайнем жан-дили менен Кызыл Армия үчүн кызмат кылды» деп жазып, мүрзөсүнө тургуздук. Эгерде баласы келип калса, бул жазууну окуп көрөр да, атасынын мүрзөсүн таанып».

## МУРАТ

Күн бүркөк, себелеп жаап турат. Жөө туман жаанга аралаш жерди каптап, жан көрсөтпөйт. Тумандын өнгөчө калың жери – Кожомкул байдын айылынын үстүндө.

Байдыкы былтыркы жайлап кеткен конушунда. Конушу эки жагы аскалуу келген «Чуңкур-Төр» деген ушул элдин атактуу жайлоосу боло турган.

Күн кеч, туман да таркады, бирин-серин бөлүнүп калган тумандар үйрүн издеген жылкы сыяктанып, белес ашып, өтүп жатат.

Бир кезде, айылдын үстү жагындагы белестен койлор көрүнүп, айылды көздөй чубурду. Айылдагы катын-калачтар:

– Козу жамырабасын.

– Козу кайда?

– Баягы моло жок, кайда экен? Бир жерге уктап калган го,– дешип, бирөөнү карап калышты.

Койлор айылга жакындап, маңдайындагы борчук таштардын алдынан жандай бергенде, үстү жагында таштын кычыктарында турган козулар «чур» этип жамырай кетишти. Ойдо турган катындар:

– Түгөт моло, сүттөн какшытты,– дешип жамыраган кой-козуну карап турушту. Ызы-чуу түшүп кой-козу да короого киришти.

Бай, малдын ызы-чуусуна чыдамсызданып, эшикке чыкты. Козулардын койлор менен аралашып жүргөнүнө көзү түштү, алдынан кыя салып өтүп бара жаткан кичи катыны – Маасылканды көрүп:

– Койлорду бүгүн саабай жамырата бергенби? – деди.

– Баягы өлүгүңдү көрөйүн Мурат, бүгүн да козуларды жамыратып жибериптир,– деди Маасылкан.

– Ал кайда жүрөт?

– Урат, деп коркуп, качып жүргөн чыгар,– деди Маасылкан.

Жерди иңир каптай баштады; күндүн ырайы кайтадан бузулду.

Эл жатууга айланды, күн мурункусунан күчөнүп, шатыратып жаап турат. Жөө туман кайра каптап, айылды басты, жайлоонун суук жели сокту.

Кечтен бери жылкычы Курмандын катыны Күмүш Муратты издеп, таппады. Кирбеген үйү, барбаган жери калган жок. Тышты арылтып чарчап келип, байдыкында болбогондой эле деп, байдын үйүнө кирди, анда да жок. Төрдө отурган Кожомкулдан иймmenип, ачык айта албай күбүрөп, Маасылканга Мураттын жоктугун билдирди.

– Адам, анан кайда кетет? – деди Маасылкан. – Бир жерде уктап калган го – деди эле, байдын кулагы чалып калып:

– Ал ким? – деди.

– Мурат, Мурат жок дейт, издеп таппай коюптур – деди Маасылкан.

– Баса, ал баланы мен бүгүн көрө албадым го, энеси өлгөндөн бери ошол баланын өңү жок – деп, алдында олтурган жалпак беттүү сары баланын башын сыйпап, «Жасаган, сенин гана алтын жаныңды аман кылсын» деген маанини билдирди. Анткени – ал өз баласы эле.

Муратка ким кайгырсын, байдын ага учук жиби короп жатабы; малы-жаны аман, баласы алдында ойноп, катыны жанында олтурат.

– Эртең табылар,– деди бай.

Күмүш байдыкына көп олтура албай, жылып чыгып, алачыгына келди.

– А Жасаган,– деди Күмүш,– кедейди мынча эмне кор кылып жараттың? Биздин жазыгыбыз эмне? Жазыгыбыз – жалгыз кедейчилик эле го. Бизге окшогон кедей, жетим-жесирдин өлүмү мал өлүмү турбайбы? Ичине чок түшкөн бай эч бир кенебейт. Өзүнүн баласы талаага түнөмөк түгүл, күндүз биртике жок боло калса, жаны-маны калбай издешип калат. Эми минтип Муратты оюна алышпай олтурбайбы. Райымсыз жуткучтар, энесин жуттуңар эле, эми баласын да жутат экенсиңер го. Кана, жутпаганда, эмнеси калды? Кайда кетти?

Күмүштөн башкалары Муратты эскеришпеди.

Алар, «кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы» болуп, сүтсүз калгандыгына кайгырышты.

Айыл кызык уйкуга кирди, кыбыр эткен жан калбады. Кечтен бери ызы-чуу түшкөн малдардын да ызы-чуусу күүгүм киргенде эле басылган; эми жандан корголоп, бирбирине ыкташып, үндөрү өчүп турат. Жаан күчөнүп, токтой калып, кайтадан үстү-үстүнө шатыратып куюуда. Жалгыз гана айылдын маңдай жагындагы бүгүнкү козу жамыраган борчуктардан анда-санда «апа» лаган аянычтуу үн чыгат. Бул үн, бүгүнкү козу жамыраткан Мураттын үнү.

Мурат, атасынан курсакта калып, энеси – Батмадан былтыр сегиз жашында айрылды. Батманын карыганда көргөн жалгызы. Ал, «Муратым», «Жалгызым» – деп, айланып-үйрүлүп, айылдан жегенинен алып келбей кой-

гон эмес, умачталган талканды да жеңинин учуна ката келүүчү.

Батма, Муратты көтөрүп алып, Кожомкулдукуна келгенине үч жыл болгон.

Ошол үч жылкы өмүрүнүн ичинде байдын далай оор жумушун кылды; отунун алды, суусун куйду, кирин жууду, жаны жай тапкан жок. Акырында жумуштун зардабынан оорулуу болуп, былтыр өлдү. Мурат жетим калды.

Жазгы өсүмдүктөй жаңы гүл чачып өсүп келе жаткан Мурат, энеси өлгөндөн баштап байдын ыктыярына өттү. Бай жумушка салды. Күн да, түн да Мурат Кожомкулдун майда-чуйда жумушун иштейт. Ал жумуш аз келгенсип, байдын эрке токолу Маасылкан да аны оор ишке жумшап, алы келбей калса, «ар жакка турчу, кирбийген өлүгүңдү көрөйүн» деп, четке түртүп, муштай турган.

Эң болбогондо ырайымсыз Кожомкул бай, Мураттын кийимин бүтөгөнгө да жараганы жок. Үстүндөгү былтыркы энесинин курандылап тигип берген боз таар чапаны. Анын да колтугу тешик, этек-жеңдеринин жүндөрү самсаалап, чубалып, чыгып турат.

Уктаганда аны айкаласынан жамынып, байдын улагасында бүрүшүп жатып калат. Эртең менен бай даааратка чыкканда көрсө да, көрмөксөн болот.

Мээримсиз, боору таш байдан башка бирөө байдын ак шейшеп менен ак жастыкта оонап жатканын, жетимдин улагада шыйрагы чыгып, бүрүшүп жатканын көрсө, дүйнөнүн адилетсиз экендигин анык билер эле, эриксизден Муратты кучактап сүйөр эле, өбөөр эле. «Сени ушинткен байга» деп, Кожомкулга ал миң-миндеген наалат, каргышын айтаар эле. Бирок, Муратты анте турган киши жок. Мурат жетим, Мурат өбөксүз, жөлөксүз...

Мурат арыктады, чийдей болуп катып кетти, тамакка да Маасылкан жарытпайт: ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет, болбосо, кезээртип эчтеме бербей тим коёт. Кайсы бир күндөрдө ээрди кеберсип, ачка болуп, коломтодо олтурганда, төрдө байдын жалпак бет сары баласы алчаңдап эркелеп, кетмендей нан кучактап жеп олтурганын көрүп, Мурат көзүнөн жашын кылгыртып жаш чыгарат: «алда-ай, мен да ошондой нан жесем, ээ», деп тамшанат. Тамшанган менен Муратка нан кайда?

Байдын баласы, Мураттын талаадан таап алган чүкөсү же башка бирдемеси болсо да, кычааштык кылып, меники деп талаша кетүүчү: Мурат бербей койсо, ал чыңтийбес ыйлап, Маасылканга баручу, Маасылкан суук кары менен келип, сага оюнду ким коюптур деп, Муратты жаакка чаап, тартып алып бере турган. Маасылкандын ошондогу ырайымсыз катуу колу Мураттын жанына батучу. Ошондо Мураттын муңдуу көзүнөн мөлтүлдөп жаш агар эле.

Жайлоого келгенден бери Кожомкул бай Муратты козуга салды. Күндүз козу кайтартып, түндө козу байлатып, жаш жанын кыйнады. Эс алып таттуу уйкуда жатканда,– «тур козу кетти» деген Маасылкандын чаңырган ачуу үнү Мураттын уйкусун чайттай ача турган: секирип ордунан туруп, көзүн ушалай-ушалай козу артынан жүгүрүүчү.

Мурат козуларды бүгүн ушул борчуктарга жайып келген. Бирок бүгүн ызгаардуу борошо соккондуктан бир таштын кычыгына корголоп жата кетип, көшүп уйкуга кирген.

Мурат ойгонгон кезде эл жатар мезгил болчу. Жаан шатыратып, Тоо-таштарды тарсылдатып, куюп турат.

Түн караңгы. Мураттын көзүнө эч нерсе көрүнбөйт, баса колу-буту ташка тийди. Жаш жаны кыйналды, кысталды. Элирип, «апаке» деп, туш-туш жакка чуркады.

Дал ушул түндө Күмүштүн күйөөсү жылкычы – Курман, жылкысын жолдошторуна тапшырып коюп, тамак ичип кайтмакчы болуп, борчук таштардын алды менен жандай салып, айылга өтүп бара жаткан кези болучу. Мураттын ыйлаган үнүн угуп, бурулуп барып, Муратты аман-эсен таап алды.

* * *

Беш жыл өттү. Эл жакада. Күз мезгили. Жер куурап чөп саргайган. Элдин бир кыйласы жаңы эле койлорун кыркышып, кийиздерин басышкан.

Түш убак, шаркырап аккан «Чүй» өзөнүнүн боюнда баш-аягына көз жетпеген калың кой жуушоодо. Мурунтугун чубалтып, ээр-токумчан бир таргыл өгүз суу ичип жатат. Өгүзгө жакын жерде жалгыз түп тал турат; анын көлөкөсүндө сулап жаткан койчу жигит.

Бул – Мурат жетим.

Мурат азыр койчу, эр жеткен. Жашы 15те, козучулуктан былтыр гана кутулду. Үстүндө кыркы куранды таар чепкени бар, бутунда чарык.

Жуушап жаткан койлордун бир жагы козголуп, ордунан туруп, төш жакка таяна берди.

– Кош, корум болгурдун койлору! – деп Мурат, ордунан тура чуркап барып, койду кайта кайырып, муңайып келип, мурунку ордуна олтурду. Мураттын үшкүрүгү, муңайышы соо эмес эле; жүрөгүндө чоң кайгы, бир муң – каткан чер бар. Бирөөдөн кордук-зордук көргөн сыяктуу.

Ырас, Мураттын көргөн күнү эң бир оор болучу. Ыраматылык энеси өлгөндөн баштап, так ушул күнгө чейин Кожомкулдун ага көрсөткөн кордуктарын айтып бүтүргүс. Эртели-кеч Кожомкулдун тилдеген заардуу сөзү жанына жаман тиет; ал кайсы бир күндөрдө тепкилеп уруп, үйүнөн кууп да чыгат.

Муратка сөз кайруу, каяша айтуу кайда? Кылмыштуу кишидей башын жерге салып, тынч боло турган.

Бир күнү Мурат коюн айдап кеч кайтты. Кожомкул алдынан чыгып:

– Иттин баласы, сен минтип түнгө калып жүрө турган болсоң, койдон кол жуугузат экенсиң – деп оозго алгыс сөздөрдү айтып, абдан катуу тилдеди. Мурат дүлөй кишидей ооз ачпастан, коюн короого киргизди. Өгүзүн байлады. Канжыгадагы чаначын чечип алып, үйгө кирди.

Маасылкан ашкана жакта бирдеме карап жатты эле. Мураттын киргенин көрө коюп:

– Отун ала келдиңби? – деди. Мурат унчуккан жок. Байдын заардуу тилине капаланып, жаш жүрөгү козголуп, оюу бир жерде эмес эле.

– Сен эмне унчукпай калгансың? Өлүгүңдү көрөйүн шүмшүк, отун кана, отун? – деди дагы Маасылкан.

Керээли кечке тыным таппай, үй көрбөй, койду ээрчип талаада жүрсө, аны билбей «отун ала келбейсиң» деп Маасылкан урушса, кеч келесиң деп, Кожомкул тилдесе, куураган Мурат мындай кордуккан кантип чыдап тура алсын?

– Мында сенин отунга жалдап койгон кулуң жок – деп, Мурат кабагын чытыңкырады.

– Өлүгүңдү көрөйүн шүмшүк, эмне дейт? Али күнгө чейин сен биле элексиңби, сен кул эмей эмнесиң. Кана,

сен кул болбогондо башка жакка кетип көрчү? Өлүгүңдү көрөйүңдү карасаң, «кулуң жок» – деп, дагы каяша айткан болот. «Ириген ооздон, чириген сөз чыгат» дегендей, бул жамандын сөзүн кара. Сага каяша айтканды ким койду, арам шүмшүк,– деп, Маасылкан Мураттын жер-жеберине жетип, үйүнөн кууп чыкты. Мурат, Маасылкандын заардуу тилине сай сөөгү сыздады. Короонун четине келип, самсаалаган таар чапанын жамынып жатып калды.

– Ушундан кутулар күн болор бекен,– деди. Мурат, көз жашын кылгыртып,– өмүрүм боюнча жакшылык көрбөй, Кожомкулдун тепкисинде жүрүп өтөмбү? Менин кылган жумушум бул ыраймсыздардын көзүнө такыр көрүнбөйт? Жаным жай таппайт. Же бир мага акы берсечи. «Битирим» деп, бир чебичтин улагын берди эле, быйыл аны карызына берип жиберди. Менин турмушум турмушпу, илип салар үстүмө кийим болбосо. Арып-ачып, чарчап келгенде, жылуу жүзү менен каршы алган киши жок. Уулуу сөздөрүн айтып, сай сөөгүмдү сыздатышат. Жакшы көрсө, карышкырдай көрүшөт. Бир жутум жарма берсе да, боору таш Маасылкан кап кайдагыны айтып, жер-жебериме жетип туруп анан берет. Тамакты аш кылбайт. Минтип жүрө берсем, менин көрө турган күнүм ушул. Жок, мындай кылбайм, мен да адамдын баласымын, акымды доолайын. Берсе алып, бир жерге барып, оокатымды кылайын. Быйыл жазда элине бара жатып конуп кеткен Алымдын «сен минтип жаш өмүрүңдү кор кылба. Байдын азабынан кутул. Шаарга бар, мектепке кир. Оку, адам бол… Азыр совет өкмөтү. Ал сага окшогон жетим-жесир, кедейлерге дос. Байларга кас. Жетим балдарды мектепке алып, кийим тамак берип окутат» – деп, айткан сөзү бар эмес беле. Атаганат, ошого мен муң-зарымды

айтып, байдан акымды дooласам болмокчу экен… Кап, бекер кылган экемин! Былтыр күзүндө шаардан бир бала келип, айылдагы балдарды «комсомолго жазылгыла» деп, жыйнап жүрдү. Ал «комсомол» деген эмне болду экен, айтор ал да совет өкмөтүнүн бирдемеси го. Жазылайын десем бай билип калып, чакырып алып:

– «Жазылба, комсомол деген Кудайга каршы, Кудайды жок дешет»,– деп, мени тилдеп, айнытып койду. Эгерде комсомол, бул кан ичкич залымдарга каршы болуп, алардын зордугунан кутулуунун жолун билгизсе, Кудайды жок десе да, мен ага жазылып алсам болмокчу экен.

Эң акырында Мурат кайраттанда:

– Кожомкулдан кутулайын, эртең акымды доолайын, шаарга барып бирөөгө малай турсам да, эптеп жан багармын,– деди.

Ушуга окшогон таттуу ойго батып жатып, Мурат уктап кетти. Эртеси күндөгүдөн эрте туруп кийинди, белине кайыш курун куурчанды.

Бирок, кой камылгасын жеген жок. Күмүштүн үйүнө барып олтуруп алды. Кой жайылып төшкө таянды. Бул кезде Кожомкул бай багымдат намазын окуп бүтүрүп, тышка чыкты. Койдун ээн-эркин, кишисиз кетип бара жатканын көрүп:

– А, ботом, жанагы Мурат деген эмени жер жуттубу, ал эмне койго чыкпайт? Ал кайда кеткен? – деди.

– Тиги Күмүштүн үйүндө олтурат, койго чыкмак түгүл, сенден акы дооломакчы болуп жатса керек,– деди Маасылкан.

– Чакыр бери, доңузду! – деп бай, багымдат намазын бирге окушуп чыкан Эгенбай абышканы Муратка жиберди.

Эгенбай барып, Муратты чакырып алып келди. Бай кабагын түйүп, көзүн алайтып ачууланып:

– Сен эмне койго чыкпайсың? – деди.

– Чыкпаймын коюңа. Эми мындан ары сага кул болуп жүрө турган алым жок. Менин тиешелүү акымды бер, башка жерге барып, оокат кыламын.

– Ботом, бул эмне дейт? Энеңден жетим калганда кор кылбай тарбиялап багып, сени чоңойткон ким? Ой, туз урган чочко! Менин тузумду татып, нанымды жеп, семирип, чоңоюп алып, эми мунун айтып олтурганын көрбөйсүңбү?

– Кой, козу кайтартып, күндүз тыным, түндө уйку көргөзбөй, жаш жүрөгүмө так салган сенин тарбияңды да мен жакшы билем.

– Иттин баласы, каяша айтканды сен кайдан үйрөндүң? Жонуңдан кайыш алайымбы?

– Каяша айтпаганда сен бир көктөн түштүң беле? Сен да, мен да адамдын баласы.

– Бул доңуз эмне дейт? Мени өзүнө теңегенин карачы…

Бай жулунуп, ордунан тура калып, колундагы таягы менен Муратты жон талаштыра эки-үч курдай чаап жиберди. Муратта кол кайруу кайда? Кол кайырса да, Кожомкулга күчү кайдан жетет? Көзүнөн жашын мөлтүлдөтүп, Күмүштүн үйүнө жөнөдү. Бир аз убакыт өттү, кой алыстап бара жатат. Ит-куштан байдын чыйпыйы чыгып, койго чыгарууга кишинин ылайыгын таба албады. Кечинде тиешелүү акысын беремин деп айттырып, алдап, Муратты койго чыгарды.

* * *

Мурат койлорду түшкө жакын суу боюна айдап түшүрүп, өзү көлөкөлөп, бадал түбүндө олтурду. Ою онго, санаасы санга бөлүнүп, жаш көңүлү кайгы менен чырмалды. Иши кылып байдан кутулуу, бир жакка кетүү анын оюнда. Бирок кеткенде таанышы, тууганы жок кайда барат? Бул маселе да Муратка кыйын маселе.

Бир кезде эки киши жолдо бара жатып, Муратты көздөй бурулду. Аттын дүбүртүнөн Мурат ордунан тура калды. Келе жаткан жолоочулардын бирөө орус сыяктуу: башында шапкеси бар. Жакындап келгенде, кийими жат көрүнсө да, өңү жылуу учурайт. Караса – Алым.

– Салоомалейкум – деп, Мурат кубанып, күлүңдөп, алдынан чуркап чыкты.

Алым жылуу жүзү, ачык ырайы менен алик алды.

Алым – «П» шаарынын окуучусу, жазда дем алышка элине келип, кайтып кетип бара жатат. Жанындагысы жеткирип бара жаткан жолдошу.

Жолоочулар аттарын эс алдырып алмакчы болуп, Мураттын жанына түшүштү.

Аттарын тушап, коё беришти. Аттар оонабасын деп, Алымдын жолдошу аттардын жанына кетти. Алым Мураттын жанында калды.

Мурат байдан көргөн кордук-зордугун баштан аяк жипке тизгендей, Алымга айтып берди. Өзгөчө бүгүнкүсүн айтып, боздоп ыйлаганда Алымдын боору ооруду, аяды. Муратты кандай кылса да, бул азаптан куткарууга, иши кылып калаага алып барып, бир мектепке киргизүүгө бел байлады.

– Мен сени алып кетейин, шаарга кетесиңби? – деди Алым.

– Агатай, андай күн болсо, менде кандай арман. Алып кетсеңиз мына мен даярмын,– деди Мурат.

Мураттын өңүнө кубаныч кирди, күлүңдөдү. Алдынан жаңы турмуш, жаңы бакыт нур чачкансыйт. Түш ооган кезде, койлорду байдын айлын көздөй каптатып жиберишип, жолоочулар жолго чыгышты.

Өзөндү жээктеп, жылаанча ийри-буйру жалгыз аяк жол менен жолоочулар келе жатат. Алдында Мурат. Мингени таргыл өгүз. Күздүн мээден өткөн ысык күнүндө ал боргулданып тердеп, анда-санда чекесин жеңи менен сүртүп коёт. Өгүзү да, кенедей жабышкан көп көгөөндүн уусуна чыдабастан, куйругу менен эки жагын чапкылап, бирде желип, бирде басып кетип бара жатты.

Булар суудан кечип алышып, кара жолго түшүштү. Шарт-шарт камчыланып, кара жолдун топурагын буркуратып, асманга чыгарып, шаарга карай жүрүп кетишти.

Жаштар шаарга келишти. Алым Муратты эптеп жүрүп окууга киргизди. Мурат байдын таягынан, жазасынан кутулуп, жаңы турмуштун эриктүү жаш окуучусу болду.

Мурат бир топ күндөн кийин, Алымдын жардамы менен Кожомкулдан акысын доолап, Совет судуна арыз берди. Суд, Кожомкулду айдатып алып, Мураттын жарым тыйын акысын калтырбай, толук алып берди. Бир нече жыл жетимди акысыз кул ордуна кармап, жазыксыз уруп-соккону үчүн Кожомкулга бир жыл набакты кести.

Үч жыл өттү. Жаз мезгили. Бак ичинде ар түрдүү күүгө салып музыка ойнолот.

Шаардын четирээк жагында, алты-жети бөлмөлүү «Ж» мектеби көрүнөт. Мектеп ичинде терезелүү бир бөлмөлүү үй бар, ичи кызыл-тазыл. Боор-бооруна МАРКС,

ЭНГЕЛЬС, ЛЕНИНдин сүрөттөрү илинген. Бул ал мектептеги окуучулардын клубу.

Клубга бириндеп-сириндеп окуучулар жыйнала баштады. Узун бойлуу арык чырай келген бир бала алга коюлган чоң столдун жанына барып олтурду. Эки жагын каранып тамагын кырып:

– Жолдоштор, «Ж» мектебиндеги окуучу комсомолдордун жыйналышын ачык деп санаймын. Жыйналышты алып баруу үчүн төмөнкү жолдоштор көрсөтүлөт – деп, үч кишинин атын атады. Олтургандар бир ооздон кабыл кылды. Шайланган жолдоштор чыгып, орун алышты. Бирөө председатель болду, жыйналышты алып бара баштады.

– Жолдоштор,– деди председатель,– бүгүнкү карала турган маселе үчөө.

1. Коммунисттик жаштардын 9-съездинин жыйынтыгы тууралуу.

2. Комсомолдун катарына жаштардан мүчө алуу.

3. Кезектеги иштер.

– Каршылыгыңар жокбу?

– Жок!..

– Жок!..

– Эмесе, бир добуштан кабыл алынды деп эсептейм. 1-маселе тууралуу жолдош Алымга сөз берилет.

Алым көрүнө түштү. Балдар алакан чабышты. Анткени – окуучу жаштар арасында Алымдын баркы чоң. Окуусун былтыр бүтүргөн, жаштардын ишмердүү кызматкерлеринин бири.

Алым докладын бир сааттай созду, бүтүргөн кезде көп колдун алакан чапканы бир далайга дейре басылган жок.

Бир кезде өткүр көздүү, орто бойлуу бир балага кезек келди; «түбү-жайын, ким экендигин билгизип кетсин» деп, олтургандар тарабынан сунуштар киргизилди. Ал, тартынган жок. Акырын алга аттап чыгып, күлүңдөп, балдар жакты карап, өзүнүн өмүр баянын баштан-аяк айта баштады. Сөзү көптө барып токтолду. Балдардын колдору бири-бирине урулуп, дүбүрт чыгып, клубдун ичин толгон жаңырык басты.

– Өтсүн!

– Бир ooздон!.. – деген добуштар туш-туш жактан жамгырдай жаады.

– Бул – борбую катпаган кезинде Кожомкул байдан кордуктун көп түрүн көргөн Мурат жетим болучу.

## Мазмуну

Баш сөз ..................................................3
Ажар.................................................. 7
Кыйын өткөөл (*Повесть*)........................ 34
Курман жылга (*Повесть*) ........................ 367
Түлкү менен суур .................................. 460
Чабалекей менен жылан ........................... 465
Шаифтин аңгемеси.................................. 469
Мурат ................................................. 482

---

*Көркөм-адабий басылма*

**Касымалы Баялинов**

**IV том**

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн *Н. Ыйсаева*

Корректору *Ф. Абдалова*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 07.12. 2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 31,0 б.т. Нускасы 575.

«Имак-офсет» басмасынын басмаканасында басылды.